КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

*«Окурмандын китеп текчеси» сериясы*

37-том

# АБДУЛХАЙ АЛДАШЕВ

Академик Абдылдажан Акматалиевдин
жалпы редакциясы астында

Түзгөн: *Элмира Сардарбекова*

БИШКЕК
«ТУРАР» – 2018

УДК
ББК

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151-б.) негизинде жарык көрдү

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды

Редколлегия:

Акматалиев А.А.
Байгазиев С.О.
Жайнакова А.Ж.
Маразыков Т.
Мусаев С.Ж.
Садыков Т.
Токтоналиев К.Т.
Эркебаев А.Э.

«Окурмандын китеп текчеси» сериясы: 37-том. **Абдулхай Алдашев** / Түз. *Э. Сардарбекова.* – Б.: «Турар», 2018. – 592 б.

ISBN

Бул китепке белгилүү окумуштуу, котормочу жана жазуучу Абдулхай Алдашевдин Улуу Ата Мекендик согуш жөнүндөгү роман-трилогиясынын экинчи китебинин уландысы жана үчүнчү китеби камтылды.

Китеп жалпы окурмандарга арналат.

**УДК**
**ББК**

ISBN ______________________

© КР УИА, 2018
© «Турар», 2018

## КАЗАТ СЕЛИНДЕ

### – 10 –

Чоң чабуул абдан ийгиликтүү баратат. Күнүнө 50–60 км жол басабыз. Полктун штабын кууп жете албас болдук. Эми биздин негизги ориентирибиз «Ашкинизи чарбасы» эле болуп калды. Анда-санда бир жерлерде өлүктөрдү көрбөсөк, сапарыбыздын көпчүлүгү согуштун дүңгүрөгөн табышысыз тынччылыкта өтүүдө. Баягы Маскөө – Минск трактысынын асфальтталган даңгыр жолу бир жерде катуу согуштун кесепетинен аң-чөнөк, ылай топуракка айланып, эч унаа өткүс болуп талкаланыптыр. Кыйраган көп техника. Эки тараптан тең кыйла чыгым. Жолдун таманында техниканын ичинде, арасында, кюветте, андан обочо жерлерде байкуш жоокерлердин өлүктөрү. Ошол жерден биздин колонна оңго бурулуп, шоссени бойлогон арабажол менен бир аз жүрүп, кайра калың токойду аралап баратабыз. Жол түз эмес. «Ашкинази чарбасынын» көрсөткүчү бирде түз эле түндүктү, бирде батышты, бирде түштүктү көрсөтөт. Көрсөткүчтөр сайылган жол кесилиштеринде бизге окшогон арабачандар, жөөлөр, машинелүүлөр аскердин түркүн-түркүн түрлөрү кездешет. Кээ бирлери биз келаткан жол менен бизге каршы-терши, кээ бирлери биз бараткан багытка кошо, кайсы бирлери кайчы өтүп дагы бир жол менен жүрүүдө. Көрсөткүчсүз, жолдордон башың адашат. Биздин маршрут ургундай татаал жолдор менен белгилениптир. Өрү да, эңкейиши

да жантаймасы да көп. Кээде майда суулардын үстүнө салынган, солкулдак жыгач көпүрөлөрдөн, кээде сормо саздарды жээктеп баткактуу кечүүлөрдөн өтөбүз. Иши кылып, казат жолу жалаң эле кандуу эмес, таманыңа, дөңгөлөгүңө жабышкан, аттын тизесине арабаны огуна дейре соргон саздуу, бут токтогус жылгаяктуу, эшилген, чубурган кумдуу, дөңгөлөк такалган кыска дүмүрдүү, чөмөрдүү жолдордон да турат. Баарысы кезигет. Баарысы менен алек болуп жеңишиң керек. Казатка башыңды сайгандан кийин, баарысына чыдашың керек, баарысына көнүшүң керек. Тобокелдин маңызы ушунда!

Жол азабына чыдоого болот, көр азабына кантип чыдайсың? Ал өмүрүңдө бир сапар гана келүүчү азап. Мына, ал азапка жолуккандарды жол боюндагы, жакын жерлердеги көрстөндөргө, болбосо ээн эле жерлерге эч расмисиз жашырып, же шашканда майдан талаасына таштап эле кетип баратабыз. Кудай өзү кечирсин! Казатта каза болгондорду «шейит кетти» дешет экен. Шейит буйдалбай түздөн түз бейишке барат. Ал чын болсо, согушта бейиштин капшыты толгудай эле болду го?!

Кийинки чоң чабуулдун казатына аттангандан бери сегиз күндүн ичинде солдаттарды эсептебегенде да полкубузду башкарып турган чоңдорубуздан полктун командирин, анын замполитин, а кечээ Борисов шаарын бошотуудагы катуу кагылышта штабдын начальнигин бир батарей командирин бейишке узаттык. Кайран азаматтар! Ушундай тар жерде өлүү үчүн туулган экенсиңер да! Ал эми, кечээ эле, душмандын коргонуу чебин бузганда, рация аркылуу бүркүтчө шаңшып бизге кайрылып, Жеңиш менен куттуктап, баарыбызга ден-соолук кааладың эле, кайран көйкашка подполковник Васильев. Ошондо Сен алты күндөн кийин немиске капыстан кармалып, туткунунда өлөөрүңдү ойлодуң беле? Андай карантүндүү ой капарыңа да келген эместир?.. Биринчи күндүн чоң жеңишинин ысык илептүү буусу андай ойду кайдан жакын

жолотсун?! О чыркыраткан чындык, боздоткон болмуш! Эми карабайсыңбы?! Жок дегенде жерге жашырууга сөөгүңдү калың токойдун кай жеринен табабыз? Артыбыздан келаткан армиялык, фронттук сөөк жыйноочу, мүрзөгө көмүүчү атайын кошуундар чер токойдо таба алаар бекен силердин сөөктөрдү?! Сен деле мага окшоп, жалыны асмандаган өрттүү кыргында тирүү калганыңа кубанып, болочок бакыт сарайынын долбоорун кыял карандашың менен кооз чийип, үмүт кайыгына түшүп, жыргал деңизине калак ургандырсың? Ошонун баарысы бир мүнөттө күм-жам болуп, күкүмү түбөлүк кереңдин иримине бүркүлдү да калды! А сенин оң колуң болуп, сенин оюңду, максатыңды көпчүлүккө саясий жол менен жеткирип турган орун басарыңды немистер «комиссар, комиссар!» деп кыйнап суракка алып жатканда өзүң анын жанында болдуң бекен же сени жайлагандан кийин аны кыйнашты бекен? А сенин санитаркаңды, экөөңөрдүн көзүңөрчө зордукташып, абийирин кетирди бекен, же силерди бейишке узатып коюп, итчилити жасашты бекен? Силердин өлүмүңөр өтө аянычтуу, өтө ызалуу. Силерди кармап алып, мыкаачыларча кыйнап өлтүрбөдүбү?

Токтоло калган бир учурдан пайдаланып, Бычков экөөбүз Головин менен Цыганоктун кылыктарын штаб начальнигине айталы дедик эле, көрбөйсүңбү, бул эки жойпунун бактысына, анын оор жарадар болуп калганын. Жойпулардын эсебин Кудай өзү тапсын деги тиги байкуш жараатынан айыгып үйүнө, бала-чакасынын кашына тирүү кайтса экен, кайран азамат. Абдан салабаттуу, билимдүү, көп сүйлөбөгөн мырза жигит эле! Зарыбызды кимге антабыз? Баягы күнү Головиндин машинесинин үстүндө солдаттардын бирөө, кечээ бейтап болуп санчастка келиптир. Андан уккан сөздөрүн Кондрашкин айтып отурса, төбө чачың тик турат. Ал сөздөргө караганда полктун штабынан чарба взводуна бөлүнгөн солдаттарды машинесине салып алып, Головин менен Цыганок полк

командиринин «Оппелинин артынан келатышыптыр. Калың токойду аралап өткөн араба жол экен. Штабдан 2–3 км өткөндөн кийин бир жерде жолдо туурасынан жыгылган карагай жаткан экен. Алдыдагы машине токтой калаары менен жолдун эки четиндеги токойдон биздикилерче кийинген эки автоматчан солдат чыга калып, «Стой!» дептир. «Оппелдегилер» камаарабай сыртка чыга калганда ары жактан немистин солдаттары чуркап келип, үчөөнү тең кармап алып, куралсыздандырып атканда алардан 100 метрче артта келаткан Головиндин машинеси артка жүрүүчү ылдамгына сала коюп, газды күчүнүн барынча басып артка качыптыр. Тиги немистер буларды аткылап жете албай калышыптыр. Баягы күнү бизге кыштакка Головин менен Цыганок чындыгында качып келишиптир. А биз кечинде ээн кыштакта турганыбызды көрүп, бизден да качып, көп артта калган бир армиялык складка барып түнөшүптүр, шүмшүктөр. Булар өздөрү: «тигилер токойдун кайсы жагы менен аралап кетишкенин көргөнүбүз жок» дебеди беле! Булардын мурдагылары аз келгенсип, чоң чабуулда да жетекчисин туткундан кутулууга жардам кылбай кара жанын ала качып жүрүшкөнү кайсы мыйзамга жагат? Бул сволочтор өздөрү жардам кыла албаса да, 2-3 км жердеги штабга айтып барышса, дароо чаралар көрүлүп, туткундан тигилерди куткарып алышпайт беле! Жок дегенде алардын сөөгүн душмандан ажыратып, немистерди талкалашпайт беле!?

Бул жойпулардын мурдагы кылыктарына кошуп, ушул фактыны да айталы десек, көрбөйсүңбү, штаб начальнигинин тигинтип калганын! Эми кимге айтабыз? Безбородовго айткан менен анын колунан тигилерди кармоо иши келеби? Анын үстүнө кылмыштуунун кылмышын ачык айтпай, шпион аңдыган немеге жашырынып шпиончо жеткиришибиз туурабы? Карөзгөйлүк качырса, адилеттик айласыздан кетенчиктейт деген ушубу? Көр-

бөйсүңбү, эч нерсе болбогон немече баарыбызды кекетип, мокотуп, экөөнүн алдыда баратканын. Буларга эмне, алдында машинеси бар, биз бир күнү керээли кечке убаланып баскан жолубузду бул экөө жарым саат жүрүп коюп, көлөкөлөп уктай беришет.

Утуш ыйык Ата Мекендик согушта тиги Цыганоктон митаам, Головиндей шылуундар, Салмановдой коркоктор бар экенин ооруктагы калк билет дейсиңерби? Алар согуш дегендин тизмесинде баатырлардан, кайраттуулардан башка тетиги экөө сыяктуу алдамчылар, Салманов сыяктуу макоо, Суслов сыяктуу сийгек оорулуулар бар деп ойлойт дейсиңби? Алар жасаган курал, тиккен кийим, бышырган азык жалаң гана ак ниет кайраттуулардын, мекен сүйгөн атуулардын колуна тиет деп ойлоп атпайбы, болбосо өз балдарын өп-чап тойгузуп, өздөрү өзөгүн оорутуп, тапкан-ташынгандарынын баарысын быякка жөнөтпөйт эле да, куураган калк! Головин жексур кышында кийимдин эң жылуусун, коозун таңдап-тандап кийген. Анын табакташ Цыганогу Головинден артканын кийип-ичип, дуулаган. Башка офицерлерге булардан калганы, булар чангандар тийгенине да ыраазы болуп, каниет кыла турганбыз. Ичимдикти полктун контингентинен ашырып, сыртка жашырып сатат дегенди укканбыз, бирок кармап албагандан соң, куру жалаа жарты тыйынга да арзыбайт. Айрыкча аскерде бардык сурак жогорудан төмөнгө дейре субординация тепкичи менен жүргөндүктөн фактың ишендирээлик болбосо, жалаага өзүң кабылып, балаага өзүң каласың.

Ошентип, ийгиликтүү Чоң чабуулдун казатында, ыйкүлкү аралаш, кандуу жолдо, келээр мөөнөтү күн сайын кыскарып келаткан акыркы Жеңишти көрүү үмүтүбүз чыңалуу менен бирге, келди-кетти, кейиштүү окуяларды эске салып, жайдын узун күнүндө талыкшып келатабыз. Жалгыз эле биздин полктун экинчи эшелону эмес – жалпы армия жолдо! Таң заардан күүгүмгө дейре кээде

тынбайбыз. Бүгүнкү маршрутубуз күндөгүдөн да узун. Кандай чара колдонсок да, жерибизге жетишибиз керек! Алдыда – Минск! Чакан эле шаар Борисовду бошотууга канча чыгым болдук, а Минск деген бир республиканын борбор шаары да! Аны оңой менен бошотуп бере койбос, капыр немис? Бүгүнкү конушубузда полктун штабына кезигишебиз, Кудай буюрса, кырсык болбосо! Оо кесир сүйлөбөйүн, шайтан сайбасын! Чектелген пунктта, Кудай жолуктурса жаңы полк командири менен жолугушабыз. Ал киши кечээ полкту командалоого алыптыр. Штабдын начальниги капитан Несговоров болду дешет. Ал бизге сырдана жакшы киши. Кишинин да кадырын билет. Көп жылы педагог болгон киши, кыраакы, болот эмеспи.

Азыр саат 17.25 болду. Болжогон жерге дагы 13 км бар. Кербенди ылдамдатуу мүмкүн эмес. Жол токойдун ичинде, анын үстүнө эшилген кум экен. Аттар көл-шал тердеп, бучкагынан тер куюлууда. Шилиянын[1] соору кайышып көбүк басып көрүнбөйт. Кудай жолубузду берип, буйдалбай шыдыр жүрүп отурсак, туура эки сааттык жол. Күндүн барында жаңы командирди көрсөк болот эле?.. Мейли, иши кылып аман-эсен көрүшсөк, Кудайга шүгүр дейли. Кан жолдо кетип баратабыз. Жолдун эки чети түнт токой. Полктун мурдагы жетекчилеричилеп буктурмага кабылбасак болду. Анте койбоспуз? Алды-артыбызда аскер көп. Курчоодо калган душман болсо даай албас?.. Аларга да жан керек. Жандарынан аша кечкендер, «башсөөк тумардуу» ССтер эле болбосо, башкаларынан, Кудай өзү сактасын. Менин алды жагымда колоннаны машине менен баштап Головин Цыганок экөө кабинада баратышат. Алардын алдында дагы бир аткычтар полкунун жөө, арабачан кербени. Головин адатынча бизден качып алдыга кетем десе да, кете албайт. Тар жолдо машине жөө солдаттарды тепсемейинче, жөөлөмөйүнчө жандап

[1] Шлея – шилия араба, чанага чегилген унаага тагылуучу шалаң куюшкан сыяктуу жабдык.

өтө албайт. Алар айласыздан биринчи ылдамдыкта моторун жай чимирилтип, газын аз берип жылууда. Мен кадимкидей атчанмын. Менден кийин Баранов Чистовго атын айдатып, арабада. Алардын артынан бүтүндөй менин бөлүкчөмдүн кербени, андан кийин Салмановдун арабасы, анын жанында дарыланып жүргөн Богомолов отурат. Биздин колоннанын артын адаттагыдай Бычков атчан артып келет. Биздин солдаттардын баарысы арабаларда. Менин бөлүкчөмдө гана эки солдат дарыланып жаткан жарадар аттарды чиркештирип, өздөрү жайдак атчан. Алар чарчаганда башка солдаттар менен алмашат.

Ушинтип, узун жолду кыскартууга ырдагандай же бейкутчулук эмес же аттарды таскактатканга жол бош эмес, даңгыр да эмес, ар кимибиз узун санаанын учугун чубап, кулак түрүп бараткан элек. Бир оокумда, алдыбыздан «тарс-тарс-тарс» табыш чыкты. Аттуулар атынан, арабачандар арабасынан ыргып түшүп, автоматын сунуп, жолдун эки жагындагы токойду өңүттөп калдык. Колонна токтоду. Аңгыча болбой алдыңкы колоннадан дуу үн чыкты. Байкасам, жоокерлердин шаттуу күлкү-каткырыгы. Эмне болду экен деп, дароо атка минип, дуулдагандар тарапка чаап, Головиндин жанынан өтүп баратып кабинага көз чаптырсам, баштары көрүнбөйт. Аларга буйдалбай, түз эле алдыда топтошуп, тамашалашкандарга жеттим. Барсам, бир нече жөө солдат эки солдатты ортого алып шылдыңдашып атыптыр. Көрсө, алардын колоннасынын алдынан багыштын бир буланы чаарчыгын ээрчитип, жолду кесе чуркап өтүшүптүр. Тигил эки солдат чочуп кетип, автоматтан ок чыгарышса, тийбей калыптыр. «Солдат сөрөйлөр багыштан коркуп ок тийгизе албай сүрдөдүңөр, душман болсо, шымыңарды булгамак экенсиңер» деп, кыран-каткырыкка алып атыптыр, тигилерди. Ошенткен менен колоннасынын начальниги автоматчандар ротасын токойдун багыштар качып чыккан тарабынан аралатып жиберди, артып чыгууга.

Талыкшып келаткан жоокерлерге бу да өзүнчө жаңылык киргизип, бир тобунун уйкусун ачты. Колоннама кайрылып келатып Головинди карасам, бул эки жойпу баштарын койколоктотуп тирилип калышыптыр.

– Доктор, эмне, эмне болуптур? – Головин кабинадан башын чыгарып, эки көзүн алаңдатты. Мен болгон окуяны оюн-тамашага чаргытпай, туурасын айтып бердим. Ал башын кайра кабинага тартып алып, жүрөгүн басты.

Багыштардын шарапаты менен бир аз тыныккандан соң, кайрадан жылдык. Күн бат ылдыйлап баратпкансыйт. Жөө солдаттар токойго кирип кеткенден кийин, ал полктун арабалуу кошууну менен биздикинин ортосу ачылып, жол бир аз ээнирээк болуп калды. Токойдун солдаттар өрдөгөн жагында деле, багыштар качып кирген жагында деле шектүү табыштар угулбайт. Анда-санда шактан шакка учкан түркүн куштардын, карагайды качыраткан, тоңкулдаткан доңкулдактардын тааныш табыштары кулагыңа чалдыгат. Дагы канча убакыт бастырдык билбейм, бир оокумда жол ачакей болду. Алдыбыздагылар оң жолго салды, биздин «Ашкинази чарбасы» сол жолду көрсөтүп турат. Головиндин машинеси сол жолго бурулду. Дагы эле токойдон чыга элекпиз. Бирок алдыбызда колонналар жок, жолубуз ачык ээн болуп калды. Головиндин машинеси эми айласыздан бизге жакын жүрүүдө. Ээн жол жалгыз тиги эки шылуунду гана эмес, баарыбызды кооптондурууда. Анын үстүнө калың токойдун арасы күн ылдыйлаган сайын иңирин коюлтууда. Мындай маалда токойдон немис тургай, доңуз чыга калса да, далай бүлүк салышы ыктымал. Жүрүштү бир топ ыкчамдатууга жол мүмкүндүк берди. Дагы жарым сааттай жүргөндөн соң, ачыкка чыктык. Керээли кечке токойдон башыбыз чыкпай, метродо бараткан немече кысым сездик эле, ачыкка келгенде, көздөн таңуу алынгандай болуп, айлананы алыс көрүп, көңүл сергий түштү. Аңгыча болбой, алыста бир дөңсөөдө кыштак көрүндү. Бул

биздин бүгүнкү биринчи көргөн кыштагыбыз. Билбеген кишиге Белоруссияда айыл сейрек болот деген түшүнүк калтырышы мүмкүн. Жок, турак жайлуу жерлери көп, чоң-кичине кыштактары, чакан шаарлары толуп атат. Бирок биз такоолдоп бараткан дивизия 33-армиянын оң канатынын эң четинде 3-Белорус фронту менен чектеш, эки фронттун капшырмасында чабуулдап барат. Командалоочунун буйругу боюнча бул дивизия, капшырмада ала-чоло калтырбас үчүн, жалаң токойдун арасын душмандан тазалоо тапшырмасын алыптыр, анын үстүнө биз такоолдогон аткычтар полку дивизиянын оң канатынын эң четкиси экен. Ошондуктан биздин башыбыз токойдон чыкпай, турак-жай көрбөй, чер аралап татаал жол, ичке чийир менен жүрөбүз.

Токойдо жүрүүнүн тигиндей кемчиликтери менен катар, өзүнчө артыкчылыгы да бар белем? Токойдо асмандан башка эч нерсени көрбөй, эки бийик дубалдын ортосу менен кетип бараткан ылдам, же жай жылганың сезилбейт. Кай жагыңды караба – коёндой окшош. Бат эле көзүң талып, көшүп кетесиң, башыңа түрлүү ойлор келет, алагды аз болгондуктан денең магдырайт. Ой кемесине түшүп, кыял чатырын көтөрүп, самоо желине айдатып, маңгиликтин бахармухитинде[1] чарчашыңча сүзө берүүгө шарт түзөт.

Айланаң ачык болсо, көрөөрүң алыс. Алаксытаар ориентир көп болсо, көңүлүң ошончо алагды, көз ирмөөгө үлгүрбөйсүң. Тигини, муну, аны баарысын көргүң келет, бирок жылып бараткандыгыңдан анын өңү-түсүн, кебете-кешпири, узун-кыскасын, бийик-жапызына, жакын-ыраагын көз өлчөмгө толук камтууга үлгүрбөйсүң. Анын сыңары биз ачыкка чыкканда көзүбүзгө биринчи урунган кыштак жакын эле көрүндү эле адегенде, эми жете алмагыбыз тозок болду. Жер да түз эмес: бирде түзөң, бирде дөң, бирде колот, бирде коо. Тигил кыштакка

[1] Бахармухит, арабча – океан.

жетиш үчүн жолубузда туурасынан жаткан бир кенен коону басып, анын ийри-муйру кыясы менен кадуулап көтөрүлүш керек экен. Чаалыккан аттар ошол өрдөн араң-араң көтөрүлдү.

Айрыкча немистен түшкөн олжо аттар өргө, сазга, ылайга жаман экен. Чабуулга чыккандан бери жолдо ээн калган он чакты ат кармап, балбан аттарга тундук деп кубандык эле. Карап турсаң дардайып биздин аттардан эки эсе чоң, куйруктары келтейген чолок. Таманы төөнүкүнөн чоң. Такасынын диаметри менин бутумдун туругунан узун. Булардын балбандыгы балбан эле экен. Бирок кудай урган сазда дөңгөлөк кичине эле бир чөмөргө такалса, тык токтойт. Өрдө тигирээк жол келсе, же жаандан кийин ылай жол кабылса, бул кудай ургандар эшектен да жаман кежир болот экен, сабасаң да жылбайт. Буларга караганда монголдордун аттары абдан чыйрак. Өздөрү эшектен бир аз эле ири болгону менен, жүктү бул дардайган немелерден уңкул-чуңкул жерлерде көбүрөөк сүйрөшөт. Арабаны баткактан, ылайдан сууруп чыкмайынча, арткы туяктарына катуураак таяныч табылса эле болду, тизелеп, боору менен жылып, чиренип тарта берет.

Коонун таманына түшүп, аркы боорундагы жантайма жол менен арабаларыбызды жөлөп, кадуулап отуруп, кыштакка жеткенибизде күн кылкылдап уясына кирди. Саат 21.15 болуптур.

Бул жерде полктун штабы, экинчи дивизион толугу менен экен. Головин менен Цыганоктун машинеси жантайма жол менен жүрө албай, коонун таманы менен жүрүп отуруп, ары жактагы бир имерилиштен жаңы эле чыгып келишти. Расми боюнча полктун жаңы командирине жалпы ооруктук бөлүктөрдүн начальниги, полк командиринин орук боюнча орун басары Головин бизди ээрчитип барып, аскердик устав боюнча рапорт берди. Жаңы командир бардык офицерлер менен кол алышып учурашып таанышты. Жашы кыркка чапчыган, өңү-түсү

монгол чалыш, чекесине, мойнуна бырыш кирип калган, орто бойлуу чымыр киши экен. Офицердик даражасы подполковник, аты, атасынын аты Никита Иванович, фамилиясы Иванов экен. Кийген гимнастеркасы чоңураак окшойт, ийни шөлбүрөп, погондору шалпайыңкы. Эл менен учурашышы, баскан-турганы, сүйлөгөн сөздөрү Ивановдун запастан чакырылгандыгын билдирип коюп атат.

Баарыбыз менен бир сыйра кол алышып чыккандан кийин жаңы келген биздин жана кечетен бери тааныш штабдын дивизиондун офицерлеринин – баарыбыздын алдыбызга чыгып Иванов өзүн тааныштырды.

– Урматтуу жолдош офицерлер. Мен кечээ 1-июлда 33-армиянын артиллериясын командалоочунун буйругу менен силерге 538 номердүү армиялык минометтук полкко командир болуп дайындалдым. Өзүм орус, Сибирдикмин, 1906-жылы туулгам. 1925-жылы Кызыл Армияга чакырылып, кызыл аскердик кызматымды өтөгөндөн кийин, артиллеристтер училищесине кирип, аны 1931-жылы бүткөндөн тартып кавалериянын артиллериялык полкторунда взводдун, анан 1936-жылы батареянын командирлигине чейин өстүм. 1937-жылы жалаа менен контр болуп кармалып төрт жылы түрмөдө, лагерде жүрдүм. Согуш чыккандан бир айдан кийин актыгымды аныктап бошотушту. Дароо армиянын курамына кайра алышты. Маскөөнү коргоого катыштым. Жарадар болдум. Үч ай госпиталда жаттым. Айыккандан кийин, кайра Батыш фронтунун курамындагы артиллериялык полктордо кызмат кылып 1943-жылга дейре батарея командири, андан кийин 1943-жылы экинчи жолу жарадар болдум. Госпиталдан чыккандан соң, запастык артиллерия полкунда дивизион командири болуп Татарстандын бир шаарында турдум, 1944-жылы майда 33-армиянын бир артполкунда командирдин орун басары болуп 1944-жылы 30-июнга дейре иштедим. Мына менин тарыхым,

башымдан өткөргөн окуяларым ушул, жолдош офицерлер. Менде суроoңор барбы? Кээ бир жаш офицерлер суроо беришти.

– Отуз жетинчи жылы сизди канча жылга кести эле?

– Он жылга.

– Партияда барсызбы?

– Бармын. Мени түрмөдөн бошоткондо, билетимди кошо беришти... Дагы суроо барбы?.. Жок, болсо мен азыркы абал туурасында бир аз баяндап берейин. Армиялык чалгынчылардын маалыматы боюнча, мындан үч күн мурда «өлүк баш» СС дивизиясы биздин танкечендер армиясы тарабынан Борисовго талкаланып, калдыктары Смолевичинин чоң токоюна качып киришкен. Бул полктун командири подполковник Васильев, саясий бөлүгү боюнча орун басары майор Парядин чалгындан кабар албай туруп, ошол чоң токойдогу ичке жол менен силерге барышмак болгон. Алар жаңыдан аралап баратканда немистер аларды колго түшүргөн. Бул жөнүндө мурдагы баяндамадан билесиңер. Армиянын командалоочусунун буйругу менен Смолевичи чоң токоюн фашистерден тазалоо үчүн атайын бир дивизияны жиберген. Дивизия операциясын толук аяктады. Баш кесерлердин бири да тирүү колго түшкөн жок, баарысы кырылды. Армиянын өлүк жыйноо ротасынын командиринин билдирүүсү боюнча, өлүктөрдүн арасында бул полктун жетекчилеринин сөөктөрү табылган эмес. Бир кызыл аскер аялдын сөөгү бар. Ал балким санитарканыкы чыгаар. Смолевичи шаарчасы үчүн салгылашууда замбиректин ок сыныгы тийип штаб начальниги майор Каргополов оор жарадар болгон. Биринчи дивизиондун 3-батареясынын командири улук лейтенант Исмаилов, 2-батареясынын взвод командири лейтенант Бусыган жана бир миномёттун расчету[1] бүт жана байланыш взводунан, чалгындоо взводунан болуп

[1] Бир куралды (пулемёт, миномёт, замбирек ж.у. с.) иштетүүгө бекилген аскерлердин жалпы саны.

отуруп 7 солдат окко учкан. Булардан тышкары 2 офицер, 10 солдат жарадар болуп госпиталга жеткирилген. 8 ат өлүп, 3 жарадар болгон. 1 миномет толук талкаланган. Кечээки салгылашуунун жалпы жыйынтыгы полктун биринчи эшелону боюнча 5 офицер, 17 солдат, 11 ат, 1 миномет чыгым болду жолдош офицерлер. Бул эсепке силердин жоготууңар, чыгымыңар жана олжоңор кирбейт. Маалымат жөнүндө сурооңор жокпу?

– Биздин жетекчилердин сөөгүн издеп таап, расмилеп жерге коюу чарасы көрүлүп атабы? – майор Головин суроо берди.

– Бул чараны мен эмес, менин оорук боюнча орун басарым сиз көрүшүңүз керек эле. Кана – Несговоров кашын серпип – канча күндөн бери сиздин өзүңүздү издеп таппай жүрүшөт штабдагылар?

– Ошол үч күндөн бери, Васильевдерди ээрчип кеткенден бери – деди Несговоров. Суроо бсрем деп, келесоо Головин өзү тузакка түшмөк болду.

– Бирге жөнөсөңөр кана, кай жерге аларды таштадыңар? – Иванов өзү да Головиндин эмдигиче полк командирине жолукпай жүргөнүнө ичинен нааразы болсо керек. Иңир кирип калса да, бул жердин буурул түнү каш карартпайт эмеспи. Майордун өңү саруулап, мукактанып, какап-чакап атып жооп берди:

– Биздин машине жолдо өчүп калып, биз от алдырганча алар кайда бурулуп кеткенин билбей калып, эски жолубузга түшүп, экинчи эшелонду болжолдошкон пунктка келсек, булар жаңы келип күтүп туруптур. Мен булардан – мени көрсөтүп, – тигилерди сурасам келген жок дешти. Биз Цыганок экөөбүз дароо кайра чаап, штабга келатсак, токойдо кайчы жолдордун тоомунда регулировщик бар экен, «токойдо немистер бар» деп, штабга жибербей койду. Айла жок. Күн ушул маал болуп калган. Шоссеге чыгып армиянын көчүп келаткан артскладына барып түнөдүк».

Жанатан бери Головинди сын көзү менен карап турган Несговоров чыдамын жототуп:

– Штаб начальнигине «немистер менен кармашып, аскерин кырып, курал-жабдыктарын олжолоп алдык» деп мактанбадыңыз беле рация боюнча. Армиянын складына немистер чабуул жасашыптырбы? Эмнедир азыркы сөзүңүз менен рациядан берген рапортуңуз эки ача болуп атат? Муну кандай дейсиз, жолдош майор? – деп Головинди дубалга такады. Бул кайсалап, эки жагына каранып, мени бир тиктеп, Бычковду бир тиктеп, мукактанганына кекечтенгени кошулуп:

– Жо-жо-жолдош под-под-подполковник, жо-жо-жолдош капитанга жо-жооп берүүгө улуксат эт-эт-этиңизчи?– деди.

– Сиз эмне бузулган радио кабылалгыч окшоп «кыркыр» дейсиз? Бирдеме тийдиби сизге? Этемин, сүйлөңүз – деди Иванов, Головинге шектүү карап.

– Жо-жок, жолдош под-под-подполковник. Жолдош капитан сиз менин рапортумду туура у-у-угуптурсуз. Ырас, биздин экинчи эш-эш-эшелондун жоокерлери немистер менен ба-ба-баа-тырларча кармашып, душ-душманды жеңгендерин, көп-көп курал түшүрүшкөнүн айткам. Ал куралдар тигине. Жолдош Бычков көрсөтүңүзчү?

– Болду, болду! Убакыт аз. Жолдош майор, мен сиз менен биринчи көрүшкөндүгүм үчүн кечирем. Эгер менин орун басарым экинчи жолу азыркыдай рапорт берсе, бирөөлөрдүн ийгилигин өзүнө жамап, өз кемчилигин, бирөөлөргө шылтаса, андай киши менен иштеше албайм. Бүтүрдүк бул маселени. Мындан ары эмне кылыш керек? Ошону сүйлөшөлү.

Биздин бир нече фронт бир мезгилде чабуул коюп, душмандын коргонуу чегин бардык жерде талкалап, зор ийгиликке жетиши фашисттик жогорку командалоонун бардык планын бузуп шаштысын кетирип барат. Бизге туруштук берүүнүн айласын таба албай алар батыштагы

фронтунан аскерлерин шашылыш түрдө биздин фронтко алып келип атат. Ошондуктан сегиз күндүк чабуулдун ийгилигине дөгүрсүнбөй ар дайым оор кармашууга даяр болушубуз керек. Бардык кокустуктан сак болушубуз керек. Кыраакылыкты күчөтүшүбүз керек. Душман дагы эле күчтүү, ал амалкөй, кара бет! Андан бардык жамандыкты күтүүгө болот!

Эртең Минскиге жакын барабыз. Бүгүн эле биздин танкечендер, мотопехота жана башка машинелештирилген аскерлер чабуул коюп кетишкен ал жакка. Азыр алар душман менен былчылдашып атат. Бизге Белоруссиянын азамат партизандары зор жардам көрсөтүүдө. Ошолордун шарапаты менен көп шаарлар, кыштактар бүлүнбөй, талкаланбай аман бошотулуп атат. Бу сапар ал азаматтар өздөрүнүн борбор калаасын уроодон, кыйроодон аман алып калыш үчүн бардык күчүн жумшашат деген тилек бар. Бирок Минскинин маанисин душман жалаң гана республиканын борбору деп түшүнбөстөн, ал шаар Польша мамлекетинин капкасынын кулпусу деп да түшүнөт. Андыктан, фашисттер ал кулпуну ачтырбоо үчүн жан аяшпайт. Ошондуктан,– колундагы саатын карап,– азыр дароо тарагыла да, солдаттарыңарды дагы бир сыйра текшерип, көңүлдөрүн көтөргүлө, кем-карчын толуктагыла. Эми туура беш сааттан кийин бул жерден жолго чыгабыз. Айтмакчы, кечээ полк жетишпеген солдаттар менен карк толуктанды. Ат маселеси кыйын. Армияда резерв жок. Муну кандай кылабыз, оорук боюнча менин орун басарым, жолдош майор?

– Разрешите товарищ подполковник? Капитан ветеринарной службы Байсалов[1] – мен шашып, Головинден мурда озунуп сурап калдым.

– Говорите. Разрешаю товарищ капитан.[2]

---

[1] Улуксат этиңиз жолдош подполковник? Ветеринария кызматынын капитаны Байсалов.

[2] Сүйлөңүз. Улуксат, жолдош капитан.

– Бизде жарааты айыккан, күчкө жарай турган 5 жана немистер таштай качкан 8 ат бар. Баарысына миллеин[1] куюп маңкага текшерилген, таза жолдош подполковник.

– Хорош, жолдош капитан. Камбылдыгыңызга ыракмат. Дароо батареяларга таратыңыз. Жолдош дивизион командири! Батареялыктарыңызды жибериңиз доктор капитанга!.. Дагы кимде кандай сунуш бар? Тарагыла эртең менен маршрутуңарды аласыңар…

Баарыбыз бөлүкчөлөрүбүзгө тарадык. Күн бою жол жүрүп суй жыгылганыбыздан болсо керек, айтор, жаңы полк командири тууралуу эч кимибиз пикир айткан жокпус.

Сегиз күндөн бери биринчи сапар полктун эки эшелону биригишип эс алышыбыз. Көптүгүбүздөнбү, же командирдин канатынын алдында болгондуктанбы, билбейм, кечки тамактан кийин сулк уйкуга кетипмин…

Түн тынч өттү. Эртең менен жапыз учкан штурмовиктердин жер жарган баркыраган-шаркыраган үндөрүнөн ойгондум. Жаңыдан чыгып келаткан күндүн бетин көрсөтпөй, дарактардын чокуларына тиер-тийбес болуп учушат. Ылдамдыгынан жана жапыздыгынан бирөөнө да көз ээрчитип карай албайсың мойнуң толгонуп чыгып кете жаздайт. Менин күжүрмөн балдарым менден мурда турушуптур. Мени уктап алсын деп, ойготушкан эмес окшойт. Алар мени жакшы көрүшөбү же жаман көрүшөбү, билбейм, бирок сыйлашат. Жаман-жакшы жүрмөк өзүңдөн. Өзүң аларга кандай мамиле кылсаң, алар да сага ошондой.

Мен Чистовго таң калам. Жүрүш-турушу, иш-аракети жайдыр-кыштыр бир калыпта. Мына азыр да мен туруп жуунгуча тамакты даярдап койгон. Арабасына чеккен эки кара аты бар: бирөө сопол куйрук, сом туяк, камыш-кулак, бирөө кучак куйрук, токмомжал, казансоору. Экөө биринен бири өткөн балбан. Төө сүйрөгүс жүктөрдү кебелбей тартат. Аттарынын кыялы да ээси-

[1] Миллеин – жылкыны маңка ылаңына текшерүү үчүн препарат.

никиндей жоош. Чистов булар менен кишиче сүйлөшөт. Экөөн тең паспортко жазылган аты бар. Күнүгө түн бою, кайда оттобосун, таң саарында эгиз козудай ээрчишип өз арабасынын жанына өздөрү келип турушат. Мына азыр да келип калышыптыр. Чистовду күтүп атышса керек. Аңгыча ээси да булардын жанына келип: «И-и менин тилемчилерим, жем сурап келдиңерби? Азыр, азыр» деп жембаштыктарга өлчөп-өлчөп жем салып келатканда, тиги экөө кубангандай таноолорун керип, окуранышып жиберди. Камышкулак «Гудогу» сугалагыраак, Ефим жембаштыкты анын башына биринчи катты, казансоору «Гарпийи» ынсаптуулук кылып күтүп турду. Экөөнө тең жемин илгенден кийин, атайы халатты кийип, аттарак менен «Гарпийди» биринчи тазалап кирди. Атынын чекесинен туягына дейре чоло жерин койбой, терисинде тыйындан так калтырбай, күчүнүн бардыгынча тазалап, мал жандуулугун көрсөтүп, экөөнү тең жаңы төрөлгөн кулундай заматта эле жалтылдатып койду. Чистовдун бүгүн эртең мененки эле кыймылдарын көрүп, жуунуп, атканымда Оштогу кавалерия полкунда кызмат өтөгөн биринчи айларым эсиме келди.

...Саат 6да туруп, күнүгө 6.30 да бир эскадрондун атканасына баручумун. Эртең менен ат тазалоодо ветврач катышуу кавалерияда милдет. Жаңы алынган солдаттар, старшиналар, взвод командирлери, ал тургай эскадрон командири да баарысы катышуучу. Ветврачтын милдети – аттын тазалыгын текшерүү. Ошондо бир эскадрон командиринин айтканы эсимде: «Биз – солдаттар командирден коркпой эле, ветврачтан коркчубуз. Атты самындап жууп, көл-шал түшүп бир саат убара болосуң, а ветврач келип жүзаарчысы, же ак мээлейи менен атыңдын соорусунан жүнүн тескери карай сүртүп, кир жугуп калса, гауптвахт берүчү».

Мен албетте, андай кыянатчылык кылчу эмесмин, бирок Оштогу солдаттар жалгыз атты бир саат тазаласа да,

Чистовдукундай таза болучу эмес. Бул укмуштай иштейт. Анан бир сапар да аткарган кызматын доомат кылбайт. Анткени ал ар бир ишти жан дили менен кылдат аткарат, башкача иштегенди билбейт жана билгиси да келбейт. Ар бир киши ушундай болушу керек деп ойлойт.

Деги эле көп жыл үй бетин көрбөй элден-журттан алыс, конгонуң кокту, жылганың жылга билип, ичкенің ирим, жегени желим дегендей, жел менен кошо жер кезип ат арытып, сапар карытып, бут жоорутуп, көңүл оорутуп күн дебей, түн дебей жол жүрүп, казатка башын сайган, кесиби согуш болуп калган адамдын жанындагы жолдошу сыр билги, жан бирге болбосо, көптүн ичинде жүрсө да жалгыз сезет өзүн. Өз боюңа канча дыкан, камбыл болсоң да, чычканга кебек алдырбаган сак болсоң да, кылган ишиңе кыл жүгүртпөс так болсоң да жаныңдагы такоолчуңдун ниети ак болбосо, душмандан мурда сени жайлачу ошол. Буга иш жүзүндө көзүм жетти. Чистовдун кылган кызматын, мага жасаган мамилесин, кысталышта мени коргоо үчүн өзүн өлүмгө жумшаганын көргөнмүн.

«Чистов экөөбүздү алыскы жайлардан алып келип Кудайым кошсо керек» деп, бүгүн да тигинин айттырбай, эскертпей, жетелетпей, түрткүлөтпөй, сааттын тетиктериндей зыпылдап иштеп атканынан улам, ошондой жыйынтыкка келип, уйкуга канган денеме бу да кошумча дем берип сергитти.

Бүткүл полк таңкы тамагын ичип болгондо, полк командиринин буйругу боюнча бөлүкчөлөрдүн башчылары штабга чогулдук. Жаңы командирибиз подполковник Иванов тизилип турган баарыбызды дагы бир сыйра ар кимибизге көзүн токтотуп карап, амандашып кол алышып, анаи Несговоровдун жанына келип, кыскача сөз сүйлөдү.

– Жолдош офицерлер. Силерди дагы бир чоң жеңиш менен куттуктайм. Азыр эле Армиянын артиллерия-

лык командалоочусунун штабынан: Минскини биздин танкечендер, мотопехота партизандардын жардамы менен бошотту деп кабарлашты. Немистер каршылык көрсөтө албай багынышты. Булаанчылар дагы көбөйдү дешет. Буюрса, Минскиге дейре жол ачык. Шоссе менен бүтүндөй полк чогуу жүрөбүз. Жанакы чаркыраган штурмовиктер качкан жоону жете барып талкалоо үчүн учушуптур. Баарыбыз бир маршрут менен жүрөбүз. Бирок ат унаалуулар машинечендер менен теңеле албайт, өз темпи менен келе беришсин. Азыр маршрутту штабдын начальниги жолдош капитан Несговоров колуңарга берет. Ориентир мурдагы эле «Ашкинази чарбасы». Ошол эле дивизия менен чогуу Минскинин түндүк тарабынан өтөбүз, Бирин-серин калган душман айбат кылса, алдыбыздагы пехота анын жаагын жап кылат. Суроо барбы?.. Жок болсо тарагыла. А дегенде атунаачан биринчи дивизион, анын артынан экинчи эшелон жөнөйт. Автоунаачандар өзүнчө колонна болуп, аны экинчи дивизион баштайт. Штаб жана мен ошол колоннанын артында болобуз. Бирок ар бир саат жол жүргөндөн кийин автоунаачандар атунаачандарды жолдо тосуп турат, же болбосо кокус дивизия жолдо баратып маршрут өзгөртсө, жолдун бурулушунда автоунаачандар токтоп атунаачандарды күтүп алат. – Сөз бүттү. Баарыбыз жолго чыгууга колонна, колонна болуп даярландык.

Жаңы командирибиздин оозунан чыккан жакшы кабар баарыбыздын көңүлүбүздү сере бою көтөрүп салды. Бул кубаныч көөдөнүбүздү керип дем берип, канат өстүрүп жолго чыктык.

Жолуң тынч болсо, көңүлүң алагды болбой, акыркы окуяны, элести сиңирүү үчүн чар тарапка ой жүгүртүп, бардык жагынан байкоо салып кепшеп, шимип алек болот эмессиңби. Бардык кишиге таандык ошол өнөкөт боюнча менин башым да бүгүнкү жолдо акыркы уккан жаңылыкты ийине жеткире ойлонуу менен алпурушуп

келүүдө. Анан калса оңой жаңылыкпы?! Бир чоң республиканын калдайган борбор шаарын чыгымсыз бошотуш деген оңойбу? Былтыр күзүндө Украинанын борбору Киевди бошотууда биз тараптан канча киши кырылганы ачык айтылбаса да билебиз. Солдаттын «узун кулагы» кайда болсо жетет, кайда болсо, жер астынан болсо да шыбыштарды жеткирет эмеспи. Анын үстүнө Украиналыктар канча мактанышса да, партизандары Белорустардыкынан көп да, күчтүү да эмес. Фронт командалоочу Ватутинди украиндык «Бендерачылар» деген улутчул чыккынчылар өлтүргөнүнө караганда, аларда патриот партизандар менен катар чыккынчылары да уюшуп, биздин жоокерлерге каршы күрөшүп аткансыйт. А Белоруссияда уюшулган чыккынчылар бар экени угулбайт.

Былтыр мен, таратылган 24-кавалериялык дивизиядан 33-армиянын карамагына келгенден бери, менин кызмат кылган армиямдын эң зор ийгилиги түндө болду. Белоруссия республикасынын борборун бошотту. Кудай буюрса, бүгүн кечинде Улук Башкы командалоочунун буйругун Левитан окуганда, Минскини бошоткон жоокерлердин курамында биздин 33-армиянын жана анын кошуундарынын катарында биздин Миномётчулар полкунун аты да айтылат дечи?! Ошондо, полктун командири деп кимди аташаар экен? Ивановдубу кечээ эле келген, же Васильевдиби? Аттиң-ай, кайран жигит, Васильев! Бизди согушка, жеңишке кайрап-бүлөп курчутууда эмгегиң зор эмес беле?! Өлүмгө жетпеген куурагыр, жок дегенде Минскиде, же Минскиден кийин өлсөңчү?! Бардык эмгегиң ийлеп-ийлеп итке сал болуп, талаада өзүң калдың! Ырайымсыз ажал Васильев менен Парядин эки байкушка эмне мынча өчөштүң? О Жараткан! Кычаштык кылып ажалыңды эмне үчүн ушул маалда жибердиң, аларда эмне өчүң бар эле? Мен жаш бала кезимде атамдан: «Алланын амирисиз[1] адамдын

[1] Амир (арабча) – буйрук.

чачынан бир тал кыл да түшпөйт» деп уккан элем. Сен Жебреил бериштеге эмне үчүн, тигил маркумдар көптөн күткөн тилегине «эми жетем, эми эл-журтума көрүнөм» деп турганда жандарын алууга амир бердиң? Эмне сага алардын жандары ушунчалык шашылыш керек беле? О Кудурет? Сени акыйкат, Сени калыс деп даңазалачу эле, ыраматылык атам. Эмне болуп кетти? Же Сен андан бери, бизге, жалпы кудайсыздарга таарынып, өчөшүп, эми ким экениңди билдиргиң келеби? Эгер өчөшсөң Головин менен Цыганоктун же Салмановдун жандарын алсаң, анда түшүнөт элек. Алар Сени таанышпаганы аз келгенсип, өздөрүнүн жолдошторуна, тагдырлаштарына да ак санашпасын өзүң көрүп турасың, Жараткан!

Мен ниетимде Өзүңдү атам үйрөткөндөй: «Алла Таала бар, Ал бирөө, Аны эч ким, эч нерсе жараткан эмес, а Өзү гана бүт 18 миң ааламды жараткан» деп түшүнөм жана ал түшүнүгүмдөн эки дүйнөдө да кайтпайм, буга ишенип кой! Бул үчүн күнүгө Өзүңө келме келтирем, жанымды, дилимди берем, бирок адамдардын тетигиндей көпчүлүккө жакпаган кылыктарын көргөндө, (кечирип кой, Кудурет!), ал мени бир аз таарынтат. Алдыңда наадандык кылып Сага күнөөкөр болсом да, ыманымды сатпай Өзүңө чынымды айтышым керек!

Менин кабатыр болгонум, Васильев менен Парядиндим фамилиялары бүгүнкү буйрукта айтылбасын жүрөгүм сезип турат. Табышмактуу шартта полктон жоголуп жана сөөктөрү да табылбай калган немелердин аттарын Улук Башкы командалоочу даңазалабасын, кымындай шектүү ишке барбасын жана мындай маселеге катуу карөзгөйлүгүн жакшы билишкен армия жана фронт командалоочулары өздөрү эле буйруктун долбооруна киргизбей коюшат го деп чочуйм? Кокустан «смерш» аркылуу Улукка Васильев менен Парядиндин жоголгон шарттары жетип калса, армия менен фронт командалоочулары өздөрү оң таппасын беш колундай билишет!

«Полк башчысыз согушту беле?» деген жемеге калбас үчүн, буйрукка Иванов киргизилет. Ошентип, «Жоону сайса эл сайды, аты калды Манаска» болот деген ушул эмеспи?!

Мейли, бул байкуш деле ак жеринен күйүп, көп жыл түрмөдө, айдоодо азап тарткан киши экен, Кудай ушундан баштап бактысын ачкан жаткандыр?!

Ой тобо-о! Бакыттын башы казандай, мойну кылдай, жолу устаранын мизиндей турбайбы? Кимге Кудай эмне энчилегенин алдын ала билүү, болжоо болбойт белем? Балким Васильев, Парядин, санитар – ППЖ жоголоордун алдында биз билбеген, Кудай кечирбей турган кылмыш кылышкандыр?.. Алардын, айрыкча Васильевдин, мурдагы сиңирген ак эмгектерине карап эле, мен аны актап, Кудайга бөөдө күнөөкөр болуп атпайын? Тигилердин элге, бизге кылган миң жакшылыгын, балким кечирилгис бир күнөөсү булгап кетпесин?.. О Жараткан! Андай болсо, адашып аткан мени кечир! Астагфирулла, астагфирулла![1] Атеисттер тарбиялаган жол менен Сага нахарат[2] келтирип атканыма миң мертебе кечирим сурайм, Жараткан Алла!..

Жолго чыкканыбызга эки саатча болду. Күн шашке чен. Айлана, кудай жалгап, тынч. Алдыга кеткен автоколоннабыз убада боюнча жол жээгинде күтүп туруптур. Биздин аман-эсен келатканыбызга санаалары тыңгылыктуу болушуп, эки-үчооз сөз менен пикир алышкан соң, алар экинчи тынымга дейре биз менен коштошуп жол тартышты. Биз он мүнөт тыныга, муун жазып, ат белин сертиткен соң, жолубузду уладык.

Күн ачык. Асманда, өтө бийикте анда-санда чаңгыттаган сейрек булуттар, алар астында кез-кезде күздө кайтып бараткан каркырадай тизилген самолеттор батышка сызып өтүүдө. Бийик учкандыктан табыштары

---

[1] Астагфирулла (араб) – Кудай кечире көр.
[2] Нахарат (араб) – кордоо, жамандоо.

жерге араң эле угулат. А Маскөө – Минск трактысында көзгө үйүр болуп бүткөн күндөгү эле кыймылдар: дөңгөлөктүү, туяктуу унааларына жүк-мүктөрүн артып батышка куйрук улаш тынбай чубаган кербендер, чыгыш тарапка кез кези менен уйга-тайга төшөнчүлөрүн, идиш-аяктарын арткан, түйүнчөктөрүн жөө-жалаңдап көтөргөн жергиликтүү калк, көбү абышка-кемпир, жаш аялмет балдар. Бир-эки жолу булаанга түшкөндөрдү айдап өтүштү. Бир сапар дүбүртү жер солкулдаткан биздин танкелер көчүбүздү жолдун оң четине кысып жандап өтүп кетишти. Өзүбүздүкү экенин билип туруп эле, булардын сүрүнөн немис тургай биздин үрөйүбүз учту. Бир маалда чаркыраган-даркыраган табыштары кулак жарган көп штурмовик озондоткон шамалы менен төбөбүздөн жерге жапырып куюндап өткөндө, аргасыздан оозубузду ачып, башыбызды ийнибизге катып жикирейдик.

Жолдо башка шектүү, кооптуу белгилер байкалбайт. Тракт токой аралап өткөн жерлерде чымчыктардын чыйпылдаган үндөрү кулагыңа алда немедей угулат. Каргалар бири бирин кубалап жем талашып каркылдашат. Алыстан чытырмандын арасынан алагүүнүн гүгүлдөгү кулагыңа чалынат. Учу-кыйырына көз жеткис чубалжыган көчтөн чоочуркап, бүт токойго суук кабар жарыялап сагызган шактан шакка конуп шакылыктайт. Жүрөктү опколжутаар жоо табыштары, Кудай сактасын, угулбайт. Тиги батыш тараптагы басылган өткүндөн кийинки күркүрөгөн күндөй алыстагы табыштын каңырыш жаңырыктары кулакка үйүр болуп бүткөн. Ал этибар алынбайт.

Ушундай бейкуттук атмосфера узун жолдо оюңду мүмкүн болушунча оюна коё берип, канаты талыр алыска чабыттата берет экен. Убакыт да алагды болуп унуткарылып, кантип өтүп атканы байкалбай калат белем? Мына, мен оюмду ээрчип кечээкидей эле асманда жүргөнүмдө күн түшкө жакындап калыптыр, а биз баягы эле бойдон

жолдобуз. Жайдын толуп турган маалы болсо да, Белоруссияда биздикиндей лепилдеген аптап жок. Бетиңди дайыма салкын жел билинээр билинбес желпип, саамайыңды тарап турганы турган. Айланада бейкуттуктун белгилери өкүм сүрүп турса да, биз кандуу жолдобуз, казат жолундабыз! Андыктан айлананын азыркысына канча суктанып алдансак да, оюбуз окто-чыктасыз канча оюн салып сырактабасын, баары бир, согуш чөйрөсүнөн алыс чыгып кете албайт сыяктуу. Согуштун тарсылдак табышы угулбаган бүгүнкүдөй тынчтык күнүндө деле, согуш казанында көп жыл кайнап, жедеп кексе болгон мага окшогондордун ой-санаасы жыргалчылыктын, тынччылыктын иримине канча тереңдебесин, баары бир, бир чалымы согуш татып туруп алат бейм? Мына бүгүн эртеден бери өлүк көрбөй, согуш табышы улам алыстап, бейкутчулук айланамда өкүм сүрүп, жүрөгүм сүйүнүп, кыялыма канат бүтүп талпынып келатсам да, «согуш», «казат» деген сөздөрдү, канчалык оозума албайын десем деле болбой, санаамдан чыкпай, кайра-кайра эле мээмди үшкүлөп кирип, эрксизден өздөрүн эсиме салууда.

Баш-аягы горизонттон горизонтко дейре созулган узун, жазы асфальт жол. Жол үстүндө кумурскадай чубаган биз. Бул көрүнүш бир оокумда этибарсыз эле көзүмө чалдыга калды эле, дароо эсиме согуштун башымдан өткөндөрү желелеп тизилип, кинонун тасмасындай жылып, чубуруп элестеп кирди. Буларды эрксизден, тарыхка белгилүү байыркы өткөндөр менен салыштыруу башталды.

...Артынан чаң бургутуп, салаа-салаа, сап-сап болуп жер дүңгүрөтүп абажаарыган чыгыштан батышты карай жайдыр-кыштыр, күндүр-түндүр бир тынбай согушуп, жер жайнаган гунндардын сан түмөн колдору деле азыркы жолдогу ушул бизден сүрдүү болгон эместир?.. Алардын арасында биздикиндей көй кашка баатырлары деле, Дорфмандай акылмандары деле, Головин, Цыганоктой

арам жанбактылары деле, Салмановдой коркоктору деле, Сусловдой сийгектери деле болгондур?.. Бирок убакыттын тарых тыпындарын учурган желаргысы ашынган, чыгаандарын гана калтырып, калганынын баарысын камгактай түрмөктөп барып, «унут» кереңине тыгып салган да! Мына бүгүн биз жасаган баатырдык казатты деле бир кезекте тарыхтын саргарган барактарынан, соолгон чөттө курт издеген чулдуктун изиндей чыбырала жазуудагы супсак кабарларды, болочоктогу төңөлүк көзайнекчен чарабаш муун кунтун салбай кайдыгер окуп, көөдөнүнө элес калтырбай, китебин жөн эле жаап коёр-ээ?! Кантели?.. Ал чарабаш канча акылдуу болсо да, биз менен замандаш эмес, биз кылгандын, миңдин бирөөн да көргөн эмес, ал окуган китепте биздин кылгандын жүздөн бирөө да жазылган эмес да! Аны кантип күнөөлөйбүз? Турмуш деген ушу турбайбы! Окуя өз башыңдан өтсө гана, ошондо да, өтүп аткан мезгилинде гана ачык, даана, таасирдүү сезилип, а убакыт өткөн сайын анын элеси улам көөнөрүп, тунарып, бүдөмүктөй берип, акыры эсиңен да далай тетиктерин чыгарып унуткартат окшобойбу? Ал эми өз башыңдан өтпөгөн, уккан, окуган эле окуялар эң кыйын таасир берсе – кинодой, болбосо, ал да жок!..

Биздин күткөн автоколоннабызга жеткиче, дигерде учкан топ карлыгачтай уйгу-туйгу кайкыган оюм бейкуттукта чабыттап отуруп, болочокту да чалгындоого үлгүрүптүр.

Болжошкон убакыттан мурда кезигишкенибиздин себебин, биз аларга жетип келип токтоорубуз менен, жаңы командирибиз подполковник Ивановдон дароо уктук. Өзүбүздүн автоколоннабызга жетип токтогонубузда саатымды карасам 14 саат 27 мүнөт болуптур. Шилекейин чачыратып шашып-бушуп, сөздөрүнүн аягын жутуп сүйлөгөн бул кишинин кебинин ыгына көнө албай атам. Кайран азамат Васильевдин жай, салмактуу коңур үнүнө көнүп калыптырмын. Бул киши сүйлөп атканда көзү

кыбындап, жүзү жылмайып да турат экен. «Тийип туруп жааган күндөн түңүл, күлүп туруп сүйлөгөн кишиден түңүл» деген кеп бар. Иванов кандай жетекчи болоор экен? Аман болсок, бат эле билинет ким экени. Согуш мезгили кандай түлкү болсоң да, көпкө мант бердирбейт. Бирок, кечээ кечинде Головинди бир көргөндө эле ким экенинен күмөндөр болгонуна караганда – кыраакы, кечиримдүүлүгүнө караганда – айкөл кишидей көрүнөт. Биринчи көрүнгөн жышаналары жаман эмес, анткор эле болбосо?! Көрө жатаарбыз. Кудай тагдырыбызга муну туш кылыптыр, эми жакшылыгын берсин! Буга да каниет кылалы! Сырты чөл, ичи көл болгусу бардыр!..

Көчүбүздүн башы токтоп, аягы алдыңкыларына жете электе эле Иванов шашып турса керек, шилекейин чачыратып:

– Биз мындан ары чоң жолду таштайбыз. Минскиге кирбейбиз. Мына бу оңго бурулган кара жол менен шаардын түндүк четинен өтүп, Минск – Вильнюс трактысын кесип, Изославль шаарчасына жетип токтойбуз. Андан аркы маршрутту ошол жерде сүйлөшөбүз. Сак болгула, алдыда каршы-терши, чалды-куйду жол көп, адашып кетпегиле, жол көрсөткүчтөрдөн көзүңөрдү айырбагыла. Биздин багыт баягындай эле «Ашкинази чарбасы». Биздин фронттун машинелештирилген отряддары: танкечендер, мотордуу замбирекчилер, бронемашинелүү аткычтар зымыраган бойдон Вильнюска чабуул коюп баратышат. Душман каяша айбат кыла албай качууда. Артыбызда курчоодо калган немистердин сазайын бизге коңшулаш армиялар жана биздин армиянын бир нече дивизиясы берип атат. План боюнча бүтүн ал операция бүтүш керек, мага суроо барбы?

– Улуксат этиңиз, жолдош подполковник? – Биздин колоннаны баштап келаткан биринчи дивизиондун командири капитан Цагарейшвили колунун учун оң чыкыйына такап:

– Минскиге эмне үчүн кирбейбиз? – деди.

– Минскиден машилештирилген колонналар өтүп атканда немистердин артиллериясы аткылап самолеттору бомбулаганда көчөлөрү анча-мынча бүлүнүүлөргө учураптыр.

Ошондуктан, токтобой марш менен өтүүчү аскерлердин колонналары шаардын сырты менен өтүүнү аскер командалоочулар буйрук кылыптыр...

– Асфальттан бурулуп токойго киргенде ат чалдырууга улуксат этиңиз? – дагы эле комдив өтүнүч менен кайрылды.

– Жок, кечигип калабыз. Изославльге жеткенде жалпы тынабыз. Чыдагыла дагы эки саат. Дагы кандай суроо бар?..Жок болсо, жолуңар шыдыр болсун! Изославльден көрүшкөнчө! – полк командири честь берип, машинесине бурулуш басты. Жүрүүгө даяр турган автоколоннанын моторлору күрүлдөп, машинелердин көчүктөрүнөн бурулдаган түтүн асфальттуу жолдун үстүн заматта каптап, абада ыш, бензин жытtанып кетти. Биз автоколонна узагыча шосседе туруп, 15 мүнөт эс алып алдык. Эртеден бери буга чейин жалаң асфальт менен жүрүп, аттар анча кыйналган эмес. Мындан ары жол оор болучудай. Токой арасы, жери кумдак. Маршрут боюнча Изославльге дейре болжол менен үч сааттык жол. Командирден команда болбогондон кийин, түнкү тыныгууга биздин укугубуз жок. Алардын артынан биз да жөнөдүк. Асфальтка караганда жол ээнирээк жана токой ичи ала көлөкө салкын, абасы да таза болгондуктан, чакыйган күнгө талыкшып келаткан денебиз бир аз сергип калды, бирок аттар үчүн жүк оордоду. Эшилген кумда дөңгөлөк кээде кырына чейин батып барат. Биздин алдыбызда мурдагыдай эле, биринчи дивизиондун колоннасы. Автоколонна болсо, бат эле узап карааны көрүнбөй калды. Головин менен Цыганок тигилерди ээрчип кетти.

Токой шаарга жакын болгондуктанбы, сейрек, майда бадалдары аз ичи ачык, алыска дейре көрүнөт. Мал

оттогонго ылайык. Папоротниктердин таңдайлашкан жалбырактары, карагайлардын түбүн, жер бетин жыш жапкан. Арасында козукарын деген неме жайнайт. Кыргыз баласы ышкынды көргөндө кандай болсо, орус баласы козукарынды көргөндө куду ошондой экен, Кудая тобо-о! Көздөрү кычышып, сабырын жоготуп, сугалактап кетишет экен. Алдыбыздагы колоннадан, командирлеринин «айт-уйтуна» ээ-жаа бербей, солдаттар жабалактап козукарындарга чуркашты. Алардын жарыша чуркап бараткандарына таңыркап карап калган жаным, эрксизден күтүлбөгөн олуяга күбө болдум. Үч солдат жыш жайнаган козукарынды көздөй бирин бири кубалай жанаша чуркап бараткан эле, «баң!» деген үн аралаш үчөөнүн карааны көздөн кайым болуп, алардын ордуна асманга сапырылган топурактын карааны пайда болду. Чачырандысы жакынкы карагайлардын чегедектерине жаба берип, шатырап кайра жерге жаады. Упураган топурактардын тозоң-чаңдары уюлгуп бир аз убакытка жарылган жерди жаап турду. Баягы жамыраган солдаттардын бир кыйласы удургуп кайра жолго качышты, кээ бирөөлөрү селейип туруп калышты, жыгылып кеткендери да болду. Удаалаш келаткан эки колонна дароо токтодук. Аңгыча чуулдап, кеңгиреп турган кулакты алдыбыздан айкырган ачуу үн жарып жиберди. Селт карасам, колонна бойлоп, бизге алды утур биринчи дивизиондун командири камчысын кезенип чаап келатат. Колоннанын оң жагындагы токойдо селейип катып калган солдаттарды ашатып:

– Стой на месте! Не шевелиться![1] дегенче колоннасынын ортосуна жетип келди да, батарея командирлерин, дивизион штабынын офицерлерин өзүнчө чакырып, атынан ыргып түштү. Биздин колоннанын баш-аягына ээлик болуп келаткан Бычков экөөбүз да, жолдон обочолоп чыкпай, комдив түшкөн жерге желдирип жетип келдик. Биз жыйылгыча жарылган жердин топурагы басырылып

[1] Токто ордуңа! Былк этпегиле!

чаңы да тарады. Ал тараптан чыңырган, безилдеген, онтогон үндөр да угулду. Ал жерде мина жарылганы, айтпаса деле түшүнүктүү болду.

Комдив өзүбүздүн полктон өскөн командир. Жазында биз Витебскиден кайтаардын алдында мурдагы дивизион командири жарадар болгондон кийин, биринчи дивизионду командалоого батерея командиринен көтөрүлгөн, өзү зээндүү, командирлик кызматка машыгып такшалган, жашы отузга жакындап калган жигит. Солдаттарга жакшы мамиле кылып алардын арасында абдан барктуу болучу. Орто бойлуу, калтар кара чач, алагай көз, коччор тумшук, денеси чымыр, жүргөн-турганы чыйрак, шамдагай, жакында эле капитан наамын алган грузин жигит эле. Орустун тилин жакшы билсе да, атайын эле грузин акценти менен сүйлөй турган.

Капитан Цагарейшвили дароо чогулган командирлерге солдаттарды жолдон эч жакка ээнбаштык кылып бурулушуна тыюу салып, катуу эскертти да штаб взводундагы саперлордон төртөөнү алып тиги токойдо селейип турган солдаттардын аянтын тинтүүрлөп, миналардан тазалоо буйругун взводдун командирине тапшырды. Колонна токтоп, жол бөгөлдү. Биздин артыбыздан келаткан башка кошуундардын аскерлери да бизге келип, иштин чоо-жайынан кабар алып кайтып атышты. Бирок жолдо минтип аргасыз токтоо көпкө созулган жок. Саперлор бат эле шектүү аянтты изилдеп, мина жарылган жерге жол ачышты. Баягы менин көзүмө чалдыккан үч солдаттын бирөөнүн дайыны жок. Мина анын денесин бүркүп жибериптир, экөө оор жарадар болуптур, чыңырып онтоп аткандар ошолор экен. Алардан 3–4 кадам алысыраак сол жагында бир солдаттын өлүгү табылды. Минанын сыныгы талуу жерине тийсе керек байкуштун. Козу карын алууга колун сунуп баратканда ок жаңылса керек, оң колу менен серпилген бойдон көмкөрөсүнөн кеткен экен, жер кучактап жатып калыптыр. Тинтип

жүрүшүп саперлор ал аянттан дагы эки мина табышты. Кино тасмасынын кутусундай болгон ээн калгырлардын «тилин» саперлор сууруп таштагандан кийин, каскандын калай капкагына окшоп талпайып жатып калды. Жарадар болгондорго тез жардам көрсөтүп санитардык зембилдерге көтөрүп, өлүктүн денесин плащ-палаткага ороп арабаларга салышты. Денеси чачырап кеткен солдаттын калдыктарын (колу-бутунун учтарын, чегедекке илинген ичегисин ж. б. мүчөлөрүн) ошо мина жасаган аңга жашырып үстүнө ырым кылып ууччтап топурак таштап көөмп койдук да, тар жолду бөгөбөй, колонналар жолун улантты.

Ошентип козукарын терүү окуясы эки солдаттын өмүрүн жеп, төрт солдаттын азабы менен бүттү. Алардын ичинен да баягы эки жарадардын жарааттары оор, киши болоор-болбосу арсар?..

О Жараткан! Кыргыздар бир нерсенин эң арзанын, же бекердигин белгилегиси келсе «текейден арзан» деп коёт. Аны бул жерде бир аз бурмалап айтсак, адамдын өмүрү «тепектен арзан» болуп, дал азыркы окуяга дал келип атат. Айтса, айтпаса төгүнбү? Өзүң калыс болчу, Кудурет! Адамзат баркын эмне мынча төмөндөттүң? Эмне үчүн түрү суук, аты жаман, жегенге макирөө тепекке да теңебедиң? Бирөө эмне десе ошо десин, алардын милдетин ала албайм, бирок өзүм Өзүңдү бүткүл ааламда жок адилет, таразадан кылдат калыс, кардан аппак таза, жоктон бар кылган жараткыч деп эсептейм. Ырас, Өзүңдү жек көрсөтүп жокко чыгарган коомдо атеист партиябыздан коркуп, Сенин бардыгыңды ачык айта алышпаганы менен, ичинде купуя, мага окшоп бекем туткандар, кайсы диндин жамаатында болушпасын, аз эмес. Аларды көрүп жүрөм. Өтө кысталышта ар кимиси өз тилинде, өз дининин расмиси боюнча жашыруун Сенин атыңды атап, Сага жалынып, Сенден жардам күтүп жалдырап, жалбарышат. Аларды көп эле көрдүм, көрүп да жүрөм. Мен

билгенден Сага караманча ишенбеген сырты сокур, ичи туюктар аз. Кыйын кыстоодо, ар кимдин керт башына түшкөн согуш деген желмогуздун каарына кабылганда атеисттер деле Сени издеп, карайлап калышат, Жараткан!.. Э-э, мен өзүмдү акылдуусунуп Сага отчет менен кайрылуумдун өзү деле күнөө, Сени кемсинтүүгө жатат эмеспи. Менин айтканымдын баарысы ансыз эле Өзүңө маалым да! Эмесе, эгер менин ошол ишеничим анык болсо, тигил сүкүнткө жетпей жан берген экөөнүн күнөөсү эмнеде? Же Сен буларды жаратканда өмүрүн тепектен арзан кылып жараттың беле? Сенин амириңсиз булардын жанын Жебреил периште тартпайт эле да?! О Кудурет! Булардын өлүмүн эмнеге шылтап актайбыз? Макул, жакындарына штабдагы даяр бланкаларды толтуруп: «баланча күнү, түкүнчө кыштактын (шаардын) четинде фашисттер менен болгон уруштa баатырларча катуу салгылашып курман болду» деп жиберебиз дечи. Ал турган иш. Бирок биз жалгыз Сенин эле алдыңда калп айтып күнөөкөр болбостон, тигилердин жакындарынын алдында да жалганчы болуп, аларды жокко ишендирип, кудайга сыйбаган калп менен сооротуп, Сенин алдыңда эки эсе күнөөкөр болуп атпайбызбы? Анан калса, Өзүң колдоп, казатыбыз ийгиликтүү, жеңиштүү болуп, намысыбыз колго тийип, арааныбыз жүрүп бараткан убакта күжүрмөн жоокерибиз «тепек терем деп өлдү» деп, кантип кабар кылабыз? «Бөөдө кырсыктан каза болду» деп кабарлоого тыюу салынган. А тиги эки солдат, болгондо да миномёттун расчетунун жоокери жок дегенде урушта өлбөй, ээн токойдо сугалактыгын тыя албай, тепектен өлүп атпайбы! Уят өлүм болбодубу! Ушинтип өлдү деп, туугандарына, жакындарына кантип кабарлайбыз? Өлгөн солдаттын бирөө орус экен. Орустарга тепек өөн эмес, алардын кулагына карагаттай эле угулат окшойт. Айтмакчы, биздин элге Совет өкүмөтүнүн заманы жаңыдан келген жылдарда калкыбызды жалпы сабаттуу кылуу

үчүн окуу куралдарын кыргызча даярдоо иши катуу коюлуп, биздин биринчи билимдүүлөрүбүз китеп жаза, которо баштаганда, балдар үчүн «В. И. Лениндин бала чагын» Эшенаалы Арабаев которуп басмага алып келсе, редактор окуп көрүп: «Володя любил в лесу бродить и грибы собирать» дегенди Арабаев туура эмес которуп, «Володя токойдо сейилдегенди, карагат тергенди жакшы көрүүчү» деп бузуп коюптур, чыгарууга болбойт» деп рецензия жазса, анда Эшенаалы редакторго: «Ой, дүрөк (ал киши ачуусу келгенде ушунтип сүйлөнчү дешет) мен аны атайын оңдоп жазгам, Володя тепек тергенди жакшы көрүүчү» десем, кыргыздар менин башымды жулуп албайбы! » деген экен. Анын сыңарындай, бул окуя, мен кыргыз болгондуктан, мага эле өтө өөн көрүнүп атпасын? Орус солдаттын үйүнө жолдоштору, балким ачык атын айтып эле жазышаар. Ал эми, экинчи, денеси бүркүлүп чачырап кеткен солдат казак эле дешет, анын үйүнө «тепек терем» деп минага жарылды деген кабар жетсе, анда бүт айлына маскара болбойбу. Кой, ал маркумдун жакын жолдошторун командиринен сурап таап, аларга эскертип коюшум керек экен...

Калган жол ушундай кайгы, капа менен кыскарып акыры саат 18.25те Изославльге жеттик. Свислочь деген өзөндүн боюнда бир чакан шаарча экен, Республиканын борбор шаарына жакындыгы билинип турат. Кээ бир жерлеринде эки кабат үйлөр да кезигет. Өзөндүн үстүндөгү көпүрө аман экен. Суунун агымынын баш жагында тактай заводу бар көрүнөт. Карагайлар, тактайлардын үймөктөрү турат. Шаарчага кире бериште байланыш офицери күтүп туруптур. Биз жайланыша турган орундарды көрсөтүп берди. Автоунаачандарыбыз небак эле келип, сергип калышыптыр. Ивановду биз такоолдоп келаткан дивизиянын командири чакыртып кетиптир. Штабда Несговоров бар экен.

Эртеден бери тыйбай жол жүрүп өзүбүз да, аттарыбыз да ачка болдук. Кумдак оор жолдо абдан чарчаптырбыз.

Биздин абалыбызды Несговоров кыраакы неме, рапортсуз эле түшүнүп, Изославльдин көрүстөнүнөн көр каздырууга мурда келип сергиген солдаттардан бир старшинаны башчы кылып алты жоокер жибертти. Рапорт берүүгө штабга чогулган бизди:

– А дегенде жолдогу чаң-чуңдардан арылып бети башыңарды жуунуп, керээли кечке наар албай кабырылып калган кардыңарга өзөк жалгатып анан келгиле. Шашылыш эч кабар жок – деп, көзү кыйындап, жүзү күлүмсүрөп жымыңдап таратып жиберди.

Несговоров өзү оор басырык салабаттуу, сөздөрү салмактуу, калпы жок, какшыксыз сылык киши болгондуктан, анын оозунан чыккан сөздөрүнүн баарысы бизге абдан таасирдүү. Анын үстүнө, азыркы күлүңдөгөн ырайына караганда, чын эле кооптуу кабар жок го? Казат ийгиликтүү жүрүп атса керек?.. Ылайым эле ошондой болгой эле. Бөөдө кырсык, бөөдө чыгымдан Кудай өзүң сактай көр!

Күн кылкылдап батып бараткада өлгөн солдатты түбөлүк жайына ташпырдык. Баарыбыз чогу болгондуктан, полктун өз курамы дээрлик бүт катышты. Өлүмү жаман аттуу болгону менен куурагырдын акыркы сапарга узашы салтанаттуу өттү. Салтанаттуу эмей эмне? Бүтүндөй полктун жоокерлери топурак салышты. Полктун командири, ал турмак армиянын политотделинен бизге замполит болуп жаңы эле дайындалып келген подполковник жана полк штабынын башчылары бүт катышып, аскердик аза күтүү расмиси толук колдонулуп, салют берилди. Музыка гана болгон жок. Полктун өзүндө жок музыканы кайдан тапмак эле?.. Солдаттын мүрзөсү да, шаарчанын четинде, суу баспаган дөңдөгү жакшы каркытталган, христиан көрүстөнүнөн орун алды. Аза күтүүгө арналган митингде полктун командири сүйлөдү.

Ошентип, бүгүнкү күжүрмөн сапарыбыз Минскинин түндүк жагында, чоң шаардан алты километр алыс жай-

гашкан Изославль шаарчасында аяктады. Ошол күнү кечинде, Минскини фашистерден бошотулган урматына арналган салют Маскөөдө берилип атканын, немистерден олжо түшкөн радиокабыл алгычтан уктук. Жолдо мен болжоп келаткандай эле, куткарууга катышкан армия, дивизия жана атайын полкторду санап өткөндө, Левитан[1] биздин полктун командири Ивановдун атын кошо айта кетти.

Мындан мурда карсылдашкан кагылышууларга кан жуурулган, жер туурулган кызыл-кыргындарга канча куралдаш жолдошторубуздан ажыраган чоң салгылашууларга катышып келсек да, атыбыз чыкпай арданып, көптөн бери сөзгө чолок болуп жүргөн намысыбыз бүгүн колго тийип, «жатып ичээр» эмес, «атып ичээр, ашын актап, адал ичээрлердин» катарына кошулуп, эл оозуна алынаарлык, «Минскини куткаргандар» катарына кирип калганыбызга кубаныч коюнга батпай сүйүндүк. Улук Башкы командалоочунун буйругуна жеке аттарыбыз чыкпаса да, полкубуздун аты чыгып, эл-журтубузга жүзүбүз жарык болду. Миллиондогон жоокерлердин ар бирөөнүн аты-жөнүн бөтөн-бөтөн жазып отурууга кагаз чак келеби! Алардын ар кимисин окуп аягына чыккыча диктордун өмүрү жетеби!

Буйрукту Левитан эки кайталап окуп бүткөндөн бир мүнөттөн кийин, салют аткан замбиректердин үндөрү радиокабыл алгычты жарып жибере жаздады! Радиону тыңшап олтургандарыбыздын «баарыбыздын дүркүрөгөн кол чабууларыбыз менен» салют да бүттү. Полкубузда мурда болуп көрбөгөн мындай чоң окуяны, албетте «бөтөнчө» белгилебей калтырганыбыз жок.

Коргонууда турганда да, көп күндөр бою казат жолунда жүргөндө да, ар түрдүү майрамдарда бардык жакшылык-жамандыктарыбызды бөлүшүп үлпөт-үлпөт болуп

[1] Согуш мезгилинде РВ-1 Коминтерн атындагы радиостанциянын атактуу диктору.

чай ичишип сырдана болуп калган жолдоштор, эч кимге айттырбай эле, топ-топ болуп чогула баштадык. Биздин тап баягы таанымал жолдошторум Бычков, начхим Коптев, начпрод Богомолов, «смерш» Безбородов, фельдшер Кондрашов, начарт Гизатуллин менен фельдшерим Баранов мени ээрчишип, биз токтогон короого кирдик. Бул эргулдардын негизги максаты мага айтышпаса да түшүнүктүү болгондуктан, мен «арабызга баарыбыздын улуубуз начфинди, штаб начальниги Несговоровду чакырсак кандай?» десем, баарысы макул табышты. Ал эми санчасттын начальниги Салмановду, кошуна түнөп атып, бөлүп таштоого мүмкүн болбоду. Головин менен Цыганок чарба взводунун командирин өздөрүнө чакыртып алышып бизден мурда эле, өздөрүнүн радиокабыл алгычынан угушуп бизден бөлүнүп, түнөй турган үйүнүн дарбазасын бекитип алышыптыр. Мейли, өздөрүнөн кетти!

Согуш башталгандан тартып, бүгүнкү күнгө дейре алкыш алып көрбөгөн полк бүгүн биринчи ашкере мактатылып, бүтүндөй Советтик армиянын Улук Башкы командачысы, Советтер Союзунун маршалы, Бүткүл союздук Коммунисттик (большевиктер) партиясынын Борбордук Комитетинин Генеральный секретары, СССРдин Коргоо Кеңешинин, СССР Эл Комиссарлар Советинин төрагасы жолдош Сталиндин буйругу менен немисттик-фашисттик баскынчыларга каршы салгылашууда баатырдык көрсөткөндүгү үчүн Белорус ССРинин борбору Минскини бошотууга катышкандыгы үчүн дүйнө жүзүнө жарыялап жатса, кантип кубанбайбыз!?

Бардык иште шайдооттукка такшалган, кыпындай эле кыйкам табылса, дароо «ат жалына казан аса» салууга машыккан биз, бул окуяны «тийешелүү деңгээлде» өткөрмөк болдук. Ар кимибиз өз энчибизди ортого салып, «коногубуз» Несговоровдун үлүшүн начпрод Богомоловдун эсебинен жаап койдук. Столдун үстүнө тамактар жайнап эле калды. Ага кошумча менин Чистовум бы-

шырган ысык тамак да келди. Наркомдун жүз граммдары баарыбызга жетишээрлик болгондуктан, спецдарылык спиртке кол салганыбыз жок. Биринчи кружкалар чай менен өттү. Экинчиси наркомовскийлер кабелтеңирээк куюлуп, баарыбызга сунулганда мансабы, анысына жараша жашы да начфинден кийин улуулук кылып биринчи тосту Несговоров баштады эле, шашмалыгын көрсөтүп начпрод кружкасын өөдө көтөрүп, тигинин сөзүн бөлүп:

– Жолдош офицерлер! Эң биринчи тосту полктун штабынын начальниги болуп дайындалган, биздин күжүрмөн досубуз, капитан Несговоровдун ден соолугу үчүн көтөрүүгө улуксат сурайм! Кимде ким – Токтот сөзүңдү жолдош улук лейтенант! Биринчи тосту биз полкубуздун тарых барагына баатырдык иши менен кирген урматына көтөрүшүбүз керек! – деп начпроддун демин суутуп, анан жай, салмактуу, салабаттуу сөздөр менен Несговоров сүйлөй баштады.

– Тагдырдын буйругу экен, бул полкто а деп уюшулгандан тартып согушуп келатам. Немистер менен биринчи сапар тээ-тетиги кырк биринчи жылы Маскөөнү коргоодо Нарофоминск шаарчасынын алдында полкубуз биринчи беттешкен. Мен запастагы артиллерист, үч айлык командирлик курсту бүтүрүп, лейтенант наамын алып, взводдун командирлигине жаңы уюшулган 538-миномет полкуна келгеним бир жумага да жете элек болчу. Ал кезде фашисттер кутурган иттен жаман эле. Өлөөр-тирилээрин билбей, күндүр-түндүр мөндүрдөй ок жаадырып, кенедей жылчык ачылса, күргүчтөп кирип келе турган. Ошол жерде биздин полк эки суткача салгылашкан. Эки түн уйку бетин көргөн эмеспиз. Урматтуу офицерлер, мен силердин шаштыңар кетип атканын билип атам. Айрыкча улук лейтенант Богомоловдун сабыр кылынын буроосу тырс үзүлгөнү турат – жылмайып начпродду дагы бир карап алды да, сөздү улантты. – Азыр биз полкубуздун Улуу Ата Мекен согушунун баатырдык тарыхына жа-

зылган күнүн белгилеп атабыз. Андыктан мен полктун күжүрмөн тарыхына аз да болсо токтоп, кийин келген көбүңөрдүн кулагыңарга салып өтөйүн. Кандай полктун жоокерлери экениңерди биле жүргүлө, анын казат жолу менен сыймыктана жүргүлө, жолдоштор. Аман калсак, согуш бүтүп эл-журтубузга барганда жолдош-жоролорубузга, бала-бакыраларыбызга, ал эми үйлөнө элек жаштарыбыз бала-чакалуу болгондо балдарына, неберелерине өткөн согуштан кандай кошуунда, кандай даңазалуу казат жолдорун басканыбызды жомоктоодо, баштан өткөргөн окуялар абдан керек болот. Мүмкүнчүлүгүңөр болсо, «күндөлүк дептер» күтүп, кызык окуяларды жаза жүрсөңөр андан да сонун болоор эле... Кыскасы ошол Нарофоминскидеги салгылашуу полкубуздун казат жолунун биринчи кадамы. Абийир болуп качпадык. Душмандын чоң чабуулунун мизин майтардык. Күнү-түнү дебей эки сутка салгылашууда өздүк курамыбыздын 40% ке жакынын жоготтук: Жалгыз эле менин взводумда үч расчеттун бир расчету толук талкаланды, миномет керекке жарабай калды, экинчи расчетумда эки гана солдат аман калды. Биз такоолдогон дивизия эки сутканын ичинде жалаң маскөөлүк коммунисттерден турган эки полкунан ажырады, бирок бир да солдат акылынан адашып, душманга колтугун ачпады, же болбосо артка качпады! Душман өз канына өзү тайгаланып, бир укум да алга жыла албады. Андан бери үч жылга жакындап келатат. Полк үч сапар өздүк курамын жаңыртты. Акыркы сапар быйыл жазында толукталып, жаңы келгендерди уруш өнөрүнө машыктырып аткан кезибизде, эсиңердеби бир жолу: «биз качан эл көзүнө көрүнөбүз?» деп, наалыдыңар эле, мына бүгүн ошол самаган тилегибиз ишке ашып отурат, жолдоштор! Үйөр жүрдү! Биринчи ийгиликке күбө болуп отурабыз! Ушуну кут кылсын. Болочоктогу жеңиштерге аман-эсен катышып, алардын тирүү күбөлөрү болуп жүрөлү, жолдош офицерлер. Ошон үчүн кружкаңарды

көтөрүп, түбүн аппак кылууңарды суранам! – Несговоров өзү тынбай туруп аягына дейре шимирди. Калгандарыбыз андан калышпоого тырыштык. Жалгыз гана начфин бир дем менен ала албады. Улгайып калган жана жаштайынан ичип көрбөгөн кишиге оордук кылды көрүнөт. Эл менен теңеле албаганын өзү кылмышкер сезип:

– Жолдош офицерлер, мени кечирип койгула! Бир ууртамга батпады, чакап жибербейин деп, бөлүп ичүүгө туура келди...

Биз баарыбыз анын жашынын улуулугун жана өзүнүн куудуң-шуудуңу жок момундугун сыйлачубуз. Ал кишиникин кечиримдүү деп, колдоп кеттик.

Бүгүнкү окуя тууралуу ар кимси өз оюн өз тили менен сүйлөп кубаттап атышты. Экинчи тосту Богомоловдун шагын сындарбас үчүн, Несговоровдун штаб начальниги болуп дайындалган урматына ичтик. Несговоров болсо, бул мансапка кубанбастыгын, бул орунду ээлеп, оперативдик кызматты абдан чеберчилик менен аткарып келген майордун оор жарадар болгондугуна кайгырып:

– Мени бир жылдан бери жанына алып жүрүп штабдык көп иштерге үйрөттү эле, кайран Каргополов, Кудай рахым кылып сакайып кеткей эле – деп, демин ичине катуу тартып, улутунуп койду. Жайдын кыска түнү кирип, эс алаар убактыбыз уламдан улам азайып баратканына карабай, үлпөт кыйла убакытка созулуп барат. Ичтери кызыгандан кийин, кубанычтуу датаны белгилеп, ар кимиси ушул үч согуш жылдын ичинде өз баштарынан өткөргөндөрүн, көргөндөрүн, уккандарын ортого салып тост көтөрө баштады. Чогула калган жерде дайым тили кычышып кетүүчү начхим бүгүн эмнегедир маанайы пас, көрсө кечээ үйүнөн суук кат алыптыр. Согуштун көпкө созулганына наразылыгын билдирип ал:

– Мен үчүн болочок бүттү, жолдоштор. Согуш адамдын бүт турпатын өзгөртүп салган көрүнөт. Төрт жыл бир курста чогуу окуп, санаалаш, сырдаш болуп, болочок

тагдырыбызды кошуп бирге өмүр сүрмөккө убадалашкан кызым жакында эрге тийип кетиптир. Болгондо да менин чыпалагыма тең келбеген немеге чыгыптыр. Велосипедден жыгылып, колун чолок кылып алган бир маң баш бар эле. Сабак билбей эки жыл катары менен курсунан көчпөй калган. Биз окуп жүргөндө аны катарга да кошчу эмеспиз. Айрыкча менин кызым аны жек көрө турган. Жанына келсе, жийиркенип, сүйлөшпөй басып кетчү...

– Азыр мындай жорук кай-кай жердин баарында болуп атат. Жалгыз сен эмессиң, капа болбо. Бул согуштан башың аман калса, андай сойку кыздан он эсе артыгын чекеге чертип туруп аласың! Ошого да кайгырасыңбы, чимкиригиңди чубалтып! – деп, Бычков Коптевди сөзгө сындырып, кайрат берейин деди эле, тигил ага дароо:

– Сүйүүнүн уусун ууртабагандан калемпирдин даамын сураба! – деди. Бычковдун тамашасы Коптевге катуу тийип калганынан улам, Навоинин бир төрт сап ыры эсиме түшүп:

– Махаббат бир балао шайдур,
Дуушарилмаган билмэс!
Замистан көрмаган булбул
Бахориниң кадрини билмэс! –

деп аны ушул жерге кыстарууга ылайыгы келди. Бирок мунун маанисин көбү түшүнгөн жок, себеби мен бул ырдын поэтикалык кооздугун, философиялык маанисин, лирикалык таасирин орусчага жеткире которуп бере албадым, анын үстүнө, булар мектепте жалаң гана орустун жана европалыктардын классиктеринин адабиятына тарбиялангандыктан, Навоинин поэзиясы тургай атын биринчи уккандардан болуп чыкты. Жалгыз гана көп окуган начхим Навои орто кылымдардагы чыгыш акындарынын бири деп саналып жүргөнүн билет экен, бирок анын эч нерсесин окубаптыр. Акындын бул ырын колуман келишинче кара сөз менен кайталап чечме-

леп: «Сүйүү деген бир бөтөн дарт, аны менен оорубаган билбейт. Кыш аязын көрбөгөн булбул, жан жибитээр жаз кадырын билбейт» деп, кудуретимдин келишинче которуп бердим эле, ошондо Несговоров башын чайкап:

– Баракелде, акын болбосоң коё кал! Биз чын эле, улук лейтенанттын ички дүйнөсү канчалык булук түшүп атканын билбей, күндөлүк кабар сыяктуу этибар албай атыппыз. Орустун да мындай окуяларга ылайык: «чужую беду руками разведу»[1] деген макалы бар. Чынында сүйүүнү эч нерсе менен, мамлекеттик сыйлыктар менен да алмаштырып болбойт, анын ордун толтуруп да болбойт. Ар бир эркекке, аялга бул нерсе бир, болбосо, чанда гана эки ирээт жолугушу мүмкүн. Бул согуш деген эме канча сүйүүнү көксөттү?!

– Канча адамды өлтүрсө, ошончо чын сүйүүнүн убалына калды да! – ичинен бушайман болуп аткан Бычков үн чыгарды. – А сен, Петя, ичиңди күйдүрүп убара болбой эле кой. Ал кызың сени чын сүйгөн эмес, эгер чын сүйсө убадаңар небак бышкан, үзбөй кат алышып жүргөн сени күтпөй, мурда жийиркенип жүргөн чолокко тийип кетмек беле? Сен, досум мага таарынба, ал канчыкка бир дөбөт керек болгон да. Дөбөтүн таап кычуусу канып, деми басылган!

– Бычков ырас айтат, андай неме сүйүүдөн айлансын! – Богомолов да сөзгө кийлигишти.

– Үч жылдык согуш, жолдош офицерлер, адамдын адамкерчилигин отуз жылдан ашык артка сүрүп таштаган белем? – көп сүйлөбөгөн момун Гизатуллин да сөзгө тартылды. – Биздин айылда жигитине убада берген кыз тургай, эки балалуу болгон катыны согушта тирүү жүргөн эрин күтпөй, колхоздун уй товар фермасынын башчысы бир абышкага тийип кетиптир…

– «Айта берсе арман көп» дегендей, жолдош офицерлер, согуш чындыгында коомубуздун бардык тармак-

[1] Киши азабын кирип чыкканча арылтам.

тарына, адамдардын жандүйнөсүнө өлчөөсүз көп зыян келтирди, бирок Совет калкынын биримдик ынтымагын кажыбас кайратын сындыра алганы жок. – Баятан бери, «кимден кандай сөз чыгаар экен» деп, аңдып отурган улук лейтенант Безбородов, кокус кызыганда тилине алы жетпегендер, ойлонбой туруп, саясий ката сөздөрдү дөөрүп жиберишпесин дедиби, айтор, аңгеменин агымын башка жакка буруп.– Мына, буюрса, адамзаттын жек көрүндү душмааны – фашизмди чыккан чээнине кайра кубалап баратабыз. Бүгүн биздин полкубуздун жеңишин куттуктап атабыз, демек ошол полктун кызматкерлери – өзүбүздүн жеңишибиз согуш тарыхына жазылганын даңазалап атабыз. Жолдош офицерлер! Акыркы жеңишке жеткиче полкубуз дагы далай жеңиштер менен Верховныйдын буйругуна илиниши үчүн, өзүбүз ошол жеңиштерде аман жүрүшүбүз үчүн мага ушул тостту көтөрүүгө уруксат этиңиздер! – деп колундагы кружканы тартып жиберди. Калгандарыбыз анын сөзүн колдоп, идиш бошоттук. Алдыдагы закускадан кээси алып, ысып «бараткан ичин жоокалатты. Кызып калган кээ бирлери эми тамакка карабай, сөзгө обдулушту.

– Жолдош офицерлер! – деп, үнүн бийик чыгару менен жанатан такыр көзгө илинбеген Кондрашов өзүнө элдин көңүлүн бурду. Сүйлөйүн деп келаткан начпрод Богомолов да муну карап, обдулган бойдон токтоп калды.

– Жолдош офицерлер! – дагы бир сыйра кайталап,– карап отурсам ушул баарыңардан согуштук стажым боюнча улуу экенмин. Мен армияга 1938-жылы чакырылганмын. 1939-жылы Батыш Украинаны, 1940-жылы Литва менен Латвияны бошотууга катышканмын. Анда деле, азыркыдай болбосо да, согуш болгон. Кыйла жерлерде армиясы менен эмес, калкы менен согушканбыз…

– Болду, эми мас болуп алып бүт өмүр баяныңды айтып отурбай, анын кимге кызык? – теңтуш жана сырдаштык кылып Баранов аны тыйды эле, Несговоров кийлигишип,

Кондрашовду кубаттап кетти. Чоң начальниктен колдоо алган неме, ичиндегисинин кытыгылатканына чыдабай, айлана-чөйрөсүн абайлабай, көкүрөгүндөгүсүн тилинин учуна чыгарып, ооздугун тиштеп ала качып жөнөдү. – 1941-жылы Батыш Белоруссияда Мамлекеттик чек арада фашисттер менен мен биринчи беттешкенмин. Бүт колунда бар курал-жабдыгын, ок-дарысын чачып, жайдын атып келаткан аппак таңын алеки замат кандуу бороонго айландырып жиберишкен. Так ошондо көргөмүн биздин накта баатырларды. Курал-жарактарыбыздын жетишсиздигине карабай, өлгөн немистин автоматын, гранатын ала коюп душманга жумшагандар болгон…

– Ооба, ошондо сен душмандын куралы менен душманды кыргансың! Болду эми жетишет – деп, Баранов тигинин гимнастеркасынын этегинен тартса да, ээ-жаа бербей:

– Жок, мен санинструктор элем. Өлгөн, жарадар болгон аскерлерди оорукка ташып үлгүрө албай калдык. Ошондогу биздин пулемётчулардын урушканын айтпа, акыркы огу калгыча, же танке тебелеп кетмейинче тынбай душманга ок жаадырып турушту. Мына баатыр деп ошолорду айтыш керек. Бирок мен ошол досторумдун бирөөнү да сыйлангандардын ичинен окуганым жок. Мен өзүм да согуштун биринчи күнү жарадар болуп, жарым жыл ооруканада жатканмын. Бүгүн биз полкубуз эрдик көрсөтүп, согуш тарыхынын барагына жазылды деп мактанып дуулдап атабыз. Чынында эмне эрдик көрсөттүк? Чабуулга аттангандарды ээрчип жүргөнүбүз эле болбосо, Березинонун жанындагы токойдо курчоодо калган немистер менен атышкандан бери бир да миномётубуздан ок чыгарган жокпуз да. Ырас экинчи эшелон бөлүнүп калганда бир сапар уруштук, аны да Головин, өзү катышпай туруп, өз активине жазып алды. Андан башка кайсы эрдигибизге мактанабыз? Минскини бошотууга катышмак турсун, көчөсүнөн да өтпөй он чакты

километр окчун түндүгүндө турабыз. Баарынан да бул тарыхый салгылашууда полкубузду подполковник Иванов башкарды деп, калпты кашкайтып жарыялаганына ичим күйөт. Чындыкты, ичинде катышып жүргөн, биз айтпасак, ким айтат?

– Кондрашов ырас айтат. Жолдош улук лейтенант Безбородов, эмне үчүн акты «ак», караны «кара» деп чынды чын айта албайбыз? – Катына капа болуп, биздин азыркы салтанатты ичинен жактырбай, буулугуп отурган Коптев, Кондрашовдун сөздөрүнө кубаттанып, арабыздагы «смерштин» начальнигинен таамай суроого батынды. Ушул учурда дайыма салабаттуу жүргөн Несговоров Безбородовдон мурда озунуп, күйпөлөктөп:

– Жолдош офицерлер! Менимче бүгүнкү салтанатыбызды белгилөө жетишет деп эсептейм. Мындай улуу күн биздин арабызда биринчи белгиленип аткандыктан, ар кимибиз ичибиздеги жакшы ойлорду тилибиздин келишинче айттык. Сүйлөп көңгөнүнө жараша кээ бирөөлөрдүкү жылма, уйкаш кулакка жагымдуу, кээ бирөөлөрдүкү эби келишпей, олдоксонураак чыкты. Жалпысынан баарыбыздын оюбуз, санаабыз бирдей экени, көздөгөнүбүз акыркы Жеңиш экени билинди го дейм. Жолдош улук лейтенант, Сиз кандай ойлойсуз? – деп, «смерштин» начальнигинин алдын торгоду. Ансыз деле сөз ырбап кетпесе экен деп, кооптонуп турган Безбородов:

– Туура айтасыз, жолдош капитан! Полкубуз мындан ары жеңиштен жеңишке ээ боло берсин. Эмесе, ушул тост бүгүнкүнүн акыркысы болсун!

– Туура, туура! Эртең, жолдош офицерлер, бүгүнкүдөн узак жол басабыз. Вилнюска дейре душман артын карабай дарбып качууда. Балким, ал шаарга деле туруштук бере албастыр! Иш илгери болсун! – Акыркы тостту да Несговоров көтөрттү. Олтургандарыбыздын Салмановдон башкасынын баарысы жок дегенде бир мертебе сүйлөп алышты. Биз тараганда саат 23.40 болду.

## –11 –

Тынбай жол басканыбызга бир айча болуп калды. Эми эле келип, бел чечип, ат откоруп, шам-шум этип алалы де-гиче болбой, штабдан чабарман офицер же солдат пакет алып жетип келет, же болбосо, болжошкон жерге биз жеткиче ал небак келип, пакет менен күтүп турат. Узакка тынымсыз жол жүрүүнү жедеп бышкан киши эле жеңил көтөрбөсө, оорчулугу оңой эмес экен. Аны ушул сапар даана байкадым. Башка бөлүкчөлөрдүн солдаттары кантип атканын ким билет, менин солдаттарымдын арасында жалакайлык көрүнө баштады. Солдат Оноприюк, биздин бөлүкчөнүн өздүк курамында эсептелбегени менен, кыштан бери өз батареясынан жарадар болгон аттарды алып келип, ар кандай шылтоо менен биздин солдаттардын арасында жүргөн неме эле. Ошол бир күнү:

– Минтип олтурсак жиниктирип өлтүрөт го? – деп жатканын кулагым чалып калды. Мен аны чакырып, тартипке салгыча болбой, менден мурда аны менен бирге жүргөн старшина Посохов:

– Ой, жаныңды жегир! Сен кайсы оор жумуштан, катуу уруштан тажап наалып атасын? Кара жаныңды ат үстүндө даңгыр жолдо алып жүрө албасаң сага бирөө күнөөлүүбү? Эгер артыңдан ок жаадырып, күндүр-түндүр кубаласа кантет элең? Кырк биринчи жылы маа окшоп, немистердин чабуулуна, кызыл-кыргынына кабылсаң, небак эле кол көтөрүп багынуучунун бирисиң го? Мына азыр немистер ошондойлордон армия куруп, Власов, Бендера деген чыккынчылардын колуна берип, бизге каршы тукуруп атышпайбы... – Посоховдун сөзүн бүтүртпөй, Чистов улап кетти.

– Жолдош старшина! Оноприюк оңой тапандан эмес. Сиз ойлобоңуз муну, баягы байкуш Суслов окшогон карапайым, караңгы солдат экен деп. Он еще какой жук!

Сорок первом году, когда немец наступал на его Станисловщину, он еще будучи гражданским, драпал от них аж до Киргизии. И ничего с ним не случилось, он не околел загнанным.[1]

– Качкан немистерге жете албай убара болгонубузга мен сыймыктанам. Кырк биринчи жылы жооруган бутумдун чору эми күбүлүп түшкөндөй сезип баратам. Он күн уйку бетин көрбөсөм да ыраазымын, деле ылайым ушинтип дырылдап качса экен, мыкаачы фашист. Сен – солдат Оноприюк экинчи мындай сүйлөсөң, «смерштен» мурда эле өзүм атып салам! Эсиңен чыгарба! – Посоховдун чыны менен жини келип атканына Оноприюктун көзү жетип чочудубу, же кууландыбы айтор, тамашага чаргытып украинче сүйлөп, жойпуланып старшинадан кечирим сурады. Менсиз эле бул немени тигил экөө чокуп салгандыктан, мен алардын арасына кийлигишип акылдуусунуп, же офицер экенимди, алардын начальниги экенимди эстерине салып, чокчоңдогон эркек карга болбоюн деп, укмаксанга салдым. Анан калса, чынында эле, Минскиден кийин эч жерге токтобой, токтосок да, кең-кесири тына албай, күн-түн дебей немис турмак өзүбүздүн мотопехотаны, машинелешкен жоокерлерибизди кууп жете албай суй жыгылмак болдук. Атка учкашып, арабага чиркешип келаткан биздин жоокерлер ошончо чарчадык, а биз такоолдоп келаткан жөө солдаттар полкунун жоокерлеринин айласы кантти экен? Бирок аларды ар үч күндө дивизия командири алмаштырып, чарчаган полкту биздин артыбызга, экинчи эшелонго тартып, эс алган полкту биринчи эшелонго биздин алдыбызга салып баратат. А биз болсок, улам жаңысын такоолдомой. Жалгыз гана биздин полк эмес, согушта артиллериялык бөлүктөрдүн баарысынын көргөн күнү

[1] Бул оңбогон желмогуз! Кырк биринчи жылы немис анын туулган жери Станислав аймагына кирип келгенде, солдат боло элек кезинде эле алардан тээтиги Кыргызстанга чейин качып барган. Эч жинигип өлбөй эле, сопсоо калган.

ушундай. Алардын тымтыракайы чыкканда гана толуктоо үчүн уруштан чыгарбаса, дайыма согушуп аткан жоокерлерди такоолдоп, уруштун ичинде жүргөнү жүргөн. Бул сапар Изославльден чыккандан бери эки жуманын жүзү болсо да, бир да жолу батареяларыбыз жарым саат да иштебестен, минометторубуз арабадан жерге түшүрүлбөй, «өлүү жүк» болуп келатат, анан кантип экинчи эшелонго чыкмак элек?!

Жайдын толугу болуп, жер жүзүнө чөп-чар жайнап турса да, аттарыбызды тойгуча оттото албай, жалаң гана жемдин күчү менен келаткандыктан, этинен кыйла түшүп кетти. Солдаттар, киши эмеспи, эптеп чыдашат, аттар чыдай албай арып кетпегей эле деп, мен чочулайм. Мейли, «Аккула жандан кайранбы?» дегендей ат арыса арысын, деле душман токтобосо экен!!.

Көчүбүз бөлүнбөй жалпы колоннада келатат. Башында «Виллиске» отурган полк командири, анын замполити, андан кийинки олжого түшүрүп алган немистин жеңил «оппель-капитан» машинесинде Несговоров, анын жардамчысы радист, анын артында чоң «студобеккерде» штаб кызматкерлери, анан беш машинеде полктун чалгынчы, байланышчы, сакчы бөлүмчөлөрү. Алардын соңунда автоунаачан экинчи дивизион. Андан кийин Гизатуллиндин жүгүн ташыган бир нече машине. Буларга куйрук улаш атунаачан биринчи дивизион. Полктун жабдулоо жана чарбалык бөлүкчөлөрү, өз-өз орду менен чубап көчтүн артын шыкап келет. Биздин полктун алдында ар дайым аткычтар толкунун биринчи эшелону. Алардын жабдуулоо жана чарбалык бөлүкчөлөрү эмнегедир биздин артыбызда.

Минскиден батыш тараптагы Белоруссия жерлери чыгыш жагына караганда бир кыйла калктуураак белем? Мурдатан бери эле ошондойбу, же согуш убагында өзгөрүлгөнбү билбейм, айтор, эми кыштактар, шаарчалар көбүрөөк кезигүүдө жана алар бүтүнүрөөктөй көрүнөт. Эли

да көбүрөөк. Үйлөрү да ирээттүү, көрктүү, салынышы тартиптүү. Изославлден кийинки биздин жолдо биринчи кабылган шаарча Раков болду. Уңкул-чуңкулу көп, токою колго тигилген ирээттүү. Шаарча согуштун запкысын жеген эмес. Балким немистер бул жер менен өткөн эмеспи, эч жерде бүлүндүлөр көрүнбөйт. Имараттарынын кейпине караганда райондун борбору болсо керек. Биз токтобой өтүп кеттик. Шаарча анчейин элес калтырган жок. Андан өтүп, токой аралап, эшилген кумдуу, ичке айыл жолу менен жүрүп олтуруп, Воложинден өттүк. Бул Раковдон чоңураак көрүнөт. Кербен өтчү чоң көчөсүнүн таманына таш төшөлгөн. Кайдан алып келишкенин ким билет? Согуштан мурда Польшага караштуу шаар болсо керек. Советтик жышаан байкалбайт. Шаарчанын ичине токтобой, анын четинде токойдун ичиндеги бир чоң имаратка токтодук. Помещиктин ак сарайы экен. Ээси үй-бүлөсү менен кыркынчы жылда эле качып жоголуптур. Имаратка, чарбага көз салган кызматчылары эле калыптыр, таза кармашат экен. Бул сарайда мени таң калтырган помещиктин китепканасы болду. Мурда мен жеке менчик үйлөрдөн мындай чоң китепкана көрбөгөндүктөн, бул мага биздин шаардык библиотекадай эле көрүндү. Кандай гана китептер жок! Орустун жана бүт дүйнөнүн жалпыбызга тааныш классиктеринин толук чыгармалар жыйнагы, андан сырткары бизге жат, «реакционерлер» деген атка конгондордун чыгармалары. Окумуштуулардын мемуарлары. Мен атын укпаган авторлор. Бир бөлмө жалаң орус тилинде жазылган адабият. Башка бөлмөлөрүндө чет тилдердеги китептер. Илимдин түркүн тармагынан кур эмес: табият, биология, саясат, техника… Мукабалары эле өзүнчө бир укмуш, булгаары менен капталган китептер канча! Кээ бир килейген, калың китептердин аттары ар түрдүү боёк, алтындын, күмүштүн буусу менен жазылган. Жарыкта, чиркин, түркүн түскө кубулуп кулпунат. Күндүр-түндүр, айлап,

жылдап, жатып алып окуй турган жай экен! Аттиң-ай, ага убакыт кана, шарт кана?!

Мен оозумду ачып, күтпөгөн жерден дүйнөлүк адабияттын казынасына кабылып таңыркап, дендароо болуп турсам, бир солдат, эки колтугуна толтура солоп, китеп алып баратат. Мен, эмне үчүндүр билбейм, ага алды утур басып келип: «муну эмне кыласың?» деп сурап калыппмын. Ал неме оозу-мурду кыйшайбай туруп: «тамызгы кылам» десе болобу! Ичим туталанып, капкайдагы шайтан мойнума минип, көзүмөн чаар чымын чыгып, тапанчамды сууруп алып: «дароо алган жериңе кайта кой!» деп, демиттим эле, солдат корккон бойдон кайра артына бурулуп, китептерди текчеге таштоого шашты. Менин сабырдуулугум калыбына келип, тапанчамды кабурасына салып, кайра текчелерге келип тизилген китептерге көзүм тойбой кыдырата карап, кайрадан суктанып аткан кезимде, тигил солдат эшикке чыгып баратып: «байдын китебин өзүнүкүндөй аяганын...» деген күңкүлдөгөнүн кулагым чалды. Ушул макоого теңелбейин деп, укмаксанга салып, шилекейимди жутуп койдум да кайра китептер дүйнөсүнө сүңгүп кирип, ачуумдун кандай таркаганын билбей калыпмын. Китептердин көптүгүнө таңыркап, тамшанып отуруп: «саясий адабият» текчелерине туш келип калыпмын. Мен атын угуп жүргөн: Адам Смит, Давид Рекардо, Шарль Фурье, Иммануил Кант, Георг Гегель, Людвиг Фейербах, Туган-Барановскийлер менен катар Маркс, Энгельс, Ленин, Сталин... «Апей, бул эмнеси? Троцкий, Богданов, Бухарин, Радек? Жинди немелер го? Бул эл душмандарын биздин марксистер менен катарлаш коюуга кандай акысы бар?» деп, чыным менен чочуп кетиптирмин. Чочуганыма өзүм уялып, тегерегимде киши жогунан шылдыңдан кутулдум. Ошентип, өзүмдү өзүм уяткарып атканымда Чистов жетип келди. Тамак даяр болуп мени издеп жүрүптүр. Кыязы, кыйла убакыт өткөн окшойт. Аттиң-ай! деп өкүнүп, айла жок

Чистовду ээрчитип, сыртка чыгууга мажбур болгон элем. Андан бери бир нече күн өтсө да кайта-кайта эсиме түшүп келет.

Көптөн бери күн ачык болуп, биз Белоруссияны туурасынан кесип өтүп келаттык эле, кечээ түштөн кийин жаан катуу жаап, күн күркүрөп, түнү менен басылбай, эртең менен ачылып, көңүлдү кыйла сергитип кетти. Бүгүн жолдун куму тапталып, жер дыңкылоон тартып, аттардын туягы, арабанын дөңгөлөктөрү топуракка батпай, унаага бир далай жеңилдик келди. Анын үстүнө, шоссе жолдор көбөйүп, жалпы эле бүт транспортко күндөн күнгө жеңилдик арта баштады. Анда-санда гана булаанчылардын колонналары алды утуру кезикпесе, мурдагыдай самсаалап чыгышка карай көчкөн жергиликтүү калктын аягы басылып, жолдордун тамандары да ээндеп келатат. Кез-кезде гана эки жолдун кесилишинде аскерлердин көчтөрү кезигишип кайчы өтүшкөндө колонна токтобосо, жолдо жолтоо көп жок.

Темир жол станцияларында, чоң-чоң асфальт жолдордо гана кыйраган техниканын чалдыбарлары кезигет. Токойлордогу майда жолдордо күйгөн машинелердин, танкелердин күйүктөрү сейрек учурайт. Дегинкисин, душман акыл-эсинен адашып, шаштысы кетип, колун башкара албай калган белем?! Уюшкан түрдө каршылык көрсөтө алышпайт. Минскиден өткөндөн бери эки сапар токой ичинде немистерге кабылып, биз куралдарыбызды орноткуча болбой, душмандар ак желек менен тосуп чыгышып, колго түшүп беришти. Алардын курал-жабдыктары, транспорт каражаттары, азык-түлүктөрү бүлүнбөй, кыйрабай, деле чыпчыргасы коробой олжого түштү. Ошентип, бир ок коротпой биздин жоокерлер эки жолу материалдык жабдуусун байытып алды. Куралдын ургундай көпчүлүгү биз такоолдоп келаткан аткычтар полкуна тийди. Немистердин замбиректерин, миномётторун өздөрүнүн дүрмөттөрүсүз пайдаланууга жарабагандыктан

(биз аларды алып кереги эмне) дивизиянын, армиянын трофей командаларына өткөрүп берилди. Биздин полкко жарактуу олжолор: машинелер, аттар, радиоаппараттар, азык-түлүк, солдаттардын жеке буюмдары, жип-шуу, көр-жер оокаттары болду. Жумуру-жумуру кургак электрбатареялар менен иштеген, чоң-кичине сандыкча радиокабыл алгычтарды ошондо биринчи көрдүм. Капталында дөңгөлөк сымак бир тетигин бурап койсоң, шаңкылдап сүйлөгөн, созолонтуп ырдаган капкайдагы немелерди угузат. Безбородов радиокабыл алгычтарды өз карамагына алып, каттоодон өткөрүп, ар бир бөлүкчөгө башчыларынын колун койдуруп, бирден таратты. Аларды мен лазаретке топтоп, автомашинелерди Цыганок каттап, дарыларды, таңуучу материалдарды Салмановдун санчастына, азык-түлүктү, ат шаймандарын, ич кийимдерди Бычков менен Богомоловдун бөлүкчөлөрүнө топтоп, устав боюнча экспертизадан өткөрүп, өзүбүзгө жарактууларын алып калып, ашыктарын дивизиянын трофей командаларына өкөрүп берип келебиз. Бул түйшүктөрдүн баарысы ат үстүндө, жолдо жүргүзүлүүдө.

Бүгүн эртеден бери аралап келаткан токоюбуз бүтүп, жайык ачыкка чыктык. Жакын жерден кыштактын карааны көрүндү. Маршрут боюнча биздин полк ушул кыштакка тыныгыш керек. Кыштактын берки четинде, айылдыктар эмгектенип аткансыйт. Жакыныраак келгенде карасам, эгин аянтында текши, жыш чыккан, маш буурчакка абдан окшош, мен таанымбаган бир өсүмдүк. Чанагына дан байлап барсайып турат. Аны эмнегедир дыйкандар данын бышырбай, же көк бойдон түшүмүн албай, соко менен айдап бороздойдун солуна көмдүрүп атышат.

Полк командиринин командасы боюнча колоннабыз токтоп, кыштактын үй-үйлөрүнө тарадык. Менин бөлүкчөм кабылган үйдүн короосу чакан, таза оокат-түлүгүнүн баарысы жакшы сарамжалдуулук менен ирээттелип баарысы өз жайында. Жадагалса короо шыпыргычы да

атайын жайдан орун алган. Үй ээси орто жашап сакал-мурутуна бирин-серин ак кирип калган киши экен. Бизди түзүк маанай менен кабыл алып, үйгө кирүү ишааратын жасашынан бул кишинин маданияттуулугун байкадым. Үйүнүн ичи да короосунан бетер таптаза. Аялы да үтүрөйбөй жылуу кабыл алды. Мен сылык мамилелерине жараша сылык кайрылып, немистердин качан кеткенин сурасам: «Немистер бул жер менен өтүшкөн жок, чоң-чоң жолдор менен түн жамынып дырылдап качып бараткандарын бүгүн уктук. Эртең менен кызылдардын бир нече танкечени биздин кыштакты аралап өтүштү» деп жооп борди, үй-ээси. Биз кирген бөлмөсүндөгү каалгалардан улам, үйүндө бир нече бөлмөсү бар экенин байкадым. Бөлмөнүн жарымын ээлөчү дардайган орус меш көрүнбөйт. Тамынын боорунда бир жери чыныдай аппак жалтыраган майда төрт бурчтуу карапа эбелектер менен полдон шыпка дейре чапталган. Мында эмне бар деп уялбай сурасам меш экен. Анын оозу сырткы үйдө дейт. Мындайды биринчи көрүп, бирок буга таңыркап сырымды алдырбайын деп, андан нары көзүмдү кыдырттым эле, жибекке окшош жылтыраган кездемеге тартылган кооз имараттын сүрөтү илинип турат. Анын астында, үстүндө айланасында арабча жазуулары бар. Бала кезимден бери көрө элек жазууларымды көрө калып, кызыгып, окууга тырыштым. «Абу-бакр, Гу-мар, Гус-ман, Га-ли, Хусейин, Хасейин» деп эжелеп атсам, үй ээси мага таң калып: – Сиз мусулмансызбы? Муну кайдан билесиз, кайдан окугансыз? – деп сураганда, андан бетер мен таң калып:

– Белорустардын арасында да мусулмандар барбы? – дедим, көрсө, биз токтогон үй татардын үйү экен. Булар белорустар менен аралаш жашай берет дешти.

– Бул аймакта татар көп, өзүбүздүн мечитибиз бар, биз согуштан мурда Польша мамлекетине карачубуз. Белостокто медресебиз да болгон деди.

– Татарча билесизби? – десем, «анчейин» деп гана

кыска жооп берди да, – отуруңуз мында – деп, диванды көрсөтүп, өзү да отура кетти. Алаканын жайып, бата кылганда мен да мусулмандык ишаратты жасадым. Сүйлөгөнүнүн баарысы орусча болгону менен батанын дубасын арабча таптак окуду. Мурда мен мындайды көрбөгөндүгүмдөн бир чети таңыркап, бир чети жатыркадым. Батадан соң, аялы сыртка чыгып кетти. Эркектер эркинче суйлөшүп алсын дедиби, билбейм.. Бул кишинин сүйлөгөнү орусча, кийими да орустун карапайым мужугундай эле экен. Аялынын үстү-башы деле орустардыкындай. Мени таң калтырган жери христиандар коомунун чордонунда мусулмандардын бардыгы жана ислам динине айлана-чөйрөсүнүн таасирин тийгизбегени болду. Мен таңыркаганымды, жашыра албай, башканы коюп, баарыдан мурда кожоюндан ушул маселени сурадым. Ал киши менин суроомо жай гана:

– Сиз таңыркабай эле коюңуз. Бул биз үчүн илгертен бери келаткан ынтымак. Бул аймакта орустар, белорустар, поляктар, татарлар, литтер, караимдер, еврейлер, үч диндеги адамдар: христиан православдар, христиан католиктер, христиан баитистер, христиан лютерандар, мусулмандар, иудейлер – баарысы аралаш урушпай-талашпай, бир Кудайга ар кимиси өз расмиси, өз шарияты, өз мыйзамы менен сыйынышып жашап келишкен. Немистер келип еврейлерди кырып, синагогаларды өрттөштү. Эми силер келдиңер, мындан  ары эмне болот, бир Кудай өзү билбесе, биз болжой албай калдык – десе болобу! Балакеттей болуп, өзүм жакшы билбеген тармактан суроо берип, мени кайсы кара теке сүздү? Эми эмне айтам? Ичимден бушайман болуп, ишендирээлик жооп таба албаганым менен ушундай оор абалдан сыр алдырбай эптеп чыгыш үчүн эчтеме болбогон немече, салабаттуу тырышып:

– Эмне болмок эле? Биринчиден, эми силер мындан ары фашизмдин туткунунан кутулдуңар. Экинчиден, биз жакында немистерди жеңип, Жер жүзүнө тынчтык

орнотобуз. Тынчтык болгон жерде ынтымак өзүнөн өзү келет. Ынтымак болгон жерде коммунисттик интернационализм орун алат. Демек, силер болочогуңардан кооп санаар эч себеп жок! Биздин максат бүт Жер жүзүнө коммунизм туусун орнотуу! – деп, көкүрөккө жат болуп калган саясий сөздөрдөн бадыраттым эле, тиги кишинин өңү бузулуп:

– Болуптур, болуптур, эрк сиздики – деп, сөзү кыскарды.

Мен бул чолок-чолок сөздөрдөн: «бул жакта баарысы эле биздин гезит-журналдарда жазылгандай эмес, биз ойлогондой жыпжылма эмес» экенин байкадым. Биз ынанган түшүнүк боюнча «фашизмдин таманында онтоп аткан калктын баарысы, кала берсе биздин боордош белорус, украин элдери» бизди көргөндө кучактап тосуш керек эле. Эмнегедир бул жерде бизге кайдыгер мамиле кылып атышат жана менин баамдашыма караганда, биз канчалык батышка жылсак, бизге болгон мамилелери ошончо тоңураак болуп баратkансыйт. Мына азыр андай мамиле кабак-каштарынан гана билинбестен, ооздорунан убайымдуу сөздөрү да чыгып атат. Балким бул кеп белорусстардын арасындагы жалгыз үйлүү татардын жеке пикири дейин десең, кечээ токтогон жерибизде деле накта белорус аял бизди көрүп, сарайларын кулпулап, Чистов тамак куйганга тарелка сураса, жок дегени деле, дөдөй болбосоң, бирдемени түшүндүрдү го?!

Жолубузда ар бир жолуккан киши менен эле чоң саясаттан сүйлөшө бербей, турмуш, көр оокат, жер оокат жөнүндө пикир алмашуу пайдалуураак, жемиштүүрөөк болчудай. Ошондуктан үйдүн ээси менен көрүшө калганда эле мамилени бузуп, Кызыл Армия жөнүндө жаман пикир калтырбайын деп, үзүлүп калган маекти уладым:

– Силер эмне үчүн маш буурчактын данын албай, кайра жерге көмөсүңөр?

– Аны сиз кайдан көрдүңүз?

– Кыштагыңардын чыгыш четинде жакшы чыккан маш буурчакты бышырбай, же көк чанагын алып пайдаланбай, соко менен бороздойго көөмп жатышат го силердин бир дыйканыңар?

– А-а, ал маш буурчак эмес, аны люпин дейт. Анын даны уу болот, желбейт, бирок ал эң жакшы жер семирткич, ансыз түшүм ала албайбыз. Жерибиз кумдак, арык, жер семирткичсиз эчтеме чыкпайт, минералдык жер семирткичтер кымбат, ага дыйкандын каражаты жетпейт – деп, кайра сөзгө илешти. Мага ошол эле керек болучу. Маектешимдин бүркөлгөн, кабагы бир аз ачылып менин билбегендеримди билгенине дөөгүрсүнүп, эми мага үстөмдүк кылып, чечиле баштады.

– Эмне эгин айдайсыңар?

– Жерибиз начар жана аз, көпчүлүгү токой болгондуктан, ар ким өзүнө тиешелүү менчик жерине баарыдан мурда бульба[1] андан ашкан жерлерге кара буудай, зыгыр айдашат.

– Мал чарбачылыгы кандай?

– Малга жайыт керек, ал жок. Токой арасындагы тайпаңдарга жарытылуу мал батпайт. Дыйканга бирден-экиден уй, он чакты кой, соко айдаганга бир ат болсо, бирөөнүн көзүн карабайт. Өз оокатын өзү тың жасап жашай берет. Христиандар эт үчүн көбүнчө чочко багышат. Жер шартыбыз чочкого ылайык. Биз мусулмандар ургундай бакма канаттууларды багабыз. Күндөлүк сорпо-шиленге жетет.

– Бакма канаттуулардан кайсыларды көбүрөөк багасыңар?

– Баарын эле бакса болот, бирок биздин шартка көбүнчө токо пайдалуу. Күрп деле пайдалуу, бирок аны көбөйтүүгө шарт да, кажат да жок.

– Эмне үчүн?

– Биринчиден, ал нымдуу, саздуу жерди сүйбөйт.

[1] Бульба (белорусча) – картөшкө.

Жөжөлөрү өтө мажүрөө болот, жамгыр кичине эле дыбыр этсе, көтөрө албай кырылып калат. А биздин жер жаанчыл, быйыл гана кургакчылык болуп атат, көптөн бери жаабай кечээ эле жаады. Сазыбыз, көлүбүз көп экенин өзүңөр көрүп келаткан чыгаарсыңар?.. Экинчиден, күрпкө жайыт керек, болгондо да чөбү көбүргөндүү, пияздуу болуш керек. Согоон, сарымсак дегенди ал өлгөндөй жакшы көрөт.

– Ырас эле сазыңар көп экен. Өрдөк-каздын жери экен.

– Кыштагыңдын жанында көлчүк болбосо, өрдөктөн эч пайда жок. Жемге сугалак болот. Короодон чыкпай, колуңду карап туруп алат. Чоңойгуча өз кунун эки-үч эсе арттырып жеген неме. Каз короого сак куш, бирок аны көбөйтүп, пайда таба албайсың, ага да өлөң чөптүү кеңири жайыт керек. Анын үстүнө, эти нык, сиңими начар болгондуктан, аны каалагандар аз. Биз чоң шаарлардан алыспыз, базарыбыз жок, ошондуктан дыйкандын үй-бүлөсүнүн күндөлүк керектөөсүнө тооктон артык паренде жок. Бат көбөйөт, жем тандабайт, күндө тууйт. Жумурткасы аш болумдуу, жөжөсү бат жетилет, бир айдан кийин эле сорпого жарайт...

Кудай жалгап, мен бул кишинин ачкычын таптым окшойт. Эми өз сөзүнө өзү ыраазы болуп, мени менен тең ата сүйлөшкөнүнө манчыркап, менден суроо күтпөй, өз билгендерин айта берди. Мен да анын сөзүн бөлбөй, башымды ийкеп, күлүмсүрөп момурайып уга бердим. Дыйкан чарба, мал чарба тармактарын билишинче кеңири маалымдап, анан токой чарбасына өттү.

– Токойлор дыйкандардын менчиги эмес, алар бизде пан деп аталган помещиктерге караштуу.

– Токойлоруңардын арасы ачык, коён жүрсө көрүнгүдөй экен, отойсуңарбы?

– Биздин аймакта жапайы токой жок. Беловежская пуща деген табыйгый токой Гродно, Барановичи деген чоң шаарлардын батыш жагында. Бул жердеги токойлор

кол менен тигилип, солдорун кол менен отоп өстүргөндөр. Көрбөйсүңөрбү ирээт-ирээт болуп тизилишип турганын, жээктери да текши. Ар бир топ токойдо ар түрдүү дарак. Бир токой кызыл карагай, бири мырза карагай, бири бай карагай, мындан арыраак барсаңар эмен токойлорун да көрөсүңөр…

– Ошолордун баарысын пандар өздөрү багышабы?

– Жалаң токой менен илешкен айылдар бар. Алар бүт бойдон панга иштеп, токойду карап, сүттүү уйларды багып май, быштак сыр жасашат. Ал эми дарак кыюу, зоотко даярдоо, көчөт отургузуу жана ушулар сыяктуу көп күч талат кыла турган жумуштарга пандар дыйкандарды да чакырышат. Эмгек акыларын убагында төлөп турушат. Кайсы пан сараңдык кылса, ага дыйкандар иштебейт. Профсоюз да андай зулумдарга каршы. Акыры жүрүп алардын иши токтоп, банкрот болушат. Байлыгынын баары чачылып торукка[1] сатылат.

– Пандын турмушу деле жыргал эмес деңизчи?!

– Жыргаганын жыргап эле жатышат. Өздөрүнүн чоң-чоң шаарларда үйлөрү, дүкөндөрү, банкелерде акчалары бар. Жайкысын каалашса, токойлорунун ичинде келишкен ак сарайлары бар, аларга келишет, каалашса алыс-алыс жерлердеги башка мамлекеттердеги курортторго барып эс алышат. Бирок кеп анда эмес, санааркабай тынч жашоодо. Пандар качан банкрот болуп кетээр экемин деп, жыргап атканында да эртеңкисин ойлоп тынч эс алышпайт. Банкрот болуш опоңой. Кокус жумушчуларына аз акы төлөсө, же кечиктирип койсо, же өлүм-житимине каралашпаса, же бир башка запкы көрсөтсө, алар иштебей, же иштесе да көңүлсүз, кол учу менен «жүр нарыга» салышат. Анын кесепетинен пандардын токойлору куурайт, же өрттөнөт, малы саалбай, чөбү чабылбай, сүт, тактай зоottору иштебей, өндүрүшү кыскарат. Мына

[1] Торук – торг, банкрот болгон байлардын мал-мүлкүн сот аркылуу жарыялап сатуу.

банкроттун башкы белгилери... Ошондуктан пандар жумушчуларына баласындай кам көрүшөт. Алардан корккконунан абдан эркелетишет. Пан жумушчуларынын ичкен-жегени, кийим-кечеги арзан. Балдар бакчасы бар. Мектепте окуган балдарына да пандар форма сатып беришет. Сезондук жумушка аймагындагы дыйкандарды да акчага кызыктырып тартышат. Кээде пандар арасында атаандашуу жүрүп, чатакташа да кетишет. Андай учурда жумушчулар, дыйкандар тунушат. Профсоюз уюмдары жумушчулардын, дыйкандардын таламдарын талашып турат, жемдерин пандарга жедирбейт...

– Пан болуп убайымдуу жыргаганча, карапайым дыйкан болуп тынч оокат кылган жакшы деңизчи?

– Карапайым дыйканда кайгы жок дейсизби? Алар деле өп-чап оокатынын камын жеп, болочогуна санааркабайт дейсизби? Санааркайт. Дыйкан «оокатым өсүп пан болсом» деп самайт. Андай үмүттөн түңүлгөндөрү колундагыларынан ажырабастын айласын издешип: «уюм музоо салып сүтсүз, жалгыз атым өлүп күчсүз калбасам экен» деп кудайдан тилеп санааркашат.

Бул киши карапайым мужук окшоп көрүнгөнү менен көптөн кабары бар саясаттын алчы-таасын жеген неме көрүнөт. Муну бир эле отуруш менен жаңы заманга үндөп көндүрө албайсың. Биздин чыныгы турмушубузду деле билет окшойт. Жанатан бери сөздөрүнөн мунун тамыры кайда согуп атканы мага түшүнүктүү болду. Биз маегибиздин аягына чыгып келатканыбызда эшиктен бойго жеткен эки кыз кирип келип, мени көрө коюп, ийменип үй ээсине:

– Атий! – деп, кайрылганынан мунун кыздары экенин түшүндүм. Андан наркы сөздөрү белорусча, полякча аралаш болгондуктан, чала түшүндүм. Эшикте биздин солдаттар жөнүндө сөз болуп атканын сездим. Эки кыз бирине бири коёндой окшош, кийингендери да окшош. Бойлору тараз, кыпча бел, кырчындай ийилген. Чолок жең, узун этек, көкүрөктөрүн чыптап даана көрсөткөн,

сарафандарынан жумуру билектери, булчуңдуу каруулары, жапыз такалуу жеңил кепичтен буттарынын учтары чыгып турат. Желкесинен кыркылган коңур калың чачтары майлап койгондой жылтылдайт. Сары чийкил ак жуумал жүздөрүндө тамылжыган кызыл нур, аркардыкындай жайнаган кара көздөрүнөн чачыраган жалын көөдөнүңдү рентгендей даарып, жүрөгүңдү каарыйт. Чиркин, толо бышып турган урактары экен. Эп эткен жел тийсе, дабырап түшө турган алмадай, бычактын учу тийсе барс жарылып кете турган дарбыздай кездери экен! Бул экөөнө суктанып, тамшанып бүткөн боюм магнитке тартылгандай тигилер жакка умтулуп бараткан эле, ошол кезде атасы менен сүйлөшүп аткан кызынын жанындагысынын көздөрү кокусунанбы же атайынбы, ким билет, мага чалдыга түштү эле, мен ага, ал мага маталып, көздөрүбүздү бирибизден айыра албай кадалдык да калдык. Оозубуздан сөз чыкпаганы менен көздөрүбүз сүйлөшүп, көп сырларды ачышып, түшүнүштүк белем?! Биздин арбашып калганыбызды сезе коюп, атасы сөздөрүн чала бүтүрүп, кыздарын эшикке айдап жиберди...

Ичимдеги уйгу-туйгу жалынды шилекейим менен өчүрүп, каргашалуу как башты көзавтоматым менен моокумум кангыча атып, үшкүрүгүмдү жутуп, эми мен ырайымсыз абышкадан шаабайым сууп итиркейим келип:

– Кыздарыңыз кайда окуйт? – дедим.

– Кыштагыбыз кичине, мектебибиз төрт класстык гана билим берет. Аны кыздар согуштан мурда эле бүтүрүшкөн. Андан кийин Белосток шаарындагы гимназияга киргизгенмин. Быйыл аны бүтүрүштү.

– Жогорку окуу жайларына, институттарга окутайын деген оюңуз барбы?

– Институттан окуткандай дыйканда кайсы каражат! Анда пандын балдары гана окуй алат. Анын үстүнө, кыз билимдүү болуп кимди жыргатыптыр?..

– Пандардын заманы бүттү. Аларды унуткула. Со-

веттик институттар акысыз окутат жана стипендия да төлөйт. Кыз баланы кемсинтүү эркек менен тең көрбөө, аны кордогонго жатат. Совет өкүмөтү андай идеяны зыяндуу деп таап, аны менен тап катарында күрөшөт. Кыздарыңарга совет мамлекетинин бардык окуу жайларынын эшиги ачык. Жаш кыздардын жолун тороп, багын байлабагыла. Ал үчүн баарыдан мурда ата-энеси күнөөлү. Өкүмөт алдында кылмышкер жооп берет! – Ич күйдүмдү жашыра албан кыйды капырды Совет мыйзамдары менен опузалап кирдим. Бирок анымдан ал үчүн жана мен үчүн кандай натыйжа чыкты? Ким билет? Дароо эле көрүнгөн жок. Аны күтүш үчүн убакыт керек, ал убакытты ким берет? Же согуш: «экөөңөр бири бириңер менен тил табышып, ажытыңарды ажыратып алгыла, мен урушту токтото турайын» демек беле? Жеке мейчик менен оозанып, өмүр бою индивидуализм менен тарбияланган киши менин бир сапар дыр берип өткөн сөзүмө дароо эле ишене коймок беле, анын үстүнө, бул неме ак көңүл далдактардан эмес, мыкыйынан күлгөн жойпунун бирөө көрүнөт. Мейли, а дегенде эле коркутуп-үркүтпөйлү. Бара-бара чойкулак кылып көндүрүп туруп, каамыт кийгизбесе, болчудай эмес. Эчтеке эмес, Совет өкүмөтүнүн укуругу узун. Аман болсок, мындай терс аяктардын тезге салынгандарын көрөөрбүз. Биздин артыбыздан Совет бийлиги келатпайбы. Отуз тогуз – кыркынчы жылдары үлгүрө албагандардын кезеги эми келет…

Үй ээсинин кыздары менен бир ооз баарлашып сүйлөшө албай өкүттө калган ич күйдүмдү ушинтип соорутуп, жолго түштүм. Казат жолунда эмнелер гана учурабайт?! Анарбет, аркаркөз кыздарга жолугам деп, качан ойлогом?..

Күндүн экинчи жарымы да жолдо өттү. Биз полкубуз менен чогуубуз. Токойлор суюлуп, учурмасы саман менен жабылган чоң-чоң сүйрү тамдардан турган эки-үч кыштактан өттүк. Жолдору асфальт менен жабылбаса да, атайы тапталып салынган. Майда жыбыт, саздарды

аралап өткөндө да эми сормо баткак коркунучтарынан кутулдук. Андай жерлердин баарысына килейген цемент түтүктөр жаткырылып көпүрө салынган. Эми жол боюндагы мамылардагы тактайчаларда латынча жазуулар. А дегенде немистер жазган жол көрсөтмөлөрдүн калдыктары го деп көп этибар албай келаттык эле, бара-бара орусча жазуулар такыр эле жоголуп, кыштактардын, шаарлардын бүт эле латынча жазылган аттары кезиге баштады. Мен үчүн аларды окуу, институтта атайын латын, немис тилдеринин дарстарын өткөндө жана мектепте кыргызча окуп жүргөндө эле латын алфавити менен тааныш болгондуктан, эч кыйынчылык сезилген жок, бирок орус солдаттардын ургундай көпчүлүгү үчүн абдан оор болду. Алар такыр эле сабатсыз болуп калды. Анан калса, бул жерде шаарларынын, кыштактарынын аттары да башта угуп көрбөгөн сөздөр болгондуктан, кулакка өөн учурайт. Планшетимдеги картаны карасам, биз Белоруссиядан өтүп, Литванын аймагына келиппиз. Жолдордун кесилишинде каршы-терши көрсөткүчтөр: Эйшишки, Гайнушишки, Друскининкай, Валькининкай, Шальчининкай… жөн эле тилиң сынат. Карта боюнча биз Вильнюстун түштүк-батыш жагынан өтүп баратабыз. Калың токойлорду аралап, майда көлдөрдү жээктеп отуруп Алитус шаарын көздөй багыт алдык. Биздин алдыбызда каршылык көрсөткөн немистер байкалбайт.

Бул күнү Алитуска жакын калганыбызда маршрутубуз чукул өзгөрүп, түндүктү – Каунасты багыт алдык. Сол капталыбызда. Алитус тарапта согуштун дүбүртү угула баштады. Биз тынбай жүрүп отурдук, дүбүрт тынбай, күчөгөндөн күчөй берди. Душман эми араң эсине келип, айбат кылып атканы түшүнүктүү болду. Биз Неман дарыясынын жээгине жакындап келиппиз.

Калың токойдун ичинде полктун командири тыным жарыялады. Түшкү тамагыбызды ичип, бир аз эс алгандан кийин полк командири бөлүкчөлөрдүн башчыларын

чакырып алып:

– Көп күнү тынбай жүрүп отуруп чарчадыңар го. Чоң чабуул башталгандан бери бүгүн бир ай эки күн болду. Немистер да бизге боору ооруп: «бир аз тынып алсын» деп атат, – деп тамашалап. – Бул токойдо биз такоолдоп келаткан аткычтар дивизиясыныи экинчи эшелону бүт, алар менен аралаш биздин полктун ооруктук бөлүкчөлөрү да калат. Устав боюнча кадимкиңердей жайгаша бергиле. – Колундагы картасын жайып биздикин да жайдырып, – немистер Немандын жээгинде бекинип алып, бизге каршы сокку бере баштады. Бул жерде булардын мурунтан камдаган коргонуу позициясы болушу мүмкүн. Биздин танкечендер, мотордуу замбирекчендер немистер менен бир ай тынбай карсылдашып Могилев, Бобруйск, Минск,, Вильнюс окшогон чоң шаарларды бошотууда кыйла жоготууларга учурап ок-дарылары, күйүүчү-майлоочу материалдары 800 – 900 км аралыкта көп сарп болуп күжүрмөн күчтөрүнүн кубаты азайып турган кез. Биздикилер алыскы ооруктан жарак-жабдык, техниканы ташып жеткирүүгө толук үлгүрө албай атат. Ошондой кемчиликтердин кесепетинен душманды Немандан ары сүрө албай, токтоого мажбур болуп атабыз. Канча күнгө мындай абал созулаарын болжой албайм, бирок машинелешкен аскерлерибиз баш-аягын жыйнап алгыча, немистин алдын тосуп туруугабиздин күчүбүз жетет. Чындыгында биринчи күнкү чабуулдан кийин ок-дарыбыз анча корой элек. Мына анын кезеги эми келди. Картаңарды карагыла. Фольварк Малиновскийди таптыңарбы? Биздин полк ошол имениеге[1] орношкон душманды жоксон кылышы керек. Азыр мени менен штаб начальниги, дивизион командирлери, тейлөө бөлүкчөлөрдүн башчылары рекогносцирлөөгө[2] жөнөйбүз. Экинчи эшелондун жайланышына көзөмөл кылып өзүмдүн саясий боюнча

[1] Дворяндардын, помещиктердин элеттеги короо-жай имараты.
[2] Рекогносцировка – жер чалуу.

орун басарымды калтырам. Батареялар маршка даяр болуп турсун! Кимде суроо бар? – адатынча чөнтөгүнөн жүзаарчысын алып оозун сүрттү. Ивановдун шашыпбушуп быдылдаганы бара-бара кулакка үйүр болуп келатат. Азыр мен анын сөздөрүнүн баарысын түшүнүүчү болдум. Биринчи күндөрдө муну түшүнүш үчүн атайын начхимдин жанында туруп, андан кайталап сурап, эмне жөнүндө кеп болуп атканын тактайм деп убара болучу элем. Эми начхимдин тилмечтигинин кереги жок болуп калды.

– Улуксат этиңиз жолдош подполковник! – майор Головин колунун учун чыкыйына такап. – Эгер Сиз улуксат берсеңиз биз Цыганок экөөбүз силер алды жактан кайткыча армиянын оорук штабына барып, мүлкканалар: артсклад, азыкскладдар кайда жайгашып атканын билии келсек?

– И-и! Кайта башталдыбы? Балким госпиталь керек болуп аткандыр силерге?! Мени менен алдыңкы чекке жүрөсүңөр деп, даана айткан сөзүм кулагыңызга жетпей калдыбы, жолдош майор? Армиялык оорукка жолдош Богомолов барат. Ал госпиталга жатпай эле кулагынын жараатын айыктырып алды. Полктун патриоту деп ушундай кишилерди айтыш керек, жолдош офицерлер! Дагы кандай суроо бар?

– Улуксат этиңиз жолдош подполковник?

– Сүйлө, жолдош доктор тынчылыкпы?

– Тынчылык жолдош подполковник. Биз азыр жаңы республика – Литванын территориясындабыз. Жергиликтүү калк менен кандай мамиле жасашыбыз керек?

– Орундуу суроо. Бирок жооп бериш үчүн көп убакыт керек. Азыр убакыт жок. Кечке дейре позициябызды тандап штаб, КП, батареяларды орноштурууга үлгүрүшүбүз керек. Бул жөнүндө толук информацияны, инструкцияны полктун саясий кызматкерлери бериш керек эле. А дегенде орношолу, кокус кечигип калсак, немис

чабуулга өтүп, бир топ бүлүк салып, зыянга учуратышы мүмкүн. Жайланышып алгандан кийин, бул жөнүндө атайын саясий окуу жүргүзөбүз. Азырынча айтаарым: литвалыктар, поляктар жана башка бизге жаңы кошулуп аткан улуттар, албетте орустар, же белорустар эмес. Кала берсе социалисттик коомдо жашап көнүп калган Советтик башка улуттар эмес. Булар менен сак болуш керек, этияттык керек. Бизге каршы буржуазиялык үгүт-насияттарга булар чыланып бүтүшкөн. Ойлобой сүйлөгөн олдоксон сөздөрүбүз менен чочутуп салышыбыз мүмкүн. Булардын азыр башы маң, байлары тургай кедейлери да бизден коркушат. Немистердин аскерлерининин арасында кызмат кылып жүргөндөрү да бар. Кырк биринчи жылы биз менен кошо чыгышка жөнөөгө үлгүрө албай калган жаштарын фашисттер мобилизациялап аскерге, кара жумушка көбүн алган. Алар азыр да немистердин карамагында иштеп атышат. Биз менен кайнаса каны кошулбай турган байлары, албетте, батышка качып жөнөштү дечи, бирок өз орундарында, үйлөрүндө калгандарынын баарысы эле Совет өкүмөтүн, коммунистик партиянын саясатын жактагандар деп ойлосок, жаңылышабыз. Ошондуктан, биз аларга сылык, ак көңүлдүк жакшы мамилелер менен гана жагабыз. Өздөрү бербесе, же сурагандарыңарды жок десе, терикпей, басмырлабай, же уурдап албагыла. Советтик армияны дүйнө коомчулугуна жаман көрсөтүп аласыңар. Дагы суроо барбы? Жок болсо, штабдын машинесине олтургула.

Болжогон жерге бат эле жетип бардык. Токойлуу жер экен. Немандын оң жээгинде мотопехота аркы өйүздөгү немистер менен аткылашып жатыптыр. Биз такоолдочу аткычтар полку да батальондорун жайгаштырып аткан экен. Миномётторду орното турган жерлерди, штабды, КПны жайгаштыруучу орундарды аткычтар полкунун оперативдүү тобу алгач белгилеп коюптур. Биздикилер көбүнө макул болуп, анча-мынча өзгөртүүлөрдү кирги-

зип, бат эле кайра тарттык. Келээрибиз менен полкубуздун биринчи эшелону жолго чыкты. Биз ордубузда калып, устав боюнча коргонуу тартибинде жайгашууга кириштик.

Колдон тигилген мырза карагайлуу токой. Карагайларынын жоондугуна караганда кеминде 50–60 жаштарда. Бутактан бутакка секиришип, дарактын сөңгөктөрүндө өөдө-ылдый жөргөлөшкөн, кубалашкан куйкулсары, барак-куйрук тыйындар. Кишиден коркпогонуна караганда, токой ээлери буларга катылышпаса керек?..

Машыккан жоокерлер биз рекогносцирлөөдөн келгиче иштерине киришип, бир далай жумушту бүтүрүшүп коюптур. Бул сапар ат-арабаларга аң казбай, карагайлардын түбүнө ирээттеп, оңой жөнөгөнгө алдыртан ылайыктап кишилерге гана жапыз аң казып үстүнө чатыр тиктик. Бул токойго, полкубуздун командири айткандай, жалгыз гана биз эмес, биз такоолдогон аткычтар полкунун экинчи эшелону да жайгашты.

Артыбызда бизден эки километрче алыс, токойдун этегинде бир кыштак, алдыбызда токой Немандын боюна барып такалат, ага болжол менен беш километрче бар. Душман аркы өйүзгө орношкон. Күн батаардын алдында немистер жыйырма мүнөтчө артиллериясын, пулемёторун, автоматтарын иштетип бир топ дүбүрттөштү. Биз тараптан да тиешелүү жооп кайтарылбагандыктанбы, же алар бизди сынамакка алганбы айтор, кечинде басылды. Алардын артиллериясы жээкти эле бутага алган көрүнөт, биз тарапка полктун экинчи эшелонуна бир да дүрмөт учуп келген жок.

Көптөн бери немистердин артиллериясын укпай жолубуздан тоскоол чыкпай, саякаттаган немелерче шыдыр жүрүшүбүз бир топ көңүл семиртип, согуштун тозоктуу белгилерин бир аз унуткарып салган экен, бүгүн алдыдагы күркүрөгөн табыштарды укканда, бейкут кызык түштөн чочуп ойгонгондой сездим. Замбирек, пулемёт

табыштары казаттын кан жолунда келатканыбызды дароо эске түшүрдү. Кандайранын нугу эми Неман дайрасы менен нукташ болгону турат го? Кудай сактай көр! Эли да, жери да чоочун аймакка келдик. Кыштактарын аралап өткөнүбүздө кезиккен калкынан деле башын көтөрүп кабагын ачып сүйлөшкөн бирөөнү көрө элекмин. Өзүм боор тартып, кепке чакыргандарым деле, тил билбегенине шылтап, бой бербей чоочуркашат. Бир сапар гана орус тилин чала билген бирөө менен сүйлөшүп: «токоюңар көп экен, жыгач-ташыңар кеңири эле болсо керек, эмне үчүн үйүңөрдүн үстүн кара буудайдын саманы менен жабасыңар?» деп сурасам, «токой меники эмес, пандыкы. Менин колумда барым – саман» деп гана кыска жооп берип, андан аркы маектен качты. Түнүбүз тынчыраак болгой эле деген тилек менен өзүмдүн карамагымдагы бөлүкчөнүн өздүк курамында өзүмө тиешелүү жумуштарымды жасап, постуларым тура турган, аттарды откоро турган жерлерди тандап, башка бөлүкчөлөр менен тынымсыз, үзгүлтүксүз байланыштарды тейлештирип, оорук боюнча начальнигибиз Головиндин машинесине келсем, бир кыйла офицер аны тегеректеп, радио угуп атыптыр. Безбородов да биздин экинчи эшелондо калган эле, ал да бул жерде экен. Радиодон Советтик-германдык фронтто советтик армиянын зор жеңиштерин, биздин союздаштарыбыздын да ийгиликтүү чабуулдарын угуп, көңүлүбүз абдан көтөрүлүп чарчаганыбыз тарап, кыйла сергидик. Болгарча ырдаган ырды биринчи угушум. Обондору биздикине, казактардыкына, кээ бир жерлери өзбектердикине окшоп кетет экен. Көптөн бери кыргыздын ырларын укпай, абдан сагынган экемин. Окшошураак обонду укканда радиокабыл алгычка бүт дилим менен кирип кетипмин.

Чогулган офицерлер радио информациядан кийин, күндөлүк көр-оокат, жер-оокаттын камына кайрылып, жыйын ачып, бүгүнкү түндөн кантип аман чыгуунун

маселесин талкууладык. Армиянын ооругуна жиберилген Богомолов тапшырманы толук орундап, бизге керектүү базалардын кайсы-кайсы жерлерде орношконун билип келиптир. Аларды карталарыбызга түшүрүп алдык. Богомоловдун билдиргенине караганда артыбызда урушка катыша элек дагы бир жаңы армия келатыптыр. Ал биздин армиянын оорук бөлүкчөлөрүнүн артына жайгашыптыр. Демек, биздин артыбыз душмандан коопсуз экен. Өгүнкү Минскинин күн чыгыш жагындагыдай, немистер менен аралашкан башаламан абал кайталанбачудай… Алдыбыз болсо, көрүп келдик. Ал жактан, Кудай сактасын, санаа тыңгылыктуу. Ал эми, түнкү чалгынчы, жортуучулар болбойт деп эч ким кепил боло албайт. Ошондуктан, постуларды чар тарапка коюп, аларды тынбай текшерип туруш үчүн дежурный офицерлердин санын көбөйтүш керек деген чечимге келдик. Сактыкта кордук жок. Жер да чоочун, эл да чоочун. Анын үстүнө токой да ууру-каракчыларга жолдош болот эмеспи. Офицерлер кеңешинин ушундай чечимин Безбородов да жактырып: «Азырынча аныгы билине элек, бирок жергиликтүү калктын бизге жат элементтери, тигил Украинадагы бендерачылар сыяктуу бандаларды уюштуруп атыптыр деген имиш-имиштер бар» деп, бизди чочутуп койду. Сактануу чарасын иш жүзүнө аткарууга өз бөлүкчөлөрүбүзгө тарадык. Менин бөлүкчөм офицерлер жыйынынан мурда эле, бардык мүмкүнчүлүктү жумшап, коргонуу, сак болуу камын көргөнбүз. Ошондой болсо да, дагы бир сыйра постуларды кыдырып, биздии дайыма туруктуу кошунабыз санчастын даярдыгын да текшерип, тартипти аябай катуу сактоо жөнүндө Салмановго дагы бир жолу эскертип, түн ортосуна чейин Барановду, андан кийин таң атканга чейин Кондрашовду дежурныйлыкка дайындап, чатырчамдан орун алдым… Токой ичи жана оорук жагыбыз жымжырт. Наркы жакта оттоп аткан аттардын бышкырыгы анда-санда кулагыңа чалдыгат. Алды жа-

гыбызда пулемёт-автоматтардын таанымал табыштары. Булардын көбөйбөй-азайбай бир калыпта чыгып атканына караганда, кооптуу кабар жокко эсе. Бир-эки жолу немистин асма чырагы асманга чыгып, коргонуу чегин жарык кылгандай болду. Бир айдан ашык казат сапарында күндүр-түндүр тыным албай жүрүп келатып бүгүн гана эртерээк конуш алып токтодук. Бул жерде канча тураарыбызды ким билет? Дегинкисин бул токтошубуз биздин полктун аскерлери үчүн жакшы эле болгонсуду. Үстү-башыбыз кирдеп, чачыбыз өсүп жүдөп бараттык эле. Жок дегенде киринип-чайынып, кир-когубуздан арылууга убакыт табылаар?.. Аттарыбыз да үч-төрт күн өрүүн болсо, тыңып калаар эле. Бошоп кеткен такаларын чыңдап тартып, жешилген жыртылгандарын жаңыртыш керек. Мындан ары шоссе жолдор көбөйүп, такаларга күч көп келүүчүдөй... Ушуга окшогон жана дагы башка күндөлүк оокаттардын камын ойлонуп бүтүп, эртең эмне кылаардын планын долбоорлоп атканымда капысынан чаңырган жапайы бир үн чыгып, жүрөгүм оозума кептеле түштү да, секирип сыртка чыктым. Бейкут оттоп аткан аттар да үркүп атыптыр. Менден башкалардын кыйласы да дүбүрттөп, уктап аткан жерлеринен чыгып калышыптыр. Эмненин үнү, эмне табыш экенин ажырата биле албай, шашкан бойдой Головиндин машинесине чуркап баратсам, ал да алаңдап бери карай: «что это? что это?»[1] деп жолуккандардан сурап, жооп алалбай, келатканда ортобузга Бычковдун карааны пайда болду. Аңгыча мении артымдан Баранов кууп жетип келди да: «Не тревожьтесь, это филин!»[2] деди. Бычков да күзөттө жүргөн экен, ал да Барановдун сөзүн ырастады. Аңгыча аттар жактан «үү-үү-так-так-так» деген табыш үкү экенин далилдеди. Бул кудай ургандын үнүнүн өзү эле жүрөк түшүрө тургандай. Анан ал майдандын аймагында

[1] Бул эмне, бул эмне?
[2] Коркпогула, бул сары үкү!

душмандын жортуулун күтүп аткан аскерлер турган чоочун токойдо жети түндө угулса, кандай таасир берээрин чечмелебесек деле түшүнүктүү го?..

Ошентип, капыстан чыккан сары үкүнүн үнүнөн жаралган дүрбөлөң бас-бас болуп, постуларыбызды дагы бир сыйра кыдырып жүрөк ордуна келип, санаам тынып, Барановду ээрчитип өзүмдүн чатырымдын жанына камаарабай басып келатып, дарактардын башын карасам, асмандын алакандай эле жери көрүнөт. Эсеп боюнча ай толууга жакындап калган эле, бирок анын чачыраган шооласын көзүмө урунта албадым. Жайылган койдой асман бетине батпай жайнап туруучу жылдыздар деле көрүнбөйт, кейпи, күн бүркөлгөн окшойт. Биз Головинден тараганда эле ачык болучу. Плащ-палаткамды чүмкөнүп, саатымды карасам, 00.15 болуптур. Барановго: «дагы бир саат кырк беш мүнөт чыда» деп, бир чети кубаттап, бир чети мөөнөттү тактап, өзүм чатырчама кайра кирдим.

Көптөн бери кеңири уйкуга убакыт жок көз катып калса да, жанакы куру дүрбөлөңдөн кийин уйку дароо эле келбеди. Анын үстүнө, өткөндү акылдын торко элегинен шашпай өткөрүүнүн шарты, ыңгайы бүгүн келип тургандай сезилип жертөлө университети эсиме түшө калды да, коюлуп бараткан көзүм умачтай ачылды. Анан калса душмандын бир жарым жылдан бери бекинип алган чебин талкалап батышка карай сел ташкынындай окторулуп жер жайнап келатканыбыз оңой окуябы? Муну бүт жер жүзү угуп, таң калып атканын кечинде эле радиодон укпадыкпы! Окуяны уккандар ушунча таңыркап, достор суктанып сүйүнүп, кастар кызганып күйүнүп атса, аны жасаган, ага катышкан биз, бардыгын көрүп билип туруп, эмне үчүн кылган ишибизди акыл таразасына салып, адилеттин көпүрөсүнөн чубатпайбыз? Албетте чубатыш керек! Бирок ошонун ички дүйнөсүн чебер талдап, чындап себептерин туура таап, адамзаттын азыркы турмушуна кандай таасир тийгизээрин, болочок

турмушуна кандай сабак болоорун даана көрсөтө аламбы, жокпу? Кеп ушунда! Бул иш жалгыз менин колумдан келеби, жокпу? Кеп ушунда! Ка-ап! Эгер азыр жанымда майор Дорфман болгондо, мынча кыйналбайт элем, коркпойт элем.

Бул окуя биздин душманды жеңип, чыккан жерине киргизүү үчүн кубалап баратканыбыз жөнүндөгү окуя. Европаны чөгөлөткөн душманды чычайта кууп баратканыбыз жөнүндөгү окуя. Кала берсе, бул окуя жакында эле биздин кыйла жерибизди ээлеп, байтактыбызды алып коё жаздаган фашисттик баш кесерлерди дырылдатып, ыштандарын булгатып, жеткендерин жер менен жексен кылып баратканыбыз жөнүндөгү окуя! Акыры, бул окуя, бүт Европа калкын фашизмдин туткунунан бошотуудагы биздин ийгиликтин окуясы! Бул чоң окуя! Мунун салмагы бир кишинин акыл таразасына батпайт. Мунун чар тарабын көрсөтүш үчүн адилеттин жалгыз көпүрөсү аздык кылат. Жылдар өтөт, заман жаңырат, доорлордун, замандардын акылмандары да бул окуядан кыя өтпөй, сырын ачыш үчүн далай мээлерин коротмок. Ошондуктан, мен «бул окуянын Женишке ээ болуш сырын оңой эле ача коём, анткени мунун ишине катышканмын, казанында кайнаганмын» деп мактангандай келесоо эмесмин. Менин бул жердеги милдетим, көзүм көргөн, кулагым уккан, азабын тарткан, даамын таткан фактыларды гана унут калтырбай, колдон келишинче акыл искек менен талдап, баамжипке тизип, жеке божомолумду кабарлап коюу. Балким болочоктун изилдөөчүсүнүн көңүлүнө анча-мынча арзыыр?!.

Ошентип, адатымча чатырчадагы чуңкурда чалкамдан жатып, жумулган көз алдымдан акыркы көргөн-билгендеримди, чубатуудан өткөрө баштадым. Кызык! Чубап өткөндөрдүн баарысы белгилери боюнча эки топко бөлүндү. Биринчи топко Минскиден күн чыгыш жагындагылар, экинчи топко күн батыш жагындагылар кирди.

Биринчилердикинин бардык белгилери бизге тааныш, экинчилер мен үчүн кыйла чоочун, татаал табышмак. Эки топ бири биринен көп айырмалуу. Салган үйлөрү, үй ичиндеги оокаттары, короо жайлары, эмеректери, шаймандары, деле толгон-токой ымыян-чымыяндары бириникине экинчисиники окшобойт. Ырас, белорустардын чыгышы менен батышыныкынын тили жалпысынан бирөө эле. Ошондой болсо да, чыгыштагыларыныкы орус тили менен, батыштагыларыныкы поляк тили менен көбүрөөк аралашкан. Минскиге чейинки белорустар менен кыйналбай, такалбай сүйлөшүп, бардыгын түшүнүчү элек, батыш жактагыларынын кебинин көпчүлүгүн кайта сурамайынча биле албай калучу болдук. Кыраатты да ургундай полякча. Өтө көзгө көрүнүктүү айырма булардын кулк-мүнөзү, санаа-салтынан байкалды. Чыгыш белорустарда жалпы совет элдерине таандык тең аталык, коллективизм, боорукердик, сабаттуулук, ошону менен катар богооздук, коомдук байлыкка кайдыгерлик, үй ичине жупунулук мүнөздүү болсо, батыштагылары: байы жардысына кожоюн, жеке менчигин көзүнүн карегиндей коргогон, сабатсызы билимдүүсүнө көз каранды, коомдук менчик дегенди түшүнбөгөн, динге өтө берилген, кудайга күнү куру калбай сыйынган, катуу сөгүнбөгөн калк болот экен. Үй ичинде эмеректери, асемдүү буюмдары бир нече бөлмөгө жайгашкан, а байларыныкы эсепсиз! «Колхоз» деген сөздү укса жаа бою үркүшөт. «Балдар мектепте акысыз окушат бейтаптар доктурга акы төлөбөй көрүнүп, бекер дарыланат, жер – жалпы байлык, сатылбайт, пайдаланган үчүн мамлекет дыйкандарга салык төлөтпөйт» десек, таң калышат, көп ишене беришпейт. Көбү өз пикирлерин ачык айткандан коркушат...

Акыркы беш күндөн бери Литванын жериндебиз. Булардын тилдери белорустардыкына окшобогону менен чарба күтүү, жерди урунуп, дыйканчылык кылуу жагынан көп окшош көрүнөт. Үй оокаттары жетишээрлик.

Байларында имениелер. Албетте жерлеринин шартына жараша анча-мынча айырмасы бар дечи. Маселен, белорустардын тамдарынын учурмасы ургундай тактай менен жабылган болсо, лилвалыктардыкы саман, черепица[1] менен жабылган. Кыштак аралык жолдору деле чабылган, кум аралаш таш төшөлгөн кеңири шоссе. Чоң-чоң жолдору асфальт менен жабылган. Жери көлчүктүү, саздуу болгону менен жолдору жакшы экен. Бай-жардылыгы жагынан Немандын чыгыш жагындагы литтердин белорустардан анча деле айырмасы байкалбайт. Андасанда кезигүүчү хуторлор тигилерде деле, буларда деле бар. Байкашымча литтер белорустарга караганда бизден көбүрөөк чочулоодо. Балким, буга тил күнөөлүүдүр?.. Дегинкиси, бизге караганда немистерге боортолгоосу көбүрөөк сезилет. «Колхоз» деген сөздөн безге сайгандай качышат.

Биз куралдуу жоокерлербиз. Куралыбыздын күчү менен биз фашистерди алар менен кошо булардын буржуазиялык өкүмөттөрүн кубалап, элине эркиндикти оңой алып келатабыз. Бирок Совет өкүмөтүн буларга орнотуу оңой эместей көрүнөт. Өз эрктери менен, жан дили менен Советти сүйүүчүлөрү азыраак го, кейпи? Буларга Совет бейишин курабыз деп, биздин башыбыздан өткөн каталарды кайталашпаса болду?!

Ушул жерде көз алдымдан бала кезим, 29–33-жылдар чубай баштады.

Тап күрөшү. Күндүр-түндүр чогулуш. «Бай, манап, бий, болуш, кожо, молдо, сопулар, алардын тукумдары эл бузарлар, журт бузарлар, кулакка тартылсын, мал-мүлкүнөн ажыратылып айдалсын!» ушул сыяктуу сөздөр айыл арасын аралап, ырк бузулуп, кечээки эле ынтымактуу, бири биринин кем-карчысына кайрылышып, колдо барын бөлүшүп, жогун кудайдан тилеп тынч жашаган калк тыпындай сапырылып, бирине бири ай-

[1] Бышырылган карапатакта.

гак болуп, биринин эшигин бири аңдышып, чакчелекей түшүүдө. «Кулак» деген кишинин, айбандын уга турган органы эмес, жаңы маанилүү чоочун сөз пайда болду. Жек көрүндү сөз экен. «Кулак» атка конгон киши оң таппай эл-журтунан, бала-бакырасынан, мал-мүлкүнөн ажырап, абакка алынып, алыска айдалып атат. Кимде ким «бирикме чарбага» кирбей, мал-мүлкүн бербей, совет өкүмөтүнө кайчы пикир сүйлөсө, илгерки наркты, каада-салтты, жорук-жосунду, ыйман-абийирди сактайм дегенди кулакка тартып кирди. Алардын ороого каткан данын алып, жалпы кампага салып, өрүшкө баккан малын алып, желесин кыркып, окто-чыктасын шыпырып, айгырдан кулунга чейин чыркыратып баса калып тамга салып, катын-чалдарын боздотуп жайдак журтта калтырып жатты. Сырттан чабуул жасаган жоо жок, айыл ичи бирине бири душман болуп, бири качып, бири кубалап бүлүк түшүп ит улуп, ай тутулуп, үрөй учуп ар ким өз жаны менен алек болууда. Кудая тобо-о! Кечээ эле падышалык Россиянын эзүүсүнө чыдабай чыгарган бунтунун кесепетинен жеринен сүрүлүп, октон, өрттөн, тумоодон кырылып, оокат түлүгүнөн айрылып кайткан элим, Совет өкүмөтүнүн жаңы үнөм саясатынын шарапаты менен, ирденип кайра калыбына аз-аздап келатканда кара теке сүзүп, кудайдын каарына кайра кабылды! Же Совет өкүмөтү мунсуз курулбайт беле?

Эми, болоору болду. Ал заман өз башы менен кайталанбай кетсе экен! Эгер ошондогу адамга болгон ырайымсыздыкты: «жаңылыштык эмес, коммунисттик курулуштагы аттап өткүс, сөзсүз басып өтө турган жол» катары ар дайым колдоно берсек, анда андай бейиштии коомго пайдасынан зыяны көп. Антип отуруп бүт адамзатка коммунизмди кантип курмакпыз? Жалаң эле кан, кайгы, азаптын күчү менен курулган коммунизм элге опо болуп бермек беле? Жок!

Бул аймактардын элине коммунизм орнотуу үчүн,

өткөндөгү кетирген каталыктарды эске алып, башка ыкма, башка метод колдонуш керек го?! Кой, «антүү, минтүү керек» деп, мен акылдуусуна бербейин. Менчилеп ойлогон жоокерлер азыр миллиондур?.. Өкүмөт башында тургандар, мамлекеттин тизгинин оңго-солго бургандар муну ойлобой атат дейсиңби? Аз болсо да майданга келип-кетип атышпайбы, көрүп аткандыр?.. Эгер алардын башына меникиндей пикир келбесе, мендей карапайымдардын колдорунан эмне келмек эле? Мен пикиримди ишке ашырмак тургай, чоңдорго жеткире алуучу кудуретим барбы? Жок, жеткирем деп «оппортунист», дагы кандай суук атка коно албайм. Мүйүз сураймын деп, кулагымдан ажырай албайм! Эгер бул ойлор Маскөөдө, Кремлде отургандардын башына кирбесе, орундалбоочу ойлорду ойлоп, курулай мээ коротуудан не пайда?! О Кудай, О Жараткан! Кайчы пикирге да кулак төшөп, барктаар күн болоор бекен? Ошондой күндү көрөөр бекем?!.

Оюм элеп-желеп чабыттап, бир топтон бери көнгөн адатынча иштөөгө чоло тийбей калгандыгынанбы, айтор, жакынкы көргөндөрүмдү кайрадан чубатып, акыл элегинен өткөрүп ар бир окуяга тиешелүү баа берип, өзүнчө эле «шүдүя»[1] болуп жаттым. Мына Воложин деген биздин Канттан да кичине шаарча экен, анын сыртындагы токой ичинен орун алган помещиктин, же алар атагандай пандын, заңгыраган имараты. Анын өзү турган ак сарайы эле Фрунзедеги өкүмөт үйүндөй бар. Артында, эки жагында малайлары, жититтери жашаган тамдары биздин наркомдордукунан чоң. Андан аркы короо сарайларына биздин полктун экинчи эшелону кеңири баткыдай. Баарынан да пандын китепканасычы! Помещик, пан десе эле мен институтта өткөн марксизм-ленинизмдеги, политэкономиядагы элди эзген, мыкаачыларды элестетип, аларды ырайымсыз, ташбоор, кара мүртөз, маданияттан алыс, карышкыр-кишилер деп эсептөөчү эмес белем! Карачы,

[1] Шүдүя – судья, нарк бычкан, чиелүү маселелерди чечкен бий.

мунун өзү качып кеткени беш жыл болсо да, үй оокаты короо-жайы чыпчыргасы коробой сакталып турганын! Буларды ушундай кайтарып турган ким? Үй-бүлөсү, бала-бакырасы, жакын туугандарынын баарысы ар кай жакка качып кетишсе да, малайлары талоонго түшүрбөй: «пандын, кожоюдун малы, мүлкү, менчиги» деп, кол тийгизбей сактап тургандарын кара! Сыягы, пандын өзү да окумуштуу, китеп жандуу, же атактуу жазуучу, букараларына кайрымдуу неме болсо керек?.. Эгер зулум болсо, эмдигиче букаралары имаратынын тамтыракайын чыгарып талап кетпейт беле. Өңгөсүн койсо да, китептерин, малын алып пайдаланышат эле го? Аркы короосунун ички бурчунда, сатылуучудай бирине бири кыналып, бирдей узундукта таарылып, бирдей чоңдукта жарылып, текши жыйылган карагай, кайың отундардын кагыраган жараңкалары саржан бою тизилип турганына караганда, деле беш жылдан бери эч кимдин колу тийбесе керек?.. Ушундай байлык орустардын, же менин кыргыздарымдын арасында болсо, небак устуканы упат, сөөгү сөпөт болуп күлү асманга чыкмак, ким алганын эч ким билмек эмес. Бир саатча эле эс алууга токтогон солдат эки колтук китепти, мен көрбөсөм, өрттөмөк. Башында эле көгөн жаттысы бар менин элим, айрыкча «кудай жок» деген тарбиямы өздөштүргөндөн бери, эшикте ээн бир тал куурай жатса да кыя өтпөй, илип кеткенге көнүп алган эле. Жээнбектин акыркы катына караганда элимдин ал өнөрү күчөгөн көрүнөт. «Колхоздо эмгек күнгө эч кандай дан таратылбайт. Жыйнап, бастыргандан кийин дароо барысын мамлекетке өткөрүп жиберишет. Ага дейре алдуу күчтүүлөр түн уктабай кырмандагы кызылды чамаларынын келишинче үйлөрүнө ташытып алышат. Кырман кайтаргандар, кампачылар көрсө көрмөксөн болуп, тигилер менен шериктеш. Баарысы биригип колхоз жетекчилери менен тамакташ. Ушинтип, кара жемсөө, туткак колдор өкүм сүргөн айылдарда балдары, неберел-

ри согушта жүргөн чал-кемпирлердин, эр бүлөлөрү жок жаш аялмет тирүү жесир-жетимдердин абалдары оор. Алар жылдан жылга начарлап бaратат. Мурдагы уят-сыйыт дегендер азайды. Уяттуу, уяткаруучу карыялардын катары суюлууда. Тагдырдын таразасын колуна кармап, адилет кылуучу партиябызды башкарып аткандардын кылык-жоруктарын мурдагы каттарында жазганмын, дос» дейт Жээнбек. Жаштарын пара берип кичирейтип алгандар патриотсунуп көкүрөгүн каккылап, партияга күргүчтөп кирип, ээн калган жетекчилик орундарды ээлеп, жогоркуларга «куп» деп бели мертингиче жүгүнүшүп, буйруктарын аткарууга буту сынгыча жүгүрүшүп, төмөнкүлөрдүн төбөлөрүн кандап камчы үйүрүшүп, чач ал десе, баш алып «ооруктa күжүрмөн тапшырмаларды блестяще[1] аткарып, партиянын эң ишенимдүү кадрларынан боло баштаптыр. Силер качан бүтөсүңөр согушту? Эмдигиче эски чекке жете элексиңер (биздин жайкы чабуулубуз баштала электе жазыптыр). Минтип отурсаңар силер Германды жеңгиче булар борукту жеңип өз үстөмдүгүн чыңап алат го? Бизге окшогон жарым жандарды көздөрүнө илмек тургай, бучкагына теңебей салды. Баягы өзүң билген адилет, ак жүрөк партиянын ичин ийдилеп жешип, кабыгы эле калды. Кошоматчылар иттен көп. Басууга жол, айтуута сөз бербейт!» деп каңырыгы түтөп, ич күйдүсүн жазат, өзү да мансапты жакшы көргөн неме, алты саны аман соо жүргөндөрдөн орун талашып, өз максатына жете албай жүрсө керек?.. Кантип эле сылай куралданган душманды жеңип аткан партия, Жээнбек айткан шүмшүктөргө алдырып койсун?.. Деген менен Жээнбектин жазгандарынын көбү ич күйдүлүк болсо да, мүлдө баарысы тең калп болбосо керек жана бул жалаң гана биздин Кыргызстанга тиешелүү эмес, чоң мекенибиздин ооругунун баарысына тараган тумоо белем? Анткени Нурмагамбетов, Суслов

[1] Мыкты, сонун.

солдаттардын айткандары Гизатуллин жана Коптев офицерлердин алган каттарындагы фактылар деле менин жердешимдикине окшоп атпайбы. Оңбогон согуш оңбой кал! Сен болбосоң, бейкутчулукта бардыгыбыз эл арасында болгондо, мындай жорукка жол бербейт элек да!

Ой тобо-о! Экинчи фронт Германиянын батышында эле ачылды деп сүйүнсөк, өзүбүздүн майдандын чыгышында да тымызын жүрүп аткан белем?..

Мына майдан чегинде бүгүнкү тынч алып жаткан түндүн акыл чарчаткан түйшүгү уйкуну качырып, жанымды бушайман кылып атканда, жанымдагы чатырчасына Баранов кирип келатканын угуп саат эки болгонун эстедим... Бир ордубуздан жылбай туруп калганыбызга бүгүн төрт күн болду. Алдыда уруш катуу жүрүп атат. Кээ бир маалда кышындагы Витебскинин четиндегидей эки тараптан тең пулемёттор тырылдап, забиректер, миномёттор күпүлдөп жердин чаңын асманга чыгарып жиберишет. Асманда да тынч эмес. Немистер адатынча кудуп бомбулоочу самолетторун жиберип, биздин алдыңкы чекти бомбулоого тырышат, а биздикилер ошолорду эле күтүп турган немече кайдан-жайдан кайып чыга калышат да, немис самолетторунун ыркын бузуп ирээтин чалды-куйду ителги тийген карга-таандай таратышат. Тигилер бомбуларын мээлеген жерлерине таштай албай туш келди чачып, кутулууга шашышат. Кыйласы биздин кыргынчылардан ок жеп, оңкосунан сайылууда. Ушундай асман кагылышууларда дайны жок түшкөн бомбулардын, өрттөнүп келаткан самолёттордун кесепетинен бөөдө өлүмдөр көбөйүп баратат. Кечээ эртең менен ошондой асман кагылышуудан токойдо оттоп аткан биздин аттардан экөө өлүп, бирөө жарадар да болду. Ушул төрт күндүн ичинде экинчи дивизиондун үчүнчү батареясынын командири замбиректин огунун сыныгынан каза болду. Кечээ кечинде биринчи дивизиондон эки жарадар ат жетелеп келди бир солдат. Булардын позициясына

немистер артчабуул жасашкан экен. Жоокерлер аман дейт. Биз такоолдоп турган аткычтар полкунан курман болгондор да бир далай болду. «Ит өлөөрүндө кайышчы» дегендей, оңбогон фашисттер канча кансыраган сайын, ошончо өжөр айбаттанат. Уттурганын билип турса да, Намысынан тайгысы жок. Деген менен, өз чебин коргой билген, байыртан бери өзүнө өзү ээ болуп, мамлекетүүлүгүн башкара билген, менменсинүүнүн даамын таткан, үстөмдүк кылуунун кыныгын алган улуттун тукумдары да! Намыс өмүрдөн кымбат дегенди немистер бекем тутушат. Бирок намыстын да намысы бар экенин ажырата билишсе боло?

Ой тобо! Чын эле илгертен бери бүт адамзатынын акыл байлыгына менчик кылып Гегелди, Гётени, Шиллерди, Кеплерди, Бахты, Ветховенди, Эйлерди, Энгелсти толгон-толгон акылмандарды, өнөрпоздорду табериктеген акылдуу немис калкынын көөдөнүн «фашизм» деген ажына бүт ээлеп алганбы? Мейли, өздөрүнө зыян! Фашизм теориясына чыланган гегемонизм[1] улутунун учуна чыгаарын, бүт дүйнөгө жек көрүмчү кылаарын ойлоно турган кез келгенин чын эле туйбай турган макоолук абалга жеткенби, кайран акылдуу, мээнеткор калктын тукумдары?! Мейли өз убалы өздөрүнө! «Бетеге куурайт, бел калат. Бектер кулайт, эл калат»[2] дегенди түшүнүшкөнчө эки тараптан дагы канча жазыксыз жандар курман болоор экен? О Кудай, сактай көр?! Бизде – карапайым калкта не жазык? Тийишкен тигилер! Бейкут оокатын кылып аткан мамлекетти камааратпай, анын капшытын капшырып, калайман салгандар тигилер – фашисттер!

[1] Гегемонизм – башкаруучулук, атка минердик.

[2] Осмо өчөт, каш калат,
Оомат өтөт, баш калат.
Бетеге куурайт, бел калат.
Бектер кулайт, эл калат.
Суулар соолот, сай калат,
Сулуу өң оңот, ырай калат. (Байыркы кыргыз айтымынан – А. А.)

Тийишкендин тишин чак, катылгандын катыгын бер деген кеп бар.

Биздикилер да ушул төрт күн ичинде кир-когубуздан арылып, баш-учубузду жыйнап алдык көрүнөт. Ок-дарылар, жем-азыктар, күйүүчү майлар, урушка керектүүлөрдүн баарысы артыбызда, сунган кол жетээр жерде даяр. Кужурмөн техниканын жаңы күчтөрү биздин желкебизге келип бугуп калды…

Дүйнөлүк согуштун, ага кабылган калктардын тагдырын чечип жүргөн немеден бетер мен колуман келбеген, ишке ашпаган асан-кайгы ойлордун иримине кирип алып, жээгине чыга албай, бөөдө убара болуп, бөөдө убайым жеп, бирде өзүм кубаттап, бирде жек көрүп жемелеп, алпурушуп аткамын. Безбородов менен Коптев жаныма келгенде алар мени терең ордон сууруп чыккандай сергий түштүм. Безбородов биз бул жерге токтогон күндүн эртеси эле дивизиондорго кеткен болучу. Коптев өз иши боюнча бүгүн түштөн кийин полктун штабына барган эле. Жаңылыктарды угайын деп, Безбородов менен амандашып, дөңсөөдө өскөн карагайдын түбүнө барып отурдук.

– Немандын жээги бая күнкү биз биринчи көргөндөй эмес, чочко жойлогондой болуп калыптыр. Батареялар токойдун далдасында болгондуктан, көп запкы көрбөптүр. Самолёттор таштай «ачкан бомбулардан эки-үчөө түшкөн экен, бирок алар анча зыян келтире албаптыр. Расчеттор аман, унааларынан бир машине талкаланып, эки ат өлүп, бирөө жарадар болуптур, аларды мен айтпасам деле билесиң өзүңдүн пациенттерин[1] да, – деп, Коптев кыска сөзүн аяктады. Безбородов алдыңкы чекте, Немандын аркы өйүзүндөгү плацдармда[2] жөө солдаттардын арасында болуп, биздин батарея командирлери менен жолугушуптур. Үчүнчү батареянын командирине ок жа-

---

[1] Пациент – докторго келген бейтап. Бул жерде жарадар ат.

[2] Плацдарм – душмандын аймагынан ээлеп алган чакан жер. Чабуулга өтүүгө арналган тилке.

ңылганда Безбородов ошо жерде экен. Немистер биздин жоокерлерди дайранын жээгинен сүрүп, плацдармды жоготуу үчүн катуу артчабуул жасаптыр.

– Эгер биздин штурмовик самолётторубуз болбогондо, шайтандар бизди кырып салмак. Он мүнөтчө күпүлдөтүп, чолоо жер койбой сабап жиберди эле, көк шибердүү кашат картөшкөнүн аңызындай майкандалып, топурагы сыртына чыгып калды. Айрыкча кашаттан арыраак, душмандын чегине жакын жайгашкан биздин жоокерлердин окоптору, жашыруун каттоо жолдору көп зыянга учурады. Кашаттын далдасы далайыбызды ажалдан арачалап калды. Кашат болбосо, андагы бир камбыл солдаттын терең окопу болбосо, азыр силердин жаныңарда ушинтип кобурап отураарымды бир Кудай билет эле?..

– Азамат, бир ажалдан калыпсың, көпкө жашайт экенсиң – деп Безбородовдун кебине аралашып, көңүлүн уладым.

– Ыракмат тилегиңе, сага да узун өмүр каалайм! Бүгүнкү негизги жаңылык: Бизден отуз километрче алыс түштүгүбүздө 11-гвардиячылар армиясы Неман дайрасынын боюндагы ири темир жол түйүнү болгон Алитус шаарын бүгүн эртең менен, биздин армиянын түндүк тарабындагы дивизиялары буржуазиячыл Литванын мурдагы борбор шаары Каунасты түштө фашистерден бошотушту. Азыр машинелештирилген бөлүкчөлөр душманды сая кубалап, Пруссиянын чегине сүрүп бараткан кези. Негизги таяныч пункттарын алдырып койгон душман, ушул кенедей фольваркты коргоп туруп алмак беле?

– А балким бул жерде фашисттердин катып койгон казынасы бардыр?– деп, кычуу сөздүү начхим жөн тура албай аралашты эле, Безбородов анын бул сөзүн этибарга албай, өз оюн улантып:

– Жолдош офицерлер, тарыхий шарттарга ылайык, илгертен бери эле Литванын байлары көбүнчө Немандын батышында, Балтика деңизине жана Пруссиянын чеги-

не жакын жайгашып келген. Балким аларды деңиздин жээгиндеги акак, сланцы жана башка кен байлыктары, деңиз азыктары кызыктырган болсо керек? Буга дейре биз Литванын кедей калкынын кыштактарын аралап келгенбиз. Эми, алдыбызда кыштактар жок. Токойлордон ачык жерлердин баарында чачыраган хуторлор, чакан-чакан шаарлар. Биздин агентуралык маалыматтар боюнча, ал жакта Совет мамлекетине каршы буржуазиячыл улутчулдардан бандалар[1] түзүлүп, алар күндүз үйлөрүнүн мал сарайларынын үстүндө жашырынып, түн киргенде тымызын диверсияларды[2] жасоого даярданып аткан имиш. Ошондуктан, мындан ары кыраакылыгыбызды он эсе күчөтүп, өтө сак бо-лушубуз керек. Жергиликтүү калк менен катышпай коё албайбыз дечи, бирок абдан этияттык керек, жолдош офицерлер. Мындай маалыматтарды жалпы ортого салуу жарабайт. Душманга угулуп калышы ыктымал. «Ишенчиликтүү офицерлердин кулагына салып коёюн» деп, атайын келдим экинчи эшелонго. Жүргүлө Головиндин чатырына баралы – деп, Безбородов өөдө туруп күбүндү, Коптев экөөбүз аны ээрчип кошо туруп, Головиндикин көздөй кадам шилтей элегибизде, ал жактан анын чабарманы чуркап келатканын көрдүк. Аңгыча болбой ал жетип келип, майор чакырып атканып бизге кабардап, чуркаган бойдон санчастка кетти. Бир мүнөткө жетпей биз Головиндин жанында болдук. Безбородов бир кыйладан бери көрүшпөгөндүк кылып, майорго салам берди. Головин сакалып алып бүтөйүн деп калган экен. Мен аны тамашалап, сакал-мурутту кечинде албай, эртең менен алыш керек» десем, ал эртеден бери чолоосу тийбегендигин айтып:

– Эми жолго чыгаардын алдында жок дегенде бети-башымды тазалап алайын. Көргөн жергиликтүү калк

[1] Банда – каракчылар тобу.
[2] Диверсия – бүлүк, жашыруун бүлүк салуу.

«Кызыл Армиянын майору бетин жуубайт экен» дебесин. Отургула, азыр башкалар келгенде чогуу сүйлөшөбүз – деп, бетин сууга чайып, кителин кийди. Аңгыча офицерлер чогулуп келишти.

Айланамды баамдап карасам, начфинден башкасынын баарысы түгөл чогулуптур.

Басканы жол, жатканы жер, атканы ок, тартканы кок, жутканы чаң, төккөнү кан согуш заманында ар бир жоокер өз жаны, өз башы, өз санаасы менен алек болуп жүрүп, бирөөнүкүн кунт коюп баамдоого убактысы да жетпейт, өзүнүкү мол болгондуктан, бирөөнүн кайгы-муңун, сарсанаасын ынтасы менен уккусу да келбейт экен. Бул өзүнчө эле бир дарт окшобойбу. Ошол дарт мени да даарып кеткенин, азыр Богомоловдун кулагын көрүп байкадым. Анын кулагы айыгыптыр. Күнү-түнү бирге жүрүп, аны көз токтотуп карабаптырмын, кайран жигиттин көркү бузулуп калыптыр. Чачынын астынан жаңырган айдай суйкайып чыгып, сары чийкил жүзүнө кошумча көрк берип турган мурдагы кулак калканынын томоосу эле калыптыр. Ылдый жагында салбыраган көнчөгү мулук кулакты ого бетер серт көрсөтүп турат. Кишиге тик караганда андан бетер өөн – бир мүйүзү сынган уйдай көрүндү. Ошентсе да, ал бактылуу жигит экен. Кокус ок жарым эле сантиметр чыкыйына жакын өткөндө, порторгдун кейпин кийип, бул дүйнө менен коштошпойт беле?! «Башка келген балаага, кулак-мурун садага» дейт. Кантмек эле. Өмүрү узун болсун! Көзү өткүчө бул жексур согуштун эн тамгасы менен таанымал болуп жүрө берсин!..

Богомоловдун мулуйган кулагын көрүп, кыялым кыйла жерге чабыттап, өзүм бүт ээрчип жөнөгөн экенмин, чогулган офицерлерге майор кайрылып, жаңылык менен куттуктаган сөздөрүнүн башын чала угуп калдым. Эмне деп атканын жайымда отурган Коптевден суроодон иймендим.

– ... шашканынан курал-жарактарын таштап, өлбөгөн төрт шыйрагын араң сүйрөп качышыптыр. Пимка[1] радиограмманы расшифровать[2] этип бүтсөң, келип бизге окуп бер! – Майор машиненин ичиндеги радистине кайрылганын укканда кыял дүйнөдөн ойгонуп, кайда отурганымды сездим.

– Зараз, товарищ майор[3] – деп, көнгөн украин тилинде жооп берип, машинеден түшүп, радист жаныбызга келип, түтүктөлгөн кагазын жазып жиберип окуй баштады. «Душман биздин артчабуулду күтпөй, курчоодон коркуп, оор жарактарын майдан талаасына таштап качып жөнөдү. Сапёрлорубуз дароо тарта койгон понтон көпүрөдөн биздин танкечендер, мотордуу замбирекчендер жана башка куралдуу жоокерлер ошол замат өтүп, душманды кубалап, талкалап баратышат. Саат 18 нөл-нөлдө ордуңардан жылгыла. Көпүрөдө байланыш офицери күтүп турат. Маршрут пакетти ал тапшырат!» – деп кабарлады. Команда алган немече баарыбыз саатыбызды карасак 17 саат 15 мүнөт болуптур. Майор баарыбызды күжүрмөн ийгилик менен дагы бир жолу кайталап куттуктап атканда жаныбызга токтой калган машинеден шап түшүп, начфин энтеңдеп майорго честь берип:

– Жолдош майор тапшырмамды толук аткардым! – деди да, бизди карап, күнөөлүү жылмайып:

– Жолдош офицерлер! Бардыгыңардын аттестатыңар[4] боюнча июль айлык маянаңарды толук которуп келдим. Кам санабагыла, үйдөгүлөрүңөр убагында алышат. Кечирээк барсам, талаа почтону таба албай калмак экенмин. Мен келсем, эмеректерин жыйнашып, көчкөнгө камынып атышыптыр. Үлгүргөнүм ырас болду. Кокус бүгүн котортпосом, жаңы айга, августун бир нечесине созулуп

[1] Пимка – радистин эркелеткен аты. Толук аты Пимен.

[2] Расшифровать – жандыруу, цифралар менен жазылган жашыруун сөздөрдү жандырып окуу.

[3] Азыр, жолдош майор.

[4] Аттестат – офицерлердин айлыгын алып туруу үчүн үй-бүлөлөрүнө берилген күбөлүк.

кетет эле. – Орундаткан ишине ыраазы болуп, өзү биздин алдыбызда жүзү жарык экенин билдирип. – Душмандын качып бараткanын мен почтодон уктум. Силерден калып, адашып кетпегей элем деп, шашканым-ай! Кудай жалгап, жыла элегиңер ырас болбодубу. Чоочун эл, чоочун жерде алда эмне болот элем – деп, бизди ордубуздан көргөнгө сүйүндү. Капитан начфиндин деми басаңдаганда улук лейтенант Безбородов чогулган офицерлерге жанагы Коптев экөөбүзгө айтып бергенин басаң үн менен кайталап, аны шам-шаркыт кылбай, офицерлер ичине сактап, кыраакылыгын күчөтүшүн өтүндү.

Ушинтип чолок чогулуштан кийин көчүүнүн камын көрүп, бака-шака түштүк. Жалгыз эле биздин полктун экинчи эшелону эмес, токой ичи бүт бытмырдай кайнап кирди. Биз такоолдогон аткычтар полкунуи экинчи эшелону, резервде бугуп аткан аскерлер – баарысы жол талашып чубап атты. Болжошкон көпүрөгө бат эле жеттик. Биз адатыбызча: ат унаалуу, авто унаалуу болуп экиге бөлүндүк. Бул сапар Коптев, Безбородовдор авто унаалуулар менен кетишти. Начфин чабуулдун башынан бери эле алар менен келаткан. Головин демейдегисиндей «студобеккердин» кабинасында Цыганок менен. Атунаалууларды Бычков экөөбүз: мен – көч башында, ал – көч артында башкарып келебиз. Понтон көпүрөдө күтүп турган офицер пакетти тапшырып жолуна түштү. Биз кезек күтүп бир аз токтоп калдык. Жогорку Алитус жактагы кыргында курман болгон немистердин өлүктөрү дарыянын суусу менен агып келатып, көпүрөнүн темир арканына илинигендери – торго түшкөн балыктардай суу агыгмына суналып калкылдашат. Илинбей көпүрөнүн астынан өтүп атканы канча! Агызган дөңгөчтөрдөй толкундун кырында кылактап, оюнда чумкуп, бирин бири кубалашып суу менен кошо түндүк тарапка чубуруп атышат. Эли чакан дайрада ушунча өлүк, а жээкте, кургакта калганынын эсебин өзүң чыгара бер!

Канча өлүктү көрүп, көз каныгып, чочуу сезим чой болуп калса да, солкулдак көпүрөдөн өтүп баратканда көпүрөнү көтөрүп турган разинке кайыктар биздин салмагыбыздан бири сууга чөмүлүп, бири өөдө көтөрүлүп көпүрөнү төө-өркөчтөп солкулдатканда, тигил темир арканга илинген өлүктөрдүн колу-буту кошо сербеңдеп, сага колун булгап коштошуп аткандай көрүнүп, канча баатыр болсоң да, жүрөгүңдү шуу дедирбей койбойт экен! Бүткөн боюң дүркүрөп, эриксизден көзүңдү жумасың! Пай-пай! Кудай өзүң сактай көр ушундай шумдуктан!

Согуштун экинчи аты өлүм. Ал бүткүчө Неман окшогон дагы канча дайра кечмекпиз. «Эмки дайрага дагы эле душмандын өлүгү агат» деп ооз кесир сүйлөп, Кудайга күнөөкөр болбоюн. Жараткан өзү колдосо экен!!!

Ошентип ийгиликтүү жүрүп келаткан казатыбызга беш күндөн бери тоскоол болгон Неманды да жеңип өттүк. Биз өткөн понтон көпүрөнүн учу-башында, дайранын эки жээгинде, Малиновский фольваркында бомбулардын, замбирек дүрмөттөрүнүн жарылышынан жаралган аң-чөнөктөр анда-санда жерлерде бирин-серин адамдын, аттын өлүктөрү эле болбосо, уруштун анча даана издери деле көрүнбөйт. Дайрадан өткөн соң, ар кайсы көч өз маршруту боюнча өз-өз жолдоруна түштү. Головин баштаган авто унаалуу көчүбүз биз менен коштошуп Мариямполь шаарынын түндүгүндө бир хутордо эртең менен саат 8 нөл-нөлдө жолугушмак болдук. Биздин көч аткычтар полкунун экинчи эшелону менен бирге жүрүп отурдук. Немандын күн батышында айткандай эле, биздин түшүнүктөгү кыштак деген неме жок экен. Шаарынан шаарына чейин кум аралаш шагыл төгүлгөн шоссе, кээ бир жерлеринде асфальт төшөлгөн даңгыр жол. Ал жолдон ар бир хуторго машине, техника бара алгандай чапкан жол. Токойлору тартиптүү, дарактар сол-сол болуп кырка-кырка. Ачык жерлеринде хуторлор, ар биреөнүн имаратынын жанында чакан-чакан токой, ургундай терektен

тигилген. Хутордун короосу өзүнчө эле дарбазалуу бир чеп. Дагы бир артыкчылыгы чоң жолдору хуторлорду басып өтпөйт экен. Жолдордун айрылыштарында, кайчылаштарында баруучу шаарлардын, хуторлордун аттары латын тамгасы менен көрсөтүлгөн, алардын алыс-жакыны да белгиленген. Бир сөз менен айтканда элинин тилин билбесең да, жеринен адашкыдай эмессиң. Ошол көрсөтмөлөрдүн астында биздин аскерлердин багыттары да карындаш менен орусча жазылган. Ар бир жол айрылышта өзүбүздүн: «Ашкинази чарбасын» оңой эле таап, түн бою токтобой жүрүп отурдук. Жолдордун баарысы бош эмес. Резервармиянын машинелештирилген бөлүктөрү биздин жаныбыздан күрүлдөп-шарылдап өтүп атканда, токойлуу жерлерде жаңырыгы табышты ого бетер күчөтүп душмандын үшүн кетирүүдө. Айтор аскердин көптүгүнөн жер майышат.

Безбородов айткандарын эсибизден чыгарбай, Бычков экөөбүз токойлуу жерлерден көчүбүздү башкалардыкы менен аралаш алып жүрүүгө тырышабыз. Ачык жерлерде жайыраак бастырып, айдын жарыгынан кыйла алыстарды байкайбыз. Бул сапар да баягы Минскиге чейинки жоо менен аралаш жарышуу болгон жок. Жолдордун кесилишинде оң жагыбыздан да, сол жагыбыздан да тороп өткөндөр өзүбүздүн эле башка дивизиялардагы аскерлер. Шектүү табыштар угулбайт, шектүү караандар көрүнбөйт. Өзүбүз да аярданып, капыстан кол салдырбоого камынганбыз. Пулемётторубуз колоннанын мелчемдүү жерлеринде, ар дайым дароо ок бүркүүгө даяр. Баарыбыздын ийнибизде автомат. Колубуздан келишинче катылам деген жоого жообун бөрүүгө даярбыз. Каргашалуу калабадан Кудай сактасын!

Азырынча тынч келатабыз. Хуторлордо токо чакырып калды. Далыбыздан таң кулан өөк болуп келатат. Түн бою жылтылдап жанып турган электр шамдары улам биз арылаган сайын бирин-сериндеп өчө баштады. Саатты

карасам 4 нөл-нөл. Регламент боюнча жарым саат тыным жасап, аттарды отко койдук. Биз менен кошо аткычтар полкунун чарбалык бөлүктөрү да тыным жасашты. Биз токтогон ачык жайык экен. Баданын жайыты болсо керек. Жайыктын айланасында хуторлордун карааны үрүңбараңда дүкүйгөн-дүкүйгөн топ бак сыяктанат. Иттердин ажылдашы каздардын чурулдашы тынчтык жеткенди кабарлагансыйт. Балким, өтүп бараткан аскерлердин бирин-жарым ээн баштары аларга бүлүк салып атабы, же тиги Безбородов айткан бандалар бизден корунуп, бекинүүгө тынчын алып жатабы, айтор аяк соо эместей.

Өлчөлүү убакыт бүттү, саат 4.30 болду. Аттар чегилди. Биз сапарыбызды уланттык. Жерге жарык түшүп, айлана даана көрүнө баштады. Болжогон жерге жеткиче дагы үч жарым саат убакыт бар. Жол жакшы болгону менен ийри-буйрусу көп, анын үстүнө маршрутубуз боюнча бирде түндүк батышка, бирде түштүк батышка көч башын буруууга мажбурбуз. Маршруттун мындай болушу баланын оюну, же бизди бөөдө кыйноо үчүн эмес, душманды адаштыруу үчүн тактикалык-стратетиялык амал экенин казатка аттангандан бери жакшы билип калдык. Биздин полк армиябыздын сол канатындагы оң четки дивизиянын, эң четки полкун такоолдоп бараткандыктан, сол жагыбыздагы кошуна 11-гвардиячылар армиясынын оң канатындагы полк менен кайчылашып каршы-терши өтүп турбасак, душман билсе, так ушул жикке шынаа кагып, каршы чабуулга өтүшү ыктымал. Карта боюнча түз сызык менен ченегенде бизди күтүүчү хутордун алыстыгы сегиз эле километр калыптыр, бирок ага жеткиче маршрут боюнча дагы он сегиз километр жол басууга тийишпиз. Буйрук деген буйрук – бура баса албайсың. Басып да кереги жок. Оңой көрүнүшүнө карап, ар кимибиз өз билгенибизче басып кеткенде тартиптен эмне калат? Тартибиң жок кайсы максатка жетесиң?..

Биз бараткан жолдон башкаларда да жолоочулар

көп экени эми күн шилибизден нурун чачканда даана көрүндү. Баарысы батыш тарапка жылууда. Хуторлор да кыймылга келе баштады. Асманда биздин кыргынчы самолёттор ойкуп-кайкышат. Жерде жөргөлөп келаткан биздин аскерлерди душмандын бомбулоочу самолетторунан коруп жүрүшсө керек. Душмандыкы, кудай жалгап, көрүнбөйт. Кокус, алар келсе, көбү кубаланып, бирин-серини эле бизге жетсе, жолго батпай кумурскадай чубаган бизди оң таптырбас эле, Кудай анын бетин ары кылсын!

Күн чыгып, жер бети алыска көрүнгөндөн бери түнкү түпөйүл жүрөктөн оолактап, чыйрыккан дене жазылып, күлкү чыгып, колонна кыйла жанданып келатат. Бычков, арабада үргүлөп келаткан Богомоловго бастырып келип, кулагына угуза: «ач көзүңдү, экинчи кулагыңдан айрыласың!» деп тамашалап, жарадарларды ташуучу арабага шинелин айкарасынан жамынып, сулдуйтуп бутун сунуп жатып алган Салмановду: «Танка кайда?» деп чочутуп колоннага кыйла күлкү салып, мага келип, акыбал жөнүндө рапорт берди. Аңгыча болбой Мариампольдун чыгышындагы токойго кирип келдик. Токой ичи толтура аскер экен. Кыязы мында түнөшкөн окшойт. Жарым сааттай токой аралай бастырып, андан чыга берээрибиз менен Головиндер күткөн хуторго келдик. Булар кечинде эле келип конушуптур. Аманчылык. Биринчи эшелон душманды Мариямпольдон кубалаган бойдон ары жөнөптүр. Штабдан жаңы кабар алмайынча ушул хутордо күтүшүбүз керек экен. Түн бою жол жүрүп, чарчап келген бизге даярдаган тамакты ичип, аттарды отко коё берип, хутордун топ терегинин түптөрүнө суладык...

Штабдан кабар күтүп, ордубуздан жыла албайбыз. Аргасыздан ишсиз убакыт өткөрүү менен талыкшыдык. Хутор, баягы Посохов айткандай. Имараттары дат баспас тунуке менен жабылган. Желбара чимирилип ар хуторду өз электри менен камсыз кылат. Биздикичилеп электр зымдарын тартып жол бойлогон мамылар жок.

Короолору үй куштарына толгон. Сарайлары малга, кампалары данга, чөпкө жык. Согуштун запкысы турмак, жышааны билинбейт. Немистер буларды кантип көрбөй калсын, булардын өткөрүп койгону бар го? Байлар ушул жакта экен. Хутордун ээлери биз менен жолугуудан качышканы байкалат, бирок короосу, айланасы бүт толгон кызыл аскерден кантип жашырынышат эле? Абышка, кемпир, аялдар, жаш балдар... Дүкүйгөн-дүкүйгөн күрп корооздору бизден чоочуркашып, мойну-башынан бери кызарып, тумшугунун үстүндөгү урчуйган, эти салаңдап, канаты менен жер чийип, куйругун чычайтып желпүүрдөй жайып, мойнун койкойтуп куркулдаса, күчүктүн же кандек иттин үргөнүнө окшоп кетет. Бул түгөттүн бирөө куркулдаса, баарысы кошулуп чуру-чуу түшүшкөн немелер экен. Иттери жоон чынжыр менен байлалуу болсо да, арсылдап болушпайт. Кокус бошонсо, торпоктой килейген, карыш кулак капырлар баса калчудай. Малын жайытка чыгарышкан жок. Сарайларынын каалгалары кулпулуу болсо да, ичиндеги бышкырган жылкылардын, мөөрөгөн уйлардын, коркулдаган-чыйылдаган чочколордун эмне камалып турганын билдирүүдө. Биз да аларга тийбейбиз. Ал жөнүндө катуу буйрук бар.

Жөн тура албаган улук лейтенант начхим кыйшаңдап хуторпоктой килейген, карыш кулак капырлар баса калчудай жанынан токтотуп, сүйлөшмөк болду эле, кыз башын чайкап, колу менен жаңсап лам дебей кутулду. Головиндин буйругу менен солдат үйдүн ээсин таап келди. Курагы жетимиштен ашып калган бейм, эти качкан бир чал экен. Элеңдеп, ар кимибизди кыдырата карап чочуду эле, биздин маанайыбызды байкап, бир аз жүрөгү ордуна келгендей болду. Майордун абышкага:

– Орусча тил билесизби? – деген суроосуна чулуңдап башын чайкап: литче бирдемелерди булдурады. Биздин арабыздан эч кимибиз түшүнбөгөнүбүздү сезип:

– По польскему разумем трохи[1] – деди. Анысын да жакшы билгендер болбоду. Головин, Богомоловдор белорус болуп туруп, полякча түшүнүшпөйт экен. Чалдын чын айтканын билиш кыйын болду. Чукугандай сөз таткан начхим начфинге кайрылып:

– Сиз дворян тукумундагы ак сөөктөрдөн эмессизби. Полякча жакшы билишиңиз керек? Сүйлөшүңүз бул чал менен, куюн чегип билиңизчи!

– Боже упаси![2] Бир сөзүн да билбейм – деп, начфин секирип кетти.

– Койгула, сөздү ырбатпайлы. Көзү дурус эмес, догурунуп балаасына калбайлы – деп, Безбородов кийлигишкенде, анын кечээки эскерткендеринен улам, майор сөзүн кыскартып, абышкага колу менен жаңсап, верандасына стол, стул чыгарттырып, начфин иштегенге орун уюштуруп берди. Ошону менен үй ээсине жасаган «дипломатиялык» байланышыбыз бүттү. Начфин кубанып: – Эртеңкиге калтырбай, кечээки финансовый операциямды эстен чыга элек кезинде разноска кылып бүтүрбөсөм, кээ бирөөлөрдүн аттестаттары унут калып, кийин чатак чыгат – деп, кудуңдап булгаары сумкасынан кагаздарды сууруп, столдун үстүнө жайып, үңүлүп ишине кирди.

Чоң жолдор менен тынбай аскер көчтөрү чубалжып өтүп атат. Биз кабар күтүп зеригүүдөбүз. Солдаттар бекер турбай жол камылгаларын жемиш болушат. Иши жоктору карта ойноп, «карабай саат алмашмайды» баштап бири утуп, бири уттуруп сапар карытуу менен алек. Түшкү тамакты ичтик. Кабар дагы эле жок. Кеч кирип баратат. Же байланыш офицери келбейт, же радиограмма беришпейт. Бир оокумда аткычтар полкунун экинчи эшелону бизден алыс эмес жайгашкан хутор кыймылга келе баштагандай болду. Эмне болуп атканын билүүгө Головин чабарманын жиберди эле, ал жетип барып, тигилер жолго чыгып ат-

[1] Полякча аз-маз түшүнөм.
[2] Кудай сактасын!

канын айтып келди. Алардан ажырап, адашып калбагай элек деп, мен тынчсызданып, майорго «ат унаалуулар тигилерден калбай жыла берсек кандай» деп кеңешсем, ал «команда болбосо кантип жылабыз? Балким биздин миномётчулар азыр башка полкту такоолдоп аткандыр? Тигилерди ээрчийбиз деп, биротоло адашып кетип жүрбөгүлө, бир аз күтө туралы» деп атканда начфин иштерин бүтүргөнүн рапорттоп: «Жолдош майор, августтун 25чи числосуна дейре офицерлер камсанабасын. Акча ар кимисинин адресин адашпай табаарын офицердик абийирим менен жооп берем!» деп, бөтөнчө шаңдуу сүйлөдү. Начфиндин рапорту бүтө электе чоң жолдон хуторду көздөй бир машине бурулду. А деп, бу дегиче ал бизге жетип келди – байланыш офицери экен. Пакетти тапшырып атып, офицер биз такоолдогон аткычтар полку Пруссиянын чегине жетип, эски чек арабызга токтогонун айтты. Биздин полкту армиянын артиллерия командалоочусу башка дивизияга которгонун, ал дивизия чек араны бойлоп түштүккө бурулганын айтты. Немистердин илгертен бери чек арасы коргонуу куралдар менен абдан бекем жабдылган болсо керек. Командалоочулардын болжолу боюнча аларды күчтүү техника менен талкалабаса, оңой менен кубалай алчудай эместигин белгилеп: «Эми токтоосуз маршрут боюнча жолго чыккыла, эртең мененки салт 8 нөл-нөлдө Пильвишки шаарчасынын четинде өзүм тосуп турам, кошкула!» деди да, машинесин куюндаткан бойдон, жолго түштү.

Головин пакетти ачып окуп планшеттерибиздеги карталарыбызды жайып, кызыл карындаш менен маршрутту чийип кирдик. Транспортир[1] менен өлчөсөк, 42 км жол басышыбыз керек экен. Дароо жолго чыктык. Хуторду таштап, чоң жолго киргенден соң, башка аскерлердин көчүнөн ачык орун таап, жыйырма мүнөтчө

[1] Транспортир – оймо-чиймелердеги бурчтарды, узундуктарды өлчөөгө арналган сызгычтардын түрү.

экинчи эшелон менен чогуу жүрүп отуруп, анан авто унаачандар биз менен коштошуп, өз ылдамдыгы менен жол тартышты. Ординарецтеринен[1] башка карамагында солдаттары жок офицерлер-шайдооттор (начфин, начхим, смерш), авто унаачандарга жармашып кошо кетишти. Бул күн уясына кылкылдап батып бараткан мезгил эле. Биздин көч кадимки тартиби менен: мен – башында, Бычков – аягында. Биздин алдыбызда да, артыбызда да бизге окшогон ат арабачандар. Сол жагыбыздан кез-кезде ылдам жүрүүчү техника күрүлдөп-шарылдап өтүп атат. Калың токойго кирип келатканда иңир ого бетер коюулап, токой ичи караңгылап, бир аз жүрөк сестенди. Безбородовдун эскерткендери эриксизден эсиңе келип, тири укмуштар элестеле баштады. Айдын толук кези болсо да, күн шооласы өчүп, ай шооласы жанаардагы аралык мезгилде бийик токойдун ичиндеги ымырт өтө түнөрүп, адамды артыкча бушайман кылды. Кылганда кантмек элек?.. Биз сейилдеп саякат куруп жүргөн жерибиз жок. Согушта жүрөбүз. Согуш деген согуш, бардык кырсыкты күтүүгө болот! Тобокел! Кудай сактасын, мындай токойлуу түндөрдү көрбөй жүрдүк беле. Казат жолундагы беш жумадан бери мындайдын канчасын башыбыздан өткөрбөдүк? Күтүлбөгөн жоо катылса, мизин кайтарууга жарайбыз. Биздин авто унаалуулар биз менен кошо жүргөндө Головин, Цыганоктор бизге душмандан калканч болуп берет беле? Алардын карааны эле болбосо, өздөрүнүн ким экенин көрбөдүкпү. Аларсыз деле алды-артыбыз ээн эмес.

Сактыкта кордук жок дейт. Эмнеси болсо да, алдын ала камынып койгон жакшы деп, Бычковду чакырттым. Ал келээри менен мен оюмду айтып, экөөбүздүн оюбуз бир жерден чыкканга бири бирибизге ыраазы болушуп, эки жакка тарадык. Мен алдыңкы колоннанын жетекчисине барып, пикиримди айттым эле, ал киши менден

[1] Ординарец – офицерлердин чабарман солдаты.

жашы да улуу, даражасы да жогору майор экен, биздин армиянын эле бир дивизиясынан экен, сунушумду кубаттоо менен кабыл алды.

Ай жарык. Токой түнт. Биз жолдо. Алыста өтүп бараткан техниканын табыштары жер дүңгүрөтөт. Бирин-серин иттин үнү алыстан чыгат. Мунун баарысы таанымал, кулакка үйүр жаңырыктар. Чоочун, шектүү каңшаар сезилбейт. Тогой ичи желге шуулдап, жалгыз өзүнө гана таандык каңырыш үн чыгарат. Кырс эткен бутактан өөдө кулагыңа шак угулат. Көз карыгып, карек талып, кулак зыңылдап эки жакты элеңдеп, чоочун токойдо ат басыгы менен жер өлчөп, болочоктун сапарындабыз. Күн сайын 40–60 км жол басып Жеңишке жакындоодобуз. Бүгүн түнү да, Кудай аман сактаса, Жеңиш жолунун 42 километрин кыскартабыз! Жакшы тилек, илгери үмүт менен өзүмдү кубаттап, өз көчүмдү баштап тынч, аман келатабыз. Бир кезде алдыңкы колоннанын жетекчиси чакыртып калды. Жетип барсам, майор жарым саатча тыным жасоону сунуш кылды. Мен кабыл алып, өзүмө келээрим менен Бычковду чакыртып сунушту кабарладым да, арткы көчкө да кабарлап коюшун өтүндүм. Беш мүнөткө жетпей жалпы көч токтодук. Саатты карасам, туура 1 болуптур.

Хутордон бери 5 саат жол жүрүптүрбүз, анын ичинен токойдо 4 саат. Бул Литвада биз кезиктирген биринчи чоң токой. Дагы эле четине чыга элекпиз. Аттарыбызды эс алдырып, өзүбүздү сергитип, кайрадан жылдык. Айлана, кудай жалгал тынч. Дагы бир саатча жол баскан соң, токой түгөнүп ачыкка чыктык. Пейзаж кечээки түнкү көргөндөрүбүздөй. Ар кайсы жакта чачыранды хуторлордо бириндеген электр шамы. Жолубуз бутактап, ар бир хуторго кеткен айрыгы көбөйө баштады. Улам көчтү токтотуп аттан түшө калып, кол чыракты жандырып, маршруттагы жолду карап, убара көбөйдү. Айдын шооласы жол көрсөткүчкө кара сыр менен латын-

ча жазылган шаарлардын аттарын гана көрсөтө алат, а карындаш менен орусча жазылган аттарды ат үстүнөн балакетти окуй алсыңбы?..

Чоочун жолдун ар бир удулунда, имерилишинде түшүп-аттанып, бирде түндүк-батышка, бирде түштүк-батышка бурулуп, нечен хутордун жол айрыктарынан өтүп атып, будалануу көбөйсө да, болжошкон жерге убагында жетүү үчүн можуларды ат соорусуна каккылап, ылдам басык менен жол кыскартууга тырышабыз. Жерге жарык түшкөндө тегеректин бети ачылып кеңири көрүнүп кооптуу сезимдер бара-бара азайып, көңүл да кыйла көтөрүлүп, жаңы айланага таңыркоо өкүм сүрүүдө. Хутор деген неме жайнайт. Кышында Посоховдон уккандарымдын элеси кечээтен бери көз алдыга даана көрүнүп, старшина алаңгазар кейиптенгени менен, кыйла баамчыл экенине көзүм жетип, ичимен ага ыраазы болуп келем. Менин артымдагы биринчи арабаны Чистов экөө алмак-салмак айдашып келаткан Посохов, шапалагынын учу менен эки жагын жанындагысына көрсөтүп, бирдемелерди кызуу кеп салып келаткандай.

Токойдон чыккандан берки түзөң жайык бара-бара адыр-күдүрлүү, жыбыт-чыбырдуу, коо-колоттуу аймакка айланды. Бир жапыз белести ашкандан кийии тамаы, боору кырка тамдарга жык толгон бир жылганын бери караган оозу көрүндү. Төмөнүндө биз бараткан жолдун нугу аңгырап ээн. Болжол менен ага дейре 3–4 километрче бардай. Аңгыча болбой, алдыбыздагы колонна жолдун оң жак айрылышына бурулду. Биздин жол көрсөткүчүбүздүн жебеси чоң жолду бойлото көрсөткөндүктөн, тигилерди ээрчибей түз кеттик. Көп өтпөй бир урчуктан имериле бергенде сол жагыбыздан жолду бойлото өткөн бир жыбытка кабылып, анын боору менен капталдадык. Жыбыт ичи ийри-муйру. Таманында калың кырчынды аралап жай аккан кичине кара суу. Айланаң көз алдыңдан жашынып, эки жагың кууш коонун кашатынан, үс-

түндө асмандан башканын баарысы жоголуп, кандайдыр бир туңгуюкка туш келгенсип, көтөрүлгөн көңүл чөгө баштады. Алдыда тоскон бир тумшук. Ошого жеткиче орго түшүп калган немедей чый-пыйым чыкты. Чоочун жолдо жалгыз көч калган бизди кашаттан чыга калган душман баса калуучудай сезип, атымды теминип желдире бастырдым эле, артымдагы арабалардын дөңгөлөктөрүнөн чыккан чырылдак табыштар жыбыттын ичин жык толтурду. Тумшукка канча убакытта жеткенибизди билбейм, айтор жеткичекти эки көзүм төрт болду. Бир оокумда тумшукту кесип өткөн кыяга жетип, алдымды карасам, жоготуп койгон айланам кайра ачылды. Жыбыт бүтүп, кеңири жайыкка келип калыппыз. Жанагы жылганын оозундагы шаарчанын тамдары даана көрүнүп калыптыр. Ал тургай бизден алыс эмес, суу боюна жайгашкан бир өндүрүш имаратынын бийик мору алдыбызда жатат. Токтобой жетип барсак, пиво зооту экен. «Antanns» деген сөздү чоң-чоң тамгалардан курап, темир торго ар бир тамгасын бөтөн-бөтөн тагып кеңири дарбазанын үстүнө торду догодой ийип, босого түркүктөрүнүн учуна кадап салган. Дарбазанын сырты, зооттун айланасы арабаларга, машинелерге толгон. Дарбаза ачык, зооттун короосу – жапайы жарманке, кеңири басууга чолоо жер жок. Чоңдугу ар кандай жыгач челек, оозу-түбү туюк. Солдаттар буту менен тоголотуп, кээси дарбазадан сыртка чыгарып атса, кээлери короонун ичинде эле челектерди тигинен коюп, автомат менен капталга тырт эттирип, атылып чыккан пивого ооздорун, кружкаларын, пилоткаларын тосуп, өлүп бараткансып жутушат. Кыйласы зооттун ичине кирип, пиво ачытып аткан килейген темир, жыгач челектердин боорун аткылап ичип, төгүп, кечип, кээлери ошол эле жерде табарсыктарын бошотуп, абийирсиз иштерди жасап атышат. Кайсы бөлүктөрдүн аскерлери экенин ажыратып болбойт. Погондорунда пехотанын, артиллериянын, сапёрлордун, ал турмак танкисттердин

эмблемалары да жүрөт. Кызып алгандары ээ-жаа бербей, оозунан ак ит кирип кара ит чыгат, орустун маты зооттун абасын булгап атат. Кээси каткырышат, кээси «сволочь капиталист, буржуй»[1] деп зооттун ээсин боктошуп, ызырынып, автоматтарын көкөлөтүшүп ок чыгарып кезенишет. Челек атып атканда, кокустан ок жаңылып жарадар болгондор да бар. Бирин-бири укпай, ар ким өзүнө өзү командир болуп башаламан! Кудай бетин көрсөтпөсүн! Ай дээр аке жок, кой дээр кожо жок!

Он саат жол жүрүп чаңкап келаткан, бизге «пиво» деген сөз мүрөктүн суусундай таасир берип, «Антанастын» дарбазасына учкан куштай тез жеттик эле, бирок тигилерди көрүп, шаабайым сууп, төбө чачым тик турду. Дарбазанын жанында бир замбирекчи капитан ыргалып, ары жактагы бирөө менен кыйкырышып кеп уруп атышкан экен, мен анын жанына келип, өзүмдүн тигил көрүнүштөргө ачуум келгенин тыя албай: «бул эмне деген шумдук, талоончулук! Булардын командири ким экен, тыйып койсо болбойбу?» деп кейип, андан көңүл улоо күтсөм, ал неме мени кубаттоонун ордуна карт кекирип, кулгундусун кайра жутуп: «Что тебе надо? Какой тебе..?»[2] деп, мойнун толгоп тиги, мурдагы «маектешине» бурулганда, тигиниси: «ал ким, эмне дейт?» деди эле, мунусу: «какой-то Чингисхан, косоглазый порядок хочет»[3] деп шылдыңдап күлдү. Муну укканда итатайым тутулуп, ызаланып, намысыма келип тапанча менен сүйлөшмөк болуп колум кабурага жеткенде бериште колумду кармады белем, капыстан мээм жарк деп, көңүлүм чайттай ачылып туталанганым таркап, сабырдуулук пайда болуп, акыл-эсим жайына келе баштады. «Кой, итке теңелбейин. Булар көп калк, мындай сөздөрдү сүйлөгөндөрдү көп иттеринин биринин үргөнүдүр деп теригип да, этибар алып да коюшпайт. А

---

[1] Жексур капиталист, арам бай буржуй!

[2] Саа эмне керек? Саа... кандай тартип..?

[3] Бүтүк көз бир Чынгысхан, тартип керек имиш буга.

мен бул иттин акылсыз, орунсуз сөзүнө ичим өрттөнүп атканын бул калктын акылдуулары деле мендей маани бере албайт. Аны түшүнүш үчүн менин теримди кийиши керек, жок дегенде бети деникиндей, балжайган, же мурду Цагарейшвилиникиндей кочкортумшук болуш керек...

Ошентип ичимден наалып, көбүгү чертилген суусун ичпей, көчүк аарчыгыс сөздүн уусун ичип, калемпирдүү шилекейимди жутуп, өзүмө өзүм кайрат, сабырдуулук чакырып, шылкыйып, арабага, байланган атыма илкий-силкий басып келаттым эле, бир оокумда жанымдан зыр коюп эки машине өтүп баратып, так дарбазанын оозуна токтоду. Алдыңкы «виллистен» генерал формачан бирөө түшө калып, тапанчасы менен асманды аткылап: «Прекратить мародёрство! Застрелю как собаку?»[1] деп бакырып атканда, арткы «студобеккерден» автоматчан солдаттар ыргып түшүп, дарбазадан короого чубап кирип, автоматтарынан ок жаадырып калды. Мен сестенип, өзүмдүн колоннамды карасам, ат айдоочтордон башкалары көрүнбөйт. Офицерлер да жок. Жалгыз гана Салманов калыптыр. «Кудай уруп, биздикилер да капшапка кетпегей эле» деп элеңдеп, дарбаза жакты карасам, генерал көрүнбөйт, ичине кирип кеткен белем, а менин көзөлдөрүм, дарбазанын бурчунан ары кеткен бийик дубалга жанаша өскөн топ бактын ичинде бир челекти тегеректеп, болгон идиштеринин баарысы менен пиво ичип атат. Атыма шап минип, учуп жетип:

– Качкыла арабаңарга! Тез жоголгула бул жерден! – дедим эле, баарысы селт карап, көз ирмемче селее түшүп, зооттун ичиндеги автоматтардын тарсылдагы чочутту белем, Бычков баш болуп жапырт колоннага чуркашты. Дароо унааларын таскактатышып, менин артыма түшүп жөнөштү. Жарым километрче баскандан кийин, тизгин жыйып көчтү жолго токтотуп, офицерлерди көч башына чакырып көргөн окуямды айтып бердим.

[1] Талоончулукту токтоткула! Ит аткандай атам!

Көрсө, биздин эргулдар, мен зооттун ичинде талоончуларга таңыркап бушайман болуп жүргөн кезде, эки челекти сыртка тоголотуп чыгып, суусундары кангыча чардап атышыптыр, көөнөрчөктөрүнө толтуруп алгандары да бар экен. Генерал көрбөй калганына кубанып, анын каарына кабылтпай, ала качып куткаргандыгым үчүн мага алкыштарын айтышты. Посохов менен Чистов, камбыл немелер эмеспи, менин камымды да ойлошкон экен. Ушул жерде көөкөрчөктөргө куюп алган пивону колоннаны кайтарып калган ат айдагычтарга берип, кур ооздорубуздун баарысы суусунга кандык. Үч жылдан бери оозума ала элек элем, алда немедей татыйт. Эңсеп калган экемин, сары суу ичкен уй жолдо калды. Салманов да куру жалган жок, анын ат айдагычы пивого барыптыр. Таня болсо, чарба взводундагы кир жуучу курдаш кыздары менен кошо чуркап жүрүп, пивого тоюп алыптыр. Генерал тигил талоончуларды эмне кылганын билбейм, ал бизге жолуккан жок.

Бир аз бастырганыбыздан соң, Пиливишниге келдик. Анын көчөсү чоң жолго тигинен такалган. Көчөнүн башында өйүз-бүйүз эки үй, андан ары үй артынан үй уланып отуруп жылганын башына дейре жеткен. Тигил эки үйдүн биринде «Farmatio, Apotheca» деп жазылып турат, күткөн байланыш офицери ошол аптеканын алдына машинесин туура тартып туруптур. Бизди көрүп сүйүнүп кетти. Ал биздин кечиккинибизге бушайман болуп, улам турнабайын «карай берип көзүм да карышып кетти» дейт.

– Полктун биринчи эшелону жаңы аткычтар полкун такоолдоп отуруп кечээ саат 18.30 да Вильковишки шаарын бошотуп, Кибартай багытында согушуп атат. Головин баштаган экинчи эшелон кечээ күүгүмдө эле келип, мындан көп алыс эмес хуторго жайгашкан. Бүгүн таң атаар маалда кырсык болуп, начфин окко учту!

– Койчу?! Кантип?

– Начфин байкуш, таңга жуук сыртка чыгып, табарсыгын бошотуп атканда ок жаңылыптыр. Атайылап атканы белгилүү болду. Диверсанттын колунан келбесе, немистерден бул жер кечээ күндүз эле толук тазаланган. Сак болсоңор бул аймакта диверсанттар бар көрүнөт – деди, байланыш офицери.

Бул кабарды угуп, баарыбыз өтө кейидик. Маркумду офицерлерибиз турмак, солдаттарыбыз да жакшы таанучу. Кайран киши!.. Эч бирөөгө орой сүйлөбөгөн, улууга да, кичүүгө да, офицерге да, карапайым солдатка да бирдей сылык мамиле кылган өтө маданияттуу киши эле, бейиши болгур!.. Үч жылдай аскерде, үй бетин көрбөй талаада, кандуу булоон согушта жүрсө да, кылык-жоругу чорго айланбай, назик бойдон сакталган, чанда бир кезиккен асыл киши эле, кайран капитан! Эч кимге кара санабаган, кылайган арам ою жок, кой оозунан чөп албаган ак көңүл, ак ниет момун киши эле, шоруң кургур! «Өзүм жалгызмын, карыган энем бар» дечү эле, байкуш. Эми анысынын шору кайнабадыбы! О Жараткан, ушундай да адилетсиздик болобу?..

Ошентип, ичимден кейип отуруп, байланыш офицеринин машинесин канча убакыт ээрчигенимди билбейм, бир кезде хуторго келип токтогондо гана акыл-эсим жайына келди. Хутор – кадимки хутор, кечээкиден айырмасы жок. Бардыгы бир проекти менен жасалганбы, билбейм?! «Головиндер тетиги хуторго токтоду» деп да, байланыш офицери биз менен коштошуп жолуна түштү. Аңгыча Головин да жетип келип, аман-соолугубузду сурап, өздөрүндө болгон окуяны төкпөй-чачпай айтып берди.

– Биринчи эшелонубуз баарысы аман. Эми эле радиограмма алдык. Мариямпольдон кийин, кечээ кечинде Вильковишкини бошотуп, азыр эски чек арадагы Кибартайдын берки четине бекинишип, коргонууга өтүштү – деп, байланыш офицеринен укканыбызды кайталады. – Силер чогууңар менен ушул хуторго жайгашкыла, биздин жа-

ныбызда орун тар. Ачыкка орношууга болбойт деди полк командири, бардыгы душманга алакандагыдай көрүнөт. Хуторлорду замбирек менен аткылабайт, асмандан бомбулабайт. Анткени немистердин штабында жергиликтүү калктын өкүлдөрү иштешет» деди. Экинчи эшелондун офицерлери бүт чогулуп, начфинди Мариамполь шаарындагы Кызыл Армиянын офицерлеринин көрүстөнүнө коюуну полк командири мага буюрду – деп, бүтүрдү сөзүн Головин.

Шарт боюнча өлүктү санчасттын начальниги, башка офицерлердин катышуусу менен күбөлөндүрүш керек болгондуктан, Салманов менен Кондрашов, аларга кошулуп мен үчөөбүз Головинди ээрчип жөнөдүк. Дароо начфиндин киймин чечтирип денесин карадык эле, ок сол далысынан кирип, сол эмчектин астынан чыгыптыр. Октун багытына караганда ал үстү жактан келген. Балким там үстүнөн?.. Чыккан тешиктен кан бир далай агыптыр. Гимнастеркасынын чөнтөгү ылдый куруна дейре агып, карарып катып калган экен. «Көмкөрөсүнөн жыгылган окшойт» деген Салмановдун болжолун постуда туруп биринчи көргөн солдат ырастады. Сөөктү качан коёрду, ага керектүү материалдарды табууну, асемдерди жасоону Головин менен макулдашып, саат 15 нөл-нөлгө чейин эс алууга өз хуторубузга кайттык. Үчөөбүз келгиче авто унаачандардын көчмө ашпозу биздин көчтүн аскерлерине даярдаган ашын алып келип, тамактандырып аткан экен.

Тамактан кийин офицерлер чогулуп кыска кеңешме өткөрүп, бул жерде бир топко тура тургандыгыбызды эске алып, уставдагы коргонуу чаралардын бардыгын аткарышыбыз керектигин белгиледик. Ал үчүн хутордун ичи-тышын, тамдардын сарайлардын үстүнөн өөдө кылдаттык менен текшерип, кайсы-кайсы жерлерге постуларды коюшту, кай жакка кайсы бөлүкчөнү орноштуруу ылайыктыгын тандаш керек болду. Мунун баарысын макулдашып, аттарды жайытка кайтартып коюп, саат 15 нөл-нөлгө дейре, хутордун сыртындагы топ бакка эс алууга тарадык.

Уйку кандырып, түшкү тамагыбызды ичкиче болжогон убакыт да келди. Бир машинага сөөктү салып, жанына 6 автоматчан солдатты отургузуп, экинчи «студобеккерге» экинчи эшелондун иштен бош офицерлеринин баарысы олтуруп, Мариямпольго жол тарттык. Ал бизден 20 км түштүк чыгыш жагыбызда. Ага Вилковишкиден түз асфальт барат экен. Бат эле жеттик. Эски шаар. Темир жол. Шаардын күн чыгыш тарабында токойдун жээгинде атайын Кызыл Армиянын офицерлеринин» көрүстөнү үчүн аянт бөлүнүптүр. Жалаң кырка тизилген жаңы мүрзөлөр. Даяр көрдүн жанына начфиндин сөөгүн алып келип, аскердик устав боюнча митингди майор Головин ачып, ар кимибиз маркумдун жакшы кылык-жоруктарын эстеп, кайгырып сүйлөдүк. Сөзгө уста начхим, маркум менен бир полкто көптөн бери бирге иштегендерин баяндап, анын ишке адал, сарамжалдуулугун, ак ниет, назиктигин, убадага бекемдигин, толгон-толгон жакшы сапаттарын саноо менен катар кечээки эле, акыркы ишине токтолуп: «байкуш капитан, өлөөрүн сезгенби, унутуп кала электе «бардык аттестатты разноска кылбасам, кийин чатак болот» деген сөзү эртеден бери кулагымдан кетпей, мени далай ойго салды. Бул адам өз мойнуна жүктөлгөн милдетин абийири менен так аткарды, тигил дүйнөгө ала кеткен жок. Анын артында чатак калган жок! Адам кандай даражада болбосун, кандай мансапта иштебесин анын баасы, баркы ишинин натыйжасы менен өлчөнөт! Бүгүн биз ошондой ак ниет, ошондой тартиптүү, ошондой ишине намыскөй, ошондой убадасынан жанбаган ак адамдан ажырап отурабыз. Оңбогон согуш, бул окшогон миңдеген асыл адамдарды ажалынан мурда соруп атат. Каргыш тийген фашизм жалпы адамзатты орду толгус жоготууларга кириптер кылды. «Фашизм жалпы адамзаттын касы, жоголсун фашизм!» деп сөзүн аяктаган соң, митинг бүтүп, сөөк жайына түшүрүлүп, автоматтардан салют берилип, кочуштап топурак салдык.

Солдаттар көрдүн чарасын топурагына толтургуча, көкүрөккө таш болуп салмактанган кайгыдан жоокалоо үчүн ары-бери басып, башка мүрзөлөрдү кыдырсак, баарысы жаңы, кечээ-бүгүн коюлгандар. Кенже лейтенанттан полковникке чейин бар. Кыдырып баратып, биздин начфиндин кыркасынан: «майор Ашкинази Иосиф Моисеевич... погиб... похоронен 29. 07. 1944 г.» деген жазуу окуп, башка чапкандай селее түштүм. Баягы биз Горки шаарчасынан бери мурдагы күнгө дейре ээрчип келаткан «чарбанын ээси» да акыркы жайын ушул жерден тапкан турбайбы?! Кудая табо-о! Офицерлердин эле мүрзөлөрү ушунча болуп кетиптир, а солдаттардыкы канча болду экен? Биздин жолубузда уруштун издери көрүнгөн жок эле мынча кыргын кайдан болду экен? Балким Головин билип жүрбөсүн? Бул суроону ага берсем, ал деле даанасын билбейт, бирок анын болжолу боюнча Мариямпольдо болгон көрүнөт. Биз болсок ал шаардын түндүгү менен кыйла окчун өткөндүктөн кыргындын табышын байкабасак керек. Пруссиянын чегине жакын жана анын борбору Кенигсбергге баруучу темиржол ушул шаар аркылуу өткөндүктөн, жексур фашист жанынын, күчүнүн бардыгынча өз чек арасына жеткирбөө аргасын жасап, айбат кылууга далбас урган да! Анын үстүнө Мариямпольдун чыгышы, түндүгү, түштүгү – үч тарабы тең калың токой экен. Ошого жамынып, жанын куткарууга үмүттөнсө керек немис командалоочулары?! Күнүңөр түгөнүп баратканын сезгенден кийин адамдардын убалына калбай, мыкаачылыгыңарды токтотсоңор болбойбу, каргыш тийгирлер!.. Бизден эле ушунча чыгым болуптур, а фашисттерден аз дейсиңби? Бирок алардын өлүгү эмнегедир көрүнбөйт? Бул суроого жооп табаар бекем деп, тиги нары жакта жаңы мүрзөлөрдү казып аткандардын командирине барсам, булар чынында эле өлүк көмүүчүлөрдүн армиялык ротасы экен.

– Немистер өлгөндөрүн таштабай, өз чегине кыйласын алып кетүүгө үлгүрүшүптүр. Бул жерде калгандары деле

итабар көп. Аларды көмүү жергиликтүү калкка буюрулду. Башка көрүстөндөргө көмүшүп жүрүшөт – деди, тигилердин лейтенанты.

Капитан начфин, Маскөөлүк ополченец, биздин миномётчулдар полкунун биринчи уюткуларынын бири болгон кадырлуу офицерибиз менен жылаң баштанып, жер тиктеп, мүңкүрөп үч мүнөт лам дебей туруп, түбөлүккө коштоштук. Бул куурагыр энесине аттестат боюнча жиберген акчасынан ашык маянасын үйлөнүшүнө арнап, талаа почтанын сактык кассасына салып жүрүүчү эле. 1941-жылдын октөбүр айында Нарофоминскиден казат жолун баштап, 1944-жылы 30-июльда Литванын Пруссияга чектеш районунда бүтүп, туулган жери Маскөө турмак, бүткүл жарык дүйнө менен коштошуп, энесине акыретте гана жолукмак болуп, караңгы көрдүн түбүндө жатып калды.

О Кудай, өзүн сактай көр! Бул жексур согуш бүткүчө, канчабыз начфиндин кейпин кийээрди, канчабызды сактап Жеңишке жеткирип, эл-журтубузду көрсөтүш жалгыз өзүңдүн колуңда, Жараткан!

Ошентип, согуштан мурдагы чек арага жетишибиздин биринчи күнү бүттү. Чабуул да токтоп, ооруктагы бөлүкчөлөр хуторлорду ээлеп, коргонуу аракеттерине кириштик. Эртеси полк командиринин чакыруусу боюнча бөлүкчөлөрдүн башчылары майдандын алдыңкы чегине КПга барып, биздин полк такоолдоп аткан, аткычтар полкунун рота, батальондору ээлеген жайларды дүрбү менен карап таанышып, КПнын артында жарым километрче алыстыкта, түндүктөн түштүктү карай созулган бир коодо биздин миномёттор, артполктун жеңил замбиректери менен аралаш орношконун полкубуздун командири подполковник Иванов, анын саясий боюнча орун басары, штабдын начальниги майор Несговоров өздөрү ээрчитип жүрүп көрсөтүштү. Айтмакчы, Несговоров менен фольварк Малиновскийден бери жолугуша

элек болчубуз, анын майор наамын куттуктадык. Анан алар КПнын жанындагы бир эски траншеянын түбүнө баарыбызды кырка отургузуп алып, мына бул коргонуу чийиндин тарыхын кыскача баяндоого Несговоровго сөз берди. Бул илгерки эле Чыгыш Пруссия менен Левониянын (азыркы Литванын) ортосундагы чек ара – деп баштады сөзүн штабдын начальниги. – Кийин Россия менен Германиянын чек арасы болгондо кыйла чеп курулуп бекемделген экен. Акыркы сапар Литва СССРдин курамына киргенде фашисттик Германия менен Советтер Союзунун чек арасына айланып, аны бекитүү үчүн көп эмгек жумшалып, бирок коргон-чептер бүтө электе уруш чыгып кетиптир. Жанатадан бери кыдырып көргөндөрүбүз ошол 1940–41-жылдардагы эмгектердин, каражаттардын натыйжасы. 1941-жылы фашисттер кол салганда бузулган чептин калдыктары ДОТ, ДЗОТтор, траншеялар, жашыруун каттоо жолдордун томоолору. Эми биз ушуларды тез аранын ичинде ремонттобосок, немис эс-учун жыйып алган соң, бизге чабуул салышы мүмкүн. Ал бетпактардан эмнени күтүүгө болбойт?! – деп баяндамасын бүтүрдү. Андан соң замполит, эл аралык абалды баяндап, биздин ийгиликтерге бүткүл дүйнө жүзүндөгү эмгекчилер кубанып, Советтик Кызыл Армиянын баатырдыгына таң калып, ийгилик каалап аткандарын айтты. «Биз, азыр буржуазиялык психологиядан арыла элек жаңы элдин аймагына келдик. Аларды какпай-сокпой биздин саясатты кеңири түшүндүргүлө, өзүңөр сак болгула! Арасында диверсанттар да болушу мүмкүн» деп, кыска так сүйлөдү. Жолугушуунун акырында Иванов бизди, экинчи эшелондун начальниктерин полктун көп күндүк чабуулунда эч кандай кем-карч сездирбей бардык керектөөчү буюмдарды мүчүлүшсүз, келе дедирбей даяр камдап тургандыгыбызды мактап, алкышын айтып: «казаттын ийгиликтүү жүрүшүнө күжүрмөн салымдарын кошкондугу үчүн мамлекеттик сыйлыкка көрсөтүү» жу-

мушун өзүнүн саясий боюнча орун басары менен штабдын начальнири майор Несговоровго тапшырды. Аны укканда Головиндин төбөсү көккө жетип, уялбай кыйла мактанды. Кээлерибиз (Коптев, Бычков, Гизатуллин, мен жана башкалар) мамлекеттик сыйлыкка татыгадай «баатырдык деле көрсөткөнүбүз жок, мойнубузга жүктөлгөн ыйык милдетибизди гана убагында аткарып турдук, жолдош подполковник, алик алганыңызга ыракмат» деп, тим болдук. Тараарыбыздын алдында Несговоров: «ар кимиңер өзүңөрдүн бөлүкчөлөрүңөрдө бөтөнчө кужурмөн иш жасаган адамдарыңарды сыйлыкка көрсөтүп реляция[1] жазып, эртең саат 12 нөл-нөлдөн калбай жибергиле. Ооруk боюнча бул ишти майор Головинге тапшырсаңыз дейм, жолдош подполковник» деп өтүндү. Иванов Головинге: «адилеттик көз менен карап, ар кимди эмгегине, казатка кошкон жеке салымына жараша өтө кылдатык менен тандап», калыс баалоону тапшырды.

Ошентип полк жетекчилеринин насааттарын угуп, кол кармашып коштошуп кайта оорукка жол тарттык. Далдадагы машинеге түшкөн соң, бүгүнкү жылуу кабарга кыял термелип, ар кимибиз өз санаабызды ээрчидик белем!

Жанатадан берки баяндалган командирлер чогулушу алдыңкы чекте, эки жоо бетме-бет кармашып турган майдандын чегинде болгонун окурман элестөө үчүн ошол учурда кандай шартта өткөнүн кыскача эскертип койбосом, жыйын заңгыраган залда салтанаттуу шартта өткөнсүгөн түшүнүк калтырып аткансыйт. Чынында, биз траншеянын түбүндө сүйлөшүп аткан мезгилде алдыңкы чекте автомат, пулемёттордун кулакка үйүр тыртылдагы, бирин-серин замбирек минамёттордун оозунан чыккандагы дүрмөттөрүнүн жарылгандагы түрсүлдөк-тарсылдактары өнөкөт табыштар болгондуктан, андай тааныштар өтө жакын жерибизден чыкмайынча этибар деле алыш-

[1] Реляция – мамлекеттик сыйлыкка көрсөтүлгөн жоокердин эрдик көрсөткөн иштерин таамайлап баяндоо.

кан жок. Бир гана сапар үстүбүздөн учкан замбирек дүрмөтүнүн «шуу» ышкырыгы эриксизден баарыбыздын башыбызды ийнибизге жикирейтти. Биздикилер анда-санда жооп берип, ашыра тапкан жок. Анткени менен айланада үстөмдүк бизде экени сезилип турду.

«Иши оңолордун ити чөп жейт» болуп, быйыл жайкы операцияда биздин бардык фронтторубузда зор ийгиликтер көп. Түндүк жагыбыздагы кошуналарыбыз Литванын, түштүк тарабындагылар Польшанын аймактарында фашисттердин сазайын берүүдө. Биздин 33-Армия кырк күндүк казатта душмандан Белоруссия менен Литва республикаларынын борборлорун, көптөгөн чоң-кичине шаарларын, жүздөгөн кыштарын, миңдеген хуторун бошотуп, Днепр, Березина, Припять жана Неман дарыяларын кечип, 800–1000 км жол басып, согуштан мурдагы чек арага жетип келдик. Эгерде Минскинин чыгыш жагында курчоодо калган душмандын аскерлерин жоксон кылууга беш күн, Вильнусту бошотууга эки күн, Немандан өтүүгө беш күн буйдалбасак, бул темп менен эмдигиче Кенигсбергге жетип бармак экенбиз. Ушунусуна да кудайга шүгүр. Көз тийбесин. Ийгиликтин кечи жок.

Согуш деген тумоо. «Тумоону батмандап берген кудайым, мыскалдап чыгарат. Чыда балам, суудан качпа, ичип тур, жакында айыгасың» деп мени састумоологонумда көп күнү карандай кайнак суу берип, энем кайратка чакыраар эле, канча кыйналсам да, эмне ишенип, чыдачумун. Энемдин ошонусун эстеп, кыйла кыялданып, бир нерсеге ишениш адамзатка таандык касиет экенин жана ал касиет адам коомун үмүт эттирип алдыга жылууга, аракет кылууга түрткү болуп тураарын түшүндүм... Кыялымдын учуна чыккыча хуторубузга жетип келдик.

Полкубуздун бүт экинчи эшелону үч хуторго орношуп, үч чакан гарнизонго[1] бөлүнгөнбүз. Менин хуторумдун

[1] Гарнизон – бир жерде убактылуу же турактуу жайгашкан аскер бөлүгү.

гарнизон начальниги кылып мени бекитишкен. Кечээтен бери бул хуторго байырлап жатканыбыз менен, мен анын ичи-тышын көз токтотуп жакшылыктуу карай да элекмин, ээлери, үй-бүлөлөрү менен таанышууга чолоо да тийе элек. Жаңы жерде коргонуу үчүн жай тандоо, аны аскердик уставга ылайык жасалгалоо чоң түйшүк экени согушту башынан өткөргөндөр үчүн түшүнүктүү, а башынан өткөрбөгөндөр үчүн – согуш болбой эле койсун! Литванын хуторунун архитектурасы, түзүлүштөрү жогору жакта кеңири эле айтылды көрүнөт. Биз токтогон хутордун алардан айырмасы жок. Майда бүлөсү көп, чоңдору азыраак бир чарба экен. Барановдун мага берген маалыматы боюнча үйдө, сарайларда жана башка имараттарда бекинип жаткан киши жок. Баарысы короосунда, талаасында, жайытында оокаттарын жасап түйшүктөнүүдө. Ишке жарабаган бир чал, бир кемпир бар. Баласы тамтуң басып жүргөн бир келин, орто жашап калган үч аял, жаштары 3 төн 6 га чейин 7–8 бала, 4 тестиер эркек жана кыз бар экен. Чал-кемпир эшикке анда-санда араң кирип чыгат. Жаш келин баласын жумурткадай сүйрү, көгүш, кооз кичинекей темир кол арабага салып, бийик туткасынан түртүп, короого, андан чыгып шоссе менен эгин аянтына дейре барып, кайра келип, сейилдетип жүрөт. Малы, үй куштары башкалардан калышпайт. Бизди көрсө, көрмөксөн болушат, сүйлөшүүдөн качышат. Чоочуркап атышкандыр? Буларды ичкер тарапка, ооруkка эвакуация[1] кылбаган соң, чоочуркайбы, чоочуркабайбы баары бир сүйлөшүп, жүнүн тартып, кулк-мүнөздөрүн байкап сырын чегүү, бөлүкчөнүн командири катары менин милдетим болгондуктан, штабдан келээрим менен үй ичине улуксат сурап кирип, диванда олтурган абышка-кемпир – экөө менен тааныштым. Абышка өмүр жашынын кыйласын жеп койгон неме болсо керек, башы калчылдап калыптыр, менин саламыма литче жооп бе-

[1] Эвакуация – көчүрүү, уруш аймагынан алыс жакка көчүрүү.

рип, чайкаган башын ийкеп, дивандан орун көрсөттү. Кемпири нары жылып орун бошотту. Олтуруп атып ал-жайын сурадым эле, орусча кыраатын бузуп, жаш кезде орусча окуганын, тилин жакшы билгенин, көптөн бери ал тилди урунбай жүрүп унутуп калганына кечирим сурап, жашы сексенден ашканын кабарлады. Кесибин, үй-бүлөсүнүн курамын сурай баштаганда, так жооп бере албай, кемпирине бирдеме деди эле, анысы эшикке барып, келинди ээрчитип келди. Ал поляк кызы, мектебинде орус тилин да окуган экен, абышка экөөбүздүн ортобузга тилмечтикке эптеп жарап берди. Абышканын айтымына караганда, жаш кезинде балык өнөр жайында жумушчу болуп кийин, Литва эркинче мамлекет болгондон бери, дыйканчылыкка илешип, өз күчү менен байып, ушул абалга жетиптир. Эки уулу, бир кызы бар экен. Улуу уулу кызылдар чегингенде кошо кеткен, дайыны белгисиз, кичүү уулун жакында эле немистер армиясына алып кетиптир. Бул келин ошол кичүү уулунун аялы экен. Улуу уулунун аялы үч баласы менен булардын колунда, чарба иштерине кол кабыш жасап жүрөт имиш. Кызынын күйөсү Каунаста бир зоотто иштеп жүрүптүр. Кызылдар чабуулга өткөндө немистер солдатка алыптыр, кызы балдары менен бомбулоодон качып, бир айдан бери төркүнүндө жүрөт дейт. Улгайыңкы тарткан дагы бир аял абышканын инисинии зайыбы имиш. Иниси Мариямпольдо көп жылдан бери темир жолдо инженердик кызматта иштеп жүрүп, немистер чегингенде аны кошо ала кетиптир, эмне болгону, кайда экени дайынсыз дейт. Эгер ушунун баары чын болсо шайтан согуш бул үйдү да жайына койбоптур. Булардын акыбалы биздикинен да жаман белем? Агасы инисине, иниси агасына каршы ок аткан заманга кабылган тура!..

Абышканын үйү көп бөлмөлүү, ичи ар түрдүү эмерекке толгон. Тамынын боорунда түркүн-түркүн сүрөттөр. Бир бөлмөсүндө чакан столдун үстүндө жазгыч машине,

анын жанында үстүнө чүпүрөк жапкан радиокабыл алгыч турат. Аш ичер бөлмөсү кең, ортосунда жабууланган узун стол, эки жагына кыркасынан тизилген отургучу, жумшак стулдар. Керегелеринде алтындын буусуна боёлгон алкактарга салынган киши сүрөттөрү, төр жагында ортодо бир чоң алкакта ортоңку кылымдардагы баатырларча кийинген бир сакал-мурутчан кишинин сүрөтү, астына Vitantas dididis деп жазылган.

– Бул ким? – деп келинден сурасам:

– Сиз билбейсизби? – деп ал мага суроо берди.

– Мен кайдан билем, силердин тарыхыңарды окубасам?

– Бул тевтондордун орденин Грюнвальдда талкалаган, Маскөө мамлекетине үч сапар чабуул жасаган, Смоленски шаарын багынткан, Литванын Улуу князы Витаутас, Сиз орто кылымдар тарыхын окуган эмессизби? – деди келин. Мен ичимден сынып, шек билдирбей, тарыхчы эмес, өз адистигимди айтып тим болдум. Үйүн кыдырып көрүп жүрүп, келиндин аты Гражина, өзү Каунастын университетинин герман филологиясы факультетин бүтүргөнүн, күйөөсү экөө чогуу окуганын билдим.

Хуторду бүт текшерип бүтүп, ээлери менен биринчи сапар дипломатиялык маекти баштап, алардын сары санаасын бир аз баскансыдык. Гражинанын баласынын аты Юрик, өзү немистерге баш ийген литвалык администрацияда машинистка болуп иштегенин да билдим. Бүгүнкү чогулушта Безбородов бардыгыбызга: «кайсы хутордо, кайсы үйдөн мотоцикл, автомашине радио кабыл алгыч, кат жазгыч машине көрсөңөр дароо мага билдиргиле. Үй ээлерине эскерткиле согуш абалда иштөөчү мыйзам боюнча алар конфискацияланат,[1] бирок согуш бүткөндөн кийин ээлерине кайра кайтарылат дегиле» деп, тапшырган эле. Смерштин тапшырмасын аткарбасаң, «душмандын шеригисиң» деген атка дароо коносуң, андан аркы

[1] Конфискация – бирөөнүн мүлкүн мамлекеттин мыйзамы боюнча мамлекет пайдасына алуу.

тагдырыңды отуз жетинчи жылдын тарыхынан кийинки муундар окуп алат! Бул тапшырманы аткаруу үчүн үй ичин кыдырып болгондон кийин, Гражинаны ээрчитип кайра абышка-кемпирдин бөлмөсүнө жөнөдүм. Сөзүмдү кантип баштаарымды таба албай бушайман болуп, бир аз арышымды басаңдатып, а дегенде абышканын оорусу бар-жогун тилмечимден сурасам, ал: «как баш бул саламаттыгы менен менден кийин өлөт, менин күйөөмдү солдатка алып атканда өтө капа болуп, ошондон бери башы калчылдап калды, болбосо, ичкен-жегенинин баарысы аш!» деп, берген жообунан кайын атасы келинин тажаткандай сезилди. Олуттуу сөздү көтөрүүгө абышканын кудурети жетээр деген үмүт пайда болуп, Гражинаны ээрчитип чал-кемпирдин үстүнө кирдим! Аки-чүкүнү айтып чаргытпай эле, жай сылык сөз менен ток этээр жерин таамай айттым эле, абышка муну далысынан билгенби, айтор кабагым кашым дебестен:

– Буюм кимче болуптур, эки уулумду эки жакка тарттырып жиберип деле кемпир экөөбүз өлбөй тирүү жүрбөйбүзбү. Алгыла, ала бергиле, өкүмөткө эмне керек болсо, дагы алгыла. Калган бала-чакам аман болсо болду! – Чалдын бул сөзү оозунан жай чыкканы менен мага ичиндеги өртүнүн түтүнүндөй ачуу сезилди.

– Капа болбоңуз, согуштун тартиби ушундай. Биздин солдаттар немистердикиндей талоончу эмес, эч нерсеңизге тийбейбиз, колдон келсе жардамды аябайбыз. Сокур тоогуңуз жоголсо, мага айтыңыз, мен жообун берем – деп, амалымдын барынча абышканы сооротттум да, радио кабыл алгыч менен кат жазгыч машинени үйдөн алдырып кеттим. Буюмдар абышка-кемпирдики эмес, Гражинаныкы экени тилмечтин кабагынан билинип турат, бирок алып калууга батынып сурай албады.

А дегенде боюн качырып, чоочуркап, кооптонуп турган келин, менин мамилеме жараша уламдан улам жибип, орусча такалып сүйлөсө да, бара-бара суроо жооптон

тышкаркы сөздөргө өтүп, ким экенимди, кайсы улут, кайсы жерден, кайда окуганымды сурап, кыргыз экенимди укканда, кырк биринчи жылы немистердин колуна түшкөн аскерлердин арасында өңү мага окшогондорду биринчи көргөнүн, кийинчерээк «литвалык бир бай немистин бадасын кайтарып жүргөн буланчы солдат өзүн кыргызмын деди эле, сиз чынында эле ошол солдатка көп окшош экенсиз. Мен өмүрүмдө жолуктурган экинчи кыргызсыз» деп чечилип сүйлөдү. «Ал азыр кайда» десем, «билбейм, ал немистин чарбасы бул жакта эмес, менин төркүнүм турган аймакта, мындан жүз километрден алысыраак чыгышта болучу. Мен күйөөгө чыккандан бери төркүнүмө каттай элекмин» деди. Ошентип, Гражинадан уккан шордуу кыргыздын дайынын тактай албай калдым. Мен келинге, жакшы тилмеч болуп бергенине ыракматымды айтып, анын, кооз кол арабада шалдырак оюнчуктар менен алпурушуп аткан баласынын төбөсүн сылап «Юрик!» десем, мени карап, чоочуркабай ыржаңдап күлгөндө энесинин ичи-боору баласына эзилип, мага ыраазычылыгын билдирди.

Ошентип, мен лит улутунун өкүлдөрү менен эзелден бери ата конушунда биринчи жолу дидаарлашып, колумдан келишинче, баарлашып сүйлөшүшүм. Немандын чыгыш жагындагы литтердин үй-оокаттарын, мал-мүлкүнүн азын-көбүн көрүүгө чолоо тийген жок, мүмкүндүк да болгон жок. Тек гана сырткы белгилеринин айырмалыгын кыскача айттым эле: ал жакта элеттиктердин көпчүлүгү кыштакта чогуу жашашып, хуторлору сейрек учурайт, бул жерде кыштак деген жок, жалаң хуторлор экен. Хутордо тургандардын оокат-жайы, жашоо деңгээли биздин, жалпы эле элеттик совет элинин турмушуна салыштырганда кыйла бай, маданияты өөдө көрүнөт. Үч жылдан ашык кандуу кыргын буларга запкысын тийгизбей аттап өткөнбү? Кызык! Бүт Европаны басып алган фашисттердин куралдуу күчү Советтер Союзуна кол салганда ушул

эле Литваны басып кирбеди беле? Эми сайгак тийген уйдай аңды-дөңдү карабай качкан кезинде да, ушуларды тебелеп өтүшпөдүбү! Бирок уруш болбогон жерлеринин баарысы аман: бузулган сарай, өрттөнгөн үй көрүнбөйт. Жайыттарында жайнаган мал, үйлөрүндө электр шамы, элинин кийими бүтүн, карды ток. Эгини желге ыргалып, сарала болуп бышканы турат. А фашисттердии ордосунан беш-алты миң километр алыста турган, урушту көзү менен көрбөгөн менин республикамда, Жээнбектин катына караганда, каргыш тийген согуштун запкысынан нан турмак талканга жетпей ачарчылыкка учураган үй-бүлөлөр пайда болуптур. «Жайында айылга барсам, – дейт – үстүндөгү самтыраган кийимдеринен уялышып, жеңелерим эшиктеринен араң баш багышып, учурашууга мага даап келе албай коюшту»... Муну кандай түшүнсө болот? Эмне үчүн мындай? Гезиттерде, радиодо немистер басып алган жерлерин, элдерин кулдукка, эрксиздикке айландырып атат. Фашисттердин эзүүсүнө чыдабай, эмгекчилер уюшулган түрдө каршылык көрсөтүп атат деп, күн сайын кан кара какшап атпайбы? Билбейм, көрүп аткан көзүмө ишенемби, же радио менен гезиттин сөзүнө ишенемби?.. Бирок батыштагы белорустардын, литтердин үйлөрү, малы согуштан аман калганы менен боору бүтүн, башы эсен үй-бүлөлөрү аз белем? Биз жолдо аралап, түнөп же тынып өткөн кыштактардагы, хуторлордогу үй-бүлөлөрдөн негизинен жаш балдарды, аялдарды, кемпир чалдарды гана көрдүк. Эмгекке жарай турган, курал кармай турган эр бүлөлөрдү кезиктире албадык го? Үй сайын балапандай чөбүрөгөн балдардын аталары болуш керек го? Алар кайда? Же буларды энелери күлгө оонап эле төрөп ала коюптурбу? Биринчи эле дидаарлашкан лит чал кайгысын жашыра албай «эки уулун эки жакка тарттырып» жибергенин айтып салбадыбы. Эгер какбаштын айткандары чын болсо, согуш булардын деле башын соо койбоптур. Тереңирээк ойлосом, булардын көбүнүн

абалы биздикинен да кыйынырак белем: Биздикилер бир эле тараптын жоокерлери болуп, ошонун эле таламын талашып согушуш атса, булардыкы эки тараптын аскерлеринде кызмат кылышып, атасы баласына, агасы инисине каршы ок атышып касташып аткан турбайбы. Чалдын мени дагы бир таң калтырган жери, биринчи эле суроого балдары жөнүндө буйтактабай, чаргытпай, жашырбай ачык айтканы болду. Эмне үчүн антти? Же кайгысын ичине батыра албай тажаганбы, же «эртедиркечтир, мен айтпасам кошуналардан деле билип алат, анда ишим ого бетер оордойт, андан көрө ачыгын айтып, жаңы өкүмөттөн кечирим күтөйүн» дедиби какбаш түлкү, билбейм? Деги, чал канча көп жашаганы менен тажрыйбасы жоктугун билгизип койду. Отуз жетинчи жылды башынан өткөрбөгөндүк кылды. Биздик кексе чалдар мындай суроолорго ой-тоонун башын чаргытып, башыңды айлантмак!

Лит чалдын айткандарынын баарысын чын көрө берүүгө да толук негиз жок. Эгер жумушка жароочу эркектеринин теңи биз жакта жүрсө, дыйканчылыгы аксамак. Далай айдалбай калган жерлерди Маскөө, Смоленски, Витебски, Могилев областарынан басып өтпөдүкпү. А батыш Белоруссия менен Литвада айдоого жарактуу жерлеринин баарысы куру эмес. Жайыттарында мал деген неме жайнайт.

Ой тобо-о! Ойлоп-ойлоп олтурсаң, жооп тапкыс суроолор биринин артынан бири чубала берүүчүдөй. Жооп табууга тырышып, акыл чабыттатайын десең чегиңен чыгып кетүүчүдөйсүң. Чегиңден чыксаң, мойнуңду кайырып, кайра бороздойго түшүрүп коючу күч жанында жүрөт, а балким шилиңден көзүн айырбай күндүр-түндүр аңдып жүргөнүн кайдан билесиң? Мына өзүң менен ишенчиликтүү маектешип жүргөн Безбородовду эле алалы. Ал мамлекеттин атайын тынчысы. Ал сени менен канча ырдашымыш болуп ичи-коюнга киргени менен,

сенин такалган суроолоруңа сени канааттандыраар жооп таап бербейт. Бермек турсун, сага «кулк-мүнөзү жат, совет өкүмөтүнө каршы» деген күнөөнү коёт да, такымыңа «чыккынчы» деген тамганы басып, эң эле боору ооруса, «айыптуулар батальонуна жиберет, болбосо кара бет өлүм жазасына буюрат да чыгашага чыгарат. А андан башкалардан, мисалы Бычков, Баранов же Коптевден суроолоруңа жооп күтсөң, алар сени канааттандырат деп, ишене аласыңбы? Балким, алар Безбородовдун баканооздорудур, кайдан билесиң? Же өздөрү да мага окшоп, акылга сыйбаган көрүнүштү түшүнө албай айран-таң болуп, отуз жетинчи жылдын сабактарын эске алып, суроолоруна жооп берүүчү ишенимдүү киши таба албай жүргөндүр?..

...Ой артынан ээрчип отурсаң, бирде кыямат тозоктун кызыл чогуна жаныңды кактап, чый-пыйыңды чыгарып шаштырып, көр кыстоого салып, кара терге бастырат, бирде кыял турмуштун кымызына суусунуңду кандырып, ыракат багын аралатып, атыр гүлүн тандатып бейиш балын таттырып шатыра-шатман аттырат, жетелей берет, сен андан адашкың келбейт. Кээде аалам мухитин жалгыз кечип, адамзат тагдырын жалгыз чечип, баарысына эркиндик, эркти жалгыз өзүң берүүчү чексиз баатырдай, ченемсиз падышадай сезесиң. Кээде көргөндү көргөндөй айтуудан айбыгып, укканды уккандай берүүдөн аптыгып, өз көлөкөңдөн өзүң коркуп, өз табышыңдан өзүң чочуп, өзүңдөн өзүң шектенип, терең туюкка кептелип, отуз жетинчи жылдын эпкини даарыгансып чындыктан чүнчүп кетесиң, турмуштан аша кечесиң! О Кудай, О Жараткан, өзүң сакта, өзүң жол көрсөт!

Ошентип, мурда көрбөгөн жаңы калктарды, жаңы шарттарды биринчи жолуктуруп, мурда калыптанган ачык түшүнүгүмдүн, катуу ишеничимдин, даана ориентиримдин,[1] көнгөн көз карашымдын белгилүү өлчөмдөрү

[1] Ориентир – караан, баамдоо багыты.

буларды өлчөөдө эмнегедир күткөн натыйжаны бере албай атканын байкадым. Өз ичибизде бака-шака кайнап, жаңы коом курап, жаңы турмуш куруп, жаңы заманда жаңыча жашоо менен алек болуп жүрүп, сыртты көрбөй, сырын билбей казампакта, капаста өсүп, өзүбүздү өзүбүз ээн жердин ээсиндей, биздикинен башка цивилизация[1] жоктой сезип, ала көөдөн, куу чирен өсүп калганбызбы дейм?..

Хутордун ээлери менен таанышып, үй ичин, короожайын мал-салын көргөндөн кийин, көп нерсеге түшүнө албай он талаа болуп атып, мойнумдагы бүгүнкү милдеттеримди унутуп бараткан экенмин, бир оокумда «күп» деген табыш кулагыма шак угулуп, селт этип, чалды-куйду оор түш көрүп аткан уйкудан ойгонгонсуп, көзүм умачтай ачылды. Көрсө, асманда зениттин дүрмөтү жарылыптыр. Ошондо «кеп музоо эмизет, музоо таяк жегизет» болбоюн деп, бүгүнкү, азыркы кыжаалат ишиме киришүүгө шаштым. Күн кечкирип баратыптыр.

Ошол күндүн кечинен тартып, кийинки дагы беш күн бөлүкчөлөрдүн коргонуу мезгилдеги жайгашуу, бекинүү жана ушул сыяктуу камылгаларыбызды тактиканын эрежесине ылайык жасоо аракетиндебиз. Арабыздан бул чабуулда абдан көрүнүктүү иштерди жасагандарды, жоонун аскерлери менен Минскинин чыгыш жагында бетме-бет кармашууда эрдик көрсөткөндөрдү мамлекеттик сыйлыкка сунуш кылып штабга тапшырдык. Ушул аралыкта хутор ээлери менен бир нече ирээт сүйлөшүп, окоп казууга, жертөлө салууга алардын улуксатын алып, бири бирибизден чочулоо жоголуп, Гражинага жана ал аркылуу башкаларга тамаша калжыңдарды айтып, алардан да жылуу сөз угуп жакындаша баштадык. «Лабас ритас», «лаба диена», «лабас вакрис»[2] деген учурашуу сөздөрүн үйрөнүп алдык. Биз жайгашкан аймак Алекс-

[1] Цивилизация – коомдун маданий деңгели.
[2] «Куттуу таң», «Куттуу, күн», «Куттуу кеч!»

неняй бир кыйла хутордун географиялык, административдык аты экен. Булардын орто ченинде пайдубалын таштан курап, аянтына таш төшөгөн, алыстан заңкайып көрүнгөн костёл[1] турат. Буга жекшемби сайын эл келип чокунат дешет. Майдандын алдыңкы чегинен он километрге жетпеген артта турса да, бүгүн 5-августа таң эртеден бери костёлдун коңгуроолорунун «жаагы» тынбай эркек-аял аралаш жөө, арабачан чубап ар кайсы тараптан көп эл чогулду. Биздин хутордун чоң бүлөлөрү абышка-кемпир баштап баарысы, балдарын ээрчитип костёлго кетишти. Бир жумадан бери булар менен бирге туруп сынык чырпыгына да зыян келтирбегенибиз хутордун ээлерин ишендирдиби, же дагы сынагылары келдиби, же болбосо, жалпы эле салтыбы айтор, үй-сарайларынын бардыгын ачык таштašты. Анысы мен үчүн артык баш түйшүк болду. Бөлүкчөмдө өзүмдүн штаттагы ишенчиликтүү солдаттарымдан тышкары батареялардан келген жаңылары да бар. Оноприюк окшогон немелерге кантип ишенүүгө болот? Бул хуторго жайгашкан чакан гарнизонго керт башым менен жооп бере тургандыктан, бүт жоокерлерди чакырып, хутордун эч нерсесине тийбегиле, «кокус кожоюндан кымындай эле даттануу уксам, таарынбагыла!» деп баарына эскертип, ал үчүн жалгыз гана тентектик кылган аскер эмес, анын командири да катуу жазаланаарын баса белгиледим. Ошентип аткан кезде костёлге ар кимиси бирден киши учкаштырган эки мотоциклчен келди. Бардык гарнизондон костёлго биз жакын элек. Булардын ким экенин билиш үчүн Баранов, Кондрашов экөөнү солдат кошуп жибердим эле, алар барып, бир топко буйдалып калышты. Аңгыча Головиндердин хуторунда жүргөн Безбородов келди. Мен ага костёлдо болуп аткан окуя жөнүндө жана мен ал жакка аскерлерди жибергеним тууралуу айттым эле, ал менин көрүп аткан чарамды кубаттап, өзү тегеректеги

[1] Костёл – католиктердин чиркөөсү.

хуторлордон беш күндөн бери 3 жазгыч машинка, 5 радио кабыл алгыч, 2 мотоцикл 1 жеңил «оппел» машине, 5 сайы жок мылтык чогултканын жана литтердин ишке жарактуу эркек бүлөлөрүнүн көбү өз ыктыяры боюнча, азы күч менен немистер тарапка кеткенин кыскача айтып берди. Совет бийлигине каршы үгүттөр бул жакта согуштан мурда эле күчтүү болгонун, анын өздөрү немистерге карап калгандан бери ого бетер күчөп, чоңдору тургай, мектеп жашындагы балдарынан өөдө ниеттерин бизге каршы бурап салганын баяндап отурган кезде, Барановдун тобу келип билген жаңылыктарын Безбородов экөөбүздүн ортобузга салды. «Костёлдо чокунгандардан эч нерсе түшүнүп болбойт. Ксёндзу[1] чоң китебин шатыратып окуп атканда анда-санда «спиритус» деген сөзүн гана даана угуп, калгандары кулагыма кирбей койду, жолдош начальник. Айтор, чокунганы келгендерден спирт сурап атабы же спирт ичкиле, же спирт бергиле деп атабы, деги ичкилик жөнүндө аңгеме курап аткандай сездим, жолдош начальник. А тиги эки мотоцикл менен келгендер, орусча так сүйлөшкөн немелер экен. Райаткомунун, айылаткомунун кызматкерлерибиз дешет, орусча жазылган күбөлүк кагаздарын көрсөтүштү. Костёлдордо антисоветтик[2] үгүт-насааттар таратылбасын текшерип жүрөбүз, кооптонбой эле койгула андайлардын сазайын өзүбүз окутабыз, дешет» деп, Баранов сөзүн бүтүрдү. Менин күлкүмдү келтирген Александр Михайловичтин лит ксёндзу «ичкилик жөнүндө аңгеме курап» атканы болду. «Ксёндз» Инжилди латынча окуп атса, ал латынча «жан» дегенди «спиритус» дей турганын Баранов биз ичип жүргөн ичимдик деп түшүнүптүр да! Албетте Баранов католик эмес православный динди деле бала кезинде ата-энесин туурап чокунгандыгы болбосо, чындыгында

[1] Ксёндз – католиктердин побу, костёлунда (чиркөөсүндө) диний иштерди башкарат.

[2] Антисоветтик – советке каршы.

билбейт да. Билбестик айып эмес – кемтик. Кемтик канча өөн болбосун – кечиримдүү. Православие дининде китептери байыркы славян тилинде жазылгандыктан, орустар ондон бирин болсо да түшүнүшөт, а католиктердин диний китептери, латын тилинде жазылган дубалары, келмелери латынча окулат. Аны эч качан укпаган, көрбөгөн, окубаган Баранов турмак күнүгө чокунуп жүргөн католик поляктар, литтер деле билбестир? Мен институтта латын тилин окугандык кылып, «спиритустун» маанисин түшүндүрүп, кеп «жан» жөнүндө болуп атса керек, болбосо костёлго чокунганы келгендерден спирт сурап ксёндз өлүп баратыптырбы десем, Саша каткырып күлүп, өзүнүн сокур түшүнүгүн мойнуна алды. Аны менен кошо Кондрашов, Безбородов – баарыбыз күлүп, кыйла жеңилдеп алдык.

Деген менен майданда абал күндөн күнгө татаалданып бараткандай. Немистер эс-учтарын жыйып келаткан бейм? Алдыңкы чекте пулемёттордун, артиллериянын табыштары көбүрөөк чыгып, биз тараптан да батареялар короочу иттердей заңкылдап бат-бат жооп кайтарууда. Кечээтен бери асманда фашисттердин кыргынчы, чалгынчы самолеттору айлана баштады. Жергиликтүү калк өздөрүнчө кулдурап эмнелерди талкуулап атканын ким билет, хутордон хуторго, костёлго ары-бери жүргөндөрү көбөйө баштагандай сезилет, бирок шек билдиришпейт. Эмнеси болсо да, сактыкта кордук жок. Гарнизондун коргонуу кубатын күчөтүшүбүз керек деген натыйжага келдик. Безбородов эртең эрте штабга бараарын айтты. Менин да штабда зарыл жумушум бар эле «оппелиңе» отургузуп, бир аз желдетип келбейсиңби десем, улук лейтенант: «көрүндүгүн жакшы берсең – машине сенден айлансын» деп, тамашалап күлдү.

Экөөбүз бир топтон бери чогуу тамак иче электигибизди эстеп, Чистовго көзүмдү кыстым эле, ал эргул айттырбай камылга жеп, баарысын даярдап коюптур.

Тамак алдыга келгенде наркомскийден бир аз кылт эттирип, «машинең кут болсун, жаның бек болсун, көрүндүктүн алды ушу болсун» деп тост көтөрдүм. Ичке «эл конгондон» кийин, бүгүнкү түйшүктөргө тиешеси жок өткөн-кеткендерден эскерип чаржайыт сөздөргө өткөндө, Баранов бизди калтырып, солдаттар жакка жөнөдү. Ээн боло калгандан пайдаланып Безбородов мурдагы үзүлүп калган оюн улап, менден казат жолунда көрүнгөндөрдү, көңүлдө кандай эстеликтер калганын сурап:

– Экөөбүз көптөн бери чоло тийбей, кышындагыдай, жазындагыдай кеңири сүйлөшө элекпиз. Андан бери жаңы элдерди аралап, жаңы жерлерди көп бастык. Жаңы элестер кандай таасир калтырууда? – Булардын «жылма» сурагынан далай жолу өтүп дасыган тапан болгондугумдан, такалбай шар сүйлөп, көргөндөрүмдү: элдердин турмуштарын, ал-жайын, кулк-мүнөздөрүн эки типке бөлгөндөрүмдү айтып, батыш белорустар менен литтердин байлыгына, согушта чып-чыргасы коробой, чырпыгы сынбай аман калганына, анан немистерди биз чакырып келгенсип, бизге тоң мамиле кылганына жиним келгенин жашыра албадым:

– Сволочи! На востоке страны от Чукотки до Минска, от Кушки до Ямала – все народы до единого ради победы над фашизмом отдают свое последнее, а тут, не говоря о жратве, катаются на машинах, мотоциклах. Зло берет. Да еще вы заступаетесь за них: «не трогайте, не грубите!»[1] деп Безбородовду каптата бердим. Улук лейтенант менин сөздөрүмдү муңайып угуп, бир аз сабыр кылып, күлүмсүрөп жай гана кобурады.

– Баардыгын туура баамдаптырсың, доктор. Өзүң менден кичүү, жаш болгонуң менен илимий кызмат-

[1] «Жер жутсун! Өлкөнүн чыгышында Чукоткадан Минскиге, Кушкадан Ямалга дейре бардык элдер, фашисттерди жеңиш үчүн акыркы буюмуна чейин берип атышса, бул жерде тамак-ашты коюп машинеде, мотоциклде дуулдап, күйдүрүшөт. Анын үстүнө силер да: «тийбегиле, орой сүйлөбөгүлө» деп жан тартасыңар!»

керге таандык кыраакылык, ынта, сереп жана кыйла жөндөмдүүлүк бар экен сенде. Мен жана айтпадымбы, булар менен немистердин мамилесин. Немистер буларга атайын тийген эмес, бизге каршы турууга даярдашкан. Анан кантип бизге оң мамиле болот? Бирок менин айтайын дегеним башка. Силер эмне, баарыңар убадалашып алгансыңарбы? Киминер менен бул тема тууралуу сүйлөшпөйүн баарыңар бириңерди бириңер кайталап, тигилерге ызырынып, акыры, бизди күнөөлөйсүңөр. Ырас, биз – мамлекеттик коопсуздук органдардын кызматкерлери, силер жек көрүүгө татыдык. Биздин отуз жетинчи жылкы кылган кылыктарыбыз Совет өкүмөтүн орнотуудагы элибизге кылган жакшылыктарыбыздын баарысын сууга салып, жалпы калктын каргышына татыктуу кылды. Биз ал каргышты бул эмес тигил дүйнөдө да жууп кетире албайбыз! Биз ошол мүшкүлдүү тажрыйбанын сабагын кайталабас үчүн бардык окуяларга этияттык менен мамиле кылып, кыраакылыкка үйрөнүп атабыз. Албетте күнөөлүүлөр жазасыз калуу керек эмес, бирок ошолордун шарданы менен күнөөсүз, ак кишилер кошо жазаланбаса экен деп, чочуйбуз. А силер, Кызыл Армиянын офицерлери, коммунисттер, комсомолецтер бизди колдоонун ордуна, кайра жемелейсиңер.

– Ичибиз күйүп атпайбы. Согушту көрбөгөн жерлерибизде запкысын тартып, элибиз ач жылаңач болуп атса, согуш басып келип, качып кетип аткан жердегилер кабагым кашым дебей, калаймандан кайгы жебей, байпагы манат бойдон жүрүп атса, кимдин ичи күйбөйт, кимдин кыжыры кайнабайт?

– Ал туура. Буга сокурдун деле жаны кашаят. Бирок айла канча? Булардын баарысын чечен, балкар, карачай, калмактарча айдап жибере албайбыз да?! Биринчиден, батыш белорустар, литтер, латтар, эстондор – баарысы биздин мамлекетке жаңы кошулган, биздин тарбия-тартиптерди жакшылыктуу көрө электе эле согуш чыгып кетти.

Экинчиден, булар өлкөбүздүн ички территориясында эмес четинде, башка мамлекеттер менен чектеш. Үчүнчүдөн, союздук республикалар. Сталиндик Конституция боюнча ар бир союздук республика СССРдин курамынан чыгып кетүүгө укуктуу...– Безбородовдун мага баяндап аткан насааттарын чыдамсыздык кылып үзүүгө мажбур болуп:

– Чечен... калмактарды кайда айдап жибердиңер? – дедим. Безбородовдун өңү кубарып, суроомо шар жооп бере албай мукактанып, бир паска үнүн чыгара албай калды. Жашыруун сырды байкабай оозунан чыгарып ийгенге өзү менден чочуду белем?.. Бир оокумда башын бир чулгуп, салбырап кабагына түшүп келаткан чачын артына серпип:

– Болуптур. Айтайын. Бул азырынча мамлекеттик жашыруун сыр. Оозумдан чыкпаса болот эле, бул мен үчүн кечиримсиз күнөө. Сенин ак пейилиң, таза жүрүшүң, патриоттугуң, карамагыңдагы жоокерлер менен жолдоштук ишенимдүү мамилең, коллективде барктуу бааланганы, мени сага жакындатып, ишеничимди күндөн күнгө арттырганына алданып кеткен турбаймынбы. Мейлиң мени кармап бересиңби, бышырып жейсиңби өз абийириң өзүңдө. Болоор иш болду! – деди да, кайра мурдагы калыбынча аңгемесин улантты. Мен анын айткан жаңылыктарынан өзүм чочуп, байкабай олдоксон суроо берип, эми алапайымды табалбай «кайтадан отуз жетинчи жыл башталганбы?» деп бушайман боло бердим.

– Кырк экинчи жылы немистердин чабуулу ээ-жаа бербей Кавказга, Волгага жеткенде калмактар чыккынчылык кылып, чечен, карачай, балкарлардын аскакалдары фашисттик баскынчыларга кементай жабышып, ак-боз аргымак тартышып, аларды салтанаттап тосуп алышыптыр. Анан андай чыккынчыларды биз антпегенде кантет элек?.. Сибирге, Орто-Азияга айдалышты.

– «Өзөктөн чыккан дарт жаман, өздөн чыккан жат жаман» дейт бизде.

– Ташка тамга баскандай айтылган ылакап экен. Жаман дартты өзүнө тиешелүү жаман дары менен дарылабаса, кабылдап зилдеп кетет, башкага да жугат. Ал эми, сен «өзөктөн чыккан дарт» деп, таамай белгилеген окуянын анабаш дарыгери мамлекет башчылары, а биздин орган алардын рецептиси боюнча буйрук аткаргыч гана желдет.

– Эгер алардын баары чыккынчы болсо, эмне үчүн биздин полктун чалгынчыларынын командири калмак, капитан Бадмаевди, алтынчы батареянын командири карачай улук лейтенант Урусовду чоң чабуул кызуу башталганда согуштан алып, аскердик академияга окууга жибердиңер? – десем, Безбородов калп күлүп:

– Атасынын башынын академиясыбы. Ал улуттардын армиядагыларынын баарысын чогултуп, текшерүүдөн өткөрүп атышат. Алар экинчи жолу фронтту көрбөйт, туугандарынын тагдыры кандай болсо, алардыкы да ошондой болот…

– Ушул согушта эрдик көрсөткөндүгү үчүн эки орден алган Бадмаевде, бир орден алган Урусовдо эмне күнөө? Өзүң аларды үлгү кылып, мактачу эмес белең? Эгерде чыккынчылык кылышса небак эле немистерге кирип кетишпейт беле? «Сын за отца не отвечает»[1] деген Сталиндин принцибин ким бузду? – деп чыдабай, Безбородовдун кебин бүтүртпөй үздүм.

– Э-эй… өтө көптү билсең мээңе доо кетет, жинди болосуң! Ар мамлекеттин ар кандай амалдуу саясаты бар. Мен сага боорум эзилип, ансыз да ашык калжырап жибердим, муну бирөөлөргө шам-шаркыт кылбассың деп, сага бек ишенем. Кокус оозуңан чыгып кетсе, айткан мен да өлөм, уккан сен да өлөсүң! – Безбородовдун акыркы сөзү бүткөн боюмду бүт дүркүрөтүп, чачымды тикесинен тургузду, Ошентсе да, бүдөмүктөрдү тактагым келди:

– Ат тартса, чапан жапса, бизге нааразы аксакалдары жапкандыр. Катын-балада, канын төгүп согушкан

[1] Баласы атасы үчүн жооптуу эмес.

жоокерлерде эмне айып? Баарысын чогултуп ак-карасын териштирбей улут-улуттардын уясын бузуп, тигилерди айдап жибересиңер да, буларды: «этият болгула, сылык мамиле кылгыла дейсиңер. Биздин аттарга жем жок, Бычков полк командиринен тил угуп, 200 километр алыс калган армиялык базадан убара болуп жем тарттырууга мажбур, а бул жерде ар бир хутордун кампасы эски эгинге тирелип турат, а жаңы түшүм талаада бышып атат.

– Туура айтасың, досум. Менин колумдан келсе, сен ойлогондой эле жасаар элем. Бирок мага укукту ким берет? Бүт улутту түп көтөрө көчүрүп, коломтосунун күлүн сапырганда эмне максатка жетмек элек? Миңи кырылып, бирөө калса да, ошол калганынын жүрөгүндө өчпөс так, көөдөнүндө кетпес зак сакталмак, укум-тукумга өтмөк. Аны эстеген ким? Эстеген табылса да, ага укук берүүчү табылбайт. Бизде көп учурда: «лес рубят, щепки летят»[1] деген орустун макалы боюнча иштеп, жакшы чыкса өкүмөт башчысына даңк, жаман чыкса жазалоо органы – биз күнөөлүү болуп келатпайбызбы, досум. Кой, колубуздан келбеген нерсеге ой жүгүртүп, баш оорутпайлы. Ансыз деле ээн жерде эркин сүйлөшүп чийинден чыгып, коркунучтуу зонага өтүп кеттик. Силер, жоокерлер, бизди – органдын кызматкерлерин жалаңкычтай эле көрөсүңөр, аны билем, бирок биз деле кишибиз, ичибизде ар кандай киши бар. Баары эле жалаңкыч эмес, – боорукерлер, адамгерчиликтүүлөр да бар. Мен деле буларга этият болгула, тийбегиле деп айтканым, кокус нааразылык чыгып, акыры чечен.. балкарлардай болуп кетпесе экен деген тилегим. Булардын байлыгын, биздикилердин жакырлыгын көрбөгөндөй сокур эмесмин, силер ойлогондой жалаңкыч эмесмин, досум? Сен менден кооп санап чочуба! Экөөбүздүн маегибиз айтылган жерде эле калсын. Убакыт да бир топ болуп калды – саатын

[1] Токой жыкса, чамынды чачырайт. Мааниси: төөнү сел алса эчкини асмандан көр!

карап алып, – сенин гарнизонуңа кеглениме төрт саат болуптур. Көп ишиңе жолто болупмун, кечирип кой. Эртең менен өзүм келип алып кетем сени, кош көрүшкөнчө! – деп ордунан туруп басканда мен машинесине дейре узаттым. Кол кармашып коштоштук.

Безбородовдун сөздөрү башымды катырып, ичиме бушайман салып, анын ички дүйнөсүнүн капкагы бир аз мага ачылды. Өзү «смерш» болгону менен ою, санаасы, тилеги меникиндей, Коптевдикиндей эле турбайбы. Бул байкуш сырдашаар киши издеп, көпчүлүктүн ичинде жалгызсырап жүргөн турбайбы!

Айсыз түндө, алдыңкы чекте бүгүн артиллериялык дуэль[1] көпкө дейре басылбай бирде замбиректер жалгыз-жалгыздан такылдашып, бирде тобу менен дүңгүрөшүп тынчыбызды алууда. Кез-кезде немистин асма чырагы асмандын көрүнбөгөн илмегине илинип, көпкө дейре, жерде жөргөлөгөн кумурска да көрүнгүдөй жарык кылганда пулемёт, автоматтарга да тил кирип, бардык согуш куралдарынын какофониясы[2] өкүм сүрө калууда. Бир чети бул табыштардан чочулап, бир чети Безбородовдун айткандарына убайым жеп, жылдыз санап көпкө уктай албадым.

«Түрс» деген табыш менен кошо башым зыңк этип чочуп ойгонсом, топ теректин түбүндөгү акырдан чөп жеп аткан аттар үркүп атыптыр. Асманда, так биздин төбөбүздө күркүрөгөн, озондогон самолёттор ителги тебиш, ылаачын серпиш, жагалмай кайкуу, карчыга кудуу, турумтай айланыш, бүркүт шукшурулуш ойноп, кымгуут уруш жүрүп атыптыр. Жерге жарык түшкөнү менен күндүн нуру чачырай элек. Мага удаа ойгонгон жанымдагы Баранов мени карап:

– Ой, эмне болдуңуз, жолдош начальник? – деп ордунан ыргып турду. Мен ага карап:

---

[1] Дуэль – бирин-бири мээлеп атышуу.

[2] Какофония – бир мезгилде чогуу чыккан, ар кандай шайкеши жок, келишпеген кулакка жаман угулган үндөр.

– Эмне болуптур? Мен эчтеке болгонум жок – деп, башымды көтөрүп өзүм ордуман тура электе чекем ылдый жылуу бирдеме куюлуп келатканын сезип, колум менен бассам, былжырай түштү. Алаканымды карасам – кан! Таң калып бир аз аны тиктеп атсам, кан тумшугум ылдый шорголоп алаканыма тамчылап кетти. Баранов дароо жанымдагы пакеттен кебез алып, төбөмө басып, анан аны мага алаканым менен бастырып коюп, өзү бир жакка чуркап кетти. Мен өз канымды өзүм көрүп бир аз көөнүм айнып, башым салмактанып бараткансыйт. Бирок ооруган жерим билинбейт. Аңгыча Александр Михайлович Салманов менен Кондрашовду ээрчитип келди. Алар менин башымды карап жаранын узун-туурасын, тереңин өлчөп киргенде, зонд тийген жерлери чымырап ооруп атты. Бир кезде зонддун учу менен Салманов бир жерин тыкылдатты эле мага балка менен дөшүнү уруп аткандай катуу так-так эткен табыш угулуп, көзүмөн чагылган жаркылдады. Ооруганына чыдабай тигинин колун кармай калдым.

– Кос селий – деген Салмановдун үнү угулду. – Чуть ниже сапсем пропал бил би.[1]

– Жолдош капитан, багыңыз бар экен. Маңдай сөөк аман, терини гана тилип кетиптир. Жарааттын узундугу 7,5 см, сөөк чел да тилинип, жараат алжайып калыптыр, эни орто ченде 1 сантиметрге жетет – деп, Кондрашов нары жактан Таняга йод алып келүүнү буюруп, кайра мага кайрылып,– саал эле тереңирээк тийгенде сөөктү талкалап, мээге доо кетирип чатак болмок.– Дагы башка мага жөлөк болучу сөздөрдү сүйлөп, йоддун эритмесин кебезге чылап, жараатка сүйкөгөндө мээм какшап, оозуман жалын чыкты. Кан басылгандан кийин, мен төшөгүмдөн туруп, гимнастеркамды Чистовдун жардамы менен кийип, өөдө турсам, башым зеңгиреп, жер көчөт. Жыгы-

[1] Кость целая... Чуть глубже б прошла, совсем было бы плохо – Сөөк аман... Кокус тереңирээк тийсе, он, калмак эмес.

лып кетпес үчүн Ефимге жөлөнүп, санчастын арабасына келдим. Анда операцияга даярдык көрүп атышкан экен.

– Жараат шишип кете электе, жаңы кезинде тиксе жиги билинбей айыгат – деп, Салманов колдорун спирт менен жууду. Кондрашов жарааттын тегерегиндеги чачтарды кайчылап кыркып, дезинфекторлор менен жууп тазалап атат. Мен болсом, корунган коёнго окшоп алардын астында бүжүрөп, айткандарынын баарысына макул болуп, таңуучу материалдар салынган сандыкта олтурам. Бир маалда Кондрашов бет маңдайыма туруп, эки алаканы менен эки чыкыйымды кыса кармады. Салманов артымда туруп, ийри ийне, жибек жип менен жараатымды тиге баштады. Оорутпачу дары колдонбогондуктан, терини эле тепчип атса да ар бир сайган ийнесинин учу мээмди чукуп аткандай какшатат. Чыдабаска айла жок. 5-6 эле учук салып жарааттын четин кабыштыра тигип, бардык операция беш мүнөттөн ашпаганы менен, мен үчүн ал убакыт кылымга созулгандай сезилди. Канчалык башымды былк эттирбөөгө тырышсам деле, ийне терини тепчиген сайын оорусунан бүткөн боюм бүт калтырап, эриксизден башым ийниме жикирейип кирип катип атты. Операция бүткүчө денемди бүт кара тер басты. Салманов менен Кондрашовдун божомолу боюнча менин башыма ок эмес замбиректин дүрмөтүнүн сыныгы тийген имиш. Ок болсо, тийген жериндеги терини жарып, кыйла бүлүнтүп өтмөк. Самолётторду атып аткан зенит замбиректердин жарылган дүрмөттөрүнүн чачырандылары жерге түшкөндө удулундагы нерселерди чырпып кете берет. Менин башым да миңдеген сыныктардын бирөөнө туш келген белем?

Өз жаным менен алек болуп атып, асмандагы кагылыштар эмне менен бүткөнүн байкай албай калдым. Операция бүтүп башымды таңгандан кийин жаным жайына келип, асман эсиме түшүп карасам, уруш бүткөн. Самолёт тургай карга жок, асман таза. Ордуман туруп,

ары-бери бассам, башым бир аз салмактанып айланды. Жанатадан бери чымыркаnып тиштенип операцияга чыдап бергенимдики болсо керек. Баранов бир колтугумдан, Посохов экинчисинен жөлөп, өзүбүздүн бөлүкчөнүн жайгашкан чатырларына келдик. Менин карамагымдагы солдаттарымдын бардыгы чубуруп келишип салам берип учурашып, үрпөйүшүп убайымдуу, менден бирдеме күткөнсүшөт. Аңгыча болбой Кондрашов жаныма келип:

– Капитан Салманов эвакокарточка[1] толтур деп атат. Сиздин пикириңизди билгени келдим – деди. Мен бир аз ойлонуп калдым. Кулагым чуркурайт, үстүнөн таңуу өткөргөндүктөнбү, билбейм. Дары-дармек салган норма № 2 сандыктын үстүнө олтургандан бери башымдын ичи шоолдоп, көңүл бир аз көтөрүлүп жеңилдеп келатат. Диагнозду такташ үчүн Кондрашовдон:

– Сөөк аманбы – дедим.

– Аман, бирок чийин бар, чийин терең эмес.

– Анда госпиталга барбайм. Мени жарадар деп журналыңарга жазбай койсоңор деле болот дегенимде, мени тегеректеп турган жоокерлер менден ушундай жоопту күтүп турушканбы, дуу-дуу сүйлөшүп, кыймылга келишип, менин чечимимди жактырышып, жай-жайына тараштты. Кондрашов, Баранов, Чистовдор мени кубатташып, «бат эле айыгат» «күнүгө дарылап турабыз», «хутордо жата бериңиз. Сиздин тапшырмаңыздын баарысын биз аткарабыз» жана дагы ушул сыяктуу жөлөк-таяк сөздөрдү айтышып менин көңүлүмдү көтөрүштү.

Окуя кандайча башталганын ошол убакытта постуда турган солдат толук айтып берди. Жерге жарык түшүп, бирок чыга элек маалда, немистер тараптан топ самолет биздин үстүбүздөн өтүп бараткандa биздин зенит-замбиректер тарсылдакка алганда, бир самолётко дүрмөт таамай тийип, самолёт чачырап кетиптир. Анын сыныктары асмандан жерге дабырап, бир чоң сыныгы биздин

[1] Эвакокарточка – жарадарларды госпиталга жиберүү документи.

хутордун топ терегине келип күп эткенде аттар үркүптүр. Ошол окуя менен тушма-туш мен чочуп ойгонуптурмун. Самолёттун сыныгы жерге житип кетиптир. Кокус кишилерге, же аттарга тийсе оң таптырмак эмес. Аңгыча болбой биздин кыргынчы самолёттор учуп келип, катуу аткылашып, тигилерди качырыптыр. Менин башыма тийгени зенит замбиректин огунун бир буурчактай гана сыныгы болсо керек. Ал да башымды жанып өткөндүгүнөн тирүү калыпмын. Кудай чоң сактаптыр! Кичине эле тигирээк тийгенде, көптөгөн согуш курманынын бири катары, балким, начфиндин катарынан орун алмак экенмин. Кудурет өзү мени мээлеп келаткан ажалдын жолун өзгөрткөн деп ишеничим артты да, кайратыма келип, эч кандай госпиталга барбастан, өзүмдүн полкумда, сырдана жолдошторумдун, ишенген жоокерлеримдин арасында калууну айныгыс чечкеним абдан туура болгон сыяктуу. Госпиталда жеңил жараатымдан айыккандан кийин, албетте, үйгө жибербей, кайра согушка айдайт эле. Кандай коллективге туш келет элем?

Эртеден берки биздин гарнизондогу тополоң жаңы бүтүп, эртеги тамагыбызды ичип атканда, «оппелге» түшүп Безбородов келди. Кечээги убада боюнча мен аны менен кошо бармакмын. Кичинекей машинеде шоферунан башка Гизатуллин бар экен. Менин таңылган башымды Безбородов алыстан эле көрүп, чуркап жетип келди. Иштин жайын уккандан кийин, башын аянычтуу чайкап, өзү КПдан келмейинче мени госпиталга кетпей тура турууну өтүндү. Менин ал тууралуу чечимимди уккандан кийин, бир аз ою ордуна келип кубаттап, колумду кыса кармап, Гизатуллин экөө шоферуна томолок машинесин айдатып жөнөп кетишти. Биздин гарнизон күжүрмөн ишине киришти. Менин жарадар болгонумду угуп Головин келиптир. Акыбалымды көрүп, жаңылыктарды айтып берди. Майдандын алдыңкы чегинде немистер өздөрү тынчтана албай, бизге да тынчтык бербей,

түн жоболоңдуу өтүптүр. Экинчи дивизиондун үчүнчү батареясынын командирине немис чалгынчыларынын автоматынын огу тийип жарадар болуп, госпиталга алып кетиптир. Пехотанын жоокерлеринен да зыян болгондор бар дейт. Штаб, дивизиондор, батареялардын расчеттору аман экен. Бычков менен Богомолов кечээтен бери армиялык складдарда бизге энчилүү кийим-кечек, тамак-ашты толук ала албай салгылашып жүрүшкөн имиш. Жаңы начфин келиптир, наамы улук лейтенант экен... Мына ушуга окшогон майда-чүйдө кабарларды айтып, менин госпиталга кетпей ушул эле санчаста дарыланып, күндөлүк кызматымды аткара берээримди угуп, баарысын штабга рапорт кылаарын айтып, өз хуторуна жөнөп кетти. Мен жөнүндө Безбородов менен Гизатуллин сенсиз эле кабарлашат деп, мен калдым.

Күн ала көлөкө. Асманда биздин кыргынчы самолёттор чабыттоодо. Немистердин самолёттору эртеден бери көрүнбөйт. Эртең мененки жеген төпөштөн жакшылыктуу оңоло албай атса керек?.. Башым жеңилдеп, тигиш салган жерлери гана бир аз сайгылашканы болбосо, оорубай көңүлүм көтөрүлүп, сергий баштадым. Түшкү тамакка жакын Бычков менен Богомолов үч машинеге сылай жүктөлгөн азык-түлүк, буюм-тайымдарды алып келишти. Мени көрүп чочуп кетишти. Анан калса, түгөнгөн медиктер төбөдөгү кичинекей жараатты жабуу үчүн кебезди опойто төшөп, таңууну чекеден баштап желкеге чейин тегерете бир нече кат ороп, төбөдөн бастырып, алкымдан чалып, кулакты жапшыра таңып, башымды баш эмес эле манек кылып таштаыптыр. Жана Гражина келип да, кейпимди көрүп, башын чайкап, жараатым кай жерде экенин, табымды сурап:

– Ой, как испортили прекрасное личико молодого капитана? Давайте, если доверяете, я перевяжу[1] – деп,

[1] Ой, жаш капитандын татынакай бетин кандай бузуп салышкан. Бериңизчи мага, эгер ишенсеңиз, мен кайра таңып берейин,

колундагы чакан, тегерек күзгүсүн мага карматты.– Караңызчы, деги кимге окшойсуз? – Мен өзүмдү карасам, чын эле казак кемпирдин элечегин кийген немеге окшоп калыптырмын. Келиндин шагын сындырбас үчүн, өзүмдүн андан кооп санаганымды амалымдын бардыгынча жашырып, сылык гана:

– Сиздин ак тилегиңизге, көрсөткөн далаалатыңызга чоң ыракмат! Биз эркектер чоркок болот эмеспизби. Эркектин кылаар иши ушу да. Сиз таңсаңыз менин балжайган бетимди чүчтөйтүп таңып, быйпык мурдумду селебедей көрктүү кылаарыңызга көзүм жетип турат. Ка-ап! Сиздин андай чебердигиңизди билгенде, эртең менен эле чакырбайт белек. Эми жараат карттанмайынча кайра чечүүгө болбойт – деп, колумдан келишинче дипломатиялык жоопту берип, Гражинаны узаткан элем.

Бычков, Богомоловдор биринен сала бири кобурап, менин кантип жарадар болгонумду сурашып, кейипкепчишип, армиянын оорук боюнча штабында болуп аткан жаңылыктарды айтышып, көңүлүмдү көтөрүшүп, сталиндик стилде жасаган бир жаңы шапке алып келип, Бычков мага кийгизди эле таңуунун кесепетинен батпай калды, бирок сыны келишкен, жакшы тигилген баш кийим экен, ырым кылып, жараатым айыккандан кийин кийемин деп, Бычковго ыракматымды айтып чамаданыма салып койдум. Бычков болсо убайымдуу, көптөн бери бир полкто күжүрмөн жолдош болуп, сыр айтышып жүргөн жолдошторунун бирөө диверсанттын огунан учуп биротоло жарык дүйнө менен коштошконун, бирөө душманга эн салдырып мулук кулак болгонун, эми бүгүн бирөө төбөсүндөгү куйкасын тилдиргенин санап келип, согуш бүткүчө «канчабыз эн-тамгалуу болоор экенбиз, канчабыз кара жердин топурагына чөмүлүп, талаада калаар экенбиз. Эмки кезек мага келейин деп калган го?» деп, бир четин тамаша, бир четин кайгылуу сөздөр менен аяктап атканда, мен чыдай албай:

– Тилиңе тибиртке чыксын! Сага кудай баягы Сталинграддан кийинки салгылашууда эн салбады беле. Улам эле сени атайын күтүп атыптырбы? Кудайдын сенден башка, сага окшогон ити-кушу жок бекен? Жок балааны өз башыңа чакырбай жөн жүр! – деп, тамашага салып жемелеп, түшкү тамак маалы болгонун эстерине салып, өз кошторуна жөнөттүм.

Түшкү тамакты жаңы эле бүтүп атканда жарадар болгон Гизатуллинди машине менен санчастка алып келип калышты. Машине Гизатуллиндики болучу, мина дүрмөттөрүн ташып жүргөн. Шашып-бушуп машиненин жанына келсем, шофёрдун жанында полктун комсоргу Юрченко олтурат. Кузовдо Гизатуллин кырынан жатат. Юрченконун бетинин түгү түктүйүп, дидаардан эчтеке жок. Гизатуллинди машинеден солдаттар санитардык замбилге салып түшүрүп, топ бактын түбүндөгү көлөкөдөн орун алган санчастка алып барышканда карасам, өңү купкуу, кан көп кетсе керек. Өзү онтоп сүйлөй албайт. Салманов менен Кондрашов чечинтип жараатын карады эле, автоматтын эки огу: бирөө оң санынын үстүнөн, майкуйруктун астынан кирип, кашка жиликтин урункайы туштан чыгыптыр. Экинчи огу биринчисинен 10 смче төмөн сан этке тийип, чыкпай калыптыр. Безбородов эмне болгонун сурасак, «өлдү» деп, бир сөз менен сүйлөмүн бүтүрдү. Артериясына доо кетип, канын көп жоготуп кансырап, башы айланып турган байкуш кайра эс-учун жоготту. Жараатын дезинфекторлор менен тазалап, таңуулап, укол берип, ошол эле машине менен Кондрашов эвакогоспиталга алып жөнөдү. Калган аңгемени Юрченкодон уктук.

Мен бара албай калган соң, Безбородов бош орунга Юрченкону отургузуп КПга жөнөйт. Шоссе менен жүрүп отуруп, өзүбүздүн миномёт батареябыздан бир километрче өтүп, КПга аз калганда, шосседе туурасынан жаткан даракка кабылып, машинени булар токтотууга аргасыз

болушат. Эмне үчүн экенин билмекке шофёр эшигин ачканда, анын жанында олтурган Безбородов да сыртка чыкмак болот. Ошол учурда шоссенин эки жагындагы бийик кара буудайдын ичинен биздин солдаттарча кийинген немелер абажаарып тура калышып, автоматтарын жаадырып, машинеге чуркашат. Шофёр шоссеге кулайт, Безбородовго машинеден чыга электе ок жаңылат. Арткы экөө жан талашып кара буудайга кире качып, бөкчөңдөшүп чуркашат. Юрченко чуркап олтуруп, күйүккөндө кара буудайдын ичине жыгылат. Канча жатканын билбейт. Бир маалда көзүн ачып, жүрөгү басылып, эсине келип, кулагын түрсө, айлана жымжырт, Акырын туруп, бөкчөйүп, ыргалган эгиндин башынан кылтыйып, эки жакты караса, айланада мыдыр эткен жан көрүнбөйт. Качкан жагын караса, чала-була түтүн чыккансыйт. Арт жагын караса, биздин миномёттор жайгашкан хуторго бута атымдай эле калыптыр. Чымырканып туруп, көзүн жумган бойдон чуркап минеметчуларга келип, иштин жайын айтып, Гизатуллинди сураса, булар көрбөптүр. Ошол жерде взвод командирин баш кылып, бир нече солдатты алып, кара буудай аянтын узун-туурасынан тинтип жүрүшүп, кансырап жаткан Гизаттуллинди таап, мина ташып келген машинеге салып алып келиптир. Калган окуяга бул гарнизондун бардык аскерлери күбө болуп отурабыз. Өлөөрчө корккон Юрченкого аш сунсак, жүрөгүнө барбай, жакшылыктуу иче албай койду. Бул окуя жөнүндө башка хутордогуларга дароо кабар бердик эле, баарынан мурда Коптев жетип келди. Эртең менен эле Гизатуллин менен Безбородов экөөнү өзү узатып, гарнизонго Гизатуллин келгиче өзү ээк-тоок болуп тураарына убада кылганын айтып, эми экөөнөн тең ажыраганына кейиди. Жок дегенде Гизатуллин менен коштошууга үлгүрө албай калганына абдан өкүндү. Головин менен Цыганок адаттагысынча гарнизондо жок. Головинди карап отура бербей, бул жерге чогулган офицерлер кеңешип отуруп,

Безбородовдун сөөгүн талаада калтырбай, алып келүү чечимин чыгардык. Ал отряд башчылыгына чарба взводунун командирин бекитип, жолду, кырсыкка кабылган жерди даана билген Юрченкону ага жардамчы кылып жана ар бир гарнизондон үчтөн автоматчан солдат бөлдүк. Юрченко башынын оорусуна шылтап жакшы эле тайсалдады, бирок барбайм деп так айтуудан коркту. Отряд күүгүмдө кырсык болгон жерге жетмек болду. Юрченко сөз сүйлөй албай, саруулаган бойдон тим отуруп калды.

Офицерлер жыйыны тарап, ар кимибиз өз санаабыз менен алек болуп, бүгүнкү кырсыктарга Бычков, Коптев үчөөбүз өз билишибизче баа берип атканда, кечки тамактын алдында Головин машинесин бургутуп жетип келди. Окуяны өз гарнизондогулардан уккан Головин шумпай, машинесинен түшө элек жатып, акчыланып кирди:

– Армиянын башкы интендентынын графиги боюнча ГСМ менен бөлүктөрдү, кошуундарды камсыз кылуу жыйылышына чакырган экен, түштөн бери Цыганок экөөбүз ошондо жүрдүк. Жаман иш болгон турбайбы – деп, калп кейип, күйпөлөктөмүш болду. Мансабы полктун ооругун башкаруучу болгондуктан, айла жок Головинге офицерлер чечимин Бычков билдирип, андан кандай кошумча-алымчасы барын сурады эле, эч өзгөртүү киргизе албай макул болуп, баарыбыз менен коштошуп, шашкалактап, өз хуторуна жөнөдү. Мунун кылык-жоругуна жини келип, ачуусун араң тыйып унчукпай отурган Коптев тигинин артынан ызырынып:

– Почему бог терпит такого пройдоху, как он, а такого справедливого, человеколюбивого, каким был Безбородов, не счел нужным оставить среди нас?![1] – деп кудайга наалразы болду да, баарыбыз менен коштошуп, башчысыз ээн калган гарнизонуна шашты. Гизатуллиндин ордуна жаңы гарнизон начальнигин дайындоо Головиндин милдети болсо

[1] Кудай эмне үчүн ушул окшогон шумпайга чыдайт, а Безбородов окшогон кишиге ынак, адилеттерди бизге ыраа көрбөйт?

да, ал жөнүндө бир ооз сөз жок Головиндин кете бериши эле, анын өзү кандай начальник экенин көрсөтүп атпайбы.

Саат 20 нөл-нөлдө кечки тамагыбызды ичтик. Күн уясына батып баратат. Мен жарадар болушума байланыштуу, убактылуу гарнизон начальнигине Бычковду дайындаганбыз. Ал азамат отрядды топтоп, Юрченкону кошуп бир машинеге салып жөнөттү. Юрченкодо сөз да, дидаар да жок. «Ишиңер илгери болсун, өзүңөр аман келгиле!» деп узаттык, бирок Юрченконун кебетесин көрүп, ийгиликтүү аякташына мен, эмнегедир, ишене албадым. Тигилер узагандан кийин Бычков да башын чайкап шектенгенин менден жашырган жок.

Бычков, Баранов жана башка офицерлер гарнизондук постторду орундарына коюп инструкцияларды солдаттарга жаттатып, кечки камылгаларды жасап атканда Кондрашов да жетип келди. Гизатуллиндин жараатында чыкпай калган окту алып, венасына кан куюп, эсине келтиргиче Кондрашов врачтардын жанында болуптур. Хирургдардын диагнозу боюнча жарадардын жиликтерине доо кетпептир. Артериясына доо кетип, каны көп агыптыр. «Прогноз жаман эмес. Буюрса, эки айга жетпей айыгып, кайта согушууга жарайт дешти. Кан куйгандан кийин өңүнө кызыл жүгүрүп, эсине келип, баарыңарга салам айтып, аман-эсен жеңишти көрүшүңөрдү каалады» деп кабарлап атканда, Юрченконун отряды кайра келди. «Барганынан келгени бат, эмне болуп кетти» деп ойлогончо Юрченко машиненин кабинасынан ыргып түшүп, менин жанымдагы Бычковго шайдоот рапорт берди. Баягы Юрченко жок. Тирилип калыптыр. Безбородовдун сөөгүн алып келишпептир. Отряд командири, чарба взводунун командиринин рапорту боюнча иштин жайы төмөндөгүдөй болуптур.

Биздин аскерлерче кийинген немистердин жана литтердин жортуулчулары биздин алдыңкы чектен оорукка өткөнүн аткычтар дивизиясынын чалгынчылары издеп

жүргөн тушта, Безбородовдун окуясы билинип, биздин батареялыктардын кабары боюнча биздин полктун командири аткычтар дивизиясынын командирине билдирет. Натыйжада душмандын жортуулчуларынын баарысын кармашат. Өкүнүчтүү жери, душман Безбородовдун машинесин ошол замат өрттөп жиберишиптир. Машиненин ичиндеги Безбородовдун денеси кошо өрттөлүп кетиптир. Жолдун таманындагы шофердун сөөгүн чалгынчылар көмгөнү алып кетишиптир. Бул кабарды күндүз, Юрченко менен Гизатуллинди быякка жиберген батареянын взвод командири айтып бергендиктен, биз жиберген отряд нары барбастан, батареядан эле кайтыптыр. «Жок дегенде сөөктүн күлүн алып келсеңер, кайран жигитти расми боюнча көмбөйт белек» деп өкүнүп, Юрченкого наалат айтып тим болдук. Ошентип, кайран жигиттин сөөгүн да жерге жашыра албай калдык! Отряд жай-жайына тарагандан кийин, Юрченкону «Коптевге жардам бер, ал гарнизон боюнча жалгыз офицер» деп, Гизатуллиндин гарнизонуна жибердик.

Отряд командиринин баяндамасынан улам, жана эле түшкү тамактан кийин Чистовдун: «Суу алганы барсам, короодо Гражина ыйлап отуруптур, мени көрүп, үйүнө кирип кетти» деген кабарына, убагында «аял менен баланын ыйы жайкы өткүндөй, жааганынан ачылганы бат» деп, маани берген эмес элем, эми эсиме түшүп, төбө чачым тик турду. Балким бүгүнкү кармалган жортуулчулардын ичинде анын күйөсү да бардыр? деп божомолдоп: Шырп эткен табыш буларга маалым, билбегени жок. Кээде шектүү нерселерди солдаттардан сурай калгандарын да кулакка чалдырчу элек. Келин тыңчы болуп жүрбөсүн?» деп, Бычков экөөбүз бардык постуларды дагы бир сыйра текшерип, хутордон түнүчүндө эч ким сыртка чыкпасын деп, үй ээлерин катуу эскерттик.

Башым салмактанып, жарадар болгон жер тызылдап ооруганы эми билинип, эртерээк чатырыма кирип жатып

калдым. Бирок бүгүнкү көп окуялар мээмди быжылдатып көпкө тынчтык бербеди. Анткени менен адаттагыдай ой учугун чубап, ирээттүү бир кыял жортуулун жасай албай, чаташып убара болуп атып, акыры уйкуга жеңилдим…

…Чагылгандуу жаандын күркүрөгүндөй табыштан чочуп ойгонсом, кечээки дүрбөлөңдүү маал болуп, жерге жарык түшүптүр. Чатырымдан чыга калып, асманды карасам – ачык. Табыш биздин полктун майдан жагынан эмес, анын түндүгүнөн биз турган жердин туура батыш тарабынан чыгып атат. Кадимки артчабуул, бирок бул сапар биз көнүп, кыныгын алып алган биздикилердики эмес, душмандын чабуулундай. Анткени, атылган дүрмөттөрдөн жарылгандары көп жана жакын жерден угулууда. Бул дүбүрт жалгыз эле мени эмес, баарыбызды тургузуптур. Аңгыча Головиндин чабарманы келип, бөлүкчө башчыларынын баарысын чакырып кетти. Менин ооруган жерим билинбейт, кулак эле чурулдайт, билбейм жарааттын кесепетиби, же артчабуулдукубу?.. Бетимди жууп атсам, азмаз шишик бар өңдөнөт.

Головинге келсек, штабдан шифрограмма келип, аны радист чечмелеп көчүрүп атыптыр. Головин алып окуп берди: «Бүгүн 9-августа саат 6 нөл-нөлдө Гумбинен тараптан немистер артчабуул жасады. Чалгын маалыматтар боюнча душман чакан участакко көп куралдуу күч техника топтогон. Биздин оң канатыбыздагы аткычтар полкунда катуу салгылашуу жүрүп атат. Бөлүкчөлөрүңөр жолго чыгууга даяр болсун. Эвакуация болушу мүмкүн. Кабар күткүлө. Үчүнчү».

Мына эмесе! Түгөнгөн сайын түтөгөн Манас! Биз ажыдаарды эми ийнинен сууруп башын жанчып, белин керте чабабыз деп атсак, муну кара!

Шифрограммага Головин кошумча эч нерсе айта алган жок. Хуторлорубузга тарадык. Эмне кылаарыбыз дайын.

Күндүн нуру жайылаары менен эртеңки чайыбызды ичип атканда тарсылдак уламдан улам жакындап

келаткансыйт. Бир маалда асман чарылдап, биздин штурмовиктер көптүгүнөн күндүн бетин бербей каптап учуп, күрүлдөгөн табышты көздөй жер сыдырды. Биз аттарыбызды чегип, жүктөрүбүздү арабага салып, таңып койдук. Хутордун балдары улам дарбазадан баш багып, бизди карап, кайра короого житип атат. Бир окуяны күтүп атышканы билинип турат. Бир оокумда Головиндин чабарманы бизди дагы чакырып кетти. Жетип келээрибиз менен шифрограмма окулду: «немистердин 29 танкеси биздин кошуна полкубуздун коргонуу чегибине жетип көбү кыйрады, бирин-серини өтүп, Вильковишки шаарын карай жөнөдү. Сактык үчүн шифрограмманы алаарыңар менен силер № 2 позицияга эвакуациялангыла!»

Урушта туруш жок! Ар кимибиз өз-өз гарнизонубузга бараарыбыз менен шарттуу № 2 позицияга, Пильвишки шаарчасына көчүбүздүн башын бурдук. Менин көчүм жаңы эле таш жолго чыгып, Пильвишки жакка бет алдык эле, артыбыздан бейтааныш бир машине кубалап өтүп баратып: «качкыла, артта танке келатат!» деп, айгай салып чочутуп кетти. Артыбызды карасак жолдо чаң эле буруксуйт. Аттарыбызды койгулакка алып биз да тарактадык. Канча чапканыбызды билбейм, оң жагыбызда «Антанас» пиво зоотунун токою көрүнө калаары менен таш жолду таштап, ошого бурулдук. Ушул мезгилде үстүбүздөн «шуу» деген катуу табыш өттү, аңгыча болбой, сол четтеги арабанын сол жаккы атынын сол саны шалактап чандырын чапкылап, ат күүлөнгөн бойдон 10–15 метрче үч аяктап чуркап отуруп, бир оокумда оңкосунан кетти. Араба оодарылып, атты баса жыгылды, соо калган түгөйү ээликкен бойдон арабаны булкуп, сүйрөп кетүүгө күчү келбей, арткы аяктарына тура калып, жата калып жулкунуп, жылдыра албай тыбырап, жан талашат. Арабакеч өз арабасын таштап, жанынан өтүп бараткан арабага жармашты. Заматта токойго жетип, ичине кирип барып токтодук. Артымды карасам, маши-

не, араба деген немелер жолдо, шалбаада жайнайт, чар тарапка чачырап келатат. Кээ бирөөлөрү бизди көздөй бурулууда. Ушул учурда үстүбүздөн үнү жер дүңгүрөтүп штурмовиктер учуп баратыптыр. Ар биринде чакан замбирегинен, пулемётунан сырткары, эки канатынын астында бирден бомбу, экиден «катюшанын» дүрмөтү. Бир мүнөткө жетпей алар «жүгүн» жерге ташташты эле жер силкинтип, топурак сапырып душмандарга алаамат салды. Аңгыча, кайдан чыга калды билбейм, каптаган селдей жамыраган биздин танкелер аңды-дөңдү көзүнө илбей оңкочуктап, жарышкан бойдон штурмовиктер учкан жакка чабышты. Көргөн көзүмө ишенбей, айрантаңмын. Эми эле чакчелекей, будуң-чаң түшүп, бирин бири тебелеп, ителги тийген каргалардай чар-жайыт качып салпактаган биздин ооруктун, «күйкө-баатырлары» ар кимиси качып жеткен жерлеринде катырып койгон немече зыңкыйышып, асманды бир, жерди бир карашып, таңыркашат. Ой тобо-о! Шаштысы кеткенде адамдын айбандан анчейин деле айырмасы жок бейм?

Бычков атчан турган мага бастырып келип, менин ден соолугум бул алааматка кандай туруштук бере алганын сурап, мындан аркы аракетибиз жөнүндө акылдашаар оюн айтты. Менин башым кечээкиге караганда, көп жеңилдеп калганын билдирип, офицерлерди чогултуп кеңешели дедим да, азыр тиги жолдо калган арабаны алдырып келүү керектигин айттым.

Ошентип, жанараак эле селейип акыл-эстен танып калган, же коёнчо коркуп, көздөрүн аландаткан айланага жан кирип, кыймыл башталды. Биз Пильвишкиге жетпей кайра тартып, ордубузга келсек, Головиндер турган хутордун жанында күйгөн танкенин түтүнү жакшылыктуу тарай элек. Өз хуторубузга кайра келип токтодук. Аттан түшпөй мен Головиндин хуторуна желдире бастырып жетсем, хутор ээн калгандай, сыртта мыдыр эткен жан жок. Күйүп бүткөн танке немистики экен. Жанагы,

бизди топко байлап аткан, атыбыздын кашка жилигин талкалаган ушул шумпай болсо керек? Эми өзүнүн күң жилигинин чучугу ысык темирге сызгырылып таамп, түтөп атат. Кудая тобо-о! Кул пенденин эсириши менен кесилишинин ортосундагы мөөнөт бир чычаланын тутанганынан чоктонушуна чейин жетпеди. Эми эле тетерегин тепсеп, алдыдагысын атып, ааламды сорчудай чамынып, аркырап келаткан танке талкаланып, куураган арчадай өрттөнүп, айдоочусунун денеси киши кебетесин жоготуп, майлуу шишкебектей саңырсып түтөп отурат. Мына, «дүйнөнү түбөлүк бийлейм, бүтүндү күкүмдөй ийлейм, сууга чөкпөйм, отко күйбөйм!» деп мактанган вермахттын[1] жоокери кызарган темирдин ичинде суу отундун чычаласындай быкшып атканын кара! О Жараткан теңирим, таба эмес тобо!

Мен танкени карап, ичимен ызырынып капаланып атканда хутордун кичи дарбазасы шарт ачылды, мен селт карап алдым эле өспүрүм бала экен: «ма-ам!» деп бакырып, эшикти карс жапты. Сыртта менден башка жан жок, короодон чоңдордун чочулаган үндөрү угулду. «Бала эмнеден коркту, танкеденби же менденби» деп ойлогуча болбой, Гизатуллин ээлеген хуторго колоннасын ээрчитип Коптев келатканын көрдүм. Аңгыча болбой улук лейтенант, колоннасын хуторго өткөрүп, өзү мага бурулуп жетип келип, менден: «баш кийимиң кайда?» деп сураганда, баланын эмне үчүн бакырып эшик жаба койгонун түшүндүм. Кечээтен бери башымды манектей кылып, таңууну олчойто ороп салгандыктан, шапке да, пилотка да батпай баш кийимсиз жүргөн элем. Улук лейтенант Коптев мага «ат үстүндө тири укмуштай серт көрүнөт экенсиң. Силер качан «айттыңар, кайда качтыңар? Эртерээк үлгүргөнүм ырас болгон экен, болбосо мобу желмогузга кабылмак экенбиз» деди. Головиндерди сурасам: «Алар бизден мурда эле тарактакшкан. Эки шум-

[1] Вермахт – фашисттик Германиянын куралдуу күчтөрү, аскерлери.

пай Мариямполго дейре урду дей бер. Түшкө чейин келет деп күтпөй эле кой. Калпты чынды койгулатып келээр бир маалда. Алар өлүшпөйт, кайгырып убай чекпей эле кой!» – деп өз хуторуна жөнөдү, мен өзүмдүкүнө келдим. Ар кимиси өз-өз орундарына жайгашып атыптыр. Бычков, Богомолов жана башка офицерлер: коркконунан саруулап, бетинин түгү, чимкирик-муруту түктөйүп, тилден калып калган Салмановду шылдыңдап атышыптыр. Тигилер орустун канча балит, канча жүлүнгө сайма курч сөздөрүн лапшыткан сайын, Кондрашовдун табасы каныл, жыргап атыптыр. Жалгыз азербайжанды топ орус чогулуп алып, шылдыңдап атканы, менин улуттук намызымды козгоп, жинимди келтирди.

– Өзүңөр орустун тилинен башканы билбейсиңер. Башкалар үйрөнүүгө тырышып, чала-була туура эмес сүйлөшсө, мазактап шылдың кыласыңар, мунуңарды качан коёсуңар? Советтик кайсы мыйзам улуттук артыкчылыкка, сын тагууга улуксат берет?– деп, саясатты кошо ала жыгылдым эле, каткырып аткан тигилер дароо мостоё түшүштү. Мен алар менен башка сүйлөшпөй, Салмановдон: жараатымды көрүп, башымды кайра дурус таңып берүүгө өтүндүм.

Жүктөрүбүздү ордуна жайгаштырып бүтүп, чечинип, иш-кийимибизди кийип, кайра күндөлүк тиричилигибизге кириштик. Санчастка барып таңуумду алдырдым эле тигиштин үстүнө жапкан марля жараатка жабышып калыптыр. Кондрашов сыйырайын деди окшойт, ооруп кетти. Салманов: «жараатка тийбеш керек, үстүнө дезинфекторго чыланган жука кебез, анын үстүнө жаңы марля коюп, коллодий[1] менен чапташ керек» дегенде, мен анын идеясын толук жактап, башымды элечектей олчойгон таңуудан кутулттум. Эми шапке кийип киши кебетесине келдим. Бул байкуш, орус тилин билбегени менен, өзүнүн адистигин түзүк билет окшойт, согуш

[1] Коллодий – жараатка таңуу жабыштыруучу, желим.

шарттарына да көнүп, мурдагыдай коркпой калды деп, Салмановго ичим бир аз жылыды.

Головиндин көчү келбей, рация жок, штаб менен байланыша албай алдыңкы чекте абал кандай болуп атканын билбейбиз. Түш болуп калды. Гизатуллиндин милдетин өз ыктыяры менен аткарып аткан Коптев мина дүрмөттөрүн батареяларга жеткиргени эки машине менен кетти эле, ал да кайтып келе элек. Биздин хутордун ээлери да күнүгө жасап жүрүүчү талаа жумушун бүгүн баштай элек, ал тургай бирөө да сыртка чыга элек. Балчелектин ичинде ызылдаган аарылардай, короосу кишинин, иттердин, тоок-тууктардын, малдардын аралашкан үндөрүнө толуп кыжылдайт.

Эмне болуп атканын ким билсин?.. Биз да кийлигишпей жайына койдук. Күндөлүк өз жумушубузду аткарууга киришип, эртең мененки бүлүктү унуткарууга аракеттенүүдөбүз. Майданда мындай дыр берип, орун которуштуруу биз үчүн жаңылык эмес, көндүм иш. Бирок жергиликтүү калк үчүн бул – унуткус бир зор окуя. Биздин алдыңкы чекке кеткен танкелер кайрылган жок. Бара-бара топ-топ учкан штурмовиктердин аягы да басылды. Бизге окшоп дыркыраган жоокер сөрөйлөрдүн Головин, Цыганокторго окшогон «баатырлары» деле, кеч да болсо кайтып, өз жайларына самсаалап келип атышат. Биздикилердин алигиче карааны көрүнө элек.

Бир маалда миномётчуларыбыздан кайтып келаткан Коптев биз тарапка машинесин буруп, алдыдагы согушуп аткандарыбыздын баарысы амандыгын, немистин чабуулу алардын бет маңдайынан эмес, түндүк жагында болгонун, немистердин тепсеп келген танкелерин биздин штурмовиктер талкалап, өрттөп салганын, биздин барган танкелер урушка катышпай эле токтоп калганын айтып, санаабызды тындырып, жолуна түштү.

Ошентип, «майдандын аракеттүү коргонуу» деп аталган аймагына мүнөздүү тиричилик оокат өз сайында, өз

агымы менен мөөнет өлчөп, кайра күндөгүсүндөй жылып атты. Өзүм эстебесем, же бирөөлөр эле сурап калбаса, башымдын жарааты унутулуп калды. Жараат туштагы тамырлар лукулдабаганынан улам, кудай жалгап, ириңдебей айыгуучудай деген үмүттөмүн. Түштөнгөндөн кийин, жоокерлер эс алуу тынымына көлөкө издеп, ар кимиси өзүнө ыңгайлуу жер таап жантайып аткан маалда Головиндин көчү өз хуторуна келип токтоду да дароо «оперативдүүлүгүн» көрсөтүп, бизге чабарманын жиберди. Келсек, штабдын шифрограммасын окуп, андагы абалды билдирди. Чогулган офицерлер «биз үчүн бул жаңылык эмес, муну биз мындан төрт саат мурда, же саат 11 нөл-нөлдө, Коптевден укканбыз. Ал азыр да мина дүрмөттөрдү жеткирип батареяларда жүрөт» деп, майордун оозун жаптык да, жай-жайыбызга жөнөдүк. Головин кызарып-татарып бир сөз да каяша айта алган жок. Ошол күнү саат 20 нөл-нөлдө Безбородов раматылык бизге белек кылып берген радио кабыл алгычтан, Маскөөнү, Совинформбюронун кабарын уксак: «9-августа немистер Чыгыш Пруссия менен Литванын чегиндеги Кибарты шаарынан Волковыск (Вилькавишки) шаарына багыт алып чабуулга өтүшкөн. Эртең менен саат 5 нөл-нөлдө чакан участкага көп артиллериялык күч топтоп, 29 танкенин жардамы менен биздин коргонуу чебибизди бузууга далбас урган. Бирок биздин жоокерлердин кайратын майтара алышпай, чабуулу башталаары менен какап, ордунан жыла албады. Танкелери, замбиректери жана башка кужурмөн техникасы кыйрап, душман коргонууга өтүшкө мажбур болду. Бул кагылышууда айрыкча штурмалоочу авиациянын учкучтары эрдик көрсөттү» деп Левитан коңур, салмактуу үнү менен ар бир сөздү таптап, так сүйлөдү.

Түн мурдагы түндөргө караганда дээрлик тынч өттү. Эртеси күн өөдө көтөрүлгүчө хутор ээлери дагы эле сыртка чыкпай аткандыктан, Бычков, Богомолов үчөөбүз

акылдашып, иштин жайын билиш үчүн солдат жиберип, Гражинаны чакырып алып, үй ээлеринин короодон чыкпаган себебин сурасак, жооп берүүнүн ордуна, келин шолоктоп көпкө ыйлады. Биз а дегенде жөн койдук. Бир маалда тажады белем, Бычков Гражинаны колдон алды эле, ыйлап аткан келин коркуп кетип, ыйын токтотуп, эчкирип-эчкирип басылып, көздөрүн алаңдатып бизди карады. Бул учурдан пайдаланып мен, үнүмдү мүмкүн болушунча пас, кекээрленбей чыгарып:

– Коркпой эле айтыңыз, колдон келсе биз жардам беребиз. Силер менен биз баарыбыз бир Совет өлкөсүнүн граждандарыбыз. Жашырбай капаңарды ачык айтсаңар, биз жардамга даярбыз! – дедим.

– Мурдагы күнү менин күйөөм немистер менен бирге силердин колго түшүптүр. Каунаска айдап кетишиптир. Атып таштайсыңарбы?

– Жок! Буланга түшкөндөрдүн баарысы текшерилет. Күнөөсүз эч ким атылбайт! Күнөөлүүлөрдү аскер трибуналы суракка алат. Күнөөнүн оор-жеңилин аныктайт. Өтө кылмыштуу болбосо атпайт, ар кандай мөөнөткө соттойт – деп, Бычков жооп кайтарды.

– Анда күнөө жок. Немистер зордуктап алып кетишкен болучу.

– Ал чын болсо, коркпой эле коюңуз, сурактан өткөндөн кийин коё берет. Албетте биз трибунал эмеспиз, кылмышы бар-жогун алар тактайт. Эгер сиз айткандай, күйөөңүздү немистер зордоп алып кетишсе, анын күнөөсү жок экен. Капа болбоңуз, баарысына айтыңыз, эч коркпой жумуштарын иштей беришсин! – Мен Гражинаны сооротуунун аргасын издедим. Биздин сөздөрүбүз аздыр-көптүр таасир көрсөттү белем, Гражина соолугуп:

– Немистер силерди бизге мокочо кылып сүрөттөдү эле, силер жакшы аскерлер экенсиңер. Силер бизде турганыңарга он күнчө болду – эч жамандыгыңарды көргөнүбүз жок. Оокаттарыбыздын баарысы ачык – эч

кимиңер тийгениңер жок!– деп бизге ыракматын айтымыш болгондо, биз анын санаасын бир аз тындыруу үчүн, малын жайытка чыгарып, талаа жумушун иштей беришин өтүндүк. Безбородов тирүү болгондо, канча жакшы акылдарын айтып, капалуу аялдын көңүлүн кыйла көтөрмөк. Кайран жигиттин өмүр отун тагдыр ушул жерде өчүрмөк экен – ээ?! Ким билет, балким Гражинанын күйөөсүнүн огу жайладыбы? Байкушка топурак да буюрбай калды. Немистердин чабуулу кыйраганын кабарлап, ал эми «алардын кайтып келишин күсөп жүргөндөр болсо, үмүттөрүн үзүшсүн» деп, ачык айтып узаттык. Он мүнөткө жетпей хутордун дарбазасы ачылып, малын жайытка айдап чыгышты. Биздикилерден башка хуторлор да үлгү алышты көрүнөт, жарым саатка жетпей шалбааларга мал толду. Биз да аттарыбызды отко коё бердик.

Жергиликтүү калк менен жакшырып келаткан мамилебиз корс сынып, эки күндөн бери тегерегин жоо курчаган сепилдей болуп калган хутордун дарбазасы бүгүн кайра ачылып, үзүлгөн учук бир аз уланып дипломатия саал оңоло баштады көрүнөт, эмнеси болсо да, хутор ээлери эми бизден качпай үйлөрүнө кирип-чыгып, кан буугандай токтогон тиричилиги кайра кыймылдай баштады. Андан бир аз өтпөй армиянын ооругуна бараткан байланыш офицери жолугуп, полкко толуктоо алып келгени баратканын, өткөн түндө жоготуулар болбой полкубуз аман түнөгөнүн айтып, замполит менен парторг быякка келгени жатат деп кетти. Бир машинеге толтура азык, бирөөнө жем жүктөп батареяларга Богомолов жөнөдү. Бычков кечээки алып келген кийимкечектерди, ат жабдыктарды, шаймандарды бөлүштүрүү, эскилерине акт жазып, чыгашага чыгаруу менен алек. Менин кызматкерлерим: Баранов, Посохов жана солдаттар жарадар аттардын жарааттарын текшерип, тазалап, дарылап күндөлүк ишин кызуу жасашууда. Мен санчастка келип, Салманов менен Кондрашовго

жараатымды көрсөттүм. Салманов разинке мээлей кийген колунун сөөмөйлөрү менен жарааттын үстүн баскылаганда, кээ бир жерлери ооруп атты. Анда Салманов: «харашо, харашо!» деп кубанат. Ооруп атса, эмнеси «хорошо» болмок эле деп, менин жиним келет. Кыскасы, жараатым жакшы айыгып келатыптыр. «Кийлигишип ырбатып албайлы» деп, таңуусун жаңыртышкан жок. Эч нерсе тийбесе оорубайт.

Гарнизондо иштер, ошентип, кызуу жүрүп аткан кезде замполит менен парторг Юрченкону ээрчитип келип калышты. Юрченкодон башкалары биздин полкко жаңы келген саясий жетекчилер. Полк командиринин саясат боюнча орун басары өгүнү Малиновский фольваркында жаңы келип, биз менен жакшылыктуу тааныша элек эле. Бүгүн ара-чолодон пайдаланып өзү да, жаңы эле келген парторгду да бизге тааныштырууга убакыт таап-тыр. Наамы майор, жашы отуздан жаңы өткөн, Ташкен университетин бүткөн түркмөн жигиттин фамилиясы Дурдыев, аты Байрам экенин билчүбүз. Орусча так, жакшы сүйлөйт экен. Бою меникинен бийик, чап жаак, кара-сур, мүчөлөрү келишкен, баскан-турганы тың көрүнөт. Парторг капитан Яковлев Алексей Яковлевич чепеленңдеген кичине киши, кийимдери шөлбүрөп өзүнө чоң, чүрүшкөн сары чийкил чубаш жигит экен. Юрченко парторгдун катарында турса, өспүрүм баланын жанындагыдай көрүнөт.

Чогулган офицерлер менен замполит кол кармашып таанышып, парторгду да тааныштырып анан маалкатпай түз эле максаттуу сөздөрдөн баштады. Адегенде эле биздин жергиликтүү калкка жасаган мамилелерибизди жактырды. «Биздин максат өзүбүздүн жүрүш-турушубузду алар менен жылуу мамиле курушубузду көрсөтө алышыбыз керек. Ошондо гана булардын мээсине сиңип калган Геббельстин пропагандасын, өздөрүнүн буржуазиялык улутчулдарынын үгүтүн жокко чыгармакпыз.

Булардын эр бүлөсүнүн кыйласы немистерде иштешет. Көбүн зордуктап иштетип атышат. Мурдагы күнү улук лейтенант Безбородовду өлтүргөн диверсанттардын көпчүлүгү литтер, поляктар экен. Демек булар менен жакшы мамиледе болуу менен бирге кыраакылыкты күчөтүш керек, жолдош офицерлер! Дагы, дагы кыраакылык, кыраакылык демекчимин! Мен силердин арыз-муңуңарды угууга, мейли күн, мейли түн болсун, дайым даярмын. Башка сөздөрдү айтып, башыңарды оорута бербейин. Айтмакчы, жолдош капитан Байсалов сизди башыңыздан жарадар болду деп уктум эле. Азыр кандай, жакшы болуп келатабы?» деп, менин да көңүлүмдү алды. Кишилер менен көп иштешкен тажрыйбалуу адам көрүнөт. Дурдыевден кийин парторг сүйлөп, өзүн тааныштырып атканда, байланыш офицери толуктоолорду алып келип калды. Жаңы артжабдуунун начальнигине капитан Ткачты, батареянын командирдигине бир улук лейтенантты жана 8 солдат бериптир. Майор Дурдыев Ткачты артжабдуу бөлүкчөнүн өздүк курамы менен тааныштырмакка, Коптев экөөнү ээрчитип жөнөдү. Парторг коммунист солдаттардын эсебин алууга жана алар менен маектешүүгө биздин гарнизондо калды. Головин менен Цыганок бул сапар орундарында болгон жок. Майор Дурдыев бир гана жолу Головин менен Цыганокту сурап, эмнегедир, жооп күтпөй, башка сөздөргө өтүп кетти.

Немистердин ийгиликсиз чабуулунан кийинки күндөр ушинтип, эртеден кечке камылга, коргонуу, сактануу жана жергиликтүүлөр менен мамиле түзүп, сыр алышуу менен өтүп атты. Хутор ээлеринин бышкан эгиндерин оруп-жыйноого кол кабыш кылдык. Кызылын алууга машактарын токмоктоштук. Алар да биздин солдаттарды жумуртка, сүт, картөшкө – колдорунда бар азыктары менен конок кылып, бири-бирибизге үйүр болуп калган кезибиз. Менин жараатымдын тигиши бир жумадан кийин эле алынып, жакшы айыгып, башымдын

анда-санда кеңгирегени басылып кудай жалгап, коорсуз айыгып, кадимкидей иштемин.

Отузунчу август күнү бөлүкчө башчыларын КПга чакырып, өтө жашыруун тапшырма берди: «31-августан 1-сентябрге караган түнү позицияңарды 5-армияга өткөрүп, өзүңөр жолго чыгасыңар. Маршрут пакетин 31-август күнү саат 14 нөл-нөлдө аласыңар. Майор Головин, капитан Цыганок, капитан Салманов, улук лейтенант Юрченко өздүк буюмдарынарды алып, бүгүн саат 18 нөл-нөдө 33-армиянын артиллерия командалоочусунун штабына келесиңер!» деди.

Ошентип, согуштун куюну бизди Чыгыш Пруссиянын чегинен айсыз түндө алып жөнөдү. Багытыбыз түштүк. Кайда барабыз, кай жерге токтойбуз? Ал бизге белгисиз. Нөшөрлөгөн жамгыр, жарк-журк чагылган, күркүрөгөн күн!

# ӨХ, БУТТУКПУ

## – 1 –

Ошентип, согуш куюну 1944-жылдын 31-августунун түнү байыр алып калган ордубуздан, кайдадыр бизге табышмак тарапка айланкөчөктөтүп алып жөнөдү. Жалгыз эле биздин полкубуз эмес, бүткүл 33-Армия жолго чыкты. Ай отуруп чыгып калган кез. Анын үстүнө жакындан бери күн бат бүркөлүп, күнүнө эки үч маал өткүн өтүп, Балтиканын жакын экенин сездире баштаган. Литтер[1] бышкан эгиндерин атчалгылар менен чаап, өткүн ара-чололорунда кары-жашы дебей жапатырмак жабыла кыймылдашып, эки үч күндүн ичинде эле жыйнап алышкан. Эгиндери деле аянттарына жараша аз, көпчүлүгү жайыт болот экен. Биз да кол кабыш жасап, жумуштан бош солдаттар да жардамдарын аяган жок. Айрыкча, колхозчулук турмушту башынан өткөргөн, кагылып-согулуп калган орто жашар элеттик солдаттар, бейкутчулуктагы кесиптерине куса болгон байкуштар, биздин турмушта салт болуп калган өз ара социалисттик жарышка чыгышып, чабылган эгинди боолап киргенде, хутордук аялдар боолук жасап үлгүрө албай таң калышты.

Эмгек – кишилердин өз ара ымаласынын данакери болот турбайбы. Солдаттар литтердин аламан иштерине тартынбай азан-казан киришип кол кабышын аябай, оор жумуштарын жеңилдете баштаганда мурда бизден кооптонуп, боюн салбай чочулап, обочолоп жүргөн аялдар эми жибишип, суусун сунушуп, өздөрүнүн кадырлуу тамактары менен конокташуп, солдаттын бети ылдый чубурган терин саймалуу сүлгүлөрү менен аарчып, жетине албай, тилин билбесе да, дилинен ыраазычылыктарын сездиришип, өзүбүздүн колхозчу аялдарыбыздан айырмасы жокко эсе.

[1] Литвалыктар

Кээ бир солдаттын кирин жууп, жакасын агартканга дейре жакындап калган эле. Айрымдары менен ымылалары андан да жакын болуп бараткан. Мына эми, анын баары артта калды. Согуш деген согуш. Анын стратегиясы табымшак, тактикасы баланын оюнунан да жаман. Болжоп болбойт. Биз буга көнгөнбүз. Үч жылдан ашык жер кезип, талаа безип, кан кечип жүргөн согуш сапарында бул окшогон алабармандар ашыбыздын жаңы эле сорпосун ичип, эти оозубузга тие электе кычаштык кылып, согуштун каңтаргасы кармап дыр берип, үмүт өксүгөн турмушту башыбыздан далай өткөрүп келебиз. Буга айла барбы?!.

Күүгүмдө, биздин көч жөнөөр алдында, Гражина кара нөшөргө карабай, Юригинин кол арабасын түрткүлөгөн бойдон, чегилген, каркыра чубатууга тизилген арабалардан жандап өтүп жаныма келип, үн дебей, ридикүлүнөн[1] алтын чынжырлуу, оюн картасындагы эндиктей кызыл ача түспөл жалпыяяак кутуну оң колунун бармак сөөмөйү менен чымчып алып чыгып бармагынын тырмагы менен капкагын ачып, дөңгөлөгүн чырт эттирди эле, шам сыяктуу жалын чыкты. Жалындын шооласын бетиме жакындатып, көзүмө көзүн кадалтып бир аз тиктеп, анан капкагын жаап, чынжыры менен кошо колума карматып, дароо кол арабасын түртүп, короосуна кирип, ошол бойдон жок болду. Мен бир ооз сөз айтууга үлгүрө албай калдым. Ал кере-кере арыштап, артынан куугантук келаткан немече улам кылчактап, шашып кирээри менен дарбаза жабылды. Анын караанын карап, бетиме чаба жааган жамгырга кайыл болуп, көзүмдү айырбай, күүгүмдү карап, катып калыптырмын. Мен уучумду жазып, алаканымды ачсам, кутунун формасы жүрөккө окшош экен. Немистерден олжого түшкөн оттукшамдарды солдаттардан көргөм. Кичинекей кутуга кебез салып, аны бензинге чылап билигин бир бурчундагы кичине түтүктөн чыгарып коёт экен. Экинчи бурчундагы урчукка оттукташ орнотуп,

[1] Ридикюль – аялдардын колго кармап жүргөн намыяны.

аны кайрап өткүдөй үстүнө болот чыгырык орнотуптур. Чыгырыкты бармак менен чимирилткенде оттукташты кайрап өтүп, кызыл учкундарды чачыратканда, билик тутанып жалындайт. Муну биринчи көргөндө, өзү сыя чыгарып жазуучу калемдерге таңыркаган сыяктуу эле, каапыр немистин бул амалына да таң калганбыз. Азыр мындай укмуштарды бат-бат көрүп атандыктан, көнүмүшкө айланып баратат. Эми биздин солдаттарды оңой менен сонурката да, таңырката да албайсың. Ошондой болсо да, Гражинанын мага берген оттугу мен көргөндөрдөн башкача назик, кичине, кооз, баарынан да өтө айырмалуулугу оттукшамды пластмассадан жасалган жүрөк сымак кызыл жалпак кутучага кынаптап, алтын чынжырдан боо тагып койгондугунда болуп атат. Моюнга асынса тумардан, медалдан айырмасы жок. Гражинанын белегинин маанисин эми түшүнүп, кайрадан дарбазадан көзүмдү айырбай, арбап койгон немеден бетер, кадалып көпкө тиктедим. Күүгүм мүнөт сайын ireңин коюлтат. Жамгыр бетке чаба жаап улам катуулайт. Чагылган жарк эткенде, немистин асманга атылып чыгып жарык кылып каалгыган майдан чырагынын шооласындай айлананы ымыян-чымыянынан өөдө көрсөтөт. Кудайдын асман электри жалп этkende көзүң дароо караңгылап кашаят. Ушундай абалга кабылып, бушайман болуп атып Гражинанын артынан басып барып, дарбазаны ачып ачык коштошууга жарай албадым. Анын үстүнө катардагы карапайым солдат эмес офицер болгондугумдан, сенден команда күтүп, жолго даяр болуп турган аскерлердин алдында ким экендигимди унутуп, делебемдин мүнөттүк делөөрүсүнө берилип башымды жоготуп койгонумда, карамагымдагыларга кайсы баркым калат эле? Эгер мен сугума алым жетпей, Гражинаны ээрчий бассам, күр болуп турган солдаттар дароо хуторлорго тарап кетип, жолдон калбайт белек. Күжүрмөн тапшырма кырсыкка учурап, анын кесепети бүткүл полкубузга тийип, армиянын алдында шерменде болбойт белек! Оо андайдан

кудай өзүң сактай көр! Ошентип, дендароо болуп турган чагымда Бычковдун машинеси келип, жаныма токтогонун да байкабай калыптырмын. Ал жигит кечээ майор наамын алып, Армиянын артиллерия командалоочусунун буйругу менен, бизден кеткен Головиндин ордуна полк командиринин оорук боюнча орун басары болуп дайындалган болчу. Бүгүн Головиндин рациалуу машинесин минип, хуторлорго жайгашкан бөлүкчөлөрдү чогултуп, жолго чыгуу камылгасын көрүп жүргөн эле.

– Эмне, доктор, сүйгөнүң менен коштошуп бүтө албай жаткан немече селейесиң? Башкалардын баарысы жолго чыгып калышты. – Бычков мени тамашалайм деп, таамай үстүнөн түшкөнүн өзү байкаган жок. Шашып жүргөн неме, машинесинин фарасын жандырып наркы хуторго сызды. Мен да сыр алдарбай башка себептерге шылтап, жүрүшкө даярдыгыбызды айтып калдым. Атыма минээрдин алдында дарбазаны акыркы жолу үмүт менен кылчайып карап, түңүлгөндөй томсоруп, көч баштап жолго чыктым.

Каш карарып ымырт коюулап, жаан ансайын күчөп, түн каптап келатат. Биз бул жерге келгендеги буурул түндөр азыр дайынсыз жоголгон. Күн кыскаргандан кыскарган. Ага тете бүгүн кечке жуук Балтика тараптан окторулуп чыккан кара булуттар жерге тиер-тийбес самсаалайт, чыгыш тарапка самсып ого бетер иңирди коюулатып, эми жаркылдаган чагылгандардын коштоосу менен төбөбүздү сыдырып өтүүдө. Сыягы жакында басылчудай эмес. Солдаттык турмуш эмнени гана көрбөйт. Турмуш баарына көндүрөт, баарына амал таптырат, солдаттын билбегени жок. Бекеринен Некрасов акын:

Солдаты дымом греются
Солдаты шилом бреются![1] –

деп жазбаптыр.

[1] Солдат түтүн менен жылынат!
Солдат шибеге менен кырынат!

Өз көчүмдү баштап, хутордон чыгып, чоң жолго келсем, атуналуу биринчи дивизондун колоннасы жол тартууга азырланып, шоссени бойлоп, кырка тизилип турган экен. Мунун артына өзүмдүн колоннамды. удаалаш токтотуп жалпы колоннанын башындагы, дивизион командирине жеткенимде, түн өкүмүнө толук ээ болгон маал эле. Полк штабы тарабынан иштелип чыккан кечээтен бери такташып, макулдашкан марш планы боюнча атунаалуулардын жалпы колоннасынын начальниги болуп биринчи дивизиондун командири капитан Цагарейшвили дайындалган. Мен аны колоннамдын башынан бсолголоп таанып, өзүмдүн колоннамдын маршка даярдыгын рапорттодум. Менин колоннамдын курамындагы санчастын начальниги, Салмановдун ордуна жаңы келген доктор, капитан Давид Лазаревич Кабаков да расми боюнча мага улаша рапорт берди. Аңгыча калган бөлүкчөлөрдүн көчтөрүн шыкап айдап, Бычков да, жетип келди. Саат туура 20 нөл-нөл болуптур. Бычков биз менен эртеңге дейре коштошуп, автоколоннага алдыга жөнөп кетти. Биз, атунаалуулардын жалпы көчү Цагарейшвилинин жетекчилиги астында шөлбүрөткөн жаандуу түндү жамынып, түштүк тарапты акмалап жолго чыктык.

Биз таштаган хутор эсеп боюнча жарым километрден ашпайт. Көч жылаарда акыркы сапар артымды карасам, араң-араң бүлбүлдөгөн жарык кайдагы бир алыскы галактикада турган кымындай жылдыз окшоп жылтылдайт. Ал узун шырыктын учундагы, желге чимирилген баранын үстүндөгү түн сайын жанып турчу, мага тааныш электр шамы экенин акылым менен боолголодум. Ошол шамдын астында тунукелүү үйдө Гражина калды. Аңгыча болбой чагылган жарк дегенде эки көзүм дароо дарбазага кадалды. Дарбазанын сыртында бир караан тургансыйт. Жакшылап карап ким экенин тааныгыча жарык жалп этип, кайрадан караңгы түн түшүп, күркү-

рөгөн дабыш кулагымдын тарсылдагын жарып жибере жаздады. Кайдан?!. Кетип калган бизди нөшөрдүү жаанда күтүп Гражина жиндиби? Тек гана кыял элестир?..

Согуштун алдыртан сездирбей туруп жасаган буйруктарынын кесепетинен, менин уяңдыгыман, анын аялдыгынан мен андан, ал менден айбыгып куру калдык! Экинчи экөөбүз көрүшмөк кайда!? Согуштан аман калсак деле мен экинчи бул жерге кайрылып келишим миңден бирге, же нөлгө барабар экени айдан ачык, күндөн жарык нерсе дечи!.. Бул өксүктүн жалгыз күбөсү катары буюрбаган ашка мурун канагандын жалгыз белгиси катары, жаңы кителимдин сол чөнтөгүндө жаткан оттукшам. Анын жаткан жайы жүрөгүмдүн тушунда. Ойлобой салсам да, оң салыпмын. Эми нымдуу түндө, ат үстүндө, дарексиз жолдо абыгер четип келатканда, Гражинанын белеги жүрөгүмө жанаша жатып, жүрөгүм аны, ал жүрөгүмдү жылытып, Кудайдын ушунусуна да каниет кылып үмүткөрлүк сезимимди жибитүүдө.

Мен тейлеген көч артында эми начхим Коптев. Полктун командири анын жүктөрүн да ат арабаларга котортуп, чарба взводунун беш арабасына ээлик кылып койгон. Бычковдун эски ордуна жаңы киши келе элек. Азырынча ал эки кызматты тең аткарууда, бирок марштагы кызматын Коптев аткарып келет. Бул мага сырдана. Экөөбүз бири-бирибизди жарты сөздөн эле түшүнөбүз. Кабаков менен жакшылыктуу таанышууга чоло тие элек. Кебете кешпири түзүк эле неме көрүнөт. Салманов тургай, кышындагы Кабаковдун улутташы Егоровго да салыштырып болбойт. Фамилиясы орусча болгону менен улутун жашырбай атын, атасынын атын бурмалабай, дал өзүн айтып, шар сүйлөп, шайдоот жүрүшүнө караганда жаман киши эмес, бирок мал аласы сыртында, адам аласы ичинде дейт эмеспи. Орустар киши сырын билиш үчүн бир пуд туз керек десе «мен еврейди билиш үчүн эки пуд туз керек дээр элем» деп,

Дорфман эскерткендей, дагы көрө жатаарбыз. Казат жолу узак жол, Берлинге дагы көп бар!

Колонна токтобой жылууда. Жол ээн болсо керек. Бул сапар полктун командири бөлүкчө башчыларына маршрут бердирген жок. Ал жалгыз биздин жалпы колонна башчыбыз Цагарейшвилинин колунда. Ал кайда бурулса, биз ошол жакка ээрчимей. Жолго чыкканыбызга бир сааттан ашты. Жаан баягысындай бойдон. Бир да шаар кыштак учурай элек. Эки сапар кичине токой аралап өттүк, ар кандай жерде жылтылдаган чырактар, үргөн иттерден улам, дагы эле хутордон арыла электейбиз. Бүт армия көчтү деген каңшаарга караганда жолго көч батпай калат эле, балким бул да душмандын планын бузуш үчүн жасалып жаткан эле амалдыр?.. Жалгыз биздин эле полк көчүп аткандыр?.. Эгер армия жолго чыкса, анын күркүрөгөн техникасы кайда? Эмдигиче күрүлдөп-шарылдап танкелер, мотордуу замбиректер, замбирек сүйрөгөн тракторлор, бронетраспортерлер тыягыбыздан-быягыбыздан жөөлөп бизди жүдөтүп жибербейт беле?! Жолдо жай гана жылып бараткан биздин арабалардын дөңгөлөктөрүнүн, ат туяктарынын күңүрт дүбүртүнөн башка кулакка чалдыккан табыш жок. Жадагалса, автомашинелердин да үнү угулбайт. Же алардын башка жолу барбы? Жедеп кулакка үйүр болуп бүткөн согуш табышы да бүгүн кайда кеткен? Жердин үстү менен эмес, асты менен, бир оңурайган туннель кенен кыбырап жылып бараткаңыбыздай сезилет. Демейде желмогуздун көзүнөн жанып чыккан оттой чубалжыган шооласы менен самолёт издеп асман тинтишкен прожекторлор да бүгүн эмнегедир жок. Же капыстан бирөө чыга калып, согушту тыйын салдыбы? Андай күн кайда? Балээниби! Тек гана бир айдан бери бир жерге байырланып токтоп жашоонун ыкымын алып, түн катып көчмөйлөрдүн түйшүктөрүн унутубураак баратсак керек? Болбосо, бул окшогон шөлбүрөк, казандын көөсүндөй караңгы

түндөрдөгү көчтөрдү өткөрбөй жүрдүк беле?.. Үч жылдан ашкан согушта мындан миң эсе табышмактуу жана коркунучтуу түндөрдүн далайын баштан өткөрбөдүк беле?! Бул деле ошол көп караңгы түндөрдүн бири да. Өлбөсөк акыркы жеңишке дейре мындай түндөрдүн дагы канчасын көрөбүз. Балким?.. Ажеп эмес, бирок, бул түн канча көңүл чүнчүткөн, дене шүмтүрөткөн, эми унутта калган көп күндөрдүн эсебине кирбей, өмүр бою эсте кала турган жагдайы бар, ал – Гражинанын мага берген жүрөксымак кичине, назик оттукшамы!

Жолго чыккандан бери оюм уйгу-туйгу, чар-жайыт, баш аламан, бирине бири байланышсыз, ошентсе да, көбү көңүл чөктүрүүчү окуялар эске келип, алардан кутула албай талмоорсуп, жалгыз гана Гражина берген белек менен кез-кезде дарылап алек болуп келаттым эле, бир оокумда капыстан атым тык токтогондо, үстүнөн учуп кете жаздадым, карасам алдында арабалар токтоп калыптыр. Мунун жөн жайын билиш үчүн алдыга Цагарейшвилиге жөнөп баратып, колоннанын башынан аягына тарап келаткан «Привал»[1] командасын кулагым чалды. Ошондой болсо да, жаңылыктын бар-жогун билмекке колонна начальнигине жетип, атынын тизгинин кармап жөө турган капитандан:

– Эмне болуп кетти? – десем, ал жооп берүүнүн ордуна кайра мени кепке сындырды, саатты карабайсыңбы, доктор! – дегенде, Гражинанын төш чөнтөгүмдөгү белегин алып чыгып, чырт эттирип, жалынынын жарыгына сол билегимди тоссом, саат 22 нөл-нөл болуптур.

– Кулдугум бар, жолдош капитан, Сиз команданы саат сыяктуу эле так аткарат экенсиз – деп атыман ыргып түшүп ага жанаша туруп калдым.

– Привичка[2] – деп грузинче «ы»нын ордуна «и» тыбышын колдонуп, менин мактаганыма корстонуп калды.

[1] Привал – тыным, аскер термини.
[2] Привычка – өнөкөт.

Ушинтип, кыскача жон сылашуудан кийин, бир чети денени коргошундай салмактантып бараткан уйкуну качыруу үчүн, экинчиден, акыркы жаңылыктардан кабардар болуш үчүн, үчүнчүдөн, кыска тынымды тымпыйып өткөрбөй, адамча баарлашып, көңүл ачыш үчүн мен Цагарейшвилини кепке тарттым.

– Жоокерчилик мезгилде, уруш аймагын аралап алыскы сапарга жол тартууда, полктун жарымын түзгөн атунаачан бөлүкчөлөрүнүн жалпы кошуунун башкарууну полк командири көп күжүрмөн офицердин ичинен жалгыз сизге бөтөнчө ишеним көрсөткөнү – бул чоң сыймык. Сиздин күжүрмөн сапатыңыз, урушта тайманбас эрдигиңиз, ар ишке так, кайраттуулугуңуз, убадага бекем, бир сөздүүлүгүңүз полк командирине жаккан болсо керек? Ал киши жаңы келсе дага кыраакы экен, сизди билип тандашына караганда...– дагы далай кулагына жагымдуу, май кылгыртма сөздөрдү айтып алыстан тооруп келип: «кандай жаңылык бар, кайда бара жатабыз, эгерде жашыруун болбосо, эмне үчүн ээлеген позициябызды башкаларга таштадык деген сыяктуу өз жүрөгүмдү өйүткөн суроолорду бердим эле, тубаса көйрөңдүк булардын канында эмеспи, сөздөрүм ичин эритип жиберди окшойт:

– Доктор мен билгенди сен да билесиң, биз Польшага баратабыз. Эмне үчүн экенин билбейм, мага эч ким айткан жок, согуштук сыр болсо керек, балким Биринчи Белорус фронтун күчөтүп чабуулга өтүш керектир. Берлинге баруу жол ошол жакта да. А бу жерге алакандай Пруссияны алгандан кийин деңизге такаласың, анан кайда барасың?

– Ырас айтасыз. Чын эле мынча колду алакандай жерге топтоонун кандай кажаты бар. Эмне үчүн айлана тыптынч, согуш токтоп калганбы? – баягы өзүмө берген суроомду буга узаттым эле, ал мага караганда көбүрөөк информациясы бар экенин билдирди:

– Биз эки саат ичинде 13 км жол бастык, багытыбыз чыгыш туштук. Азыр Батыш Белоруссиянын жерине

өттүк. А Белоруссия бүт бойдон Польшага дейре немистерден бошотулганын, анан да Польшанын чыгыш жагын Висла, Буг дайраларына чейин Кызыл Армия фашисттик туткундан куткарганын Информ бюро жарыялабады беле. Демек биз согуштун алдыңкы чегинен болжол менен 60–70 алыста туруп атабыз. Балким андан да алыстырбыз? Анан кантип угулмак эле уруштун дүбүртү. А прожекторлордун асман тинтпегенине үстүбүздөгү кара булуттар күнөөлүү болсо керек?.. Ушундай түнөргөн бүркөктөрдө немистердин самолеттору учуучу беле? Жашырбай эле чылымыңды ачык тарта бер. – Капитандын чылым деген сөзү дароо Гражинаны эсиме салды. Галифемдин[1] чөнтөгүнөн «Беломорканалды» алып чыгып, сыпайылыкка биринчи ага сунуп, анан өзүм бирди тиштеп, Гражинанын оттугун чырт эттирип, жалынын атайы Цагарейшвилинин чылымына тостум эле, ал чылымды тутантып, атып оттугума көзү түшө калды.

– Дайка посмотреть, что за диво?[2] – Мен оттугумдун капкагын жаппай, шамы жанган бойдон бердим эле, ал ары карап, бери карап таң калып:

– Много зажигалок видел, но такую впервие. Это не простая, а со значением ишь, футляр – сердце.[3] Муну кайдан алдың?

– Солдаттар таап келген олжолордун бири да – деп, кайдыгер сүйлөмүш болуп чөнтөгүмө каттым. Ичимде жүрөгүм туйлап, Гражинанын тартуусунун колкосун бере албай калганыма жаным күйүүдө!

Чылым да бүттү, тыным да бүттү.

– Жол ээн, бул жердин аскерлериники эле жолубуздан кезикпесе, биздин армиянын техникасы бүт поезд менен барат. Алдыбызда, артыбызда биз такоолдогон

---

[1] Галифе – аскер шымынын бир формасы.

[2] Берчи көрөйүн, эмне укмуш?

[3] Көп оттук көргөм, бирок мындайды биринчи жолу. Бу жөнөкөй эмес, сыры бар. Көрбөйсүңбү кутусу – жүрөк.

дивизиянын ооруктарынын ат сүйрөгөн көчтөрү эле болот. Ар бир дивизияга өзүнчө маршрут түзүлүп, бөтөн-бөтөн жолдор менен бирине бири жолто болбой кеңири бастырышат. Дагы эки тынымдан кийин, полкубуздун авто унаалары менен жолугушмакпыз. Аттандык, доктор! – Колонна башчысы капитан көч баштап жөнөдү, адегенде өзүмдүн колоннамдын келишин күтүп, жолдо обочо тура бердим.

Калган түндү таң атканча узак жолдо өткөрдүк. Ар ким өз санаасы менен алек болсо керек. Артымдагы биринчи арабада адаттагыдай эле Баранов менен Чистов, андан кийинкиде Посохов ат айдагыч солдат экөө. Андан кийинкилеринде жем-чөп, ар кандай шайман, буюм-тайым салынган арабаларда ат айдагычтардан башка солдаттар, чиркештирилген жарадар аттар. Алардан кийин санчасть, анын артында көп арабалуу чарба взводу. Начхимдин жүгү деле булардын карамагында. Мен Коптевге жолугуп, өзүм уккандарды ага айтайын деген ой менен, өзүмдүн көчүмдү да өткөрүп, турган жерде күтүүдөмүн. Анда-санда кээ бир арабадан акырын үн чыгарып солдаттардын кобур-күбүрү угулат, көпчүлүгү үнсүз. Кээси плаш палаткасын чүмкөнүп уктап, кээси чүмкөнө жамынышып үңкүйүшөт.

Коптев колоннанын артында. Менин жаныман өтүп баратып, караңгыда тааныбай кооптонуп «кимсиң?» деди. Үнүмдү таанып шеги тарап, жагалданып:

– Мени текшергени келдиңби? – деди.

– Жок, уккан жаңылыктарды айтайын деп келдим.

– Ии айтчы батыраак?!– Экөөбүз тең көч ээрчий бастырдык. Мен Цагарейшвилиден уккандарымды төкпөй чачпай айтып берсем, ал күлүп:

– Жолуң болсуң, доктор! Мең да дагы бир кандай балээ болуп кетти десем, ошол жаңылык болбой калсын. Мен муну кечээ эле «көчтүн көчүк командири» кылып дайындап атканда, майор Несговоровдон уккамын.

– Ошондой да кызмат оруну бар бекен биздин полкто?

– Ананчы! Француздун «арьергард» деген сөзүн орусча которсо, ошондой эле болот. Мен аны сага түшүнүктүрөөк болсун деп, карапайым калктын тили менен которуп берип айтпаймынбы – деп күлүп, – кой, калжаң сөздү таштайлы, шайтан алсын, андан көрө чылымың болсо келе! Меники түгөнүп калыптыр, кумарым тутуп, башым ооруп атты эле. Ансыз деле өзүңө барып тамеки сурамакмын.

Коптев чылымын тутандырын атып, менин оттугум сырдуу экенин байкаган жок, немистерден тонолгон көп оттуктун бири деди го, а мен Гражинанын акылдуу, амалдуу аял экенин толук түшүндүм. Мындан ары ар дайым тамеки тарткың келгенде ал аялды кааласаң да, каалабасаң да эсиңе түшүрүүгө туура келет. Деле аялзаты укмуш амалкөй белем? Тыйынга арзыбас буюм менен дубалап, сыйкырлап алуу, булардын табигый касиети болсо керек?.. Кыргыз кыз-келиндеринде деле көзү түшүп калган жигитине бурчу саймаланган жүзаарчы узатат эмеспи. Жүзаарчынын баасы тыйын, а анын тартуусунда баа барбы?.. Эркек маңыроо десе, арыбызга келебиз, бирок ушундай болоор-болбос неме менен жүрөк чымчуу амалын таба алабызбы?..

Эмне унчукпай калды деп, мага кабатыр болду окшойт Коптев. Менин тигил оюмду бөлүп, бир оокумда бирдеме деген үн чыгарып аткандай болду эле...

– Доктор саа эмне болду? – деген аяккы фразасын гана даана уктум. Уйкудан чочуп ойгонгон немеден бетер, оюма алагды болуп атып, анын сөздөрүнүн башын укпай, мен да аны туурап:

– Саа эмне болду? – дедим.

– Маа эчтеке болгон жок, а сен унчукпайсың, же ат үстүндө уктап кеттиңби?

– Жок, ойгоо элемин, өзүң эмне унчукпайсың? – деп оюмду жашыруу үчүн бет тырмаарлык кылдым. Мын-

дай кылыгым туура эмес экенин билип туруп эле ички сырымды муну менен бөлүшкөн жокмун. Бул, жазында сүйгөн кызы күтпөй эрге тийип кеткенден бери аялзатына жоо. Аялдын атын укса эле итиркейи келип, итатайы тутулуп, туталанып чегинен чыгып кетет. Ошондуктан, биринчиден, муну аяп, экинчиден, өзүмдүн ичимди ысыткан, жүрөгүмдү тызылдаткан азыркы бөтөнчө бир ачуу-таттуу сезимимди муну менен бөлүшөм деп, шаабайымды суутуп алуудан чочудум.

Ошентип, чолок-чолок кеп алмашканыбыздан кийин, мен ага «жолуңа сак бол!» начальниктик сөзүмдү айтып, өз ордума желдирип кеттим. Келсем, Барановум мени жоготуп жиберип Чистов экөө чочулап атышыптыр. Посохов болсо, беш алты жылдан бери үй бетин көрбөй, түнкү көчтөргө ашмалтай болуп бүткөн эргул, бир басылып бир жаап жаткан жамгырды тоотпой, арабанын чайпалышына бешиктеги баладай термелип, терең уйкуга кирген. Мен тигил экөөнүн санаасын тындырып, өз ордумду ээлеп, эми көп менен кошо жылынып, белгилүү багытка бет алып, белгисиз тапшырмага кетип баратабыз...

...Айлана жымжырт. Кооптонууга шектүү белги көрүнбөйт, табышы да билинбейт. Жол даңгыр. Атайы эле айыл аралатпай салганбы, кечээтен бери бир да кыштак учурай элек. Же бул жерде деле батыш Литва сыяктуу жайнаган хуторбу, билбейм? Ай караңгы, түн узун, жер көрүнбөйт, абанын нымы мурдуңа кирип, сууга айланып куюлат. Плащ палатканын сырты шөлбүрөп суу. Такалуу аттардын таш жолдогу, чапчаң эмес, кашаң, эмес, бир калыптагы табышы, арабалардын чыгырыгынан чыккан бир түркүн кылдырак кыраат же басылбай, же күчөбөй кулагыңды ээрчип отурса, аргасыздан уйкуңду келтирет, же атайын алагды кылыш үчүн санааркатуучу ойго салат экен. Мына азыр көч ортосунда жалгыз атчан баратып, жанагы Коптев бузуп кеткен оюмдун учугу мээме кайра чалынды. Кеп, эркек болоор-болбос неме

менен аялдын «жүрөгүн чымчуур амал таба алабы?» жөнүндө болуп атпады беле. Ай, таба албас?.. Балким, мен тажрыйбам жоктук кылып аткандырмын?.. Өзгөнү билбейм мен андай амалды таба албайм! Тынччылыкта аспирантурада окуп жүргөн кезимде айланамда кыздар маселеси боюнча түндүктөн түшкөн адистер деле бар але. Алардын айтымында аялды өзүнө үйүр кылуунун табылгасы – алдоо. Калпты-чынды койгулатып, жалынып жалбарып, жерге-суугa, эч бир тирүү жанга теңебей көкөлөтө мактасаң, не бир айдан бийик асмандагылар чай кайнамга жетпей торуңа түшүп, үндөөккө келет, чымын кондурбас азоолор, жанына жолотпос чалпоолор бат эле оздукталып мингич болуп берет дечү. Айрыкча бир көкүрөгүн көтөргөн көөдөк студент жолдошум: «баланча кызды киного алып бардым, баланча кызды кара бакта жайладым, түкүнчө кызга морожунай алып бердим, анын курдашын Төкөлдөшкө узатып келдим» деп күн сайын жаңы кыздын атын атап, мактана бере турган. Дагы бир кызматчы болуп гезитте иштеп жүргөн жарым тааныш, жигит өңү чымчый чаар, бетинде меңи бар, майлаган бадырактай жылтыраган, карасур жигит пивого кызып алганда: «кызга кыраанмын – көрсөм кыя өтпөйм, аялга алгырмын – жолуксам куру кетпейм» дечү. Ушу, кейпиң, түрүң-түсүң менен кантип жолуң болот? десем, мээр чөбүм бар деп, ачыгын айтпай жалтаңдачу. Анын табышмактуу сөзүнө кызыккан дасторкондошторунун кээ бирөөлөрү чыны менен ишенип мээр чөп деген эмне, аны кайдан тапса болот? деп, такымдап сурагандарга жооп берип атканына бир жолу күбө болгонум бар. Сөздөрүн куюлуштуруп жиксиз кынаптап, чындан да ишенимдүү кылып сүйлөгөн, калпты айтаарда көзүн ирмебеген, ыржайып күлбөгөн, мостойгон сүрү менен капкайдагы жокко ишендирген неме эле.

– Мээр чөп эки түрдүү болот – деп баштап, анан алдындагы толтура кружкадагы пивону жарымына чейин

тынымсыз шимирип, оозун кагаз майлык менен шашпай аарчып туруп, терең дем алып сөзүн улантты – биринчиси бөтөнчө касиеттүү чөп, анын кайда өскөнүн киши билбейт. Ал, бүркүттөн кичине, карчыга куштан чоң жаман сары деген куштун оозунда болот, анда да дайым эле боло бербейт. Жаман сары жалпы эле куштардын ичинен жалгыз гана чээнге кирип уктаган куш. Ошол куш күзүндө, чээнге кирээрдин астында, мээр чөп издеп кайдадыр өзү гана билген алыскы тоолорго учуп барып, аны таап, тойгуча оттоп, ашканын оозуна тиштеп келип, чирик карагайдын же башка жоон сөңгөктүү дарактын коңулуна кирип, жазга дейре магдырап уктай берет. Так ошондой жаман сары ургаачыдан жылдыздуу эркекке гана жолугат. Аны тапсаң кандын кызы Канымжан, бектин хызы Бегимжан – баарысы колтугуңда коёндой коркуп, калтырап титирет жата берди дей бер. – Өзү коёнго эксперимент жасап жаткан немече кош колунун шадыларын арбайтып, кружканы акырын эки капталынан кыса кармап, оозуна шашпай жакындатып, эриндерине тиери менен тил соргонсуп кыйла кылкылдатып, шыпкагандан кийин, тамшанып, кружканы столго койду. Шаштысы кеткен бирөө:

– Мээр чөптү кандай колдонсо болот? – деди. А тиги суроо бергенге бурулуп.

– Сенде барбы? – суроосуна суроо менен кайрылды.

– Жок, эгер тапсам, кантем деп атканым да. – Мунун чын эле ишенип атканына көзү жетип, ойбогон чаар, андан бетер маалкатып:

– О-о, ал дагы бир эки кружкасыз чечилбейт. – Кудайдын жок калпын айтып жатса, студент болуп туруп жаш балача оозуңду ачып ушуга ишенесиң да – деп, тыңсынган бирөө чыкты. Мен ичимден күлүп, тигилердин арасында унчукпай отурам. Мени анын калпы эмес, айтуу аземи, угуучуларды магниттей өзүнө тартуучу касиети кызыктырууда.

– Болуптур, эки кружка менин мойнумда, деги айтчы? – деп студент чыдамсызданды.

– Кхы – тамагын жасанып, – болуптур, мээр чөптүн машакаты көп, ошолордун баарысын чаташтырбай башынан аягына дейре ирээти менен аткарганда гана эм түшөт. Кокустан бирөөнү эле аттап кетсең, же ирээтин алмаштырсаң, касиети качат, иштебей коёт.

– Кой тукумун берүүчүдөй маалкатпай, ток этээр жерин атпайсыңбы! – Студентке акыл айткан жанагы неме эми колтукка сайып шашкылады.

– Шааниси менен айтпаса, мааниси чыкпасын сен билбейт турбайсыңбы, шашсаң кете бер. Бул шашкандын иши эмес! – Ого бетер манчыркап, өз баасын көтөрүп болбойт, тиги чаар. Жанатан бери кепке катышпай олтурган мен да мунун кыянатчылыгына чыдабай:

– Бул өнөрүң менен сен редакцияда кагаз тытмалап убара болбой эле, базарда бал ачып, төлгө тартып, же далы карап, чүкө калчап, кардарлардын тагдырын алдыртан айтып, көзүңдү сүзүп гана кош колуң менен акча шилеп олтуруучу кейпиң бар экен, башыңда селдең гана жок – дедим эле, олтургандар кыраан-каткы күлүп калышты. Туш-туш жактан аны эзип кирдик эле, айласы кетип жомогун улантты.

– Мээр чөптү жаман сарынын оозунан алгандан кийин, куш менен шилекей алышып: «мен сендик болоюн, сен мен бол!» деп, тумшугунан өөп жаткан жерине кайра коюп, түлкү жеп кетпегидей кылып, жакшылап жашырыш керек. Анан мээр чөптү таза ак чүпүрөккө ургундай, марлиге ороп, сол колтугуңа жылаңач этиңе катасың. Үйүңө келгенде, жатаар жериңе кырк, эсиңде болсун, ашыгы жок, кеми жок кырк кадам калганда, киши көрбөгөн бир жайга катып, жети күнгө дейре унутуп коёсуң. Анан кийин бирөө аңтарбай турган жашыруун чөнтөк жасап, мээрчөптү марлиге оролгон бойдон ошо чөнтөккө катасың. Бул эми пайдаланганга даяр. Качан

керек болгондо, чөнтөгүңдөн, кишиге көрсөтпөй, оң колуң менен алып чыгып, оң уучуңа катасың да, өзүң каалаган кызыңа жакын калганда, уучуңду жазбай туруп, оозуңа жакындатып: «Келаадун таздын кеби менен, сары жыландын деми менен ар-р-рамаан, суф!»– деп, шыбырап уучуңду үйлөйсүң да, кыздын жанынан өтүп баратып, уучтаган колуңду чыканагына тийгизесиң да, «абайлабай» колун тийип кеткени үчүн кечирим сурайсың. Болду! Эми ал кыздан кутула албайсың! Жем жеп үйүр алган жетим улактай сени ээрчигени ээрчиген! Калганын жаның болсо кыймылда!..

Адам кыялы эмнени, гана жаратпайт?.. Кудая тобо-о! Жашчылыктын дарты бала ишенбей турган калпка да ишендирет... Ошондо тиги студент тиги чаардын жомогун жата калып угуп, «дубасын» кайта-кайта айттырып, блокнотуна жазып аткандагысын шылдыңдап күлгөнүм эсиме түшүп, эми Гражинанын амалына табылуучу айла барбы? деп, өзүмдөн өзүм сурап, чаар корреспондентке окшогон бирөөнү жолуктурууга зармын. Бул санаам орундалбасына толук көзүм жетип турса да, өзүмдү алдай турган киши табылса деп эңсейм!

Болбогонду болтурууга, жоктон барды жасоого алпурушкан данексиз кыял – бу да болсо Кудайдын адамзатка энчилеп берген бир касиети болсо керек?.. Муну калп деп, шылдыңдабас керек бейм, орунсуз деп мазактабас керек окшобойбу?.. Мунсуз илгери үмүт да болмок эместей. Бул неме, кишини чыдамкайлыкка, кайраттуулукка, үмүткөрлүккө, оптимизмге, сабырдуулукка, тобокелдүүлүккө үйрөтөт, чыңайт, сугарат көрүнөт. Бул кыял-ой болбосо, ушул согушта санааркап жүрүп эле октон мурда өлмөкпүз. Канча кыйын абалдан, канча кысталыштан, кандай калабадан, кандай кайтып чыга алгыс туңгуюктан, нечен азап-тозоктон ушул кооз кыял-ой – эртеңки үмүт көбүбүздү арачалап тирүү алып келатпайбы.

Мына бүгүнкү түнү да «аңгектен качсаң, дөңгөккө» дегендей бир майдандан экинчи майданга, балким, кызыл кыргындын чордонуна баратабызбы, Кудай билет? Ошентип, маа белгисиз бир күдүк тапшырманы аткарганы баратып, жүрөктүн опколжуганына карабай, Гражинанын тырнактай бир белегинен улам, канча кыял-ойду чаргытып алек болуп, санаа менен байып, убай менен карып, жаандуу, капкараңгы, күз илеби кежигеңден үйлөгөн желге чыйрыгып таң атырдык. Жер бетинен ымырт жабуу сыйрылып, горизонт кеңейип, айлана ачылып, көңүл бир аз көтөрүлө баштады. Таңды токою жок ачыкта тостук. Божомолдогудай эле чар тарабыңда көз жеткен жерлерде айылдын карааны көрүнбөйт, анткен менен хутор деген неме жайнайт. Жер бетинин токойлуу түгү аз болгону менен хуторлордун жанында тигилген бир топ бактар, жыш чечектин чаарынан аман калган териге чыккан сейрек сакалдай серт көрүнүп, тигинде-мында сербейишет. Аймактын өзү да түз эмес отко күйгөн карындай бырыш-тырыш. Жери серт көрүнгөнү менен каардуу согуштун кандуу илеби сезилбейт. Биздин жолдон алыс болсо керек, ал жексур?..

**– 2 –**

Бирде ачык: айлуу, жылдыздуу, бирде бүркөк жамгырдуу, кээде ыркыраган шамалдуу түндөрдү эркине койбой жортуп, согончок жоорутуп, ат ташыркатып, дүбүртүбүз менен уйкуда бейкут жаткан хуторлорду, кез-кезде кыштактарды, шаарларды ит абалатып үркүтүп, ийри-буйру кыйыр жолдорду бир ай тынбай басып отуруп, Польшанын Люблин воеводствосуна келип жайгаштык.

Ошентип 1944-жылдын сентябрь айы жол менен өттү. Жалаң гана түнкү жортуулдун кесепетинен, басып өткөн жерлерибиздин эл-журту менен тааныша албай,

жеринин, айылынын, шаарынын кебете кешпирин ачык көрө албай, токтогон жерибизге асмандан түшкөндөй эле болдук. Күндүзү тыныккан жерлерибиз, эмнегедир ар дайым, чакан токой ичи болуп турду. Биздин жолубузда бир сапар гана чоң токой жолукту, ал дүйнөгө аты дайын Беловежская Пуща[1] эле. Табигый калың түнт токой болгондуктан, аны кайберендер, кийиктер чубап жасаган чыйыр жол менен күндүз эле өттүк. Токой түндүктөн түштүккө жүздөн ашык километрге созулат дешти. Токойдун дарактарынын ургундайы ар кыл карагай, эмен, кайың, кандагач, жөкө, кара терек, четиндер, жери кумдак. Аттардын туяктары, арабалардын дөңгөлөктөрү эшилген кумга батып, чөмөрлөргө, дүмүрлөргө такалып жол оор. Мерчемдүү жерлерге егерлер[2] үйү салынган. Алардын тегереги ачык. Ал ачыкка түрлүү дарактардын көчөттөрү эгилиптир. Көчөт өсүп аткан аянттардын четтеринде камыштан, самандан чырпык аралаш согулган калкандар, кыртыш тактайлардан жасалган кашаалар үйүлүп турат. Булар көчөттөрдү кардуу бороондордон, кийиктердин тебелендисинен калкалап, коргошот дешет.

Биздин көчтөн көп алыс эмес токой арасында эликтер, багыштар элеңдешип, кулактарын тикийтишип, коркпой-үркпөй, көп чочулабай эле оттоокторунда ойноп жүрүшөт. Бир сапар жолубузду кесип, биринин артынан бири чубай чуркап, бир үйүр доңуз өттү. Торопойлорунун таргыл-ала түктөрү түшө элек экен. Азуусу чүлүк болуп кайрылган, чоңдугу кунан оопаздай, кылкыйма каманы жол жээгинде айбат кылып, бүт үйүрү өтүп кетмейинче туруп алды. Көчүбүз аргасыздан токтоп калды. Корукта мурдатан бери атууга тыюу салынгандыктан болсо керек, кийиктер кишиден коркпойт экен. Уруш маалында кандай абалда калышты экен бул токойдун айбанаты, билбейм?.. Бирок токой ичинде, жолдордо согуштун изи

[1] Беловежья чери
[2] Егер – уучу, мерген.

көрүнбөйт. Балким, бул жерде уруш болбой эле согуш нары жылса керек?..

Кайберендер камаарабай өз түйшүктөрү менен алек болуп жүрсө, бейкутта мергенчиликти кесип кылып жүргөн жоокерлердин көздөрү кызарып, алакандары кычышып, сабырын жоготкондору да болду. Биз токойго кирээрде «ок чыгарбайсыңар, кыйкырбайсыңар, дүрбөп-дарбап чуркабайсыңар» деген катуу буйрукка карабай, бир жолу карышкыр көрүп, солдаттар чуу салып да жиберишти. Ал үчүн дивизион командиринен батерея командирлери катуу кагуу жешти. Мен да өзүмдүн колоннамдагыларды кыйла зекип, акыры эскертүү бердим.

Деген менен, көп күнү жалаң түнкүсүн жол жүрүп, эчтеке көрбөй жүдөп келаткан бизге бул күнү атактуу токойду күндүз басып өтүү, зоопарк аралаганга тете болду бейм!? Капыстан учкан каракурду, шактан шакка секирип, тобурчак издеген тыйынды, тебишип ойногон коёндорду, деги кудай бетин салбасын, кыйла илбээсинди, түрлүү кийиктерди көрдүк. Жол басууга канча оор болгону менен көздүн жоосун алган түркүн-түркүн кайберенге алаксып моокумубуз канды бейм! Булар аз келгенсип бешим ченде, саат бешке жакын сейрегирээк чыккан эмендерди аралап келатып, бир ажайыпка жолуктук дейсиң! А деп көргөндө эч кандай командасыз баарыбыз токтоп селейип калдык. Бул бир чети таңыркагандыктан, экинчи чети чын эле чочудук. Жолубуздун сол тарабында эмен токойунун арасынан бир ачыктан бир топ бука кийик учураттык. Дардайган бир букасы эмендин көлөкөсүндө дарактын сөңгөгүн сүзүп атабы же чекесин сөйкөп атабы, айтор, башын бултактатат, калган төртөө-бешөө ачык аянтта жуушап жатат. Жолубуздан 160–200 метрче эле алыстыкта. Бизди көрө коюп сөйкөнгөнүн токтотуп, тумшугун көтөрүп бери карап бир кызык үн чыгарды: эле, анысы уйдун мөөрөшү менен топоздун, же доңуздун коркулдагынын ортосундагы бир бөтөнчө

табыш экен, жуушап жаткандардын баарысы шатырап тура калышып, тиги букасынын катарына тизилишип, бизди тиктеп калганда, чындап эле шаштыбыз кетти. Сүрлөрү укмуш! Өздөрү уйдан бийик, алдыңкы буттары арткыларынан узун, мүйүздөрү денелерине салыштырганда ичке, кыска. Жоон түбү чыкыйынан сыртын карай, анан улам ичкерип ичин карай имерилип өскөн кош мүйүздүн учтары, тармал көкүлүнүн үстүндө, бирин-бири саюучудай бетме-бет тикийишет. Капырай байыркы жаангер баатыр Искендер зулкарнайн өзүнүн мүйүз кебин ушул бука кийиктен алганбы дейм? Болсо болсор? Анын заманында Европа континенти туташ токойлуу болгону, токойлордо бука кийиктер үйүр-үйүр топтошуп, жайнап жүргөндүгү тарыхта маалым да. Мынчалык көп кишини, аттарды, жүктөрдү мурда көрүшпөсө керек. Биз дагы мындай кийиктердин китептен гана сүрөтүн көрбөсөк, тирүүлөрүн көрбөгөндүктөн, алар бизге, биз аларга таңыркап, жакындашка батынбай, окчун туруп, бири бири-бизди сынаштык. Бешөөнүн бирөө, жанагы эменди челип атканы, баарынан ириси, үйүр башчы букасы болсо керек, андан кичирээги, тигил сол жак четте турганы, сыягы ортодогулардын энеси, инек өңдөнөт, үчөөнүн инектин жанында турган эң кичинеси мүйүзсүз, быйылкы музоосу экени, түлөй электигинен билинип турат, жүнүнүн учтары күнгө оңуп, куйкулсары келген экөө – тай, кунан торпоктору го?.. Баарысы сакалдуу, түсү кара күрөң. Бизге бул токойго кирээрде корукчусунун эскертүүсү боюнча, үн чыгарбай кол шилтебей, кыймылдабай жалдырап тура бердик эле, аларга кол салбай тургандыгыбызга көздөрү жеткен немелерчилеп, бир аздан кийин үйүр башчысы башын бир чулгуп алып, бурулуп токойдун калың тарабына басканда, баарысы аны ээрчип жөнөштү. Капталынан караганда моюну дыгдыгый, өркөчү бийик, бели кыска, уй куймулчак, ичи кындыйып чандырына тартылган. «Киндиктери»,

желиндери алыстан көрүнбөйт. Тамагы ылдый салбыраган жүндөрү керчөөсүнөн өткөн. Куйругу уйдукунан кыска, учу чолок чачылуу. Бука-кийиктер токойдун, калың черине кирип, көрүнбөй калганча ордубуздан жылбадык. Ушунчалык таасирдүү элес калтырышкан экен, андан ары жолдугата, токой бүткүчө аскерлердин аңгемелери бука кийиктер жөнүндө, алардын азыр жер жүзүндө азайып кеткенин, Европа боюнча ушул эле корукта калганын, кээ бир чоң-чоң зоопарктарда гана бирин-серин бар экенин билгендери билбегендерине айтышып, начальниктеринен сурашып, убакыт жандуу ылдам өттү. Бул окуя жалаң гана биздин көңүлдү жоокалатпастан, солдаттарыбыздын баарысы сабаттуу, учурундагы замандын илим-билимдеринен кабардарлыгын, дүйнө таануу деңгээлдери дээрлик жогору экендигин, табигый жана коомдук көрүнүштөрдү сокур сезим менен кабыл ала бербей, талдай, тандай ала тургандыгын далилдеп койду. Бул жакшы жышана!

Бул корук Экинчи дүйнөлүк согуштан мурда эки өлкөгө: СССРге, Польшага карачу экен. Мамлекеттик чек ара токойдун ортосу менен өтүптүр. Аны да көрдүк. Токою кыйылып, эни 300 м.дей аянт түндүктөн түштүктү карай кеткен. Кийин, СССР менен Германия Польшаны бөлүшкөндө Беловежеская Пуща бүт бойдон СССРдин карамагына өтүп, корукка Белоруссия өкмөтү ээлик кылып калыптыр. Анан Улуу Ата Мекен согуш башталып, корук фашисттердин оккупациясында үч жыл болуптур. Фашисттер деле өрттөп жибербей, мамлекеттик кам көрүп, урук септирип, көчөт өстүрүп, аны ээн аянттарга тиктирип, айбанатын корутуп туруптур. Табигатта эмне жазык? Элик, багыш, бука кийиктер коммунист эмес да, буларды басмырлагыдай!

Ошентип, токой ичиндеги тар жолду талыкшысак да тажабай басып олтуруп, күн батаардын алдында араң батыш четине жеттик. Андан наркы батыш тарапка

жылып отуруп Белоруссиянын Гродно деген облустук шаарынан өттүк. Айланасы токой, жери коктулуу, жылгалуу экен. Шаарга токтобосток батыш жагындагы токойго барып кондук.

Аскердик тактика деген түшүнбөгөн кишиге баланын оюнундай нерсе дебедим беле, мына эмесе! Эмнегедир, ал жерге эки сутке өрүүн болгондон кийин, баягы жолубуз менен чоң токойду кайта аралап, Беловежеская Пущанын чыгыш четине чыктык. Андан наркы сапарыбыз туура түштүккө багытталып, түн жамынып жүрүп отуруп, бир нече күндөн кийин акыры, жогоруда айтылган Люблин шаарынын айланасынан орун алдык. Бул шаарда Польшанын бизди, СССРди жактаган Өкмөтү жайгашкан эле. Биздин армиянын штабы да ошол шаардан орун алды. Биздин полк Люблиндин түндүк батышында 25–30 км, Любатрув шаарынын түштүк чыгышында 22–25 км алыстыкта турган төрт кыштакка орноштү. Биз токтогон аймакта майда кыштактар көп экен. Кыштактардын ортосундагы аралыктын алыстыгы бар болгону 2–3 км. Кай бир жерлерде андай аралык бир километрге де жетпейт. Кыштактардын чоңдугу орточо эсеп менен 30–40 үй, огороддору чакан, 8–10 сотуктан ашпайт. Көпчүлүгүндө бир кыштактан экинчисине каттоо үчүн сөзсүз токой аралайсың. Токойдун дарактары негизинен колго тигилген мырза карагайлар. Белоруссиянын, Литванын жерлерине караганда түзөңү көбүрөөк. Дөң, дөбө, жон, коо, чыбыр, жыбыт деген немелер сейрек. Топурагы көбүнчө кумдак. Биз келгиче негизинен талаа жумушу бүткөн экен, кандай эгин айдап, эмне жыйнашаарын көрбөй калдык. Бул жерде түшүм жыйноо түйшүгү негизинен эки ай: август, сентябрге гана созулат дешет. Көп жерден картөшкөнүн, кызылчанын аңыздарын учураттык. Эгиндин маясын эч жерден көрө албадым. Анын себеби кылкандуу эгинди, жери аз болгондуктан, түшүмдү аз берет деп, аз айдашат экен. Анан август

айында эле, эгинди чабаары менен аңызды айдап, башка түрлүү эгин сээп, жерди которуштуруп турбаса, арыктап түшүм бербей, кунарсыз болуп кетет дешет. Чынында эле жер семирткичтердин күчү менен түшүм албаса, кумдуу жер качан дыйканды марытчу эле?

Биз жайгашкан аймакта, майда токойлордон башка, эки жерде сырты тикенек зым менен курчалган эки чоң токой турат. Алар поляктардын байларынын – пандардын чарбасы экен. Токойго атайын асфальт жол менен коздолгон темир дарбаза аркылуу кирип, кыйла жүрүп отуруп, пандын ак сарайына жетет экенсиң. Бул жердеги пандар тигил батыш Белоруссиянын пандары сыяктуу 1939-жылкы согушта эле чет мамлекеттерге качып кетишиптир. Чарба башкаруучулары гана калып, жумушчуларын иштетип, немистерге алман төлөп, пандардын чарбаларын мурунку калыбындай эле сактап атышыптыр. Биздин полк жайгашкан тигил төрт кыштактын тургундары бир пандын жумушчулары экен. Алардын үйүнүн артындагы огороддорунан башка менчик жерлери жок. Айланасындагы жерлер, токойлордун баарысы пандын менчиги дешет.

Биз ээлеген төрт кыштактын ортосуна полк штабы, башка экөөнө эки дивизион, үчүнчү штабга жакын кыштагына – ооруk бөлүкчөлөрү жайгашканбыз. Дивизиондордун күжүрмөн расчеттору, батареялары, адаттагыдай кыштактын четиндеги токойго жертөлө-жеркепелерди казышып, өздүк курамдарын, күжүрмөн куралдарын, ат-арабаларын, автомашинелерин, өздөрүнө караштуу чарбаларынын баарысын устав боюнча жайгаштырып алышты. Дивизиондордун штабдары, батарея командирлери, байланыш взводдору гана кыштактардын үйлөрүнөн орун алышты. Биз, ооруктун бөлүкчөлөрү, негизинен үй-үйлөргө жайгаштык.

Ашкере аракетибиз боюнча биздин армия Биринчи Белорус фронтунун резервдеги колу деп аталды. Орнош-

кон жайларыбызга, жасаган эмгектерибизге караганда көпкө турчудайбыз. Бирок ким билет? Ишенич жок. Былтыр деле Оршанын бет маңдайындагы позициябызды таштап, Рудня станциясына жакын бир токойго токтотонубузда жылуу жер-төлөлөрдөн, жеркепелерден сырткары солдаттарга карагай үйдөн мончо салдырып, аттарды кырчаңгыдан дарылоо газкамера жасап, кыштачудай болуп орун-очок алып бүтөөрүбүз менен карлуу бороондо Витебскиге айдап жибершпеди беле. Быйыл күжүрмөн кубатыбыз былтыркыдан бир нече эсе арбын болуп туруп, Польшага кыштамак белек?! Жогору жакта командалоочулардын бир билгени бар го? Согуш сырларын койнуңдагы катының менен да бөлүшпө дейт эмеспи. Анан «бас!» десе – басып, «ат!» десе – атып, «жат!» десе – жатып, «кач!» десе – качып, буйрук аткаргандан башкага кийлигишпеген, полктун колкабыш иштерин жасоого арналган бөлүктөрүнүн начальник сөрөйлөрүнө согуш сырынан балакетти кабардар кылмак беле? Аны сага айтканда, сенин колуңдан кандай кошумча чама келет эле? Маалына жетмейинче шегин билгизбей, ал сырды ичиңе катып жүрө аласыңбы? О-ой, ал чоң убада, аны аткарам деп өз боюма өзүм ишене албайм. Ак көңүл жаным ичиме батыра албай, сырдаш бирөөнө, мисалы Барановго айтам. Ал өзүнүн ишеничтүү кишисине айтат. Ошентип отуруп сыр бүт айланаңа тарайт, сыр-сыр болбой калат, душманыңа угулат да, акыры түбүңө жетет. О-ой, кудай анын бетин ары кылсын! «Кой, мүйүздүү болом деп, кулагынан айрылыптыр» болбош керек».«Арык уйга жоон мүйүздүн кереги эмне?»деген ылакап бар. Кудай бербеген ооруну, сурап алып жиндиминби?

Илгери айыл ичи бүлүк түшүп, «кулак-чунак» деген чыгып түтүндүн төрттөн бирин элинен айдап тентитип аткан заманда, айылдан тыңсынган бирөө келген уполномоченныйдан, законсуз иштерди жасап аткандарын уяткаруу максатында: «закон деген барбы?»- деп су-

раптыр. Тигил неме «бар!» деп, дароо жооп бериптир. Анда бул неме «эми жүйөгө жыгып, чындыкты тактайм го деп, алыстан чаргытып: «закондун эң жакшысы кайсы?» десе, тигил баягысындай эле мүдүрүлбөй: «закондун эң мыктысы – көчүк кысмай!» деп, суроо берген немени кулак кылып айдаптыр. Анын сыңарындай, мен да башымды көп оорута бербей, өз оокатымды билип, балээлүү суроолордон алыс болоюн!

Менин багыма туш келген үй – чакан, ичинде адеми эмеректерден эч нерсе жок жупуну, бир кедей бечеранын үйү экен. Чоң эр бүлөсү көрүнбөйт, кызыл чие, чыткурсак эки баласы бар, курагы отуздан ашкан аял үй ээси экен. Үстүндөгү кийиминен томояк бир байкуштун жубайы экени көрүнүп турат. Короосу деле бир араба араң бата турган тар. Бир тооккепеге улаш салынган төбөсү жапыз кичинекей чочкокана. Башка, ит үйүнөн сырткары, көзгө урунаар эчтеке көрүнбөйт. Короосу огородунан алжыраган шырык кашаа менен тосулган. Адал малдан түк күтпөгөн бир байкуштун үйүн мага Кудай буюруптур. Мындай үй жалгыз эле менин башыма туш келген экен деп, көңүлүм иренжип, Бычковго таарынычымды айтайын деп, ал токтогон үйдү карай көчө бойлой басып баратып, эки жагымды карасам, жанымдагы Кабаков, анын бет маңдайындагы Коптев токтогон үйлөрдүн кейпине көз чаптырсам, меникинен өөдө эместей. Аларды көрүп таарынычым бир аз басылып, ачуум таркайын деп келатканда, мага алды утур баскан Бычков көзүмө урунду. Ага беттешээрим менен үйдүн жайын айта баштап:

– Сен чоң болгонуңда мага кылаар жакшылыгың ушул экен да? Мындан жаман үйдү таба алганың жокпу? – тамаша аралаш чынымды чыгарып жибердим эле, ал:

– Өзүңө сонун үйдү тандап алды деп, шек санап келаткансың го, жүр мени менен, өзүң көр, жактырсаң жүктү түшүрө электе алмашалы – деп, ак дилинен бил-

диргенде ичимден ыраазы болуп, кептин нугун башка жакка буруп кеттим.

– Бир короого батчудай эмеспиз, экөөнү бербейсиң. Улуксат болсо, солдаттарды тигил, маңдайкы карагайлардын арасына жайгаштыралы.

– Мен да так ошону айтайын деп келатам. Ат, араба, курал-жабдыктарды суудан, сууктан коркпогон азыктүлүк, буюм-тайымдарды, солдаттарды ошол токойго жанаша-жанаша жайгаштырып, төрт тарабы тең бекем корголгондой кылып, улук офицерлерге, начальниктерге гана үйлөрдөн орун бербесек, бул аймакта кеңири бут сунуп, тумшук жылытаар жер көрүнбөйт. Үй ээлеринин ал-жайын өзүң көрдүң, го.

– Польшаң, Литвага караган өтө кедей го? Батыш Белоруссия деле буларга караганда көп оокаттуу эмес беле, кыштактарында – үйлөрү эле эмне деген байлык эле?

– Өзүм белорус болуп туруп, мен да буга таң калып атам... Ырас, биз Чыгыш белорустар бирдей эле жашачубуз, мактанаар эчтекебиз жок. Аны чогуу көрүп келатабыз. Батыш белорустардын турмушу мени кыйла арданткан. Алар буржуазиялык Польшада жашап, революциянын бороонуна кабылбагандыктан, бизге караганда кыйла оокаттуу болгондур деп ичимден ойлочу элем, эми ошол Польшанын накта өзүнө келгенде көргөнүбүз бул. Сыягы, буржуазиялык Польшада деле жыргап-куунап аткандар кем-кем болсо керек?

Экөөбүз алым сабак айтышып отуруп, кыштакты кыдырып чыгып, «байгамбар барына назир, жогуна кайыл» болуп, ар бир бөлүкчө өзүнө тиешелүү конуштарын устав боюнча жасап алууга кириштик. Эки сутканын ичинде башка жайларды кыштактар менен талаша-тартыша, кер-мур айтышып атып, эптеп бүтүрдүк. Үчүнчү күнү полктун командири подполковник Иванов, анын саясий боюнча орун басары майор Дурдыев, штаб начальниги майор Несговоровдор кыдырып көрүшүп, анча-мынча

кемчиликтерди айтышып, жалпысынан ыраазы болуп кайтышты. Келгенибизден бир жума өткөндөн кийин, армиянын комиссиясы инспекциялап, бизге эч кандай кемчиликти айткан жок, бирок солдаттардын жер-кепелерин көрүп, алардын үстүн кантип жапканыбызга кызыгышты. Биз брезент менен балыкжон кылып жаап, анын үстүнө майда чырпыктарды, чегедектерди таштап койдук эле, алыстан жеркепе бар экени билинбей калган.

– Мына муну айылдуулук менен жасапсыңар. Эч кандай курулуш материалдарды колдонбой. Бул жерде ар бир таяк үчүн чоң чатак чыгып атат. Ыракмат, тапкан амалыңарга – деп, комиссиянын башчысы баарыбызга алкышын айтып, Бычковго кайрылып, – Сизге бир жума командировка бердирели. Тажрыйбаларыңызды бүт армияга үйрөтүп чыгыңыз. Айрыкча силерчилеп жыгачташы каат аймактарга жайгашкан кошуундар үчүн сонун сабак деди да, «жергиликтүү калк менен, этият мамиле кылыш керек. Болбосо, Кызыл Армия талоончу армия» деген жаман атка калабыз. Бул жердин элинин эки көзүнүн бири бизди, бири Лондондогу Миколайчикти[1] тиктеп турат. Кыйкым таба албай турган немелерге эшикте жаткан эски казыгын алсаң да бар балээге, жок жалаага каласың. Алар сени менен сүйлөшпөй, түз эле Люблиндеги жаңы өкмөтү менен сүйлөшөт, сени колдогон Кызыл Армияң «бизди талап атат»деп доомат кылат. Жолдош Берут[2] «бизди бул жөнүндө эскертип, абдан өтүндү. Курулушка, фортификацияга[3] байланыштуу кыпындай эле кем-карчыңар болсо бизге кайрылгыла, асты буларга тие көрбөгүлө! – деген кеп кеңешин айтышып, коштошушту.

---

[1] Миколайчик – Польшанын Лондондо качып жүргөн өкүмөтүнүн премьер-министри.

[2] Берут Болеслав – Польша Улуттук боштондук комитетинин жетекчиси.

[3] Фортификация – душманынан коргонуу үчүн жасалган- коргонуучу, калкалануучу имараттар: окоп, траншея, жертөлө ж. у. с. жасалгалар.

Биздин бул аймакка токтогонубуздан бир жума өтсө да, жергиликтүү калк менен, үй ээлери менен жакшылыктуу таанышып, ымала жасай элекпиз, антүүгө чоло деле тие элек. Убакыттын баарысы аскерлерди жайгаштырууга, аларды тамак-аш, кийим-кечек, отун-суу дегендей жан сактоого зарыл ымыян-чымыяндар менен камсыз кылууга кетти. Карапайым солдаттардын убагын жер казуу, кепе салуу, ат тазалоо, машине оңдоо, араба майлоо, курал-жабдыктарды жышуу, өз боюна кароо, аскердик машыгуу жана башка күн сайын аткарылып турууга тийиштүү милдеттер жеп жатты.

Биз токтогон үйдүн ээси аял менен Чистов сүйлөшүүгө аракет жасаган экен, тигил неме боюн оолактатып, тил билбегендикке шылтап, Чистовдун суроолоруна жооп бербей, таңыркап карап турган эки жаш баласын колунан сүйрөп, үйүнүн ички бөлмөсүнө кирип кетиптир. Бир жолу Посохов короодогу кудуктан суу алып атса, аял жанынан өтүп баратып, полягынча каргап, оозуна келгенин оттоптур. Посохов полякча билбейт деп ойлосо керек. А бул болсо согуштун алдында Литвада аскер болуп жүргөндө, полякча сүйлөй албаганы менен сөздөрүн жакшы түшүнүп калган неме, аялдын кебине теригип, жооп кайтарайын дегиче болбой, үйүнө кире качыптыр. Бул окшогон майда-чүйдө кагылышуулар күнүгө боло берип, солдаттарды тажатып жибериптир. Мен, тышкы иштер менен алек болуп жүргөндүгүмдөн, булардын баарысын мага айтпай Баранов, колунан келишинче, өзү тейлештирип жүрүптүр. Мен бир жуманын ичинде эки ирээт гана үй ээси менен кезигишип, саламдашкан элем. Жай отуруп сыр сурашканга чолоом тийген эмес.

Ошентип, аскердик көроокат-жероокат менен күйпөлөктөп жүргөн күндөрдүн биринде, эртең менен Бычковдун чабарманы келип мени чакырып кетти. Болжогон убагында басып барсам, бөлүкчөлөрдүн начальниктеринин кыйласы чогулуп калыптыр. Ар кимиси өз түй-

шүгү жөнүндө чар-жайыт сүйлөп жаткан экен. Начхим бир жалаадан араң кутулганын айтты. Ал жайгашкан үйдүн аялы экинчи эле күнү бир солдатты «тоогумду уурдап алды» деп, жетелеп келиптир. Солдат карганса да болбойт дейт. Начхим аялдан: «далилиң барбы, күбөң барбы?» десе, «силерден мурда эч ким уурдачу эмес, эч нерсебиз жоголчу эмес, ушул эле алды – деп ээ-жаа бербей чарылдады дейт. Же сөздөрүн толук түшүнбөй, же жаагын баса турган сөздү полякча айтып бере албай, абдан шаштыбыз кетти. Буларың бир тажаал немелер болсо керек. Ошентип талашты чече албай жатканыбызда, кудай жалгап кошунасы жаныбызга келип, бирдеме деп, муну араң тыйбадыбы. Көрсө бир жолбун ит тоок тиштеп баратканын көрүптүр»... Аңгыча бөлүкчөлөрдүн начальниктеринин баарысы чогулганда, Бычков: «баарыбызды штабга чакырыптыр. Кыязы бир маанилүү маселелер бар го?» деди. Штаб бизден жарым километрче эле алыс болгондуктан, Бычковдун машинесине түшүп, заматта жетип келдик.

Штабга дивизиондордун, батареялардын командирлеринен өөдө чогулушуптур. Араң батыштык. Биз келээрибиз менен подполковник офицерлер жыйынын ачып, өзү кошумча эч нерсе сүйлөбөй, замполитке сөз берди. Дурдыев ордунан туруп, фронттордо болуп аткан жаңылыктарды, Балтика фронттору менен Карелия фронтунун ийгиликтерин, Таллин, Рига шаарларынын айланасында катуу уруш жүрүп атканын, алар бүгүн-эртең бошотуларын, Уюл алкагындагы согуштарда биздин аскерлер өзүбүздүн жерди душмандан биротоло тазалап Норвегиянын аймагына кирип барганын шашпай ирээти менен айтып келип, эми биздин армиянын миссиясына токтоду.

– Биздин армия майдандын алдыңкы чегинде душман менен кырчылдашып жаткан жеринен мында, бейкут жаткандай болгон элге эмне үчүн алып келтирилди, ушуну түшүндүңөрбү? Өзүңөргө ушундай суроо берип

көрдүңөрбү? – Отургандардын арасында кыймылдар пайда болуп, кээ бирөөлөрүбүз оозубузду ачып келатканда, Дурдыев бизге көңүл бурбай кебин кайрадан улантты.

– Түшүнсөңөр, Улук Башкы командалоочу бизге чоң ишеним көрсөттү. Бизди бул жерге Польшанын жаңы төрөлгөн Улуттук боштондукка чыгаруу комитетин ички жана тышкы душмандардан кайтарууга жиберди. Бул болочоктогу Польша Эл Республикасынын демократиячыл өкмөтү. Муну Польшанын Лондондо качып жүргөн буржуазиячыл өкмөтү көрө албай, кантип жоготуунун айласын издеп, бул жакка шпиондорун жиберип, диверсия уюштуруу аракеттерин жасоодо. Биз ошолор менен күрөшүү үчүн келгенбиз. Ошон үчүн, кыраакылыгыбызды күчөтүшүбүз керек. Жергиликтүү калкты үгүттөп колго алышыбыз керек. Буларга этияттык, чыдамкайлык керек. Польшанын карапайым калкы фашизмди, немис баскынчыларын бизчилеп эле жек көрөт, бирок биз көздөгөн максатты – коммунизмди да жактырбайт. Байлардын колун кароо, пандарга денекулчулук кылып, башка чапса кыңк этпөө: «кудайдын буйругу, буга көнбөсөң тигил дүйнөдө тозоктун отуна күйүп чыркырайсың» деген психология булардын канына сиңип калган. Оңой менен социализмдин, коммунизмдин принциптерин түшүндүрүп, кабыл алдыра албайсың. Жергиликтүү калк бизден бекеринен чоочуркап аткан жери жок. Булар бир текши калк эмес. Арасында чоң байлары – пандары, соодагерлери, алып сатарлары, ири чарбалуу малай жумшаган оокаттуулары, өз оокатын өз күчү менен кыймылдаткан, киши көзүн карабаган чың чарбалуулары, пандарга иштеген жумушчулары, бирөөгө жалданып жан баккан жакырлары, жумушсуз каңгып жүргөн люмпен пролетариаттары да бар. Капиталисттик коомдун бардык катмарын кезиктирүүгө болот. Башкача айтканда политэкономиянын көрсөтмө куралдарынын баарысы бар. Байлары күнү бүткөнүн

түшүнүп, бизден чын коркот, кедейлери тетири үгүттүн кесепетинен бизге түшүнбөй, коммунист кылат деп коркот. Булар динге катуу ишенген католиктер. Католик деген христиан дининин бир тармагы. Динине шек келтирсең – колуңа өлүп берет. Биздин алдыбызда татаал, оор, ошону менен катар адилеттүү асыл миссия турат. Душманды коркутуу, жеңүү оңой, бирок ынандыруу абдан оор. Байкап атасыңарбы, жолдош офицерлер, эмне үчүн жолдош Сталин бизди уруштун кайнаган чордонунан алып, «бейкут» – бул сөздү замполит атайы башка кыраат менен таамайлап, – бейкут жаткан элге жибергенин? Биз жолдош Сталиндин ишенимине татыктуу болушубуз керек! – Ушуга байланыштуу жолдош Сталиндин саламатчылыгына кыйла тандамал сөздөрдү айтып, майор Дурдыев эми полк ичиндеги маселелерге токтолуп, – угуп агам, «тоогумду уурдады», «тактайымды алды», «кудугумду булгады», «баламды тилдеди».., жана да кыйла дооматтарды айтып, жок жалааларды биздин солдаттарга, офицерлерге жаап келип атышат аялдар. Эркектери шилисин жакасына катып жикирейип унчугушпайт, көздөрүн ала качышат, кокустан көздөрү көздөрүңө чалдыга түшсө, жек көрүү каары карегинен чачырап турганын көрөсүң. Биз жайгашкан кыштактар пандын жумушчуларыныкы, кедейлериники болгондуктан, башка жерлерге караганда кыйла тынч, оор дооматтарды коюша элек. Бөлөк дивизиялар орношкон жерлерде чатак да чыгып атат. Бир аткычтар полкунда: «аялды зордуктап койду» деген чырды армиянын политотдели, аскер прокуратурасы кароого мажбур болууда. Мындай жалаага кабылгылык кылбасын. Сак болгула жолдош офицерлер, ошону менен катар жергиликтүү калк арасында саясий үгүт маселесин күчөтүп, Кызыл Армиянын фронттордогу ийгиликтерин, фашисттик баскынчылардан арылган балтикалыктар, молдовандар, румындар, болгарлар, югославдар бизге берген алкышта-

рын кеңири айтып, поляктардын кычыткылуу жерлерин тырмабай, совет элдеринин коомдо жетишкен эркиндик, теңчилик, укуктуулук артыкчылыктарын көрүнүктүү мисалдар менен түшүндүрүш керек! – Коммунизмдин алиппесинде жазылган дагы далай артыкчылыктарын кайталап айтып атып, майордун өзү да чарчады көрүнөт. Тереӊ дем алып, полк командирин бир карады да, кайра бизге кайрылып:

– Жолдош офицерлер, көп убактыңарды албайын. Жергиликтүү калк менен тыкыс байланышкыла. Контакт издегиле! Конокко чакыргыла, балдарын эркелеткиле, кала берсе иттерине дейре жылуу мамиле кылгыла. Тилин туурабай, шылдыңдабай барыктап, үйрөнүүгө тырышкыла. Булардын ыйык туткан кадырлуу адамдарын: Коперникти, Мицкевичти, Шопен, Винявскийди, Складовскаяны дагы башка өзүңөргө тааныш атактууларын даңазалап, ыгы келген жерде, качкында жүргөн Микойлайчик башында турган өкмөт өз калкына келтирип аткан зыянын, алардын максаты кайрадан пандарды Польшанын жумушчу-дыйкан эмгекчилерин эзүүгө чакырып, калкты капиталист жырткычтардын колуна салып берүүнү самап, силерди бузуп атат деп, айта жүргүлө. Силерди фашисттик туткундан, пандык кулчулуктан бошотуп аткан Кызыл Армия, силерди жаңы жыргал теңчилик турмушка алып баруучу элдик бийлик – Болеслав Берут, улуттук боштондукка чыгаруу Комитети. Кимде ким Польшанын патриотумун деп ишенсе, Польшанын көз каранды эмес, эркин болушун каалаcа, ушул Улуттук Комитеттин айланасына топтолуп, Польшанын ички душмандарына аёосуз сокку бериш керек! деп, элди өз боюңарга тарткыла. Бул жерде Кызыл Армиянын ар бир солдаты Совет мамлекетинин жалындуу үгүтчүсү, пропагандисти болууга милдеттүү. Бүгүн биздин күжүрмөн куралыбыз мина бүркүч, ок бүркүч, автомат эмес – кызыл тил! Бул курал милде-

ген өмүрдү өлүмдөн арачалап алып калмак. Жолдош офицерлер! Биздин армиянын алдында турган бүгүнкү кужурмөн тапшырма, кужурмөн милдеттин номер биринчиси ушул кызыл тил!..

Жанатан бери сүйлөп атып үнү да каргылданып калды, өзү да чарчады окшойт, подполковник Ивановго башын ийкеп, ишарат кылып отуруп калды. Жарым мүнөттөй пауза болду. Анан ордунан копшолуп, бизге жаңы келген «смерш» – НКВДнын полктогу өкүлү, улук лейтенант Кулачков ордунан турду. Кыска бойлуу, толмочураак, бетин сепкил баскан, көк көзү терең чуңкур чарасына орногон, теңирейген чолок мурдунун учу дердейген таноолор менен бүткөн, кирпик-кашы, чачы торопойдун түгүндөй, жашы отуздан ашкан неме экен. Биз жол жүрүп келатканда ыраматылык болгон Безбородовдун ордуна жибериптир. Бөлүкчөлөрдүн начальниктери, ургундай ооруктуктар баарлашып тааныша элек болчубуз. Полк командири мунун фамилиясын айтканда, бою шыңгыттай, өңү ак жуумал, мурду кырдач, жазы маңдай, коңур чачтуу, жаркылдаган кайран Сашка Безбородовдун элеси дароо көз алдыма тартылып, бул неменин кебетеси кортоюп серт көрүндү. Оңбогон согуш!.. Кайран жигит!..

– Жолдош офицерлер! – деген үн Кулачковдун оозунан эмес эле бир чоң бөтөлкөнүн ичинен чыгып аткандай сезилди. Үнүнүн жоондугу, ага кошумча киркиректиги, тар үйдө камыгып, анын үстүнө, замполиттин узун сөзүнө талыкшып бараткан офицерлерди муздак суу сепкендей селт эттирди.

– Жолдош офицерлер, биздин маалыматтар боюнча Кызыл Армия бул аймакты бошотоордон мурда эле, Польшанын буржуазиячыл өкмөтүнүн агенттери жашыруун киришип, элин фашизмге жана коммунизмге каршы үгүттөшүп, «өзүбүздүн Польшаны өзүбүз бошотуп, өзүбүздүн эмиграцияда турган өкмөтүбүздү колдойбуз»- деп карапайым калкына Совет өкмөтүн, Кызыл Армия-

ны мокочо кылып көрсөтүп таштаган. Буга ишенбеген граждандарды өлтүрүүдөн кайра тартпай, террорчулук методдорду колдонушкан. Алар азыр да, кийимдеринин түрлөрүн өзгөртүп, тымызын иштерди жасашып, эл арасында жашыруун жашоодо. Азыр кээ бир дивизияларда солдаттар тымызын жоголо баштады. Кандай шектүү, чоочун киши жолукса дароо кармап, бизге жиберип турушуңар керек. Сак болгула, кыраакылыгыңарды күчөткүлө. Менден мурда чыгып сүйлөгөн жолдош майор силерди жергиликтүү калк менен байланышты күчөткүлө дебедиби. Мен ага кошумчалап айтаарым, силер алар менен сүйлөшүп, жакындашууга тырышкыла, бирок эч качан сырыңарды айтпагыла, оюңар менен бөлүшпөгүлө. «Келжирек душмандын табылгасы» деген кепти эсиңерден чыгарбагыла!

Кулачковдун сөзүнөн кийин подполковник Иванов отургандардан суроо күттү. «Тоок уурдадык» деген жаманатты болуп, адилетсиздикке ичи күйүп жүргөн начхим чыдай албай:

– Булар «киши өлтүрдүк деген жалаа коюшса деле биз коркок билиш болуп чыдай беребизби? Булардын өздөрүнүн акыйкаттоочу соту барбы? – Дурдыев кайра ордунан туруп, баарыбызды күлүмсүрөгөн жүзү менен тосуп:

– Бала менен чоң атаандашуу акылсыздык да. Баланы чоң кечириш керек, көтөрүмдүү болуш керек.– Каймана сөздөр менен жооп кайтарды эле:

– Тээжик баланын майкуйругун ийлеп койсо, жоошуйт да – деп начхим сөздөн алдырбады.

– Ал тээжиктин атасы Лондондо аңдып турбайбы,– Дурдыев да дароо жооп кайтарып, акыры бул маселеге экинчи кайрылбагандай кылып,– өз элинен качып бирөөнүн жеринде жанын багып жүргөн Миколайчиктен коркуп аткан жерибиз жок. Кеп башкада. Лондон биздин бир союздашыбыздын борбору. Ал союздашыбыздын

армиясы азыр экинчи фронтто фашизмге каршы ийгиликтүү сокку берип, бизге чоң өбөлгө болуп атканда биз, качкын өкмөттү теңсинбей эле, союздашыбыздын канатынын астында кастарланып жашаган коногун кордогондой болуп калганы жатпайбызбы. Саясат деген ичке нерсе, байкабай мамиле жасап, үзүп алышыбыз мүмкүн. Мына ошондон сактаныш керек. Биз үгүт саясатын жакшы жүргүзсөк карапайым калк ак караны бат эле ажыратып, биз жагына оой турганына менин шегим жак. А ичи кара душманды буржуазиячыл Польшанын куйруктарын акиташ шыбасаң да агарбайт. Алар биз менен жолдош эмес, алардын жолу биздин жолго каршы экени мектептеги балдарга дагы маалым.

– Дагы кимде суроо бар? – полк командири ордунан туруп жыйынга кайрылды. Үй ичи жымжырт.– Суроо жок болсо, отуруңуз жолдош майор. Эмесе офицерлер жыйынын, штабдын оперативдик кеңешмесин жыйынтыктап, төмөнкүлөрдү буюрамын:

1. Бүгүндөн баштап ар бир бөлүкчөдө күн сайын 2 саат саясий окуу өткөрүлсүн.

2. Гарнизондун аймагындагы жергиликтүү калк менен ымала жасоо күчөтүлсүн, ынтымактуу, ишенимдүү мамиле түзүү ар бир бөлүкчөнүн командирлерине, начальниктерине тапшырылсын.

3. Большевиктик кыраакылык, аскердик сырды сактоо ыйык милдет. Булар ар дайым этсе тутулсун.

4. Күндөлүк чарба иштерин жана күжүрмөн тапшырмаларды аткаруу үчүн сапар жолдорго дайым курамы үч солдаттан кем эмес топтор чыгып турсун.

5. Ар бир бөлүкчөнүн бир күндүк аракети ар дайым саат 17 нөл-нөлдө штабга рапорт менен билдирилип турсун.

6. Ар бир кырсык, кокустук, кооптуу окуя дароо штабга, «смершке» кабарлансын.

Кеңешмени жабык деп жарыялайм!..

Кеңешме бүттү. Биз жай-жайыбызга тарадык.

Гражинанын оттугуна чылымымды тутандырып, түтүнүн демим менен кошо ичиме соруп, мен да бөлүкчөмө кайттым.

– 3 –

Азыркы учурдун күжүрмөн тапшырмасын аткаруу менен алпурушуп жүрүп, өктөбүр айын да узаттык. Үй ээсин бир нече жолу конок кылып, кем-карчына каралашып, унаадан, азыктан жардам бергенден кийин, чоочуркаганы тарап, балдары солдаттарыбызга үйүр боло баштады, өзү ишенип үй оокатын катпай, кулпулабай калды. Өзү, балдары орусча үйрөнгүлөрү келип, поляктын тилин солдаттарга үйрөтүп атышты. Бул иште биздин солдат Оноприюктун кызматы даана көрүнө баштады. Поляктар менен айылдаш өскөн неме тилин суудай билет экен, бизге тилмеч болуп жыргап калдык. Пан буларга эркинче кожоюндук кылып, энчисине басып алыптыр. Мындай башы байлануу жумушчуларды «холоп» дешет экен. Бул кыштакта жалаң холоптор жашайт дейт. Аялдын, ата-энеси да холоптор, алар да ушул кыштакта жашашыптыр. Аял күйөөгө чыкканда, поляктардын салты боюнча кыз балага сеп кылып мал, жер, буюм-тайым энчилеп берет экен, бул үй огород, холоп атасынан «энчиге алган себим» дейт, үйдүн ээси Ванда.

– Биз, поляктар үйүбүздө эркек төрөлсө кубанабыз, канча жарды болсок да, жентекке колдо барды төгөбүз – деп кеп баштады Ванда менин суроомдон улам, бир аз жарпы жазылып. Кыз төрөлсө – шорубуз, айрыкча холоптор үчүн кыздуу болуш – балээ! Жентек бербейбиз. Араңдан зорго чокундурууга кеткен чыгымды гана төлөй алабыз, а чокундурулбаган бала – бала эмес, сенин тукумуң эмес, бүт элге шерменде болосуң! Анан калса,

шордуу холопкалар мага окшоп ургундай кыз төрөшөт. Эркек бала үйүңө бакыт, байлык алып келет. Ал чоңойсо кыдырып кыз тандайт, байдын кызына үйлөнөт да, бай болуп ата-энесин да байытат. Ошон үчүн холоп да бүткүл тапкан ташыганын жумшап, эркек баласын окутуп билимдүү кылганга тырышат. Ушул эле биздин кыштакта бир холоптун мени менен жашташ бир уулу Варшавадан институт бүтүрүп, согуштун алдында Америкадагы бир пандын жалгыз кызына үйлөнүп, өзү пан болуп алды да, ата-энесин согуш башталганда келип көчүрүп кетти. А мен шордууну ата-энем, төрт класс бүткөндөн кийин, өзүнө тиешелүү жердин жарымын бөлүп, ушул хижаны чампалап өзүмө окшогон бир байкуш холопко узатты – Улутунуп үнүн чыгарбай калды. Сыягы, турмушундагы кайгылуу нерселер эсине түшүп кетти белем? «Хижа» деген сөздү укканда, терминологияга кызыккан жаным. «Хижина дяди Тома» деген аянычтуу китепти окуганым эсиме түшүп, поляктар деле жаман тамды, кепени, алачыкты ушинтип айтат турбайбы: «хижа» «хижина» бир эле маани берген сөздөр эмеспи деген түшүнүккө келдим. Бир аз эс алсын деп, суроо бербей жөн койдум. Оноприюк да, улам бирибиздин сөздөрүбүздү төкпөй-чачпай которуп жатып чарчады көрүнөт. Чылым тартууга уруксат сурап махорка салган баштыгын шымынын чөнтөгүнөн алып чыгып, чебердеп, өлчөп бүктөлгөн гезитинин бир бопороздук кылып айрып, тамекисин колтойтуп ороп бүтөөрү менен, мен Гражинанын оттугу менен анын бопорозун тутантын атып, ар кимибиз өз ойубузду кубалап, өткөн мезгилибизге кеттик көрүнөт?..

Оноприюк тынбай эки соруп, анын демин мурду аркылуу чыгарды эле, тамекисинин түтүнү паровоздун морунан чыккансып буруулдап, ээрдиндеги хохол мурутун ыштап, абага жай таркап жөнөдү. Кара мурут деле ыштала берсе, үстү, учу куйкул сары болуп кетээрин мунун мурутунан байкадым...

Мен оттугумду кармаган бойдон Литвага кетип, Алексненяй костёлунун жанындагы хутордо жүрөм. Дарбазаны тиктейм чагылган жарк эткенде дарбазадагы бүдөмүк караан Гражина эмес го?.. Кантип эле кара нөшөрлүү күүгүмдө түбөлүк кеткен биздин каранибызды узатмак эле? Анын үстүнө экөөбүздүн ортобузда анчейин эстен чыккыс элес деле калган эмес... Анда эмесе, эмне үчүн мен ошол көз ирмемди ушул убакка дейре эстейм?.. Бир оокумда, өзүм чөмүлүп кеткен ой туңгуюугунан чыгып, жанымдагыларды карасам, Оноприюктун чүңүрөйгөн көзү ого бетер тереңдеп кирип, кабагынын кырындагы кашы кирпигинин кылканындай бириндеп түктүйгөн. Ванда жоолугунун учу менен бети ылдый тамчылаган жашын улам сүртүп, колундагы зыгырдын буласын саманынан ажыратып, жүн тыткансып талдап атат. Үчөөбүздүн сыртыбыздан караган киши болсо, балким булар урушуп калганбы дээр беле?.. Ванданын ал-жайын сурайм деп, турмушунун талуу жерине тийип алганымы байкадым. Мына эми жалпы тил табыша турган учур келгендей сезилди мага. Учурдун саамын өткөрүп жибербеске тырышып суроо берүүгө шаштым.

– Күйөңүз азыр кайда? – Бул суроону Ванда күтпөсө керек, жымсалдап чаргытып сүйлөөгө сөз таппай, жасалмалабай айтууга мажбур болду.

– Айтып отурса арман көп. Силерден жардам болбосо мейли,– эмнегедир колун серпип, жоолугунун учу менен бетин дагы бир сүртүп, – айтайын. Миң тогуз жүз отуз тогузунчу жылы согуш чыкканда биздин пан үй-бүлөсү менен качып, бир тынч мамлекетке кетип атып, оокат-жайын бардык байлыгын иш башкаруучусуна таштады. Ал неме бизди мурдагысындай эле башкарып, жумуштарын жасатып турду эле. Бирок немистер жакындап кирип келгенде, менин күйөөм менен кошо иштеп аткан холоптор, пандын иш башкаруучусу менен чатакташып, өздөрү иште урунуп жүргөн ат ара-

баларына түшүп алып, силер тарапка кетишкен. Жаш балдарлуу аялдар, кары-картаң кемпир-чалдар аларды ээрчий албай калып калдык. Мынабу кызым ошондо эмчекте болчу, өзү менен кошо зыгырдын буласын челдешип жардам берип аткан 5–6 жаштагы кызга ээги менен жаңсап. Тиги сыртта жүргөнү эки жашта эле. Булар менен мен кайда барат элем, уруш жүрүп баары чакчелекей түшүп атканда. Күйөөм да, туугандар да: «ордуңда тура берип, кудайдын башка салганын көр, жолдо тороло элек кызыл чие балдар менен бөөдө өлүм болосуң»деп, калтырып кетишкен. Советтер холопторго тийбейт, жардам берет» деп укканбыз. Күйөөм кеткенден жарым ай өтпөй согуш тыйылды. Бизди немистер басып калды. Күйөөмдөн ушул күнгө дейре дайын жок. «Советтер колго түшкөн поляктарды калың токойго кийирип кырып салды» деп немистер айтты, чын-калпын билбейм, ушу жердеги элдин баарысы уккан. Немистер келип, өздөрүнүн воеводаларын[1], солтыстарын[2], полицайларын[3] коюп аткан чогулуштарда ачык айтышып, силерди мыкаачы, башкесер дешкен болчу.

Айтаарын айтып салып, анан өз сөзүнөн өзү чочуп, менин көзүмдү тиктеп жалтактады. Мен буга каршы дароо жооп таба албай, «мунун баары калп» деп курулай кеп менен кага албай:

– Айта бериңиз тартынбай, биз мындай калптын далайын укканбыз, буга таң калбайбыз жана терикпейбиз. Мына силердин жерди Кызыл Армия немистерден куткаргандан бери төрт айга жакын болду. Кайсы шаарларды, кыштактарды, фольварктарыңарды Кызыл Армия талкалады, Совет өкмөтү канча элиңерди кырды? Канча мүлкүңөрдү талады? Өзүңөрдүн жаңы өкмөтүңөр

[1] Воевода – Польшанын облустары, «воеводство» деп аталат, облус башчысын – воевода дейт.

[2] Солтыс – болуш деген мааниде.

[3] Полицай – полиция – милиция деген мааниде.

Люблинде турат. Солтысыңар, старостаңар, полицияңар поляктан. Советтен бир киши келип суракка алдыбы силерди? – дедим.

– Жок, андайды көргөнүм жок. Биздин кыштактан эч кимди Советтер сурак кылган жок. Биздин пандын иш башкаруучусу гана немистер менен кошо качып кетиптир деп уктум, качпаса, аны холопкалар шишкебек кылып жешмек! Ал антихристин[1] кылбаганы жок. Ал ташбоор шайтан болчу!

– Азыр пандын чарбасын ким башкарып атат?

– Бир жаңы неме. Жаңы өкмөттүн кишиси дешет. Кызылча, бульба жыйнап жүргөнүбүздө бир сапар көрдүм.

– Силерди жумушка ким алып чыгат, ким иш бөлүштүрөт? – Оноприюк такалбай, мукактанбай шар которуп, кайсы бир биз билбеген терминдерди (солтыс, воевада ж. у. с.) тилмечтик кылып баратып түшүндүрө кетет. Орустукуна окшош жерлерин которуп убара болбой, жай сүйлөп кайталап берип, тил мугалимдин ролун да кез-кезде аткарып жиберет. Андай учурда Ванда «иест, иест»[2] деп кубаттап ыраазы болуп калат.

– Бизди жумушка чеккен – кыштагыбыздын старостасы. – Ванда сөзүн улантып, – ал көп жылдан бери иштейт. Мен бала кезде эле староста болчу. Кишиге жаманчылыгы жок. Калп айтпайт. Жакшы киши. Жаңы өкмөткө да жагып калса керек?

– Силер немистерден кутулгандан бери күйөөңүз кабар берген жокпу?

– Кабар жок. Ошондо кеткен бүтүндөй бир кыштактын жаштарынан кабар жок. Тирүү болсо, эмдигиче кабар берет эле го?.. Эч кимден дайын жок! – Акыркы кыраатты бизди кекээрлегендей чыкты.

– Күйөөңүз согуш маалында Польшанын армиясында иштеген жок беле?

---

[1] Антихрист – кудайдын касы, тажаал.
[2] Иест, иест,– ырас, ырас, туура, туура.

– Жок, пандын талаачылык кызматында иштечү. Балким жаш жигиттерди өзүбүздүн аскерлер кармап алып, солдатча кийинтип эле урушка салышпаса, ал цивиль[1] кийими менен эле кеткен Чыгышка.

– Советтер Союзунан качып келген Польшалык граждандардын патриотторунан курулган эки армия Кызыл Армиянын катарында фашизмге каршы күрөшүп атат, балким ошолордун арасында болуп жүрбөсүн? Сураштырдыңарбы?

– Кыштакта жашаган бирөөнүн баласынан кат келиптир. Ал да менин күйөөмө окшогон холоп болчу. Согуш башталаары менен немистен качып Чыгышка жөнөптүр. Польшанын армиясы менен кошо Кызыл Армиянын колуна түшүп, Сибирь деген жерде, Совхоз деген панда холопчулук кылып жүрүптүр. Немистер Советтер менен согуш баштаганда, Советтеги поляктар курган армияга солдат болуп кириптир. Азыр немистерге каршы Советтер тарабында согушуп атыптыр. Анын адресин алып биздин айылдагы холопкалар кат жаздык эле, «биздикилерди учуратканым жок» деген кат келди. Жаңы солтысыбыз аркылуу Люблиндеги өкмөткө кайрылсак, Кызыл Армиянын катарында согушуп аткан поляктардын армияларынын ичинде жок болуп чыкты. Билбейм, же биринчи согушта өлдүбү, же колго түшкөндө өлдүбү – дайын жок, пане капитане.

– Сиз үмүтүңүздү үзбөңүз. Биздин территорияда Кызыл Армиянын курамында согушуп аткан силердин эки армияңардан сырткары поляктын Андерс деген генералы да качкын поляктардан армия кураган, балким сиздин күйөөңүз ошонун курамында болбосун? – Ушуну айтып келатып, Оштогу 109-кавдивизияда иштеп турганымдагы бир окуяны эсиме түшүрдүм...

Кавполкторду аттар менен толуктоо үчүн 1942-жылы январдын аягында мени Ош облусунун райондоруна командировкага жиберишти. Кызыл-Кыядан бери кыдырып

[1] Цивиль – Гражданин, аскер эмес карапайым букара.

жүрүп, февралдын башында Ноокат районуна келип райондун аскер комиссариатына кирсем, военком залда поляктар менен чогулуш жасап жатат деди. Түштүккө Польшалыктар көп келип, вокзалдарда, базарларда жүргөнүн көргөмүн. Оштун облустук комиссариатынан поляктардын өзүнчө армиясы түзүлүп атат деп да уккамын. Комиссарды эшикте суукта күтүп турбай, залга кирдим. Зал толтура чоочун эл, кийимдери да көбүнчө биздикине окшош эмес. Сахнада кызыл чүпүрөк менен жабылган столдун артында 3–4 киши олтурат. Алардын ичинде бир гана гражданча кийинген кыргыз, экөө бизге чоочун погондуу аскер формачан, дагы бирөөнүн жакасында шпалы бар биздин аскер формачан орус, кыязы Нооkаттын военкому болсо керек. Мен киргенде погончондордун бирөө ордунан туруп, полякча сүйлөп жаткан экен. Сөзүнүн кээ бир жери орусча окшогон менен көбү түшүнүксүз. Залдагылар кунт коюп угуп аткандарына караганда, поляктар окшойт. Аялдары да бар арасында. Тиги неме басылаары менен залдан бирөө колун көтөрүп орусча суроо менен кайрылды:

– Орто Азияга келген Польша граждандарынын арасында армия жашында бир топ еврей бар. Алар да улуттук армиянын катарына алынып, ата-мекенин фашисттерден коргогусу келет. Аларга Польшанын улуттук армиясына кирүүгө уруксат барбы? – деп, сөзүн бүтүрүп отурду. Жанагы сүйлөп аткан поляк офицер кайрадан ордунан туруп, шашпай полякча жооп кайтарды. Орусча которгон киши болгон жок, бирок офицер орусча аралаштырып сүйлөгөндүктөн, көпчүлүгүн түшүндүм. Анын айтуусуна караганда генерал Андерс армия кураардын алдында, Черчилдин кеңеши боюнча, жолдош Сталинде болуптур. Сталин биздин территорияда Польшанын улуттук армиясын курууга, эркин жүрүүгө, качкын поляктардан аскер алууга үгүт жүргүзүүгө, формасын кийип жүрүүгө уруксат бериптир, «курал-жабдык, унаа, азыктан жардам беребиз» дептир. Бирок армияңардын

курамында бир да башка улуттан киши болбосун, бир да жөөт болбосун деген имиш. Офицер үнүн бийик чыгарып: «а ни единого жида!» деп оң колун сыртына кылычтай шилтегени азыр да көзүмө көрүнө калды. Кайра азыркы учурума келип, сөзүмдү:

– Сибирде, Орто Азияда жүргөн поляктардан Совет өкмөтүнүн жардамы менен генерал Андерс чоң Армия куруп, өзүбүз кыйналып, армиябызга курал-жабдык, кийим-кечек, азык-түлүк жакшылыктуу жетпей атканына карабай, анын армиясын курал-жарактар менен жабдытып, жапжаңы чыштай кийинтип, унаа, азык менен карк жабдыгандан кийин, Андерс Кызыл Армиянын катарында фашисттер менен урушкусу келбей, Лондондогу кожоюндарынын буйругун аткарып, бизден Иран аркылуу чыгып кеткен. Балким, Сиздин күйөөңүз ошол генералдын армиясында жүргөндүр?..– деп сөзүмдү уланттым. – Бул жексур согуш бардык жерге кайгы, ый, ачарчылык, талоончулук алып келип атпайбы. Согушту баштаган фашизм. Ыйлабаңыз, көп капа болбоңуз. Баарыбыздын убалыбыз фашизмге жетсин!

– Добже, пане капитане, добже[1], ыйлабайын, бирок күйөөм силер жакка кетип жок, бойдок калдым, өзүм холопка. Согуш бүткөндөн кийин кантип жанымды багам? Ушул турган оокатым менен бул эки кызды кантип эрге бере алам? Себи жок кызды ким алат? Сегиз сотых жерди, бул хижаны кимисине бөлүп берем, өзүм кайда барам? – Ванданын каңырыгы түтөп, өзүнө өзү ээ боло албай буркурап жиберди. Оноприюктун котормосусуз эле түшүнүктүү болду.

– Коркпоңуз, пани Ванда, эми мындан ары башкача жашайсыңар. Турмушуңар таптакыр өзгөрөт. Пандардын заманы бүттү. Азыр кедей кембагалдардын холоптордун заманы. Араңардан байлар, пандар, киши күчүнөн пайдаланып, холоп күтүп жашагандар жоголот. Жарды

[1] Жакшы болот, пан капитан, макул.

жалчылар биригип артель куруп, колхоз, совхоз болуп жашайсыңар. «Совхоз» деген пан эмес, мамлекеттик чарба. Мектепке акы төлөбөй окуйсуңар, акысыз дарыланасыңар, курортко барасыңар. Ар кимиңер иштегениңерге жараша эмгек акы аласыңар. Байга, панга иштебей, мамлекетке иштейсиңер. Мамлекеттин башчылыгына өзүңөрдүн жумушчу-дыйкандардын, холоптордун өкүлдөрүн өзүңөр шайлайсыңар...– дагы жалындуу сөздөрдү автоматтын огундай жабыраттым эле, Ванда оозун ачып эле жалдырап дал болуп калды. Ооприюк да котормосу таасирдүү болгонуна ыраазы болуп, мурутун сылап Ванданы тиктөөдө. Бир оокумда аял бир аз эс-учун жыйнап, таң калып, тамшанып:

– Яко можно без панов?[1] – деди.

– Биз деле жыйырма жети жыл пансыз, помещиксиз, байсыз жашап келатабыз. Өлгөн жерибиз жок. Эч ким жеңе албаган фашизмди жеңип атабыз. Силер деле бизчилеп эркин жашайсыңар. Жер бөлөм, үй бөлөм деп убара болбойсуз. Жердин баарысы мамлекеттики болот. Байлык ортодо болот. Анын ээси пан эмес өзүңөр болосуңар.

Мунун баарысын Ванда элестете албай, «чайнап жута» албай, бир чети таңыркап, экинчи чети, кантип ошондой болсун деп ишенбей, акылы жетпей, жанды кейиткен, жүрөктү өйүткөн азгырыктан биротоло кутулуш үчүн:

– Силер кетесиңер пане капитане, пандар кайтып келет. Турмушубуз мурдагысындай жүрө берет. Менин түпкү атам.., чоң атам, өз атам холоп болуп жашаган, мен да, балдарым да, неберелерим да холоп болуп жашамакпыз. Сиз кайдагы бир баланын жомогун айтасыз. Балким, силерде жомоктогудай жашаса жашагандыр, бизде чыныгы турмуш менен жашашат, Польшада байыртадан бери эч качан пансыз оокатыбыз өткөн эмес. Пан деген калк атасы. Холопторун багат, кем карчыбызга, жетим-жесирибизге кайрылышып турат. Кудай бизди

[1] Пансыз кантип болсун?

ушундай жараткан. Кудайдын буйругун эч ким буза албайт! – деп оң колун серпип, кайра ишине киришти.

Бир отуруш менен Ванданын ичине чор болуп тоңуп, шор болуп кайнап, катып калган ишенимин буза албасыма көзүм жетти. Кургурлар-ай, бечаралар-ай! Булар пандарга денекул эмес эле, жетекул болуп бүткөн турбайбы? Революциячыл Европада ушундай катып калган консерваторлор бар экенин ким билиптир? Эгер Польшанын кедей-кембагалдарынын баарысы Вандадай болсо, буларга революциялык сезим деген чоочун, жат окшобойбу?! Кайран калк! Революция бороонунун көз жаздымында калган турбайбы? Же ал бороон үстүртөн төбөлдөрдү гана далбырттатып, астыңкы карапайым калкы дымыган бойдон кала бергенби? Эмнеси болсо да, жолдош Польшалык коммунисттер алдыңарда оор түйшүк бар экен. Качан кантип жеңээр экенсиңер?! Бизди туурап: Если враг не сдается, то его уничтожают[1] формуласын колдонсоңор, Вандаларды да «враг» кылып бүт элиңерге тополоң салбагай элеңер? Кудай андан сактасың! Биз ал жолду басып өткөнбүз. Ал жол кандуу жол! Жок жерде жоо издеп, түз жерден тоо издеп, өз көзүбүздөн өзүбүз шектенип, ата-энени эки тапка бөлүп, бирин колдоп, бирин кордоп, ачык асман, чайыттай тийген ачык күндө өзүбүз алакайыр бороон чыгарганбыз, сырттан душман тийбей, ичте бүлүк салганбыз! А жол – жоболоңдуу жол! Жолдош польшалык коммунисттер! Кудай силерди ошондойлордон сактасын!

Апей, мен эмне жинди болуп атам? Кудайсыздарды кудай сакта деп? Кудайдын атын укса ажына болгон немелерди Кудайга сактатып?.. Балким, булардын коммунисттери Кудайга анча каршы эместир?.. Булардын эли Кудайга абдан ишенген эл экен. Сырын чоочун кишилерге айтпаган эл экен. Биз жөнүндө пикирлери

[1] Эгер душман багынбаса, аны жексен кылыш керек. (М.Горькийден)

жаман окшойт, бирок ачык айтышпайт. Коркушат окшойт. Өздөрүнүн пилсудчиктери[1] колдорунан келишинче бизди элине мокочо мыкаачы, каракчы кылып көрсөтүп, ишендирип койсо керек?. Болбосо, Ванда окшогон миңдеген жарды-жалчылар өздөрүнө эркиндик, теңдик алып келип аткан бизди кулачын жайып тосуп алышпайт беле. Люблиндеги жаңы өкмөтүнө ишене беришпейт көрүнөт?.. Ал жөнүндө оозуна алып көп кеп кылышпайт. Анын чыгарып аткан гезиттерин, журналдарын деле көп окушпайбы?.. Баарысы эле, мен институтта окуган политэкономиядагыдай оңой неме эмес окшобойбу! Бир эле, бизге дос эле таптын эски салт-санаасын, дүйнөгө көз карашын талкалап, жаңыны телитиш үчүн революциядан бир далай оор, татаал, коркунучтуу күч талап кылынат белем?.. Бир сөз менен айтканда мен Польшалык коммунисттердин алдындагы милдеттерге суктанбас элем!..

Ванда менен болгон бүгүнкү олуттуу маегимден кийин, көңүлүм уйгу-туйгу, санаам сан салаа, оюм он талаа болуп, биздин азыркы миссиябыз анча коркунучтуу болбогону менен күжүрмөн тапшырманы аткарганга караганда, алда нече татаал экенин, эмне үчүн Дурдыев бизди эки саатча эзгенинин жөнү бар экенин түшүндүм. Бирок андан эмне майнап чыгат? Иштеш керек, убакыт керек, чыдаш керек! Башка ылаажы көрүнбөйт. Андан бери бир ай өттү. Биз саясий курсубузду өзгөртпөстөн күчөттүк.

Деген менен бара-бара Ванданын биз менен мамилеси жакшы жагына өзгөрө баштады. Балдары солдаттарга үйүр болуп, аларга эркелешип, өз кишилериндей сүйлөшүп калышты. Жаш кыздар орустун тилин энесине караганда бат үйрөнүп, чала-була полякча аралаш сүйлөп келатат. Ванда өзү орусча сүйлөбөгөнү менен көбүн түшүнүп, тилмечсиз эле өз тилинде жооп кайтарууга

[1] Пилсудчики – Полшанын СССРге каршы өкмөт башчысы маршал Пилсудскийдин жолун жолдогон саясий агымдын мүчөлөрү.

жарап калды. Биздин кулак да анын тилине, үйүр болуп келаткандай. Поляктын тили негизинен орустукуна окшош болгондуктан, биздин көпчүлүгүбүз үйрөнүп алдык. Мен тилге шыктуулук кылып, кез-кезде полякча сүйлөп жиберчү да болдум. Байкашыма караганда Посохов Ванда менен тил табышып алган бейм? Колунан көп иш келген уста неме, анын үстүнө, көп жылдан бери Батыш Белоруссияда, Литвада аскер кызматында, ар кандай чөйрөдө, ар кандай улуттар менен аралашып жүрүп, полякча жакшы түшүнүп, кыз-кыркындарынын чыйрак-бошоң жерлерин билип алган эргул, бул жерге келгенибизден бери убакытын бекер кетирбеген белем, айтор Ванда экөөнүн ылымы жакындап калганы тамашалалашкандарынан сезилип келатат.

Бир күнү Баранов менен Посоховду, аларга араба айдагыч кылып Оноприюкту, медикамент алганга армиянын складына жиберсем, болжогон убакыттан кечирээк келип калышты. Склад бир пандын фольваркында бизден 15–17 км алыстыкта эле. Менин тынчсызданып күтүп атканымы байкап, Баранов мени сурак кылдырбай, дароо рапорт менен тапшырманы аткаргандыгын, эмне үчүн анын убакыттан кечирээк бүткөнүн төкпөй-чачпай айтып берди. Пандын фольваркында ак сарайынан башка чарбалык көп имараттары бар экенин мурда барганда өзүм көргөм. Менин жоокерлерим складга келсе, башка кошуундардан келгендер да көп экен. Кезек күтүп зеригишип, бекер отура бергенче имараттарын кыдырышып жүрүп, пандын атканасына кабылышат. Анда аттарын кышка даярдап, эски такаларын тиштүү такалар менен алмаштырып жаткан кези экен. Поляктардын такачасынын кыймылын көрүп, Посоховдун ичи бышып, колу кычышып, мелдеше кетип, поляк бир атын такалагыча бул үч атты, көрсө көз уялгыдай сымбаттуу, көрктүү такалап жибергенде, алардын улугу абдан ыраазы болуп, өзүнүн такачысын үйрөтүп бер деп буга жабышат. Барановдун улуксаты боюнча Посохов

дагы эки атты такалап полякка үйрөтөт. Ал эмгеги үчүн Посоховго поляктар үч литрдик чоң бөтөлкө, колга тартылган арак – бимбра бериптир. «Уулаган неме болбосун бекер алыпсыңар» деп, мен аларга наарazылыгымды айтып келаттым эле, сөзүмдү бүтүрбөй Оноприюк:

– Ни, ни товарищ начальник, як слеза! Горилка што надо! Я, сам пробу изымал, троху едак, с поллитру зараз через ми пропустив, Дюже гарно товариң начальник. Я ручаюсь![1] Тилмечтик кылып жүрүп, тең ата боло калган түгөнгүр, кызымтал болуп тилин тартпай калыптыр. Мен айтайын дегендеримди бүтүрбөй, Оноприюкту акырая бир карап, Барановго кабагымды чытып тим болдум. Баранов уялып, Посохов экөө Оноприюкту эки колдон алып, делдектетип баратып ийлегендей болушту.

Аңгыча болбой декабрдын токту тойдурбас, топо тоборсутпас, кыска күнү уясына шашып кирип, артынан иңир кубалап келип, каш карарды. Тооктор кепесинде түнөк талашканы басылып, айланада иттердин үргөнү гана өкүм сүрө баштады. Кечки түйшүк менен алек болуп аткан аскерлер кыймылдары булардын тынчын алып атса керек?.. Бир аздан кийин дүбүрт дабырттар да басылып, кыргыздардын «эл орунга отурган» маалы да жетти. Менин да өзүмдүн жоокерлериме болгон таарынычым бир аз басылып, кечки тамак келердин астында Чистовго Ванданы конокко чакырып кой дедим. Үйдүн ээси, кедей болгону менен дымагы чоң намыскөй киши көрүнөт. Офицерлердин дасторконунан тартынып, келбей жатып араң келди. Куру кол келүүдөн намыстандыбы, билбейм, өзү жасаган помидор, бадыраң, дагы кандай чөп консерваларын ала келип, офицерлердин арасынан орун берсек да, батына албай, Посохов менен Чистовдун ортосунан орун алды. Күнүгө сүйлөп жүргөн сөздөрүбүз менен сыйда көрүшүп,

[1] Жок, жок жолдош начальник, көздүн жашындай таза! Мен өзүм аз-маз, жарым литирчесин өстөнүмдөн өткөрдүм эле. Укмуш экен, жолдош начальник, мен кепил болом тазалыгына (украинчадан).

меймандостук ишааратыбызды жасагандан кийин, мен Ванданын алып келген азыгын шылтоолоп:

– Мындай дидарлашып олтуруу күнүгө боло бербейт. Бүгүн кудай буюруп калыптыр, пани Ванданын биздин дасторконго алып келген таберигин көрүп мен кантип уялбай столго куру кол олтурайын, биздин чыгышта: «тең жегенди теңирим сүйөт, тең жебегендин кепеси күйөт» деп айтат, – жайында Чистов таап келген немис колчамаданды ачып, анда офицерлик кошумча паёктон алып чыгып, столдун үстүнө төгүп койдум. Менден ушундай команда күтүп, араң эле турушканбы, Баранов өз жонбаштыгынан болгон дасмиясын чубап атканда, Посохов бүгүнкү мелдеште утуп алган чертпутун балача көтөрүп келип столдун орто ченине койкойтуп коюп салды. Аңгыча Чистов даярдаган ысык тамагын алып кирди эле, чакан аш столдун үстүнө кашык коёр чоло жери жок, батырап эле калды. Кечки тамак солдаттык шартта жакшы эле асемдүү болду көрүнөт. Американын консерваланган сосискасы, балыктын консервасы, ышталган колбаса, галет чакмак кант, Ванданын айнек банкаларындагы чөп-чары, Чистовдун коюу көжөсү, куурулган уй эти, коюу чыккан кара чайы, коймолжун сүт консерва, каткан нан, жумшак нан... баарынын үстүнөн мойнун койкойтуп Посоховдун байгеси – бимбра! Ванданын эки кызына, энеси уялганына болбой, орун берип, столдун төрт тарабынан тең курчап шыкырата тизилип отуруп алып, даам татууга кириштик. Адегенде батына албай бир аз тартынып, кыздарын да тыйып, сылык отурган Ванда биринчи тостон кийин бетине кан жүгүрүп, тили чыгып чечиле баштады. Бимбра деген поляктардын кызылчадан колго тарткан арагын чиенин ширесине аралаштырган, бир аз кант кошкон кызыл виного окшогон неме болот экен. Орустардыкындай сасык жыты, ачуу даам жок, тамагыңды каарыбай оңой жутулат экен. Градусу арактыкынан жогору көрүнөт.

Посоховдун айтуусу боюнча кээ бир жакшы жасалган бимбранын күчү 70° ка дейре жетет дейт. Биздин бүгүнкү ичип олтурган бимбранын күчү наркомдун жүз граммы турмак, өзүбүз чабыштырып жүргөн «медицинскийден»-да жогору белем?.. Тамакты, кызыл өңгөчтү каарыбаганы менен ичти ысытып, жүрөктү лакылдатып, кан тамырды көптүрүп, көзүңдү ымыр-чымыр кылып, көңүлүңдү көтөрүп, көөдөнүңдү көлбөөртүп баратат. Экинчи тостон өткөндөн кийин карасам, баягы кымырынып-кымтынган Ванданын көздөрү жашылданып, чыны карагаттай мөлтүрөйт, кыздарынан коомайланып, Посоховго шынаарлап калыптыр. Бир оокумда биздин сыйга ыраазычылыгын билдиргиси келдиби, билбейм, Ванда мага бурулуп:

– Силер келгенден бери эки ай болду пане капитане. Бир жолу да силерден мен жаман сөз укканым жок, кыздарымды да эч кимиңер какканыңар жок. Буюмдарымды да алганыңар жок. Жакшы боорукер адамдар экенсиңер. Кызыл Армияга окшобойсуңар –дегенде мен дароо:

– Кызыл Армия кандай болот? – дедим.

– Бети курусун, зордукчу, талоончу...

– Аны качан, кайдан, көрдүңүз эле, пани Ванда? – Аял кызуу болсо да, тилин тарта эсине келип, бир азга мукактанып:

– Калп айтпайын өзүм көргөнүм жок. 1939-жылы бизге Кызыл Армия, жетпей калды, бизди фашисттер басып алды. Бирок чыгыш жактан келгендер Кызыл Армияны иттей жамандашкан. Немистер алардыкын ырасташкан Быйыл да бизден немистер качаар алдында Кызыл Армия солдат турмак, калкты соо койбой кырып келатат деп, немистер тургай, эл башкарган поляктарыбыз эле жүрөгүбүздү түшүргөн..

– Анан эмне болду?

– Эмне болгонун ким билет, уруш биздин үстүбүздөн өткөн жок. Люблинде Кызыл Армия жүрөт деген кабар келери менен «эми кайда барабыз» деп кожоюнубуздан

сураганча, өзү немистерге кошулуп качып кетиптир. Үстүбүздөн силердин самолёттор учуп атты. Шосседен өтүп бараткан панцирлердин[1] үнүн уктук. Анан тынч болуп калды. Биздин кыштакты чоочун кишилер аралаган жок... – Бул сөздөрдү өзү көрбөй туруп, бирөөлөрдөн укканга ишенип, кошо жамандашып жүргөнүн, эми көзү көргөндөн кийин айыбын мойнуна алган кишиче, коркок билиш болуп сүйлөдү. Жанатан бери сөзгө аралашпай, конок күтүү менен алек болуп аткан Александр Михайлович Ванданын көңүлүн көтөргүсү келди көрүнөт:

– Эчтеке эмес пани Ванда. Сиз өз сөзүңүздү эмес, биздин душмандардан уккан сөздөрдү айттыңыз. – Барановдун сөзүн жулуп алып, андан ары оюмдагыларды айтып калууга шаштым.

– Ыракмат сизге, пани Ванда. Ukканыңызды жашырбай айттыңыз. Кайсы душман душманын мактаган экен? Эч качан бири-бирине жакшылык кылбайт, жылуу сөз да айтпайт. Сиз бала кезиңизден бери биз жөнүндө жакшы сөз уккан эмессиз. Бизди поляк силер турмак, бүткүл жер жүзүндөгү байлар жек көрүшөт. Анткени биздин максат аларды жоготуп, байлыктарын малайларына, холопторуна тартып берүү, кишини киши эзүүнү, кул кылууну жоготуу. Бул максат биздин СССРде ишке ашырылган, бизде капиталист, помещик, дворянин, пан, бай деген немелер жоголгон, алардын байлыктары: зооттору, фабрикалары, жерлери, токойлору, кендери, малы, имараттары силер сыяктуу холопторго алып берилген. Өкмөтүбүз кедейлердин, жумушчу дыйкандардын өкмөтү. Укук кедейлердики. Пандардын өздөрүн түгүл укумтукумдарын да өкмөт бийлигине жолотпойбуз. Бизде азыр азаттык. Калктын баарысы тең укуктуу, «холоп», «малай» деп кордогон, теңсинбеген аттар жоголгон!..

– Анда силерде ким иштейт фабрикада, жерде? – Ванда таң калды.

[1] Панцир – танк (немисче).

– Мурдагы малайлар, холоптор эле иштешет. Бирок алар азыр холоп, малай болуп капиталистке, зоот-фабрика ээлерине, пандарга иштебестен, жумушчу-дыйкан мамлекетине иштешет. Коллектив болуп уюшуп алып, чогуу иштешет. Эмгектерине жараша айлык акыларын мамлекеттен алышат.

– Пане капитане, мени кечирип коюңуз, холоп кантип кожоюнсуз иштей алат? Ал эмне билет? Менин жаман мээме сыйбай атат? – Отургандар күлүп жибергенде Ванда ардана түштү.– Силер күлбөгүлө, балким силерге бул суроо жеңилдир?.. Пан өзүнүн менчик жерин кантип бизге оңой менен берсин? Пан тургай мен атамдан калган жыйырма сотук жеримдин Жарым сотугун эч кимге тарттырып жибергим келбейт, а кантип эле миңдеген гектарын бизге, холопторго таратып ийсин?

– Сенин паныңдан эч ким жүгүнүп жер сурабайт, тартып алышат – деп Посохов, өз аялына акыл үйрөтүп аткан немедей,– экспроприация экспроприаторов[1] деген ураанды билбеген караңгылыгың да. Бизде муну профессор окумуштуудан тартып, эң акыркы идиш жуугучка дейре билишет – деп, кагып салганда менин боорум ачып:

– Сен старшина какпа, кемсинтпе бул кишини. Буларда революция болгон эмес, ошондуктан эзүүчү таптын сакчылары илимий коммунизмдин күжүрмөн ураанын атайын угузбай, идеяларын жугузбай жашырып келишкен. – Бимбранын сааты менен кечки тамагыбыз ойлогондой ыракаттуу өтпөстөн, чырга айланып кетпегей эле деген күнөм мени кабатыр кылып, кептин нугун башка жакка буруп, Ванданы бир аз көшүтүүгө айла издедим.

– Келгиле куру саясатка убакытты коротпой, алдыдагы тамак сууп кала электе жайына кондуралы, Александр Михайлович, поляк достордун укмуштай сонун виносунан эми бир сыйра кайталап койсок, жаман болбостур?! – дедим. Менин кубаттоо сөзүмөн кийин

[1] Зордукчуларды зордуктоо.

Ванда өзүн кишидей сезип, кебимдин көбүн түшүнүп, макул болуп, холопторду Кудай жаратпай эле пандар зомбулук кылып күч менен жасап тукумунан укумуна дейре зордук менен таңып келаткан салт экени мунун аң сезимине эми араң жеткен сыяктанды.

– Пандар эми кайтып келбейби? – деп, тактады Ванда.

– Келбейт, ишенип коюңуз. Аларды биротоло Польшадан жоксон кылыш үчүн Люблиндеги жаңы өкмөтүңөрдү мүлдө холоптор, жумушчулар дыйкандар колдошуңар керек – деп, Баранов менин жанатан бери айтып аткандарыма кошумчалады.

– Ылайым ошондой болсо экен. Пан деген неме эстен чыгып жоголсо экен! Жаңы өкмөтүбүздөн келгендер биздин болочокту силер айткандай сүрөттөшөт. Бизди ынтымакка, холопторду биригүүгө чакырып атышат...

– Анан эмне өгүнү «пандар кайтып келет... Пан деген калк атасы... пансыз биздин эч качан оокатыбыз өткөн эмес», дедиң? Бүгүн деле ушул үлпөттүн башында Кызыл Армиянын «бети курусун»... деп жамандадың? Мен дайыма сага «Пан жоголот, колхоз-совхоз болот, турмушуңар оңолот. Эркиңерче жашайсыңар» деп, дөдөй башкаңа[1] какылдап атып чарчадым. – Посохов Вандага баарыбыздан жакын болуп алганынын шегин, ойлобой сүйлөп, билгизип койду. Ванда да мунун сөзүнө терикпей, чалпсолонбой:

– Пан плотуновий[2] ар дайым мени ушинтип кемсинтет – деп Посоховго карап жылмайып кожоюнундай кабыл алышы – экөө небак камыр-жумур болуп калышканын ашкереледи – Кызыл Армия Польшаны багынтып Совет кылат, дыйкандардын малын, жерин алып колхоз кылат, пандардын жерин алып, холопторун совхоз кылат, фабриканттардын зоот-фабрикаларын тартып алып, жумушчуларын кул кылат, иштетип, пай-

---

[1] Башка-баш, түркчөдөн орус лексикасына өткөн сөз.

[2] Плотуновий – полякча старшина.

дасын советтердин чоңдору өздөрү көрүшөт деп, бизди коркутуп атышпайбы. Анан кантип баш маң болбойт?.. Кимисиники чын, кимисиники калп, окубаган дөдөй холопканын дөдөй башы бимбрасыз ажырата алчудай эмес – деп, колундагы жука стакандагыны түбүнө чейин шимирип жиберди да, дасторкондогулардан оозуна салды. Жарытылуучу нерсе жей элек аялды шам-шум этип алгыча жайына койдук. Посохов менен Чистов мунун эки кызын коноктоп, буларга чоочун тамактарды кантип жешти үйрөтүү менен алагды. Ванданын сөздөрү ойго батырды белем, лейтенант Баранов, каткан нанды чайга малып кабагын чытып жер карайт...

Арадан антип-минткиче 2-3 мүнөт өткөн сыяктанды. Жанатан бери дуулдаган сөздөр, өрткө суу сепкендей басылып, айланада жымжырт өкүм сүргөндө, мурда байкалбаган керосин лампанын жарык берген жалыны, бөйрөктүү шишенин ичинде көпкө созулуп билинээр-билинбес титиреп, алынын бардыгынча тегерегине шооласын чачып турганын даана элестетти. Бир оокумда Ванданы карасам, көптөн бери көкүрөгүнө көтөрүп, түпөйүл болуп жүргөн жүгүнөн кутулуп, анын үстүнө таза тартылган бимбранын деми кубаттап койгонбу, айтор алдындагы тамакты асемденбей, кадимки холопка кебетесине келип, бурдап аткан экен. Ванданын сөзүнөн улам, буларда жаңы өкмөтүнө, Советтер союзуна каршы иштеп аткан күчтөр бардыгы анык болду. Ошондой болсо да, такташ үчүн, маселе кызуу кезинде сурап калуу керек эле:

– Кызыл Армияны, жаңы өкмөтүңөрдү жамандап жүргөндөр азыр да барбы, же мурун болгон беле?

– Бар-жок экенин билбейм. Өздөрү бизге ачык келишпейт. Бирок катын-калачтын, холоптордун арасында тигиндей ушактарды таратып атат. Аны жалгыз мен эле эмес, биздин кыштактагылардын, башка жердегилердин баарысы билишет. Биз үчүн жаңылык эмес – деди Ванда.

– Өзүңүз эки айдан бери көрүп атасыз, Кызыл Армия кандай экенин, холоптор чогулуп жаңы өкмөтүңөргө, айыл башчыларына, пандын чарба башчыларына «бузукуларды, душмандын үгүтчүлөрүн жоготкула» деп айтпайсыңарбы!

– Аны жакшы түшүнгөн, эл башкаргандар айтпаса, биз эмне билебиз, биздин колубуздан эмне келет, пан капитане?

– Силердин колуңардан, эгер өзүңөрдүн ким экениңерди түшүнсөңөр, көп иш келет, – деп, Баранов кошумчалады.

– Силер чоң күчсүңөр, силер чогулуп баш кошуп, өзүңөрдү эзип, кул кылып келген кожоюндарыңарды, пандарыңарды өз жериңерден кубалабайсыңарбы, унчукпай жатып алсаңар, биз силерден фашизмди кубалагандан кийин, баягы, силерди фашисттердин талоонуна таштап качып кеткен пандарыңар, байларыңар кайра келет, кайра, мурдагысынча холоп кылышат. Силер ошону каалайсыңарбы? – деп билимимдин бардыгынча түшүндүрө айттым эле, анда Ванда мага жалооруп, жардам күткөн кейиптенип:

– Кудай анын бетин ары кылсын. Бүт холоптор жек көрөбүз. Бирок жаңыча жашоо кандай болот? Ал биздин багыбызды ачабы? Кеңири оокатка пансыз кантип жетебиз? Ушуну толук биле албадык, пан капитане. Жаңы өкмөтүбүздөн келген кишилер деле, өзүбүздүн ичибиздеги эстүү-баштуулар деле ачык билип, айтып бере алышпайт. Ксёндздорубуз[1] деле бул жөнүндө кеп кылбайт: «Баарысы кудайдын буйругу менен» деп, тим болушат. Силер ачык түшүндүрдүңөр. Силер жардам бергиле. Силерден жардам болбосо, силер кеткенден кийин, биз – шордуу холоптор холоп бойдон калабыз го?.. Ванданын көзүнөн жаш кылгырды.

[1] Ксёндз – католиктердян чиркөөсүнүн (костёлдун) побу.

– Биз сөзсүз жардам беребиз, азыр берип атпайбызбы. Бирок силер – жарды-жалчы холоптор, жумушчулар, дыйкандар, интеллигенттер – Польшанын негизги элдери чогулуп, биримдик болуп Элдик Польша Республикасын шайлап алып, өзүңөрдү эзүүчү тапты: пандарды, байларды өзүңөр жериңерден кубалашыңар керек! – Мындай үгүттү миң кайталасаң деле, негизги маселени, чечүүгө чечкиндүү киришүүчүлөр биз эмес, поляктардын өздөрү экенин түшүнүүгө Ванданын деңгээли жарамсыз экенине көзүм жетип, курулай саясат, суусаганга каткан нан бергендей таасир кылаарын көрүп, – биз эмне жанатан бери тамак ичип тамашалашып отуруунун ордуна, клубга жыйналышка, же костёлдо тайынууга келген немелердей саясат талашып, баш оорутабыз? Келгиле, саясат-маясатты жыйыштырып, ойноп-күлүп, ырдап-бийлеп, жыргап алалы. Куй, Сашка бимбрадан, сун пани Вандага ырдап туруп, старшина полякча билген ырларыңды сок! Кайгыны күлкү жеңет! Күлкү бар жерде ийгилик бар, жеңиш бар! – деп, атмосфераны жалпы өзгөртүү аракетин жасадым эле, мени жоокерлерим бүт колдоп кетти. Ванда да, жаман түш көрүп аткан уйкусунан ойгонгон немече селт этип, көзүн ачып жылмайып макулдугун билдирди.

Аркы-беркини, ойду-тоону көп сүйлөп, арасында бимбра менен сүрөлүп жатып бир топ кызып калган окшойбуз, азыркы тост эринге жетээри менен шар кетти. Баранов Ванданы жылмайып карап туруп, өзүнүн жакшы көргөн ырын:

– Занесла кругом метелица
Все дорожки и следы…
У колодца красна девица
Достает себе воды.

Достает и озирается,
Молодешенька кругом.

А водица колыхается,
Вся подернутая льдом!...[1]

– Добже, пан поручик! Шипко гарна письня![2] – Ванда кубанганын жашыра албай, алаканын чапкылап жиберди.

– Кана пани Ванда кезек сизде болсун, – Баранов, ырынын аягын ага берди эле, ал:

– Матка боска! Я не разумим пить порусисскему, пан поручик![3] Мени жөн койгулачы айланайындар – дегенде, кызып алган Посохов аны моюндап болбой:

– Ырда баягы ырларыңды, уялба! – деп кыйнады эле, Ванда ага моюн сунбады. Чоң кишилердин үлпөттө ооздорунан уят сөздөр да чыгып кетиши мүмкүндүгүн эске алып, баятан бери унчукпай бизди аш менен сыйлап отурган сержант Чистов Ванданын эки кызын ээрчитип, өздөрүнүн жатып жүргөн бөлмөсүнө узатып келди. Жакшы башталып келаткан иш токтоп калбаса экен деген үмүт менен мен:

– Пани Ванда ырларын эсине түшүргүчөктү старшина өзүң жөнөт – дедим эле, Посохов Ванданы кыстаган бойдон:

– Иде девче по лесе, по лесе, по лесе, бенц.

Пид фартуком цо снесе, цо снесе, цо снесе, бенц?..[4] – дегенде Ванда каткырып.

– Ой, бесстыжый, плотуновий?.. Як можно? Ни мож-

---

[1] Жолду, изди бурганак.
Жоксон кылып куруткан...
Селки күндөй нурданат
Суусун сузуп кудуктан
Айланасын акмалайт
Селки жүзү жаркылдап,
Суусу мелт-калт чайпалат,
Музу үстүндө калкылдап!.. (Автордун котормосунда – ред.).

[2] Бали, пан поручик! Өтө сонун ыр экен!

[3] О, кудай энеси! Мен орусча ырдаганды билбейм, пан поручик (лейтенант полякча ушундай).

[4] Аралап токой кыз барат, кыз барат, кыз барат, бенц.
Этек асты не жабат, не жабат, не жабат, бенц?..

но![1] – деп жиберди. Ооздугун кемире тиштеген старшина орто жолдо туруп калчу беле:

– Дивче фартук пиднесла, пиднесла, пиднесла, бенц,
Показала цо снесла, цо снесла, цо онесла, бенц!
Черна била як врана, як врана, як врана, бенц,
Лечь нимела огона, огона, огона, бенц![2]

– Стоп, стоп, пан плотуновий. Дальше ни… ни!.. Або обижусь…[3] – Ванда чыны менен кызаңдап, Посоховдун жеңин булкту. Андан аркысы лапшыма, уят сөздөр экенин сезип, мен Посоховго:

– Даманы сыйлаш керек, старшина, Кызыл Армиянын жоокери экениңди унутпа,– деп токтоттум, бирок анын күлкүлүү, шакабалуу ырынын маанисин түшүнүп, ыраазы болуп күлдүк. Ванда да, денеси кызыган неме, ичинен Посоховго жалбаргандай көзүнөн жаш чыкканча күлдү.

Ошентип, бул отурушубуз жалаң гана түйшүктүн запкысынан арылтып, денени дем алдырбастан, санааны сапырып, көңүлдү жоокалатпастан, түпөйүл маселердин түйүнүн чечүүгө да кыйла ылаажы болду белем?.. Эртеси Ванда да, анын кыздары да өзүбүздүн үй-бүлөнүн мүчөлөрүндөй – баягы аярдыктан, чоочуркоодон, тартынуудан бирөө да жок. Ванда өрүлгөн узун чачын, татардын топусундай чокчойтуп, төбөсүнө экилентип ороп алыптыр. Солдаттар менен короодо калжаңдашып, болбойт. Улуу кызы Зося эртең менен мектепке кетип баратып, жолунда учураган солдаттарга тизесин бүгүп салам берет. Кичүү Стасясы аттардан ашып калган жемди жембаштыктан күбүп, тоокторуна берип жүрөт. Айтор,

---

[1] Ой, уятсыз старшина. Кантип болсун? Болбойт, болбойт!

[2] Селки этегин көтөрдү, көтөрдү, көтөрдү, бенц…
Жапкан жерин көрсөттү, көрсөттү, көрсөттү, бенц…
Окшош экен кузгунга, кузгунга, кузгунга, бенц!..
Куйрук жетпейт учканга, учканга, учканга, бенц!..

[3] Тарт, тарт, тилинди старшина! Андан ары лям дебе! Болбосо, таарынам.

булар же кечки үлпөттөн кийин ушинтип өзгөрүшкөнүн, же мурунтан бери жакындашып келатканын мен этибарга албай жүргөмүнбү, билбейм, бүгүн үй ээлеринин да, менин жоокерлеримдин да мамилелери бөтөнчө жылуу көрүнүүдө. «Адам сырдашканча, айбан жытташканча кас» деген ушул белем?!..

Өз ийгилигиме өзүм кубанып, көңүл көлдөй чалкып, денем камгактай калкып, эртең мененки чыкыроонду чымынча көрбөй, жалаң ич көйнөкчөн крыльцодо[1] бетимди жууп атсам, Бычковдун чабарманы келип чакырып кетти. Барсам, баягы эле иш. Бөлүкчөлөрдүн башчыларынын баарысын штабга чакырып атыптыр. Алар бизди чогултпаганына жарым айдан ашык убакыт өттү эле. Эртең мененки ашыбызды ичкенден кийин, баарыбыз адаттагыдай Бычковдун машинесине түшүп, 3 мүнөттүн ичинде штабга жетип келдик. Расмий боюнча баарыбыздын атыбыздан Бычков полк командирине рапорт берди. Полктун бөлүкчөлөрүнүн баарысынын командирлери, начальниктери чогулган экен. Орундарыбызга отургандан соң, штаб начальниги майор Несговоров, полктун башкаруучулар курамы толук чогулганын подполковник Ивановго рапорттоду. Анын жанындагы Дурдыев көзүн кыдыртып жоктоп баратып, мага бир көзүн кысып, жылмайып койду. Бул жакшы жышаана деп, өзүмчө жоруп жиберүүгө да үлгүрдүм. Несговоровдун рапорту бүтөөрү менен полк командири:

– Саламатсыңарбы жолдош офицерлер! Бүгүн биз силерди эки маселе боюнча чогулттук. Аларга киришээрдин алдында жолдош майор Дурдыевдин кыскача баяндамасын уккула! – деп стулуна кайра отурду.

Анын оң капталында олтурган замполит шып тура калып бизге салам менен кайрылып, акыркы жаңылыктарды айтты. Алардын көбү биз үчүн жаңылык деле эмес, кыйласын радиодон угуп, гезиттерден окуганбыз.

[1] Крылцо – үй эшигинин алдындагы тепкичтүү тектирче.

Жергиликтүү калкка үгүт иштерин ийгиликтүү жүргүзүп атканыбызды атайын белгилеп, өткөн түнгө чейин армия боюнча алдыңкы полктордун катарында барат-каныбызды айтты. Өткөн түндө кандай окуя болгондугу жөнүндө бөтөнчө сөз болоорун белгилеп, айрым кошуундарда саясий иштер жакшы жолго коюлбоо кесепетинен, жергиликтүү калк тарабынан кээ бир жерлерде кыздарын, аялдарын «силердин аскерлер зордуктап койду» деген арыздар түшкөнүн айтканда, менин бүткөн боюм дүркүрөп, дароо Ванда менен Посоховдун мамилеси көзүмө элестеди. Ал экөө ыктыярлары менен ымала жасап, бирге жүргөн бизден да жашырууга тырышып атышканы менен, отуз жетинчи жылдын чагымына күбө болгон мен үчүн замполиттин кабары безге сайгандай тийди. Ким билет? Балким Ванда душмандын тилчиси болуп жүрбөсүн?., биздин ишенимге кирип алып, кийин жалаа кылып, бизди каралап жүрбөсүн?.. Ай кайдан?! Өзү холоп болуп туруп, өзүнүн душманына кантип кызмат кылсын?... Бирок,.. бирок,.. толук ишенүүгө кандай далилиң бар? Польшадагы полька тургай, Россиядагы орустар өздөрүнө чыккынчылык кылганы үчүн дарга салбырап асылып тургандарын көрбөй койдук беле?..

Ушинтип элес-булас ойду ээрчип, алыска чабыттап кетип калып, майордун далай сөзү кулагымдын сырты менен өтсө керек, бир оокумда: «биздин экинчи дивизиондон өткөн түндө эки солдат жоголду. Душман үргүлөбөйт!» дегени кулагыма октой тийип, селт эткенимде, тигил оюм дароо кайым болуп эсиме келдим.

– Жолдош офицерлер! Биздин душмандарыбыз көп. Кызыл Армиянын советтик-германдык фронтто фашизмди талкалап аткан эбегейсиз зор ийгилиги бизди көптүрүп, башыбызды айлантпасын. Алды-артыбызды аяр карап, кадамыбызды ойлоп шилтейли. Кыраакылыгыбызды күчөтөлү? Түнкү окуядан тиешелүү корутунду чыгарып, шашылыш чара көрүшүбүз керек! – Майор

кетенчиктеп барып, аркасы бийик жумуру жыгачтан ийилип жасалган стулга отуруп атканда, подполковник Иванов ордунан туруп, офцерлерден суроо күтпөстөн бүгүнкү жыйналыштын күн тартибиндеги биринчи маселени жарыялап, кол саатын карап алып, штаб начальниги Несговоровго сөз берди. Бул колуна жазып алган кагазын карап: «Кийинки он күндүктө армия боюнча кээ бир кошуундардан солдаттар жоголуп атат. Алар кесиптери боюнча жалгыз-жарым иштөөчүлөр: ургундай, байланышчылар, чалгынчылар, пошточулар, чабармандар, чарбачылар. Түндө, түндүн экинчи жарымында постто экинчи дивизиондун курал-жабдыктар салынган арабаларын кайтарып турган 2 солдат саат 4 менен 5тин аралыгында жоголгон. Түнкү саат 4тө караол начальниги текшергенде алар өз постуларында аман-эсен турган, а саат 5те төртүнчү жана бешинчи батареялардын постундагы күзөтчүлөр жок болгон. Дивизион боюнча жарыялаган чуудан натыйжа чыккан жок. Булардын жоголушу табышмак. Немистердин чалгынчылары келип «тил»кармап кетишти деп болжолдоого мүмкүн эмес, майдандын алдыңкы чеги бизден 60–70 км алыс жана ал аралык биздин аскерлерге жык толгон. Бул диверсанттардын иши деп, божомолдоого болот... Батыш Украинада бендерачылардын калдыктары элинин тынчын алып атканы белгилүү. Польшадагы бизге каршы поляктар бендерачылар менен биригип каракчылык, бандиттик жолго түшпөйт деп, кантип кепил боло алабыз?.. – Дагы кыйла буга окшогон жүрөк калтыратуучу сөздөрдү айтып келип. – Мындан ары кошуунубузда мындай кырсыктарды болтурбоо чараларын иштеп чыгуу үчүн ушул офицерлер жыйынын чакырып отурабыз – деп сөзүн бүтүрдү.

Несговоровдун суук кабарынан кийин үй ичинде чымын учса угулгандай көр кереңдик бир аз өкүм сүрдү. Полк командири замполит экөө алдыларындагы офицер-

лерди көздөрү менен бирден терип атышат. Биз үңкүйүп жер карайбыз. Биз үчүн мурда болуп көрбөгөн шумдук. Ооруктa тургай, алдыңкы чекте душман менен бетме-бет тирешип, салгылашып турганыбызда да мындай жорук болгон эмес. Ойдо жок шумдук. Күтүлбөгөн жоготуу! Кантип акчыланабыз? Кимди күнөөлөй алабыз?.. Бул окуяга мен ушунча өкүнүп атам, а солдаттары жоголгон командирлердин ичи кантип атат экен?.. Сыртыбыз жымжырт, ичибиз бүлүк түшүп, жаныбыз төрт чарчы, көр кыстоонун өртүндө чыркыроодо канча убакыт өткөнүн билбейм, бир маалда:

– Жолдош полк командири! – деген үн керендикти капыстан жарылган гранатадай бузганда, баарыбыз команда уккан немелерче, үн чыккан жакты селт карадык эле, төртүнчү батареянын командири ордунан туруп, оң колунун учун чыкыйына такап калыптыр, – Жолдош полк командири! Мен күнөөмдү мойнума алам, ЧП менин батареямда болгон үчүн, бирок аскердик антыма нээтим актыгын алдыдагы салгылашууда актайм деп, офицердик убадамды полктун кызыл туусунун астында берем! – бурчта жөлөнүп турган тууга колун соройткон бойдон басып келип, желегин өптү да: – Жолдош полк командири, олтурууга улуксат этиңиз! – деди эле, полковник улуксат ишааратын жасагандан кийин, улук лейтенант аскерче бурулуп, кайра ордуна барып олтурду. Жалгыз мен гана эмес үйдөгү офицерлердин баарысы мунун бардык кыймылын көздөрүн айырбай караштты.

Офицердик чогулуш бул улук лейтенанттан кийин жан киргендей болуп, үй ичи кыймылга келе баштады. Мындан удаа бешинчи батареянын командири сөз алды:

– Жолдош полк командири, жолдош офицерлер! Мен бул полкто кызмат өтөп аткандан бери эки жылдан ашты. Мен келгенде полк Угра суусунун боюнда коргонууда турган экен. Бир айга жетпей Спас-Деменск шаарчасын бошотууга катыштым. Кенже лейтенант наа-

мы менен келип, бир жылда ашык взвод командиринин милдетин аткардым. Түндө биздин батареядан жоголгон солдат менин взводумда иштечү. Ал бул полкто менден да мурда, полк уюшулгандан бери кызмат өтөп келаткан. Мен аны абдан жакшы билчүмүн мен өткөн кышта комбаттыкка дайындалгандан кийин да, андан колумду үзгөн эмесмин. Ал эң мыкты минометчу болчу. Адегенде дүрмөт ташуучу, анан дүрмөттөөчү, кийин мээлөөчү, былтыртан бери расчет командири болуп, улук сержант наамына жеткен...

– Сиз эмне, дезертирге, чыккынчыга орден сураганы турасызбы? – Ивановдун далысынын далдасынан бизге көрүнбөй отурган торопой кирпик, таңыракай Кулачков кодоңдоп тура калып, сүйлөп аткан улук лейтенантка атырылды эле, бул сөзүнөн адашып, калтаарып калганда, полк командири ителгиче мойнун артына буруп, тигини акырая карап үнсүз зекигенде, подполковниктин заарына чыдай албай смерш отурууга аргасыз болду. Анан полк командири карап, башын ийкеп:

– Продолжайте, товарищ старший лейтенант, только покороче![1] – деди. Смерштен сүрдөп сөзүнүн учугун жоготуп койгон байкуш, тантырап барып оңолуп кебин улады:

– Күжүрмөн ийгиликтери үчүн «Эрдик»медалы, «Даңк III даражасы» ордени менен сыйланган. Урушта такшалган коркпогон эр жүрөк, намыскөй, Мекен патриоту, саясий туруктуу жоокер болчу. Ал улук сержант качпаганына, чыккынчылык кылбаганына мен партиялык билетим менен жооп берем. Бул кырсык, бул окуя диверсанттардын колунан келди! – Кайгысын жашыра албай, башын чайкап ордуна отурган атканда, Кулачков эмнегедир шашкалактап кайра сороңдоп тура калды эле, подполковниктин ийнинен анын төшчөнтөгүнөн өөдөгүсү гана көрүнөт.

---

[1] Сүйлөй бериңиз, жолдош улук лейтенант, бирок кыскараак!

– Разрешите товарищ комполка![1] – деди да, улуксат күтпөстөн колдураган үнү менен, – Бул жерде болуп көрбөгөн ЧПны[2] талкуулап, ага тиешелүү саясий баа берүүнүн ордуна, кээ бир офицерлер өздөрүнүн күнөөлөрүн далдалоо максатында посторун таштап жоголгон солдаттарын, «Советтер Союзунун баатыры» кылып көрсөткүлөрү бар. Так не выйдет, господа, хорошие! С врагами мы будем говорить на вражеском языке. Мы быстро найдем кто здесь скрытый враг, а кто его сообщник![3] Жолдош офицерлер, бул жерде силер күнөөңөрдү жеңилдетүү үчүн кылмышыңарды мойнуңарга алып, биздин күжүрмөн кошуунга уялап алган чыккынчылардын аскердик мансабына, наамдарына карабай, большевиктерче таамай беттерин ачып, алардан полкубузду тазалоо багытында үндөшүшүбүз керек. А силер эмнени былжырап олтурасыңар? Бешинчи батареянын командиринин сөзүнө ишене турган болсок, постун таштап качкан солдатына, ошондой «эрдиги» үчүн «Даңк» орденинин экинчи даражасын көкүрөгүнө тагыш керек да?! Жолдош подполковник, бул жерде либералдыктын кереги жок!..

– Ким либералдык кылып атат? – жанатан бери сабырдуу олтурган капитан парторг сөз кыстарды. Майор замполит да кабагын чытып, жүзүн дубалга буруп кетти. Подполковник парторгдун кыстырмасын кубаттап, үндөбөй «смершке» мойнун бурду эле, ал ого бетер атырылып:

– Мен «сен, тиги» деп, бирөөңөрдү персонально[4] айыптаган жерим жок,– өзүн акчылана сүйлөп, – жалпы абал жөнүндө айтып атам. Полкубузда чоң кырсык болуп атса, аны, анын негизги себебин, ал үчүн персонально

---

[1] Улуксат этиңиз, жолдош полк командири!

[2] ЧП – черезвычайное происшествие – кырсык, жаман окуя.

[3] Аныңар ишке ашпайт, жакшы мырзалар. Душмандар менен биз душман тилинде сүйлөшөбүз. Биз бул жерде ким тымызын душман, а ким анын шериги экенин бат эле табабыз.

[4] Персонально – керт башы.

ким жооп бериш керек, көзүнө карабай, душмандын бетин ачыш керек, мындай кырсыктар мындан ары болбосун үчүн кандай натыйжалуу корутунду жасашыбыз керек? Маселе мына ушунда. Өз ишибизде чыккынчы болбосо, душман сырттан келип мынча бүлүк сала алмак эместигине мен жүз процент ишенем! Мындан кийин чыгып сүйлөчү офицерлерден мен ушуну талап кылам. Бириңерди бириңер, жактап, мактай турган убакыт эмес. Жолдош подполковник, Сиз офицерлериңизден түндөгү ЧПнын авторлорун айтып берүүгө катуу талап коюшуңузду күтөм! – Мунун акыркы сөздөрү карыган дөбөттүн үнүнө окшоп киркилдеди. Кетенчиктеп ийнине кирген момолой сыяктанып, подполковниктин аркасына култ этти. Кулачковдун куру жалаасына куйкасы курушкан Иванов тигил отураары менен обдулуп туруп келатканда, улук лейтенант Коптев шашкалактап ыргып туруп:

– Улуксат этиңиз жолдош подполковник! – честь берип какайды. Эки колу менен тең стол таянып, көчүгү стулда көтөрүлүп калган полк командири Коптевге таңыркоо менен карап, сол колу менен «улуксат!» ишааратын жасап, кайра көчүк басты. – Жолдош офицерлер! – Коптев сөзүн салмактуу, сабырдуу расми тартип менен баштап, баарыбызды бир карап алды. Кулачков сүйлөй баштаганда эле бетинин түгү бириндеп тиши кычырап аткан немеңин түрү заматта жайдарыланып, – Жолдош офицерлер! Биздин полкто болгон түндөгү ЧП албетте биздин бетибизге көө тартып кетти. Ал үчүн биз баарыбыз күнөөлүбүз. Муну эч качан тана албайбыз! – Коптевдин бул сөзүнүн аягы бүтө электе Кулачков ийинден сороктоп чыга калып аңкуштаган суурдан бетер:

– Вот деловой разговор, браво![1] – дегенде, Иванов ордунан секирип туруп «смершке» бурулуп: – Я вас лишаю слов за самовольщину[2] – муну уккан Кулачков,

[1] Мына маңыздуу кеп, баракелде!
[2] Ээнбаштыгыңыз үчүн мен сизди сөздөн кантарамын!

айтып келаткан сөзүн бүтүрбөй, төбөгө чапкан күчүкчө уңшуп, ордуна отурду. Подполковник бери бурулуп, Коптевге кайрылып: – Продолжайте, товарищ старший лейтенант. Предупреждаю – баарыбызды көзү менен бир сыйра кыдырып,– Кто без разрешения будет говорить и перебивать выступающего, не зависимо от его ранга и воинского звания, буду карать жестоко![1] – Полк командири кабагын карыш түйүлтүп, көчүгүн стулга так урду. Коптев капысынан үзүлгөн сөзүн улап, – Менде мурда чыгып сүйлөшкөн батарея командирлери бул окуяга туура саясий баа беришип, аскердик командирлик жоопкердиктерин толук моюндарына алышып, офицердик жыйын кандай жаза берсе да, баарына кайыл болушуп олтурушат. Биз арабыздан өз ишине такшалган, жоокерчилик шартка дасыккан мыкты жоокерлерибизди жоо менен беттешүүдө жоготпостон, жүзү кара душмандардын арам амалынын айынан айрылып калдык. Бул бөөдө чыгым! – Демин ичине шуу тартып, бир улутунуп алды да, сөзүн кайра улантты. – Кагылышта кармашып каза болгондорго айла жок, андайларыбыздын кайратын, эрдигин, акыркы сүкүндүнө дейре таймашып жан бергенин көзүң менен көрүп туруп, жоготуу оор кайгылуу болсо да, өмүрүн текке кетирбегенине ыраазы болосуң. Ал эми нечен салгылашууларда өлүмдү жеңип аман калган жоокерлерибиз, же табигый кырсыктардан эмес, кандайдыр табышмактуу калабанын кесепетинен жоголуш – өтө өкүттүү жоготуу! – Канча сабыр кылайын десе да, алы жетпей, уламдан улам, каны кызып демитип,– ошону менен катар бөөдө жоготуу! Бул кырсыкка батареянын командири улук лейтенант туура айтат, эң биринчи күнөөлүү улук лейтенант Кулачков! – дегенде үйдүн ичи

---

[1] Улантыңыз жолдош улук лейтенант. Эскертемин… Кимде ким улуксатсыз сөз алып жана сүйлөп аткан кишинин кебин буза турган болсо анын мансабына жана аскердик наамына карабай, катуу жазалайм!

бүт кыймылдап кубаттоо добушу өкүм сүрдү. Столдун артында тизилишип олтурган полк жетекчилери да, баштарын көтөрүшүп, биз тарапка көздөрүн чаптырышып, орундарынан копшолушту. Жыйналыштын куюн көргөн Кулачков, жана эле сороңдой калам деп полк командиринен кагуу жеген шүмшүк, бу сапар жетекчилердин артына житкен бойдон дайынсыз. Жыйындын колдоосуна татыган Коптев, эми ого бетер демитип, үнүн бийигирээк чыгарып,– эгер ал өз милдетин, Кызыл Армиянын атайын иштер боюнча офицери катары, ак нээти менен так аткарса, шпиондор, диверсанттар, дагы башка көмүскө жердин бөйөн-чаяндары бизге даай албайт эле! – Коптевдин акыркы сөздөрү мамлекеттин өтө ишениминде турган, эч ким айыбын даап айта албай турган ишин, кайдагы бир оозуна алы жетпеген улук лейтенант, көпчүлүктүн көзүнчө, жамандоого батынгандыгына жана да устав боюнча сыноого тыюу салынган нерсени ээнбаштык кылып айтып атканына полк командири да, саясий боюнча орун басары да, парторг да, штаб начальниги да – баарысы бул немеге саясий баа берип, сокку уруунун ордуна, муну үнсүз кубаттап атканына Кулачковдун ичи күйүп:

– Я протестую, товарищ старший лейтенант! Вы всего лишь офицер-химик. Кто вам дал право лезть в дела сугубо политических особых органов Красной Армии?[1] – Ачуусу келгенде киркилдеген жоон үнү кеңири чыга албай, ар бир сөзүнүн аягы чыйкылдаган, кыйчылдаган, арабанын майлабаган дөңгөлөгүнөн чыккан үндөй угулуп, бүткөн бою бүт калтырап. – Я это так не оставлю. Здесь что-то неладно...[2] – Айдан аркы кебин уландырбай, подполковник ыргып туруп, Кулачковго мойнун чала буруп:

[1] Каршылыгымды билдирем, жолдош улук лейтенант. Сиз бар болгону химик офицерсиз. Кызыл Армиянын өтө бөтөнчө саясий органдарынын иштерине кийлигишүүгө Сизге ким укук берди?

[2] Мен муну жөн калтырбайм. Бул жерде эмнегедир иш жайында эместей.

– Жолдош улук лейтенант Кулачков! Мен улук лейтенант Коптевге «кебиңизди улантыңыз»деп айтууга улуксат бересизби? – Анткор жылмайып Иванов какшыктап, бери бурулуп, Коптевге кебин улантууну буюрду да, далысын күйшөп кайра олтурду. Кебин бузуп жибергенге кыжыры кайнап калган Коптев тигинин сөздөрүнө жараша:– Ырас мен – химик, сиз – «смерш», мен өз милдетимди колумдан келишинче аткарып келем. А сиздин өз ишиңиз кайсы? Старшиналарды коркутуп арак алдыруубу? Түнкүсүн арак ичип, карта ойноп, кир жуучу кыздарды зордуктообу? Биздин полкко келгениңиз үч айча болду, ошондон бери кайсы бөлүкчөлөрдөгү солдаттардын арасында канча жолу болдуңуз? Жолдош офицерлер, муну өзүңөрдүн жоокерлериңердин арасынан канча жолу көрдүңөр айткылачы? Мен өз сөзүмдү, өлүмдүн алдында да танбайм. Сиз партия менен өкмөт ишенип тапшырган ишти аткарбай, баарыбызды опузалап, кызмат абалыңыздан кыянаттык менен пайдаланып атасыз. Шпиондорду, диверсанттарды издөөнүн ордуна, ушак издеп, ак адамдардын үстүнөн тыңчы коюп, керт башыңыздын жыргалчылыгын көздөп, дуулдап жүргөндүгүңүз баарыбызга маалым. Эгер сиз өз ишиңизди жакшы уюштуруп, көпчүлүк, менен байланышып иштесеңиз, арабызга эч шпион кире албайт болчу, түндөгү ЧП болмок эмес. Мен сөзүмдү бүттүм, жолдош полк командири. Кандай буйрук чыгарсаңыз мен даярмын. – Андан кийин өзү жакшы көргөн Чацкийдин «Ак иштөөнү дилим сүйөт, кубат берет, жагынуудан боюм үркөт, кускум келет»деген фразасын айтып отуруп калды.

Полк командири подполковник Иванов ордунан жай туруп, эки жагын, үйдүн ичиндегилерди кыдырып карап:

– Дагы кимде сөз бар? – деди эле эч ким үн чыгарбады. – Балким, бөтөнчө өлүмдүн начальниги, улук лейтенант жолдош Кулачков, сиз сүйлөөрсүз деп, тигини сынамыкка алды эле, ал ордунан турбастан: «мен

башка, тиешелүү жерде сүйлөйм» деп, жүзүн бизге көрсөтпөстөн, Ивановдун далысынан колдурaганда, анын сөздөрү подполковниктин бел курчоосу туштан чыккандай сезилди. «Смерштин» коркуткан кыска сөзүнө Ивановдун жаалы келип сумсайып, бирок аны жашырууга тырышып, ичинен өзүн-өзү сабырдуулукка чакырып аттыбы, билбейм, туруп турган бойдон бир аз будаланып, үндөбөдү. Ошол учурда Дурдыевдин сол жагында отурган парторг ордунан тизесин таянып өөдө туруп, подполковникке честь берип, сөз сүйлөөгө улуксат алды. Өзү сүйлөөгө камынып калган киши буга:

– Улуксат, бирок жолдош капитан кыска-кыска конкреттүү сунуштарыңызды айтыңыз. Жалпы абал, аскерлердин, күжүрмөн саясий даярдыктары – баарысы белгилүү. Ага убакыт коротуп убара болбоңуз. Жыйынды майдандык шартта оперативдүү өткөрүшүбүз керек,– колундагы саатын карап, – ансыз да жыйын эки саатка созулуп баратат. – Иванов колун жаңсап, сөзгө улуксат берип, көчүк басты. Парторгдун жашы, кейпине караганда, Ивановго тең чамал, бирок кадровый офицер болбогондуктанбы денеси көпшөк, эткилеңирээк. Мындай кебете кишини чын жашынан кыйла өөдөрөөк көрсөтөт эмеспи, кыймылдары да мындайлардыкы чымырларга караганда илээнди болот. Ал кителинин алдыңкы топчуларын чечип, кайыш курунун ичине салааларын тыгып, гимнастеркасынын бырышын жазып, кителин кайра топчулап, планшетин оңдоп, блокнотун калтыраган колдоруна алып, жазгандарына жай көз жүгүртүп карашы, муну айласыздан, мансаптык милдети гана сүйлөөгө мажбур кылып атканын билдирип турду. Үнсүз созулган бул аралыкта подполковник, Несговоров экөө столго эңкейишип, баштарын тийгизишип, бир немелерди сүйлөшүп, алдыларындагы кагазды карашып, полк командиринин айтып атканын штаб начальниги жазып, кагазды калем менен утур-тетир чийгилеп кирди. Бир кезде парторгдун

даярдыгы бүтүп, сөзүн расмий жобого салып, подполковниктин эскерткенине карабастан, армияда партиянын жетекчилик ролу, аскерлерди саясий тарбиялоонун мааниси, революциялык кыраакылык, аскердик тартипти болоттой чыңдоодо коммунисттердин, комсомолдордун ролу, офицерлердин милдеттери жөнүндө үгүт, ураан сөздөрдү айтып келип, полкто түндөгү болгон кырсыктан кандай саясий корутунду чыгарыш керек, саясий окууну күчөтүш керек, ВКП(б) тарыхын кыскача курс боюнча окуу офицерлер арасында жума сайын бир жолу өтүп туруш керек ж.у.с. сунуштарын санап айтып келип, солдаттары жоголгон батареяларынын командирлери жана старшиналары аскердик катуу жазаларды алыш керек деп кебин аяктады. Парторгдун кебинин негизги маңызы, кокус «смерш», мындай кырсыкка арналган жыйында «парторг сүйлөбөй койду» деп, айыптабасын дегендей акчылануу болгонун олтургандардын көбү түшүнгөндүктөн, ага анчейин көңүл бурулган жок! Анын ордуна Несговоров менен Иванов экөө жазылган кагазды кайта-кайта окушуп, анда-санда Дурдыевге көрсөтүшкөндө, ал улам башын ийкеп атканы биздин көңүлүбүздү көбүрөөк буруп атты. Парторгдун үнү басылганда гана Иванов кагаздан башын көтөрүп, бизди кыдырата карап, арабыздан сүйлөчүлөрдү көзү менен издеп, унчукпай жер карап отурганыбызды көрүп, жыйындан тажаганыбызды өзү да түшүнүп ордунан жай туруп:

– Жолдош офицерлер, дагы сүйлөчүлөр жокпу? – деп бизге көңүл улап гана кайрылып, жооп күтпөстөн сөзүн улантты. – Анда, эмесе эки саатка созулган кеңешибизди жыйынтыктайлы. Албетте, түндөгү кырсык полкубузду жаманатты кылып кетти. Буга дейре, армия боюнча күжүрмөн саясий даярдык иштерибиз алдыңкы катардагылардан эле. «Душман үргүлөбөйт» деген ушул. Көз ирмемде бүлүк салып, мөрөйүн алды да, кайым болду. Туура айтасыңар, бул үчүн баарыбыз күнөөлүбүз, анын

ичинен айрыкча офицерлер, коммунисттер, комсомолдор күнөөлүү. Баарыдан мурда полктун күжүрмөндүк, моралдык – саясий абалы жөнүндө керт башым менен жооп бере турган мен күнөөлүүмүн. Мен өз күнөөмдү, кээ бир кишилер сыяктуу, башка бирөөлөргө жаппайм, өзүм акчыланбайм – деп, Кулачковго кыйытты да – ошондуктан, бүгүнкү офицерлер жыйынынын корутундусунун негизинде төмөнкүлөрдү буюрамын. Буйрукту окуп берүүгө майор Несговоровго сөз берем, – деп штаб начальнигине жүзүн буруп, өзү отурду. Несговоров колуна кагаз кармап ордунан туруп буйрукту окуп кирди.

– Полктогу тыкыр абал тууралуу чукул чакырылган офицердик жыйындын чечимине ылайык төмөнкүлөрдү буюрамын:

1. Полкто аскердик жана саясий кыраакылык начарлоо кесепетинен экинчи дивизиондун төртүнчү жана бешинчи батареяларында өтө жаман окуя пайда болгондугуна байланыштуу: а) экинчи дивизиондун командири капитанга он сутка гаупвахт жарыялансын; б) төртүнчү батареянын командири улук лейтенант Тнын, бешинчи батареянын командири улук лейтенант Чнын офицердик наамдарын «лейтенант» наамына төмөндөтүү жана солдаттары жоголгон взводдордун командирлеринин офицердик наамдары алынып катардагы солдатка түшүрүү маселелери 33 Армиянын Артиллерия командалоочусунан суралсын.

2. Кароол кызматын айыпка татыктуу шалаакылык менен аткаргандыгы үчүн экинчи дивизиондун кароол башчысы старшина К аскердик наамынан ажыратылып, катардагы солдатка тушүрүлүп, камакка алынсын жана кылмыш ишин текшерүүгө улук лейтенант жолдош Кулачковдун карамагына өткөрүлүп берилсин.

3. Аскерлерди жалгыздан жумушка чегүүгө жана командировкага жиберүүгө тыюу салынсын. Зарыл болгон учурда полктун аймагындагы жумуштарга

күндуз үчтөн кем эмес толук куралдуу солдат, алыскы жерлерге – бир бөлүкчөдөн кем эмес аскерлер жиберилсин. Түнкү сапарларга алыс-жакындыгына карабастан, офицер баштатан бир бөлүкчөдөн кем эмес аскер тобу жиберилип турсун.

4. Мындан ары түнкү күзөтүүгө ар бир постко экиден күзөтчүлөр, сакчылар коюлсун.

5. Буйрук полктун жалпы өздүк курамына жарыялансын.

**Полктун командири подполковник Н. Иванов.**

– Жолдош офицерлер! Жыйынды кейиштүү маселелер менен бүткөрбөс үчүн экинчи маселе боюнча информация жасоону да жолдош Несговоровго тапшырам. Баштаңыз жолдош майор – деди да олтурбастан, майорго жанаша жарданып туруп калды. Несговоров столдун үстүнөн экинчи барак кагазды алып, көзүнө жакындатып:

– Жолдош офицерлер! Биз мурда курамында турган Үчүнчү Белорус фронтунун штабынан буйрук келиптир, ошону жарыялайм, – деп, окуй баштады. Анда биздин полктун жайкы чабуулда мыкты урушканы белгиленип, бөтөнчө эрдик көрсөткөн жоокерлерибизге СССР Жогорку Советинин Указы менен мамлекеттик сыйлык ыйгарылганын жарыялады. Отуздан ашык киши. Анын ичинде урушта курман болгондор да жүрөт, Несговоров «Кызыл туу», жаңы келгендигине карабастан, Иванов «Ата Мекендик согушунун I даражасы», Дурдыев – «Кызыл жылдыз» эки дивизиондун командири, төрт батарея командири, үч взвод командири, ондон ашык минабүрккүччү солдат ордендер, медалдар менен сыйланышкан. Ооруk боюнча начальниктерден Бычковго, мага «Кызыл жылдыз», Коптев, Богомолов, Баранов, Кондрашовдорго «Күжүрмөндүк эмгеги үчүн» медалы ыйгарылыптыр. Ар бирибиздин фамилиябызды дүркүрөгөн кол чабуулар менен тосуп алып атып, алакан

кызарып чыкты. Үйдүн ичи дуу-дуу болуп, жанагы жер карап, мүңкүрөгөн абалды куюн учуруп кеткендей, шаттык өкүм сүрдү. Аңгыча болбой Несговоров үчүнчү бир барак кагазды алып, дагы буйруй окуду. Бул Үчүнчү Белорус фронтунун штабынын кезектеги офицерлик наам ыйгаруу боюнча буйругу экен. Мында да полктун кыйла офицеринин наамдарын жогорулатыптыр. Алардын арасында: «мага ветеринария кызматкерлеринин майору», Коптевге, Богомоловго – «интендант кызматынын капитаны» наамы ыйгарылыптыр.

Баарыбыз ордубуздан туруп, бизди Иванов, Дурдыев, Несговоров сыйлык жана наамдар менен куттукташты. Биз буга алкыш катары: «Советтер Союзуна кызмат кыламын» деген антыбызды бердик.

Подполковниктин да ачуусу тарап, баарыбызга кайрылып:

– Офицерлер жыйынын жабык деп жарыялайм – артына мойнун буруп, – жолдош улук лейтенант Кулачков, сиз менен башка жерде сүйлөшкөнгө дайым даярмын! – тигиге анткор жылмайып айткан кекээрдүү кеби «смерштин» жанагы опузасына катыра берген жооп болду. Жыйын тарады. Бири-бирибизди куттукташып колдорубузду кысыштык.

Өзүбүздүн кыштакка келгенден кийин Бычковдун үйүнө, бүгүнкү буйрукту ишке ашыруу үчүн, күжүрмөн бөлүкчөлөрдүн башчылары чогулуп конкреттүү чараларды иштеп чыгып, ар кимибиз гарнизон боюнча өз милдетибизди тактай алдык. Бул учурда сөздөн сөз чыгып отуруп, полк командиринин жүрөгү тоодой тайманбаган, өлүмдөн коркпогон, НКВДнын камагын, лагерлерин кыйла жыл башынан өткөрсө да, кайратынын мизи майтарылбаган, жоопкерчиликтен качпаган жакшы киши экенин бир добуштан белгиледик. Мен көптөн бери сырын билген, ак нээттүү, ачык, жайдары мүнөз Коптевге ичим ооруп:

– Петя, сени кайсы кара теке сүздү? Кулачовго тийишип эмне кыласың!? Эми балээсине кабылып, бөөдө өлбөдүңбү?! Өзүң орустун көп накыл кептерин, тамсил, макал-ылакаптарын бизге айтып, акыл үйрөтөсүң, а «нетрогай дерма пусть не воняет»[1] дегенди унутуп калдыңбы? – десем, ал:

– Жок, унутканым жок. Мен аны атайын жасадым…

– Доктор туура айтат, сен эмне, өлө албай жүрөсүңбү? – Бычков анын сөзүн бөлүп,– ага полк командири да даай албайт. Ошо кишиден үлгү алсаң болбойбу. Көрдүңбү, подполковник ал акмакты сыпайы, сылык сөздөр менен гана оозуна чылгоосун тытып койду – а сен анын былык-кылыктарын чукуп, айыгыштырып койдуң. Эми андан күтө бер… – Бычков менин сөзүмдү кубаттап, Коптевге жаны ачыды эле, анда ал:

– Так ошол конкреттүү былыктарын сүйлөгөндө оозун ача албай калбадыбы. Жо-ок, андай шимшиген иштердин өздөрүнүн айыбын ачык ашкерелебесең, жалаң жалаа менен жан баккан немелер, жок айыпты мойнуңа тагып өлтүрөөрү чын. Бул желмогуз, атырылып сүйлөшүнө караганда, отуз жетинчи жылдын тарбиясын алган кадр болсо керек?!.

– Анын айыбын ачам деп, өзүңдүн башыңды жутуп албасаң болду. – Богомолов да биздин пикирибизге кошулуп, боору ооруганын билдирди эле буулугуп алган Коптев моюн бербей:

– Эй, Михай, Кулачковдун кылыктарын, арак алыш үчүн өзүңдү коркутканын, мас болуп кыздарга бүлүк салганын мага сен айтпадың беле. Бул жерде мага боор ооругандан көрө, тигил жерде эмне үчүн мага айтканды ага өзүң айтпадың? «Мындай немеден кантип кутулуш керек?» деп, менден акыл сурабадың беле!

– Мен, тигил жердеби? Жок, Петька, акебай, мен булардын «адилеттигине» Ыраакы чыгышта полк скла-

[1] Бокко тийбе – сасып кетет.

дында иштеп жүргөндө эле кекиртегиме чыккыча тойгомун. Ошондо да бөтөнчө бөлүктүн начальниги балык сураганын бербей коём деп, балээсине калгам. Кудайдын жардамы менен түрмөгө түшпөй, араң кутулгам. Ошондон бери буларды көрсөм, бута атым каччумун.

– Булардын баарысы бирдей эмес да, – мен сөз кыстырып – улук лейтенант Безбородов созулган, кичи пейил, ишине адилет, кишиге боорукер адам эмес беле?! – дегенимде, Коптев:

– Туура айтасың, доктор! Ал биз менен кошо кыргында болуп, кошо кан кечип, согуштун азап-тозогун башынан өткөргөн азамат жигит болчу. Киши өмүрүнүн баркын билчү. Ал отуз жетинчи жылды жек көрүүчү. Органга андан кийин биргемин дечү. А бул неме үч айдан бери кимибиз менен маектешти? Балким сени менендир?

– Жок, мен андай «таалайга» татыганым жок – деп күлдүм.

– Бул эми менин үстүмөн чагым уюштура албайт. Мен мындан коркпойм. Деле, кудай бир берген жанды бир эле. Эки жан менде жок! Волков бояться – в лес не ходить![1] Буга коркок билиш болгондой менде күнөө жок. – Коптев өз оюнан кайтпаганы, ал тобокелге бел байлап, баарына кайыл болуп, чындык акыйкат издөөгө көтөрүп алганын билдиргендей…

– Дай бог, нашему теляти вовка зъисть[2] – Бычков муну, сен Кулачковго теңеле албайсың деген мааниде украиндин бир накыл кебин айтып тим болду. Калгандарыбыз да – «Коптев бир аз деми сууп, жайына келип алсын» деген максатта аны кашылай берүүнү токтоттук. Аңгемебиздин багыты бүгүнкү алган сыйлыктарга, наамдарга бурулду. Башыбызды өлүмгө байлаган адал эмгектерибизди байкап, баалагандыгы үчүн Партия менен өкмөткө, командалоочуларыбызга ыраазычылыгы-

---

[1] Карышкырдан корккон – токойго кирбейт.

[2] Кудай жалгап, биздин музоо карышкырды жегиси бардыр?!

бызды билдирип, дагы алкыштарыбызды айтып, «биз үчүн мындай улуу күндү белгилебесек, бизде кайсы кишичилик сапат калат?» деп, ырым кылууга убадалашып, Бычковдукунан тарадык.

Деген менен ордендерди, наамдарды майлоо асеми анчейин шаан-шөөкөтсүз, өз-өз бөлүкчөлөрүндө гана белгиленди. Ага негизги себеп өткөн түндөгү ЧП болду. Жергиликтүү калктан кооп санап калдык. Ошентсе да, сырыбызды билдирбей, кечинде күчөтүлгөн постуларды жай-жайына орноштургандан кийин, «тоюбузга»Ванданы чакырдык. Ал да тартынбай бизге бүлөө болуп калган немеден бетер, кечээки тейинче күлүңдөп келип, арабыздан орун алды. Посоховдун байгеси бүгүн да ишке жарады. Менин жаңы погонумду көрүп Ванда:

– Вай, пан Сиздин погонуңуз өзгөрүп калыптыр, эми Сизди ким деп атайбыз? – Мен жооп бергиче Посохов озунуп:

– Көзүң жокпу, чоң жылдызды көрбөй турасыңбы? «Жолдош майор» дейбиз. Полякча майор деген наам кандай дейт? – Ал бир чети менин наамымды көтөрө сала сыймыктанып, бир чети поляктын холопкасынын караңгылыгын ашкерелеп, өзү ага «кожоюн» болуп алганына кудуңдап, Ванданын суроосуна суроо менен кайрылды. Мен старшинанын одоно кебин байкап, ага көзүмдүн кыйыгы менен гана карап, бизге чоочун аялдын көзүнчө аны кагып, шагын сындырбайын деп, тим болдум. Ванда менин кейпимди байкабай, Посоховдун суроосуна чычалап:

– Мен кайдан билем кичине жылдыз эмнени, чоң жылдыз эмнени билдирээрин, же солдат болбосом, же поляктардын армиясын көрбөсөм, же окубасам, силердикин биринчи көрүп атсам? Пан плотуновий көптү билгениңиздин күчүн дайыма менден чыгарасыз. «Пан майож»деген аскердин бир чоң командири деп, согуш башталганда холопкалардан уккам, бирок кандай неме

экенин көргөн эмесмин. – Мага кайрылып – Матка боска! Сиз – пан майюжсузбу?

– Пани Ванда, мында таң калаар эчтеке жок. Ийнимде погонум өзгөргөнү менен өзүм баягыдай элемин. Өзүңүз каалаган наамды айтып, мурдагыдай эле кайрыла бериңиз. Кана эмесе, Александр Михайлович, – Барановго жүзүмдү буруп, – пани Вандага бимбрадан куйчу, жаңы наамды майлап жиберелик – деп кептин багытын буруп кеттим.

Кечки тамак ичүү ортолоп, Ванданы полякча сүйлөтүп, анын орусча угулган сөздөрүн атайын кайталатап, шакабалап каткырып, күлкү аралаш үй ичи дуу-дууга айлангандан кийин, сыйлыктарыбыз үчүн Посохов тост көтөрттү. Аны укканда, кызып алган Ванда:

– Матка боска Чайнстаховска![1] Холопканын жаман хижасына Червона[2] Армиянын баатырлары келип конок болот деп менин түшүмө да кирген эмес эле.

– Көрдүңбү Совет өкмөтүнүн кандай экенин? Кааласак биз пандарды холоп, холопторду пан кылабыз десем ишенбейсиң! – Посохов оштонуп болбойт. – Сени солтыс кылып шайлап кетелиби?

– Як можно? О матка боска![3] Мени ошол эле күнү катындар талап өлтүрүшөөр. – Ванда Посоховдун калжыңына чыны менен ишенип, коркуп кетти. Экөөнүн ортосуна Баранов түшө калып:

Кызыл Армия поляктардын ички иштерине кийлигишпейт. Посохов сизди, пани Ванда, сүйгөнүнөн атайын чычалатып атат. Буга ишенбеңиз – деди.

Бимбранын кызуусу, Ванданын анткорлукту билбеген жаш баланын тилиндей таттуу сөздөрү алаксытып, кечки отурушубуз кыйлага созулганын, гарнизон боюнча

[1] Чайнстаховдогу кудай энеси! Поляктар сыйынчу касиеттүү Мариям эненин Чайнстахово шаарында тартылган сүрөтү. Өтө касиеттүү икона деп чокунушат.

[2] Червона – полякча кызыл дегенди түшүндүрөт.

3 Кантип, о кудай сактай көр!

дежурный терезе такылдатып эскерткенде гана сезип, саатымды карасам, 22 саат 45 мүнөт болуптур. Тартип деген тартип, кече токтоп, дасторкон жыйналып, Вандага тынч уйкуну каалап, сыртка чыгып, Баранов, Посохов үчөөбүз постуларыбызды текшерип, бири-бирибизге жакшы түш, тынч уйку каалап, жатуучу орундарга тарадык.

Жатаар алдында «беломордон» бирди тиштеп, оттугум менен түтөтүп атып, Гражинаны эсиме түшүрдүм. Бул оттук жанымда жүргөндө Гражинаны унута албасымды түшүндүм. Мен ага эч кандай белек берген эмес элем. Берээрим деле жок болчу, анын үстүнө, менин ага эркек катары көзүм түшкөнү менен, белек берип байланаар оюмда да жок болчу. Мунун амалын карабайсыңбы! Болоор-болбос оюнчу менен менин башымды айландырып алганын! Ал эми өзү болсо, мени «кайдан көрдүм кара эшек, жолдош көрдүм жоор эшек» дегендей үч уктаса түшүнө кирбей, небак унуткандыр?! Гражина маа бул белегин чын көңүлү түшүп бердиби же амал менен бердиби? Эгер чын көңүлү түшсө, эмне үчүн бир айга жакын бирге турганда бербей, так кетээр күнү көч, жылаарда берди? Ак көңүлү болсо, мен күнүгө ага эркек жышаанасын билгизип, шынаарлай калып жүргөндө эле бербейт беле?!. Жок, бул ак көңүл эмес, жеткен амалкөй аял! Атайы карасанап, мага окшогон ала көөдөн неме санааркап, сары ооруга чалдыксын деп, душмандык амал менен бул белегин берген да! Оюмдун түбү ушундай корутундуга келип, ордуман туруп сыртка чыгып, айсыз караңгы чыкыроон түндө төшчөнтөгүмдөгү оттукту алып чыгып, чынжыр боосунан кармап, салмоор сыяктуу эки сапар колумду күүлөнтүп, эми Ванданын огородуна ыртыта берээримде, кулагыма «токто» дегендей үн угулду, бирөө келип колумдан кармай калган немече тык токтодум. Эки жагымды карасам, эч ким жок. Кадимки кышкы түнкү бейкутчулук. Бир аз обочороок токойдо желге ыргалган карагайлардын калың бутактарынын салмактуу, коңур

табышынын жаңырыгы гана кулагыңа элдир-селдир чалдыгат. Башка кырс эткен табыш жок. Жадагалса иттер да үрбөйт. Кайсы күч мени токтотту? Ким сыр берди? Кудая тобо-о! Оттукту кайра чөнтөгүмө салып, үйгө кирип ордума бүк түштүм. Гражинадан алагды болуу үчүн бүгүнкү окуяларды адатымча көз алдымдан чубаттым...

Солдаттардын жоголушуна ким, эмне себеп? Жергиликтүү калк ушунчалык жек көрөбү Кызыл Армияны? Бул көрөкчө Литвада, майдан түбүндөгү оорукта тынчыраак эмес беле. Алдыңкы чегибизге дейре бар болгону 5–6 км туруп, душмандын түнкү жортуулу болгон эмес эле. Бул жерде, майдан талаасынан 70–1100 км алыс жерде эмне деген шумдук? Жергиликтүү калк колдобосо ЧП болушу мүмкүн эмес. СССРдин немистер басып алган жерлеринде деле партизандар жок аймактарда тынч эмес беле. Демек поляктар бизди – Кызыл Армияны, Совет өкмөтүн, сыртынан жылмайышканы менен ичинен жек көрүшсө керек?! Кээ бирөөлөрүнүкү ичинде эмес, сыртынан эле даана көрүнүп атпайбы. Жалаң пандардын холоптору, үй баш сайын жакырлар жашаган биздин эле гарнизондун тургундарынын арасында бизди желкеси менен караган канча эркектер, аялдар кезигет, жада калса майда балдары да көзүнүн төбөсү менен карашат, а башка башы эркин дыйкандары-жумушчулары жашаган кыштак, шаарлардагысы канча дейсиң?.. Интеллигенциясынан бирөөнү да учурата албадым. Алар биз келатканда эле качып жоголгон окшойт, түнкү каракчылыкты жасап аткандар ушулардыр?.. Деле көргөндө «псякрев»[1] деп булардын итатайы тутулуп кетет экен. Эскиден бери келаткан канга сиңип калган бир өчтөрү бар го? Расмий жолугушуулар болгондо да көп орус офицерлеринин ичинен мени менен гана кол беришип сүйлөшкөндөрүн байкадым. А биздин гезиттер жазгыдай болсо, поляктар менен биздин аскерлерибиздин мамилеси абдан ысык,

[1] Псякрев! – псовая кровь – иттин каны! Ачууланган сөздөрү.

барган жерибиздин баарында кучак жайып тосуп алып жатышат. Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып эле камыр-жумур болуп калдык... Калпты чебердеп айтышпайбы, жок дегенде Польшада согушуп аткан, жаңы өкмөтүнө жардам берип жаткан бизден уялып коюшпайбы, же бизди гезит окубайт дешеби? Минтип отурса, советтик басма баркын жоготуп коёрун ойлошпойбу? Жоголгон солдаттарыбыздын дареги табылаар бекен? Чындыкты айтам деп Коптев жыландын куйругун басып алды ээ?! Желмогуз «смерш» аны соо коёт дейсиңби? Бирок тигинин «башка жерде сүйлөшөм»деп опузалаганын полк командири жыйналыштын аягында «...дайыма даярмын» деп жооп бергенине караганда, Кулачковдорго да Кудай нокто-чыкта таккан го? Болбосо, мурда аларга эч ким даай алчу эмес эле. Ошентсе да, мурдагы сүрү жоголо элек... Анын тартипсиз, ээн баш сөздөрүнө подполковник чыдап, дипломатиялык салт нугунда, какпай-сөкпөй жооп кайтаргандыгында кеп бар!.. Башка офицерлерди, тартип бузса жымсалдабай эле орустун одоно сөздөрүн колдонуп, дароо ордуна отургузуп коюп жүрбөйбү! Деген менен, ал шайтандардын түбү жоон, тамыры терең. Колдон келсе, алардан оолагыраак жүрүш керек! «Балакеттүү тешикке, бармак тыгып не керек» деген кеп бар! Кудай тынччылык бере көр!

Ошентип мээни жыбыраткан уйгу-туйгу ойлорду көз алдынан кайра бир сыйра чубатып тактап, бүдөмүктөрүн дааналап, кемтиктерин акылымдын жетишинче толуктап, пикирге айландырам деп алек болуп, көпкө дейре уйкуга моюн бербей жатып, качан уктаганымды билбейм...

**– 4 –**

Жаңы жыл жакындап келатат. Биз баягы эле ордубуздабыз. Гезит, радио кабарларына караганда бардык фронтто согуш аракеттери катуу жүрүүдө. Союздаштардын

армиялары да Францияныn, Белгиянын аймактарында салгылашып атышат. Биздин фронттун майдандагы аскерлери Висла, Нарев өзөндөрүнүн жээктеринде душманды тынч алдырбай кытыгылоодо. Айрыкча бизден 130–140 км түштүк жагыбызда Сандомир[1] плацдармында уруш катуу, а биз мурдагыдай эле, жергиликтүү калк менен мамиле түзүү алегиндебиз. Кудай жалгап өгүнкү кырсыктан кийин полкубуз аман-эсен. Биз иш жүзүнө ашырган кошумча чаралар натыйжасын берип атат окшойт. «Коюн алдырып, короосун кайтарат» деген макал ушундай окуядан чыкса керек? Айтмакчы, баягы офицерлер жыйынынан кийин бир жума өтпөй, Кулачков кетип, жаңы «смерш» келген. Ал полктун бардык бөлүкчөлөрүн кыдырып, таанышып жүрөт. Катардагы карапайым солдаттар менен тамашалашып, анекдоттордон жылдырып сүйлөшүн баамдашымча ачык, тамашакөй неме өңдөнөт. Аскердик наамы мунуку капитан экен. Өткөн жумада биздин бөлүкчөгө келип, мени менен көрүшкөндө Самаркандда туулганын, өзбек тилин жакшы билээрин айтып, менин Кыргызстандан экенимди угуп Самаркан аймагында да кыргыздар бар экенин, Ошто, Фарганада Анжиянда болгонун билдирип, «жердеш турбайбызбы» деп жылуу сүйлөшүп, бөлүкчөдөгү солдаттар менен таанышып кетти. Деле көптү билген неме белем, жата калып сүйлөшөт. Баскан-турганына караганда тынччылыкта эле армияга алынып, атайын курсту бүтсө керек, менден үч төрт жаш улуудай. Эмне үчүн ушул күнгө дейре капитандан өскөн эмес? Же оорукта иштеп жүрүп, фронтко жаңы келгенби? Же буларга офицердик наамды созуп-созуп береби, билбейм? Деле ушул аскер кийимин кийген төрт жыл ичинде булардын улук лейтенанттан ашкан офицерин биринчи көрүшүм.

Бүгүн биздин гарнизонго Дурдыев келип ал-акыбалыбызды сурап кетти. Сөздөн сөз чыгып отуруп жаңы кел-

[1] Сандомир – Висла өзөнүнүн батыш жээгиндеги, Кызыл Армиянын плацдармынын тушундагы шаар.

ген «смерш» жөнүндө сурап калдым эле, замполит анын жайын баяндап берди. Ал НКВДда бир кыйладан бери иштеп жүргөн офицер экен. Фронтко жаңы эле келиптир. Кулачковдун өгүнкү жыйында полк командирин опузалаганы, полкто көрсөткөн кылыктары Армиянын саясий башкармасына жеткирилгенден кийин, аны биздин полктон чакыртып алууга мажбур болушуптур. Аны угуп мен, эми Коптевдин айласы эмне болот десем: «Эчтеме болбойт. Санааркабай иштеп жүрө берсин. Түз сүйлөгөн калыс офицер окшойт. Анын жыйында сүйлөгөн сөздөрүн текшергенибизде баарысы далилденип, Кулачковдун бизден кетишине негизги себеп болду» деди. Мен: «аларды тыя турган да күч барбы?» десем, Байрам жылмайып, «алардын суроксыз тизмелеп киши аттыруучу заманы бүткөн. Партия андайлардын акесин таанытат азыр» деп, өзү партиянын полктогу түркүгү экенин билдирип койду. Өгүнкү жоголгон солдаттар тууралуу майор Дурдыев өтө жашыруун жаңылыкты айтты. Ал мени боорсунуп, өз ичине батпай бараткан сырды, ишенип айтып жатканын эскертти: «Эсиңде болсун! Эгер эртең, же жакында менин оозумдан чыккан кептер бирөөлөргө билинип калса, мен да, сен да жок болобуз! Муну билгендер полкто үч эле киши: мен, Иванов, анан жаңы келген «смерш» Акопян Саркис Аванесович. Азыр төртүнчүсү сен…

Байрамдын айтышы боюнча, Польшанын Миколайчик башкарган Лондондогу бийлиги Люблинде биздин жардамыбыз менен түзүлгөн Польша Эл Республикасынын демократтык Өкмөтүн кулатуу үчүн бул аймакка жашыруун адамдарды жиберишиптир. Алар Польшанын Кызыл Армия фашисттерден бошоткон аймактарында Бур-Комаровский деген генералдын жетекчилиги менен штаб түзүп, поляктардан жашыруун армия уюштурмак, жаңы өкмөтүн кулатып, Варшаваны өз күчтөрү менен фашисттерден бошотуп, дүйнөгө: «биз борборубузду орустун, Кызыл Армиянын жардамысыз, Польшанын элдик

армиясынын күчү менен бошоттук. Биз советтердин курган өкмөтүнө баш ийбейбиз» демек экен. Душман поляктардын арам оюн биздикилер туюп калып, 33-Армияны атайын бул аймакка алып келишиптир. Тигил жоголуп аткан биздин аскерлер так ошол Бур-Комаровскийдин уюштурган диверсанттарынын иши экен. Алардын негизги ою ишке ашпай калган соң, диверсиялык жолго түшүптүр. Ооруктa турабыз дегенибиз менен кээ бир алдыңкы позициядагы армиялардан кем эмес тапшырма аткарып атабыз. Жергиликтүү калк менен көп маектешип, сырларын тартып, биздин саясатты туура түшүндүрүп, колго алышыбыз керек. Поляктар абдан динчил эл болот экен. Атеизм темасы жөнүндө сак болуш керек. Биз адатыбызча: «Кудай жок, дин эл үчүн апийим, чиркөө, мечит, костёлдорду талкалаш керек, ксендз, поп молдолорду жоготуш керек жана ушул окшогон одоно сабатсыз саясаттарыбызды лапшысак буларды өзүбүзгө душман кылып алабыз. Булардын жеткен антифашисттери, коммунисттери деле костелдорго барып чокунушат экен. Булардын динине тийишсек – жинине тийишип алабыз. Өмүр бою биз менен жоо болушат. Өтө сак, өтө кылдат болушубуз керек. Солдаттарыңар калжаңдап жергиликтүүлөрдүн ыйык нерселерин шакаба кылуучу болбосун. Кудай тууралуу, дин жөнүндө абайлап сүйлөшкүлө алар менен! Католиктердин эсеби боюнча 25-декабрь Иса байгамбардын туулган күнү. Христиандар Иса байгамбарды Кудай баласы Иисус Христос деп билишет. Азыр полякта үй баш сайын чоң майрамга даярданып атышат. Бул күндө костёлдордо таң атканча шам жагып, үйлөрүндө да уктабай чыгышат. Душмандар мындай жалпы элдик майрамдан пайдаланып, провокация уюштурушу мүмкүн. Сак болуш керек! Булардын диний, ыйык туткан улуу күндөрүндө чоочуркабай, керсейбей, мыскылдабай көңүл улап болсо да, калкы Кызыл Армия кудайсыз экен деп таарынып

калбас үчүн чакыргандарына барып, конок кылышса, мейман болууга сыйга сый көрсөтүп, өзүбүздү буларга кас эмес, дос экенибизди билдиришибиз керек»... дагы ушул сыяктуу үгүт-насаат сөздөрүн айтып, жеке турмушумду, өткөн-кеткендерди сурап, Байрам мени менен эки саатча маектешти. Көптү окуган, кишиге жугумдуу, акыл-эстүү жигит көрүнөт.

Майор Дурдыев мага окшогон башка бөлүкчө башчылары менен да жекеме-жеке сүйлөшөбү, ким билет, биздин гарнизондо түшкү тамакка дейре болду. Бычковдукунан түштөнгөндөн кийин кетти. Саясий жетекчибиз байкаган кемчиликтерди жоюу чараларын иштеп чыгуу, жергиликтүү калк менен мамиле жасоонун жаңы тактикаларын өздүк курамыбыздагы аскерлерге үйрөтүү иштери менен кеч киргиздик. Түн тынч өттү.

Эртең мененки ашыбызды ичип аткан элек, үстүбүзгө Давид Лазаревич кирип калды. Биз менен кошо отуруп, даам тат десем болбой бир аздан кийин келейинчи деп чыгып кетти. Биз аны менен бул үч айдын ичинде жакшы тааныш, кошуна, кесиптерибиз боюнча да абысынажын болуп, бири-бирибизден жогубузду сурашып, кем карчыбызга аяшпай кайрылышып жүрөбүз. Ошентсе да ыгы жок, беймаал бири-бирибиздикине киришүүдөн ийменебиз. Мунун капилет келишинде бир кеп бар го деп, шекшинип чайымды шашып ичип, сыртка чыксам, көчө жакта күтүп туруптур, тынччылыкпы деп, кооп санап сурасам:

– Ничего смертельного, но...[1]

– Что, но? Говори скорее.[2]

– Таня уу ичип алыптыр.

– Качан, кайдан, кайсы уу экен?

– Түндө силердин аптекадан хинин алыптыр, улук лейтенант Баранов бериптир.

---

[1] Укмуштуу деле эч неме жок, бирок...

[2] Эмне «бирок?» Сүйлө батыраак.

– Өлө албай жүргөн го, эмнеге бериптир? Таня деги тирүүбү же?..

– Тирүү, тирүү. Барановдон акидей асылып жалынып атып, Таня өзү сурап алыптыр.

– Атайын эле өлүш үчүнбү, же…

– Жок, жок, Барановдо күнөө жок. Мен Танядан тактап сурадым.

– Анан абалы азыр кандай? Өлчүдөй эмеспи?..

Кабаков экөөбүз чочулап, кооптуу сүйлөшүп жатканыбыздан шек алып, «Баранов» дегенди кулагы чалып калганбы айтор, Баранов кумсарып жаныбызга өзү келгенде мен ачуумду жашыра албай:

– Что ты наделал, Сашка опять? Неужели тебе жить надоело?[1] – дедим эле, ал коркконунан мукактанып сүйлөгүчө Давид Лазаревич:

– Ничего, не помрет она, но помучается. Вся вина Александра Михайловича только в том, что он не устояв просьбе женщины, дал ей это лекарство,[2] – дегенде.

– Доктор, – мага жалдырап, айыбын мойнуна алып – бергеним үчүн айыбымды тартам. Таня мага акидей асылып, шайымды кетирди. «Сен дарыңды бербесең, асылып өлөм, бул көрөкчө. Баары бир, шерменде болуп силердин бетиңерди кантип карайм? Убалым жетсин сволочь, мерзавец[3] Салмановго. Ошол мени зордуктап, ушул абалга туш кылды, өзү качып калып калды. Ичим азыр кыймылдай баштады. Анын арам тукумунан арылтуучу дары сенде бар экен. Сообума кала көр» деп бутумду кучактап ыйлаганынан айлам жок бергеним чын, танбайм – деп, кабагын чытып, жер карады.

– Канча бердиң эле?

---

[1] Дагы эмнени жасадың, Сашка? Же жашоодон тажадыңбы?

[2] Эчтеке эмес, өлбөйт, бирок кыйноо тартат. Александр Михайловичтин бардык күнөөсү аялдын өтүнүчүнө туруштук бере албай, ошол дарыны ага бергенинде гана.

[3] Сволочь, мерзавец (каргыш) – каргыш тийгир, жер жуткур, желмогуз ж. у. с.

– Бир сапаркы антималярийная доза[1].

Муну уккандан кийин жүрөгүм бир аз ордуна келди анткени справочникте хининди безгекке каршы колдонгондо чоң кишиге, балага канча өлчөмдө бериш керек деген көрсөтмө бар эле. Бирок кийин ал дарынын уулуу таасири күчтүү болгондуктан, медицинада колдонуудан чыгып калган. Ветеринарияда мал безгектерине (пироплазмоз, бабезиеллоз ж. б.) каршы колдонууга тыюу салына элек болучу.

Үчөөбүз санчастын үйүнө, Танянын үстүнө кирип бардык эле, кыйналып аткан кыз, бизди көрүп, уялып тетири карап кетти. Биз аны тегеректеп, абалын сураштыра баштаганда, кайра бери бурулуп, Барановду даана көрдү окшойт (хинин көздү да чала көрсөтүп коёт) оорусуна чымыркanып чыдап, тиштенип туруп:

– Барановдо эч күнөө жок! Аны... күнөөлөбөгүлө, өтүнөм!.. – Андан көптү сүйлөөгө шайы келбеди. Жанында Таняга жүрөк колдоочу дарыдан укол берип отурган Кондрашовдон бейтаптын абалын сурасак: «таң эртеңкиге караганда кыйла жакшы, аритмиясы камфорадан[2] кийин жоголду. Эсине келген сайын «Барановду күнөөлөшпөсүн. Күнөө өзүмдө» дейт.

Кондрашовдун информациясынан да, Танянын өз оозунан да уккандан кийин, Кудайдын буйругу менен Барановдун тагдырын Кабаков экөөбүз чече турган болдук. Чынында башыбызга оор жүк түштү. Бул окуя жалаң гана Баранов менен Таня экөөнүн алаңгазардыгынан чыкканы менен, капшабына мен да, Кабаков да кабылганы, ал тургай гарнизон башчысы Бычков да, жок жерден чатышканы турат. Эмне кылыш керек? Таня айыгып кетсе жабылуу казан жабылуу бойдон калды дейли. Ошого Кабаков бара алабы? Мунун сырын көп биле

[1] Безгекке каршы доза.

[2] Камфора – дарынын аты, аритмия – жүрөктүн чабалактап, солбун кагышы.

элекмин. Жөөттүк кылып сакчыланып ага барбай койсо, анда кандай айла болот? Ичим уйгу-туйгу болуп айлам кетип, эмне болсо да, сынамакка  бул еврейди чегип көрөйүнчү деген ой эсиме келип: «Давид Лазарович! бул ЧПны штабга билдиреликпи же жокпу?» десем, «Танянын жүрөгү чыдайт, мен тыңшап көрдүм, хининдин бул дозасын көтөрө  алчудай.  Кечке чейин аборт кылат,  анан эс алып калууга тийиш. Чуу көтөрбөй тура турсак кантет, жолдош  майор? Сиз деле хининдин  фармакологиялык-токсикологиялык касиетин жакшы билесиз да»деп, менин санаамды кыйла  басууга себепкер болду. Ошенткени менен мен макулдугумду берээрден мурда дагы бир нече суроолорду бышыктагым келди. Бирок кийин эч кимге угулбайт деп ким кепил  боло  алат?.. Макул, солдаттар биле элек экен,а дарылап жанында отурган Кондрашовдун ичи жарылбайт деп, ким убада бере алат?..

– Ал – менин күжүрмөн досум. Кырк биринчи жылы полк уюшулганда жолукканбыз. Ошондон бери жарты нанды бөлүшүп, кыргын канын бирге кечип келатабыз. Мен ага, ал мага жөлөк болушуп, бири-бирибиздин кемчиликтерибизди кечиришип келатабыз.Чын-чынына келгенде бойдон түшүрүүнүн дарысы хинин деп Кондрашов айткан болчу. Таня аны тандырбайт! – Кеңешибизге Баранов кошулуп Кондрашовдун милдетин алды.

– Болуптур! Рапорт жазбай коё туралы, – деп убадамды бердим. – Жакшылап, жанынан кетпей дарылагыла! Үстүнө эч кимди кийирбегиле. Кир жуучу кыздар да муну билбесин. Сак кайтаргыла! – деп, жанымдагыларга тапшырып, чыгайын деп, ордуман обдулуп атканда, Кабаков:

– Жолдош майор, Сизге барган негизги себебим башка болчу. Эгер сиз бош болсоңуз, экөөбүз армиялык кан куюу станциясына  барып, антидот[1] дарылардан сурап келсекпи дегем.

[1] Антидот, противоядие – ууга каршы дары.

– Мен макулмун, ага канча километр?

– Ондон ашык.

– Анда Бычковдун машинесин сураш керек – деп, мен полк командиринин оорук боюнча орун басары, гарнизонубуздун начальнигине жөнөдүм. Жолдо баратып «бул окуяны айтсамбы, же айтпасамбы?» деп өзүмө-өзүм суроо берип, мындан 2,5 ай мурда өткөн бир окуяны эске түшүрдүм.

Биз Литвадан бул жакка чыкканыбызга жарым айча болгондон кийин, бир жерге келип, бир жумача тыныктык. Ошондо Бычков бир күнү мага жалооруп, сырын айтып өтүнгөндүн азабынан болгон окуя эле. Ал мындай: үч айдан бери Бычковдун ичи бузулуп эки күндүн биринде шатырактатып, ичкен-жегендерин сиңире албай жүрүптүр. «Киши докторлордун берген дарыларын ичип атып тажадым, жардам жок. Госпиталга жиберемин дейт, менин коркконум госпиталь. Ага бардың дегиче экинчи өз полкуңду көрбөй каласың. Сталинградда жарадар болгонумда мындайды башыман өткөргөм. Достор, балким аттын дарысынан айыгармын. Жакшылыгыңды менден аябай бир дарылап көрчү. Салмановдун алы жеткен жок. Жаңы келген докторго азырынча ишенбейм. Мен эч кимге оозуман чыгарбайын, айтсам ит болоюн, пожалуйста!»деп жалынганынан боору ооруп, жаштык кылып, барбай турган жаңылыштыкка баргамын. Улаарып бараткан дартка себеп болоор деген ой менен сульфат атропинди рецепт кылып жазып, кишиге ченелген дозасын справочниктен тактап туруп, Барановго: «үч доза дарынын ар бирин өзүнчө таразага тартып, шекердин упасына жакшылап аралаштырып, кагазга үч бөлүк ороп бер, сен, Николай күнүгө бир дозадан ич» деп тапшырып, өзүм Армиянын ветотделине жөнөп кеткем. Чарчап кеч келип кечки чайды ичээрим менен жатып алгам. Бир маалда мени бирөө ийнимден булкат, көзүмдү ачсам, чырак жанган, Баранов: «Бычков с ума сошел

доктор!»[1] деген сөз кулагыма мынтыктын огундай тийип, көзүм умачтай ачылды. Дароо ыргып туруп, саатымды карасам, түнкү үч болуптур. Чуркаган бойдон Бычковдун чатырына жөнөдүм. Барсам, чатырча толо киши. Ортодо Бычков көзүн алаңдатып, эки жагын кайсалап, чеңгелдери менен серпип, жок «чымчыктарды» кармап жүрөт. «Держите, держите, сейчас улетит!»[2] деп коёт үнү кирилдеп, бүтүп калыптыр. Аңгыча Кабаков менен Богомолов экөө эки колдон алып, Кондрашов ийне сайды. Мен эмнеден жинди болгонун түшүнүп, төбө чачым тик турду. Мени менен кошо келген Барановдун өңү, күңүрт күйгөн гилзачырактын жарыгында деле, купкуу болуп турганы мага сезилүүдө. Билмексен болуп качан минтти деген менин суроомо Богомолов: – «Кечки чайды чогуу ичкенбиз, жатаарда эле соо болчу, постторду кыдырып чыкканбыз» деди эле, Бычков менен бир чатырда жаткан радист тактап: мындан бир саат мурда оору белгилери пайда болгондорун айтты. Кабаков: «мындай бейтапты дароо госпиталга жеткиришибиз керек» деген чечим чыгарды. Полк командири Бычковду госпиталга алып барууну доктор Кабаковго, начпрод Богомоловго тапшырып, чыгып кетти.

Бычковду түнката узаттык. Мунун жин оорусунун себебин бүт полк боюнча Баранов экөөбүз гана билебиз. Өзү бирөөлөргө айтууга чамасы деле келбеди окшойт. Өңгөлөрү ким билет, Сашка экөөбүз тең таң аткыча кирпик какканыбыз жок. Баранов нөлдөн жаңылып, таразага жаңылыш тартпасын деп шектенип, миллиграммдык гиряларды да, таразанын жебесин да текшерип, Сашага эсеп чыгартып экзамен да алдым. Баарысы рецепт боюнча туура жасалган.

Бычковдун ич өткөгүн басабыз деп, ичкенибиз ирим, жегенибиз желим болуп өзүбүздүн ичибизден кан өтүп,

---

[1] Бычков жинди болул атат, доктор!

[2] Кармагыла, кармагыла, учуп кетет!

Баранов экөөбүздө жан жок. Штабга ар кыл иштер боюнча чакырткан сайын жүрөгүм дүпүлдөп, өлүм жазасынын өкүмүн угузчудай сезип, үрөйүм учуп барам. Мени алда эмне болду деп, мен келгиче Сашкам саруулап бүтүп калат. «Бычков эмне болуптур?» деп, сураштан да, шек санашпасын деп, тартынасың. Кабаков болсо, «шизофрения экен, алып барарыбыз менен байлатма жиндилердин чатырына колдон-буттан сүйрөп, алып кетишти. Байкуш капитан бир кезде катуу корккон болсо керек? Түшүнөн чочуганда кошул-ташыл болуп кармап калган да» деп, капкайдагы немелерди айтып, ого бетер жаныбызды чыгарат.

Арадан эки күн өткөндөн кийин Бычковум шапайып полкубузга кайтып келди. Анын келиши баарыбызды кубандырды. А менин кубанычымды сөз менен айтып бере албайм. Элимдеги тынч мезгил болсо, Бычков үчүн эмес, өзүм үчүн ак сары башыл айтып, түлөө бермекмин! Николай Михайлович баарыбыз менен кучакташып көрүшүп, мени бооруна кысып, көзүн кыбыңдатып, сырдуу жылмайды. Жүрөк ордуна келип, ичкенибиз аш болуп, Баранов экөөбүз, Бычковдон жалгыздатып сураганыбызда:

– Силерде эч күнөө жок. Өзүм ит болдум. «Кымындай немелерди бөлүп отурамбы, батыраак бассын ичимди»- деп, үч дозаны бир ичип алгам. Анан эмне болгонумду билбейм. Эсиме келгенде карасам, жиндилердин арасында жатыпмын. Корккonуман, соолуктум госпиталдан чыгарыңыз, кетейин деп, врачтан бир сотке сурансам болбойт. Айла жок, уу дары ичкенимди айтууга туура келди, бирок кимден алганымды өлтүрсөңөр да айтпайм! – деп, кашайып болбой койсом, башкы врач дарынын атын уккандан кийин: «бул жиндини бошоткула!»– деп улуксат берди. Ишенип койгула силерди айтканым жок, партиялык билетим менен карганайын! – Чөнтөгүнөн билетин сууруп, чекесине тийгизип, кайра катты. –

Эмнеси болсо да бүттү. Аман калдым. Доктор сага миң мертебе ыракмат айтам. Сенин дарыңдан кийин ичим тып басылды» – деп күлдү.

Андан кийин оорусу кайталанбай, коорсуз айыкканын, дайым эске түшкөндө айтып, алкышын жазбайт.

Өз башынан окуя өткөргөн капитан, бул сапар ак нээт кеңешин айтып, жардам кылаар деген үмүт менен Бычковдун үйүнө кирсем, өзү кудай жалгап, иш ордунда жалгыз экен. Экөөбүз ээн кезикkенде шаан-шөкөтсүз эле амандаша турганбыз. Бул сапар шашып аткандыктан, түз эле:

– Николай, выручай, нам с Кабаковым машина нужна,[1] – дедик эле, ал чочуп, ордунан тура калып эмнеге экенин сурады. Мен Кабаковдун сөзүн кайталадым эле, ал адатынча шап-шуп чечим кабыл алды. Бул жөнүндө кечке дейре эч кимге билдирбей Таняны дарылай беришсин деп, менин оюмдагыны ашкереледи.

Кабаков бейтапка эмне кылуу керектигин Кондрашовго айтып, экөөбүз Армиянын кан куюу станциясына шашып жөнөп кеттик. Кетээрде мен да Барановду Кондрашовдун жанынан чыкпай, Танянын үстүнө киши киргизбей турушун табыштадым.

Станция бир пандын фольваркында экен. Кабаковду көрүшкөндө майор начальнигинен санитарына дейре кол алышын көрүштү. Анткени Давид, бизге келээрден мурда, ушунда иштөөчү экен. Кабаковдун ден соолугун сурашып, жан-алдары калышпайт. Давид Лазаревич мени алар менен тааныштырды эле, көбү, шопурларынан өөдө жөөт экен, атайын бирөө чогултканбы, кантип табышкан, билбейм. Деги булар ынтымактуу эл болушат окшойт. Баарысы өз иштерин унчукпай жасап жүрүшөт. Кажылдашкан эч ким жок! Карап туруп, эмнегедир баягыда, Витебскийдин алдында мага ветсанитарлыкка суранган Левиндин амалкөйлүгү, жандимилиги, эпчил-

[1] Николай жакшылык кыл, Кабаков экөөбүзгө машине керек.

диги эсиме түшүп, Зильман Маркович Дорфмандын: «Жашоо үчүн күрөш» деген Дарвин теориясына коомдук турмуштан еврейлердин жашоосун мисал келтирүүгө болот» дегенине күбө болуп атканындай сездим.

Кудая тобо-о! Адистерине айла жок. Биринин кесибин бири билбесе, алмаштырып болбойт. Анан калса гематология[1] деген татаал илим, аны врачтардын баарысы эле биле албайт. Кан деген кыялы чатак аялдан жаман, кылт этсе, жансеректи өлүмдөн куткармак турсун, сопсоону мүрт өлтүрөт. Чоң этияттыкты талап кылат. Ал ами лаборанттык, санитардык, ашпозчулук, шопурдук кызматтарды жөөттөрдөн башкалар деле иштеп жүрүшпөйбү. Эмне үчүн ал кызматтарды да бул жерде жөөттөр гана аткарышат. Командировкага эле кетип калышпаса, бул жерде жүк ташыган эки орус солдаттан башка, тили буруу көрүнбөйт…

Кабаковдун сурап келгендерин бат эле бүтүрүп беришти. Кандын ордун толтуруучу, кансыратпоочу, кан токтотуучу, кан суюлтуучу, кан коюлтуучу, кан уютуучу, кан теңтирбөөчү, басым азайтуучу, басым көбөйтүүчү, жүрөк иштетүүчү, тамыр тарытуучу, тамыр кеңейтүүчү… деги капкайдагы жок дарыларды бир санитардык кол чамадан толтура салып беришти. Ага кошумча үч литрлик бөйрөктүү айнек шишеге кансыраган бейтапты бат тыңыта турган «Гирголов суусуну» деген акыркы жаңылык алдык. Станциянын начальниги майор бизди «конок болуп кетиле» деп чын дили менен эле өтүндү, ага Кабаков болбой, шашылыш жайыбызды айттык эле ал мыйыгынан күлүп: «силердин бейтабыңар эмдигиче боюнан бошонду. Эгерде дозасынан жаңылбаса, хининден өлгөндөр аз. Мен силердей жаш курагымда «Түштүк Кавказдагы безгекке каршы» кампанияга катышкамын. Ал кезде хининди «безгекке жападан жалгыз каршы жаңы дары  деп, чуу көтөрүп аңды-дөңдү байкабай колдоно

[1] Гематология – кан жөнүндө илим.

берип, далай бооз катындардын убалына калганбыз. Коркпогула мобу «Гирголав суусунунан» берсеңер, бат эле тыңыйт, бирок кулагы катуу болуп калышы мүмкүн. Куру ооз кайтпай, келгиле, дары суусундан силер да татып көргүлө!» деп, кичинекей лабораториялык стаканга капортосунан куюлган «суусун» сунду. Экөөнү биз, бирөөнү өзү алып, конок каадасын жасап, биринчи көтөрдү. Майордун сөзү мага кубат берип, жүрөгүмдү бир аз басып, кабагымды анча-мынча ачты. Мен жутуп атып, мунун жыты да жакшы, даамы да таттуу, ооздун ичин чымыраткан күчү да барын сездим. Мында сөзсүз спирт кошулганы билинди, бирок арактай ачуу эмес, ал тургай поляктардын кол арагы – бимбрадан да таттуу. Өстөнүңдү эриген сары май сыяктуу жылуу, назик майлап өтөт. Жүрөк заада болуп, калтырап турган ичим ымыр-чымыр болуп, тырмагымдын учуна чейин жылып көшүп баратам…

Биз бат эле келгенсидик. Кондрашов менен Барановдун ортосунда Таня отурат. Бизди көрүп уялып башын буруп, ылдый карап калды. Танянын азыркы абалы жүрөгүмдү толук ордуна келтирип, санаамды тындыра баштады. Давид Лазаревич Кондрашовдон бейтаптын абалын сурап, тамырын кармап, көкүрөгүн тыңшап көрүп, жаңы алып келген дарылардан берди. Станциянын начальниги майор айткандай, Таня боюнан бошоптур, беш айлык эркек бала экен дешти.

Кудая шүгүр! Таня бети каралыктан, биз насыя сурактан аман-эсен кутулдук окшойт?… Ошентип, жабылуу казан жабылуу бойдон, ЧП жарыяланбай калды! Барановдун сүйүнгөнүн көрсөң, сөз менен сүрөттөп болбойт. Бул байкуштун коркконунан чачына бирин-серин ак кирип калыптыр! Эртеден бери менин деле жүрөгүмө эч нерсе барбай, түпөйүл болуп аттым эле. Кабаков азамат экен. Мындай киши менен жоого аттаныш – жаныңа тынч, ишенчиликтүү!

Кышкы күндүн кыскалыгы бүгүн бөтөнчө билинди. Эртеден бери күйпөлөктөп жүрүп, кеч киргенин байкабай калыпмын. Үстүбүзгө Бычков киргенде гана анын өңү бүдөмүк көрүнгөнүнөн жана ал «чырак жандырсаңар болбойбу» дегенинен улам, бүгүнкү бүлүк салган күн маңгиликке узаганын түшүндүм.

Атаганат, ылайым эле жаман күндөр тез өтүп, жакшы күндөр жай жылып, мээрин мол төгүп турса кана?!. Андай күндөргө Кудай жеткирээр бекен? Бүгүнкү күндүн кырсыгы ушуну менен чыгып кетсе экен деп Кудайдан тилеп, кечки түйшүктөрүмдү бүтүп, адаттагы маалымда түнөгүмдөн орун алдым. Мени менен кеңешпей туруп жасаган иши чоң бүлүккө айланып кете жаздаганын мойнуна алып, ууру кылган иттей менден жазганган Баранов, мышыкча табышын чыгарбай, чыракты жандырбай жылып келип жатып атканда:

– Саша – дегенимди угуп ыргып тура калып:

– Слушаюсь, товарищ майор![1] – деген калтыраган үнүнөн формасы жок, жылаң баш, көйнөк-дамбалчан бойдон төшөгүнүн үстүндө честь берип, какая калганын, чыраксыз караңгыда жумган көзүмдү ачпай эле көрүп койдум. Байкуштун абалына боорум ооруп кетти.

– Саша энеңдин ичинен тондуу түшүпсүң. Бактың бар экен. Эгер Кабаковдун ордунда Салманов, же кышындагы санчастын начальниги Егоров болгондо айлаң эмне болот эле. Жалгыз сен баарыбызга бүлүк түшүрмөксүң. Кабаковду жөөт деп жийиркенбей, мындан кийин иконага окшотуп жүрсөң да аздык кылбайт – дедим.

– Ыракмат, доктор, биринчи ирээтте сизге ыраазымын. Ак менен караны ажырата билген азамат адам турбайбы, ал! Мен өмүрүмдө бүгүнкүдөй корккон эмесмин. Бычков укканда да мынча коркпогом. Бүгүн,.. бүгүн силер кайтып келгенче заманам куурулуп, кирээрге тешик таппай, күн ордунан жылбай токтоп, мен кайыгып бүтүп калдым.

[1] Кулагым сизде, жолдош майор!

– Болду, бир балээден, Кудай кутултса, кутулдук Сашка, эгер сен таарынбасаң, аптеканын ачкычтарын мага бер. Саа да, маа да тынчыраак болсун? – деп, коркуп калган Барановду жылуу сөздөр менен жибитип, көңүлүн жайлап, өтө жумшактыгын, боорукердигин, берешендигин белгилеп, берешендик ар дайым эле алкыш менен кайтпастан, кээде зыяндыгы керт башыңа тийээрин эскертип, колумдан келишинче көшүттүм. Александр Михайлович, өзүн бөөдө кырсыктан алып чыккандыгым үчүн, мага көп-көп ыраазычылыгын айтып, ачкычтарды тапшырып, бири-бирибизге тынч уйку каалап тим болдук...

Күндүз мейли тынч болсун, мейли уруш болсун, мейли калабалуу ар түрдүү окуя болсун, канча чарчасам да – баары бир түнкүсүн жамбашыма жантаяр менен эле уйку келүүчү эмес. Күндүзгүлөрдү көз алдыман кайра бир чубатып өткөрүү, Дорфман менен жолуккандан бери, өнөкөт болуп калган. Мына азыр да Баранов экөөбүз тынч уйку каалаашкандан кийин, эки-үч мүнөт өтпөй, Сашка коңурукка кирди, а мен болсом, көзүмдү Ванданын хижасынын шыбын телмирип, бүгүнкү окуя жөнүндө кыял жүгүртүп баштадым.

Эмне үчүн Таня күмөнүнөн кутулгусу келди? Салмановдун айынан элеби, же дагы башка, андан да оорурак себеби барбы? же кош бойлуу болгондо эркектер карабай калат дедиби? Бойдон түшүрүүнү оңой неме деп ойлодубу? Ден соолугуна зыяндыгын ойлогон жокпу? Боюнда бар аялдарды аскерден демобилизация кылат деген законду билбейби, же эркек солдаттарды ээрчип, талаада урушканды, үйдө олтуруп бала баккандан артык көрөбү? Көп эле кыз уруштун уусуна, кыргындын кысымына чыдабай, «бу көрөкчө батыраак эле боозуп, согуш деген кудайдын каарынан кутулсам» дегенде эки көзү төрт болуп жүрбөйбү. Кышында Витебскийдин алдында биз менен жанаша турган эвакогоспиталдын бир

санитаркасы биздин солдат Чистовго уялбай эле «мени боозуткун» деп жалынганын солдатым айтып күлгөн элек. А балким, Таня бирөө менен убадалашып, күйөөгө чыкмак болуп, жашыруун тазалангысы келдиби? Ким билет? Ой, турмушуң соолгур! Кимге күлкү, кимге өлүмдөн артык уят. Кимге намыс, кимге амал?! Уятымды жашырам деп, Таня өлүп барып тирилди. Анын тирилгени өзүнө өмүр, бизге абийир алып келбедиби?! Кокус өлүп калса, уяты ачылып, жалаң гана өз башы менен кетпей, бир тобубузду кошо соро кетпейт беле. Өңгөнү койсо да, Барановду соо калтырбайт эле. Анын киши дарылоого акысы жок, демек кылмыш кылды. Эгер медик болуп туруп, аялды боюнан түшүрүүчү дарыяларды туура эмес берип, өлтүрүп алса деле кылмыш. Ашкан дарыгер болсо да, киши өлтүргөн үчүн жазасын тартмак.

Барановдун түздөн-түз начальниги болуп турган мени да күнөөлөшмөк: «Эмне үчүн контролдук кылган эмессиң?» деп. Мен эмес Кабаков да жазага тартылмак. Анын солдаты эмне үчүн уу жеп өлдү? Акыры Бычков да соо калмак эмес. Жок жерден солдаттар жоголуп, чукул абал жарыяланган полктун ал башкарган гарнизонунан солдат уугуп өлүп атса, начальнигин айыптабай коёт беле?

Биздин багыбызга Таня боюнан бошонуп аман калды. Кокус кырсыктан коркуп кетпей, ЧП жарыялабай, билгичтик менен дарылап, Кабаков, Бычков үчөөбүз полкту дүрбүтпөй, бир ишке жарадык. Ушундай абалда полкубузда чылгый арам Кулачковдун жоктугу бизге Кудай өзү боор тарткань! Болбосо, биттей кемтикти пилдей кылып көрсөтүп жан баккан тигил итке, бүгүнкү биздин окуя жөн эле күл азык болмок...

Ой, тобо-о! Кудаанын кудурети! Ак менен кара, адал менен арам, жакшы менен жаман, асыл менен чирик, өлүм менен тирик, бул турмушта чогуу бир үйүр болуп, аралаш эле жүрө берет турбайбы. Аларды кайдан келет деп күтүүнүн кереги жок окшобойбу. Алар согушта деле,

бейкутчулукта деле, карсылдашкан майданда деле, кансөлү басылган оорукта деле, чайыттай тийген күндө деле, казандын көөсүндөй кара түндө деле сенден адашпай, жаныңда күргүчтөп, сага шек билбирбей ээрчий берет белем? Көзүңө көрүнбөгөнү, мурдуңа жыттанбаганы, кулагыңа угулбаганы, оозуңа татыбаганы менен көлөкөңө окшоп өз кезегин күтүп, сенин артыңдан акмалал жүрө берүүчү, Кудаанын бир сыры белем? Качан гана кырсыкка кабылганыңда, алардын кимисине ыңгайлуу шарт туш келсе, ошонусу көрүнүп чыга келип кырсыктан кийинки тагдырыңа багыт берип, өзүңдү алып жөнөйт тура! Маселен, ак жерден азапка башың малынса, аны акыйкаттоого адилет жолукса – бактыңдын бардыгы, а катаал жолукса – таалайыңдын тайкылыгы, шоруңдун молдугу! Ак ишиң чиелешип отуруп, түбү карага айланат экен…

Пай-пай-пай!!! Карачы! Бүгүнкү Танянын башындагы кырсык менен баягы Алакемпир какшаган менин айылымдагы башкарманын аялыныкы, себептеринин ар башкалыгына карабастан, коёндой окшоштугун! Таня өзү жек көргөн Эркектен боюна бүткөн уяттан – күмөндөн арылуу үчүн жашыруун дарыланам деп өлөөрүндө, анын багына адилеттүү Кабаков кабылып, аны өлүмдөн, калгандарыбызды бөөдө азаптан куткарып калды. Башкарманын аялы таз күйөөсүн теңсийбей, кайниси менен тамыр болуп, кокустан кармалып жарадар болгондо, аялдын шоруна катаал киши «уруу акылманы» туш келип, аны тумчуктуруп өлтүрүп, бүт районго былык түшүрүп, сүттөн ак төрт кишини аттырган эмес беле?! Бир түрдүү кырсык – ар түрдүү тагдыр!..

Ойлоно берсең, ой артынан ой чубуруп, ааламды аралатып, акылды чарчатып, ичинди буй кыла берүүчүдөй!.. Кудая тобо-о! Мен жаным төрт чарчы болуп, бүгүнкү окуянын салдары жөнүндө мээмди ачытып, эки көзүм чакыйып атса, дүрбөлөңдүн негизги себептери

улук лейтенант Барановдун коңурук тартып, мемиреп атканын кара! Киши эмес эле машине го?.. Кудай ар кандай адам жаратат турбайбы! Мунун бейкапар уктап атканына көңүлүм бурулуп таң калып, отуз жетинчи жылкы калабада биздин республиканын бир райкомунун секретары болуп жүрүп камалган Жылкыбаев деген кишини атууга кессе, өлүм камерасында үч ай камаарабай уктап жата берип, кийин акталып бошоп келди дегенди эсиме түшүрүп, ошол чын болсо керек деп, эми ишендим.

Сыртта шырп эткен табыштарды кулагым чалып, дароо Гражинанын оттугун жандырып, саатымды карасам 2 нөл-нөл болуптур, артынан киши үнү угулбагандыктан, кароолчулар алмашын атканын түшүнүп, оттук шамын өчүрүп, дагы кыйла убакыт Гражинаны эстеп уйкум качты эле, качан кайта келгени эсимде жок…

…Акыркы окуядан эки үч күн өткөндөн кийин, биздин гарнизонго капитан Акопян Бычковдукуна келди дегенди угуп, жүрөгүм опколжуп, жанаша турган Кабаковдун санчастына кирсем, Таня мурдагысындай тарсылдап иштеп жүрөт, өңү гана бир аз шапая түшүптүр. Акопяндын келгенин Кабаковго айтып, андан баягы күнкү окуя жөнүндө тиги билээр-билбесин чегип сурасам, ал карганып, оозунан лам сөз чыкпаганын айтып, Кондрашов эле жеткирбесе деп, фельдшеринен шектенди. Эмнеси болсо да, Акопяндын быякка келишин күтпөй, экөөбүз алдын утурлап Бычковдукуна жөнөдүк. Үйгө кирсек Бычков экөө сүйлөшүп аткан экен, бизди көрө коюп, экөө тең тура калып мага честь берип (менин аскердик наамым мунукунан жогору болгондуктан), баарыбыз амандаштык. Күндөлүк түйшүгүбүздөн келди-кетти кайдыгер сөздөрдү айтып, Кабаков экөөбүз шек билдирген жокпуз. Акопяндын оозунан да шектүү кеп чыккан жок.

– Чакыртпай жакшы келдиңер, жолдош капитан бизге бир сунуш айтканы келиптир, ошону угуу үчүн

бөлүкчөлөрдүн башчыларын чакыртайын деп аттым эле. Азыр Коптев менен Богомолов келет, бир аз күтө туралы – деди Бычков. Кабаковду билбейм, мен кооптонуп, жүрөгүм дүлүлдөп келатканда:

– Ничего секретного, серьезного и нового здесь нет[1]. Эртең 25-декабрда католиктердин чоң майрамы: Иисус Христостун туулган күнү экен, ошол жөнүндө өзүмдүн пикиримди ортого салайын, кеңешиңерди угайын деп келдим – деп, Акопян жагалданганда, жүрөгүм ордуна келип, ичимден «өх!» дедим.

А деп, бу дегенче чакырылгандар чогулду. Коптев, Богомоловдор менен көрүшпөгөнүм бир жумага жакын болгон. Коптев фронттук семинарга кеткен. Богомолов менен жанаша туруп эле көр-оокат, жер-оокаттын айынан ары чапкылап, бери чапкылап бирде ал, бирде мен жок болуп жүрүп эле, кезигишпегенибизге ошончо убакыт өтүп кетиптир. Бүгүн алар менен Генштабдан келген коноктorду көргөнсүп учураштым. Деги бирге окуган классташтар, курсташтар да, бирге урушкан казатташтарча ысык болбойт белем. Бороон-чапкын, ысык-суукта бирге ок жеген, кан кечкен, уруштун бардык азап-тозокторун бирге бөлүшкөн, бир дөбөнү чабуулдап, бир чуңкурда корголоп, көп ай бирге өмүр сүрүшкөн жоокер жолдошуң баарынан ысык, сырдаш, муңдаш, кыйышпас болчудай!..

Баарыбыз чогулгандан кийин Акопян өзүнүн оюн ортого салды. Анын билдирши боюнча Польшанын фашисттерден бошотулган территориясында Бур-Комаровскийдин жашыруун уюшулуп аткан армиясын негизинен жоюптурбуз. Бирин-серин калгандары көбүнчө шаарларда, шаарчаларда, кээ бирлери башы ачык дыйкандардын кыштактарында жашырынып, элин бизге жана Польшанын жаңы элдик өкмөтүнө каршы тымызын үгүттөп жаткан имиш. 25-декабрь католик-

[1] Бул жерде жашыруун жана олуттуу жаңы нерсе деле жок.

тердин календары боюнча Иисус Христостун туулган күнү. Поляктарда динге ишенүү өтө күчтүү. Булар тили жаңы чыккан балдарынан өлөсөөлүү чал-кемпирлерине дейре костёлдоруна дайыма барып чокунушат. Ксёндз, кечилдеринин жана башка диний кызматкерлеринин элине таасири абдан зор. Ошон үчүн буларда пролетардык революция ишке ашпай калган. Келе жаткан диний майрамда католиктердин диний такыбалары, чогулган элине кандай осуят айтаарын биз өз көзүбүз менен көрүп, кулагыбыз менен угушубуз керек. Поляк жолдошторубуз аздык кылып атат. Биз аларды костёлдордо өзүбүздүн катышуубуз менен колдобосок, провокаторлор көпчүлүктүн ортосуна чыр чыгарып, эл козголуп кетиши ыктымал. Миколайчиктин өкмөтүнө ошол керек болуп атат. Ал желмогуз андайды факты кылып бетине кармап, бизди жамандап, союздаштарыбыздын ортосунда нааразылык туудурууга эки көзү төрт. Биздин агентуранын кабарлары боюнча провокациядан коопсуз болууга жүз процент гарантия жок. Анын үстүнө Элдик Өкмөт да бул жөнүндө бизден жардам сурап атат деп, Акопян бизден абалды жашырган жок.

Биз анын ар бир сөзүн кунт коюп уктук. Өңгөнү билбейм, мен, баарынан да жакында бизде болгон окуя жөнүндө Акопяндын оозунан бир да сөз чыкпаганына ичимден кубандым. Бычков да шек алдырбады. Кудай жалгап, кара куюн: Баранов, Кабаков үчөөбүздүн төбөбүздөн алыс өткөн көрүнөт? Мен үчүн дагы бир жаңылык, өгүнү Дурдыев мага айткан жашыруун сыр азыр жашыруун болбой калыптыр.

25-декабрда Ванда тоок биринчи чакырганда эле туруп, балдарын кийинтип-жуунтуп дегендей, дүрбөпдарбап үй ичинин тынчын кетире баштады. Алардын дүбүртү менен да күндөлүк убакыттан мурда туруп, мен жолго камдандым. Түндө кыламык кар түшүптүр. Жерге жарык кирди… Асмандан бириндеген сейрек кар

жай калкып, желдин багытына баш ийип, кайып учуп барып түшүүдө. Калың сур булуттар төбөбүздө салаңдап туруп калгансыйт.

Мына Ванда да мурда биз көрө элек кооз кийимин кийип, жакшынакай жасалган эки кызын ээрчитип, өздөрүнүн чакан костёлуна жөнөдү. План боюнча бул жакынкы костёлго кенже офицерлерибизди жибермекпиз, ошого ылайык эртеңки чайыбыздан кийин, биздин Баранов, санчастын Кондрашову, гарнизонубуздагы дагы башка бөлүкчөлөрдүн офицерлери чогулуп, жандарына бирден солдат ээрчитишип аскерче тизилишип тиги костёлго жөө жөнөштү. Бир аз убакыттан кийин Бычковдун машинесине: кабинасына Бычков ачык кузовго мен, Коптев, Кабаков, Богомолов адьютанттарыбыз менен сыйлыгышып отуруп, Любартув шаарына жол тарттык. Бир аз айыл аралаган жол баскандан кийин, Люблин – Любартув даңгыр жолуна жеттик. Жол кең болгону менен жолоочу көп. Түндүктөгү Любартувдан түштүктөгү Люблинге, түштүктөн түндүккө эки шаардын ортосунда тынбай чубаган биздин аскерлердин жеңил-оор машинелери, күжүрмөн техникасы кымгуут. Аларга аралаш түрлүү арабаларда майрам кийимдерин кийинген поляктар бирин-бири кубалап өтүүгө шашкалакташат. Булардын көбү бизге окшоп костёлдорго баратканы кийимдеринен, ат-араба жасалгаларынан эле билинип турат. Ошонун айынан жарым сааттык эле аралыкты бир сааттай убакытта басып, шаардын ичке көчөлөрүнөн кысылышып араң дегенде костёлунун аянтына жеттик.

Шаар эски болгону менен, көчөлөрүнө, аянтына таш төшөлгөн, таза экен. Борбордук аянтын ургундай эки кабат үйлөр курчаган, чет жакалары көбүнчө бир кабаттуу кызыл кыштан курулган үйлөр. Учурмалары черепицалар менен жабылган.

Аянтта машине коёр бош орун калбаптыр. Машине, мотоцикл, велосилед, түрлүү-түрлүү чоң, кичине, ачык

чүмбөттүү, кабиналуу жалгыз, эки-үч ат чеккен, ар кандай түргө сырдалган арабалар, жол басып, кызып келген аттардан чыккан буулар аянтты чала-була жөө туман чалгансып көрсөтөт. Айланаңды карасаң, көчөлөрдү шыкаган унаалардын аягы басыла электей.

Аянттын так ортосунда төрт кырдуу таштардан курбулантып тизилген пайдубалынан асманга заңкайып көтөрүлгөн, батыштан чыгышты карай чубалган чоң костёл. Литвада Алексненяй аймагындагы мен көргөн костёлдон кеминде үч эсе чоң, кеңири, бийик. Чатырчасы учурма тик. Анын эки учунан бир нече кырдуу эки мунара асманга созулуп, улам ичкерип отуруп учтары найза сыяктуу болуп, алардын учуна крест орнотулган. Мунаралардын бел курчоосу ченде терезе, эшиктери көрүнөт, ичинде килейген коңгуроолор асылып турат. Алар аңгырайт. Үнү капкайда угулат. Костёлдун батыш, түштүк, түндүк тараптарында капкалар. Эл күргүчтөп батыш капкадан кирип атат. Капканын алдында пайдубалдын курбуларында, тектирлеринде кудайы-садага сурап мунжу, кары-картаң кайырчылар отурушат.

Элдин агымы менен кошо чубуруп биз да батыш капкага жөнөдүк. Бизге эскерткендей, алдыбыздагы капталыбыздагы поляктар эмне кылса, ошону туурап барабыз. Кайырчыларга садака таштадык. Кире бериште экиден шам сатып алдык. Шамы ичке, карандаштан бир аз эле жоонураак. Босогону аттаарда тумактарыбызды колубузга алдык. Капкадан киргенден кийин, костёлдун ичи күүгүм экен. Алдыбызда бир текчеде күйүп турган шамдын отуна колубуздагы шамдын бирөөнү тутантып, оңго бурулдук.

Иши кылып, белимчи кемпирден бетер, көргөнүбүздүн баарын кайталай бердик. Булардын салтын жалгыз эле мен билбейм го десем, берки жолдошторум деле, христианин попу менен католиктердин салтын, жорукжосундарын билишпейт экен. Анын үстүнө бала кезде-

ринен бери атеисттик тарбияда болушуп, чиркөөлөргө барбай, далай ырым-жырымдарын унутуп калышыптыр.

Оңго бурулул эки-үч кадам шилтегенден кийин бир укмуштуу ажайып нерсеге кабылдым. Кадимки эле музейдеги көрүнүш! «Музейдеги көрүнүш» дегеним мен согуштан мурда аспирантурада окуп жүргөнүмдө Кыргызстандын край таануу музейинде да илимий кызматкер болуп иштегем. Ошондо музейдеги экспонаттарды көрүүчүлөргө кандай жасалгалап, жайгаштыруу ыкмаларын үйрөнгөн элем. Мына эми согуш маалында, өз жеримден беш миң километрге жакын чоочун жерде, эсимден чыгып калган элестерди кайра көзүм менен көрүп турам.

Костёлдун бир түркүгүнүн түбүнө чөп алачык жасап, ичине майда электр шамдарын бүлбүлдөтүп койгон. Аларга кошумча костёлго киргендер жандырып койгон мом шамдардын созолонгон ичке жалындарынын үлпүлдөгөн жарыктары. Мен да колумдагы жарык шамды тигилердин катарына койдум. Алачыктын ичин абайлап карасам, төрүндө, оң бурчуна жакын жерде, бизге соорусун салып, сол колун жазданып жылаңач денесине белинен ылдый чөп жабылган жаш аялдын чоң куурчагы жатат. Жазылган чачы ийнин, далысын жапкан. Анын көкүрөгү тушта жаңыдан төрөлгөн кызыл эт баланын куурчагы. Көптөгөн икондорго түспөлдөштүрүп, аялды азирети бүбү кыз Мариям деп таанууга оңой. Анын жанындагы ымыркай – жаңы төрөлгөн Иса пайгамбар же христиандар атагандай Иисус Христос экени – бул музейдик экспонаттар анын төрөлгөн күнүн элестетип атканы, бирөө айтпаса деле таасирдүү түшүнүк берди мага. Ал эми бүбү Мариямдын сырт жагында жаткан ак козунун бул жерде кандай тиешеси бар деп ойлонуп, жанымдагы жолдошторумдан сурайынчы деп, эки жагымды карасам алардын эч кимиси көрүнбөйт. Айланам бүт чоочун, майда мектеп балдары. Буларды ээрчиткен

ак жакалуу кара чепкенчен кечил, балдарды атайын бул жерге алып келип, Иисус Христостун төрөлүш тарыхы тууралуу сабак өткөргөн жатыптыр. Сакал-мурутун кырынган, мен куректуу жаш неме экен. Уятымды коюп, кечилдин чоочундугуна карабай, козунун жайын андан сурап калдым эле, орус тилин чала түшүнгөн неме экен: «пшепшошем пане»[1] деп, колунан келишинче орусчалап, көбүнчө өз тилинде далай немелерди айтты. Ошончо сөздөрдүн ичинен: «энеси эс-учун жыйып алгыча бала үшүп кетпесин» деп, Кудай асмандан ак козуну түшүрүптүр. Ал баланын жанына жатып суукtan сактап калыптыр. Кечил буларды жоон, коңур үнү менен коздоп, Инжилден аяттарды келтирип айтып атканда, угуп турган шакирттери ооздорун ачып таң калышты, а мага жеткени, бар болгону жогорку түшүнүк. Алда тил билбегендин кордугу ай! Алачыктын төбөсүндө салбырап илинип турган дагы кыйла куурчактардын, сүрөттөрдүн маанисин түшүнө албадым. Христиан дининин тарыхын билбесең, поляк тилин билгениң менен түшүнүүгө анча жардам берип жарытучудай эмес. Мен болсо, христиан турмак өзүмдүн ислам тарыхын да билбейм да. Бала кезимде атамдын элге айтып аткандарынан эле эсте калгандары болбосо, окуганга кайсы убакыт, кайсы шарт болду? Жашырып, жашыруун окутуп, эптеп куранга түшүрүп кеткенине миң мертебе ыраазымын! Арбагыңдан айланайын атам!

Бул спектакль мага чоң таасир берип, өзүнө канча тартса да, жолдошторумдан адашканым тынчсыздандырып, көпкө кадалбадым. Кымгуут кишилердин арасынан суурулуп чыга албай эл агымы менен кошо жылып отуруп костёлдун орто ченине жеттим. Ушул жерге келгенде эл чар тарапка тарап, орто бир аз ачылды. Клубдун залындагыдай узун-узун отургучтар. Ар кайсы түркүктөрдүн бооруна илинген икондор, асты жакта-

[1] Орусча – пожалуйста пан, же бизче: кадырыңыз жан болсун, пан.

рында шам орнотуучу текчелер. Костёлдун төбөсүндө да, дубалдарында да ар түрдүү диний темада тартылган сүрөттөр. Туура бет маңдайында, күн чыгыш дубалы жагында театрдын сахнасы сыяктуу тектирде – алтарда, кафедра, анын үстүндө бети ачылган чоң китеп, эки жагында чаканыраак кафедралар. Сахнанын түндүк-түштүк эки тарабында балконго окшогон эки тектирче. Костёлдун ичинде күбүр-шыбыр угулаар-угулбас үн өкүм сүрөт. Отургучтарда тизилип отурган чал-кемпирлер. Баарынын ооздору күбүрөйт, анда-санда оң колунун, сөөмөй-ортондорун чочойтушуп маңдайына, эки ийнине, көкүрөгүнө тийгизип чокунуп коюшат. Бир кезекте ар кыл коңур үнүн аманга созолонтуп орган ойногондо, арт жагымдан, кайдагы бир курбудан хордун үнү кошулду. Артымды жалт карасам, биз кирген капканын түштүк тарабында, тамдын экинчи кабатынын деңгээлинде чоң тектир аянт бар экен. Ошого балдар, кыздар чыгып ырдап атыптыр. Отургандардын баарысы орундунан туруп, басып жүргөндөр токтоп, бүт тунжурап музыкага кулак тосуп, кээси хорго кошулуп ырдап да жатты. Бир маалда музыка токтоп, кафедрага башкы ксёндз алтардын оң кычыгынан чыга калып басып келип, ачык китепти окуй баштады. Окуусунда: «Санта Мария, Иисус Христос... Спиритус» деген сөздөрдөн улам латын тилиндеги бир диний китепти, окуп атканын сездим. Поляктар ксёндздун окугандарын түшүнүшөбү, же мусулмандар окулуп аткан курандын сөздөрүн түшүнбөй эле муюй беришкен сыяктуу болушабы, билбейм? Мен эч нерсесин түшүнгөнүм жок, бирок өкүм сүрүп турган жалпы жымжырттык менин ичиме да бейкуттук, тынччылык алып келгендиктен, мындай атмосфераны бузууга ниеттенгеним да жок. Тек гана кабагымды чытып, көзүмдү сүзүп, бирөөлөргө шек алдырбай, айланамды баамдасам, менин сол жагымдагы узун отургучтан жарданып турушкандардын арасында Коптев тургансыйт. Сүйүнүп кеттим.

Адашпаптырмын «калгандары деле кайда кетти дейсиң? Тегеректе эле турушкандыр» деп санаам тынчый түштү.

Канча муюп, нээт буруп, кунт коюп укканым менен бара-бара сонунум таркап, тажап баратам. Ксёндз жоон коңур үн менен кыраатын келтирип, тыныш сайын тамагын жасап, канча күчөнүп окубасын, сөздөрүн түшүнбөгөндөн кийин, темасын билбеген соң, адамды бат эле зериктирип жиберет экен. Басып кетейин дейм, айланамдагылардан айбыгам, тура берейин дегенге чыдамым жетпей баратат. Ушинтип атып Коптев жакты карасам, ал да мойнун койколоктотуп аткан экен, мени көрө коюп, оң колун сол тарабына жаңсады эле, көзүмдү ээрчитип карасам, анын нары жагында Бычков турат. Анын кебетесин катардагылардын далдаларынан толук көрө алганым жок. Ошентсе да, коңкойгон мурду, көптөрдүн арасынан даанараак көрүндү. Былк этпей турганына караганда бирдеме түшүнөт го?..

Окуу дагы канчага созулду билбейм, бир маалда «Амен» деген сөз угулганда, костёлдун ичин жаңырыкка толтуруп баарысы кайталады. Үч тилке болуп тизилген отургучтун арасынан ачык жолдорго чыгып ксёндздун жардамчылары ичи түтөгөн чуңкур күмүш чөйчөктөрдү чынжыр боолорунан кармап булгалап бирдемелерди айтып, алтардан артка дейре барып, кайра бурулуп «аластап» өтүштү. Түтүнү жыпар жыттанат, чиркин!

Эл кыймылдап, кобур-собур үн. Ушундан пайдаланып мен жолдошторумдун катарына барып кошулдум. Богомалов деле Бычковдун сол жагында туруптур. Жылаң баш турганда аны, сол кулагы мулук немени алыстан таанууга болот эле, бирок ал оң капталы менен тургандыктан жана Бычковдон жапыз, кичирээк болгондуктан, тигинин далдасынан көрүнбөй атыптыр. Биз бир-эки сөз сүйлөшкүчө болбой, дагы музыка башталды. Бул сапар бир тенор жалгыз ырдады. Ага бир кезде бас кошулду, экөө биригии бир аз үн созгондон кийин хор кошулду

эле, залда тургандардын баарысы тигилерди ээрчигенде, үндөрдүн табышынан бүт костёл калтырап, жер чайпалып аткандай сезилди. Жаныңдагылар бакыргыдай болсо, кулагың тунуп, башың айлангандан жер көчөт. Өңгөлөрдү билбейм, мен, күркүрөгөн чагылгандуу булут өзү менен кошо алып учуруп бараткандай болуп, сол колум менен Коптевдин жеңин кармай калдым. Акыры өзөндүн ташкыны тартылган сыяктуу күркүрөгөн, чыйылдаган үндөр бара-бара басаңдап, бириндеп созулуп отуруп, аягы уңшуган жалгыз ичке үн костёлдун төбөсүнө житип тынчыды.

Поляктардын Кудайга мунаажат айтып, Иса пайгамдардын төрөлүшүн даңазалашы өздөрүн гана эмес, православие диний ишениминдеги жолдошторумду да канат күүлөткөнүн, алардын ачылган чырайларынан байкадым. Поляк эли орустардай эмес, өтө динчил экенин көрүп ишендим. Балким октябрь революциясынан мурда орустар деле ушундай динчил болгондур, ким билет? Бирок окуган адабиятыма караганда, орустардын арасында динсиздер илгери деле көп болуптур. А бул поляктарды карачы! Костёлдо кимдер гана жок! Чалдар, кемпирлер, жигиттер, келиндер, балдар, кыздар, байлар, жардылар (кийимдеринен белгилүү болуп турат), жарандар, аскерлер! Баарысынын жүздөрүнөн үмүт, мунаажат, топук, ырайымдын шоолалары чачырап турат. Булар Костёлго эмне үчүн келгени жүздөрүнөн эле көрүнүп турбайбы. Ой-ой-ой!.. Буларды коммунизмге жеткирем деп, кудайынан ажырата албайсың го! Биз өзүбүздө коммунизм курабыз деп, канча чиркөө, канча мечитти талакалаганыбызды, поп, молдо, сопу, такыбаларыбызды кулак кылып, жеринен, элинен, катын-баласынан ажыратып алыска айдап, кырганыбызды булар укпады дейсиңби? Жаман иш жерде жатпайт!..

Айланама көз чаптырып, адатымча кыял кайыгымды, кыял мухитке калкытып ой-санаа желине айдатып

кирген экенмин, быякка, алтардын сол жагындагы балконго, киши чыгып келгенин байкабай калыпмын. Коптев ийнимен булкканда өзүмө келип, эл бурулган жакты карасам: кызыл-чийкил, кара чач, толмоч жигит кагаздан аппак көйнөгүнүн жакасына кара бантик[1] байланган, сыртына кийген сутанасы[2] дирижердун фрагына окшойт. Ал неме эки колу менен балкондун курбусун мыкчып, көкүрөгүн көгүчкөндүкүндөй дыгдыйтып, кежигесин кежеңдете чиренип туруп, баритон үнү менен костёлдо тургандарга кайрылып, чу дегенде эле шыбыргактатып сүйлөп кирди дейсиң, жөн эле тилинен чаң чыгат. Акыркы музыкадан кийин пайда болгон кобур-собур, шарп-шырп табыштар тып басылып, тунжураган абаны жалгыз эле тиги такыбанын үнү зыңылдатып турду. Мен кулагымды төшөп, бүт ынтам менен байкасам, полякча сүйлөп атат. Үч айдан бери булардын жеринде жүрүп тилдери кулакка анча-мынча үйүр болуп келаткандыктан, көбүн түшүнбөгөнүм менен мааниси кайсы багытка баратканын баамдай аядым. Бул тилди баарыбыздан Богомолов жакшы билет, белорус эмеспи. Бычков да түзүк түшүнөт. Булардын баарысынан поляк тили жагынан «дөдөйү»эле мен. Кабаков да жөөт эмеспи, жөөттүн, баарысы тилге зээндүү келишет. Ал ушул эле үч айлык мөөнөттө менден жашыраак өздөштүрүп келаткан. Давид эмнегедир көзүмө чалынбайт. Аны азыр издөөгө убакыт жок, тургандыр бир жерде. Эртеден бери биздин күткөн мөөнөтүбүз келди. Бизди быякка үгүт сөздөрдү угуп келгиле деп жиберишпеди беле!?

Үгүтчү барган сайын күчөп, чечен неме экен, кээ бир сөздөрдү керип-чоюп, таамайлап, тамшанып сүйлөйт да, башын чулгуп маңдайына түшкөн чачын артына серпип, жылаңач төөнү бучкакка чапкандай кайра таскактатат. Тилине жакшы түшүнбөсөң деле, кебинин кыраат

[1] Бантик – көпөлөк канат кылып, асемдеп байлаган тасма.
[2] Сутана – католик попторунун сый чапаны.

магниттей тартып, сыйкырчыдай көзүңдү байлайт. Ксёндздор үгүтчүлөрүн атайын тили таттуулардан тандап, машыктырышат белем?..

Атаганат, биздин идеологдорубуз деле пропагандисттерин, агитаторлорун, лекторлорун тили так, билими чоң адамдардан тандап машыктырса кана?! Бизде кадр тандоодо, кайсы кесипке болбосун, эң башкы критерий – ата тек (алда темирен калгыр-ай!). Качан жоголоор экен? Жээнбек өзүнүн бир катында: «...баягы чулдур Асек азыр обкомдун лекторлор тобунун жетекчиси. Азыр ал чыкпаган трибуна, ал сүйлөбөгөн жыйналыш жок. Жазында бир районго барып, салтанаттуу жыйналышта аялдарды: «шегизинчи майт майамыңай ме-нен куттуктайм» деп катырыптыр» – деп, каңырыгы түтөйт. Кантели, башы таз, тили чулдур болсо да, ата теги таза, адал малдан түгү, эгин-дандан бүдүрү жок батырактын тукуму да! Ал кудай алгырды ошо тилинин тантыктыгынан комиссиядан өткөрбөй, армияга жаратпай койбоду беле. Ой, тобо-о! «Өрдөк жокто чулдук бий, өпкө жокто карын бий» деген заманга келатпайлы?.. Башында анча-мынча мээси, көкүрөгүндө зээни, оозунда тили бар алты саны амандардын баарысы армияга алынып, Ата Мекенди коргоого эл четине, жоо бетине аттанып, намысты колдон тайдырбай, душман менен салгылашып алек болуп атканда, Асек чулдурлар айылында булбул болуп, согуштун каарын тартып аткан элди бирде күлдүрүп, көпчүлүккө күлкү болуп, жоокалатып тура турсун, мейли! Чыдаш керек Жеке, Жоктон көрө жогору!..

Ара-чолодо алагды болуп, өткөндөр эске түшө калат. Бирок чечен лектордун таасири кайда жүрсөң да таап алып өзүнө тартат: «Цервона Армия... вызволение... свенту кшыст... Иезус Кшыстос... нови рок... Радянски Союз... Польска Жеч Посполита Людова...[1] деген сөздөр бир нече

[1] Кызыл Армия... куткаруу... ыйык крест... Иисус Христос... жаңы жыл Советтер Союзу... Польша Эл Республикасы... (полякчадан).

жолу кайталанат. Менин полякча жеткен түшүнүгүм боюнча Советтер Союзуна, Кызыл Армияга, коммунисттик партияга каршы акарат сөздөр айтылган жок. Мактоо сөздөр көп болду. Алкыштар айтылып, Любартув костёлунун жамаатынын, такыбаларынын жана ксёндзунун аттарынан «Кызыл Армия фашисттерди жеңдире көр, Кудурет, амен!» деп Кудайга мунаажат кылып, костёлдо тургандарды чокунтту да, эшигин жаап, балкондон кайып болду.

Эл дүрбөп, орундарынан туруп, такыба католиктин «аменин» кайталап чокунуп атканда тике алдымды карай калсам, далысын салып алдымда Гражина[1] турат! Башында, үстүндө баягы мен акыркы жолу көргөндөгү кийими. Өз көзүмө өзүм ишенбей, бүткөн боюм ымырчымыр болуп, эмне кылаарымды билбей, аптыгып калдым. Эки көзүм анын желкесине кадалды, Арбаган жыланга окшоп, канчага селейип турганымы билбейм, бир кезде ал бир бутунан экинчисине солбуп, мойнун толгоп артын караганда, көзүбүз көзүбүзгө урунду. Жүзү да арыкчырай ошол эле Гражинанын өзү! Эмнегедир көзү чоочун. Мен «добже диена пани Гражина!» деп күбүрөгөнчө болбой, тескери карап кетти. Баягы Гражинанын көп кыймылдарынын бирөөнү да көрө албадым! Аңгыча болбой, костёлдун бардык капкалары ачылып, калк сыртка чубай баштады. Мен жолдошторумду унутуп, келиндин артынан ээрчидим. Ал алдымда өзү курактуу бир аял менен катар басып, өздөрүнчө кобурашып, түштүк капка аркылуу сыртка чыкты. Мен анын согончогун чала басып, артынан ээрчип барам. Сыртта кар мурдагысындай эле сейрек себелеп, күн бүркөк болгону менен, костёлдун ичине караганда кыйла жарык. Аялдар таш аянттын курбулары менен абайлап басып, ылдый түшө баштаганда мен алар менен катарлаша калын: «пани Гражина?» десем, мени жалт карады эле, бетиндеги сепкилдери да, Гражинаныкындай экен.

[1] Кайырдуу күнүңүз менен, пани Гражина (полякчадан).

– Пшепшошем, пан майож[1] – чоочуркаган түр менен, бирок акырын сылык жооп берди. Мунун сылык сөздөрүнө дайынсыз жоголгон жогум, кайра табылгандай боорум эзилип, кубанычым кучагыма батпай, салам берип колун күтсөм, ал сунган жок. Мен ага бул жакка качан келгенин, кайда туруп атканын Юриктин ден соолугун орусча сурап, жанаша экинчи курбудан жөлөй түшүрмөк болуп чыканагынан жөлөдүм эле, колун булкуп, тепкичтен шашып түшүп, кадамын ылдамдатты. Мен да ылдамдап басып, аял эмеспи, «көптөн бери кайда жоголдуң» деп, кылыктанып атат го деген ойго келип, актанып, шартымды айтып, чөнтөгүмдөн оттукту алып, атайын көрсөтүп жандырып, асты-үстүнө түшүп жапаландасам, Гражинамдын баягы жайындагы мамилелеринин бири да жок! Бир аз токтоло калып, мага жүзүн буруп, мостоюп туруп:

– Пшепшошем, пан майож може по польскому мовити, або пани не разуми по русицкему[2] – деп, кара көзүн бакырайтканда, денеме муздак суу сепкендей болуп соолугуп көзүмдү ачып, жакшылап тиктеп караганымда, катамды түшүндүм. Гражинанын көзү көк эмес беле!

– Извините пани!..[3] Оозуман бар болгону ушул сөздөр чыкты. Ээсинен адашкан иттей болуп, шалпайып туруп калдым. Эки аял мага бир аз таңыркагансып карап, анан өздөрүнчө шыңкылдашып, өтүп бараткан көпчүлүккө аралашып жоголушту. Дегдеген делебем тоңуп, шаабайым сууп түшүмдө көрүп жүргөн Гражинадан, анын кебетелешин көрүп, биротоло түңүлүп, көңүлүмдү алагды кылып, алдап жүргөн анын белегин – оттукту уучума мыкчып-мыкчып туруп бутумдун астына таштап, наалылуу өтүгүмдүн такасы менен былжырата басып, алданган ызамдын өчүн алып атсам:

---

[1] Кечириңиз, пан майор (полякчадан).

[2] Кечириңиз, пан майор полякча сүйлөй алабы, анткени пани орусча түшүнбөйт (полякчадан).

[3] Кечириңиз, пани (орусчадан).

– Эмне таптың доктор, кыштын күнү жылан бар бекен ал жерде? – деген Коптевдин тамашасы угулду артымдан. Кылчайып карасам, жалгыз эле ал эмес, жолдошторумдун баарысы келатыптыр. Алар мени костёлдон чыгып бараткандa эле байкашып, адашып калбас үчүн артымдан жүрүп олтурушуптур. Поляк кыздан боз ала болуп ажыраганымды, ага чыдай албай жер тепкилеп тыбырчылап атканымдын баарысын өздөрү көргөндүктөн, менин аларга кайталоомдун кажети болгон жок. Анысы, кудай жалгап, ичимдеги жалындуу чоктун ызалуу түтүнүн оозумдан буруксутуп чыгаруу кыйноосунан куткарды. Тебелегеним эмне экенин да байкабай калышыптыр.

Ошентип, жолдошторум Польшанын Любартув шаарынын чоң костёлунун аянтында менин поляк кызы менен таанышуу миссиям бүткөнүнүн гана күбөсү болуп, негизги ызам буларга жабык бойдон калды.

Кайтып келатканда жолдуката бүгүнкү костёлдо көргөндөрүбүздү, уккандарыбызды ар кимибиз ортого салып, кимибиз эмнени канча түшүнгөндөрүбүздү айтып, поляктардын абдан күчтүү экенин, диний кызматкерлери, такыбалары калкка өтө таасирдүү экенин алар Кызыл Армиянын иштерине ыраазылыгын, Совет өкмөтүнө көрүнөө каршы эместигин, ошону менен катар биздин мамлекеттик түзүлүшкө кызыкпастыгын бир добуштан белгиледик. Жыйналган жамааттын түрүнөн деле, такыбаларынын үгүт-насыят сөздөрүнүн кырааттарынан деле бизге каршы шыбыш сезилген жок. Демек, деги эле ичтеринде бизди канча жаман көрүшпөсүн, кол кайтарууга шайы келбесин түшүнүшкөн болуу керек. Анын үстүнө, кызыл аскерлер булардын жерине келгени жарым жылга жакындап баратса да, жергиликтүү калктын кылдай нерсесине кара санабай, немистер сыяктуу зомбулук кылбай, бардык жардамдарды берип, жаңы жаш Өкмөтүн колдоп атканыбызды көрүп атпайбы. Миң

уккандан бир көргөн артык дегендей, илгертен бери Совет мамлекетин мокочо кылып сүрөттөгөн жат үгүттөр кулактарына канча сиңип, көкүрөктөрүнө канча катып калса да, азыркы көрүп аткан чындык таасир бербей атат дейсиңби?! Акыры ушундай жыйынтык чыгардык...

**– 5 –**

Католиктердин Жаңы жыл майрамында поляктар менен кошо шарактап, бимбраларын ичип, бири-бирибизге ыраазы болушуп, эми өзүбүздүн Жаңы жылга даярданып аткан элек. Полкубуз аскер, курал-жарак, түрдүү шаймандар менен толук жабдылып, полк командирине, штабга, байланыш взводуна, экинчи дивизиондун командирине жаңы жеңил «вилис»машинелер берилген. Солдаттардын шинелдери, өтүктөрү бүт жаңыртылды. Офицерлердин баарысы жаңы чолок ак тон кийди. Пистолеттен тышкары автомат да асынып жүрө турган болдук. Ат унаалар бүт толукталган. Арабалар жаңы чаналарга алмаштырылган. Айтор, параддан өтчүдөй даярдык көрүп, Жаңы жыл тосууга бака-шака түшүп атканбыз. Келээрки үчүнчү түндө, Кудай буюрса, Жаңы жыл тособуз деп, эми камыбызга киришип, ар ким өз иши менен алек, көбү үйлөрүнө кат жазууда. Мен да аманчылыгымды билдирип коёюн деп, үйгө, энеме кат жазып аттым эле. Капыстан Бычковдун чабарманы кирип, мени полк командиринин ооруk боюнча орун басары чакырып атканын кабарлап, ыс-мыска келбей, эшикти жаап жоголду. Штабка чакырткан экен, барсак полк командири: «Бүгүн кечинде жолго чыгып, эки күндөн калбай позициядан орун алышыбыз керек» – деди.

Кантели!.. Катымда отпускеге баратам деп, мактанбаганым ырас болуптур. Байкуш энем, курулай күтүп куса болмок экен. Эми балээнин отпускесиби?!. Айла жок. Эки түн жүрүп отуруп, Висланын Сандомир шаарынын

тушундагы кашатына жетип, полктун экинчи эшелону чыгыш өйүзүнө токтодук. Биринчи эшелон муз каптаган дайранын аркы өйүзүндө кашаттагы плац-дармдан орун алды. Кашаттын жар боорунан үңкүр казып, 1945-жылдын 1-январын тостук. Жаңы жылды, бул согуш убагында биринчи жолу талаада тосуп атыптырбызбы! Солдат баарына кайыл, солдат баарына дайын. Жаңы жылды ылайым, аман-соо тостурса экен, Кудайым!

Жакын чөйрөдө кыштак же хутор жок, ээн жер экен. Биз жайгашкан кашаттын үстү карагайлуу токой. Анын ичинде деле биздин аскерлер. Кардын калыңдыгы араң кызыл ашыктан келет. Өзөндүн эни 300 метрден ашпайт, бирок кашаттан суунун жээгине дейре жарым километрдей бар. Сайы деле жайдак, анда-санда жерлеринде топ-топ өскөн камыш болбосо, токой көрүнбөйт. Ар түрдүү дарактын дүмүрлөрү эле калган. Жайды жайлай айыгышкан катуу урушта керектелсе керек,.. билбейм? Аркы өйүзүндө деле быяктагыдай кашаттын боорунда кашкулак, суурга окшоп солдаттардын казган үңкүрлөрү, жасаган жертөлөлөрү, башка фортикациялык курулуштар эле болбосо, көзгө урунаар табигый көркү жок суз коо. Оңбогон согуш эмнени гана, кимди гана өз көркүнөн ажыратпады!..

Үч айдан бери согуш табышын укпай, бейкутчулуктун кыныгын ала калган экенбиз, азыр баягы жан алгыч күрсүлдөк-тарсылдактар тыяк-быягыңдан кулагыңды жарып, жүрөгүңдүн үшүн алат. Душмандын бомбулары, замбирек мина бүркүчтөрдүн дүрмөттөрү түшүп жарылган жерлер, кар жамынган коонун таманында, муздун үстүндө, кашаттын секилеринде, боорлорунда кара чуңкур болуп алыстан көрүнөт. Андай чуңкурлар кээ жерлеринде жыш, кээ жерде сейрек. Биз токтогон кашаттан бир аз жогору, өзөндүн баш жагында муз үстүнө жол түшкөн. Ошондой эле жол бизден обочороок оң жагыбызда да жатат. Жолдор кароолдо экени алардын

жээктериндеги карала чуңкурлардан улам байкалууда. Киши таңыркатаар эч нерсе деле көрүнбөйт. Кадимки эле коргонуп согушуп аткан жерлердин кейпи. Эки жарым жыл баскан казат жолумда мындай жерлерди далай көрдүм го! Ошол көргөндөрүмдүн бири экен. Мындайдын көбүн өттүк. Кудай ишибизди ушундай колдоп турса, аз калгандыр. Кудай ошолорду аман көрсөтүп, алардан аман алып өтө көр!..

Полк командири берген мөөнөттө орношуп, жайлашып бүттүк. Кашаттын ыктоо, далда жерлеринде чоло калган жок. Бизден мурда жана кийин келген аскерлер, күжүрмөн техника жөн эле шыгырайт. Жайындагы чабуулда кандай шыкалсак, бул сапар андан да бир кыйла жышыраакпыз. Артыбыздагы токойдо бугуп жаткан танкелер, мотордуу замбиректер, чүмбөттөлгөн катюшалар бытмырдай кайнайт. Пай-пай-пай! Баарынын максаты: кыйратуу, талкалоо, бычыратуу, жанчуу, өрттөө! Албетте душмандын колун! Токто, эселек акылым! Душмандар тарапта мындай курал жок дейсиңби? Ушул мүнөттө алардын жан алгычтары деле үңүрөйгөн ооздорун бизди каратып, жаланып тургандыр?.. Тиги өйүздө, тээ тиги алыста дүкүйгөн кара токойдо канчабыздын ажал шыбагасын камдап турган курал-жарак жок деп ким кепил боло алат?

Кудаанын кудурети. Кайда караба, бардык жерде киши өлтүрүүгө арналган курал. Бул эле жер эмес, майдан талааларында гана тургай, биздин да, душмандын да ооруктарында, гезит-радиолордун кабарына караганда киши өлтүрүүчү машинелердин жаңы түрлөрүн ойлоп тапкандарды, күргүчтөтүп зоот-фабрикаларынан чыгарып аткандарды көкөлөтүп даңазалагандарын кара! Аларга мамлекеттик сыйлыктарды ыйгарып аткандарын кара! Капырай, капырай, кайда баратабыз? Эмне болуп баратабыз? Кишинин өмүрүнүн баркы кумурскача болбой калдыбы?

Э-эй, мүшкүлүң түшкөн дүнүйө! Муну өзгөртүү колуңдан келбеген соң кейип-кепчий бергенден не пайда? Кой, кысыр санаа марытпайт, кысыр тана жарытпайт. Полк командири КПга чакыртып атыптыр, андан көрө дароо барайын, жаңылык угайын, тапшырмасын алайын куру кыялга алдана бербей, башка түшкөндүн көбүн көтөргөм, эми азына айныбай чыдайын! Каргыш тийген согуштун казанына кайнап аткан жалгыз мен эмес. Көппүз. Көп көргөндү көрүп атам. Алардан бөлүнгөндөй менде кандай артыкчылык бар? Баарыбыз бул жакка тойго келген эмеспиз. Эмнеге, эмне үчүн келгенибизди беш колубуздай билебиз. Балакет фашисттер катылбаса, бу жерге кимибиз келет элек? Жапажалгыз эле менде эмес, баарыбызда тыбыраган бирдеме бар. Меники алардыкынан артык эмес! Кудайдын буйругун көрө жатаарбыз?..

Согуштун суук дидарын кайра көрүп, иренжип, сары санаанын узун жолуна түшүп кетип, кейишке малынып алып, кайра өзүмдү өзүм сооротуп, кайрат айтып чыйралып, Чистов чеккен чанага түшүп, КПга жол тарттым. Күн бүркөө. Мындай убакта самолет учпай, асман ээн. Бирок музун кар жапкан тоңгон дайранын үстүнө түшкөн жолдор алаканыңдын сызыктары сыяктуу алыстан эле кашкайып даана турат. Алар артиллерияга, авиацияга абдан жакшы ориентир. Алысты атуучу замбирек, мина бүркүчтөрдүн табылгыс бутасы. Сапарыңдын эң коркунучтуу участогу ушул жолдор. Корксоң да, коркпосоң да, айла барбы, КПга баруу үчүн бул жерден өтүшүң керек. Башка далда жол жок. Башка далда жол жок. Бул жерде үч айдан ашык урушуп аткан аскерлер Буг дайрасын кандуу деп аташат экен. Айрыкча кыш түшкөндөн кийин тайгалак муздун үстүнөн чаржайыт жүрө алышпай, чыйыр салып, чубап өтүшкө аргасыз болгондон бери, кырсык көбөйүптүр. «Кантейин, буйрукту аткарыш керек!» – деп, тобокелге бел байлап, аркыберкини ойлонгуча, жээкке жетип, накта коркунучтуу

участкага келдик. Буга чейин, кудая шүгүр шек билинбейт. Алдыда, жолдун жээкке имерилишинде топ камыш турду эле. Биз жете берерде камыштын ичинен желек булгалаган солдат чыга калып, ат үркүп араң токтоттук! Солдат честь берип, мага келип, документ сурады. Менин жөн жайымды билип, «Жолдош майор, күндүз бул жол менен жүрүш өтө коркунучтуу. Замбиректин кароолунда. Мен силерди жибере албайм», – деди. Мен телефонограмманы көрсөтүп, зарылчылыгымды билдирдим. Солдат кош колун жайып: Өз убалыңар өзүңөрдө» – деп кала берди. Жол ээн. Бизден башка айланада жылган караан көрүнбөйт. «Зарыл ишиң болбосо, Зардалыга барбагын»– деген биздин түштүктөрдүн ылакабы бар. Анын сыңарындай, өтө эле зарыл иш болбосо, бул жолдор менен күндүз ары-бери катташпайт экен. Биз жаңы келгендик кылып, ал тартипти билбейт турбайбызбы. Сактыкта кордук жок дегендей, чыгаарда Бычковдон өзүбүзгө эки маскхалат, аттарыбызга жабуу үчүн эки шейшеп алып, колубуздан келишинче түсүбүздү кубултуп алганбыз. Эми урушта туруш жок болуп, чанабыздын кыр темири музга тийээри менен Чистов атын шапалак менен басып-басып алды эле, анын Төөкулак карасы чананы катуу бир булкуп, чымын-куйун болуп учту дейсиң, такасынан ыргыган муздаңкандар бомбунун чачырандысындай зыркырап, Чистовдун төбөсүнөн алыс ыргып, кээси анын артындагы менин жонума дабырап түшүп атты. Аттын үстүндөгү ак шейшептердин этектери шилияга басрылганына болбой, каздын канаттарындай делпилдейт. Жаныбар Төөкулак биздин чочулаганыбызды түшүнгөн немедей экинчи камчы салдырбай, Висладан жаанын огунан ылдам өттү бейм. Аркы өйүздөгү кашаттын жээгине барып тийгенде, артыбыздан замбиректин эки дүрмөтү дүп этти. Жолго таамай тийген жок – бирөө жетпей, экинчиси өтүп барып жарылды. Бизге чачырандысы жеткен жок. Кудай

сактады! Аман калганыбыз үчүн куштай учкан Төөкулак кара атка, зооттон чыккан таканын тиштерин альпинисттин аткуурундай учтап, атты музда тайгалантпаган Посоховго алкышыбызды бир нече кайталап, кашаттын түбүнө түшкөн жол өөдө, эми жарпыбыз жай алып, жеңил желик менен дагы бир кыйла желпилдедик. Ат жолу бүткөн жерге, кашаттын бир оюгуна Чистовду чанасы менен таштап, бир жыбыттын таманындагы жалгыз аяк чыйырга түшүп, 100-150 метрче өрдөгөнүмдөн кийин, жыраңда аскерлердин карааны көрүндү. Жакындап келсем, күзөтчүлөр экен, мени токтотушту. Жайымды айтсам, пароль сурашып такташты да, андан ары бир солдат мени ээрчитип элүү кадамча баскандан кийин биздин полктун командиринин КПсын көрсөттү.

Жертөлөлөрдүн көптүгүнөн башың адашат. Ар бирөөнө кирген чыйыр жыраңга такалган жолдон тараган. Бир жер-төлөөдөн экинчисине катташуу үчүн да каптал жолдор түшкөн. Жертөлөлөрдү 10–15 кадам аралык калганда гана араң тааныбасаң, ушунча усталык менен жашырып жасагандыктан, байкалбайт. Телефон кабелдери гана бул жерде КП бар экендигин шектендирбесе, башка эч бир сырткы белгилер көрүнбөйт. Эшиктер сыртынан ак чүпүрөктөр менен капталган. Түтүн чыгаруучу морлор да көрүнбөйт. Кирип барсам, подполковник Иванов, майор Несговоров экөө текчеге жайылган картага үңүлүп карап атыптыр. Радист кулагына уктургуч кийип, алардан обочороок, төркү оң бурчта отурат. Эшиктен кирген желдин илебине чырагынын жалыны желпилдеп кетти. Мен тартип боюнча честь берип, буйрук боюнча келгенимди билдирдим эле, Иванов менин рапортумду бүтүртпөй, ден ссолугумду шашкылап сурап, амандыгымды билгенден кийин:

– Кечирип кой, доктор менин сага качан келишиңди эскертпегендигим үчүн. Бул жакка күндүз каттоого командалоочу тыюу салганын жаңы келгендик кылып,

этибар албаптырмын. Аткылаган жокпу? Биз түнүчүндө келип жайгашып, кыяматтын кыл көпүрөсүн байкабаптырбыз. Мурдагы күнү бир полк биздин өөдө жагыбыздан күндүз Висладан өтөм деп, көп зыян болду. Артилериянын койгулагына калып, муз жарылып, курал-жабдыктары, унаалары, техникасы сууга чөгүп, аскерлеринен кыйла чыгым чыкты. Сен азамат экенсиң, энеңден тончон түшүпсүң! – деп сүйүндү!

Мен жолдо көргөн-билгендеримди эмне кылгандарымды кыскача айтып бергенимден кийин, подполковник да, санаасы тыңгылыктуу болуп, «отур!» – деп белги жаңсап, эмне үчүн чакырганын айта баштап, Несговоров картанын кээ бир жерлерин карындаш менен белгилеп, бүктөп, планшетине салып атканда, жакын жерден замбиректин огунун жарылган табышы чыкты. Жертөлөнүн төбөсүнөн топурак куюлуп, дубалдары титиреп, чырак жалп өчүп, кулак тунуп эле калды. Оозумду ачып, көзүмдү ачууга үлгүрө элегимде дагы бирөө жарылды. Анан тарса-турса дүпүлдөктөр башталып, канчасы жарылганга санак жетпей, аларды санамак турсун, жанды катаар жер таппай, ар кимибиз өз башыбыз менен алек болдук бейм? Өңгөнү билбейм, өзүм ошондой алааматты мбашымдан өткөрдүм. Каапыр мындайга далай эле какабылдын, деги көнө албай койдум. Өңгөнүн көбүнөө эле көндүм. Желмогуз согуш эмнеге гана көндүрбөдү? Эмнени гана керсөтпөдү? Балким кишинин табигый турпаты тубаса ушундайдыр? Деле ушуга көнбөдүм. Ар ир жарылган дүрмөттүн табышы мээме казык каккандай такылдап атып, бир оокумда жымжырт боло калды эле, кулагымдын чурулдагы үзгүлтүксүз созулган паравоздун үнүнө окшоп чууга айланды. Көзүмдү ачсам, жумулгандагысынан айырма жок. Дагы эле жарк-журк, учкан чаар чымын. Көзүмө доо кеткен экен деп чочуп, айланамды карасам, бир жылчыктан жарык көрүндү. Көзүмдү токтотуп байкасам, жертөлө-

нүн майдан талаасын кароочу «терезе» экен. Тарсылдак басылганданбери канча убакыт өткөнүн билбейм, бир маалда жертөлөнүн ичинде кыймылдар пайда болду. Үн кармоого кулактын чамасы келе элек, чуулдагы басыла элек. Майор Несговоровдун мени кармалаганынан, мен селейип ордуман жылбай отура бергенимди байкадым да, уялып тура калдым.

Үстүбүздү күбүнүп, радист чырак жандырын, бирибирибизди карап, соо калганыбызга кубанып кайра ордубузга отуруп атканда, радист бирдемелерди трубкасына кыйкырып, анан подполковникке карматты. Менин кулагымдан дагы эле чуу кете элек. Иванов кыйкырып бир аз сүйлөшүп, трубканы кайра радистке берип, Несговоров экөөбүзгө кайрылып:

– Майор Дурдыев экен. Биздин амандыгыбызды сурап атат. Биздин биринчи траншеяга да артчабуул жасап көрүшүптүр немистер. Кечээтен бери булардын артиллериясы күчөп калды.Бүгүн биздин КПнын аймагын экинчи жолу койгулакка алышты. Шайтандар бирдемени сезип атышат окшойт, – деди.

Менин кулагымдын ичи ачылып, сөздөр даана угулуп келатат. Подполковник эчтеме болбогон немече кайра эле иш үстүндө. Телефон аркылуу биринчи дивизиондун командири менен сүйлөштү эле алар жак тынч экен, «анда-санда ок бүрккүчтөр эле кайым айтыша калганы болбосо, бейкутчулук» деп, подполковниктин көңүлүн улап атат оңбогон какшыкчыл Цагарейшвили. Аңгыча жертөлөгө байланыш офицери кирип, өткөн артчабуулдун кесепетин полктун командирине айтып берди. Биздин тегерегибиздеги аткычтар, артилеристтер, танкисттер, полкторунун жана башка кыйла бөтөнчө бөлүктөрдүн байкоочу, команда берүүчү пункттарын атайын топко байлап согушуптур желмогуздар, чоң түйүн бар экенин даана билишкен көрүнөт, шайтандар? Эки КПГА дүрмөт таамай тийиптир, бирок жертөлөлөрдүн

төбөсү шырыктар менен узун-туура, каршы-тершисинен бир нече кабат кылып жабылгандыктан толук теше албай, ичиндегилери аман калыптыр. Зым тартып жүргөн байланышчылардан жертөлөлөрдүн сыртында, траншеяларда жумуш жасап аткан аскерлерден 3–4 киши өлүп, 7–8 жарадар болуптур. Алардын ичинде биз такоолдоп аткан аткычтар полкунун командиринин орун басары бар. Жарадарларды чогултуп атышат. Биздин полкто кудай жалгап чыгым жок деп терип-тепчип айтып, баарыбыздын санаабызды тындырып, чыгып кетти.

Полк командири өзүнүн негизги иштеринен мага алаксып, мени менен сүйлөшөөрдө, немистердин каргашалуу артчабуулу башталып, сөзүбүзгө жолто болгонуна наалып, эми араң оюнун нугуна түшүп, мени эмне үчүн чакырткан себебин айтты:

– Бүгүн эртең менен да азыркыдай артчабуулду биздин биринчи дивизион жайгашкан аймакка жасашканда, бизден бир аз чыгым чыкты: бир солдат өлүп, үч жоокер жарадар болду. Үчөөнүн бирөө сенин кызматкериң-дивизиондун вет-фельдшери лейтенант Звонников бутунан жарадар болуптур. Түз эле эвакогоспиталга жөнөттүк. Ордуна киминди коёсуң? Ушуну кеңешейин деген элем. Кечинде кел деп эскертпегендигим үчүн айыптуумун дебедимби, кийин эсиме түшүп айттырдым эле – сен быякка жөнөп кетипсиң. Биз бул жерде канча тураарды жогоркулар билишпесе, мен билбейм. Бул жерге түнөгөнүбүзгө бүгүн түндө он үчүнчү түн болот. Немистерге бута болуп эле көпкө тура бермек белек?! Канча кечиксек, ошончо зыян. Алакандай плацдармда адам басып жүрөөр бош жер калган жок. Кандайдыр каңгып келген дүрмөт жерге түшпөй, кишинин башына түшө турган болду. Кудай жалгап, күн бүркөк болуп, самолёт учпай атканын айт. Кырк биринчи, кырк экинчи жылдары жыгач менен топурактан курулган жертөлөлөрдү коюп, темир менен цемент ширетилген чептердин, ДОТ,

ДЗОТтордун ташын талкан кылган немистин самолеттору азыр абайлап учуп калганын кара! Болбосо, кокус авиа чабуулга кабылсак жертөлө турмак, жер түбүндө жатсаң да соо калыш кыйын...

Эртеден керээли кечке согуштун күндөлүк түйшүктөрүнө баш катырып, ойдо жок жоруктарга кабылып, алардын маселесин чечем деп, ою бир жерге чогула албай, мээси чар-жайыт иштеп чарчаган болсо керек, кайран командирдин. Эми, мени көргөндө, ою бир жаңсыл багыт алып, азыркы абалынан алаксып, улам-улам алыстап, өз суроолоруна өзү жооп берип, мага кезек бербей көпкө сүйлөдү. Мен да арасына кыстарылбай, «жоокалап мээсин эс алдырсын» деп муюп угуп турдум, бирок ойноктогон көзүм тынч тура албай жертөлөнүн ичин бир сыйра чабыттап чыкты. Сыягы, бул биздин полк келе электе эле жасалган окшойт...

– Мына ушундай акыбал, доктор, – деп Иванов сөзүн бүтүрүп, менден суроо күттү. Мен тактоо үчүн суроо бердим:

– Канча күн бар, жолдош подполковник, чоң «тойго» чейин?

– Билбейм, доктор!

– Звонников өлүп калбас бекен? Байкуштун эки кичинекей баласы бар эле, сүрөттөрүн чөнтөгүнөн түшүрүүчү эмес.

– Мен өзүм көрдүм, тулкунда жара жок. Жарасы оң бутунун кызыл ашыгынын үстүндө экен. Дүрмөттүн сыныгы жото жилигинин башын талкалап кетиптир. Куурагыр буту менен коштошот го, – деди Несговоров.

Мен бир аз үндөбөй туруп, акыры, көптөн бери ойлоп жүргөн варианттарымдын бирин айтуууга мажбур болдум. Ал вариант – өзүм болучу. Айла канча? Кысталыш акыбал келсе, жоопкерчилигине ант берген ар бир аскер, кызматынын чоңдугуна, даражасынын бийиктигине карабай, патриоттук милдетти баарынан жогору коюш керек да.

– Жолдош подполковник, эгер убакыт тыкыр болсо, Звонниковдун кызматын убактылуу аткарууга өзүм даярмын!

– Өзүңдөн башка карамагында адистериң жокпу? Жүрбөйбү бир улук лейтенантың.

– Жолдош подполковник, ал өз ордунда. Ветлазареттин иштерин абдан жакшы билет. Алдыда, менин түшүнүгүм боюнча, лазареттин иши көбөйгөнү турат. Мен улук лейтенантка ишенем, ал жанын таштап иштейт. Сиз мага уруксат берсеңиз, мен Звонниковдун милдетин аткарайын,– деп, дагы кайталап туруп алдым эле, полк командири мага жооп берүүнүн ордуна Несговоровду карады. Майор мага кайрылып:

– Доктор, азаматсыз! Өз ишине берилген патриют деп ушуну айтыш керек! Жолдош подполковник армиянын штабына заявка жиберели, андан жооп келгиче, майор Байсаловдун өтүнүчүн орундатышыңызды суранамын, – деп, Несговоров мени толук колдогондо, полк командири да менин чечимимди жактырып, далыга чаап:

– Жакшы болот, бүгүн өзүңдүн кошуунуңа барып, иштериңди жайлаштырып, фельдшериңе бардыгын табыштап, таңга жуук жол коркунучсуз, мөөнөтүнөн кечикпей кел. Дивизион күтүп алат, – деп, Несговоровго буйрук жазууну тапшырды.

Менин маселем бир жаңсыл болгондон соң, подполковник мени кеч киргиче жолго чыгууга тыюу салып, радистине бурулуп, кошуна полк командирлери жана башка аскердик бөлүктөр менен байланыштырууну буюруп, алар менен табышмактуу, өздөрү гана түшүнүүчү тилде эжелеп сүйлөшүп атты. Алды жакта, душман менен тирешип турган жакта, ар кайсыл жерлерде, анда-санда ок бүркүчтөрдүн, автоматтардын тыртылдагы угулууда. Колу бошоп калган радист ордунан туруп, ирегe жактагы бурчта жыйылып турган көмүр брикеттеринен үчөөнү алып, чоюн мешке солоду. Брикет мен

мурда көрбөгөн жаңылык. Колума кармасам, формасы ордонун абалагындай, түсү каракүрөң. Бала кезимде энем баштыгына катып, чекесинен бычак менен кесип, ташчайнегине салып демдеп жүргөн таш чайга окшоп катуу, чымыр, оңой менен упурабаган неме экен. Меште койдун көңүнө окшоп чолок жалын чыгарып күйүп атат. Колума бир брикетти кармап, подполковникке жолто болбос үчүн, пас үн менен Несговоровдон бул эмне деген неме, кайдан алдыңар деп сурасам, ал мунун жайын айтып берди. Ташкөмүрдүн талканын, тозоңун желимдүү суюктукка умачтап, калыпка куюп, ныктап катырып жасайт,– деди.

Жайында биздин аскерлер плацдармды алып, коргонууга өткөндө эле Биринчи Белорус фронтунун инженердик аскер бөлүктөрү бул жерге фортификация[1] курганда, кыштын камын көрүшүп, отунду да даярдап коюптур. Биздикилер даяр жертөлөдөн орун алышыптыр.

Аны муну чаржайыт сүйлөшкөнчө, кыштын бүркөк чолок күнү да иңирге айлана баштады, мен полк командиринен улуксат алып сыртка чыксам, көз байланайын деп калыптыр. Күзөткөн солдаттардын бирөө мени жыбыттын таманындагы жолго дейре жеткирип келди. Андан Чистовдун чанасына жеткиче дагы бир топ аралык бар. Жолдо өзүмө окшогондорго кошулуп, жалгызсырабай, көңүлдүрөөк басып отуруп чанама жеткенде каш карарды.

Чистов кургурум сарсанаа болуп бүтүп калыптыр. Көк муштум болуп колу камтууга келбей, атынын жанында бийлеп туруптур.

– Аман-эсен барсызбы, жолдош начальник?! Оюма эмне гана келген жок. Күндүзгү дүпүлдөктөн бу жерде туруп менин жүрөгүм түшүп кала жаздады. Анын үс-

[1] Фортификация – согушта колдонулуучу коргонуу жайлар: окоп, жертөлө, траншея, чеп ж.у. с.

түнө, мынча кечиккениңиз айламды түгөттү эле. Слава богу[1] аман көрүштүк деп күйпөлөктөп, байкушумдун кубанганычы!

Муз жол кечинде, түндө кадимки чоң жолго айланат экен. Каршы-терши өтүп аткан арабалар, чаналар, автомашиналар, атчандар, тизилген жөө солдаттар. Танкелер, трактырлар гана көрүнбөйт. Муз көтөрө албайт деп алар үчүн атайын пантон көпүрөлөр жасалса керек?..

Согуштун коогалаңдуу табыштарын артыбызда калтырып, Висланын чыгыш өйүзүнө аман-эсен өтүп, өз кошуунубузга жеткен маалда түн жер үстүн толук каптап, саат 20 болду. Баарысы аман, постулар өз орундарында кыраакы күзөтүүдө.

Келээрим менен бизди күтүп аткан даяр тамакты ичип атып, Барановго, Посоховго болгон иштин жайын айтып бердим эле, Баранов кийлигишип:

– Эмне үчүн мени жибербейсиз? Сиз начальниксиз, Сиздин постуңуз бул жерде эмеспи! – деп өзүнүн чын ниетин билдирип, Звонниковдун жарадар болгонуна кайгырды.

– Командирдин буйругун, Александр Михайлович, талкуулоого болбосун өзүң жакшы билесиң,– чоңдук эмес, достук кыраат менен сүйлөөгө тырышып,– анын үстүнө, айтканың ишке ашпайт. Кеч болуп калды,– планшетимден сууруп, Несговоров жазган буйрукту алдына таштап койдум. – Андан көрө, жолдош улук лейтенант Баранов – официалдуу командирлик кыраатка өтүп, – ушул сааттан тартып,– колумдагы саатты караганымда, ал да өзүнүкүн карады,– полктун ветчастынын бүтүндөй жоопкерчилиги Сизге жүктөлөт. Баарысына устав боюнча жооп бересиз. Казатта ар түрдүү кырдаал кезигиши ыктымал. Күндүр-түндүр тынбай жол жүрүшүбүз да мүмкүн. Жолдо баратып, керектен чыккан унаалардын ордуна олжого түшкөн аттарды же жергиликтүү калктын жылкыларын пайдаланышыбыз да мүмкүн. Аларды

[1] Кудайга шүгүр!

дароо такалаш керек. Ошондуктан старшина Посоховду өзүм менен кошо биринчи эшелонго аламын. Сержант Чистов – менин ординареним, бүгүндөн баштап Сиздин карамагыңызга өтөт. Бул жакшы солдат. Таарынтпай, жакшы күтүп алышыңызды өтүнөм!– деп сөзүмдү аяктаганымда, жанатан бери аянычтуу сезим менен угуп аткан Чистов көздөрүн бакырайтып:

– Как, товарищ начальник! Я от Вас не отстану. Это мой воинский долг[1],– деп ордунан тура калды.

Менин кийинки айткандарым, экөөбүз күн бою бирге болсок да, Чистовго башка чапкандай угулду окшойт. Айтаарын айтып алып, ичим ооруп, өзүм ыңгайсыз абалда калдым. Ка-ап! Мен чын дилим менен ага жакшылык тилеп, боорум ооруп, бала-чакалуу байкуш, кандуу казаттын экинчи эшелонунда аманыраак калаар бекен деп ойлосом, ал мени каркыттап, кайтарып жүргөн турбайбы.

– Азамат! Санаалаш, тагдырлаш деп ушундай адамды айтыш керек! Эки дүйнөдө тең ыраазымын сага, Ефим! Сеники да чын, меники да чын, Ефим! Ошондуктан командирдин начальниктин сөзү – закон! Кысталыш кырдаалда – андан бешбетер! Демек, бул сапар, убактылуу болсо да ажырашыбыз керек. Кырдаалдын талабы ушул, Ефим. Жаңы фельдшер келгиче экөөбүз, сыноодон өткөн жоокер катары, эки бөлүкчөнү тейлейли! Сен, Александр Михайловичке мында, Посохов мага тигинде тыңгылыктуу жардамчы болуп бергиле! – дегенимде:

– Мен кайда болсо даярмын! – деди Посохов.

– Вандадан ажырагандан бери бул абдан шайдоот болуп калды. Көп жылдык жүгүнөн жеңилдеген окшойт,– деп, Баранов аны тамашаласа:

– Солдат башым эмнени гана, кимди гана көрбөдү. Баарына көнгөн чоюнбаш! Финляндияда, Балтикада, Белоруссияда, Польшада кандай гана чүрөктөй марталар,

[1] Кантип, жолдош начальник! Мен Сизден калбайм. Бул менин аскердик милдетим.

маргариталар, коханалар, вандалар, берталар, герталар калбады, жолдош улук лейтенант,– деп, Барановдун калжыңына катыра жооп берди,– солдат көрбөгөн эмнелер бар? Чөнтөгүм куру болгону менен, көөдөнүм толо гарем!

Мунун курч жообуна ыраазы болуп, баарыбыз күлдүк.

Тамактан кийин Бычковдун жертөлөсүнө барып, иштин чоо-жайын айтып берсем, ал чыны менен кейип:

– Коптев биз менен болсун деп, подполковник аны алып кетти эле, эми сен кетип атыпсың, мен ким менен ээлик кылам бүт эшелонго? Жайкыдай абалга кокус туш келип калсак, ким болот жанымда? – деп, өз камына өкүнүп, капа болду. Мен ага: «Сени дос экен деп сырымды бөлүшкөнү келсем, сен өз көмөчүңө эле күл тарткан неме турбайсыңбы? – деп уяткарсам, ал өз аргументтери менен мени сөзгө жыкты. Ал айткандай, чындыгында эле полктун экинчи эшелонунда Богомолов экөөнөн башка эски офицерлер калбаптыр. Кондрашов менен Баранов, канткен менен, экинчи катардагы начальник эмес офицерлер да. Кабаковдун ким экенин толук билиш үчүн дагы далай сыноо алдыда турат.

Экөөбүз бирге өткөргөн куралдаш-курбалдаш убагыбызды калчап-калчап, сырларыбызды төгүшүп, бири-бирибизге аманчылык тилешип, кучакташып коштошуп, мен өзүмө келип, эртең жолду душман аткылай электе өйүзгө өтүп алууну болжошуп, түнөгүмдөн орун алдым. Посохов экөөбүздү жеткирип кайтуу, жолду билген Чистовго тапшырылды…

Түнөк дегеним, Ванданын хатасы же Витебскинин алдындагы Дорфман экөөбүз маңдай-тескей жатып алып, темир-челек мештин жылуу табында жашоо философиясынан диспут[1] уюштурган төбөсү калың жертөлө эмес, кашаттагы жардын түбүн оңой-олтоң оё салып, астына бүчүр төшөгөн, брезент менен жапкан бир суук, караңгы үңкүр душмандын адашкан огунан калкаласа болду.

[1] Диспут – Илимий маселелерди талкуулоо.

Сууктан өзүбүз калкаланабыз, анча-мынчасына кайылбыз! Бул согуш мындан жаман түнөктөрдү, түнөксүз түндөрдү далай эле көрсөтпөдүбү. Мунусуна да Кудайга шүгүр. Ажал үндөрү аркы өйүздө, алыста, кулагыңа араң угулат. Үңкүр да болсо жанга аралжы. Өз үңкүрүмдө бүркөк түндө, чыраксыз караңгыда жатып, эртең сыры белгилүү чакан коллективимди таштап, жаңы чөйрөгө, ажал он эсе көп тооруган чөйрөгө барарымды элестетип, өткөндөрдү эскерип адатымча аларды бир сыйра чубатмадан өткөрүп, көпкө уктай албай алек болдум...

Жер жүзүн топон суудан кем эмес каптаган согуш доорунда үч айлык бейкут тиричилигибиз бүттү. Бирөөнүн элинде, бирөөнүн жеринде өз эркибизче, өз уставыбыз менен, мезгилдин катаалдыгына карабай, жакшы эле тайраңдадык. Поляктардын бимбраларын ичип, кызкелиндери менен «ат жалында казан асып», солдаттык ашыктыктын отуна чогуу малынып, «күндүк өмүрдүн түштүгүнө жорго минип» дуулдаган мезгил да артта калды. Бул мезгил жалгыз эле биздин 33-армиянын аскерлери үчүн ыракаттуу доор болбостон, Польшанын жаңы Элдик Республикасын курууга элинин жаңы социалисттик демократия сезимин ойготууга Кызыл Армиянын таасирдүү жана жемиштүү шарапаты тийген мезгил болгонун болочоктун тарыхчылары да белгилээр?..

Ал эми азыркы абалыбызга караганда, жакында душманга чабуул коюучудайбыз. Ал чабуулубуз качан башталаар экен? Жайкыдай ийгиликтүү болсо, кудай буюрса, бир секирик менен душмандын эски чебине жеткибиз бардыр?.. Ал чек арада илгертен бери курулган коргонуу чептер, сепилдер, орлор, торлор дагы далай түрлүү ажал тузактары бар дечи, бу каапырдын! Алардан бизди шыдыр өткөрө койбос?.. Шайтандар согушканды, анын ыкымдарын жакшы билишет...

Эртең-бүрсүгүнү отпускеге барам деген үмүтүмдү Кудай буюрбай, анын ордуна нымдуу, суук караңгы

үңкүрдү шыбага кылды. Согушка келгенден бери отпуске, ал турмак «дем алыш» деген сөздөр унутулуп калган эле. Польшанын жерине келгенден бери булар кайрадан кулакка чалдыга баштаган. Кээ бир полктордо «офицерлер отпускеге барып келиптир» деген каңшаар бизге да жетип, ал тургай экинчи дивизиондун бир батареясынын командири харьковдук улук лейтенант бир айлык отпускеден жакында эле, биз быякка көчөөрдүн алдында келген. Менин рапортума полк командири макулдугун берип, армиялык ветотделге жибергенден беш күн өткөндөн кийин полк Сандомир багытындагы Висла плацдармынан орун алып, азыркы үңкүрүмдө таңды тосуп күтүп, офицердик чолок тончон, ит имерилишке салып эки тиземди боорума бүктөп, колдорумду тизелерим менен кыпчып, ээгимди төшүмө такап, тумагымды баса кийип, сууктан корунуу менен алекмин. Буюрбаган ашка мурун канайт болуп, отпускем орундалбай, ойрон болгонуна, албетте капамын. Алдымда кандай күндөр күтүп атат? Албетте, кымыз эмес, кыз эмес, кандуу, каардуу согуш күндөрү турат. Бирок төгүлгөн кан, кыйылган жан окшош болгону менен ар бир уруштун өзүнчө өзгөчөлүгү бардыгын, мага окшогон кандим жоокер башынан далай өткөрбөдүбү!.. Аман каласыңбы, майып болосуңбу, же жарык дүйнө менен коштошосуңбу – алдыртан болжоп болбойт, жылас болгурду! Бир чети ушунусу да жакшы болсо керек... Эгер өлөөрүңдү, мертинээриңди мурда билип алсаң, аштан да, иштен да калып, санааркап, сары оору болуп, ажалыңдан мурда азап тартмаксың. Кудайдын башка салганын көрө жатаармын... Жалгыз эле мен бекемин? Ушул эле Висланын өйүз-бүйүзүндө маа окшогон канча миң киши?! Менин жаным алардыкынан артык бекен?..

Чыйрыкканым басылып, денем бир аз көшүлүп келатканда, майор Несговоровдун таанымал үнү кулагыма шак угулду. Аңгыча болбой, өзү да көрүндү. Парадга

жасангансып, чылк жаңы кийинген, жайкы формачан. Менин үңкүрүмө багыт алып, басып келатат. Мен ага алды утур чуркап чыктым. Күн чайыттай ачык, Несговоров күлүндөп, планшетинен кагаз суурup мага:

– Поздравляю, доктор, штаб тыла командующего Артиллерией представляет тебе месячный отпуск, без учета дорожных,[1] – деп, кагаз карматты. Мен сүйүнгөнүмдөн аптыгып, эмне айтаарымды билбей, приказга үңүлүп окусам, чын эле мага отпуске берүүгө генералдын колу коюлган экен... Кубанычым ичиме батпай, айланамды карасам, баары тааныш, өзүмдүн айылым. Короого кирсем, энем сырттагы очоктун тегерегинде бирдеме жасап аткан экен, мени көрө коюп ордунан турам деп, этегин үзө басып, мүдүрүлүп жыгылып бараткандa чуркап келип кучагыма кыстым. Ал мени кучактап, жашын чубуртуп, жалынып-жалбарып, экөөбүз өпкүлөшүп көпкө турдук окшойт. Аңгыча айланабызга айылдагы катын-калач, кемпир-чалдар келишип, баарысы бетимден өбүшүп, балдар көчөдө мени келди деп чуулдашып, заматта эле опур-топур короого батпай кетти. Энтигип, ыкшып жөтөлүп, Алакемпир мойнуман кучактап, жыттап, өпкүлөп энемди менден түрткүлөп болбойт. Энем ал кишини баласы жок деп боору ооруп, эмне айтса көтөрүп кечиримдүү мамиле кылчу эле. Бул сапар да аны жайына коюп, менден оолактап чыга берди. Ал байкуш отуз жетинчи жылы камалып, дайынсыз болуп кеткен асыранды баласын, аны менен кошо түрмөдө жоголгондорду: «көрдүңбү, издедиңби?» дейт.

Көкүрөгүмө бетин басып: «Катуу экен темирлериң»,– деп кайра тартып алганда карасам: төшүм толтура ордендер, медалдар. «Буларды качан алдым эле?» деп өзүм таң калам... Ар кимиси өз балдарын, күйөөлөрүн,

[1] Куттуктайм, доктор, Артиллерия командалоочунун оорук боюнча жол эсебинен тышкары бир ай отпуске берилсин деп, сага буйрук чыгарыптыр!

ага-инилерин, жакындарын сурашат. Кайсы бирлери: «баланчадан айрылып калбадымбы!» деп, буркурашат. Ошондой короо толгон кубанычтуу дуу-дуунун арасынан: «Көрчү, булардыкы баарысы аман, а меникинен бирөө да кайткан жок! Өлүгүңдү көрөйүн, кара кагаз! Үй толгон кара кагаз»– деген үн кулагыма шак угулду. Үн тарапка мойнумду буруп карасам, кара жоолукчан, жыртык кырк жамаачылуу күрөң чапанчан, маасысын согончогунан баскан бир кемпир коого жөлөнүп, ийри таягы менен мен жакка тап берип, согушту каргап, мени жек көрүп, өзүнчө сүйлөнүп атат. Анда энем: «Караба аны!»– деп чаңырып, башыман суу тегеретип төгүп жиберди. Бул ким? – десем, ал ыраматылык Чыймыл акенин токолу. Балдарынын баарысынан айрылып, жинди болуп калган. Баарын каргай берет. Өлүгүн көрөйүндүн тили заар, балам, аны этибар алба, өз башын жутсун»– деп чебеленип, очоктон калакка күл сузуп келип, мени түкүртүп, Алакемпир экөө ырым-жырымдарын жасашат. Анан эмнегедир короо толгон эл заматта көздөн кайым болуп, үйдүн ичинде болуп калдым. Жапжаңы үй экен, ичи таза. Төрдө калай каптаган сандыктардын үстүнө жыйылган башайы жууркандар. Текчеде кооз гүлдүү чыны-чайнектер, жаркыраган күмүштөй ак самоор. Баары ирээти менен коюлган. Баш-аягы жылтыраган жазы тактадан жасалган керебет. Үстүндө мамык матрац. Деле укмуштай сонун эмеректер коюлуп, жыйылган жүгү эле болбосо, европача жасалгаланган. Муну энеме ким салдырып берген. Мен кеткенде менден улуу агамдын аялынын эки кичинекей баласы менен аялмет төрт баш киши бирөөлөрдүн жер тамында баш паанаалап калышпады беле. Мен таңыркап, үйдүн ичинен көзүмдү айырбай кыдырата карайм. Менин оюмду угуп аткандай энем: «Ушунун баары сен жиберген аттестат акчаңа жасалды»,– дейт. Аңгыча ачык турган сырткы эшиктен бир өспүрүм эркек бала бир колу менен шили-

ден кармап, бир колу менен чычаңынан түртүп бир сары улакты босогодон аттатып кирип келди. Энем: акемди чакыр, кирип батасын берсин дегиче болбой, узун аппак сакалчан, ак калпакчан, ак көйнөк-дамбалчан боз чепкенин желбегей жамынып бир киши төрдөгү сандыкка жөлөнүп, малдаш токунуп отуруп, алаканын жайып, менин согуштан аман келгениме кудайга жалынып, дагы бирдемелерди кобурап, сакалын силкилдетип мунаажат айтып атат. Мен ал аксакалды баамдап карасам илгери мен бала кезимде чечектен жаңыдан баш көтөрүп келатканда, атам өпкө чаптырганы алып келген улакты мууздатканы жатканда бата берген Жаанбай ажынын өзү. Ал киши мен окууга кете электе эле «кулакка» тартылып Оролго айдалып кетип, өлдү деп укпадык беле? Кызык! Өлбөй эле тирүү турбайбы. Элге кайтып келген турбайбы? «Оомийин, Аллоху акбар!» – дегенде мен да алакандарым менен бетимди сылап, кайра көзүмдү ачсам, босогодо беш атар мылтыгын капталына кысып, пилоткачан бир солдат честь бербей эле мени: «Жүр, военкомат чакырып атат, сени!»дейт. Айланадагылар көздөн кайым болгон. Солдаттын майорго орой сүйлөп, орой мамиле кылганына ачуум келип: «Марш отсюда, десять суток гауптвахт!»[1] – деп кыйкырсам, ал беш атарынын оозун мага каратып: «Марш со мной военкомат!»[2] деп болбойт. Айла жок сыртка чыксам, эмнегедир, Фрунзедеги мага тааныш шаардык аскер комиссариатынын короосу. Армияга ушул жерден кеткем. Короо каңгырап ээн. Артымда, мылтыгынын учун мен жакка сунуп, айдап келаткан солдат. «Апыке, балам, кайда кеттиң?» деген энемдин үнү короо жаңыртат, өзү көрүнбөйт. Мен ага: «Быяктамын азыр келем»,– деймин, бирок үнүм чыкпайт. Аңгыча болбой узун коридордун такалган жериндеги эшик ачылып, ичинде темир чыбык-

[1] Бас, көзүмө көрүнбөй, он сотке камак!
[2] Бас мени менен, аскер комиссариатына!

тардан тордолуп жасалган дагы бир эшик артын карай ачылганда, артымдагы солдат далымдан түртүп жиберди эле, босогонун каршысындагы столдун артында аскерче кийинген тултуйган семиз бирөөнүн алдына барып токтодум. Күңүрт кабинет. Тултуйган неме ордунан тура калып, ыс-мыска келбей:

– Сволочь дезертир, попался наконец! За тобой давно охотимся[1] – деп ызырынып, муштап жиберээрде колун чап кармап калып, ызама чыдабай, шайтан мойнума минип:

– Сам ты сволочь, тыловой боров[2]! Майдан жоокери, ак, таза офицерди каралоого ким сага укук берди? – деп мен жулунайын десем, артымдагы солдат экөө болуп, экөө эки колумдан алып, кайырганда көзүмөн от жагылды. Аңгыча болбой, тарс-турс, дүпө-дүп болуп, кулак чуулдап жер көчүп кетти. Ойгонсом, жанакынын баары түш экен. Үңкүрүм мурдагыдай эле караңгы, бирок сыртта алаамат. Жер калчылдап, астынан да, үстүнөн да тарсылдаган табыш. Желмогуздун айкырганындай созулган катюшалардын үнү! Үңкүрүмдүн оозуна тарткан брезент табыштар менен кошо делпилдейт, жылчыгынан чагылгандай жарк-журк жарык биринин артынан бири жалт-жулт, жалт-жулт. Эс-учумду жыйып байкасам, бул табыштардын баарысы, Кудай жалгап атылган дүрмөттөрдүкү. Жарылган дүрмөттөрдүкү эмес! Дароо тура калайын деп обдулсам, оң ийнимди баса жатып уюп калыптыр, какшап ооруп, жер таяна албай, сол капталыма оонап, араң туруп эшикке чыксам, тыягыман-быягыман, артыман, алдыман чыккан тарсылдактардын жаркылдаган оттору, үстүмөн өкүрүп учкан катюшанын жалындуу чычаладай дүрмөттөрү караңгы түндүн уюган коюу ымыртына бүлүк салып, жымыңдаган жылдыздуу январ-

[1] Атаңдын оозун урайын, дезертир. Акыры колго түштүңбү! Көптөн бери артыңдан аңдып жүргөнбүз.

[2] Сенин атаңдын оозун мен урайын, ооруктун өгүз каманы!

дын чилдесинде бир калыпта закымдаган чыкыроонунун багыт куюндатып, будуң-чаң түшүрүп атыптыр.

Уйкудан чочуп ойгонгондогу жүрөк бир аз ордуна келип, колумдагы саатымды ширеңке жандырып карасам, Гражинанын белегин жоготконум менен, циферблат жарык болгондо өзү кылт эсиме түштү, 6 саат 3 мүнөт болуптур. Эми таң атмайынча, жок эле дегенде жетиге чейин басылбайт. Туура алтыда баштаган экен деп, белги койдум өзүмчө. Жалгыз эле мен эмес, эшикке барысы жабалактап чыккан көрүнөт. Караңгыда ким бар, ким жогун түгөлдөп болбойт. Баранов, Посохов, Чистовдор мага келишип, «Башталыш менен» куттукташты, мен аларды куттуктап, замбирек, мина бүркүүчтөрдүн дүрмөттөрүн учкан тарабын батыш жагыбызды карасак, алыста анда-санда жерде өрттөрдүн кызарган шоолалары көрүндү. Оозуң ачып турбасаң, заңкылдаган, даңкылдаган табыштар кулагыңдын тарсылдагын жарып жиберчүдөй. Бири бирибизге кыйкырбасак, сөзүбүз угулбайт. Көпкө дейре кыйкырып сүйлөшүү азап болгондуктан, көбүнчө жалдырап, караңгыда алыскы өрттөрдү карап турабыз. Жанатан бери биз тарап душмандын бир да дүрмөтү учуп келген жок. Алдыңкы чекте ок бүркүүчтөрдүн табыштары деле угулбайт, же жаныбызда атылып аткан замбиректердин табыштары алардыкын басып атабы, билбейм.

Бул табигый алаамат эмес, биз колдуу душманга жасалган алаамат, бизге коркунучсуз, биз үчүн ажайып, душман үчүн өтө сүрдүү, азап, тозок, ажал чачкан алаамат!

Оо Кудай, оо Жараткан! Ушул алааматты акыркы, Жеңиштин эң акыркы алааматы кылып бере көр!..

Качан да болсо, бир күнү келет деп, төрт айдан бери күткөн алаамат бүгүн, 1945-жылы 12-январда башталып, Кудай согуштан аман калтырып, өмүр берсе, бүгүнкү, мына ушу азыркы жүрөк титиреткен, теңдеши жок зор

алааматтын күбөсү болгонума сыймыктанып, ак сакал болуп төрдө олтуруп, урпактарга далай аңгеме курсам ээ!..

Өзүмдүн чакан коллективим менен коштошуп, алдыңкы чектеги солдаттар чабуулга көтөрүлө электе Посохов, Чистов болуп штабка жетип, Чистовду дароо коё бердим.

Жерге жарык кирип, артчабуул токтоору менен, ийиндеринен чыга калган желмогуздарга окшоп, окторулган танкелер чаркырап, аларга жармашкан жана тең жарышкан солдаттар ураалап заматта душмандын биринчи траншеясына жетишип, андан буйдалбай экинчисине өттү. Ушулардын баарысын дүрбү менен карап турган полк командири дивизиондорго жолго чыгууга команда берди. Штаб да бака-шака кыймылга келип, жүктөрүн машинелерге, чаналарга салып, жол камына киришти. Майор Несговоров мени капитан Коптевге кошуп, биринчи дивизиондун колоннасын ээрчийсиңер деди. Полк командири жаңы келген өзүнүн күжүрмөндүк боюнча орун басары майор Камышанды биринчи дивизионго ээлик-тоолук кылып, капитан Цагарейшвилиге казатта дайым насаатчы болуп жүрүүгө дайындады. Мен Посоховду ветфельдшер Смурыгинге кошуп бердим.

Колонна тизилип жөнөөрдүн астында биринчи дивизиондун старшинасы мени көрүп:

– Жолдош майор, биз менен жүрмөк болдуңузбу? Поздравляю началом Великой Победы[1]! Тамак-аштан кам санабаңыз. Мен өзүм анын баарын жайгаштырам. Билем, Сиздин чочко этин жебесиңизди, аны эске алабыз Кудай колдосун улуу казатыбызды! – деп жаркылдап шайырланды. Өзү мурутуна бирин-серин ак кирип, жашы кыркка чамал болсо да, ар дайым күлүңдөгөн, жүргөн-турганы жигиттей шайдоот неме эле.

Асман ачык болгондуктан, биз жолго чыккыча, күндүн биринчи нуру Висланын кашатын чалды. Тамак ичүүгө буйдалбай, жолго чыгууга команда болду. Акыр-

[1] Улуу Жеңиштин башталышы менен куттуктайм!

кы кабар боюнча танкелер, бронепехота душмандын катмар-катмар коргонуу чептерин бузуп, оперативдүү мейкиндикке чыгыптыр, биз таакоолдогон аткычтар полкунун солдаттары тизилип, марш менен жөнөдүк. Алардан калбай үлгүрүшүбүз керек деп биздин командирлер шаштырып, автоунаачан экинчи дивизион, анын артынан полктун штабы кырка тартып, жаныбыздан өттү. Элек арабадай кичинекей «Виллиске» подполковник Иванов ППЖсы менен, майор Дурдыев, шофер-төртөө түшүптүр. Алар биздин чананын жанынан өтүп бараткканда биз честь берсек, көңүлдөрү ачык, күлүңдөшүп сүйлөшүп келаткан экен, колдорун булгалашты. Дурдыевдин: «Сау бол, кардаш!»– деген сөздөрү кулагыма таамай угулду.

Авто унаанын артынан атчан Цагарейшвили өзүнүн чаналуу көчүн жетектеп жолго чыкты. Көч артында биздин чана, биздин артыбызда атчан майор Камышан. Кош ат чегилген биздин чанада төрт кишибиз: капитан Коптев, жаңы келген улук лейтенант начфин, мен, анан Коптевдин ат айдагыч солдаты. Биздин көчтүн артынан самсып жолго чыккан башка бөлүктөрдүкү канча? Үстүбүздөн топ-топ болуп, бирлери өтө бийик булутка аралаш, бирлери жапыз, төбөбүздү сыдырып, батышты карай зымыраган самолеттор! Аягы үзүлчүдөй эмес! Миналарга кокус кабылбас үчүн бирибиздин изибизди бирибиз басып, көчүбүз чубалжып, бир эле дивизиондуку жарым километрче созулду. Душмандын траншеяларынан өтүп бараткандагы көрүнүш баягы эле өлүктөр: бирөөнүн денеси бүтүн, бирөөлөрдүн башы жанчыраган, кээсинин буту, кээсинин колу жок! Карды жарылган, ичегиси чубалган, талпагы жайылган, жерге тапталган, чачылган кол-бут, баштар, айтор, өлүктүн кандай гана түрү жок. Жайкы чабуул дагы көрүнүштөн айырмасы жок.

Улук лейтенант начфин байкуш, мурда урушта болбосо керек. Өңү саруулап, бетинин түгү түктүйүп,

жүрөгү айнып окшуп, тонунун жакасына башын катып, бүк түшүп чанага жатып калды. Коптев экөөбүз мындай шумдукту мурда көргөндүк кылып жүрөк токтотуп, кайраттанымыш болобуз. Ошенткен менен өлүктөрдүн сүрү оңой эмес! Канча жолу көрсөң да, канча аралашып жүрсөң да, сестентпей койбойт. Күндөлүк турмушта өлүктөрдү «өзүбүздүкү», «душмандыкы» деп экиге бөлүп, өзүбүздүкүнө кейип, душмандыкына таба кылгансып, «мына сага, ушуну көрмөксүң» деп, бөтөн бир серт абалда жаткандарын мыскылдап да калабыз. Ай, бул баатырдыктын белгиси эмес эле, акмактыктын жышааны го? Бу бойдон жүрүп отурсак, түбү мыкаачы болуп кетпегей элек?!

Жолдо көргөндөргө ар ким өзүнчө баа берип, алагды болуп, бирок жалпысынан казат жолуна аттанганыбызга кубанып келатып, үстүбүздү байкабай калыппыз. Анан калса, өөдө-ылдыйы көп, биздин танкелер, бронетранспортерлор машинелер жаңы эле салган чыйырдан чыкпасак экен деп ар бир кадамыбызды абайлап, жерден көз айырбай келаткан элек, бир маалда үстүбүздөн чуу-чуу-чуу дабыраган окторду жаадырып, анан ыс-мыска келтирбей, тарс-тарс жарылган эки бомбунун күбөсү болдум. Кайдан экенин карагыча жер менен жер болуп сыдырып учкан эки самолет көздөн кайым болуп, артыбыздагы жоноктун далдасына жоголду. Колоннада кыйкырган, сөгүнгөн үндөр чыкты. Бомбунун бирөө колоннанын баш жагына, экинчиси бизден көп алыс эмес жерге түштү. Бир киши, эки ат өлүп, үч аскер, үч ат жарадар болушуптур. Өлгөн – бая эртең мененки мени менен келип сүйлөшкөн байкуш старшина экен. Бечаранын тилеги тиштигип, талпагы ташка жайылып, максатына жетпей, арабөк жолдо калды. Арабөк дегеним, старшинага өзүбүз топурак салып көмбөй калдык. Полктун командири: «өлүктөрдү армиянын артта келаткан атайын отряддары тейлейт. Медальондорун албай,

чөнтөктөрүндө калтыргыла. Биз буйдалууга убакыт жок, пехотадан ажыроого акыбыз жок, ыкшоолук кылып, тез жыйыла албай жатып, 4–5 км артта калып баратабыз. Ажырап калсак, бирибиз калбай командолоочунун алдында катуу жооп беребиз. Авто унаалуулар тезирээк кууп жетишибиз керек, ат унаалуулар да алагды болбой чамдагыла. Майор Камышан буларга Сиз толук жооп бересиз!» – деп шашып, автоколоннаны өзү баштап, жөнөп кетти. Жарадар солдаттарга биринчи жардам көрсөтүп, таңуулап, өздөрү баса ала турганын жөө, баса албаганын бир чанага отургузуп артка эвакогоспиталга санитар алып жөнөдү. Мен, Коптев менен начфинди бир аз күттүрүп, жарадар аттарды карап, мал болбоочу бирөөнү кыйноо тарттырбай, ээсине аттырып, экөөнө тез жардам берип, бир солдатка карматып, өзүбүздүн лазаретти ушу жерден күтүүнү тапшырып, көп узай элек колоннаны кууп жеттик. Тигил жерде, айталаада, бир кишинин, эки аттын өлүктөрү көмүлбөй кала берди.

– А деп аттанганда эле жолубуз кырсык менен башталды, доктор. Артыбыз эмне болоор экен? – деп, капитан Коптев демейде оптимист, кайраттуу неме, эмнегедир бүгүн шалпы бош.

– Казат жолу кандуу. Биз тойго аттанганыбыз жок, Петя. Тагдырыбызга эмне жазылса, ошо болот да. Ажал келсе өлөөрбүз, азап келсе көрөөрбүз. Ага алдыртан кайгырып, жүрөктү сары сууга толтура бергенден не пайда? Көп башына келгенди өткөрөөрбүз.

– Аның туура, доктор, бирок адам өз тагдырына кайдыгер болсо, ал үчүн бирөө күйүп-бышпайт. Канча миңдин чордонунда жүрсөң да, алар ажалдан арачалап кала албайт. Ар ким өзүнчө жалгыз. Көрбөйсүңбү, бүтүндөй полк ичинен сокур ажал жалгыз биринчи дивизондун старшинасын көргөнүн? Ал колоннанын алдында да, артында да эмес, ортосунда келатпады беле? Кана биздин колдон эмне келди? Канча кайраттуу болоюн десең

деле, мынабу окшогон капыстан чыга калган өлүм өз тагдырыңдын тагдырын ойлонтпой койбойт экен, доктор, досум. Тиги кууракан старшинанын күжүрмөн тарыхын билүүчү элем. Ал биздин полктун карыясынын бири эле. Мен аны менен Нарофоминскиден бери тааныш элем,– деп, мындан үч жылдан ашык мурда болгон күжүрмөн тарыхка кирип кетти. Эртеден бери тилден калып, дендароо болуп бүткөн начфин бир аз жанданып, Коптевге карап жалдырады.

– Өзү кайсы жерлик экенин билбейм,– деп, Коптев сөзүн улантты,– Сүйлөгөн сөздөрүн, үн кыраатына караганда, Москва аймагынын бир жеринен болсо керек. Ополчение менен келген. Нарофоминскиде немисттер эки сутка катуу чабуул жасап, полкубузду кыргынга учураткан кезде да калтаарып койбой, от аралап жүрүп, мина бүрккүчтөрдү өксүтпөй, миналарды үзгүлтүксүз жеткирип турган эле. Андан кийинки уруштарда да далай ирээт мунун эрдигин байкап жүргөмүн. Жайында Литвада Безбородов өлгөн согушта диверсанттарды кармаганы үчүн үчүнчү даражадагы «Даңк ордени» менен сыйланган эле, куурагыр. Эми көрбөйсүңбү, казат жолунда колонна менен баратып, каргашалуу ажал арабыздан жалгыз аны көрүп, баарыбыздан бөлүп алып калды. Ал ээн талаада, күжүрмөн жолдошторунан топурак да буйрубай, жол боюнда ачык калды! Тирүүсүндө бүтүндөй бир дивизиондун сүймөнчүктүү кийинтээр, ичинтээр атасы: солдаттарына да, офицерлерине да абдан керектүү адамы болуп жүргөн азамат, өлгөндө ындыны өчүп, таштандыдан бетер, жол жээгинде кала берди! Шордуунун денесин ит-кушка жем кылдырбай жерге жашырса болду го! Болбосо…

– Болбосо эмне? – Коптевдин каңырыктуу аңгемесин жанатан бери жутуп-жутуп угуп келаткан начфин көзүн алайтып, дагы кандай укмуш угууну күттү.

– Болбосо, тегеректе ит-куш азбы? Төрт буттуу карышкыр болбосо, эки буттуулары бар. Өткөндө эки солда-

тыбызды түндөп уурдап кеткендерин унутуп калдыңбы? Тирүүлөрүбүзгө даай албай, куйругун чатына кыпчып жүргөн андай чөө-душмандар жок дегенде өлүктөрүбүздү табаалап кескилеп мазактабайт деп ким кепил боло алат? Жер чоочун, эл да чоочун! Поляктар жүздөгөн жылдар бою орустар менен жоолашып, чабышып келишкен. Кийинки беш жылда немистердин кол алдында калгандары ого бетер оруска тишин кайрап, итатайы тутулуп калганын кийинки төрт айда көзүбүз менен көрбөдүкпү...

Ошентип, жоголгон бычактын сабы алтын дегендей, оо дүйнө кеткен старшинанын адамкерчиликтүү жакшы сапаттарын эске салуу менен бирге, өз тагдырыбыздан кабатыр болуп, ар бирибиз башыбыздан өткөргөн окуялардан кеп салып, ургундай адабий, тарыхий китептерди көп окуган начхим, капитан Коптевдин терең ойго салаар аңгемелерине кулак төшөп, жанагы болгон кырсыктан көңүлүбүздү бир аз жоокалаткансып барабыз.

– Петро, сен экөөбүз бир полкто кызмат кылганыбызга бир жарым жыл болду. Ошондон бери Спас-Деменск, Ляды, Витебск, Романово, Боровичи, Смолевичи, Малиновский фольваркы, Вилкавишкис шаарларындагы, шаарчаларындагы, дагы далай кыштактардагы салгылашууларды башыбыздан чогуу өткөрдүк. Кандай кыргындар болгонун экөөбүз жакшы билебиз. Аны бул улук лейтенантка айтып отурсак, түгөнгүс жомок. Согуштук турмушка көнө элек, ок табын көрө элек кишини санааркатып сары ооруга чалдырбай, көңүл көтөрө турган жакшы темалардан кеп салбайсыңбы. Сен ар дайым өлгөндү күлдүрө турган күйгүлтүктүү анекдотторду билчү элең, бүгүн эмне жаман түш көрдүңбү?– Коптевди кытыгылайм деп, акыркы сөздөрүмдү сүйлөп атканда, өзүмдүн түндөгү түшүм эске түшө калып, чочуганыман жүрөгүм оозума кептеле калды.

– Болуптур, доктор, сеники чын! Кандуу жолдо кайгылуу аңгеме жаман жөрөлгө дейт. Кудайдан жакшылык,

ак жол, жеңил Жеңиш тилейли! Кана, улук лейтенант, доктор экөөбүз эле алым сабак айтыша бербейли. Сен да өткөн-кеткендерден кеп салып, чыйрыккан боюңду бир аз жибит – деп начхим сөз учугун начфинге ыргытты.

– Менде кайсы аңгеме болсун. Үч жылдан бери оорукта запас полкто кызмат өтөп жүрүп, накта согуш дегенди бүгүн биринчи көрүп, ичеги-кардым аңтарылып, көңүлүм айнып, окшуп келатам, – деди начфин.

– Эчтеке эмес, мындай жорук ар кимибиздин башыбыздан өткөн, кудай ажалдан сактаса, бат эле көнөсүң, анан бизге окшоп жаңы келген сары ооздорго өзүң насаатчы болосуң. Кудай жанды тирүү койсо, киши баарына көнөт. Эч бир айбан чыдабаган азап-тозокко киши чыдайт, – деп, өзүмдүн түнкү түшүмдөн чочуганымды шек алдырбай, начфинге кыйынсынып кайрат айттым.

Согуш деген жексур эмнеге гана үйрөтпөдү. Өзүбүзгө өзүбүз эмчи-домчу, насаатчы да болдук. Ичтеги жүрөк титиреткен коркунучту сырткы корооздонуу менен жашырып, күйкөбаатырлыкты ашкерелеп, «кожо көрсүн» менен өзүбүздү алдоого да үйрөттү. Өзүбүз ойлоп тапкан калпка өзүбүз ишенмейди, акылыбыз жетпеген, же колубуздан келбеген, же ишеничи чыныгы болбогон немелерге убара тартпай, мээ коротпой, Кудайга же жогорку бийликке түртө салмайды да үйрөттү... Ушунун баары киши кишинин жашоосун узартууга багытталган жакшы табылгабы, же кишинин ыймандан, абийирден, адамкерчилик касиеттен, салабаттуулуктан, убададан, ынтымактан, боорукерликтен ажыраткан жаман жөрөлгөбү? Сүрөттөп айтканда, үч жарым жылдан бери эл-журттан безип, кан кечип, ажалга төшүн тосуп, каны шорголоп, үңкүр-чуңкурда жанын корголоп, жайдыр-кыштыр, күндүр-түндүр мээ кайнаткан ысыкта, чучук какшаткан суукта, ак жамгырдын астында, от-жалындын үстүндө жашаган солдаттан, кийингени, төшөнгөнү, жамынганы жалгыз куур шинель, маалына өлчөп ичип-жебеген, ук-

тап эс ала албаган солдаттан кандай жөрөлгөнү күткүң бар? Ал аз келгенсип, тигил үч жарым жылдын бир жарым жылын жалаң чегинүү, качуу, курчалуу, камалуу азабы менен кошо көргөн солдаттан адеп-ахлакты, жан-дүйнөсүнүн таза сакталышын, такыбалыкты талап кылуу өтө мерездик болоор?! Ошого карабай, биздин «Комиссарлар корпусу» аталган саясий жетекчилерибиз, парторгдорубуз, коммунист, комсомолдорубуз, «солдат кандай абалда болбосун, жан дүйнөсүн булгабай, коммунисттик идеалга жетүү максатты патриоттук менен аткаруудан канын-жанын аябаш керек»,– деп дайым кулагыбызга куюп көкүрөгүбүзгө жат кылып келет. Бул да башыбыздан жамандыкты өткөргөн биз үчүн курулай үгүт, кургак саясат эмес, күнүмдүк турмушка тупадан туура тиешеси бар жөндүү насаат экени далилденүүдө.

Ушинтип, бүгүнкү казаттын биринчи саатында учураган кырсыктан кийин узун-кыска сабак аңгеме куруп, солдаттык турмуштун ички быкы-чыкы, бирок терең маанилүү, талуу жүлүндүү, узун өзөктүү маселесине ой жүгүртүп келатканыбызда: «Стой!»[1] – деген команда кулагыбызга угулду. Биздин артыбызда атчан келаткан майор Камышан атын текирендетип жаныбыздан өтүп, колоннанын башына кетти. Чанабызды токтотуп, биз да ээрчий карап калдык эле аңгыча болбой «Привал!»[2] деген команда угулду. Үчөөбүз ордубуздан туруп, дивизион командирин карай алдыга бастык, начфин бүрүшүп, буттарын араң шилтейт. Колоннаны жандап өтүп баратканда солдаттарыбыз ыйба кылып честь берип, көңүлдөрү көтөрүңкү. Бул көрүнүш мени кыйла кубантып, дем берди. Жан аяктарын, кашык-айрыларын калдыратышып, тамак ичкени көчмө ашказанды көздөй бир даары чубурса, бирлери жолдон обочороок жерден кар чеңгелдеп, бети-колун жууп атышат. Алды

[1] Стой – токто.
[2] Привал – тыным.

жагыбызда бир кыштак көрүнөт, анын бир жак четинде сойройгон мор турат.

Капитан Цагарейшвилинин жанына келгенибизде, ал майор Камышан экөө карталарын карап, маршрутту чийип атыптыр. Амандашып, честь беришип, жаңылык сурасак:

Полк штабы, экинчи дивизион аткычтар полку менен кошо тетиги,– колу менен көрсөтүп,– тэ-этиги кыштакка токтоптур. Аскерлер тамактанып алышсын дептир. Биздин машинелешкен жоокерлер немистерди чычайта кууп баратышыптыр, кырк-элүү километрче алдыбызда экен,– дейт Цагарейшвили. Камышан бизге кайрылып:

– Как, тыловые крысы, вам с нами не боязно[1]? – деп кекирейгенде, жообу даяр Коптевдин каны кайнап:

– Осторожно выражайтесь, товарищ майор. Вы не Петр I. За оскорбление чести офицера головой ответите[2]! – деди. Камышан жооп кайтаргыча, Цагарейшвили шашып:

– Жолдош майор, булар келес эмес, накта урушта сыналган советтик офицерлер. Мынабу майор менен капитан биздин полктун ветерандары – деди. Иш тескерисине айланып баратканын сездиби, же сөзүнө таамай жоопту эки кишиден алганына жалтактандыбы, билбейм:

– Тамашалашууга да болбойбу? – деди Камышан.

– Тамашанын да ыгы бар, жолдош майор. Сиз даражаңыз менен тең болсоңуз да, мансабыңыз жогору – биз Сизге баш ийген офицерлерденбиз. Анан, өз карамагындагылардын ким экенин билбей туруп, кызмат абалынан пайдаланып, жөн эле кемсинте берсе, ошол тамаша болобу, жолдош майор? – деп, бардык күчүмдү сылыктыкка жумшап, орой немени бир чети сындырмакка, бир чети жүйөлүү маданий сөздөр менен катасын мойнуна

[1] Кандай, ооруктун келестери, силерге биз менен коркунучсуз бекен?

[2] Байкап сүйлөңүз, жолдош майор. Сиз Петр Биринчи эмессиз. Офицердин абийирин кордогонуңуз үчүн башыңыз менен жооп бересиз

алдырууга тырыштым. Бирок менин сөзүм анын туюк мээсине жол таба албады. Наамы улук офицер болсо да, акылы пас, алды-артын көрбөгөн, оозуна алы жетпеген, ала көөдөн солдафон окшойт. Кылык-жоругуна, турган турпатына караганда кадровый офицер көрүнбөйт. Алардын көбү отуз жетинчи жылкы куру жалаада жок болду. Андан калгандары согуштун биринчи жылдары мекендин ар бир укум жерин душмандан коргойм деп курман болбодубу, булаанга түшүп кор болбодубу! Кайран азаматтар! Жумушчу-дыйкан Кызыл Армиясынын туу көтөргөн түркүктөрү! Руханий байлыгы! Бул неменин өрдөк жокто чулдук бий экени көрүнүп турат. Жасаганынан жаалдаганы, кылганынан кыйкырыгы көп чала моңол сержанттан көтөрүлгөн алешем офицерлердин бири болсо керек? Мындай немелер азыр иттин кара капталынан!

– Ну, ладно! Давай, капитан, корми быстрее. Жрать охота[1], – деген сөздөрүнөн кийин мунун толук чылгый байкуш экенин Цагарейшвили да, Коптев экөөбүз да түшүндүк. Начфиндин ким экени али белгисиз. Азырынча, эртең мененки корккону эмдигиче басыла электиги гана маалым. Майор Камышан менен бир чекилешкен соң, анын ким экенин түшүнүп, сөздү ырбатпай, башка кепке бурдук. Мен Цагарейшвилиге жакшы старшинасынан айрылганына көңүл айтып, чоң жоготууну дагы эстеп, кайгы бөлүштүк. Анан анын ордуна старшиналыкка жарачу киши барбы деп, сурадым эле, даяры жок, бирөөнө жүктөп үйрөтөбүз да деп, абыгер чекти. Мен: «Посоховду албайсыңбы», десем сүйүнүп кетти. Менин старшинамдын ишмердигин, шамдагайлыгын, тапшырманы так жана көңүлдөгүдөй аткаргандыгын Цагарейшвили билчү. Жайындагы казатта бир нече күнү чогуу жүрүп, Батыш Белоруссиянын, Литванын токойлорун, сазда-

[1] Болуптур, эми! Бер, капитан, тамагыңды батыраак! Өзөк ооруп кетти!

рын аралаганда байкап калган. Мен дароо Посоховду чакыртып, дивизион командиринин карамагына өткөрүп бердим. Ал дивизиондук старшинанын милдетин так аткарууга ант берип, капитан Царагейшвили экөөбүзгө ишеним көрсөткөнүбүз үчүн ыракматын айтып, дароо ишке киришти. Капитан Коптев адатынча тамалашап:

– Это надо обмыть по старинному солдатскому обычаю! А то ...[1]

– Хватит, «а то» не будет! Не кличи беду! Обмоем, обмоем[2], – деп, Цагарейшвили Коптевге жооп берип атса, Камышан:

– Вот это другой разговор! Давай, наркомовскую, а то холодно[3]! – деп, өз сөзүнө өзү манчыркап, кашка тишин ырсайтты. Аңгыча солдаттар жан аяктарга куюлган аш сунушту. Посохов ар кимибиздин кружкабызга кап ортодон арак куйганда, бизден озунуп, капитан Цагарейшвили.

– Ийгиликтүү казат үчүн! Жеңиш үчүн! – деп, баарыбыз менен кагыштырып, тартып жиберди. Биз аны ээрчидик. Камышан комдивизион менен удаалаш, бизден мурда кружкасын көмкөрүп, ээрдин мылжыйтып, тамшанып, таңдайын такылдатты. Бырышы жазыла албай, куйкасы курушуп турса керек салдафондун. Начфин окшуп иче албай койду.

Алдыбыздагы ашыбыз түгөнгүчө дагы бирден алып, ичибиздин ысыгы сыртыбызга чыгып, көңүл көтөрүлүп, кайра жолго чыктык. 10–15 мүнөт өтпөй кыштакка кирдик. Авто колоннабыз жөнөп кетиптир. Кыштак ээн, эч ким жок. Маалы, оокат-түлүктөрү деле көрүнбөйт, уруш зонасында болгондуктан, үй ээлерин жайында эле немистер өздөрүнүн ооругуна эвакуациялаган окшойт. Анда-санда жерлерде немистердин аскерлеринин буюм-

[1] Муну майлаш керек, илгерки солдаттын салты боюнча, болбосо…
[2] Жетет, «болбосо» болбойт! Балээни чакырба! Майлайбыз, майлайбыз.
[3] Мына, бул башка кеп! Бер наркомдукун, болбосо, тоңуп баратам.

тайымдарынын, тамак-аштарынын калдыктары эле чачылып жатканы болбосо, кыштакта тиричиликтин белгилери көрүнбөйт. Бул жерде уруш деле болбоптур. Чабуул баштала электе эле аскерлер качышкан белем? Каңгыраган үйлөрдүн дарбазалары алжайып ачык. Негизги жолдон буйтап, кыштак аралоого улуксат да, убакыт да болгон жок.

Эми мындан ары колонна кыштак аралык жолдор менен ылдам темпте маршруттан кылча кыя бурулбай, полк командиринин буйругусуз токтобой жүрүп, Н. кыштагында штаб менен жолугушуу буйругун байланыш офицери алып келип, өзү чымын-куюн болуп, алга жөнөдү. Бул кабар боюнча чабуул абдан ийгиликтүү жүрүп атыптыр. Алдыбызда кылчайып айбат кылган душман жок дейт. Биз такоолдогон аткычтар полкунун солдаттары тизилген колонналарын буза элек дейт. Жалгыз жапаа чеккендери кээсинин согончогу жooруп,баса албай, ирээттерден чыгып, санвзводдун чаналарын толтуруп жиберишти дейт.

Маршрутубуз түз батышка эмес, батыш-түштүктү багыттап баратабыз. Кар калың эмес, бирок шоссе жолдордун үстүндөгү кар тапталып муз болуп калыптыр, аттарга жеңил. Кез-кезде желдирип да коёбуз.

Кыштактар көп учурай баштады. Эмкилери жанагыдай кереӊ ээн эмес. Тирүү жандары: ит-мышыктары, тоок-каздары жолубузда кезигет. Кээ бир дарбазанын артында арсылдап үргөн ит үндөрү угулат. Көчөгө караган терезелеринен кээде балдардын, аялдардын жалпайган беттери көрүнөт, бизди таңыркап, кооптонуп караган көздөрү менен узатууда. Бир кыштакта, ал тургай костёлдун аянтында Кызыл желек алып:

– Них жие Сталин! Браво Цервона Армия[1]! – деп колдорун булгалаган, топтошкон аял-эркектер колоннабыз өтүп кеткиче турушту. Токтоп, жергиликтүү эл менен

[1] Жашасын Сталин! Кызыл Армияга даңк!

сүйлөшүүгө чолобуз тийбейт. Полктун штабын, экинчи дивизионун кууп жетиши керек, а алар улам болжошкон жерден жеткирбей баратышат.

Кышкы күндүн чыкканынан батканы бат дегендей, биз энтеңдеп, жолдошторубузга эми жетебиз деп шашкан сайын күн бизден бат жылып небак эле түштөн ооп, саат 16дан ашып, кеч бешим болду. Биз дагы эле тына элекпиз, чанага бүрүшүп отуруп, буту-колдорубуз талып, зыңкыйын барат. Бир-эки жолу Коптев экөөбүз алмак-салмак жерге түшүп басып да көрдүк, бирок аттардын басыгы менен теңеле албайт экенбиз. Күндүн көзүн булут тосуп, айлана күңүрттөнүп, чыкыроон күчөгөн сайын аттар да ыргыштап, арыштарын ылдамдатышат.

Начфин баякы эртең мененки тамактан кийин, кулакчынын баса кийип, тонунун жакасын көтөрүп, мойнун жикирейтип, буту-колун бооруна алып бүк түшкөн бойдон «лам» дебейт. Камышан артыбызда атчан. Бая эртеңки тамак алдында чекилешкен боюнча бизге даап сүйлөшө албай, топ ичинде жалгызсырап келүүдө. Жолдо, айланада уруштун station издери көрүнбөйт. Петро экөөбүз жолду ката бүгүнкү көргөндөрүбүздү, баштан өткөргөндөрүбүздү, түндөгү түштөрүбүздү ары жоруп, бери жоруп, жол арбытуу үчүн атайын чоюп сүйлөшүп, жаактарыбыз талыганда анда-санда бопороз менен алаксып келебиз.

Бир кезде тикен-зым менен кашааланган карагайлуу токойго кирдик. Карагайларынын баарысы бир кылка, сол-сол болуп зымырайт. Токойдун ичинде каршы-терши ар кандай көп из жатат, пандын бакма кийиктери жашаган токой болсо керек? Токойдун баш-аягын жарым саатча бастык окшойт. Андан чыгаарыбыз менен алдыбызда кыштак көрүндү. Аңгыча болбой колоннабыз тык токтоду. Сол жагыбыздагы бир жол менен келаткандагы бир колонна көрүндү. Алыстан эмне колонна экени таанылбайт, алар да биз бараткан кыштакка багыт

алышкан. Цагарейшвили турнабай салып тиги колоннаны карап арт жагына колун жаңсады да жолуна түштү, токтогон колонна кайра жылып, мурдагы темпин алды. А деп, бу дегиче тигилер да, биз да кыштакка кирип келдик. Кезигишип, беттешкенде сурасак, Биринчи Украин фронтунун аскерлери экен. Алар батыш-түндүк, биз батыш-түштүк багытка бет алып баратканыбызды билип, жайкы чабуул тык эсиме түштү. Анда биздин 33-Армия Экинчи Белорус фронтунун оң канатында, биздин полк армиянын оң канатынын эң учунда, Үчүнчү Белорус фронтунун сол канатынын 31-Армиянын бөлүктөрү менен жанаша чабуул жасаганбыз. Бул сапар биздин армия Биринчи Белорус фронтунун сол канатында, а биздин полк армиянын сол канатынын учунда. Биринчи Украин фронтунун оң канатындагы аскерлер менен жанаша баратыптырбыз. Эки фронттун жанашкан кычыгынан душман жылчык таап, шынаа уруп, жарып кетпесин деген тактика болсо керек, ар дайым жанаша бөлүкчөлөр биринин алдын бири тороп, улам өтүшүп, фронттордун чек арасын капшырын тепчип жүрүп отурушат. Деле биздин армия, анын ичинен биздин мина бүрккүчтөр полку тепчимеге адистештирилген бейм?

Кыштак көп чоң да, кичине да эмес, өзүнүн костёлу, анан заводу бар, орточо айыл экен. Костёл аянтында бизди байланыш офицери күтүп туруптур. Саат туура 17-00. Полк командиринин буйругу боюнча бул жерге жарым сааттык тыным жасадык. Тиги колонна токтобой өтүп кетти. Цагарейшвили дароо аттарды сугарып, жем-чөп берүүгө, солдаттарды тамактандырууга команда берди. Дивизиондун штабы аянттын тегерегиндеги бир чоңураак, сырты түзүгүрөөк үйгө токтодук. Биз опур-топур короосун толтуруп кирип келдик. Кеч кирип, жердеги кар күңүрттөнө баштады.

Үй ээси көк-ала чач, сакал-мурутун ак чалып калган киши экен. Короо жайына, үй ичине караганда оокаттуу

неме көрүнөт. Орто жаштан өтүбүрөөк калган аялы, бир топ майда балдары кожоюнду тегеректешип жанынан чыгышпайт, чоочуркап, бизге даай алышпайт. Майор Камышан баштап салам берсек, алик алып, биздин жылуу мамилени сезип, үй ээси чебелектеп:

– Пшепшошем, пане до хаты[1]! – деп үйүнүн далисин көрсөттү.

Көптөн бери биринчи сапар үйгө киришим. Ванданыкына салыштырып болбойт, Цагарейшвили өзүнүн белорус тилмечин чакырып, үйдүн кожоюну менен сүйлөшсөк, ушул кыштактагы спирт заводунда завсклад болуп иштейт имиш.

– Мынабу топ баланын ата-энеси силерсиңерби? – деп Камышан суроо берди эле, анда ал:

– Жок, биздин уулдун жана кыздын балдары. Аларды аялы, күйөөсү менен, деги эле бүт кыштактагы кара жумушка жарай турган жаштарды немистер жайында эле чогултуп айдап кетишкен, кайда экенин билбейбиз. Заводдо иштеп аткан жаштарды да поездге салып алын кетишкен. Бизге жакшы көрүнөйүн деп атабы, же немистерден запкы жеп калганбы, айтор, немистерди жамандап кирди. Бизге анын сөздөрүн угуп отуруууга убакыт жок. Ошондуктан капитан Цагарейшвили анын сөзүн бөлүп:

– Силердин айылдан немистер качан кетишти? – десе, үй ээси:

– Биздин айылда алар турушкан эмес. Темир жол станциясында, анан мындан 3 км. түндүктө пандын фольваркында турушчу. Алар эртең менен эле кетиптир. А алдыңкы чектен качкандарды совет панцирлери түшкө жакын кууп жетип, станциянын күн батыш жагында талкалашты. Табышы бизге чейин жетип атты.

– Силер аркылуу биздин аскерлер өткөн жокпу? – деп Коптев сурады эле:

[1] Үйгө кириңиздер, төрөлөр!

– Жок, силер биринчисиңер,– деп поляк жооп берди. Кыска-кыска, аркы-берки сөз алышканыбызча Посохов солдаттары менен тамак алып келип, кожоюндун аш үстөлүнө койгондо, кожоюндун аялы лампасынын шишесин алып, билигин жандырып, кайра ордуна асты эле, үй ичи, үстөлдүн үстү жарык болду. Биз жан аяк, кашык-айрыларыбызды камдап атсак, байбиче балдарына бирдеме деп кулдурап, үстөлдүн үстүнө дасторкон жайып, баарыбызга бирден тарелка, кашык, айры койдуруп жиберди. Посохов байбичеге ыракматын айтып, таза идиштерге коюу сорпо куйдуруп атканда, жука стакандар, анын артынан баягыда старшина мелдешке утуп алган четпурт бөтөлкөгө окшогон, чоң шише коюлду. Ичинде кап ортодон өөдөрөөк кызгылтым суюктук чайпалат. Эмне экенин Посохов экөөбүз түшүндүк. Мен дароо үй ээсине кайрылып:

– Чоң ыракмат сыйыңызга бирок, биздин өзүбүздүкү бар. Советский арак,– деп атканда старшина калай көөкөрчөгүнөн стакандарга аракты куюп жиберди. Үй ээсинин стаканына да толтурду.

– Урматтуу пан офицерлер! Силер мени уу берип атат деп ойлобогула. Бул биздин заводдун спиртинен жасалган чие жемишинин виносу. Биз силерди фашисттик кулдуктан куткарып аткан бериштедей көрөбүз. Андыктан, силерди жаныбыздай сыйлайбыз. Мен биринчи өзүм ичип, ак ниетимди билдирем, деп бош турган стаканга шишеден толтура куйганда, мен жолдошторумду бир сыйра көзүм менен кыдырсам, баарысы «сен кандай десең, ошондойбуз» дегенсип, мага жалдырашат. Мен үй ээсинин шагын сындырбас үчүн, ошентсе да, дароо алданып кетпес үчүн:

– Билебиз. Бул – бимбра. Сиздин да ак ниетиңиз менен конок кылып атканыңыздан шек санабайбыз, бирок немисти жеңип бараткан Советтик Кызыл Армия экенин сиз тана албайсыз. Ошондуктан бүгүнкү жеңишти, силердин кулдуктан кутулушуңарды белгилөө үчүн

биринчи тостту советтик арак менен көтөрсөк, сиз каршы болбостурсуз,– дедим эле, ал жүйөгө жыгылып:

– Браво! Браво! Них жие Сталин! Них жие Цервона Армия[1] – биздин арак куюлган стаканды колуна алып,– прозит, пане,– деп, бизге ичүү ишааратын жасады.

Биз турчубузбу! Айрыкча Камышан бир эле ууртап, шыпкап салды. Начфин керээли кечке наар албай, ичтейи ачылып, корккону бир аз басылып, жүрөгү ордуна келген сыяктуу, көңүлү көтөрүңкү. Бир нече ууртап атып түгөттү.

– Арак грузин шарабы эмес. Тамагыңды каарыбай өтпөйт. Кайран салхино[2]! Май жуткандан жумшак. А ичиңе баргандан кийин денеңди чымыратып, делебеңди козгойт дейсиң... Ал жыргалды сөз менен айтып бере албайсын,– деп, калай банкеден балыкты сайып жатып, Цагарейшвили өзүнүн шарабын мактап салды.

– «Асманда турнаң болгуча, колуңда котурепейиң болсун» деген орустун макалы бар. Анын сыңарындай, Зураб, сенин Кахетияңдагы салхинодон көрө, мобул үстөлдүн үстүндөгү поляктын бимбрасы бизге буюрсун үй ээсинин шагын сындырбай, алып койбойлубу?! – деп, Коптев тарелкасындагы сорпого каткан нанды матырып, күмүш кашык менен кабелтең сузуп, оозуна салды.

«Бимбра» деген сөздү кулагы чалган поляк стаканды көтөрүп:

– Экинчи тостту мен Кызыл Армиянын жеңиши жана бөлүнбөгөн эркин Польша үчүн көтөрөм, мырзалар! – деп, бимбрасын түбүнө чейин ичип, уусу жок ичкиликти ак ниет менен бизге сунганын далилдеп, стаканын коюп, байбичеси алып келген картөшкө аралаш тоок этинен айры менен сайып оозуна салды. Биз, үй ээсин ыраазы кылуу үчүн, анын артынан бимбраны урдук. Бул сапар начфин да чачабай, тынбай жутуп жиберди. Аракка ка-

[1] Бали-бали! Жашасын Сталин! Жашасын Кызыл Армия!.. Өтүнөм, мырзалар.

[2] Салхино – грузин виносунун аты, сорту.

раганда, бимбра кант аралаш чиенин ширеси кошулган неме, жумшактык кылдыбы, же ачка немени биринчи стопка оңдоп койдубу, билбейм...

Ошентип, казаттын биринчи күнүндө биринчи жолуккан жергиликтүү үй бүлө бизди «туз-даамы» менен тосуп, ичтеги түпөйүлдү анча-мынча эритип, төлгө башы жаман болгон жок. Аны менен эзиле маектешип, сыр тартышууга убакыт мүмкүндүк бербеди. Тамакты ичип, үй ээлерине, байы менен байбичесине ыракматыбызды айтып, сыртка чыгып бараткандыбызда, Камышан бимбрадан дагы бир стакан согуп алды.

Эшик караңгы болуп калыптыр. Солдаттар тоюнуп, арак ичкенден кийин күлкүлөрү бийик, күжүлдөшүп, көңүлдөрү көтөрүңкү. Аттар да жем-чөптөн кийин ичтери чыгып, терлери кургап, ыргыштап болушпайт. Көчөдө машинечен, атчан, жөө аскерлердин дагы бир кошууну жанагылардын жолу менен артынан чубап баратышат. Биз аянттан түндүк-батышка кеткен жолго түштүк.

Күн бүркөк. Жол жакшы, дангыр, кең экен. Таң аткыча тынымсыз жүрдүк. Он чакты кыштактан өттүк көрүнөт. Артыбыздан эки сапар моторлошкон колонна жандап алдыга өтүп кетти. Биз күндүзгүдөй эле, бирде түндүккө, бирде түштүккө көч башын буруп, ийри-муйру маршрут менен баратабыз. Баягыдай эле кээде өзүбүзгө окшогон ат унаалуу, кээде ат унаалуу колонналар менен тепчишип, кайчылашып өтүп барабыз.

Колоннанын алдында дивизион чалгынчыларынын төртөө атчан жол чалышып, кабарлап турушат. Цагарейшвили ат айдагычтарды алмаштырып туруу командасын берип, өзү да атын чалгынчылар командирине түшүп берип чанада эс алып барат. Биз да улам бирибиз чана айдап, солдатыбызды жаткырып койдук. Түн ортосунан оогондон кийин Коптев Камышандын атына минип, тигиге чанадан орун бердик эле, өзү айтууга батына албай турган экен, сүйүнүп кетти. Келип эле кулады.

Согуштун дүбүртү угулбайт. Тегеректе шектүү деле табыш билинбейт. Жолубузда чакан-чакан токойлор учурайт. Анын ичи айсыз түндө андан бетер түнт. Балким чабылган душмандын чамындыларынан «токойдо тентип жүргөндөрү болуп, кол салбасын» деген аярдык менен, андай учурларда чаналардын ичинде орнотулган ок бүркүчтөрдү жолубуздун эки капталын каратып, «сактыкка кордук да, оордук да жок» кылып, аңдытып койгон Цагарейшвили. Ал андайга карт бөрүлүк жайы бар. Биринчи сапар казатка аттанган жери жок! Автоматтарыбыз да колубузда. Кудай сактасын!

Бир да шаарга кабыла элекпиз. Эли бытмырдай кайнаган Европада кантип эле шаар сейрек болсун! Булар тургай, менин эле көзүмчө жаңы отурукташкан көчмөн элдин жеринде деле азыр шаар көп. Менимче, командалоочулардын атайын амалы болсо керек. Жөө солдаттарды, атчан көчтү опур-топурлантып, шаар аралатпайлы дегени го? Чоң-чоң айылдарды же хуторлорду деле басып өткөнүбүз жок. Литвада ар бир хутор сайын желдин күчүнөн жасалган электр кубаты болоор эле. Мында ал да жок. Балким атайын электр шамдарын өчүрүп коюшкан, же бизге чейин эле немистер булардын ындынын өчүргөн, дарбазалары бек.

Кандай айтпайлы, биз деле буларга чоочунбуз. Болгондо да жөн эле жолдон өткөн жолбун чоочун эмес, колубузда курал бар, жоо кууп бараткан чоочунбуз. Кымгуут чакчалекей түшкөн урушта биздин солдаттардын баарысы тең тартиптүү, абийирдүү, боорукер иш жасайт деп, кепил боло алабызбы? Ким билет, ким үйүндө, элинде кандай тарбияланганын? Жок, биз буларга, «жакшы кабыл албайсыңар, дарбазаңарды бекитип, чырагыңарды өчүрүп, итиңерди агытып жибересиңер» деп, ойлонбой опузалай бербейли. Кечиндеги үй-бүлөгө дарбазасын өзүбүз ачып, котолоп кирип барбасак, өздөрү чакырган эмес эле да. Дидарлашып, сөз катышкандан кийин, дасторконун жайышпадыбы?..

Узун түндө, кандуу жолдо, чоочун элде, жерде, айтаар сөз түгөнүп, ат басыгына жараша жылган чананын үстүндө улам үргүлөп ойгонуп, уйку-соонун арасында ар кимибиз ар кандай ойго чөмүлүп келебиз... Асманда жылдыз көрүнбөйт, Мына, таң жарчысы корооздун үнү угулду. Жакын жерде айыл бар го?.. Уруштун дүбүртү дагы эле угулбайт. Немис түгөнүп калганбы, же жерге буту тийбей калганбы?.. Майор Камышан ойгонуп, атына минди. Коптев өз ордун ээледи. Мени уктап атат десе керек, акырын келип, менин эч жеримди баспай, акырын жатты. Можу кармап, аттарды башкарып келаткан начфин биздин кыймылдаганыбызды эш тутуп, тилге келип, сөз баштайын дегиче, начхим уйкуга кирди. Аңгыча көчүбүз дагы бир токойго кабылды. Кышкы чилденин чыкыроону токойго уялап алгандай суук катуулоодо. Алды утур соккон жел дарактардын шактарын теңселтип, токойдун өзүнө гана таандык, башкалар менен чаташтыргыс таанымал табыш чыгарат. Айланада көз, кулак сезимдерине уруна турган шектүү нерсе байкалбайт.

Кудая тобо! Бар болгону мындан 10–15 саат эле мурда кандуу кагылыштын өрттүү сели каптап өткөн жерди аралап бараткаными өзүм күбө болбосом, бирөө айтканга ишенгис жымжырт, бейкут! Анда-санда чананын таманы кара жерге сүрүлө калганда, же ат бышкырганда чыккан табыштар эле бейкуттуктун кулакты керең кылган тынчтыгын жаңырык салып бузбаса, жым-м-жырт!

«Манастагы» «Буурсун чийген чийин жок, суур казган ийин жок» дегендей, уруштун кыпындай белгиси байкалбайт. Чыпчыргасы коробой, айлана бүтүндөй сезилет. Сыягы, бул жерди душман басып өтпөй эле, качып өтсө керек, же бүлдүрүүгө шайы келбей, шашып өтсө керек! Болбосо, үч жылдан бери маа окшоп согушка башы бышып, кандим болуп, талаа жортуп жүргөндөргө душман изи доңуздун изинен да даана таанымал бол-

ду го, чиркин! А балким караңгы түн каргыш тийген согуштун айыбын бизден жашырып атпасын? Эмнеси болсо да жол таманы, эки чети, аркы токой жээктери көз жеткен жерге чейин согуштун жараатынан таза. Атаганат, ылайым эле таза болсо кана, чиркин?! Жексур согуш бүтмөйүнчө канча адамды, канча айбанды, канча жерди жарадар кылаар экен? Канча жанды жер жүзүнөн жексен кылып, кыраар экен? Оо, дүнүйөң кургур! Эчтеме көрбөгөнсүп, эчтеме болбогонсуп, айлана тек гана дымып, түбөлүк бейкуттуктун күүсүн токоюна черттирип, бизди узатып атканын карабайсыңбы! Ушинтип канчага дейре, кай жерге дейре алдаар экенсиң?..

Мына, дагы үн алышкан корооздор бейкуттуктун кулакка – жетээр-жетпес күңгүрөгөн күүсүн бузду. Артыбызда таң шооласы асманда салаңдаган булуттарды сур боекко боёй баштады. Токойдон чыгып баратабыз. Туш-туштан чурулдаган корооздордун үндөрү келаткан таңды куттуктагандай. Айланабыз ачыла баштады. Аттардын сооруларын бубак жапкан, туяк чачылары шак-шак, таноолорунан чыккан буу кернейден бураган түтүн сыяктуу. Алдыбызда бирин-серин жылтылдаган оттор пайда болду. Сыягы, бир айылга жакындап келатсак керек. Акырындап, тегерегибизге жан кире баштады. Оң тарапта, кайдадыр көп алыс эмес жерде машинелерди от алдырып атканы угулду. Жүк үстүндө, өбөктөп уйкусу менен алек болуп келаткандар башын көтөрүшүп, отура калышып, кээси көзүн ушалап, кээси чанадан түшүп жанаша басып, муун-жүүндөрүн, уюган буту-колдорун жибитип, жылытууга киришти. Аңгыча жерге жарык түштү, айлана толук ачылды. Колоннабыздын башы жанагы оттору жылтылдаган кыштакка кирди. Ат үстүндө үргүлөп келатып Камышан көзүн ачып, жаныбыздан желдирип өтүп, алга Цагарейшвилиге кетти.

А деп, бу дегиче, көчтүн аягы да кыштактын көчөсүн аралап калды. Коптев ойгонгондо мен эбак чанада отур-

гамын. Начфин да солдатты ойготуп, можусун колуна карматып, жамбаштамак болду эле, аңгыча бүт колонна токтоду. Шарт боюнча үчөөбүз тең ордубуздан туруп, дивизион штабын карай алдыга басып, чубалган көчтү жандап өтүп жеткиче, денеме кан жүгүрүп, уюган жерлерим таркап, жеңил болуп калдым. Жолдон баратып, начфинден ден соолугун сурасак, окшуганы басылып, көңүлү бир аз ачылып, түндө ат айдаганга кыйла алаксып, казат жолуна байыр алайын деп калыптыр.

– Көбүрөөк ат айдасаң, бат эле көнөсүң, анан өлүктөрдү коркпой көрөсүн, – Петро күйдүргү тигини чычалатты. Тамашалашып отуруп, Цагарейшвилиге жеттик эле, бизден башка офицерлер мурда келип комдивизион, Камышан болушуп, штабдын байланыш офицерин тегеректеп калышыптыр. Ал буларга жаңылыктарды айта баштаган экен. Полк командири штабы менен, экинчи дивизон, авто унаачан башка бөлүкчөлөрдүн баарысы ушул кыштакта. Биз такоолдоп келаткан аткычтар полкунун бир батальону да ушунда, калгандары тегеректеги башка айылдарга орношту дейт. Подполковник бизге бул кыштакта эки саат дем алууга улуксаат бериптир. Аттарга жем өзүбүздөн, чөптү кыштактыктар камсыз кылмак болуптур.

– Азырынча тамак-аштарды ичип эс алгыла. Туура саат 10 нөл-нөлдө комначсостав штабда болосуңар,– деп, байланыш офицери полк командиринин орун басары менен комдивизионду ээрчитип, полк штабын карай басты. Ушуну менен кечээки казаттын биринчи суткеси аяктады.

## – 7 –

Биз казатка чыккандын үчүнчү күнү эртең менен саат 9дан 22 мүнөт өткөндө биринчи сапар шаарга жолуктук. Ал Радом шаары экен. Көчөлөрүнө майда таш төшөлгөн, таза. Кар кыламыктап жаап турат. Үйлөрүнүн көпчүлүгү

эки-үч кабат. Биринчи кабатында ар түрдүү дүкөн, кафе, ресторан, пивокана. Көрнөктөрүнүн баарысы немисче. Кээ бир балкондордо ак желектер турат. Бир аз аралаган соң ачык аянтка келип токтодук.

Биз кечээтен бери аткычтар полку менен куйрук улаш, жөө солдаттардын артынан келебиз. Машинелештирилген бөлүгүбүз абалга жараша бирде алдыда, бирде артта, кээде биз менен жүрүп келет. Бул сапар шаарга чогуу кирдик. Жөө солдаттар үй-үйлөрдү кыдырып шаарга кетти. Биздин аскерлер куралыбызды, жүгүбүздү таштай албай, унааларыбызды аянтка көчө-көчө баштарына токтотуп, аянтты курчаган үйлөрдү сонундукка кыдыра баштадык. Начхим, начфин үчөөбүз тобубузду жазбайбыз. Начхим экөөбүз немисче анча-мынча түшүнөбүз, полякча да үч айдын ичинде «нан сурап жешти» үйрөнүп алганбыз. Орусчадан башканы билбеген караманча макообуз – начфин. Муунга толуп калгап сары сууну таратыш үчүн аянтты айлана кыдырып жүрүп бир үйгө кабылдык эле, «Бижутерий» деп айнегинде жазылып турат. Бул эмне экенин мен билбейт экенмин. Начхимден сурасак, ал да билбейт. Ичине кирсек– чакан дүкөн… Товарларын катууга үлгүрө албай калышканбы, же атайын эле кызыл аскерлер көрсүн дешкенби, билбейм, кыдырата кашаалап тоскон стол айнектеринин астында, тамдын бооруна жасаган уюктарда эмне гана жок?! Көзүңдүн жоосун алат! Тизилген шурулар, ар түрдүү мончоктор, акактар, берметтер, седеп топчулар, ийнелер, ийментер, сөйкөлөр, шакектер, айтор, дүр-дүйнөнүн баары бар! Биринен бири сонун! Таңыркаганыбызды жашыра албай, көздөрүбүздү бир буюмдан экинчи буюмга алаңдатып атып, дүкөн ээлерин этибарга албай калыппыз.

– Пшепшошем пане![1] – деген үнгө жүзүмдү бурсам, бир семиз кемпир тестиер кыз экөө дүкөндүн терезе

[1] Кош келиңиздер, мырзалар!

жак бурчунда колдорун бооруна алып, бизге жалдырап карап турушуптур. Кемпир калп эле жылмайымыш болгону менен кабагы карыш, кыз бизден чочуганын жашыра албайт. Бетинин түктүйгөнү көрүнүп турат. Алардын кейпин көз токтотуп байкаган соң, дагы чочутуп, ишибизди ырбатпайлы деп, эч нерсе албай, жөн эле таанышмак үчүн киргенибизди айтып, чыгууга бурулуп баратканыбызда:

– Прозит, прозит, пане![1] – деп дагы көңүлүбүздү бурду.

Карасак: кызы үчөөбүзгө үч автокалем алып келатыптыр. Шагын сындырбай алып:

– На память! – десек, кемпир кайталап.

– На память, на память! До виденье![2] – деди. Кызы да кемпирди кайталады.

Эшикке чыксак, биз окшоп, үй баш сайын жортуп, тайганча жойлоп шимшилеген солдаттар толуп жүрөт. Көчөнүн аянт удулундагы эшиги тамынын бурчуна чыгарылган бир үйгө кирсек, бизден башкаларга небак толуп калыптыр. Тосмонун ары жагында ак халатчан, башына доктордун ак шоңшойгон топусун кийген бир толмоч жигит сол колу менен кара топчудай бир нерсени басып, чоргодон атырылган пиво куюп атат. Биз кирген үй пивокана экен. Пивосу – акактай тунук сары суу. Кружканын жарымынан жогору ак баржак болуп, көбүрүп-жабырып, үстү үй тигип, көбүгү быжырап чертилет! Атаңдын көрү, ичкен да арманда, ичпеген да арманда! Чоргого пиво кайдан келип атканы көрүнбөйт. Чорго түптүз эле жылма тосмого орнотулган. Анын түбүндө жанагы кара кнопка. Андан берирээк, пивочунун сол колу тушта дат баспаган металлдан жасалган батынуска окшош неме да тосмо үстөлгө бекитилген. Батынустун так ортосунан чорчоюп, упчуга окшогон бир жалтырак

[1] Өтүнөм, өтүнөм, мырзалар (полякча).
[2] Эстеликке, эстеликке! Көрүшкөнчө!

темир түтүк чыгып турат. Ага куру кружканы көмкөрө койсо, ичинен суу атып чыгып, заматта өзү жуп жиберет. Жуунду суу батынустан ташып кетпей, андагы майда тешиктерге житип кетип атат. Мындай укмушту биринчи көрүшүм. Маскөөдө да мындайды 1937-жылы экскурсияга келгенде көргөн эмесмин... А менин Республикамдын кайсы жеринде болбосун, мейли, чоң ресторанында болсун, Маскөөдөгүдөй эле эмен челектен насос менен тарттырып, эки-үч кружка пиводон кийин жел үйлөтүп убара боло беришет.

Укмушуң кургур! Бу согуш деген балакетте жалаң гана жамандыкты көрбөстөн, ар түрдүү калктын түркүн өнөрүн да көрөт турбайсыңбы?! «Көп жашаган билбейт, көптү көргөн билет» – деген ушу турбайбы?! Мен пивочунун шыпылдап өзү жалгыз шамдагай иштеп, тизилген элге (анын ичинде, ургундай көпчүлүгү Кызыл Армиянын жоокерлери: жөө солдаттар, артиллеристтер, сапёрлор, интенданттар, карапайым солдаттар жана офицерлер, эки танкист да бар) суусун сунуп, кезек конвеердей жылып атканын таңыркап, жалдырап карап калыпмын. Бир маалда:

– Битте, геноссе![1] – деп мага кружка сунганда, пивочунун дидарына көңүл бурдум эле, сакал-муруту таза кырылган, эки бети тамылжыган чулчук жаак, ак кирпик, көк көз кашы, чачы куйкул сары неме экен. Тиги сүйлөгөн сөзүнөн эмес, кебетесинен эле немис экени билинди. Бул качып кете албай калган неме го деп, шек санасак, биз менен кошо пиво ичип аткан ушул шаардык поляктар тигини ушул шаарда туулуп-өскөн, түпкү тегинен бери ушул шаарда жашап келишкен немистерден экенине күбөлүккө өтүштү. «Радомдо немистер бир топ бар, кыйласы качып кетти. Бул окшогон кээ бирөөлөрү калышты. Мунун чакан пивоканасы бар, бай эмес. Поляктар менен, айрыкча карапайым калк менен дайым

[1] Келиңиз жолдош! (немисче).

ынтымакта жашап келет. Немистердин тушунда алардын армиясына кирбей, полицайында да иштебей, амал таап жан багып жүргөн. Өз ыктыяры менен: «Ата конушуман кетпейм, Кызыл Армиядан коркпойм. Аларда деле акыйкаттык бар чыгаар?..» – деп, калып калды. Таң эртеден бери пивоканасын ачып, Кызыл Армияны пивосу менен тосуп, акы албай таратып атат» деген информация алдык. Ошентсе да тактап:

– Vie11e1cht dieses Bier ist giftig?[1] – деп пивочудан сурасам, көздөрү чанагынан чыгып:

– Nein, o mein Gott! Nicht giftig! Ich bin nicht Faschist![2] – деп жиберди. Таамай суроо берем деп, мунун жүрөгүн түшүрүп койдум бейм?..

– Эмне үчүн шаарда кээ бир үйлөрдүн балконунда ак желектер илинип турат? Биз силерди, поляктарды, фашизмден куткарып атсак, силер багынуунун белгисин илгениңер эмне? – капитан Коптев саясий тил менен поляктарды уяткармак болду эле, орус тилин түзүк билген бир кара мурут, кебетеси отуздан ашып калган неме:

– Алар жергиликтүү немистер. Немистер үчүн, албетте, жеңилиш. Мына мунун балконунда да ак желек салбырап турат. А поляктар, украиндер, маселен мен украинмин, силерди куткаруучулар деп билебиз. Ошондуктан силерден коркпой, түзүк кийимдерибизди кийип, майрамдык шартта, көңүлдү көтөрүп, топтошуп тосуп алып атабыз, – кеңири жооп берип, өзү биз менен кепке аралашканына жолдошторуна кыр көрсөтүп, мактанып, – Силер менен көрүшкөнүбүз үчүн Червоная Армиянын жеңиши үчүн көтөрүп коюшуңарды өтүнөм!» – деп колундагы кружкасын тартып жиберди. Начфин үч күндөн бери согуш жолунда көргөндөрүнө көзү үйүр болуп, өзү көнүп келаткан окшойт. Ичкен-жегендерин түзүк сиңирип, ичтейи ачылып калган бейм, пивону

[1] Балким, бул пиво уулангандыр?
[2] Жок, жок, О Кудайым! Ууланган эмес, мен фашист эмесмин!

тиги украинден мурда ичип бүтүрдү. Коптев, сөзмөр неме, котологон эл менен тил таап, бирде орусча, бирде полякча, кээде немисче калжың сөздөрдүн учугун чубап, биз жөнүндө жакшы ппкир туудурууда. Мен болсом, бая, адеп киргенде таңыркаган нерсемден улам көзүмдү айыра албай: өзү жууп жаткан машинеде иштеген киши деле машинедей зыпылдап ылдам иштейт турбайбы деп ойго батып кетипмин.

Пивочу немис жанагы менин шектүү суроолорумдан кийин, ичинде кектүү ойлор калбасын деп, сунган кружкасын мен да бошоттум. Көптөн бири ичпей сагынып калгандыктанбы, же чын эле сапаттуу пивобу, айтор алда немедей татып, Алайдын кымызын ичкендей сездим. Экинчи кружкасын абайлап даамын татып, тамшанып ичтим эле, чын эле Фрунзенин, Ташкендин, Фергананын пивосунан артык, бирок биздин Караколдун пивосуна жетпейт! Кайран Караколдун балжуургандай коймолжун, каракочкул пивосу-ай! Насип болуп, кайра даамыңды татаар күн болоор бекен?

Көп калжыңдашууга убакыт жок. Пиво менен конок кылганына ыракмат айтып, биз учурашкан жергиликтүүлөргө: «Бизден чочубай, өз оокаттарын жасап, жашай беришсин. Биз фашисттер эмеспиз. Интернационалистербиз, бизге тийбегендерге тийбейбиз, бирок катылгандын катыгын беребиз» – деп, көңүлдөрүн көтөрүп, коштошуп сыртка чыктык... Эртең мененки тамагыбызды, наркомдун жүз граммын ичип, эки сааттык тынымыбыз бүткөн соң, айтылгандай штабга чогулдук. Подполковник Иванов көп сүйлөбөгөн, көп сөздүүнү жактырбаган киши, дароо жыйынды ачып, баарыбызды жеңиштүү чабуул менен куттуктап, казатка аттангандан бери биринчи эле күнү бир аз чыгым болгонубузду, андан кийинки эки жолку кармашта «биз такоолдоп келаткан 89-дивизиянын аткыч полктору жеткиче эле танкечендер армиясынын жоокерлери душманды талкалаганын көрдүңөр. Биз мина бүрк-

күчтөрүбүздү көчүбүздөн жерге түшүрбөгөнүбүзгө бүгүн эки сутке болду. Азыр биздин түндүгүбүздө, Варшаванын чеке белинде салгылашуулар жүрүп атат. Биздин 33-армиянын оң канатындагылар шаардын түштүк четинде кызуу урушуп аткан кези. Биз такоолдогон дивизияга, душман алдыбыздагы аскерлерин Варшавадагыларына жардам көрсөтүүгө алып кетпеске жолто болуп урушуу милдети коюлган. Биздин сол жагыбызда Биринчи Украин фронтунун аскерлери келатканын көрдүңөр, алар менен кайчылашып, тепчишип келатабыз. Ала-чокул жерде душман жашынып калбагыдай кылып, эки фронттун жанашкан жерлерин капшырып келебиз. Биз өзүбүзгө бекитилген аткычтар дивизиясынан ажырабас үчүн, ар дайым жөө солдаттардын артынан калбай жүрүшүбүз керек! Дивизия чарчаган полкун улам алмаштырып, алдыга эс алгандарын жибериши мүмкүн. Бизде андай укук жок жана антүүнүн кажети да жок. Биз дайым алдыңкы полкун такоолдошубуз керек. Мындан ары эки дивизионубуз чогуу жүрөбүз. Тынган жерлерибизге бензин, ок-дарылар, тамак-аш, кийим, жем үзгүлтүксүз жеткирилип турат. Чөптү жергиликтүү элден алууга армиянын командоочусу улуксат берди. Тартипти катуу сактагыла жолдош командирлер! – деп, полк командири бүгүн кадимкиден көбүрөөк сүйлөдү. Балким, жеңиштин чоң ийгиликтерине, чыгымдын жокко эсе болушуна дөөгүрсүп, көбүрөөк жутуп, көңүлүн ашыгыраак ачып алганбы, билбейм?

– Калуга облусундагы чөптү кантебиз? – Суроо катарында эмес, тамаша катарында, анын үстүнө, жайында чөп чабуу боюнча көрүлгөн чараларды эскерип, кеп учугун чубадым эле, анын өөрчүп кетишине жол бербей, подполковник.

– Азырынча поляктардан, немистерден «карыз» ала турабыз. Согуш бүтүп, колубуз бошогондо төлөп беребиз. Ал жөнүндө кам санабай, доктор, «сурап алган», олжого түшкөн жем-чөптүн сапатын текшерип, аттарыңдын

кем-карчын камсыз кылууну ойлон! – деп, катыра жооп кайтарды.

– Эки суткеден бери күндүр-түндүр тынымсыз жүрүп келебиз. Эс ала калган жерлерде жергиликтүү калк менен сүйлөшүүгө туура келип атат. Кээ бир үйлөрдө кулачын жайып тосушса, кээ бир жерлерде, унчукпай мостоюшат. Алар менен урушууга себеп таба албайсың. Андайлардан кантип ичүүгө суу, аттарга жем-чөп сурайсың? «Талап алды, тартып кетти!» деген жалаага калбас үчүн кандай чара көрүш керек? – дивизион командири капитан Цагарейшвили кечээки болгон бир чекилешүүдөн улам туулган суроосун жалпылады.

– Биздин агентуранын, – бул суроого подполковник эмес, капитан Акопян ордунан туруп жооп берди, – билдирүүсүнө караганда батышка тереңдеген сайын, жергиликтүү калктан жакшылыкты улам азыраак күтүүгө болот. Булар немистерди жек көрүү менен катар бизден, Кызыл Армиядан, дубадан качкан шайтандай коркушат. Ошондуктан, куугунда жүргөн Өкмөтүнүн көктүгүнө бел байлап «борборубузду поляктар өздөрүбүз Советтин жардамысыз немистен бошотобуз» деп, Бур-Комаровский жашыруун уюштурган армиясы, командалоочулар менен макулдашпай туруп, Варшаванын босогосу Прага деген кичине шаарда немистерге каршы көтөрүлүш жасашып, анысы ордунан чыкпай, чоң кыргынга учурады. Биз жөнүндө оң информация Польшанын калың элине жете элек. Мындай абал белгилүү бир кыйынчылыктарды туудурат дечи, бирок, окторулган селди токтотууга туруштук бере албайт. Булар эмес, азуусун айга жанган, чылк жарак-жабдыктуу немистер айдакка кабылган карышкырдай аландап дайынын табалбай атканда, булар кимче болуп калыптыр? Кеп, бул жерде, күчтө эмес, амалда. Күчкө салсак, дипломатияны бузуп алабыз. Ошондуктан, жергиликтүү калкка этияттык менен мамиле кылышыбыз керек. Кокус зарыл нерсеге кирептер

болсоңор сурап, улуксат берсе гана алгыла, эгер ансыз жыла албай турган болсоңор, анда ал буюмду алып, колдоруна Кызыл Армиянын атынан убада кат бергиле. Кийин өздөрүнүн өкмөтү ушул документ боюнча биз менен эсептешип алат деп түшүндүргүлө.

– А кокус бизге: ат, чана, араба, машине, трактор жана башка транспорт керек болуп калсачы? – Коптев суроосун кыстарды эле, анда:

– Сиз санаган буюмдардын баарысы стратегиялык материалдар тизмесине кирет. Андан тышкары: атуучу, чабуучу, жаруучу, өрттөөчү куралдар, ок-дарылар, радио кабылдагыч, жазгыч машинка, мотоцикл, пеленгатор, дүрбү, Морзе аппараты, ал тургай брезент, урушка керектүү дагы далай буюм-тайымдарды сурамак түгүл, тартып алууга, эл аралык жоболордун негизинде, акыңар бар. Ал үчүн кыңк эте алышпайт. Азык-түлүк, жем-чөп, кийим-кечек, жип-шуу, эмерек, айыл-чарба шаймандары, мына ушундайларга солдаттардын көздөрү кычышкандан сак болгула! – деди Акопян.

– А кыз-келиндер стратегиялык материалдарга кирбейби? – түгөнгөн Коптевдин бул суроосу баарыбызды күлдүрдү.

– Бул чоң саясий материалдарга кирет! Элдердин тарыхында көп чыр-чатак, кандуу согуштар аялдардын кесепетинен чыкканын унутпагыла. Бул жагынан абдан этият болбосок, дүйнөгө дүңгүрөгөн жаман атка конушубуз текейден арзан. Биздин фронттордо союздаштарыбыздын жана «калыспыз» деп, өздөрүн эсептешкен кыйла мамлекеттин кабарчылары жүрөт. Алардын кээ бирөөлөрү биздин кан төгүп баатырлык кылып, душманды жеңип баратканымибызга кубанышып, ак ниети менен даңазалашып жазып жатышса, кайсы бирлери жамандык издеп, былыгыбызды чукуганга уста. Кызыл Армия күндөн күнгө күчөп, эч кимдин алы жетпеген фашисттик Германиянын армиясын талкалап, жеңиште жеңишке

ээ болуп, Европаны каптап келатканына биздин душмандар гана эмес, союздаштарыбыз да ичинен сыздап аткан кезде, биз болоор-болбос маселелерден жыдып, кепке чоркок болуп, саясий утулушка барууга эч кандай жол жок жолдош офицерлер! – Акопян ордуна отурду.

Башка суроолор жана сүйлөчүлөр жок болгондуктан подполковник жыйынды аяктап, кыскача саясий информация жасоого майор Дурдыевге акыркы сөздү ыйгарды. Байрам кадимкисиндей жаркылдап, ордунан шып туруп:

– Жолдош офицерлер! Мен да силерди жеңиштүү казат менен куттуктайм. Октябрдан январга дейре Польшанын аймагында жана да айрым фронттордо Кызыл Армия коргонууга өткөнүнөн пайдаланып, фашисттик командалоочулар өзүнүн батыш фронтун күчөтүп, союздаштарыбыздын чабуулдарын токтотуп, ал тургай өздөрү чабуулга өтүп, Арден токойлорунан жана Эльзас аймагынан досторубуздун колун кууп чыгып, декабрда оор абалга дуушар кылганда, союздаштарыбыз Иосиф Виссарионовичке жардамга кайрылыптыр. Ал киши, убадага бек турган киши болгондуктан, досторубузга тез жардам бериш үчүн биздин фронтторду мөөнөтүнөн мурда чабуулга өтүүгө буйрук бериптир. Биздин капилеттен, жаңы жылдын алдында бүлүк түшүп позицияга келгенибиздин себеби да ошол экен. Ошого карабастан, биздин чабуулдар ийгиликтүү жүрүп, эки сутканын ичинде жүз километрден ашык жол бастык. Фашисттер айласы кетип өзүнүн батыш фронтунан бир нече дивизиясын чыгыш фронтуна, бизге каршы шашылыш жөнөтүүгө мажбур болуп атат! Мунун натыйжасында кечээ биздин союздаштар кайра чабуулга өтүп, Арден токоюн бошотуп, алардын да иштери ийгиликтүү жүрүүдө. Азыр немис аскерлеринин абалы абдан начар. Туш-тушунан айдактаткан карышкырдан да жаман. Түндүктө немистердин мурдагы шериги Финляндия күздөн бери алар менен жоолашып, өз жеринен кубалоодо. Биздин

фронттун курамында Польша эл Республикасынын 1-армиясы Варшаваны душмандардан бошотуу үчүн биздин жоокерлер менен бирдикте салгылашып атат. Украин фронтторунун курамында эки румын, үч болгар армиясы, бир чех-словак армиялык корпусу немистерге каршы согушууда. Югославиянын элдик боштондукка чыгаруучу куралдуу колу Кызыл Армиянын жардамы менен өздөрүнүн борбору Белградды фашисттерден бошоткондон кийин, Адриатика деңизинин жээктерин Италияга дейре душмандардан тазалап, территориясын бүт куткарып алды. Кызыл Армиянын жеңиштүү аракеттерине шыктанган Грекия жана Албания элдери өздөрүнүн улуттук армияларынын күчү менен немистик-италиялык оккупанттардан өлкөлөрүн куткарышып, Совет мамлекетине достук ниеттерин билдирүүдө! – Байрам барган сайын жагалданып, сөздөрү оозунан ычкынтпай чубуруп, кабарын улам жаңы фактылар менен толуктаган сайын, уккулуктуу болуп, күндүр-түндүр тынбай жол тартып чарчаганыбызга карабай, кызыгып уктук. Дурдыевдин кызыл тил чечендик жайы бар экенин күзүндө эле байкагам. Бирок бүгүнкү Тайтору чаптырган Саякбайдай шыбыргактатып саясий сөздөрдү уккулуктуу, даамдуу сүйлөгөнүн биринчи угушум. Буга да балким жеңил Жеңишке ээ болуп келатканыбыз себепкердир?! Анан, анысына жараша, наркомдун таберигинен өлчөөдөн ашыгыраак кылт эткени да «каймакка куймак куйгандай» кошул-ташыл болуп аткандыр? Биз деле, начхим, начфин – үчөөбүз деле, бул зор ийгиликке бөтөнчө салым кошпой туруп эле, «эл дарбыса, эшек кошо дарбыйт» болуп Жеңиштин урматына наркомдун таберигинен тышкары, немистин сунган пивосун тойгуча ичпедикпи!..

Деле ылайым жеңил Жеңиш болсо экен! Кудай ушуну кут кыла көр! Буга чейин канча кан төктүк. Элибиз канча кан жутту?! Канчабыздан айрылдык?! Ошолордун баарысын көрүп туруп, Кудайдын деле боору ооругандай болду го?!

– Жолдош офицерлер! Көбүрөөк сүйлөсөм кечирип койгула. Жеңил Жеңиштин ийгиликтеринин негизги себептерин ачыгыраак айтпасам, карапайым солдаттар тургай, силер – офицерлер да башыңар маң болушу мүмкүн, а согушка жаңы келгендер: уруш деген оңой эле нерсе деп, илээнди, шалаакы болуп кетиши ыктымал. Жеңиш жеңил болуш үчүн мындан да ылдамыраак, бачымыраак жылышыбыз керек. Душманга бир мүнөт да тыным беришибиз керек эмес! Андыктан, арабызда илээндиликке, шалаакылыкка согуш жарыялап, күжүрмөн куралдарыбыз менен катар, «шайдооттук, чыйрактык, шамдагайлык, сергектик» деген жанга сеп «куралдар» менен толук жабдылышыбыз керек. Душман карт бөрүдөн амалкөй, дасыган шайтан. Кокус темпибизди бир эле мүнөт басаңдатсак, анын көчүгү бир эле мүнөт жер жыттаса, жырткыч азуусун ырсайтып, айбат кылуудан кайра тартпайт. Ошон үчүн жол азабына канча кыйналбайлы, чарчоо деген болбосун, жолдош офицерлер! Жеңиш үчүн алга, Мекен үчүн, Сталин үчүн алга, жолдоштор! – деп, майор Дурдыев сөзүн аяктады, Подполковник буга кошумча сөз сүйлөп, убакыт алып отурбай:

– Тарагыла! Жол тарткыла! – деп команда гана берди. Алдыбызда сол-сол болуп тизилген, биз такоолдоп бараткан аткычтар полкунун бир батальонунун артынан ээрчип, биздин биринчи дивизион Радом шаарынан казатка чыкканда саат туура эртең мененки 10 нөл-нөл эле. Таң эртеңки кыламык эми теректин тыбытындай жел менен кошо учуп, бетке чаба жаап калыптыр. Биздин артыбыздан экинчи батальонунун колоннасы, анын артынан биздин авто унаалуу экинчи дивизион, андан кийин полкубуздун штабы жол тартууда. Алардын артында дагы кимдер келатканын билбейм, бирок жер майыштырган калың кол жолго сыйбай келатканы белгилүү. Алдыбызда канча аскер бараткынын ким билет.

Биз тыным алган эки сааттын ичинде эле тынбай чубап өтүп атканы канча болду?!

Пай-пай, адамдын көптүгү! Баарында курал, жок эле дегенде бир тапанча. Жөө солдаттардын автоматтан тышкары белдеринде тизилген гранаттар. Бая эртең менен жан соогалап далбастап, пивосун сунуп калдастаган немистикине ушулардын жүздөн бирөө кирсе да, суусунуң тамчысы калбай какшыгандыр?.. Тү, Кудай бетин салбагыр! Мунун баарысы каякка батып келген? Биздин эле майдан тилкесинде ушунча кол, а башка майдандарда канча дейсиң? Биздин өлкөнүн эр бүлөсүнүн баарысы көчүп келаткан бейм? Буга кандай жоо туруштук бере алат? Буга ким түтөт? Баракелди партияга! Баракелде Сталинге, ушулардын баарысын тикесинен тургузганга! Карачы: көрсөң-көздүн жоосун алат! Жеңишке жеңил ээ болуп атканыбыздын негизги себеби ушу болбосун? Албетте ушул! Көсөөнүн сакалындай сербейген сейрек колдон корккон жоо болушса, немистер ушунча узак жыл биз менен согушат беле, небак эле уйпалап күмжам кылып салышпайт беле?! Жок! Биз көптүгүбүздөн, көктүгүбүздөн, эрдигибизден баарын көтөрүп, акыры, мөрөйдү колго тийгизүү майданында баратабыз. Кудай өзү колдосун! Башы жакшы башталып келатат, Кудай, акырын кайырдуу кыла көр!

Ушул, азыр мен көргөндү көрөөр бекемин деп, көксөгөндүн миллиондору тилектерине жетпей, эң аялуу нерсеси – жаны менен коштошуп, сөөктөрү майдан талааларында калды. Алар жамандыгынан, чоркоктугунан, уруш жайын билбегендигинен калып, биз кыйындыгыбыздан, урушка маштыгыбыздан келаткан жерибиз жок. Антип айтуу, ойлонуу арбактарды ызалоо, Кудайга күнөөкөр болуу менен барабар! «Бул дүйнөдө ар адамдын бакыт таалайдан сырткары өзүнө тиешелүү өмүр үлүшү бар» дешет, дин такыбалары. Мунун канчасы чын экенин бир Кудай билбесе, такыбалардын өздөрү

да билишпейт. Өмүр жолунун акыркы станциясы ажал экени баарыбызга маалым. Демек, бүгүн биз менен кошо Жеңиш жолуна чыга алышпай, майдан талааларында калгандардын акыркы станциялары ошо талааларда экен да?! Биз бүгүн «Жеңишке жеңил жол менен баратабыз» деп, дөөгүрсүгөнүбүз ала көөдөн эселектик турбайбы! Чынында бүгүнкү жеңил жол, кечээки силердин денеңерден төшөлүп, каныңар менен асфальтталган жол турбайбы. Оо эсил кайран азаматтар! Бизди силердин арбагыңар, жеңишке силер салган жеңил жол менен сүрөп бараткан турбайбы! Биз – тирүүлөр Ата Мекен үчүн жанын аябаган силердин арбактарыңарга түбөлүк карызбыз!..

Эки саат эс алган соң аскердик тартип менен ар кимибиз белгилүү орундарыбызды ээлеп, казат жолуна кайра түшүп атканда, кудай жолубузду ак жолтой кыла көр деп, чанага отураарым менен ичимден келме келтирип, көргөндөрдү, баштан өткөргөндү адатымча эс-акылымдын алдында кайра чубуртуп, санаа мухитинин ириминдеги айлампага кабылып, кыйла тегеренип, өзүм менен өзүм алек болуп атсам, капитан Коптев начфинди шакабалап, козутуп, кепке тартууга алпурушуп, оюмду алагды кылды.

– Доктор, сен экөөбүз эки суткеден бери көзүбүз ачылаары менен жаактарыбыз тынбай, жол кыскартып келебиз. А бул улук лейтенант бизди кобуратып коюп, өзү күч коротпой, бекер уккусу бар. Аскерде, кала берсе казат жолунда, андай арамдык жарабайт. Каалайсыңбы, каалабайсыңбы – баары бир. Биз төртөөбүз бир чанага отуруп казат сапарына баратабыз. Канткени менен казат жолу кандуу жол, а төртөөбүздүн тагдырыбыз бир арканга кошоктолгон. Азырынча Кудайга шүгүр, уруш жок, жол ачык, биз аманбыз. Эгер адашкан бир самолеттун бомбусу, же замбиректин дүрмөтү чанабызга тийсе, же чанабыз, аттарыбыз бир минани басып алса, көз ирмемге жетпей төртөөбүз тең ат-матыбыз менен чогуу тигил

дүйнөгө өтөбүз. Ошондо сенин ким экениңди билбей, күбөлүккө өтө албай калып жүрбөйлү?! А кокус, капыстан душман менен беттеше калсак, кантебиз? Биригишип сокку беребизби, же төртөөбүз төрт жакка жаныбызды ала качабызбы? Качып кутула албайсың, күч биримдикте! Качканды душмандан мурда жолдошуң атат. Мисалы, сен качсаң мен сени аткандан кайра тартпайм, сенин начфиндигиңе карабайм! Ошондой болбос үчүн, согушта жоокерлер сырдаш, муңдаш болуш керек, жолдош улук лейтенант. Давай, выкладывай, что за душой?[1] – деп, начфиндин ой-бойуна койбой, жулкулдатканда, мен өз оюмдан алагды болуп, начфинге боорум ооруп: «табияты жоош момун байкушту, бекер кыйнаба» деген ой менен:

– Петро, улук лейтенантты бекер кыйнайсың, күжүрмөндүк тажрыйбасы жок неме жаңы шартка эми эле араң көнүп келатса, сенин кепке тойбогон напсиңди кандыра алабы? – дедим.

– Нет, доктор, пускай он не прикидывается дурачком. Давай, начфин, валяй! Пить, так за двух воинов пьешь, а говорить по-солдатски не хочешь? Так в нашем полку неположено![2]

– Согушту көрбөсөм эмнени айтам?

– Оорукта болгон окуялардан айт.

– Ой, оорукта эмнелер гана болгон жок? – Эски кылык-жоруктары эсине түшүп кетти белем, үшкүрүп жиберди. Карасам, биринчи күндөгү кумсарган өңү жок. Бетине кызыл жүгүрүп калыптыр, оозунан арак аралашкан пивонун жыты буруксуйт. Көздөрү да майланышып калыптыр. Кыязы, кылыктанып какап-чакамыш болгону менен убагында арактын акесин таанd

[1] Бол, чыгар каткан сырыңды!

[2] Жок, доктор, келесоолонбой эле койсун. Бол, начфин сок! Ичкенге келгенде эки жоокердикин ичесиң, а солдатча кеп салгың келбейт. Биздин полкто антпейт.

«наркомовскийден» Коптев буга эки норманы кактырып койду эле, мунун эски «оорусун» козгоп койгон кейпи бар. Аны билип алып, Петро куу неме, тигини козутуп, колтугуна суу бүркүп атканын түшүнүп, мен да сүрөмөлөдүм эле, ал менден ушуну баятан бери күтүп турганбы, ким билет, же жанакы ичкендери жетчү жерине эми араң жеттиби, билбейм, начфиним терең бир күрсүнүп алды да, аңгемесин баштады.

– Мен согуштан төрт жыл мурда финансы техникумун бүткөм. Райфин бөлүмүнүн карапайым инспектору болуп иштегениме жарым жыл өтпөй, райфонун начальниги кылып дайындашты. Менден мурдагысы жашырынып жүргөн троцкист экен. Чекисттер алып барып камап, бат эле бетин ачып, атып жиберишти. Өзү еврей эле, түгөнгүр, райондук финансы ситемасынын кыйласын еврейлештирип жибериптир. Райком партиянын биринчи катчысы да менден бир аз эле мурда шайланган, ал да эл душманынын ордун ээледи. Мурдагысы чет мамлекеттин шпиону экен, Маскөө тарапка алып кетишкен эле, соо койду дейсиңби? – Ушул жерде Коптев начфиндин сөзүн бузуп:

– Сен жалаң, эле эл душмандары менен иштешкен немесиң го, алардан таалим алган кейпиң бар. Ошон үчүн бизди сүйлөтүп коюп, өзүң кылтыйып унчукпай жүргөн турбайсыңбы? – деп, тигинин көтөстүгүнө көзү жетип, кыжыры келип, биротоло куралсыздандырып, коркок күчүк кылып алмак болду. Мен да тигини өз заманынын бир урганы экенин түшүнүп, Коптевге кийлигишкен жокмун.

– Жок, жок мен эл душмандары менен иштешкен эмесмин. Мен алардын бетин ачып, алар менен тап катарында күрөшкөм...

– Болуптур улант сөзүңдү!

– Жаңы секретарым бир жактан жер оошτуруп келген неме экен. Жеке чарбаларды коллективдештирип,

саботажниктерди кулакка тартып, элинен алыс кубалап, партиянын линиясына каршы чыккандарды талкалаган тажрыйбалуу киши экен. Районго келээри менен эски жетекчилердин баарын алмаштырды, көбүн каматты. Жаңы жетекчилердин баарын чакырып алып, өзүнүн башынан өткөн партиялык тажрыйбасын айтып, анан: «Силер партияда жогуңар срочно партияга өткүлө. Партия, жолдош Сталин, азыр биздин алдыбызга: «элибизди ички эл душмандарынан тазалашыбыз керек», деген күжүрмөн милдет коюп атат. Эл чарбасын изден тайгыс социалисттик жолго коюш үчүн оңчул, солчул оппортунисттер, троцкисттер, зиновьев-бухаринчилдер жана ушул окшогон далай партиянын душмандарын өлкөбүздөн жоготушубуз керек! Мен силерге, жаш коммунисттерге, комсомолецтерге Коммунисттик (большевиктер) партиясынын күжүрмөн тапшырмасын намысыңар менен аткарат деп ишенем» деп, баарыбызга чоң тапшырма, чоң укук берди...

– Ой-ой, мен жолдош улук лейтенантты эчтеке көрбөгөн, тарс-турс чот кагып: «рубль сорок, рубль сорок – два восемьдесяттан»[1] башканы билбеген момун деп жүрсөм, социализм, коммунизмди орноштуруп жүргөн эргулдардан турбайбы! Үч айдан бери айтпай мунун баарысы ичиңе кантип батып жүрдү? – деп, оңбогон Петро начфиндин колтугуна дагы бир ууртам суу бүркүп койду эле, алагүү болуп, анын үстүнө жанагыларды сүйлөп, өпкөсү көбө калган неме:

– А как же, Вы думали я лыком шитый[2]? Жетекчиң колдоп атса, укукту колуңа бүт берсе, келесоо киши эле аткара албай калбаса, дени соо, башында мээси, финансы билими бар мен кантип аткарбайм, өзүңүз ойлонуңузчу, жолдош капитан? – дегенде, Коптев:

[1] Бир кырк сом, бир кырк сом – эки сексен сом.

[2] Ананчы, а мени Сиз жөн эле койдун териси го деп ойлосоңуз керек?

– Представляю, представляю[1] – деп, тигинин ким экенине көзү жетип, анткор жылмайып, башын чайкады.

– Анан эмне болду?

– Анан еврей калкы кызык калк болот экен. Начальнигибиз еврей кезинде жиниктирип иштетчү. Болоорболбос немелерге жумшай берүүчү, бүтүрүп келмейинче жонуңан түшчү эмес. Ага таянып алып, башка еврейлер сенин сөзүңдү тоотуп коюшчу эмес. Өзүм начальник болгондон бир жумадан кийин, бир завотделди кызматынан алдым эле, калгандары бир айга жетпей житип жоголушту. Экөөнү гана камагууга үлгүрдүм, башкаларын таппай калдым!

– Тапсаң баарын каматат белең? – Коптев дагы тукуруу отун ичкерештирип койду.

– Баарын болбосо да, жоон тобун жайлайт болчумун, калп эле жалтаңдагандын кереги эмне,– өзүнө өзү корстонуп,– деле азабы өтүп кеткен.

– Ошол жарым жылдын ичинде элеби?

– Жарым жыл турмак, он мүнөт чыдагыс кыйноого салчу.

– Ал кандай кыйноо экен?

– Он мүнөт деп күчөтүп айтканым. Бирок күчөтпөсө деле, өзүңүз калыс болуңузчу, эшикте алакайыр бороон болуп атса: «баланча айылдын өз-ара салыгы банкеге түшпөй, жылдык план аткарылбай, анын кесепетинен отчет бүтпөй атат. Эртең эртең менен, саат сегизден калбай, акча банкеге түшсүн. Угуп кой!»дейт. Анын «угуп кой» дегени «өлсөң-тирилсең да аткар» дегени. Ал айылы район борборунан элүү километрден ашат. Же машине жок, ал тургай машине жүрүүчү жол да жок. Бекитип бергени бир көк чолок, анысы да кырчаңгы. Аткарбай көр! Жалгыз өзү жемелегени аз келгенсип, калгандарды тукуруп, жеп салат!

– Бул кыйноо эмес эле мазактоого?

[1] Элестетем, элестетем!

– Ошону айтпайсызбы?! Кантип чыдоого болот? Бирок өчүмдү толук алдым. Эл душманы болгон начальниктин үй-бүлөсүн, бала-чакасы менен айдатып жибердим. Үйүн алдым. Үй мүлкүн, эмерек-семеректерин кызматчыларыма таратып бердим. Шайтан бай неме экен. Бирок өзүм эчтемесин алганым жок.

– Азаматсың улук лейтенант, өлкөбүздү жок дегенде бир «душмандан арылтыпсың».

– Кантип бир душман? Еврейден эле экөөнү камatып, он чактысын тараттым, а калгандарычы? Башкарма, сельсовет, ферма, бригадирлерден канча буржуазиялык чириктерди табууга жардам бердим.

– Ошол эмгегиң үчүн канча сыйлык алдың?

– Эмненин сыйлыгы? Эмгегимди бааламак турсун, балакетке кабыла жаздап, араң кутулдум.

– Ии, ал эмне балакет?

– Эл душмандарын табуу кампаниясы ийгиликтүү аяктап келатканда Борбордук Комитеттин февраль-март пленуму болду. Балакет ошондон башталды. Райкомубуздун биринчи секретарын ичкер тарапка чакыртып кетишти. Ордуна жаңы бирөө келди. Ал жаңы бүйрө түздү. Мен бүйрө мүчөлүгүнөн чыгарылдым. Бир-эки жума өтпөй баягыда биз каматкандардын кесиле элек, атыла электеринин кыйласы түрмөдөн акталып чыга баштады. Бир күнү райкомдун бүйрөсүнө чакыртканынан барсам, акталып чыккандарга партбилеттерин кайта тапшырып атыптыр. Мени көрө коюп, эки-үчөө: «Мени каралаган ушу болучу» деп, атырылып коё берди эле, айланайын көзүң жамандыкты көрбөсүн, тим эле башыңды жулуп алгысы бар! Бүйрөдөгүлөр араң арачалап токтотушту. Калп айткан менен болобу, аларды КГБда да каралап, күбөлүккө өткөн элем. Ошол жерде эле мени «ушакчы» деген ат менен партиядан чыгарышты. Ошентип, эки жылдык партиялык, анын ичинен бир жылдык бүйрө мүчөлүк заманымдын тагдыры эки саатка жетпей бүттү да

калды. «Камалсын!» деген сунушту да бүйрө мүчөсүнүн бирөө киргизди эле. Үрөйүм учуп, жаным согончогума түшүп кетти. Колго салганда өтпөй калды. Адилеттик дагы эле өлө элек экен.

– Негизги койгон айыбы кайсы болду? – деп, мунун «баатырдык» дастанын чала уккан немече, мен да аңкоолонуп койдум.

– Жанагы эле «ушакчы»!

– Сиз кимдерди ушактадыңыз эле?

– Менде эмненин ушагы! Райкомдун көрсөтмөсү. Бирөөнү, карала дейт, материалын берет – каралайм. Бирөөнү макта дейт, документи даяр – мактайм. Өзүм ичимден чыгарып караласам бир жөн. Менде эмне күнөө? Ырас, жаныма батыра бир сапар тилдегенинен башкаруучумдун үстүнөн арыз жазып, райкомго барганым чын. Бирок ал ансыз деле троцкист экен, баары бир, менин арызым болбосо деле, камалмак. Ошентип, мен ак жерден күйүп, майлуу, кадыр-барктуу орунумдан, кылычын чаап, кызматын өтөп жүргөн партиядан бир күндө айрылып, намысыма чыдабай, өзүмө өзүм кол салып жибере жаздаган күнүм да болду.

– Ох-ох-оо! – деп, Коптев тигинин тагдырына боору ооруган киши болуп, дагы кандай сыры бар экенин айттырмакка сүрөй баштаганда, колоннанын башынан «Стой!»[1] деген команда жетти бизге.

Токтодук. Биз жолду карата начфинди шакаба кылып келатып, кардын мынча жаап салганын байкабаптырбыз. Дагы эле жаап атат, азыр жел түндүк жактан уруп калыптыр. Саатымды карасам туура 12 нөл-нөл. «Эки саат жол жүргөн экенбиз» деп өзүмчө корутунду чыгарып атканда: «Офицеров к голове колонны»[2] деген команда келди. Үч жүз метрдей жаңы карга буйдалып беш мүнөтчө бастык окшойт. Келсек Цагарейшвили, Ка-

[1] – Стой! – Токто!

[2] Офицерлер колонна башына келсин!

мышан (бул бүгүн колоннанын алдында, комдив менен бирге эле) дагы кыйла комбат, комвзводдор чогулуп, бизди күтүп калышыптыр.

– Жолдош офицерлер,– деди Цагарейшвили – чарчаган жоксуңарбы?

– Эмнеге чарчашмак эле, – баарыбыздын ордуна майор Камышан сүйлөп кирди... Чарчады деп, мобу – колун алды жакка шилтеп,– пехотаны айт. Байкуштар стройдо басып баратып уктап атышат. Бүгүн үчүнчү күн тыным албай, уйку бетин көрбөй жолдо келатышат. Биздики эмне, биздики буларга караганда жыргал. Чана үстүндө уйкуң келсе, уктап ал. Аттарыңарды алмак-салмак айдашып жолдон калбай кете бер! Эриксең, анекдот айт. Мына артиллериянын артыкчылыгы! Көрбөйсүңөрбү экинчи дивизионду. Алар бизден да артык шартта. Машинеге түшүп жыргап келатышат.

Камышандын сөзүнүн узундугуна караганда, бул байкуш жолдо кеп салып берген кишиси жок, ат үстүндө чочоюп зериксе керек?..

– Жолдош офицерлер! Жыйырма мүнөт эс алуу жарыялайлы. Тээтиги оң жагыбызда биз тарапка келаткан колонналарды карагылачы. Ошолор бая эртеңки сол капталыбыздан чыккан украиндиктер болуу керек, дагы кайчылашаар убак болду. Аларга жол берели, анын үстүнө эки саат тынбай жаш карды жиреп аттарыбыз да чарчап калды. Бир аз эс алсын. Подполковник менен рация аркылуу сүйлөштүм, тыным жасоого улуксат берди, – деди, Цагарейшвили.

– Алдыдан кандай кабар бар, Зураб Андроникович? – деп, аскерче шаан-шөкөттөбөй эле мен Цагарейшвилиге кайрылсам, ал жооп бергиче ортодон майор Камышан кыстарыла калып:

– Доктор, аскердик устав боюнча кайрылбайсызбы – деп, мени сөздөн кармап, өзүнүн мансабы менден улук экенин билдирип, басынткысы келди эле:

– Сиз деле мени аскердик наамымдан айтпай, уставды бузуп атпайсызбы – дедим эле, дароо жооп таба албай, Камышан мукактанып калды.

– Один ноль в пользу майора Байсалова![1] – деп, Цагарейшвили Камышандын оозун биротоло жаап. – Биз такоолдоп бараткан дивизия штабынын он бирдеги информациясы боюнча биздин туура алдыбызда танкечендер армиясынын мотордуу пехотасы душманга токтоого мүмкүндүк бербей, жеткендерин кырып, бизден 30–50 километрче алдыда кетип баратыптыр. Биздин 33-Армиянын оң канаты оң жакка бурулуп, Варшавада коргонуп согушуп аткан немистердин армиясынын ооругуна чыгып, душмандын качуучу жолун тороптур, – саатын карап, – азыр саат он экинин информациясы келет, эң акыркы жаңылыктарды ошондо угабыз. – Цагарейшвили сөзүнүн аягына чыкты.

Цагарейшвилинин кабарын угуп кубанып, офицерлер кужурашып талкуугa киришип аткан элек, аңгыча нары жактагы штабдык чанадан радист кагазын колуна булгалап:

– Жаңы информация! – деп чуркап келип, комдивизионго тапшырды.

– Жолдош офицерлер, көңүл бургула! Радиограмманы окуйм: «Чабуул ийгиликтүү жүрүп барат. Биринчи Белорус фронтунун алдыңкы бөлүктөрү немистердин аскердик техникасын талкалап, Польшанын борбору Варшаваны түндүгүнөн жана түштүгүнөн жандап өтүп, душмандын шаарды коргогон кубаттуу армиялык тобун курчоого алуу коркунучун туудурду. Буларды куткарууга Померания тараптан жиберилген душман аскерлерин Экинчи Белорус фронтунун машинелешкен кошуундары жолун тосуп, Варшаванын түндүк батышында талкалашып, бүгүн саат 11.30 мүнөттө Биринчи Белорус фронтунун жоокерлери менен жолугушту. Саат 12де биздин тике маңдайыбыздагы душман колу, бизден 40–50 километр алыстыкта

[1] Бир нөл, майор Байсаловдун пайдасына.

ыркы бузулуп, туш келди качып барат. Тобунан адашып, токой ичинде каңгып жүргөндөрү кабылышы мүмкүн. Сак болгула!» – Цагарейщвили акыркы сводканы окуп бүтүп: – Поздравляю товарищи воини с победой[1]! – деп, кагаз уучтаган колун көкөлөттү. Биз ураалаганда, башка чаналардагы жоокерлер бизди колдоп кыйкырды эле, алардыкын кошуналары колдоп, колоннанын аягына дейре «Ур-ра-а-а!» созулду. Биздин кубанычтуу кыйкырыгыбыз басыла электе, артыбыздан карды асманга бургутуп, эки «виллис» чаап келди: бирөөндө байланыш офицери солдаттары менен, бирөөндө – полк командири жанжоокерлери менен. Алар токтой электе эле капитан комдивизион «Смирно!» кыйкырып, рапорт бере баштаганда, Иванов оң колун силкип «Токто!» белгисин берип:

– И-и, эмнеге ураалап жатасыңар? – деди. Цагарейшвили токтонбостон, радиограмманын мазмунун айтканда, подполковник адатынча жаш балдардай ыржайып:

– А-а анда жөнү бар экен. Биз силерди эмнеге токтогонуңарды билели деп келдик. Тиги радиограмманы биз да алдык. – Анан дивизионго «керексиз жүк» болуп келаткан үчөөбүзгө кайрылып: – Биз менен жүрүү кандай экен? Комдивизион силерди таарынткан жокпу? – дегенде:

– Жакшы, жолдош подполковник. Капитан бизге таарынгандай, биз анын командирлик бийлигин талашканыбыз жок, биз ага таарынгандай жаш бала белек – начхим, начфин – үчөөбүздүн атыбыздан наамы улуу мен жооп бердим полк командирине.

– С ними нескучно, товарищ комполка! С такими славними ребятами даже приятно вместе воевать, за них не беспокойтесь. Товарищ подполковник[2] – деп, пейили кенен грузин ичибизди билбей туруп, сыртыбыздан

---

[1] Жеңиш менен куттуктайм, жолдош жоокерлер!

[2] Булар менен зерикпейсиң, жолдош пюлк командири! Бул окшогон сонун азаматтар менен бирге согушуу ыракат, булар үчүн чочубаңыз, жолдош подполковник.

эле мактап салды. Начфинди билбейм, начхим экөөбүз оңтойсуз сезип ичибизден уялып калдык. Кыйынчылыкты кудай башка түшүргүлүк калбасын... Ылайым ушу бүгүнкү күндөй эле, душманды кууп жете албай, убара тартсак экен?! А кокус, шайтан болуп, душманга бетме-бет кабылып калсак?.. Ошондо комдивизиондун ишенимине жарап берээр бекенбиз?..

Комдивизиондун сөзүнөн улам санааркап кеткен жаным, Посоховдун жаныбызга келип калганын байкабай калыпмын, бир оокумда:

– Разрешите товарищ командир полка обратиться к Вам?[1] – деп, ал эргул Ивановго честь берип калыптыр. Үрөйүм учуп: «Кудай уруп, бирдемени келжиреп бүт баарыбыздын жакшы маанайыбызды бузуп таштабагай эле» деп, аны акырая карадым эле: Жок, Иванов анын өтүнүчүн жылуу кабыл алып:

– Разрешаю, говорите! – деп жылмайды.

– Мен отуз тогузунчу жылдан бери армиядамын. Бул окшогон кууса жеткис чабуулдарды экинчи эле сапар көрүшүм. Былтыр жайында, анан азыр. Мындай учурларды, орустун эски солдаттык салты боюнча өз убагында өстөн майламай менен белгилешкен. Ал турмак генералиссимус Суворов да солдат менен идиш кагыштыруудан жийиркенген эмес!

– Сдаюсь старшина, ты победил![2] – Иванов, адатынча ылжыйып, эки колун көтөрдү. Мен мындайды күткөн эмес элем. Посохов камбыл неме куру келбей, камдана келиптир. Шак эле чөнтөгүнөн үч куржка суурук чыгып, белиндеги калай көөкөрчөгүн колуна алып, капкагын бурап кружкаларга бүлкүлдөтүп, чулкулдатып арак куюп бирөөнү Ивановго, бирөөнү Дурдыевге, дагы бирөөнү Камышанга сунду. Иванов менен Дурдыевден кийин Камышандын колу кружкага жеткенде подполковник:

[1] Жолдош полк командири, Сизге кайрылууга улуксат этиңизчи?

[2] Багындым старшина, сен жеңдин!

– Жок болбойт – дегенде, Камышан колун тартып алды. – Шарт боюнча а дегенде аяк сунган киши менен биринчи кагыштырыш керек. Кана старшина, давай чокнемся с тобой,– кружкасын Посоховдукуна тийиштирип. – За удачное наступление Красной Армии! За легкую победу! За нашего Верховного![1] – Иванов дем албай тартып жиберди. Посохов андан калышкан жок.

– За находчивость, старшина[2] – деп, Дурдыев кружкасын бошотту. Полк командирин тегеректеп турган офицерлердин баарысы бирден ичишкен соң, майор Дурдыев:

– Эми, старшина кубаныч баарыбызда тең болсун, солдаттарыңарга да тарат бирден! – деди. Посохов дароо честь берип, машыккан солдатча бурулуп, өз чанасына жөнөгөндө, бүт колоннабыздын солдаттары тузга жамыраган койлордой биринен бири өтө чуркап, Посоховдун чаналарын тегеректеп калышты. Бир аз таңыркап солдаттарды карап туруп, Иванов.

– Чын чынына келгенде бул жеңишке биздин кандай салымыбыз бар, биринчи күнү эле душмандын коргонуу чебин бузганга катышканыбыз болбосо, – деп, айыптуу кобурап жер карады эле, чукугандай сөз тапкан Коптев:

– Соко тарткан өгүздүн мүйүзүнө конгон чымын деле «мен айдадым» деп, мактанган турбайбы, жолдош подполковник. Биз ошо чымынча жок бекенбиз. Биздин миналар деле, далай фрицтердин үшүн алгандыр, эмдигиче токтоно албай дыргаякташына караганда – деп, подполковниктин көңүлүн көтөрдү.

– Болуптур, жолдош капитан, орундуу сөз – деп, Ивановдун ордуна майор Дурдыев подполковник менен эмнегедир көз ирмешип сөзүн улантты... – Бирок шырп эткен сайын шылтоо таба берсек, Жеңишти көрбөй калбайбызбы

[1] Кел экөөбүз кагыштыралы... Кызыл Армиянын ийгиликтүү чабуулу үчүн! Жеңил жеңиш үчүн! Биздин Улук командалоочу үчүн!

[2] Жүйө тапкычтыгың үчүн, старшина!

деп чочуйм. Бүгүнкү эле болгон бир жаңы окуяны айтып берейин. Мындан бир саат мурда биз такоолдоп келаткан дивизиянын комиссары жолдош подполковник экөөбүздү чакыртканынан барсак, бизден башка полктордун командирлери да бар экен. Биздин оң жагыбыздагы кошуна дивизиянын бир полку жолундагы бир кыштакты аралап баратып, чоң кырсыкка учураптыр. Ал кыштакта спирт зооту бар экен. Солдаттар зоотко кирип өлгүчө ичип мас болушуп, кээси ошол эле жерде тура албай жан бериптир, а бир мас солдат, немистен өч алыш керек деп, ширеңке жандырган экен, дароо өрт чыгып, бир ротага жакын солдат өрттөн өлүптүр. Мынакей, арактын кесепети. Бул ит менен этият мамиле кылбаса, немистен жаман. Муну азырынча солдаттарга таратпай коё тургула, армиянын саясий бөлүмүнөн бул жөнүндө бөтөнчө чечим келиш керек, жолдош офицерлер! – деди, Дурдыев.

– Пока держите язык за зубами![1] – подполковник үнүн басаң чыгарып. – Бул эле дейсиңерби, чалгындоо маалыматтары боюнча Германиянын территориясында кыштак сайын спирт, крахмал чыгаруучу зоот бар дешет. Эгер иш оңунда болуп, ушул темп менен жүрүп отурсак, бир жумага жетпей, накта фашизмдин өз чээнине жетебиз. Ошондо солдаттарыңарга айрыкча сак болгула. Карта боюнча алдыда эки чоң токой жатат. Радиограмманы окудуңар. Токойдон этияттык менен өтүшүбүз керек. Керек болсо, батареяларды орнотуп калышыбыз мүмкүн, курал-жарагыңар жайындабы? Ар бир мина бүрккүчкө беш комплект ок-дарыңар даярбы? Автомашинелерде он комплекттен жеткидей жүк келатат, эми эки сааттан кийин тамактанууга эс алабыз. Менде сурооңор барбы? – деди.

– Менде бар, жолдош подполковник. Экинчи эшелонубуздан кандай кабар бар? Алар аман келатабы? Бизден канча артта? – суроолорду бөлүп отурбай, катары менен шыдыраттым.

[1] Азырынча оозуңардан чыгарбагыла.

– Молодец, доктор, о своих заботишься[1]. Алардын баарысы аман. Алар бизчилеп көп ийри-муйру жол баспайт. Биз болсок, адашкан, жашынган душмандарды таап, жоксон кылыш үчүн өөдө төмөн, оң-солго буйтап, издөөгө мажбурбуз. Алар биз тазалаган жолдор менен штаб жиберген маршрут боюнча түз келатышат. Азыр бизден жыйырма километрче артта. Биз тамакка эс алуучу жерге Бычков келет, ошондо андан толук жооп алабыз.

– Жолдош подполковник, бизде Сиз айткан комплектилер даяр. Үч сүткеден бери, көз тийбесин, бир да солдат тартип бузган жок. Ага жолдош майор Камышан жана бизге бекитилген Сиздин үч начальнигиңиз күбө, сурап көрсөңүз да болот – деп, Цагарейшвили корутунду рапортун берди. Биз анын айткандарын ырастап, баштарыбызды ийкедик.

– Жолуңар шыдыр болсун! – деп, подполковник саатын карап, машинесине басты. Артынан жанжоокерлери ээрчиди. Машинеге отуруп атканда, Дурдыев бизге колун булгап коштошуу ишараатын жасады.

Саатымды карасам – 12.30 мүнөт. Демек, болжогондон 10 мүнөт ашык эс алыптырбыз. Баягы биздин астыбыздан кайчы өткөн колоннанын карааны кардуу мунарыкта житип бараткансыйт.

Капитан Цагарейшвилинин командасы колоннаны кыймылга келтирди. Көч жыла баштады. Биз үч начальник жол четине чыгып өзүбүздүн чанабызды күтүп атсак, Посохом чаначан өтүп баратып, бир калай көөкөрчөк толтура арак берип кетти мага: «Жолдош начальник, жолдо эрмек кылгыла, дагы эки саат тынбайбыз эми» деп.

– Көрдүңбү улук лейтенант «кужурмөн достук мектеби» деген кандай экенин? Майордун старшинасы начальнигине бир тууган инисинен артык кам көрүп атканын? Ушунун баарын согуш тарбиясы үйрөткөн.

[1] Азаматсын, доктор, өзүңдүкүлөр жөнүндө кам көргөнүң!

Согуштун тынчтыктан бир артыкчылыгы ушул. Өзүм деп ишенген адамына өзөгүн суурул берет! Сен согушту биринчи көргөн жаңы кишисиң. Согуш сырын биле элексиң, мектебине жаңы эле кирдиң. Согуш мектеби татаал, – капитан Коптев начфинди согуш турмушуна үйрөтмөк болуп, кыпындай фактыны темасына байланыштырып, – Согуш сени жалаң эле душманды кантип өлтүрүүнү, өзүң октон, оттон кантип жаныңды сактап калууну үйрөтпөстөн, кужурмөн досуңду, мейли ал начальнигиң болобу, же жигитиң болобу, ажытын ажыратпай, калабадан кантип калкалоону, балээ-сааттан кантип сактоону, барда баарысын тең бөлүүгө, жокто жонду тосуп көнүүгө үйрөтөт...

Дагы далай жорук-жосун маселелерин козгоп атканда биздин чанабыз да жетип келди. Отуруп алып да Коптев сөзүн уланта берди...

Кар сейректеп, кайра кыламыкка өттү. Эртеден бери жел алдыдан согуп, кар бетке чаба жаап атты эле, эми же жел багыты, же биздин багыт өзгөрдүбү билбейм, «ак чымындар» капталдата учуп калды. Аны-муну дегиче токойго да жетип келдик. Колоннабыз toктoдy. Команда деле болгон жок. Эмне болду деп, мен алга басып Цагарейшвилиге келсем, ал Камышан экөө бир чоочун майор менен сүйлөшүп атышыптыр, жанына ыйба кылып, бара алганым жок. Бир мүнөткө жетпей, чоочун майор атына минип нары бастырып кетти. Мен беркилерге барып сурамжылай калдым эле, тигил майор биз такоолдоп бараткан батальондун командири экен. Ал токой ичин артып чыгууга батальонун каптатып жиберип атыптыр. Биздин дивизионду бир аз тизгин тартып, он мүнөттөн кийин жолду акмалап, душман менен беттешүүгө азырланып, менин артымдан жыла бергиле деп буюруптур. Армияда ушундай тартип. Казатта, жортуулда пехотанын командирине аскерлердин башка түрлөрүнүн командирлери баш иет.

Камышан менен Цагарейшвили дароо аттарына минип, колоннанын эки жагы менен бастырып, аягына чейин кужурмөн даярдыкты текшерип, бузугун оңдоп, орундарына жайгаштырып чыгышты. Бүт колонна боюнча жолдун оң жагына төрт станковый, төрт коло бүркүчтүн, эки ПТРдин, сол жагына ошончо куралдын оздорун душманды каратып, автоматчандарды да тең бөлүп эки тарапты аңдытып коюшту. Мен да аларды жөө эрчип отуруп, өзүмдүн чанама жеттим. Келсем, эки эргүл момурап маектешип атат. Абалды айттым эле, начфин саруулап, бети түктүйө түштү. Коптев ага кайрат айтып, автоматын колуна карматып «менин жаныман ажыраба, каякка жүгүрсөм, ошо жакка ээрчи» деди. Менин өтүнүчүм боюнча Цагарейшвили биздин чананы команданын ортосуна бир станковый ок бүркүчү орнотулган чананын артына жайгаштырды.

Колонна жылды. Токойго кирдик. Шектүү табыштар угулбайт. Көч кыймылы бара-бара өз ритимине кирип, кобур-собур башталды.

– Доктор, старшинаң бергенди жалгыз ичмек белең, сал ортого, немис менен беттешкиче бир аз сеп этип алалык. Кокус шайтан сайса, кайран оокат талаада калат?– деп, Петро күйдүргү мени тамашаласа, начфин, душман келип калган немеден бетер, көзүн алаңдатып:

– Ыя? Ырас эле немистер бар бекен, бул токойдо? Алар жөөбү, же атчанбы? – деп, Коптевдин жанын койбой жабышат.

– Олда сенин сугалактыгың ай, Петро. Коё турбайсыңбы бир аз, эл басаңчалансын. Токойду көз токтотуп жакшылыктуу карап алалы, анан санаа тындырып алгандан соң, шашпай эрмектешип ичели, кайда качмак эле. Эч жакка алып кетпейм. Баарысын төртөөлөп ичебиз. Петя! – дедим.

– Болуптур. Кой, бул доктор кежигеси бир тырышса, атсаң да жазылбайт, Андан көрө убакытты бекер кетир-

бей, жанагы үзүлгөн аңгемеңди улайлы, улук лейтенант. Кай жерине токтодук эле?.. Ии, ооба, райком кызматыңдан алып салды. Анан эмне болду?

– Жолдош капитан, анан эмне болгонумду унутуп атам. Кийинки кабар башымдагынын баарысын учуруп жибербедиби. Деги ушул токойдон аман-эсен күндүн жарыгында чыгып кетсек экен... Кызматы жерге кирсин!.. – Начфиндин үнү каргылданып, акыркы сөздөрү мурдагы ойлору менен коошпой калды.

Батальондун токой каптаганы буга күчтүү таасир берип, чыны менен коркуп калганын түшүнүп: «бул кудай төбөңдөн тийгир, кокус уруш чыгып кетсе, корkkонунан бакырып, баарыбызга бүлүк салып, ажалга өзү кабылчудай түрү бар. Кой, муну көшүтүп, акылына кайтарып, эптеп жөнгө салбасам, балээге кабылтканы турат»– деген ойго келип, беркиге шек келтирбей, начхимге:

– Петро, сабыр кыл деген сөзүм сага катуу тийип, шагыңды сындырды окшойт, таарынба, дос, канжолдо баратабыз, арак силерден айлансын. Кел, дос, закуска даярда, карандай ичкенде өзөгүбүзгө түшүп кетет. Ансыз деле тиги Посоховдун тосту жалаңкат болуп, карынды каарып кетти, – дедим эле, Коптевден мурда начфин чебеленди:

– Туура, жолдош майор, айрыкча менин ичегардым өрттөнүп кете жаздады. Эми эле араң басылды, ичим оорулуу, ограниченно годный[1] эмесминби.

– Болуптур эмесе, толук годный кылайын. Мына даяр. «Моя милиция меня бережет»,[2]– деген Маяковскийдин сөзүн туурап айтканда, «Моя Америка меня бережеттун»[3] консервадагы сосискасы доктордун ыйык суусунун күтүп, белен турат – деп, Петро капкагы алынган консерваны сол алаканга салып, чоң ресторандын

[1] Чала жарактуу.
[2] Менин милициям мени сактайт.
[3] Менин Америкам мени колдойт.

кандим официантынан бетер, колун ойнотту. Мен калай көөкөрчөктүн кепкегин бурап, кружкаларына баса-баса куюп.

– Кана, жолдоштор, бул тостту эмнеге атайлы? – десем, капитан Коптев:

– Силердин кандай салтыңар бар, билбейм, биздин орустар ичкиси келип, айласы кеткенде, таракан жарыштырып, ошону шылтоолоп деле ичүүчү. А биз эмне? «Жолубуз шыдыр болсун! Токойдон аман-эсен өтөлү!» – деп ичсек эмне экен? Биздин кадамыбыз сайын шылтоо, – деди.

– Болуптур, токойдон аман-эсен өтөлү!

Кружкаларды бошоттук. Коптевдин ат айдоочусуна:

– Бизди жолдо коргоп, аман-эсен алып жүр! – деп ичирдик.

Консерва калайына кертип-кертип тикесинен солоп, кандайдыр бир жасалма чел менен тышталган сосискадан бирден жеп, экинчисин оозго салып атканда, алдыда, жолдун сол тарабындагы токойдон, батыраган автоматтардын үнү токойду жаңыртып эле коё берди дейсиң, кулак чуулдап, башка табыш, үн угулбай эле калды... Камышан менен Цагарейшвилинин күжүрмөн тапшырмасы боюнча, оозумдагы сосисканы жута электе эле чанадан ыргып туруп, табыш чыккан жакка чуркап, күветтен аттап, биринчи эле карагайдын түбүнө жашынып, автоматымды кош колдоп мыкчып, боортоктоп жата калдым. Автоматтардын табышы улам күчөп келаткандай, бирок байкасам, чуулдаган октордун табышы угулбайт. Эсиме келип, эки жагымды карасам, менден беш-он кадам арттараак сол жагымда начхим начфинди желкесинен колу менен жерге басып атат. Автоматтардын үндөрү сол тарапты карай жылып, жолго жакындап келаткансыйт. Бир маалда тиги эки досума көз чаптырсам, начфиндин башы карагайдын далдаасынан көрүнбөйт, көчүгү, буттары шалактап, бийлеп атат. Аны көрүп, аргасыздан

баягыда Спас-Деменскинин четиндеги өзүмдүн абалым эсиме түшүп, кайда жатканымды унутуп, күлүп жибердим. Ошондо, артчабуулга биринчи кабылып, Посохов казып бүтө элек аңга жата калып, карагайдын эки жоон тамырынын астынан топуракты челип-челип тырмалап коңул жасап, башымды катканым, денем, буттарын сыртта калчылдап бийлегени азыр өзүмө күлкү болуп атканын карасаң! Тобо-о! Турмуш кандай оор өз башыңдан өткөндө?! Кандай жеңил бирөөнүкүн көргөндө?

Аңгыча, алдыбыздан, жол боюнан эки станковый ок бүрккүч тарсылдакка алып сабап кирди эле, заматта жер астым-үстүм болгондой чуулдап, дароо кан буугандай табыш токтоп, ың-жың жок болду, бирок кулагымдан ок бүрккүчтүн уу-чуусу кете элек. Биздин дивизион ок чыгаргыча эле уруш токтолду. «Отбой!» жарыяланганда, баарыбыз тура калып, үстү-башыбызды күбүнүп, жолдун таманына чыктык. Күветке жашынган чаналар да жолго чыгып, мурдагы тартибинде тизилип атты. Алдыбызды, уруш чыккан тарапты карасам, токойду аралап кеткен солдаттар чубап жолго чыгууда. Артымды карасам, арткы батальондун солдаттары да токойдон чыгып атышат. Кейпи, булар да биз сыяктуу, уруш операциясына азырланышкан болсо керек!..

Аңгыча болбой, алды жактан стройго тизилген топ караан көрүндү. Жакыныраак келгенде, немистердин караны экени даана таанылды. Сыягы, колго түшкөндөрү го? Эстей коюп, өзүбүздүн топтун арасынан эки досту карасам, Коптев бир батарея командирине колдорун сербеңдетип бирдемени кеп салып атат. Начфин анын жанында шелпейип жер карайт. Кейпине боорум ооруду.

Офицерлер чогулуп, Цагарейшвили менен Камышандын жанына келип, окуянын жөн-жайын сурасак, Цагарейшвили пехотанын комбатынан жаңы эле келиптир. Батальондун сол тараптагы аскерлери токойдо жашынып жаткан немистин колуна кездешип, дароо автоматтар

менен койгулакка алган экен. Алар беш мүнөтчө айбат кылышып, куралдарынан ок чыгарышканы менен, жыш жаадырган автоматтардын окторуна туруштук бере албай, жолду карай качышыптыр. Анда күветте жашынган ок бүркүчтөрдүн кароолуна илинишип бир кыйлалары жуушаптыр, калгандары жан соогалап, колдорун көтөрүп булаанга түшүптүр. Ошентип, биздин дивизионго жетпей калыптыр. Азыр батальондун солдаттары немистердин токойдогу куралдарын чогултуп, колго түшкөн аскерлерин оорукту карай айдап келатышат деген информация бүткүчө булаанчылардын колоннасын жаныбыздан айдап өтүштү. Бизден көздөрүн ала качышып, жүзүн тескери бурушат, же жер карашат. Начфин эки көзүн айырбай, оозун ачып, немистерди көпкө тиктеп, ордунда катып калды.

Андан бир мүнөт өтпөй, подполковник замполити менеп бургутуп арабызга жетип келип, машинеден түшө элек жатып, абалыбызды сурады. Цагарейшвили дивизион урушка катышпагандыгын, жөө солдаттар батальонунан үч аскер зыян, жыйырма экиси жарадар болгонун айтты. Полк командири: «Слава богу, наши не пострадали,[1] эми жылгыла батыраак, маршруттун регламенти боюнча кечигип атабыз»– деди эле, анда комдив: «Ал биздин колдон келбейт, батальон командирине айтыңыз, же аларга карабай, өзүбүз кете берелиби?» – деп сурады. Подполковник: «Жок, жок, азырынча алардын артынан жүрөбүз. Жакшы болот, мен алардын полк командирине айтып тездетели»,– деген убадасын берди да, жөнөп кетти. Дурдыев бул сапар унчуккан жок.

Биз жол иретибизди тактап, жаңыдан алга жылганыбызда, жарадарларды, өлүктөрдү салып эваколазареттин эки машинеси артыбызга карай удаа өтүп кетти. Кызык, жарадарлардын арасында немистин формасын кийгендер

[1] Кудай жалгап, биздикилер жабыркабаптыр!

да жүрөт. Көрсө, алар жарадар болгон немистер экен. Эл аралык эреже боюнча аларга да тез жардам көрсөтүш керек турбайбы. Акыл-эси жайында кишинин башына кирбей турган жорук! Эми эле бирин бири өлтүрүүгө белсенип ок атышкан немелер бир машинеде отурушуп, бирдей оорунун-жарааттын азабын бирдей тартышып, бири-бирин аяп баратышканын кара! Ушундан кийин согуштун логикасын, эр болсоң, түшүнүп көр! Согушту логикасы бар категория деп ким айтат? Билбейм, мээсин ачыткан эле бир философ сөрөй таппаса, мен көрө албадым!

Машинедегилерди көрүп, зээним кейип, согуш деген жексурга ичимден наалат айтып келатып, байкабай калыпмын, бир оокумда айланамды карасам, солдаттар деле, офицерлер деле, Камышан, Цагарейшвили баш болуп, тарбалактап, жолдун сол жээгиндеги токойго чуркап баратышат.

– Пошли, доктор, посмотрим,[1] – деп, сол ийнимден чапчып, Коптев чанадан секирип жөнөдү. Анын артынан начфин чуркады.

Эмнеге экени эми эсиме түшүп, мен да тигилерден калышпай, уруш болгон жерге чогуу жеттик. Кудай мындайды көрсөтпөсүн! Киши өлүгү жылкынын кара комогунан көп. Кардын үстү кызыл-ала. Ок бүркүчтөр чалгыдай эле чаптыр. Нары, токойдун ичинде бирин-серин томпойгон караандар да жатат. Алар автоматчандардан качып келатканда ок жаңылган болсо керек?.. Жакындап барып карасам, көбүнүн көзү чекчейип ачык. Кээсинин бети-башы, буту колу тырышкан, кыйналып атып өлгөн го? Тиги кулачын жайып чалкасынан, же карга бети менен жыгылып көмкөрөсүнөн суналып жаткандар, ок талуу жерине тийип, мүрт кеткендер окшойт? Кээси карга ооналактаган, тирүүсүндө чабалактаганбы, же оңбогон солдаттар чөнтөк-мөнтөгүн аңтарганда

[1] Жүр, доктор, көрөлү!

оодарышканбы, ким билсин? Кээси жыңайлак, биздин эргулдар бут кийимин сууруп кетүүгө да үлгүрүшүптүр!

Деги өлүк менен канча көп аралашып, ичкен ашыңдай эс көндүм болуп калса да, өлүктүгүн кылбай койбойт экен.

Сүрү жаман турбайбы балакеттин, өлүктү күндө аралап, кээде, Кудай өзү кечирсин, тебелеп жүрсөң да, а деп көргөндө жүрөгүң шуу дей эле түшөт экен, калп айткан менен болобу, анан боюңду токтотуп, аяк-быягын кароого титинесиң! Бул арам согуш өлүктүн кандай гана түрлөрүн көрсөтпөдү?! Өлүк курусун, өлүктүн баары эле жаман дечи, бирок булар да адамга таасир этүү жагынан ар кандай. Маселен, бою бүтүн, башы эсен өлүк бир таасир берет, а буту-колунан ажыраган, иче-карыны жарылган, мээси чачыраган, көзү чанагынан чыккан, башы былчыраган, кара күйүк болуп, майы сызгырылган өлүктөргө канча мыкаачы болсоң да, титинип жакын бара албайсың. А эти-сөөгү бирдей жанчылып, жуурулуп калган өлүктөр, өлүк касиетин жоготуп коюшат белем, көп этибарга алынбай калат экен. Деги эби-сыны менен эле өлгөн жакшы экен. Ага ок гана жарайт белем? Карачы буларды! Кээ бирөөлөрү эле жыңайлак дебесе, кандай абалда жатса да алты саны аман, кийим-кечеси бүтүн, өз көркү менен. Тиги дүйнөгө деле бүтүн бойдон барган жакшыраак го?! Өлүктүн ышпалдасын чыгаргандар: бомба, мина, замбирек огу, от бүркүч, гранат. Бул шайтандар кишини жөн өлтүрбөй, денесин да бүлүнтүп, кээсин таанылгыс кылып да таштайт. Ал эми кудай танкеге кабылткылык кылбасын! Каапыр тепсесе, жер менен жер кылып таштайт, айрыкча асфальтта. Карачы буларды! Өлүк сыны кирди эле дебесе, өз көрктөрү менен жатат!

Окко учкан, денеси сууй элек, душман өлүктөрүн карап: «Душман болсо да, булар киши да, а киши деген бул жарык дүйнөнүн куту да», деп бир чети зээним кейип,

а бир чети ушул куттарды куртча да баалабай бырчылдаткан согушка кыжырым кайнап, оозуман көк түтүн бурап, алда немелер оюма келип, кыйла заман башыман өтүп атканда, Цагарейшвилинин: «По местам!»[1] – деген үнү кайдагы бир алыстан чыккандай угулду. Башымды өөдө көтөрүп, үн тарапка бетимди бурсам, ал менден алыс эмес жерде эле команда берип атыптыр.

Топураган жоон топ аскер колоннасына кайтып келатып, көргөндөрүнө ар ким ар кандай баа берүүдө. Бирөөлөр табалап: «ушуну көрүшмөк, бул иттер», – десе, бирөөлөрү боору ооруп: «байкуштун каны да уюй элек экен»,– деп келатат. Ар нерсеге өз баасын берип, пикирин эч кимден коркпой ачык айтып көнгөн начхим мага жакындай келгенде, анын оозунан: «Зачем надо было убивать их, когда они скопом шли сдаваться[2]. Бул баатырлык эмес, жеткен акмактык!»– деп, наалыган сөздөрүн кулагым даана укту. Артында үн жок ээрчип, начфин келатат. Өлүктөр абдан таасир кылган го, саруулап калыптыр өңү?..

Кыскасы, душмандын коргонуу чебин талкалап, чабуулга чыккандан бери, анын адашып, токойдо кийикче бекинип, качып жүргөндөрүнө бүгүн гана биринчи ирет жолугуп, өзүбүз болбосок да, биз такоолдогон кошуундун аскерлери «мылтык оозун кадашты». Анын шарданы менен биздин начфин тирүү немисти биринчи көрүп, өлүк немистин да жанына биринчи сапар басып барып, көзү кангыча тиктеп, жүрөгүн бир аз ордуна келтиргендей болду. Коптевдин ага баш тоголоткону текке кеткен эмес окшойт: баскан-жүргөнү шайдоот болуп калыптыр. Көнөт да! Баарыбыз эле а дегенде ошентпедик беле...

Бүгүн түшкү тамак саат үчкө жакын поляктардын бир кыштагында өттү. Көчөлөрү түптүз, үйлөрү жалаң

---

[1] «Ордуңарга баргыла!»

[2] Колго түшүп бергени күргүчтөп өздөрү келаткан немелерди өлтүрүп кереги эмне эле?

бышырылган кыштан салынган, үстү черепица менен жабылган, дарбазалары темирден, короолорунун тамаанына таш төшөлгөн. Биз токтогон үй ичинде эмеректери жыгачтан, темирден, бир нече бөлмөлүү, дубалдары жайдак эмес, ар түрдүү сүрөттөр илинген. Меши литтердикиндей кафель менен капталып, дубал менен дубал. Бир сөз менен айтканда оокаттуу, сарамжалдуу кожоюндун үйү. Үй-бүлөсү качкан немеби же чакан, жашынгандары бардыр, ким билсин абышка-кемпир, орто жаштагы бир төкөр эркек, бир жашыраак аял жүрүшөт. Абышка бир кыйла жашка барган неме го, же коркконунанбы, башы калчылдап, колдору калтырап диванда отурат; кемпири тың, баскан турганы жеңил. Коркуп, эч кимиси бизге даабайт. Биз салам берсек, баштарын ийкешип: «Добже пане!» дегенден башка сөз жок. Конок бөлмөсү болсо керек, узун столунун баш жагына майор Камышан, мен, Цагарейшвили, Коптев, начфин – бешөөбүз кырка тартып отурарыбыз менен Посохов солдаттарына нан-панын көтөртүп кирип келгенде, жаш аял түшүндү окшойт, столго дасторкон жайып, тарелкаларын астыбызга бирден таратты. Ошондо эпчил старшина баягы Вандадан үйрөнүп алган тили менен аялды мактап, кастрюля сурап алып, солдатты жолказанга жөнөттү да, өзү дастарконго сухарды төктү.

Баягы эртең менен Радомдон тамак ичкенден бери жолдо Американын сосискасынан экини оозго салгандан кийин, немистердин саатынан ичкеним аш болбой, дүрбөп жүрүп кардым ачканын да билбей калыпмын. Эми, сорпонун жыты мурдума тийгенде, ичим каарылып, өзөгүм ооруганын сездим. Ачыгып калган жаным тарелкага куюлган тамакты ыс-мыска келтирбей, бурдап-бурдап ичип атсам:

– Доктор, сен эмнени унутуп атасың? – деп Коптев каңкуулаганда, мен чынында эле түшүнбөй аны карап калсам, ал көзүн ирмеп, менин капталыма жаңсаганда,

эсиме түшүп, курума колум жеткенде, Посохов наркомскийди алып кирип келди.

– Мына, доктордун унутканы келди. Тамагың кургап баратса, азыр старшина майлайт, чычкыланбай, бир пас сабыр кыл, – деп, Цагарейшвили озунуп жооп берди. Чынында эле, Посохов аракка закуска үчүн чочконун кыртыш майын да ала келген экен. Менин сырымды билген эргул мени жалаң сорпо менен жалаңтык койбос үчүн Американын сосискасын унутпаптыр.

Начфинди тамашалап: «Тирүү немисти биринчи көргөндүгүң үчүн көрүндүгүн бересиң. Төртөөбүзгө бирден айлык берсең эле жетишет», – деп тартып жиберии, бир жүз граммдыкты төкөр полякка сунсак, ичпейт, ичпесең таш ич деп, ал норманы Камышан тартып атканда, полк командиринин чабарманы келип, Камышан менен Цагарейшвилини штабга чакырып кетти. Алардын кеткени бизге жакшы болду. Ээнирээк сезип, тилибиз чечилди. Ичибизде полякча баарыбыздан түзүгүрөөк биле турган Посохов, үй ээлерин кеп-келечке тартып көр деп, биз ага тапшырдык эле, ал бирдеме десе, тигилер ийиндерин куушуруп, катышпай койду. Бизден коркуп аткандары көздөрүнөн эле көрүнүп турат. Бизден кутула албай араң отурушат. Биз аларга үгүт айтып, саясат түшүндүрүп отурууга убакыт жок. «Немистер качан кетти?» – деген суроого гана «кечээ кетти» деген жооп алдык. Ошону менен аларды жайына койдук да, өз сөздөрүбүзгө кириштик.

Начфинден ал-жайың кандай, казат турмушуна көнүп келатасыңбы? деп сурасам, «Немистер деле бизге окшогон немелер болот турбайбы. Куралы колунан түшсө, мусапыр эле болуп калышат тура. Андай болоорун билди бекен жанагы немелер?»

– Билгенде айласы канча? – Коптев жооп кайтарды да, мага бурулуп:

– Доктор, алып кел жанагыңды, жакшы закускалар бүтүп кала электе. Тиги үксүйгөн майор келгиче бүтүрүп

салалы. Мансабына чиренип биз менен жакшылыктуу да сүйлөшкүсү келбейт, – деп, орто жолдо Камышанды да жамандап ийди.

– Болуптур, Петя, сенден аяган ит ичсин, тос кружканды. Улук лейтенант, сенин кружкаң кана? Сага бүгүн көбүрөөк бериш керек. Сен согуштун казат мектебин биринчи көрүп атасың. Сага баарысы жаңы, – кружкаларга аракты куюп атып, – баарысы чоочун. Петронун жанынан чыкпа. Ал мындайдын жүзүн көргөн. Маскөөдөн Варшавага чейин аман-эсен келатат. Айтмакчы,– Посоховго кайрылып, – Сурачы, үй ээсинен, Варшавага канча калды? – дедим.

Посохов төкөр поляктан сурады эле, ал таң калып: «Силер Варшавадан келаткан жоксуңарбы? – деди. Жооп түшүнүктүү болду.

Биз кружкаларыбызды бошотуп, ашыбызды ичип, курсак кампыйып, столдон туруп, диванга отуруп атканда:

– Саламатсыңарбы, достор! – деген тааныш үн отурган бөлмөбүздүн каалгасы тараптан угулганда, үчөөбүз тең жалт бетибизди бурдук. Босогодо тумагын бооруна алып, майор Бычков турат. Сүйүнгөндөн болуу керек, үчөөбүз тең эч кандай командасыз ордубуздан тура калдык. Жыл бою көрүшпөгөн немелерче кучакташып, жаактарыбызды тийгизишип, аманчылыгыбызды сураша кеттик, диванга отуруп атып ал бардыгын катары менен ийне-жибине чейин айта баштады. Менин ветчастым бүт аман, улук лейтенант Баранов карамагындагыларын жакшы башкарып, ага чоң колкабыш кылып келатканын, капитан Кабаков, улук лейтенант Кондрашов – баарысы өз ордунда кокус-кукуска учурабай, биз сыяктуу эле шыдыр келаткандыгын айтып, менин санаамды тындырып койду. Коптев да өзүнүн экинчи эшелондогу досторун сурап, канааттанды, булардын бизден бир артыкчылыгы: бизчилеп ойкуп-кайкып, бирде түндүккө,

бирде түштүккө бурулуп, ийри-муйиру жүрбөй, түзөтүлгөн маршрут менен келатыптыр. Ошондуктан түнкүсүн айылдар, хуторлорго токтоп эс алышып, күндүз гана жүрүшөт экен. Жыргал!

– Жыргал болбой калсын, – Бычков менин кубанганыма жооп катары, – катуу чабуулдун жаман жери душмандын талкаланган дивизияларынын, полкторунун калдыктары, качкындары түн жамынып, айыл аралап, тамак издешет экен. Түндө ошондойлордун бири биз түнөгөн кыштактын жанындагы бир кыштакка кол салып, анда эс алып аткан бир аткычтар полкунун экинчи эшелонуна бүлүк түшүрүп, бир топ зыян болушуптур. Эмне экенин билбей эле, түн ортосунда ал кыштакта тарсылдактар башталганда, биз да пулеметторубузду ошол тарапка чуулдатып, болгон автоматтарыбызды бадыраттык эле, кудай жалгап ошенткенибиз себеп болуп, биз жакка душман даай албай, токойго кирип кетиптир, кокус биздин кыштакты аралаганда эмне болот элек? Кудай чоң сактады, – деди да, башка сөзгө өтүп, келген жөн-жайын айтты, Ткач экөө мина, ок-дары, тамак-аш, жем жеткирип, үч машине менен келиптир.

– Жаңы нан ала келдиңби? Сухарь жеп атып, ич катып өлмөй болдук, – Коптевдин апырта сүйлөмөйү кармады.

– Жок, эртең Варшаванын нан заводдору иштей баштайт. Ошондо сени тундурам. Ичиңди дароо алып кетүүчү нандарды алып келем,– деп Бычков күлдүрдү.

– Айтмакчы, Николай Михайлович, Варшаваны көрдүңбү?– деп сурадым эле, ал:

– Көрмөк турсун, Армиянын Башкы интенданты дивизиялардын, армиянын бөтөн-бөтөн бөлүктөрүнүн оорук боюнча начальниктерин рация менен чакыртып алып, Варшаваны аралатып, армиялык складдар кайсы-кайсы жерлерге жайгашаарын көрсөтүп берди. Мен силерди бекеринен эртең жумшак нан жейсиңер деп атыптырмынбы.

Килейген чоң шаар экен, ага караганда Люблин кичинекей эле бир кыштактай. Борбордогу көчөлөрү бомбулардан, дүрмөттөрдөн, капкан миналардан, аткан миналардан бузулуп, талкаланган аскер техникасы менен бөгөлүп, машинелер, ат унаалар четки көчөлөр менен араң өтүп атат. Бузулган, ураган турак үйлөр, өндүрүш имараттар да учурады. Душмандан бүгүн – эртең менен бошотуптур. А силер катышкан жоксуңарбы? – деп сурады Бычков.

– Ой, биз жеткиче эле мото-пехота, танкистер жайлап коюп атат. Биз шаардан обочо, түштүк тарабы менен өттүк. Ок да чыгарган жокпуз. Начфинге гана бүгүн араң тирүү немистерди көрсөтө алдык. Андан көрүндүк сурасаң болот, – деп Коптев күлдү.

– А сага кан жөткүрткөн кара кыргынга, кадам сайын каяша ок бүркүттүрткөн кара чабуулга кабылып, ичегардың чубалып, тебелендиде калтырган уруш керек беле? Атаганат, ылайым эле биз жете электе уруш бүтүп турса кана?! Анда баарыбыз тирүү калып чогуу-чараан эл-журтка кайтып жыргабайт белек! Ай, ага жетээр күн кайда? Ага дейре бирөө өлбөй, бирөө күн көрбөйт болуп, алдыбызда төшүн окко тосуп, жоо кубалап бараткан баатырларыбызга жамынып, «көлөкөдө тон бычып» келатканыбызга эрдемсинбей эле коёлу. Мактанаарлык иш кылганыбыз жок, Петя! – анын кесир сөзүнө жүйөөлүү, сылык жооп кайтарсам, ал:

– Алда доктор, ай-йе! Жолдош майор, бул доктор дайым эле ушундай беле, же биринчи эшелонго келгенден бери бузулуп калдыбы? Дайыма бурдап, тамаша да айттырбас болду, – Коптев борс-борс күлдү.

– Да, друзья, куда приятнее мне видеть вас живыми, чем мертвыми или ранеными. Война – штука коварная, в ней много непредсказуемого![1] – деп Бычков философ-

[1] Ырас, достор, силердин өлүгүңөрдү же жарадар болгонуңарды көргөндөн, тирүү көргөнүм мага алда канча өөдө. Согуш деген жүзү кара каапыр, мунун көп мант бермеси бар!

торчо табышмактуу сүйлөп, улутунуп койду. Мунун сөзү начфиндин ички дүйнөсүн козгоп салды белем, жанатан бери үн катпай, биздин сөздөрдү таңыркап угуп отурган неме:

– Ырас эле, согушка ишенип болбойт. Азыр эле жаркырап-жайнап кобурашып отурган бизди көз ачып-жумгуча а дүйнөгө шыпырып кетпейт деп ким кепил боло алат? – деп, элеңдеди.

– Ырас айтасың, улук лейтенант, ушул мөөнөттө үстүбүздөн бомбу түшсө, бизди майор-капитаныбызга, улук-кенже лейтенанттыгыбызга, олуя-машаяктыгыбызга, оору-сыркообузга карабай, лям дегиче үлгүртпөй бүркөт да таштайт. Начфин, сенин ич ооруң бардыгына карабайт. – Оңбогон заар тил Коптев начфинди ого бетер коркутуп салды.

Ошентип, Кызыл Армиянын жалпы чабуулунун ийгилигине жеке кошкон жарытылуу салымы жок, ошентсе да, бул эбегейсиз зор, Балтика жээгинен Карпат тоолоруна дейре жалыны камтыган чабуулда кашык канын, кара жанын аябай, түн тыным албай, кардуу бороондордо кайыкса да, казат караанынан адашып калбай, кадам сайын жоо күтүп, баарына кайыл болуп, аскердик антты бузбай, жалпы шарданда келаткан төрт офицердин тиричилик жөнүндөгү маегин Камышан менен Цагарейшвилинин келиши үзүп койду.

Экөөнүн штабдан алып келген жаңылыгы: «Биринчи Белорус фронтунун негизги сокку урууч күчү бүгүн эртең менен поляктардын Биринчи Бөтөнчө армиясы менен бирге Польшанын борбор шаары Варшавага киришиптир. Муну Камышан эң акыркы чоң жаңылык катары өтө асемдеп айтканда, биз күлүп жибердик. Ага Камышан ызаланып, командирдин сөзүн шакаба кылгандыгыңар үчүн полк командирине даттанамын дегенде: «сиз уккан жаңылыкты майор Бычков аралап келиптир, биз сизге күлбөй, ошого күлдүк» – десек, бети

кызарып, өзү оңтойсуз абалда калып, кечирим сурады. Экинчи жаңылык, капитан Цагарейшвилинин айтуусу боюнча, армиянын артиллерия командалоочусу биздин полкту башка жаңы дивизияны такоолдоого бериптир. Биз багытыбызды жана маршрутубузду чукул өзгөртүп, ушул кыштактан туура түндүк батышты карай жөнөйт экенбиз. Цагарейшвили картасын жайып: «Эртең, эртең менен саат 8 нөл-нөлдө мынабу кыштакта болушубуз керек. Жолго чыгууга дагы жарым саат бар, – деп, кол саатын карады, биз өз картабызга маршрутту көчүрүп алдык. Бычков көрсө, бизге жолугаардан мурда штабда болуп, рапортун берип, инструкциясын алып, маршрутун макулдашып, ишинин баарын бүтүрүп, жолго чыгаардын алдында биз менен көрүшүп, коштошкону келген тура.

Орустун салты боюнча Бычков атайын Коптев экөөбүз үчүн калай көөкөрчөгүнө куя келген арагынан баарыбызга бирден куюп, чабуулдун мындан аркы ийгилиги үчүн, аман-эсен болушубуз үчүн тамчы калтырбай тартып жиберип, коштоштук.

Саат туура 4 нөл-нөлдө жолго чыктык. Полк командири баштаган штабы менен авто унаалуу экинчи дивизион бизди болжошкон жерде күтүп турмак болушуп, алдыга кетишти.

## – 8 –

Германиянын накта өзүнүн чек арасын басып киргенибизге бүгүн экинчи күн. Кечээ түштөн кийин поляктардын бир кыштагында биз такоолдоп келаткан дивизиянын саясий бөлүмүнө бир подполковник, бир майор биздин полктун штабына келишип, полктун өздүк курамы менен беттешип, маектешмек болушту. Майор Дурдыевдин буйруусу менен парторг эки дивизиондун аскерлерин костёлдун аянтына чогултуп, жаңы келген подполковникке рапорт берди. Ал киши дароо кайдан

келгенин бизге билдирип анан негизги сөзүнө өттү.

– Урматтуу жана сүйкүмдүү жолдош жоокерлер! Совет эли үч жарым жылдан бери германдык фашизмдин убада бузуп, жүзү каралык менен капыстан бизге кол салып, элибизди, жерибизди басып кирип, аларга тарыхта болуп көрбөгөн мыкаачылыкты жасаган доор бүгүн бүттү! Даңкы дүйнөгө тараган Советтик Кызыл Армия Совет мамлекетинин ыйык жерин немистик-фашисттик баскынчылардан толук жана биротоло бошотту. Ошого байланыштуу жолдош Иосиф Виссарионович Сталин башында турган Совет өкмөтү, Коммунисттик (Большевиктер) партиясы жана Жогорку башкы Командолоочу силерге – даңктуу Кызыл Армиянын жоокерлерине чоң алкыш айтат жана Совет элинин мындан аркы эркиндиги үчүн куттуктайт! Жолдош Советтик армиянын азаматтары, жолдош минометчулар! Азыр биз бир нече мүнөттөн кийин фашизмдин диктатурасы өкүм сүргөн Германиянын накта өз территориясына басып киребиз! Биз фашисттерди фашизмден куткаруу үчүн кирбейбиз! Биз элибиз тарткан азаптын, жерибиз көргөн кордуктун өчүн алуу үчүн киребиз! Ошондуктан, жолдош жоокерлер, Германиянын территориясында ар бир кызыл аскердин, ар бир советтик жоокердин жасаган аракеттери, кылган кылгылыктары советтик закон тарабынан корголот. Ошондуктан, дагы кайраттуураак, чечкиндүүрөөк чабуулдагыла, жолдоштор! Душман деген душман! Душманды аяган өзү жаралуу. Душманга аёосуз сокку бериш керек! «Эгер душман багынбаса, аны жок кылыш керек», – деп, пролетариаттын улуу жазуучусу Максим Горький айткан. Мейли, фашизм, эми бирөөнүн элин кордоо, бирөөнүн жерин булгоо кандай экенин өз жон терисинен сезишсин! Ата Мекен үчүн, Сталин үчүк алга, жолдош жоокерлер, ураа!

Подполковниктин «ур-раасын» аскерлер колдоп, жер дүңгүрөттү.

Чуу басылгандан кийин майор Дурдыев аскерлерге кайрылып, суроо бар-жогун билмек болду, Капитан Цагарейшвили дароо кол көтөрүп:

– Жолдош подполковник, эгер солдат наадандык кылып, пас иштер жасаса биз, офицерлер, тыюуга акыбыз болобу? – деди.

– Эмне пас, эмне бийик экенин териштирип, суракка алаар убакыт барбы азыр? Кийин, чоло тийгенде текшеребиз – деп, түз суроого түз жооп бербей буйтап кетти. Демек, солдаттын ишине силер, офицерлер, кийлигишпегиле!» деген көрсөтмө деп түшүндүк саясатчы подполковниктин жообун.

Ошентип, кечээтен бери офицерлер солдаттарына ээ болбой калышты. Бүгүндөн баштап, солдаттардын ар кыл өнөрү ачык көрүнө баштады. Офицерлердин деле кимиси ким экени билинип келатат. Немистердин кыштагы сайын жок дегенде бирден чакан ишкана болот экен. Көпчүлүгүндө спирт, крахмал, зооттору бар. Алардын мору алыстан эле көрүнөт койкоюп. Кыштактары Польшаныкынан да жүйүр. Кээ жерлеринде биринен чыгып эле бирине киресиң. Анда-санда помещиктеринин имараттары кезигет. Аларды бүргер чарбалары деп коюшат экен. Өзүнчө эле көп тармактуу бир бай совхоз.

Уй фермасында желиндери көнөктөй, чатына батпаган карала уйлар. Алардын жанында май, сыр, баштак, айран жана дагы башка азыктардын чыгара турган зоот. Баягы жайында немис солдаттарды тоногондогу «тиш жуугуч» пастага окшогон эриген сырларды ушундай зооттордо жасашат экен.

Чочко фермасында бир сарайы жалаң жаш торопойлуу мегежиндерге арналган. Ар бири бир-бирден кашаа ээлеп, көздөрүн сүзүп, буттарын керип, капталынан магдырап жатат. Өөгү төшүнөн чандырына чейин желин, ага эки катар упчу таккан немедей тизилген эмчектерди кактай соруп, кызыл эт торопойлор, кыкка чыккан

тепекке окшогон тумшугу менен түрткүлөп, алек. Бир сарайы төрт айлык, бир сарайы алты айлык... дагы ошондой жашына, жынысына жараша бөлүп койгон чочколор. Балит айбанды ушунча таза баккан эл эмгекчил экенин далилдейт да. Алардан алыс эмес жерде чакан эт комбинат кушканасы менен консерва, колбаса жана дагы башкаларды чыгара турган цехтер.

Тоок фермасында сарайларга жараша тооктордун ар түрдүү тукуму. Бир сарайда араң баскан күпчөктөй курмушу түспөл сары тооктор, булардын ар бирөө биздин үч тоокко барабар. Дагы бир сарайында алжырак зым кашаанын ичинде жалаң какылдаган ак тооктор. Жумурткалары тоголонуп келип, бир аянтчага өздөрү эле тизилип атат. Дагы бир сарайында дардайган-дардайган чымчык чаар кара күрптөр.

Жылкылары көп болбосо да, өздөрүнчө тартиптүү жайгашкан. Бир узун сарайдын эки дарбазасы бар. Ичи эки бөлүккө тосулган. Бир жагында жалаң чолок куйрук, кызыл-буурул, көк-буурул түстөгү, өркөчүнө кол жеткис жылкылар. Экинчи бөлүгүндө чүрөктөй моюнун койкойткон, жүнү кундуздай жылтылдаган аргымактар. Деги немистер оокат кылгандын жайын билет экен! Мал чарбачылык маданиятын, намыстанбай эле, булардан үйрөнсө болот!

Биринчи эле күнү биз ташыркаган, жүрбөй калган аттарыбызды немистердин дөө аттарына алмаштыргабыз. А дегенде атка кызыгып, жүгөнү менен гана коштоп алып, кийин чанага чеккенге биздин каамыт-шилия, ат жабдыктарыбыз чак келбей, атты жолго таштап кетүүгө мажбур болгон учур да болду.

Немистин жерине келгенден тартып, менин түйшүгүм көбөйдү. Бизге керектүү аттарды алуудан мурда, анын ден соолугун текшеришим керек. Менсиз эч бир ат алмашылбасын деп, Цагарейшвили аркылуу бүт дивизионду милдеттендирсек деле болбой, солдаттар ээн баштык кылып, тажатып жиберди.

Аскердик тартип боюнча чоочун жылкыларды армияга алуудан мурда, жалаң гана денесин, сырткы көрүнүшүн текшербестен, жугуштуу ылаңдары жоктугуна көз жетиш үчүн, аны кырк күн карантинге, өзүбүздүн аттарга кошпой бөлөк кармаш керек, маллеинизация[1] жүргүзүп, газ камерага ыштап, миң алакеттен өткөрүш керек. Азыр антип отурууга кайдагы шарт, убакыт бар? Балекеттиби?! Кагаз деген жазып койсо баарын көтөрөт, а турмуш, көтөрө албайт, керек болсо, ал кагаз менен бир жерин аарчып коёт турбайбы. Бул шартта өзүм кошо жашап келаткан соң, аскердик жобону аткар деп, комдивден талап кылышым, биринчиден, өзүмдү перестраховщик[2] катары көрсөтүп алмакмын. Экинчиден, аткарылбай турган нерсени таңуулап дос-душманга макоо болуп көрүнбөйүн деп, ветчастагы норма № 2 деги маллеин препаратын алдырып, жок дегенде олжо аттарды маңка ылаңынын бар-жогун текшерүүнү уюштуруп, ветсанитар Смурыгинге күндөлүк тапшырма берип келатам.

Немистер өз жеринде айбат кылаар бекен десек – жок. Баягыдай эле дыркырап качууда. Аскери менен кошо кыштак, шаар тургундары да бизден кача баштады. Бизде жүрүш тартиби мурдагысындай эле: алдыбызда жөө солдаттар, артында – биз. Пехота, байкуш, жаман кыйналды. Уруштан эмес, тынбай жүрүштөн: Күндүр-түндүр уйку бетин көрбөй, асфальтта тарпылдаганы тарпылдаган. Стройдо баратып уктаса да болот экен. Бир күнү буга өзүм күбө болдум. Биздин колонна жол четинде, кыска тынымда турдук эле. Жаныбыздан башка бир полктун жөө солдаттар колоннасы взвод-взвод болуп өтүп баратып, командири: «Стой!» дегенде алдыңкы

---

[1] Маллеинизация – маңка ылаңынын бардыгын билиш үчүн жылкынын көзүнө «маллеин» деген биопрепаратты тамызуу.

[2] Перестраховщик – жоопкерчиликтен качып, жалаң гана өз башынын камын көргөн жандими.

катар, команда бүтөр менен иретин сактап токтоду эле, экинчи Катар күүсү менен биринчисин, үчүнчүсү экинчисин, төртүнчүсү үчүнчүсүн дегендей, улам арткысы алдыңкысын уруп отуруп, бүт взвод асфальтка жыгылса болобу! Көрсө, биринчи катардын шарданы менен калган катарлары буттарын шилтей беришип, баштары уйкуда болот турбайбы. Муну пехотанын, баарысы эле биле бербесе керек. Көп күндүк черүүдө жүрүп дасыган офицерлер, старшиналар мындай улуу казаттарда саат сайын алдыңкысын артына которуп, катарларын алмаштырып турат дейт.

Деги бейкутчулукта деле, согушта деле аскердин бардык түрүнөн пехотанын, жөө солдаттардын түйшүгү оор белем? Кавалериянык оор деп айтышат, бирок анда таң эртеде туруп, ат тазалаганы эле болбосо, калганы пехотаныкынан жеңил. Баарынан да черүүгө чыкканда кавалеристтер моминтип кыйналышпайт. Уктаса да ат үстүндө, чарчабайт. Ал эми уруш маалында коргонуу чепти бузуп, душман менен бетме-бет кармашкан ким? Пехота, жөө солдаттар! Качырып келаткан жоону окоп, траншей казып, төшүн тосуп токтоткон ким? Жөө солдаттар! Деле жеңилип бараткан душмандын жерин жөө солдаттар келип ээлемейин, душман багынды деп эсептебөөнүн жөнү бар экен. Авиация, моторлуу аскерлер, кавалеристтер үй учурган шамалдай шуулдап келип, кайрылбай, тез өтүп кетип, жашап аткан элин багынтууга үлгүрө алышпайт, а жөө солдаттар жай келип, элине чоң кожоюндук таасир көрсөтүп, жерин ээлейт. Ошондуктан, пехота – бүт аскердин ичинен жолу улуу, жеңиштин ээси делет турбайбы! Бул бечаранын мээнети көп, эмгеги зор, эрдиги мол!

...Ошентип, жөө солдаттардын артынан жүктүү чаналардын көчү жай жылып келатты. Бүгүн кар жаабаганы менен күн бүркөк. Асманды калың, киргил сур, салмактуу булуттар жылчыксыз каптаган. Убакыттын канча

болгонун саат менен эле болжобосо, күн аркылуу кайсы маал болгонун билип болбойт. Түшкү тамакты ичкенден бери бир саатча жол жүрдүк окшойт. Айланаларыбызды карасак, көз жеткен жердин баарында айыл, жыш кара жолдор, темир жол станциялары. Бош жол жокко эсе, баарында чубап бараткан аскерлер. Кагылышпай шыдыр кетип бараткандынан улам, баарысы тең биздин кол болсо керек деп, көңүл ток.

Бир оокумда алдыбызда бараткан солдаттар дабырап чуркап калышты. Биздин колоннаны Цагарейшвили токтотту. Команда күтсөк, артыбыздагы батальондун артынан келаткан биздин полк командиринен эч кандай сигнал болгон жок. Азырланган бойдон, эч аракет жасабай, бир аз таңыркап карап турсак, кайран көзөлдөр алдыңкы кыштакта соройгон морду көрүп, ошого чуркашыптыр. Комбат рота командирлерин тилдеп, артынан алар да чаналарын жылдырды.

Кыштакка кирген соң, үй-үйлөргө житип, баарыбыз тең эле өрдөп кеттик! Чанабызды токтотуп, тобун жазбаган үч офицер бир үйгө кирсек, үстөлдүн үстүнө дасторкон жайылган, бизди күтүп жаткан немелерче, үч тарелкеде булоолонгон картөшкөлүү сорпо, ар бир тарелканын жанына кашык, айры коюлган. Ашканасында плитанын үстүндө тайпак табада балык куурулуп атат. Үй ичин аңтарып карасак, бир сары мышыктан башка, мыдыр эткен жан жок. Үй ээлери үч киши экени булар тамак ичкенге үлгүрбөй качып кеткени ачык болду. Сыягы, машине же мотоцикл менен качкан го? Жөө же араба менен качса, алыс узабай, биздин солдаттарга кабылат эле. Ашына уу салып койдубу деп, шекшип, тийгенибиз жок. Дагы эки-үч үйгө кирдик. Баарысы каңгырап ээн, бирок жакында эле бул үйлөрдө кишилер болгону сезилип турат. Кээ бир үйдүн сырткы эшиги жабык. Үчөөбүз тең бул окшогон бай үйлөрдү өмүрүбүздө көрбөппүз. Таңыркап, соңуркап аралап жүргөнүбүздө,

бир маалда кыштактан өрт чыга баштады. Эмне болуп кетти деп чочуласак, алдыбызда чуркап кеткен жөө солдаттар үй өрттөп атышыптыр. Бирөө-экөөнү барып: «Бул эмне кылганыңар, бүтүндү бүлүнтүп?» – десем, ылжыган мас: «Катись по-о-дальше ко-олбасой!»[1] – деп, тили булдурактайт, а жанындагысы дудукча бакырып, тили күрмөөгө келбейт. Капитан Коптев: «Доктор, жүр кеттик, балээден алыс болгон жакшы», – деп, чанабызга ээрчитип жөнөдү. Мен тигил айбандын кылыгына ыза болуп, ичимен сөгүнүп:

– Минтип отурсак, Жеңишке ээ болбой эле, дүйнөгө шерменде болобуз го, оо, эки буттуу айбан десе! – деп ичиме батпай, оозумдан чыгып кетти, анда Коптев:

– Это еще цветики, а ягодка впереди, доктор, лучше нервы береги![2] – дейт.

– Көргөнүм ушул болсо, көрө элегиңдин бети курусун! – жерге түкүрүп чанага отурдум.

– Ичи күйүп өрттөп атышат да, болбосо, жөн эле өрттөгөндөй эмне, жинди болду дейсизби?! – начфиндин тили чыга баштады.

– Бизде: «Мастан жинди качып кутулуптур» деген макал бар. Жинди кылбагандарды мас жасап атпайбы, – мен начфиндин келжирегенине ого бетер кыжырым кайнап, сөз таба албай жатсам, биздин солдаттардын бир тобу бирин-бири жөлөп, ооздорунан ак ит кирип, кара ит чыгып, дарексиз бирөөлөрдү сөгүшүп, жаныбыздан өтүп баратат, оолжуп болушпайт, баччагарлар!

Батальон солдаттарын эптеп чогултуп, ылжыган мастарын жүк тартуучу (ок-дүрмөт, дары-дармек) чаналарына салып, колонна кылды. Биздин дивизиондун жоокерлери да, жөө солдаттарча катуу кетишпегени менен, кыйла тамылжып, алагүү болуп күрпүлдөп, аттарына күчү чыгып, ыгы жок эле жерден, жаңы алган чолок куйрук

[1] Жогол ары, томолон!

[2] Көргөнүңдөн көрө элегиң көп, доктор, андан көрө нервиңди сакта!

першерондорду[1] шапалактап, албууттанып, кээ бирлери киши менен урушкансып: «Ах ты сволочь, фриц, вражья скотина, но-о! Скорей, если не хочешь получить пулю в лоб!»[2] – деп күнөөсүз жаныбарды кыйкымсыз сабап, жол үстү ар кыл «эңенди» менен баюууда. Кыштактан чыгып баратканда артымды карасам бая кирип келаткандагы көрктүү тамдардын ордун асты алоолонгон жалын, үстү оргучтаган калың кара түтүн. Оо Кудай, оо Жараткан! Кечире көр! Тигил айбандарыңа өчөшүп, адамдардын тилегин катыра көрбө! Өзүң акыйкатсың, айып кимде? Калыстык менен текшере көр!

Акылыма сыйбаган айбанчылыкка бүт турпатым менен наааразы болуп, жанымда эмне үчүндүр шылкыйып отурган Коптевди чыканагым менен капталга түртүп:

– Петро, артыңды карачы,– десем, ал дароо.

– Эмнеге карамак элем. Көрдүм. Это – мамаево побоище повторяется. Я – русский. Этим названием всегда гордился. Но сейчас мне стыдно перед тобой, мамаевским потомком[3].

– Эчтеке эмес, Петро, буга жалгыз сен, сенин гана улутуң күнөөлүү эмес, бардык улуттардын акмактарынын иши, арасында Мамайдын тукумдарынан деле жүрбөйбү, өзүң көрбөдүңбү, – Коптевдин калчылдаган абалын көрүп эми өзүм ага насаатчы болуп баратам.

– Немистердин бир кыштагы өрттөндү деп, кайгырбай эле коюңуз. Алар биздин жүздөгөн кыштактарыбызды, шаарларыбызды деле талкалабадыбы, өрттөбөдүбү,– деп начфин Коптевге эми кайрат айтып калыптыр.

– Ушунун барысын кылып аткан, башкага үйрөтүп аткан сага окшогондор, жолдош улук лейтенант! Айбан-

[1] Першерон – жүк сүйрөөчү балбан жылкылардын бир тукуму.

[2] Ой, энеңди урайын, фриц, душмандын малы, но-о, ылдамыраак, маңдайыңа ок жегиң келбесе, кыймылда!

[3] Бул Мамай кыргынын кайталоо. Мен орусмун, аным менен дайыма сыймыктанчумун. Бирок азыр Мамайдын урпагы сенин алдыңда бетим кара болуп отурат.

ча кылыкка айбанча жооп кылып отурса, бул дүйнөдө адамзаттан тукум калабы деги? – эми эле көз алдыбызда өтүп аткан окуя капитанды менден да жаман капа кылып атканын түшүнүп, боорум ооруп, башка темага өтүүгө тырыштым.

– Петро, бүгүн айдын канчанчы күнү?

– Айдын канчанчысы экенин билбейм, ай календары менен жашабайм. Көптөн бери айды көрө элекмин. Күн да бүркөк, а бүт Европа кабыл алган Григорий календары боюнча, бүгүн январдын 20сы,– деп кайра куудул сөздөрү аралашып, алаксыгансып калды.

– Эсиңдеби, былтыр бүгүнкү күнү эмне болгону?

– Ээй, досум, доктор, былтыркы тургай, кечээки эле көргөнүм бүгүн көңтөрүлүп астым-үстүм болуп атса, сен былтыркыны сурап баш ооруткуң бар... Билем, сенин оюңду. Ыракмат аныңа! Мени кейиштүү сары убайымдан алаксытайын деген ак тилегиң, казат жолунда, өлүм менен өмүр аркан тартыш ойноп келаткан чакта, сенин мага чын достугуңду далилдейт. Мен сенин ушул бир боордугуңа арзый турган, акыбетиңди ыраазы кыла турган жооп кайтара алаар бекенмин?

– Болду эми, көптү билет десе эле, өтө философ болуп кетпей!

– Жолдош майор, ырас айтат, жолдош капитан. Сиз немистер үчүн өтө эле кейий бербеңиз. Алардын кылбаганы жок. Бир кыштагы өрттөнсө эчтеке болбойт, кылы кыйшайбайт, ансыз деле баарысы буржуй[4] турбайбы, – начфин немистерди жек көрөрүн жашырган жок. Анын ушул сөздөрүнөн кийин начхим шектенип, оозун тартып, аярданып, дипломаттыкка өттү. Мен Коптевди, кыжыры келип турган неме, кудай уруп, начфинди ачык текст менен сөгүп, балээге калбас бекен деп чочуладым эле, азамат, мунун ким экенин түшүнүптүр. Үч офицер бир чананын үстүндө эми эле болгон окуяга ар түрдүү

[4] Буржуй – бай деген мааниде.

мамилебизди билдирип, экөөбүз бирөөбүздү макулдата албай, ар кимибиздики өзүбүзгө туура көрүнүп, бирибирибизди жылма сөздөр менен түрткүлөп келатып, дагы бир кыштакка кабылганыбызды байкабай да калыппыз. Күндүн көзү көрүнбөгөнү менен кечтин кирип келатканы сезилет. Айлана жанагыдай алыс көрүнбөй калыптыр. Алыскы караандар даана таанылбайт, турганы же жылганы ажырата байкалбайт.

Алдыбыздагы жөө аскерлердин колоннасы жоголуп калыптыр. Алар небак эле кыштакты жойлоп кетсе керек. Биздин колоннанын башы кыштакка кирип калыптыр. Илкип биз жеткиче, дагы эки-үч мүнөт бардай. Ошого чыдамсыздык кылдыбы, же дагы кандай эсеби бар, билбейм, бизге бир ооз сөз айтпай, начфин чанадан түшүп, алды утур ылдам басып кетти.

Кыштактын ачык аянтына келгенде, капитан экөөбүз адатыбызча шынаарлаша басып, дарбазалары ачык үйлөргө, эч кандай максатсыз, тек гана көрүүгө баш багып келебиз. Биринчи эле көзүбүзгө түшкөнү – кыштактын тургундарынын көпчүлүгү качпаптыр. Жүк-мүктөрүн таңып, велосипедге, мотоциклге, кээ бирөөлөрү машинесине, же арабасына артып койгонуна караганда, булар деле жаны үчүн далбаса уруп, бирок үлгүрө албай калышкан кейпи бар. Үйдөгүлөрдүн кимисине кайрылбайлы, баары мукактанып, калчылдашат. Карысы дебей, жашы дебей, көздөрү чанагынан чыгып, биздин шырп эткен кыймылыбызга бүт денеси ток ургандай селт этет. Атуу өкүмүн уккан немелерден беш бетер, баарысында дыдаар жок. Минтип, өлүмгө даярданган адамдардын кашына куралчан кишинин келишинин өзү эле жеткен ырайымсыздыкпы, айтор, мен алар менен кишилерче беттеше албай койдум. Биз алардын күткөн ажалы эмес экендигибизди билдирүүгө аракет кылып, Коптев бар болгон сөз запасын жумшап:

– Гитлер капут![1] – дегенде, тиги шордуулар дароо кайталап.

– Гитлер капут, Гитлер капут! – деп чурулдашты да, селейип катып калган денелерине жан кире баштады.

– Силер коркпогула, цивильнийсиңер,[2] Rote Armie nicht schissen,[3] – деген сөздөрдү араң таап, кайрат айтымыш болдум да, жандарында тура албай, сыртка жөнөдүм. Тигилер менин сөзүмдү куттуктаган болуп:

– Ja, ja, jawohl! Danke schn[4] – дагы бир түшүнбөгөн эки-үч сөз айтып калышты. Биз буларга башка жакшылык кылууга колубуздан келбеди. Бардык болгон жакшылыгыбыз – аларга тийбедик. Бизден аман калышты. Ал эми артыбыздан шимшилеп жүргөн солдаттар бизден кийин буларга кирбеди, алар да бизчилеп тийбеди деп, кепил боло албайбыз.

Душманды жеңип баратып, ошол жеңип аткан сенин карамагыңдагы күчтөргө офицер катары бир ооз тилиң өтпесө, алардын нааданчылыгын, мыкаачылыгын көрүп туруп, акыл нугуна сала албасаң, бул чоң трагедия турбайбы! Буга тиешелүү даба таба албаган соң, наалыдың эмне, наалыбадың эмне? Алсыздыгың жөнүндө кимге даттанасың?

Коёндой калтыраган бир үй-бүлөнүн төрт жанына, убактылуу болсо да, аралжы болгонубузга канием кылып, дагы бир үйгө башпаксак, үй ээлери көрүнбөйт. Качып кетишкенби, же жашынып калышканбы, ким билсин? Кеч кирип, үй ичинин ымырты коюлууда. Коптев выключателди бурап, шам жандырды эле үй ичинде кандай гана эмеректер жок! Бир сөз менен: «Атаңдын көрү, менин үйүм болсочу!» – дегендей эле бар. экен. Түрлүү сыр менен тартылган, ар кандай темадагы сүрөттөр ду-

---

[1] Гитлер өлдү!

[2] Цивильный – аскер эмессbңер дегеи мааниде айтылган.

[3] Кызыл Армия айтпайт.

[4] Ырас, ырас, албетте! Чоң ыракмат!..

балдарында илинген. Диван, софа, кресло… Күмүштөн, хрусталдан жасалган идиштер. Аш үйүндө тамак бышыруучу меши. Конок үйүндө дубал менен дубал болуп, жалтыраган кафел менен капталган үй жылыткыч меши. Анын сол жагында дубалга кадалган чоң асма саат чыкылдап убакыттын эсебин алууда. Килтейген эки сары жумуру гиря (салмоору) сары чынжырларда салаңдап сааттын механизмин жүргүзүүдө. Биз бул үйдү таңыркап карап, бөлмөлөрүн кыдырып, кайра конок үйгө келсек, сааттын жебеси алтыга, мүнөттүн жебеси он экиге жетип калыптыр. Аңгыча болбой, циферблаттын,үстүндөгү эки кичинекей эшиктин бири ачылып, андан кичинекей «чымчык» сороңдоп чыга калып, «күк-күүк» дегенден кийин кайра жабылып, сол жакКы эшик ачылып келатканда, артымдан «тарс» үн чыгып, «күкүк» жалп этти. Эмне болуп кетти деп артымды карагыча, дагы бир «тарстан» экинчи «күкүк» талкаланды да, ага удаа тааныш үн угулду:

– Больше дразнить не будешь![1] – тапанчасын күүлөп начфин кыйратып салган немеден бетер оолжуп болбойт.

– Сени кайсы кара теке сүздү, улук лейтенант? Саат сага эмне жамандык кылды? – Коптев начфинге таңыркап да, жини келип да карады. Экөөбүз тең анын бул кылыгын жактырбаганыбызды этибарга да алган жок. Буттары кайчылашып калыптыр.

– Хотели еще л-лучше жить, сволочи[2]! – улук лейтенант жок немистерге ызырынып, кадам шилтейин деди эле, өз согончогуна мүдүрүлүп, оңкосунан сайылды. Ал жыгылып баратканда, тапанчасы дагы бир «тарс» деп, огу Коптевди жандап өттү. Кудай колдоду. Кокус анын огу капитанга тийсе, эмне болмок?

Мас начфиндин колунан тапанчасын мен тартып алып, Коптев экөөбүз эки колтуктан алып өөдө көтөр-

[1] Мындан ары айрөктөй албайсың!

[2] Мындан да жакшыраак жашагыңар бар ээ, энеңди урайындар!

сөк, акмак бутуна таянып тура албай койду. Өлүккө окшотуп сүйрөп, дарбазанын сыртына чыксак, кудай жалгап, старшина Посохов бир топ солдат менен өтүп баратыптыр. Бизди көрө коюп, старшина чочуп чуркап келди. Иштин жайын угуп, аркы солдаттарын чакырып, тигини колдон-буттан көтөрүп барып, биздин чанага ыргытышты.

Эшикке да күүгүм кирип калыптыр. Посоховдон: «Солдаттарыңдын абалы кандай?» – десем, Цагарейшвили катуу кармап, жазаласа деле болбой, айрым тартип бузуулар болуп атканын, алдыңкы пехотанын солдаттары жаман жөрөлгө көрсөтүп атканын айтып мага даттанды.

– Бул улук лейтенантты жанараак спирт зооттон көргөнмүн. Боюна чактап эле ичсе болбойбу, куурагыр!.. – деп, зээни кейип, биз менен коштошуп, шашып-бушуп, Посохов өзүнүн чанасына жөнөдү. Биздин ат айдагыч солдат плансыз тыныгуудан пайдаланып, атына жем илип коюптур. Мен аны тамашалап:

– Сен эмне кыштак кыдырган жоксуң? – десем, ал чыны менен мостоюп:

– Баарыбыз барахло издеп тентип кетсек, ок-дары, жүктү ким кайтарат? Аттарды ким багат? – дегенде, чанада сулдуюп, койнунан бир ак чүпүрөк булайып жаткан начфин үчүн эмес, бүткүл Кызыл Армиянын офицерлери үчүн уялып, сөз таба албай жатканымда, Петро:

– Менин Мишамды көрдүңбү, доктор, кандай тарбиясы бар?! Жалгыз эле сенин Посоховуң дейсиңби, – өзүнүн ат айдагычын көтөрө салды, – Миша экөөбүз Наро-Фоминскиден бери биргебиз. Ошондон ушул күнгө дейре жайкысын араба, кышкысын чана менен. Аттарын карабайсыңбы, ар дайым ыргычтап турганын! – начфинди колу менен түртүп, өз ордуна отурду.

– Мишаң сарамжалдуу эле солдат эмес, саясий эстүү да адам экен. Жакшы тарбиялапсың, Петро! – дедим,

мен да өз ордума отуруп атып, – бирок бул жалгыз эле сенин эмгегиң эмес, ата-энесинен да бар го? Миша, өзүң кайсы жерликсиң? – деп сурап калдым. Ал шашпай аттарынан жембаштыктарды алып, аларды бүктөп, өзү отуруучу орундун астына катып:

– Жолдош майор, мен Чкалов облусундагы Бугуруслан деген райондо колхозчу татар үй бүлөсүндө туулганмын.

– Мен сенин өзүңдү көрүп, анда-санда сүйлөгөн сөзүңдү угуп, орус го дечү элем. Акцентсиз таза сүйлөйт экенсиң, орус мектебинде окугансыңбы?

– Йук, ипташ майор, бизнин кышлакта рус-татар насиллери ералаш яшеймыз. Мин рус малайлары билян бирга ойнагам, бит – деп, накта татарча сүйлөсө болобу!

– Атың Миша экен, крешинсиңби?

– Йук, Худай аннан сакласын. Азандагы исмим Мурат, – деп, өз тилин сагынып калса керек, байкушум, кызып сүйлөп келатканда, Коптев:

– Доктор, биз экөөбүздүн ортобузда кандай жашыруун сөз болушу мүмкүн? Согуш кырдаалында, душман жеринде үч кишинин экөө үчүнчүсүнө түшүнүксүз тилде сүйлөшүп атса, ал эмнени ойлоп калышын байкабайсыңарбы. Эгер экөөңөрдүн чын эле жашыруун сөзүңөр болбосо, келгиле, жалпы тилге өтөлү, – деп, мага доомат артты. Мен аныкын акыйкат көрүп, оюна жаман албасын деп, Мурат экөөбүз, сүйлөшкөн сөздөрдү орусчага которуп берип атып: – Анан калса орустар башка диндеги кишилердин төрөлгөндө койгон аттарын да которуп, орусчалатып аласыңар. Буга деле таарынууга болор эле, – дедим.

– Аның туура, жолдош майор. Биз, орустар, көптүк кылып, көп керсени байкабайт экенбиз. Баарысы өзүбүзчө болсун дейт турбайбызбы. Ырас эле, сен сурабасаң, мен да Мишанын аты Мурат экенин билүүчү эмесмин. Жолдош солдаттарынын баарысы «Миша» дегенин, өзү

да «Миша» десе, «ыя» деп жооп бергенинен, мен мунун аты чын эле Миша экен дечүмүн. Көп нерсенин маанисин өз башыңан өткөрмөйүн, терең түшүнө албайт окшобойсуңбу. Эгер мен азыркыдай абалды жолуктурбасам, башка тилдердин баркын этибарга да алмак эмесмин. Ал үчүн сенден, жолдош майор, сага менин сөзүм оор тийсе, кечирим сурайм. Мишенька, – ат айдагычына кайрылып,– сен да кечир. Үч жарым жылдан бери тагдырыбызды бирге бөлүшүп жүруп, накта атыңды билбей, орустар бурмалаган ат менен атап жүргөнүм үчүн,– деп, эстүү азамат, жеке өзүнүкүн гана эмес, көп алаңгазарлардын кетирген катасын да мойнуна алды. Мунун айыптуу, өтүнүчүн ат айдагычы да ыраазылык менен угуп, мындан ары деле көнүп калган ат менен чакырып жүрүүгө улуксат берди.

Колонна жылгыча, үчөөбүз бир кыйла сырлардын башын ачып алдык. Тигил масыбыз сулдуюп, безге сайсаң да сезбей, катуу коңурукта. Түн кирсе да, өрттөнгөн үйлөрдөн чыккан жалын айланага шооласын чачып, кыйла жерди жарык кылууда. Узай берерде, көзүмдү чаптырып, баягы биз биринчи кирген үйдү издесем, андан да кара түтүн аралаш жалын оргуп атат. Көргөнүмө чочуп, Коптевди капталга түртүп, ага көрсөтсөм, башын чайкап:

– Варвары, хуже Чингисхана[1]! Үйүн өрттөгөндөр үй ээлерин соо койду дейсиңби? Ой-ой, Бог не простит этого! Это возмездие когда-нибудь окончится возмездием[2]! – деди да, бетин буруп, унчукпай ылдый карады. Анын ичи оттой күйүп, туталанып, анысын айтууга сөз таппай жатканын сезип, мен:

– Петр Михайлович, сен экөөбүздүн абийирибиз таза, колубуз ак. Бизди Кудай кечирет. Бирөөлөрдүн

[1] Жапайылар, Чынгысхандан жамансыңар!

[2] Ой-оой, Кудай муну кечирбейт! Бул өч алуу качандыр бир мезгилде өчкө өч менен бүтөт!

акмакчылыгы үчүн да кайгырып, капалана бербечи. Муну экөөбүз, ал тургай Цагарейшвили үчөөбүз токтото албасыбызга менин көзүм жетип, колумду серпип тим болдум. Сен эстүү жигитсиң, баарыбызга акыл үйрөтүп, адилеттүү сөздөрүңдү айтып жүрөсүң. Бир жолу менин акылымды укчу, – дедим.

– Анын ырас, доктор,– деп мени карап, оңдонуп отуруп,– менин жеке башымды Кудай кечирет, ага кам санабайм. Менин акылым сеникине макул болбой жатпайбы. Мен Россиянын титулдуу улутунун өкүлүмүн. Бул согуштун жакшы жагы баарыбыздын даңкыбызды, ошонун ичинде сенин кыргызыңдыкын да чыгарат, а жаман жагы жалгыз титулдуу улуттун бетине көө тартат, сенин кыргызыңдын атын да аташпайт. Мен ошого намыстанып, ошого күйүп-бышып атпаймынбы. Мына титулдуу улуттун экинчи бир өкүлү куралдуу душманды кыйраткансып, жүрүп турган сааттын жарчысын, өнөрдүн сүйкүмдүү бир оюнчугун атып, ит ичпегенди ичип чочкочо оонап жатпайбы! Анан кантип ичиң күйбөйт, аланайын доктор, өзүң калыс болуп, өзүң ойлонуп көрчү!

– Петя, өзүң айткандай, орус деген көп калк. Ошолордун баарысы тең ушул начфиндей макоо дейсиңби? Сага окшогон миңдеген акылдуу, адилеттүү, намыстуу адамдары бар да. Ошолордун шарапаты менен жеңишке ээ болуп атпайбызбы. А бу начфин, силердин бир жакшы макалыңар бар: «семья не без урода»[1] – деген, ошондой арсыз келесоонун бирөө да. Бүт орус үчүн, жалгыз өзүң жооптуу боло аласыңбы? Ал үчүн жок дегенде армиянын командалоочусунун ордун ээлешиң керек болуучу. А сен бар болгону чакан бир полктун начхими, капитансың. Уялсаң болбойбу – дедим эле, Коптев көп ойлонбой оңой жооп берип кутулду:

– Болуптур, сөзгө жыгылдым, а жоопкерчиликтен качпайм! Миша, алдыда эмне болуп атат! Айда атынды…

[1] Кемтиксиз үй-бүлө болбойт.

– Алдыда караңгы, жолдош капитан, артта өрт!..

Ошентип, жоо менен беттеше албай, күндүр-түндүр жол азабын тартып, өзүбүздүн аскерлерибиздин кылык-жоруктарына наразы болуп, келатабыз. Үй өрттөмөй, Кудай уруп, өнөкөткө айланып барат. Жаман жөрөлгө жугуштуу болот экен. Эми өрт бизди гана ээрчибестен, оң жагыбыздан да чыга баштады. Оңбогон солдаттар үй өрттөө технологиясына да машыгып алышты.

Солдат үйгө кирип комнаталарын кыдырып, үй ээлерин издейт экен: таппаса кайра сыртка чыгып, анын подвалына кирип, андан да үй ээлерин таппаса, илинип турган колбаса, ветчина,[1] шпигдерден,[2] тизилип турган айнек банкадагы бадыраң, помидор, патиссон консерваларынан, бүлдүркөн, карагат, кожагат, данкуурай, кулпунай вареньелеринен курсагына батышынча жеп, андан чыгып, короо-сарайларды кыдырып, андан да кишилерин жолуктура албаса, кайра үйгө кирип, көзү кызыккан буюмдарды жонбаштыгына солоп, анан батыра, көтөрө албагандардын катууларын жерге уруп талкалап, жумшактарын керебетке үйүп, кушжаздыкты, же мамык төшөктү жара тартып, оттукту чырт жандырып, урпурап жаткан куш жүнүнө жалынын тосо койсо болду. Заматта үй ичи жалынга толот экен. Калганын солдаттын жардамысыз эле жалын акең жалмап, жайлап салат.

Бүтүндү бүлүнтүү текейден оңой! Бир жолу ушул окшогон «ишти» жасап аткан солдаттын колунан баягы Гражинанын белегин көрүп, жүрөгүм шуу дей түштү. «Ушундай, итчилик да мунун колунан келет экен ээ?!» деп, жүрөксымак кыпкызыл тумардын ичиндеги оттукту жалаңкычымдай жек көрүп, ал аркылуу Гражинанын элеси көз алдыма тартылып, сен мага: «үй өрттөп жүрсүн» деп, атайы берген белегиң турбайбы,– деп, ага түкүрүп да жиберсем керек, өрттөп аткан солдат өзүнө алып:

[1] Ветчина – ыштап сүрсүткөн чочконун карчыгасынын бүлкүлдөгү.
[2] Шпиг – чочконун туздалган кыртышмайы.

– За что, товарищ майор, плюешься? Не я один, все так делают,[1] – деп акчыланып коёт.

Ал эми, кокус үй ээлери жолукса, дароо:

– Где фрау?[2] – дейт, андан башка сөз билбейт. Немис тилин жакшы билген солдаттар деле калп эле келесоо чалыш болуп, башка сөз айтпай, автоматын кошколдоп тутамдап, акырaят. Эгерде үй ээлеринин арасында келин-кыздардан кезиксе, аны ата-энесинин, же ыйбаа кыла турган улууларынын көзүнчө эле баса калып, айбандык ишин бүтүрө берет, кээ бир абийирден анча-мынча жугу барлар сүйрөп алып, башка бөлмөлөргө кирип жайлашат. Керегине жарап турган канча аял табылса, баарын куру калтырбайт. Эгер бир топ солдатка бир аял кезиксе – шордуудан тамтык калбайт.

Ой-тобоо! Абийир болбосо, кишинин айбандан айырмасы жок турбайбы? Адамды адам кылган абийир турбайбы?! О, Кудай абийиримден ажырата көрбө!!!

## – 9 –

Казат жолунда, душман жеринде көзүм менен көргөндөрүмө өзүм ишенбей, же өңүм, же оор түшүм, же болбосо, эт ысыткан тумоо тийип, алдастап аткан экениме түшүнбөй, беймаза болуп, ат басыгы менен алга жылып, чилденин кара суугу каптаган кыштын каардуу чыкыроон бүркөк түнүн жиреп келебиз. Алдыбызда баягыдай эле пехота. Бирок азыр анын аты эле калып, өзү жокко эсе болуп барат. Жок, ал душман менен кармашып, суюлуп аткан жери жок. Душманды кубалап жете албай баратып, өзүнөн өзү азаюуда. Бу кандай соо мээге сиңбей турган жин-перинин оюну? Бу чын эле көргөнгө чын, укканга калп, ишенгис окуя. Мындайды өзүм

[1] Эмне, жолдош майор, түкүрүнөсүң? Жалгыз мен эмес, баарысы ушинтип атат.

[2] Фрау – катын, зайып (немисче). Катын кайда?

көрбөсөм, өмүрү ойлоп таба албас элем. Муну жараткан баягы эле: «Биз Германияны бошотуу үчүн эмес, андан өч алуу үчүн баратабыз. Ошондуктан Советтик Кызыл Армиянын ар бир жоокеринин кыймыл-аракеттери советтик закон менен корголот!» – деген директива. Бул директива солдаттарга чоң таасир берди. Жеңишке укмуштай шыктандырды. Эми солдаттар командирлеринин командасысыз эле кыштак, же шаар учураса, айрыкча анда зоот-фабриканын морлору көрүндү дегиче, өздөрү эле кимиси атчан, кимиси велосипедчен, кээси мотоциклчен, дароо чу коюшат, бир да ок чыгарбай ээлешет, анан ар кимиси оюна келгенин кылышат. Кээ бир аскердин ыпылас иштерине жаның чыдабай, тартипке чакырсаң, сага күнөө коюп, балээсине каласың!

Мына ошентип мындан он күн мурда алдыбызда стройго тизилип, батальон командиринин командасы астында марш уруп бараткан жөө солдаттар Германиянын чегинен өткөндөн бери строюн бузушуп, кава-вело-авто-араба батальонуна айланган. Эчтекеге мине албаган азыноологу, эле мастыгынан, чарчаганынан буттарын шилтей албай, ирээтин, строюн, дистанциясын сактай албай, бадага чыгып бараткан уйлар сыяктуу ары өткөн бери өткөндөрдүн жолун тосуп, жолто кылууда. Өздөрү араң кыймылдаганы аз келгенсип жонбаштыктарынын тысырайып катуулугун кантесиң?! Атчандары андан бетер тири укмуш! Бирөөнүкү токумчан, бирөөнүкү жайдак, а дагы бирөөнүкү ээр турмак, нокто-жүгөнү да жок. Бир колу менен ыйык жалдан аткып, экинчи колундагы автоматы менен камчыланып, спирт зооттун мору көрүнсө, Чапаевче зыр коюп, ураалап, атакага өтүшөт. Анысын аты түшүнбөй, чуркабай койсо, ал аттын шору кайнайт, аны кулак түпкө мээлеп, автомат оозун каңдап, оңкочуктап бараткан аттын башынан секирип аттап жөө ураалайт.

Бул окуя, качкан жоону кууп жете албаган, аткычтар дивизиясынын биринчи эшелонунда болуп барат. Ал

эми душман менен беттешип, кээде кан төгүш болгон жерлерде кандай окуя болуп атканын билбейм! Жол боюнда, таманында кезиккен өлүктөргө караганда, анда деле өч алуу катуу жүрүп атса керек? Кез-кезде жолдун өйүз-бүйүзү душмандын өлүктөрүнө шыкырап, толуп жатканын көрөсүң. Эмнегедир өлүктөрдүн баарысы баштары жолдун таманын карап, күветти жазданып чалкасынан жатат. Кагылышта мындай болбойт да. Бир жолу ушундай «тартип» менен өлгөндөрдү аралап баратып, жарадар солдаттарды артка ташып келаткан машинеге туш келип, аларды Цагарейшвили атайын токтотуп, алдыдагы абалды сурап, анан: «Мобуларды кантип өлтүрдүңөр эле?» десе, алар жылмайып: «Көбү колдорун көтөрүп, булаанга түшүүнү каалагандар, азы ар кайсы жактан сүйрөп келинген өлүктөр – издеринен деле көрүнүп турбайбы» деп, токтобой кете беришти.

Чындыгында эле кийинки беш күндө эки сапар гана булаанчылардын чакан колоннасын көргөнбүз. Аларды да жөн койбой, мас солдаттар төбөлөрүн каңдап, экөөнү өлтүрүп да коюшкан. Булаанга албай, өлтүрүлгөндөрдү чоң жолдун боюна жипке тизген балыктай, шыкыратып коюу: бир чети мыкаачылык болсо да, экинчи жагы жоонун жүрөгүнүн үшүн алыш үчүн жасалган саясат экенин түшүнүп, курал көтөрүп, айбат кылган душмандын сазайын колуна берүүнү адилеттик катары белгилеп келебиз.

Асфальты күзгүдөй жалтырап, жайдыр-кыштыр кара, чоң, кенен жолдор менен биз, чаналуу транспорт жүрө албайбыз. Андай жолдор менен моторлуу транспорт, танкелер, катюшалар, моторлуу замбиректер жана автомобил, тракторлорго сүйрөтүлгөн замбиректер жүрүшөт. Ошолор душманды сая кууп, аскерин кырып, техникасын талкалап, жанын көзүнө көрсөтүп бараткан жолдорду кез-кезде кесип өтүп калабыз. Эки сапар катуу кыргын өткөн жерге кабылдык. Талкаланган техника-

дан, талпагы ташка жайылган өлүк көп! Кудай бетин ары кылсын, көзүң жамандыкты көргүлүк кылбасын!! Жол четинде күветтерде кулаган, дөңгөлөктөрү асманды карап, көңтөрүлгөн замбиректер, автомашинелер, бычыраган мотоциклдер, кичине автомобилдер ичинде ичекарды чыгып былчыйган өлүктөр, өрттөнгөн чоң машинелерден, танкелерден күйгөн эт-сөөк жыттанган, саңырсыган түтүн. Жолдун таманы чүпүрөк-чапырак аралашкан күрөң баткак. Жыты кускунду келтирет. Баткактын эни жолдун эни менен барабар, узундугун өлчөө кимдин оюна келет? Көзүң жеткен жердин баары эле баткактай сезилет. Канча кишинин өлүгүнөн жуурулган баткак экенин көргөн биз эмес, тебелешкен танкисттер деле эсебин алууга үлгүрүшкөн эместир. Жолдон алыс эмес өйүз-бүйүздөгү да кызыл ала болуп, томурайып жаткан өлүктөр, мен бала кезде бир жолу көргөн байдын таш короосуна тийген карышкырлардан кырылган койлорду элестетти.

Биздин жоокерлердин өлүктөрү жолдун четинде бөтөнчө чогултулган. Булардын караанын тигилердики менен салыштырып болбойт. Качкан жоону катын алат деген бар. Качкан жоо шаштысы кетип, коргонуу тактикасын жакшылыктуу уюштура албайт. Жоокерлердин жүрөгү түшүп, «коркконго кош көрүнөт» болуп, душмандын санын, күчүн баамдай албай, кыргыйдан качкан таранчы сымак корголоп, көп болуп туруп, азга жем болот эмеспи. Бул жерде так ошол чындык ишке ашкан белем?

Өлүм дегендин баарысы жамандык. Өзүң менен эсакылы, жашы теңдер же сенден кемдер, а балким төөлүк өөдөлөр, эми сени менен касташып, достошуп, талашып-жарашып, бири-бирибизге жакшылык-жамандык каалашып, жарык дүйнөнү талашып, ары чоюп, бери чоюп, сени менен беттешип, кектешип, же тил табышып эптешип жүргөн адамдар сенин көзүңчө, же сен колдуу

бул дүйнөдөн биротоло жоготулуу жакшылыкпы, же жамандыкпы? Дос-душмандыгына карабай, адам коомун азайтып, саясатка чалгы-кылычтын кызматын аткарып аткан өлүм жалпы адамзаттын касы эмеспи? Карачы, бир эле кагылышта канча өлүм? Азыр бул окшогон кагылыш советтик-германдык майданда, миң болбосо да, жүз жеринде сөзсүз болуп атат, демек, жалпы адамзат ушул эки дөөнүн кагылышынан эле жүз жерде жоготууга учурап жатпайбы? Бул жалпы адамзат үчүн кейиштүү! Ал эми үч жарым жыл үй-бүлөсүн күттүрүп, аларды ар бир каты сайын, «душманды биротоло жеңээрге, үйгө кайтып келээрге, чыдагыла, аз калды!» – деп күттүргөн биздин жоокерлердин минтип душмандын жеринде, өз элден, өз жерден топурак буюрбай калганы жүз эсе кейиштүү эмеспи!

О жексур согуш! Сени кандай ырайымсыз, кара мүртөз, катаал гений ойлоп тапты экен?!

«Келме кезек, терме тезек» – намыс принцибинин жапайы формасын колдонуп, маданияттуу Европада өз бетибизге өзүбүз көө сүйкөп атканыбызды ак ниет жоокерлерибиз өз элибизге ачык айта албай, өз солдаттарыбыздан өзүбүз коркуп, акты карадан ылгоо укугубуздан ажырап, тилибиз байланып, элибиз чаңкап күткөн Улуу Жеңиштин жалпы шарданында селге аралашып агып баратабыз. О, Кудай өзүң кечир!

...Баягы акыркы токтогонубуздан бери төрт саат өтүптүр. Капитан Коптев бүк түшүп чананын жол жак четинде жатат. Уктап атат окшойт. Мен күвет жагындамын. Ортобузда сулдуюп, начфин, бутун сунуп, чалкасынан жатып, коңуругу токтобойт. Бул мас итти жолдо түшүп калбасын деп ортого алып, капитан экөөбүз оңтойсуз абалда келебиз. Петро экөөбүз акыркы сөз алышкандан бери, анын капасын өз кейишиме кошумчалап, көнгөн адатымча өткөн-кеткендерди чубатып атып уйкум качты. Төрт саат тынбай жүрүшүбүздүн себеби: аткычтар

полкунун командиринин акыркы буйругу боюнча болсо керек: «Түндө эч бир калк жашоочу пункттарга токтоого тыюу салам. Менин өзүмдүн гана буйругум боюнча тыным жасоого улуксат!» – дептир эле ал киши. Ээнбаштыктан тажаса керек. Анын үстүнө, солдаттардын мыкаачылыгына жаны кашайган немистер бириндеп жойлоп жүргөн немелерди, түн жамынып майып кылып коюшу ыктымал...

Аттар чаалыгып баратканы сезилет, барган сайын кашаңдоодо. Ат айдоочунун талыкшып, уйкуга жеңдирип баратканын байкап:

– Мурат, бер али атны минга, мин башкарайын! – дедим эле, ал байкушум өз тилин, өз атын биринчи укканга жан-алы калбай кубанып, уйкусу умачтай ачылып:

– Ипташ майор, сиз чистейший татарский языкны каян билясиз? Вот здорово![1] – деп, мени да кубаттады.

Аны ойготуп алганым өзүмө эрмек болуп:

– Мин татарча чисто сүйлөй алмыйм. Бирак кыргыз тили татар тилига якын. Без переводчика можно разъясниться,[2] – деп түшүндүрдүм.

Орозодо көчкөн эрмек деп, илгерки зериккен кыргыздар айткандай, казаттын кышкы түнүндө эптеп таңды атырып, жарык дүйнөнүн айланасын көрүүгө зарыгып бараткан жаным, ат айдагыч менен сүйлөшкөндөн бери убакыт да ылдам жылгандай, аттар да жанданып, ылдам баскандай сезиле баштады. Мен Мураттын ата-энесин, окуган мектебин, алган билимин, турмуш ал-жайын сурап, анын көңүлүн кыйла көтөрүп койдум:

– Сен атты жаныңдай көргөн, ишиңди айттырбай таза жасаган, бирөөлөрдүн буюм-тайымдарына көзүңдү артпаган, төп жашаган ыймандуу жигит көрүнөсүң...

– Инша-Алла, Худайга шукир, ипташ майор! Мин бит мусулман. А мусулманга зурлык кылыш, обижать этиш,

[1] Мына кызык!

[2] Тилмечсиз эле түшүнүүгө болот.

у-й, как грешно, товарищ майор,[1] – канча тырышса да таза сүйлөй албай, орусчалатып жибергенинен, көптөн бери өз тилинде сүйлөбөй, анын үстүнө, бала кезинен бери орус аралаш жүрүп өскөн неменин сөздөрүн анчейин этибар албадым, бирок мусулманчылыкты ичинде бек сактап келаткандыгы мени таңыркатты.

– Мурат, сен, мусулманчылыкты кайдан үйрөнгөнсүң? – Менин бул суроом Муратты бир кыйла оор абалга калтырдыбы, же эмне болду билбейм, бир аз үнү басылып, буйдала түштү, анан бир оокумда:

– Товарищ майор, бул суроoңуз менин оорумду бир козгоп кетти. Анткен себеби, мен сизге айткан вить: «бизниң аулда руслар, татарлар билян яралаш яшийт», деп. Мен бала кезимде айылыбызда чиркөө да, мечит да болгон. Орустар чиркөөсүндө чокунуп, татарлар намазын окуп тынч, ынтымакта жашап келген. Ким күнөө кылса, ал өз ыйык үйүндө өз жамаатынын алдында айыбын тарткан. Маселен, «рус татардын уюн уурдаса, аны чиркөөдө, татар орустун баласын урса, аны мечитте коомдордун көз алдында текшерип, катуу айыпташа турган. Кийин коллективизация башталганда, а дегенде мечитти жапты. А буга татарлар наразы болуп, хукиматка арыз жазышты. Хукиматтан[2] келген адам мечитти ачып бербестен, чиркөөнү жапты. Ага руслар каршы болду. Мына ошентип, айыл ичинде наразычылык күчөп, ынтымак бузулду. «Мулласыз, пупсыз колхозда яшиймыз, янги когам ясаймыз, янги ынтымак курамыз»– дешти. Курдук, түздүк. Бирок наразылык басылбады. Акыры бир айылдан эки колхоз уюшулду: бирөө – орус колхозу, экөө – татар колхозу. Бири-бирин жамандашып, айгак болушуп, кулакка тарттырып, сотко кестиришип, элибизден көп чыгым болду. Түрмөдөн коркуп, качкындар пайда болду. Канча орус азайды, билбейм, татарлардын

[1] Ызалоо күнөө да, жолдош майор.
[2] Хукимат – өкмөт.

үчтөн экөө качып жоголду: Бизниң якын-якын «туушканларымыз Урта Азияга «качып киттеляр, бит».

– Орто Азия чоң. Кай ериге барганлар синең туушканларың?

– Самарканд, Бухара таманлары дип, ишитти эдим. Өзүм билмийим, ол ни ерлер?

– Мурат, сен менин суроомду унутуп калдыңбы же атайын жооп бергиң келбейби? Оор болсо, жооп бербей эле кой!

– Йук, ипташ майор! Мен 1926-йылы миктабга кирдим, 1930-йылга дейре миктабдан сырткары күнүгө икки сагат мулладан мусулманча окуп йүрдүм. 1930-йылы мулланы кулак кылып хүрмөгө айдап кеттеляр. Менем дөрт йиллик образованьем бар, – деди.

– О-о, сен чоң молдо турбайсыңбы!

– Нет, товарищ майор, какой с меня мулла,[1] мулла булыш үчүн көп укыш кирек эди, андай мумкинлик кимибиздя булды? Ликин, сизлер тарафида булган чыгар?..

– Эмнени! Ал тургай «Кудай бар» деген кишини камап, соттотуп жатпадыбы.

– Рас, рас, товарищ начальник, бизне ям шулай булган бит. Минга атийим куп ярдам итти.

– Атийиң молдо болгон беле?

– Йук, просто мусулмански образованный[2] адам булган. Бизиң аулда бурун диний тартип катты булган.. Христианлар христианча, мусулманлар – мусулманча обязательно религияларын куп окушкан. Шунан миним атийим шаригатны якшы билги адам эди. Минга кичкинтайымнан: иман, адеп, абийир, парз, суннат уажип диганларни кулагымга аңлата бирган. Грешным делом, в молодости атийим шуларниң аммасын айтып яткан- да, «К чему все это?»[3] – деп магана бире биле алмагам,

[1] Эмненин менде молдосу!

[2] Жок, жөн эле мусулманча билимдүү адам болгон.

[3] Кудай өзү кечирсин, жаш чагымда... «Мунун баарысынын эмне кереги бар?» дечүмүн.

какой я был тогда дурак? Если б я тогда  не научился, все-таки азбуке мусульманства, азбуке совести, настоящим дураком был бы сейчас! Мягко сказать «дураком», а настоящим зверем! Вот так, товарищ начальник. К чему научился в молодости я – обязан прежде всего отцу своему, к мулле, конечно предостерегшего от греховного!..[1]

– Немистердин үйлөрүнө, короо-сарайларына кирип атасыңбы, башка солдаттарчылап?

– Ике кышлакта, ике үйдө болдум. Здорово живут, сволочи[2]!

– Балаларыңа белек-бечкек алдыңбы? Айтмакчы, аулда катын-балдарың барбы?

– Бир кызым, бир балакайым бар, ипташ начальник. Катыным матур, Миктабда мугалим булып ишлейт. Бирөүдүң айбирларын тартып алыш – хуже, чем воровал. Ул синга офе булмый...

Бир маалда чукуранып, Коптев ойгонду. Айлана караңгы. Бет алдыда кайдандыр бир алыстан, согуштун шооласы бүдөмүк көрүнөт, дүңгүрөгөн дүбүртүн кулак чалбайт, бирок аттарыбыздын кулактары алга имерилип тикийип, моюндарын кекейте калышы, алардын бирдемелерди сезип бараткaнын күбөлөгөндөй.

– Убакыт канча болуптур? – капитан Коптев башын көтөрүп, маскхалатка чүмкөнүп, саатын карап: «Ого-о беш болоюн деп калган турбайбы, – дегенде анын сөзүн ырастагансып, жакын бир жерде корооз чакырды, – доктор, сенин ойгонгонуңа көп болдубу?»

– Петро, мен күүгүмдөгү окуядан бери көзүмдү жума элекмин. Түнкү саат 24 нөл-нөлдөн бери, Мишага эрмек

[1] Ошол кезде акмак турбаймынбы? Эгер ошол кезде, кантсе да мусулманчылыктын апысын, абийирдин апысын окубасам, накта акмак азыр болмок экенмин! Акмак дегеним жымсалыраагы, накта мокочо болмок экенмин! Мына ушундай, жолдош начальник. Жаш кезимде үйрөнгөндөрүм үчүн баарыдан мурда өз атама, анан арамдан сактап калган молдокеме милдеттүүмүн!

[2] Укмуштай турушат экен, шайтандар!

болуп кобурап келебиз. Кудайга шүгүр, айлана азырынча тынч. Алдыда, тээтиги алыста, бир аздан бери өртпү, билбейм, кандайдыр бир шооланын шоокуму пайда болду. Бирок колоннага команда бериле элек, баары жымжырт.

– Миша, келе можуну, мен айдайын. Доктор экөөңөр бир аз эс алгыла. Баарынан да таң атаардын алдындагы уйку таттуу болот. Убагын өткөрбөй чырм этип алгыла, болбосо, кечке дейре көзүңөр катып, кыйналасыңар! Мобу неме, баягы эле бойдон ойгоно элекпи, эски зөөкүр болсо керек?! Эми мындайдын күнү тууду. Наркомдун жүз граммын сурап, старшиналардын көзүн карап отурбай, кыштак сайын ичимдиктин зооту буларды күтүп турат. Анан бул эргулдар атасынын каны, жотосунун куну үчүн спирттен өч алып, өлгүчө шимирип, көксөөсүн суутуп, моминтип, эс-учун билбей жыгылышат. Мындайлардын пайдасынан зыяны! Көрбөйсүңөрбү, сволочь, ашка жүк, атка жүк болуп жатканын! Начфиндин эмдигиче соолукпай, сулдуюп жатканына Коптев кыжыры кайнап, Мурат менен орун алмашып, өзү жамбаштаган жерден буга орун берди да, мага:

– Доктор, атты канча грамм спирт менен канча саат мас кылууга болот? – деди. Мен китептерден билгенимди айтып бердим.

– Тьфу, мерзавец, анда бул беш балбан атты өлтүрүүчүү спирт ичсе да өлмөк турсун, жайдын бейкут түнүндөгүдөй магдырап, коңуругунан жазбай он сааттан бери ойгонбой жатпайбы! Шайтандын ичинде курту бар неме го, же ичи толгон химреактив болсо керек, баарысын нейтралдаштырып туруучу?

– Мунун ичинде эмнеси бар экенин билбейм, Петр Михайлович, бирок спирттин таасирдүү дозасы жалпы дененин массасына жараша эмес, мээ массасына гана жараша болот. Демек, начфиндин денесинин жалпы массасы тиги Посоховдун чанасын сүйрөп бараткан чолок

куйрук буруул аттын массасынан он эсе жеңил болгону менен, мээси дене салмагынын 0,4% тин түзөт, а аттын мээси өз салмагынын 0,4% тин гана түзөт. Ошентип, кишинин мээсинин салыштырма салмагы аттыкынан он эсе оор болуп атпайбы. Ошого жараша киши атка караганда аракты он эсе көп көтөрө алат.

– Койдум, доктор, илимий ишенимдүү далилдедиң. Ошентсе да, бул неме тиги немистин чолок куйрук буурул атынан он эсе акылдуурак экенине ишенбейм. Атты кара, муну кара! Тиги душманынын кишиликтүү мамилесине ийип, адал эмгек сиңирип, душманынын жүгүн сүйрөп баратат. Бул душмандын үйүнө кирип, төрүнө сийип, эмеректерин чачып, оюнчуктарын атып, мас болуп, досторуна оордугун тийгизип, өлүү болуп жатып келатат.

– Мен, мээси чоң болсо, акылы ошончо чоң болот дегеним жок да. Акыл мээнин салмагына байланыштуу эмес.

– Болуптур, доктор, аны да H2O (аш эки о) суу дегендей далилдээриңди сезип атам. Таңга аз калды, бир аз көзүңдү ил. Көрбөйсүңбү Мишаны, мен колунан можуну алаарым менен уйкуга кетти. Миша эмес эле машине. Ачкычын солго бурасаң – лып өчөт, оңго бурасаң – дүрт от алат. Молодец!

Ошентип, кобурашып атып, качан уйкуга жол тартканым эсимде жок...

Ураалаган чуудан чочуп ойгонуп, башымды көтөрсөм, жерге жарык түшкөн, айланам бүт карбаластаган кыймыл. «Кудай уруп, капыстан душманга кабылган экенбиз», – деген ой мээме чагылгандай тийип, ордуман тура калып, чанадан ыргыдым эле, жылып бараткан неменин күүсү менен сендиректеп барып, күveттин кашатына мүдүрүлүп жыгылып, дароо кайра туруп, автоматымды кош колдоп мыкчыдым. Жалгыз мен эмес, бул чууга чанада уктап келаткандардын кыйласы чочушуп:

мындай учурда, ким жолдун кайсы өйүзүндө, душмандын мизин кантип кайтаруу ыкмасын ээлөө менен алек болуп атканы көзүмө чалынды. Мен да өз аракетимди жасап атып, чанамды карасам, ал камаарабай, жай гана жылып баратат. Коптев можуну Муратка берип атып мени карап ыржалактайт. Аны көрүп ичимен ызаланып: «Бул начхимдин шылдыңы экен» деп, ордуман туруп, чанама кайра басып келатсам, артыман дабыратып, бир нече атчан жолдун оң тарабына, бир нечеси тырактаткан бойдон жол менен алга чаап өтүштү. Алдыбыздагы баягы кава-мото-вело-арабачан пехотадан дайын жок. Биздин гана чаналар колоннасы калган. Мен чанага жетээрим менен колонна да токтоду. Күлүп аткан Коптевден:

– Эмне шылдыңдайсың? Эмне болуп атат? Күлбөй, айтчы,– десем, ал тиги өтүп кеткен жана азыр жаныбыздан айкырык салып чаап бараткандарды колу менен көрсөтүп, ого бетер каткырды. Анын кол серпкен тарабын акыл токтотуп карасам, ай-ла-найын, жөн эле тири укмуш! Ызы-чуу үн аралаш ат дүбүрттөрүнө жүрөк дүпүлдөп атып, ат үстүндөгүлөрдүн кебетесин байкабапмын. Карасам-шумдук! Тетигиндей нокто-жүгөнсүз, автомат менен камчыланып жүргөн «кавалеристтер»көзгө үйүр болуп калган. А бүгүнкүдөй циркти биринчи көрүшүм: бирөө шинелинин үстүнөн булгун ичик, башына суусар тумак кийген, астында драгун[1] ээр – кадимки эле боярин, бирөө цилиндр калпак, фрак кемселчен, анын астынан бозоруп чыгып турган шинели эле болбосо, кадимди эле сенатор, бирок мингени жайдак ат, бирөөнүн үстүндө маскарапоздун чаар комбинезону, бутунда – текөөр таккан кара булгаары өтүк жүгөнү жок атты колтукка теминип зыргытат. Бул кебетени атактуу клоун да ойлоп таппас эле! Кимиси велюр, кимиси тыбыт, кимиси чий калпакчан, үстүлөрүндө көк, кара, күрөң, боз нооту пальто. Кээ бир солдат аялдын арыс, ач күсөн, киштен

[1] Драгун – атчан да, жөө да урушуучу эски аскер түрү.

жасалган ичиктерин жонуна тысырайтып, үкүнүн, кыргоолдун, тооктун куйрук жүндөрү сайылган укмуштуу немелерди баштарына кийип чаап баратышат. Арасында Фридрих каролдун заманында немис кавалеристтеринин мундирлерин кийген, кылычтарын тагынган эргулдар да бар. Ким гана жок? Кандай гана кийимчен жок? Мындай көрүнүш циркте тургай, абсурддар[1] театрында да болбойт. Эч кандай режиссер таба алгыс көшөгө! Коптевдин эмнеге каткырып атканын эми түшүндүм. Орустун абийирин жерге төкпөгөн салабатына мактанган ар намыстуу жигит буларды көрүп, ичи өрттөнгөндөн каткырып аткан турбайбы?!

Орус Коптев тургай, кыргыз мен деле, Советтик системада коммунисттик партиянын ар дайым көзөмөлүндө, күн сайын камкордугунун астында тарбияланып жүргөн мен деле, Кызыл Армиянын жоокерлери төрт-беш эле күндүн ичинде, ээнбаштыкка эрк берип койсо, таанылгыс бузулат деп, үч уктасам түшүмө кирбеген мен деле, тилим чолок, дартымды угаар киши жок, «сыртым жалын, ичим чок» болуп, дудукча жалдырайм. Коптев жинди болуп кетпесе болду. Жин оорунун бир белгиси маанисиз каткырык дешчү эле, Кудай ошондон сактай көр!

Калабанын кайдан чыкканын көрүп, бир жаңсыл ойго келе баштап, саатымды карасам, тогуздан беш мүнөт өтүптүр. Биз «кавалеристтердин» капшабына кабылып, колоннабызда бир кыйла сүрмө топ болуп атып, арабыздагы майда-чүйдө окуяларды байкабай калыппыз. Менден мурда чананын жанына келген Коптев менден начфинди сурайт. Карасам чана бош.

– Ал жанаа эле «кавалеристтер» менен куйрук улаш кыштакка чуркаган! – Мураттын жообу суроонун толук башын ачты.

Он сааттай жүк сүйрөп, тынбай жол баскан аттардын жонунан, таноолорунан чыккан буу жөө туман сыяктуу

[1] Абсурд – маанисиз, тантырак.

алардын денесин чулгаган. Жаныбарлардын колтуктары калтырап, кый сүбөөлөрүнө чыга калган жылгалар алардын чарчагандан ичин уруп, солуп аткандыгына күбөө болууда. Буларды эс алдырып, сугарып, жем-чөп берип кубаттантпасак, кыйласы жүрбөй калуучудай.

Мен көчүбүздү аяк өөдө кыдырып, унаа каражатыбыз аттардын азыркы абалын текшерип, дароо буларга өрүүн бербесек, жолдо калабыз, же болбосо, кыштакты кыдырып, жергиликтүү калктан жылкы чогултуп, унааларыбызды жаңылашыбыз керек деген корутундуга келдим. Акыркы пикирди аткаруу оор. Биринчиден, бир эле кыштакта бизге жетишер ат табылбайт. Көбү атты таштап, автомобиль трактырларга өтүшкөн эл окшойт?.. Экинчиден, аттарга жетишерлик жабдык табыш керек. «Немистер канча сарамжалдуу калк болсо да, ар бир атка чак жабдык оңой жабылчудай эмес. Биздин каамыт, щилиялар алардын аттарына чак келбейт.

Мына ушулардын баарысын салмактап көрүп, биринчи эле пикирим аткарууга оңой экенине көзүм жетти. Албетте, баспай калган аттарды алмаштырууга болот дечи.

– Доктор, сен эмне аттарыңа дем салып атасыңбы? Жүр, колонна токтоп турган убакта начальствого барып, акылдашып келели. Бул бойдон жүрүп отурсак, Кызыл Армияны бүт дүйнөгө маскара кылабыз деп, Коптев алдыга басты.

– Сен эмне күчүңдүн бардыгынча каткырдың же тигилердин кылыктарын кубаттагандыгыңбы? Ал үчүн күлбөй, ыйлаш керек эле да. Сен бара бер, мен артыңдан жетем, – дедим да, аттарды карап, ат айдагычтар менен маектешип келем. Маскарапоз «кавалерия» жөнүндө солдаттардын пикирлерин сурап, кез-кезде алардын таамай айткан сөздөрүнө күлүп, акылдуу солдаттардын пикирлерине ыраазы болосуң. А кайсы бирлери тигилердикиндей мүмкүнчүлүгү жоктугуна өкүгөнүн да угасың...

Ошентип, убактымды бекер өткөрбөй, өз иштеримди жасай келип, көч башында турушкан Цагарейшвилинин тобуна жетип, аскердик тартип боюнча рапорт берип, пикиримди айттым. Алар «маскарапоз кавалерия» тууралуу кеп салышып, каткырып атышкан экен. Ызы-чуу ый же шатыра-шатман каткырык болуп атса да, «Агуузу, билляхи...» башталганда тып басылган сыяктуу, менин рапортум башталганда, ал жерде чогулган бардык офицерлер зымырайып, рапорттун аягына дейре какайып туруштu. Рапорт бүткөндөн кийин, полк командиринин орун басары, улук командир катары, майор Камышан менин пикириме макул болду да:

– Бирок маселени толук чечиш үчүн полк командирин күтүш керек – деди. Аны угаары менен Цагарейшвили колоннага тыным жарыялады. Айтылган команда ооздон оозго өтүп, колоннанын аягына чыккыча, арттан «виллис» көрүндү. А бу дегиче, Иванов да жан-жөкөрлөрү менен жетип келди. Баарыбыз аларды аскер тартиби менен тосуп алдык. Майор Камышан подполковникке эмне үчүн токтоого аргасыз болгонубузду билдирип, аны менен кошо менин пикиримди айтты эле, Иванов дароо:

– Туура, доктордун пикирин мен толук колдойм. Эки саат тыным жарыялагыла. Аткычтар полкунун буйругу да ошондой, – деди.

Цагарейшвили буйрукту дароо аткарды, андан соң, чечилип жай аңгемеге өттүк. Машинеде Дурдыевден башка, албетте полк командиринин күндүз колтугунан, түнкүсүн коюнунан чыкпаган ППЖсы жана Акопян да бар экен. Бүгүнкү биз көргөн тири укмушту булар да көрүптүр. Экинчи дивизион такоолдоп келаткан батальондун солдаттары да жөө солдат эмес, «атчан» солдатка айланып, кыштактарда ыпылас иштерди жасашканын, алардын кесепетинен аткычтар полкунун командири жогору жактан эскертүү алганын Иванов кыскача айтып берди.

– Эгер Германиянын территориясына биз кирген биринчи күнү 70 км жылсак, азыр араң 45–50 кмге жетүүдөбүз. Бүгүн эртең мененки маалымат боюнча аткычтар дивизиясы Машинелештирилген кошуундардан биздин тилкеде 75 км артта калып баратабыз. Түндө тынбай жакшы жүрдүк деп кубанып келатсак, таң атаары менен моминтип отурабыз. Бул жакшылыкка алып барбайт, жолдош офицерлер! – деп сөзүн бүттү.

– Биздин жоготкон укугубузду кайра колубузга бергиле, биз мындай тартипсиздикти дароо тыябыз, – Цагарейшвили озунуп жооп берди.

– Силердин укугуңарды ким тартып алды? Өзүңөр солдаттарыңарга ээ боло албай каласыңар да, күнөөнү жогору жактан издейсиңер, – деп Акопян кыстарыла калганда, майор Дурдыев:

– Капитан Цагарейшвилиники да, улук лейтенант Акопяндыкы да туура, жолдош офицерлер, – Дурдыев эки тике каршыны улаштыруу дипломатиясын жасап, – кеп бул жерде «өч алууну» аскерлерге терең түшүндүрө албаган бизде, аскерлик саясий кызматкерлерде болуп атат. Муну мен мойнума алам, жолдош офицерлер! Ырас, немис аскерлери биздин кыштактарды, шаарчаларды, колхоз-совхоз имараттарын, айрым тургундары менен кошо өрттөшкөн, малын, мүлкүн талашкан. Бирок бардык өрттөрдү бүт эле немистик баскынчыларга жүктөй берүү болбойт. Өзүбүз да өрттөгөнбүз. Жолдош Сталиндин 1941-жылы 3-июлдагы бүткүл Совет калкына радио аркылуу кайрылуусу боюнча: жыйнай албай калган эгиндерди, көчүрүүгө үлгүрө албаган, же мүмкүн болбогон зоот-фабрикаларды, шахтыларды, мүлктөрдү, аскердик казармаларды, кыйла башка стратегиялык маанилүү объектилерди душман колунда калбас үчүн өзүбүз өрттөгөнбүз. Аны ким танат? Өрттөлгөн талааларыбыз, айыл-кыштактарыбыз үчүн, айдалып, чайналып, кыйналып өлгөн элибиз үчүн өч алуу жарыялоо – ади-

леттик. Муну да тана албайбыз. Бирок ошол өчтү кимден алышыбыз керек? Албетте, кылмышты жасагандардан! Биздин жерде кылмышты кимдер жасады? Фашистердин аскерлери. Демек, өчтү ошолордон алышыбыз керек! Аны толугу менен алып атабыз. Көрбөйсүңөрбү! Душмандын армиясына ырайымсыз сокку бердик эле, алар акылынан адашып, айласы кетип, күн дебей, түн дебей, тынымы жок качып, чачырап-чабылып барат. Кызыл Армия кыргын салып, душман аскерлеринин кырылгандарын жол боюна деле өз эли, жалпы эл көрсүн деп, тиздирип койду. Бул өч алуу эмес бекен?

Ал эми өз тиричилиги менен өзү алек болуп жашап аткан калкта эмне жазык? Урушта замбирек, мина бүркүчтөрдүн, от бүркүчтөрдүн дүрмөттөрүнөн же асмандан бомбулоодон аман калган кыштактарды, шаарларды өрттөгүлө деп ким команда берди? Карапайым калктын үй оокатын, кийген кийимин тоно, кыз-келинин зордукта деп, ким буйрук берди? Эч ким, эч кайсы командалоочу, эч кандай саясий жетекчи жоокерлерди тигиндей кылмышка үгүттөгөн эмес, жолдош офицерлер! Фашисттердин баш кесер жоокерлеринин карапайым калкка кылган кылыктарын, «өч алуу» деген ураанга жамынып, Советтик Кызыл Армиянын жоокерлери кайталашы коммунисттик идеологияга түп тамырынан бери келишпейт, жорук-жосун жагынан карама-каршы, жолдош офицерлер! Немистик-фашисттик баскынчылардын кылмышы үчүн немис калкын барымталоо – бул акылга сыйгыс кара өзгөйлүк, мыкаачылык, жолдош... – деп келатканда, таманымдын асты бир «булк» деп, жаныма чагылган түшкөндөгүдөй «тарс» деген табыш кулагымдын тарсылдагын жарып кете жаздады. Эч нерседен камаарабай, Дурдыевдин жүйөлүү маанилүү, саясий сабаттуу сөздөрүн кунт коюп угуп аткан офицерлер тобу заматта жалп жоголуп, ар кимибиз ар жакка баш ала качып корголоп атсак, аттар үркүп, колоннанын ыркы бузулуп, чаналар бири-бирине кептели-

шип, жол таманы киши өткүс болуп калыптыр. Эс-учумду жыйып, асманды карасам, чүмкөгөн булуттардан башка эч нерсе көрүнбөйт. Кыштак тарапты карасам, бир жерден, болжол менен, бийик мор турган жерден, асманды аймалаган түтүн аралаш жалындын чокусу созулуп узарып, чоңоюп барат. Табыштын чыккан жери кайсы экенин түшүнүп, эки жагымды каранып, күбүнүп тура келдим. Башкалар деле маа окшоп, айласын жасап, колдорунан келишинче жашынышкан экен: ар кимиси ар кайсы жактан туруп атышат. Полк командири менен капитан Коптев жолдун сол жээгиндеги күветке жыгылышкан экен, күбүнүп-кагынып, бирин бири тамашалашып, мага карай утурлай басышты. Мурдагы жерибизге чогулуп бүтө элегибизде өрт чыккан жактан чуу чыкты. Дагы эмне балакет болду деп, карап турсак, атчан эки караан чапкан бойдон бизден 200 м дей алдыда токтогон батальондук штабдын чаналарына жетип келди. Маселенин чоо-жайын билиш үчүн подполковник Иванов «Виллисине» түшүп, алга «зыр» берип барып токтоду.

Майор Дурдыев үзүлгөн сөзүн улоого тырышты эле, ага болбой, офицерлер суроо жаадырышып, кээси уставдык этиканы сактабай, чийинден чыгып да жатышты. Беш күндүк ээн баштык жалаң солдаттарды эле бузбастан, офицерлерди да даарыганы кычылуу суроолордон белгилүү болду. «Солдаттарга өзүңөр чексиз укук берип коюп, эми офицерлерге жалаа жаап, асыласыңар!»,– деп, бир батарея командири оозун көбүртүп, офицерлерди бир байкуш кылып көрсөтүп атканда, кыштак жактан бутуна буту чалынып, темтеңдеп келаткан начфиндин карааны көрүндү. Артында ээрчиген 3–4 солдат. Алардыкы да соо басыш эмес. Тиги өтө чеченденип, албуттанып аткан офицерге катыра жооп берүүгө камынып аткан Дурдыев, көзүнүн кыйыгы менен Коптев экөөбүздү кармап, биз кыштакты карап бушайман болуп атканыбызды байкай коюп, ал да ошол жакты жалт карап:

– Токтотуңуз, улук лейтенант, келжиреген сөздү! Караңыз, кыштак жакты! Тиги келаткандар кимдер? – дегенде, сүйлөп аткан офицер комиссардын буйругуна баш ийип, сөзүн токтотуп, анын көрсөткөн жагын кароого мажбур болду. Ушул паузадан пайдаланып, начхим:

– Алдыда темтеңдеп келаткан полктун финансы боюнча начальниги, улук лейтенант... Артындагылар да биздин солдаттар. Жакын келгенде кайсы батареялардан экенин тааныйбыз, жолдош майор. Сиз жакшы маселени козгоп келаттыңыз эле, тилекке каршы, сөзүңүздүн аягына чыгарбоого зооттун жарылышы себепкер болду. Подполковник жардыруунун себептерин билип келген соң, маселенин аягына чыгышыңызды өтүнөм, жолдош майор, – деди эле, майор, Коптевдин сунушун кубаттады.

Аңгыча Иванов да келип, өрттүн жөн-жайын айтып:

– Жолдош офицерлер, чоң чатак иш болуптур, тез чара көрбөсөк, алга жылышыбыз мүмкүн болбой калыптыр. Зоот спирт чыгарган ишкана экен. Аны маскарапоз «кавалерия жеңип», идиштерге куюлган даярын ичип, жетпегенин чоң-чоң чандардан тепкич менен чыгып сузуп алабыз дешип, спирттин буусуна тумчугуп, 2–3 солдат чанга[1] түшүп өлүшүптүр. Анан «Жок, бул болбойт экен, пивочо ичебиз»– дешип, акылдуусунган мастар, автомат менен спирт ачыткан чандарды тыртылдатканда, дароо от алып, бир нече чан бир жарылып, зооттун үстү күр түшүп, ичиндегилерди «лып»басып, айлана бүт жалбырттап, далай аскер зыян болуптур. Өрттө чала күйүп, тирүү калгандарга тез жардам көрсөтүп, госпиталдарга жетикириш керек. Мен рация менен экинчи дивизиондун командирине: «Дароо беш машине жибер, жарадар болгон солдаттарга!» дедим. Алар азыр келишет. Капитан Цагарейшвили! Дароо өздүк курамыңды такта: ким бар, ким жок.

Жолдош офицерлер! Бириң калбай, баарыңар ат айдагыч солдаттардан башкаларынын баарысын алып, азыр

[1] Чан – килейген челек.

келүүчү машинелерге түшкүлө да дароо өрткө жөнөгүлө! Капитан Цагарейшвили, фельдшериң кайда? Бул суроого комдивден мурда фельдшер өзү: «Мен мына, жолдош подполковник»,– дегенде, «Хорошо, өз карамагындагы адистериңди дароо чогулт, бир машинеге түшкүлө. Батальондун медиктери менен бирге пехотный полктун врачынын карамагында иштейсиңер!

– Доктор, вам повезло! Хорошо, что в этом набеге «дикой кавалерии» наши лошади не участвовали. Болбосо, из-за распущенности солдат,[1] сен да далай азапты тартмаксың. Ошентсе да адис катары жардамыңды көрсөт. Күйүк деген киши үчүн да, ат үчүн да, менимче, бир күйүк, – деп, мага бөтөнчө кайрылды. Мен колдон келген жардамымды аябастыгымды билдирдим.

Так ошол учурда темтеңдеген начфин подполковникке өзү келип кабылды эле, өтө кейиштүү чукул абалга өкүнүп, ичи өрткө толгон полк командири чычаладай кызарган көзүнөн тамирдин ширендисиндей кыпындарды учуруп, тиги немени ата-энесинен тамтык койбой сөктү да:

– Алып барып чанага таңып койгула, кийин мунун ишин шашпай териштиребиз! – деп, Коптев экөөбүзгө тапшырды.

Командирдин буйругун Коптев экөөбүз аткарып, Муратка мас начфинди тапшырып атканда, машинелер келип, жолго тизилип туруп калды.

Биз машинелерге түшүп атканда, Цагарейшвили полк командирине: он беш солдат, бир сержант, бир старшина азырынча жок деп, рапорт берди. Камышан Ивановдун машинесине түштү. Полк командиринин буйругу толук аткарылып, баарыбыз өрттөнүп аткан зоотко жөнөдүк. Кыштак биз келаткан жолдон жарым километрче обочо

1 Доктор, сенин тарткылыгың жок экен! Маскарапоз «кавалериянын» бу талоонуна биздин аттар катышпаганы жакшы болбодубу… солдаттардын ээнбаштыгы үчүн…

жайгашкан, эки жүз түтүндөн ашпаган чакан айыл. Үйлөрүнүн баарысы бир стандарт менен курулган: ичине кирбесең да беш күндөн бери тааныш. Зоот кыштактын наркы четине темир жолдун боюна салыныптыр. Ага жетиш үчүн кыштактын көчөлөрүн аралап өтүшкө туура келди. Көчөлөрдө аттарына кайра мине албай жаткан мас солдаттар, ээси жок каңгып жүргөн ээрчен, жайдак, жүгөнчөн, нокточон, нокто-жүгөнү да жок аттар. Кээ бирлери тизгинине буту чалынып баса албайт. Жергиликтүү калктан бирөө да көчөдө көрүнбөйт. Ээлери качып, кыштак ээн калганбы десең, кайсы бир үйлөрдүн көчөгө караган терезелеринен айнекке жалпайып жабышкан балдардын беттери учурайт. Зоотко жакындаган сайын абада спирт жыттуу желдин илеби күчөөдө. Өрттүн жалынынан, түтүнүнөн имараттын кебетеси көрүнбөйт.

Кардын жээгине дейре барып, машинелерди токтотуп, дароо ыргып түштүк. Андан наркы кар эрип, жер көлкүлдөп асфальт, таш төшөлгөн көчөлөр менен суу ага баштаган. Карарган зонада ар кайсы жерде тыбырчылап сууга ооналактаган, ырп этер шайы калбаган араң жан кишилер, а кээ бирлери кыймылдабайт, өлгөн болсо керек?

Биринчи кезекте тыбырчылап, ооруга чыдабай жаткандарды бери сүйрөп, кардуу жерге, машинелердин жанына көтөрүп келип, топтоп аткан учурда, аткычтар полкунун командири полковник өзү баштап, медсанротасын алып келди. Машине деген неме чакан кыштакка толуп кеткендей болду. Солдаттар андан көп. Өрт зонасынын коркунучтуу чектерине дейре кирип барып, санротанын машыккан солдаттары күйгөндөрдү, өлүүсү-тирүүсү дебей, биздин солдаттардын жардамы менен көтөргөнүн көтөрүп, сүйрөгөнүн сүйрөп, коркунучсуз зонага заматта эле ташып чыгышты. Бул жерде дароо көшүтүүчү дарыларды укол менен медиктердин бирөөлөрү берип, экинчилери күйгөн жерлерди карап, өлчөп, күйүк даражасын тактап, тийешелүү дарыларын

күйүккө сүртүп, кээсин таңып, кээсинин жараатын ачык коюп, машинеге жөнөтүп атты. Адегенде оор күйгөндөрдү машине толоору менен бирден санитар кошуп, токтоосуз кетирип, алар бүткөндөн кийин жеңил күйгөндөргө кириишти. Буларга кол-кабыш кылып атып, аткычтар полкунун медиктеринин ишине абдан ыраазы болдум. Айтмакчы, бая эртең менен мени чочуткан «кавалерист», «барондордун», «бүргерлердин», «күрфүрстөрдүн», «маркиздердин» кыйласын азыр колуман узаттым. Кайсы бирлеринин жондорундагы накта баалуу ичиктер өрттөнүп, терилери курушуп күйгөн. Кайран буюм! Өз ээлерине опаа болбогон буюм, талоончуларга шыпаа болуп бермек беле? А балким, немистерге, деле бир жактан талоончулары алып келгендер? О-о, опаасы жок жалган дүйнө!!!

Күйүктөрдү чогултууга катышкан офицерлердин ар кимиси убактылуу уюшулган эвакопунктта өз аскерлерин таанышып, эсеп-кысаптарын чыгарып атышты. Акыркы машинеге өлгөндөрдү салып, санрота өз ишин бүтүрүп, эвакопунктту[1] жапты да, оорукка жол тартты. Өрт, ичиндегилери күл болуп күйүп бүтмөйүнчө, оңой менен өзү басылчудай эмес, ошенткен менен өрт жаңы жакка тарачудай да эмес, жалындын жалмагыч тилдери жете турган жерлерде имараттар жок, ээн.

Мас болуп жатып калган бирин-серин солдаттар болбосун деп, полковник офицерлердин баарысын кыштактын үйлөрүн тинтип чыгууга буйрук берди. Биздин полк боюнча күйүп госпиталга жиберилген солдаттардын саны он төрт, азырынча дайынсыз бир солдат, бир сержант, бир старшина.

Аткычтар полкунун командиринин буйругун аткаруу ирээтинде Коптев экөөбүз бир көчөнүн бир жак бетин, башынан аягына дейре кыдырдык.

[1] Эвакопункт – эвакуациялоо пункту. Согушуп аткан армиянын жарадарларын дарылап, ташып жеткирип туруучу убактылуу мекемеси.

Кадимки немис кыштагынын үйлөрү, короолору, мал сарайлары, үй ичи, эмеректери, чүпүрөк-чапырактары тууралуу көп эле маалымат берилди. Биз согушуп бараткан Бранденбург жеринде хутор жокко эсе, көбүнчө айыл болуп чогулуп жашайт экен. Үйлөр бирине бири улаш, катар, маңдай-тескей тизилип көчөлөрдү түзөт. Ар бир үйдүн жеке короосу бар. Короо сайын үстү жабык кудук. Туткасын басып койсоң, чоргосунан суу шаркырайт. Ар бир короо өзүнчө эле бир сепил. Сарайлар менен тосулган. Сарайлардын сырты туташ бир дубал, үстү туташ бир учурма болгону менен, ичи бир нече секцияга бөлүнгөн. Ар секциянын өзүнчө, сыртынан кулпулама капкасы бар. Ар бир капканын ичинде: аткана, уйкана, тооккана, чочкокана, жемкана, устакана жана айыл-чарба шаймандарын, араба-ат жабдыктарын, трактыр, соко, сепкич, молотилка жана ушу сыяктуу айыл-чарба машинелерин, автомобил, мотоцикл коё турган жайлар бар. Короонун атайын бир бурчу отун сактоого арналган. Аны карасаң да көзүң кубанат. Узун-кыскасы жок баарысы бир өлчөмдө таарылган шырыктар, жаранкалар бирине-бири кынапталып тегерете тизилип отуруп, өзүнчө эле бир жыгач мунараны элестетет. Анын жанында да күрөң таш көмүрдүн умачталган, абалактай, же чалгы-кайрактай майда кыштарын бири-бирине улаштырып, илиништирип тизип отуруп дагы бир, карап эле тургудай, укмуштуу жасалганы куруп койгондой.

Турак үйлөрүнүн асты өзүнчө эле бир дүкөн. Эгин-тегинден, көк-сөктөн, эт-сүттөн даярдалган азык-түлүктөрдү кайталап убара болбой, бир кыпындай тетиктерин айтайын: тузунан ширеңкесине, шибегесинен темене-шоонасына чейин унутулган эмес – баарсынын кору кенен. Короолорду кыдырып жүрүп, арбир үйдөн баякы эле тааныш тамак-ашты, жип-шууну, чүпүрөк-чапырактарды, казан-аякты, эмерек-семеректерди кезиктирип, аргасыздай өзүңө суроо бересиң: булар кандай бөтөнчө

калк. Орто Азиядан бери көп эле калкты аралап келдим. Эч жерде мындайды көргөнүм жок эле. Камылгаларына караганда булар атайын мурунтан эле согушка даярданып жүргөн эл го? Карачы! Бири бириникине чычкан жорголобой калган күндө да ар кимиси бирөөнүн көзүн карабай бир жыл жашай турган сарамжалы бар экен. Же болбосо, Европанын түрдүү кагылышына катышып миңдеген жылдар бою жоокерчилик заманды баштарынан өткөрүп жүрүп, жедеп эле тажрыйбалуу болуп калганбы? Бирок булардан башка деле нечен кылымды жоо бетинде, ат үстүндө өткөрүп жүргөн калктар бар. Аларда деле мындай үй баш сайын ашкере дыкандык жок. Ырас, Ошто кавалерия полкунда иштеп жүргөнүмдө немистер жөнүндө көп-көп кеп салуулар боло турган. Ошондо бир жолу Таластык бир офицер айткан эле: немистер өтө сарамжалдуу эл болот, ар биринин үйүндө бөдөнөнүн сүтүнө чейин бар, бирок ташбоор, баласы атасына аш сунбайт деп. Анын сөзүн өз убагында этибарга алган эмес элем. Балким, бирөөнүн элинде бирөөнүн жеринде жүрүшкөндүктөн бүйрөдүр деп, тим болгом. Эми Германиянын жеринде немистердин өз ата конушу Бранденбургда өз көзүм менен көрүп таң калып атам. Дыкандык булардын канында болсо керек? Болбосо үй баш сайын сарамжалдуулукка үйрөтүп убакыт жетеби? Балким немистердин ушундай бүйрөлүгү өз баштарына тийип атпасын? Булардын ар бир буюму өз ордунда дүкөндөгүдөй таза жана жаңылыгы биздин солдаттарыбыздын кыжырын келтирип, өздөрүндө жок нерселердин баарысы жайнап турушу, ичин күйдүрүп, ызалантып, ач-көздүккө жеңдирип, талоого, талкалоого, өрттөөгө түрткү болуп атпасын? Болбосо, мектепте, пионер-комсомол уюмдарында, кээ бирлери, ал тургай, жогорку окуу жайларында, андан кала берсе, аскерде Кызыл Армиянын курамында жылдап-жылдап тарбияланып келаткан жоокер беш эле күндүн ичинде ушунчалык наадан болуп

бузулбайт эле го? Жокчулук, ичкүйдүлүк, ач көздүк, «өч алуу» деген мамлекеттик демилгеден, күкүрт алып, дүрт берип атпасын? Андай болсо бул «тумоо»менен күрөшүү өтө оор го? Кудай өзүң сактай көр!

Сыртка чыгып, өз көчөм жакты карасам, биздикилер токтогон жеринде турушат. Алардын жанынан чубап, таңкелер, мотордуу замбиректер, машинелер, толгон техника күн батыш тарапка жер дүңгүрөтүп өтүп барат. Барааны калың, көзүң тоёт. Баракелде азаматтар! Эр болсоң, душман, чыдап көр! А мен жанатан бери үй кыдырын көргөндөрүмдөн ар кандай уйгу-туйгу ой чыгарып сабыркап келем. Коптев менден беш бетер кабагы карыш түйүлүп, тилден калган.

Дарбазалар ачык, короого кириш оңой, ойлогонуңча кыдырасың. Сыртта мыдыр эткен жан жок. Үйгө кириш мага да, Петрого да тиринин тозогу. Эшиктин жабыктыгынан, же үй ээлеринин каршылык көрсөткөнүнөн эмес, жок! Эшиктери да ачык, үй ээлери... үй ээлерин боору таш киши эле титинип карабаса, жөн адам бет бага ала турган эмес. Кары дебей жаш дебей, баарысы чогулуп бир бурчка тыгылган. Бүт денелери калтырайт. Бир аз эле тиктей калсаң, көзүңдүн агы менен тең айланышып:

– Гитлер капут! Фрау найн! Фролайн найн! Зовет золдат гут![1] – дешет. Кээ бир үйлөрдө, кирип барарың менен:

– Комрад, комрад, фрау ист хиер![2] – деп, орундарынан тура калып, төр жактагы жабык эшикти көрсөтүшөт. Андайлар өздөрүн бир аз жеңилирээк сезишип, жооп күткөнсүшөт. Аларды ээрчин эшикти ачсаң ой, түбү түшкөн дүйнө, керебетте, кабыл алууга даяр болуп, дардайып жаткан аялды көрөсүң! Мындай айбанчылыкка чыдай албай, өзүңдү өзүң тилдеп, чыгып баратсаң, сен кетээр кеткиче, баарысы калтырап, сенден өлүм күтүшөт.

---

[1] Гитлер бүттү! Катын жок! Кыз жок! Совет солдаты жакшы!

[2] Жолдош, жолдош, катын мында!

О желмогуз согуш! Сен адамды эмне кылып таштадың? Махабатты эмнеге теңедиң? Биз, фашизмди жеңип аткан, бүт дүйнөгө «баатыр жоокерлер» деген атагыбыз чыгып аткан Кызыл Армиянын аскерлери кайсы бетибиз менен элди карайбыз? О барымтага калган шордуу немис калкы! Убалыңар балдарыңарга жетсин! Бизди өчөштүргөн ошо силердин эсирген эркетайларыңар!..

Көчөнүн учуна чыгыш биз үчүн тиринин тозогу болду. Дагы бир үйдөн андан да жаман жорукка кезиктик. Үй ээлерин мышыгы, кандек күчүгү менен кошо өлтүрүп кетишкен. Ким өлтүргөнү белгисиз. Чала уюган кызыл канга караганда жакында эле өлтүрүлгөн. Демек, алдыда жоо кубалап бараткан машинелештирилген аскерлерге шылтап, аларга күнөө жаба албайбыз. Бул итчилик жанагы маскарапоз «кавалериянын» эле конунан келген. Бирок кимисинин? Не пойман – не вор![1] Кудай алдында өзү, же өздөрү жооп беришсин! Балким, Кудурет алардын эсебин небак таап койгондур? Жанагы бети-беши ыйлаактап, колу-буту көсөөдөй кара күйүк болгон өлүктөрдүн арасында, же тозоктун отундай жалбырттаган өрт ичинде, кылган кылыктары үчүн сурак берип атышкандыр?.. О, жараткан! Мени ошондой маскара өлүмдөн сактай көр!..

Көзүбүз көргөнгө өзүбүз ишенбей оор созим менен көчөгө чыксак, биз текшерүүчү кийинки үйдүн дарбазасынан бир солдат чыгып баратат. Ылдамыраак басып, ал үйгө кирсек, үй ээлери бизди көрө коюп:

– Ком, ком, комраден![2] – деп, баягындай сунуш кылышып, шамдагайыраагы төркү эшикти ача салды эле, жанагы эле абийирсиз көрүнүш. Шашып кетип эшикти жаба койдум. Солдаттын тойгон бөрү сымак, камаарабай жай басышы эмнеден экени түшүнүктүү болду. Сыртта зоот күйүп, кишилер өлүп, аскерлер чакчелекей түшүп

[1] Колго түшпөгөн ууру – ууру эмес!
[2] Келгиле, келгиле жолдоштор!

жатса, тигил айбан айбандык эңсөөсүн кандырып, магдырап, белин суутуп, өзүнө өзү маашыркап, чоң иш жасап салгансып, басып баратпайбы?..

– Доктор, мен болдум. Мындан аркы үйлөргө кирбейм.Кудай жалгагыр, калганын өзүң эле бүтүрүп койчу, мени кыйнабай! – деп, Коптев, көргөндөрүнө чыдай албай мага жалынды. Мен анын ичинде кандай намыс өртү күйүп атканын түшүнөм. Тигил орус солдаттардын кылган кылыктары үчүн бул менден да намыс кылып атат. Мен аны сезип атам. Бирок муну чыйралтуу үчүн, ичиндеги ачууларды, өзү айткандай, нейтрализовать[1] этүү үчүн:

– Сен эмне, аскер эмессиңби? Командирдин буйругун аткаруудан баш тартасыңбы?

– Доктор, мен Чацкийдин принцибин[2] бекем колдоноорумду өзүң жакшы билип туруп, атайын дагы катуурак ооруй түшсүн деп жасап атканыңды мен чын эле түшүнбөй атам? Бул сенин мага достугуңбу, же кастыгыңбы?

– Петро, мен чынымды айтайын. Сен өтө кейибечи! Ден соолугуңа зыян. Сенин кечетен бери жүрүш-турушуң мени абдан кабатыр кылууда. Кайгы ташыса жинге айланат. А жин оорусу айыкпайт. А сенин акыл-эсиңдин перспективасы[3] чоң. Сен болочокто химия илимдеринин көрүнүктүү ишмери болуучу башың бар. Жок эле дегенде химия өнөр жайынын бир зоотун башкарасың. А химия өнөр жайынын болочогу бизде кеңири. Көрбөйсүңбү, немистер бизден канча жогору турат экен! Ушунун баарысы химиянын шарапаты менен гүлдөгөн.

– Доктор, досум, сен мага лекция окуба, мен баарын түшүнөм, айткандарыңдын баарына макулмун, бирок

[1] Нейтрализовать – нейтралдаштыруу, эки каршы күчтү кармаштырып алсыздандыруу.

[2] Чацкийдин: «служить и любить я рад, но прислуживаться тошно!» деген ылакабы.

[3] Перспектива – болочок арымы.

өзүмдүн бүт турпатым, көзүм көргөн итчиликти кабыл албай, кыйналып атпаймынбы. Мен орусмун, орусча тарбияланганмын. Орус эли революциячыл, чынчыл, зээндүү, боорукер, март, уяттуу, намыскөй, чыдамдуу, сабырдуу дагы далай жакшы касиеттери бар эл деген принципте тарбияланып, өзүм орус улутунан экениме сыймыктанып, башкалардан кыйла артыкчылыгым бар турбайбы деп, дөөгүрсүп да жүрө турганмын. Жаман жагы жок, телегейи тегиз элдин кулунумун деп жүрчүмүн. Эми ойлосом, мен да немистин: «Дойчланд, дойчланд убер аллес»[1] деген баласындай эле, чындыгында бир принципте тарбиялануптырбыз. Жылас болгон согуш далайдын көзүнүн челин алып, далайдын көшөгөсүн тытып, көмүскөдөгү көп акыр-чикирди ашкереледи. Мен буга ыракмат айтам, досум! Кокус бул согуш болбосо, сокур бойдон бул дүйнөдөн өтүп кетмек окшойм? Көзүмдү ачканы үчүн согушка ыракмат айтам, доктор!

– Бүт дүйнө каргап, жоготууга зар какшаган согушка, сен алкыш айтып, созулушун каалайсыңбы, Петро, мен түшүнбөй атам!?

– Жок, доктор, согуш-кыргын, а кыргынга ыраазычылыкты жинди киши айтпаса, соо кишинин кантип оозу барсын. Мен ага менин улутумдун башка улуттардан айырмасы жок, жакшысы да, жаманы да бар улут экенин ачык көрсөтүп бергени үчүн айткан жеке алкышым, катасы болсо кечирип кой.

– Азаматсың, жолдош капитан Коптев! Сен өз улутуңдун жакшы асыл сапаттарын таза кармап, башкаларга да үлгү болуп, башыңа кандай калаба түшсө да, улуттун чыныгы уулу бойдон калып келатканыңдын далили – сенин азыркы абалың. Ал эми улут жөнүндө: ар бир улутта жаманы да, жакшысы да бар экенине өзүң күбө болуп, орустун да жаман жагын көрүп, көзүң ачылга-

[1] Германия, Германия баарысынан жогору!

ны жакшы, бирок көзүңдү ачкан согуш деп ага алкыш айтканың баланын иши. Сен согуш болбосо, жаман жорук-жосундар да жаралмак эместигин ойлобопсуң. Менимче, так ошол жосунсуз ыплас нерсени жараткан заардуу күч – согуштун өзү! Эми бул жөнүндө көп санааркабай, данексиз кейий бербей, таштайлы! Өзүң да, адеп эле, абийирсиздик башталган күнү: «Эти цветики, ягодки еще впереди», – дегенсиң. Мына бүгүн ошол эле цветиктин ягодкасын көрдүң. Аны Дурдыев да айыптап отурат. Эгер жогорку командалоочулар буга чукул чара көрбөсө, дагы кандай балакет болоорун болжоо кыйын. Кудай ошондон сактасын! Согуш бүтө элек. Андан көрө буйрукту тезирээк аткарууга шашылалы. Жыйылышта өз сунуштарыбызды айтууга үлгүрөлү!

– Спасибо, доктор, ты самый близкий большой мой друг, сын далекого, мне не знакомого маленького киргизского народа! Война открыла мне глаза, а ты просветил мой разум! Веди, друг, в дальнейший бой![1]

Ошентип кулачын Түндүк океандан Жер Орто деңизине дейре жайган желмогуз согуштун бүгүнкү кыпындай бир кесепетинен бөөдө өлүмгө учураган жоокерлерибиздин кылыктарын, бир чети такмазалап, бир чети командалоочулардын акылсыз ураанын зекип, эки офицер соңку буйрукту аткарып, көчүбүзгө кайттык.

Акыркы тактоо боюнча: бир солдат, бир сержант дайынсыз жоголуптур. Сыягы бул экөө тирүү эмес. Өрт ичинде калган болсо керек?! Жергиликтүү калк жайлап, жашырып салдыбы деп болжоого болот дечи, бирок биз учураткан кыштак тургундарынын кебете-кешпирлери андай эрдикке баруучудай эмес эле. Андайга жүрөк керек! Бирок толук ишенич жок… Ичтерине ким кирип чыгыптыр?..

[1] Ыракмат, доктор, сен – алыскы, мага чоочун, кичинекей кыргыз элинин уулу, менин эң жакын чоң досумсуң! Согуш менин көзүмдү ачты, а сен менин акылыма жарык бердиң. Ээрчит, досум, болочок согушка.

Баарыбыздын рапортубузду алып бүтүп, полк командири саатын карап.

– Жолдош офицерлер, азыр он саат отуз мүнөт болуптур. Күтүлбөгөн кырсыктын кесепетинен бир жарым саат убакыт жоготтук. Убакыт тыкыр. Аткычтар полку да канча аскер жоготконун тактап атат. Алгачкы эсеп боюнча эле жүздөн ашык болучу. Жолдош майор, – Дурдыевге кайрылып, – жанагы маселени дискуссия[1] кылып созбой, офицерлердин жалпы пикири катары армиянын саясий бөлүмүнө: «Өч алуу» ураанынын түпкү максатын  жоокерлер массасына кеңири түшүндүрүү» сунушун киргизип, солдаттардын талоончулугун тыюу милдетин офицерлерге жүктөөнү өтүнөлү. Буга каршы эмессиңерби жолдош офицерлер? – жооп күтүп, пауза жасабастан, сөзүн улантты. – А силер, жолдош офицерлер, сунушка качан жооп келет деп күтүп отурбай, ушул мөөнөттөн баштап өздүк курамыңарга «талоончу» деген эмне экенин, мунун эл аралык маанисин терең түшүндүрүп, «өч алуу» менен «талоо», «баскынчылык», «басмырлоо», «зордуктоолордун» айырмасын беш күндөн берки окуяларды, айрыкча бүгүнкү ээн баштыкты мисал келтирип айтып, катуу талап койгула. Эгер, жолдош офицерлер, өзүңөр тараптан ката кетсе таарынбагыла, дароо трибуналга беребиз. Армиялык тартипти бүгүндөн баштап кайра калыбына келтирүүнү буйрук кылам, жолдош офицерлер! Бул буйруктун кынтыксыз аткарылышын контролдоо майор Дурдыевге, капитан Акопянга тапшырылсын! Жолдош майор Несговоров! – ага кайрылып, – начфинди тарбиялоо иши штабдын начальниги катары, Сизге тапшырылат! – Коптев экөөбүзгө кайрылып, тамашага өттү,– силер «жолдошубуздан ажыратты» деп мага таарынбайсыңарбы? – сөзгө курч Коптев подполковниктин тамашасына дароо тамаша менен жооп кайтарды.

[1] Дискуссия – талашып талкуулоо.

– Хотя начфин не баба, но привожу известную поговорку... «баба с возу – кобыле легче!»[1] – баарыбыз күлдүк.

– Жолдош офицерлер! Менде суроонор барбы?

– Жолдош подполковник! – Цагарейшвили колун көтөрдү,– баягы күнү «өч алуу» ураанын жарыялап атканда, мен суроо берсем, политотделдин подполковниги «Акты-караны» териштирүүгө азыр убакыт жок. Согуш бүткөндөн кийин текшерип алабыз» – дегенин өзүңүз уккансыз. Сиздин буйругуңуз буга каршы келбейби?

– Согуш бүтө элек, а ак-каралар толуп кетти. Эмитен ылгабасак, кийин өзүбүздү бүт бастырып салабыз, жолдош капитан. Башка суроо барбы? Жок болсо, азыр тарагыла. Тамагыңарды ичкиле! Саат 11 нөл нөлдө жолго чыгабыз.

Бүгүнкү окуядан полк жетекчилери туура корутунду чыгарганына офицерлердин көпчүлүгү кубанып, аларга ыраазычылыгыбызды билдирип, жыйындан тарадык. Майор Несговоровдун буйругу менен эки солдат келип, Мураттын кайтаруусунда таңылып жаткан мас начфинди алып кетти. Аңгыча Посоховдон солдат келип, Коптев экөөбүздү комдивдин дасторконуна чакырды. Барсак, полк штабы менен анда экен. Цагарейшвили грузиндик сыйкордугун «дасторконуна» жайнатып салыптыр. Жолдун жээгинде кардуу түзөңгө кош брезент төшөп, анын үстүнө кагаздан аппак немис дасторконун жайып, колдо бар тамагын старшина Посохов толтуруптур. Бети-башыбызды кар менен жуунуп, чакырылгандар көчүк басып, дасторконду тегеректеп отуруп калдык. Полк командири, анын ППЖсы, Дурдыев үчөө биздин маңдайыбызда жол таманындагы Цагарейшвилинин чанасына отурушту.

Кечээ кечтен бери даам тата элек, анан бүгүн жерге жарык түшкөндөн тартып чакчелекей будуң чаң менен

[1] Начфин катын болбосо да: «Катынды жүктөн ыргыт – байталга сеп», – деген белгилүү макал бар.

алек болуп жүрүп, убагында тамактанбай калгандын кээрин чыгарып, шабыратып киргенибизде, Посохов наркомдун жүз грамын кружкаларыбызга капортодон куюп өтөөрү менен подполковник Иванов кружкасын көтөрүп:

– Жолдош офицерлер! Кызыл Армиянын бетине бүгүнкү тартылган кара көөнү абийирдүүлүк менен жууп кетирүү үчүн ушул тосту көтөрөм жана менин күжүрмөн жоокерлерим, силерге толук ишенем! – деп, жутуп жиберди. Артынан баарыбыз ээрчидик. Жалгыз анын «жол айымы» ээрдин тийгизип тим болгонун байкап калдым. Иванов көңүл бурган жок. «Кандуу согушта, кардуу бороон-чапкында үй бетин көрбөй, эркек чыдагыс талаа шартында жүрсө да, солдаттын уу тилинин учунда: «жол айым», «ППЖ» атка консо да, ургаачылык касиетин жоготпой аял затынын назиктигин сактай алган эстүү киши көрүнөт, – деп ичимден ойлоп койдум. Карачы, тамакты да ылгап жеп жатканын! Атаганат, ушундай назик, асыл, ак сөөк заттарды армияга алуунун кандай кажети бар эле? Кандай азап бул перизатты ушундай кор, маскара кызматка түрттү экен? Эртең, согуш бүтөөрү менен, эгер аман калса, элине кайтат да? Турмуш куруу маселесине келгенде эркек сөрөйдүн кимиси болбосун согуштун таштандысы солдаттын салбар катыны – деп, чанып албай коёт да! О байкуш, уясында эле уйпаланган бейиш чымчык! О, бирөөгө жеңил, бирөөгө оор табышмактуу татаал дүйнө!!!

Тиги байкуш «кыздын»кылыктарын көрүп, сөздөрүнүн сылыктыгын угуп, сымбатынын назиктигине суктануу менен бирге, аны сабагынан үзүлүп төшкө тагылган гүлгө теңеп, жакында солуп тебелендиде калаарын ойлоп, зээним кейип, ичип аткан тамагым алкымыман өтпөйт. Кудайым бизди колдоп, казат ушул басыгын жазбай жүрүп отурса, жакында эле көптөн бери күткөн Жеңиш келет! Миллиондорго кубаныч берет! Эл-

журт сагынган балдарын көрөт. Турмуштун өчкөн оту тутанат, үзүлгөн жиби уланат! Согуш ажыраткандар, адаштыргандар жубайын табат, жалгыздар баш кошуп уя салат. Акырындап согуштун жарасы карттанат, тешик бүтөлөт, кыйшык түзөлөт. Жалгыз гана өлгөндөр тирилбейт!!! Үзүлгөн гүлдөр кайра чөнөгүнө тигилбейт, солуган бойдон куурайт! Оо, байкуш гүл, сен азырынча, балким, үзүлгөнүңдү сезбейсиң, сезсең да сезмексен болгуң келет, биздин көзүбүзгө. Азырынча бүтүн мина бүрккүчтөр полкунун эрке баласындайсың. Подполковникке таянып, өзүңдү эрке бала сезесиң. Жок, сен эрке бала эмессиң, эрке баланын оюнчугусуң, куурчагысың, гүлүсүң! Сонуну таркаганда ыргытып жиберет. А сен чылага түшүп, тебелендиде каласың!..

Ивановдун ППЖсынын тагдырын ойлонуп атып тамагымды ичкенимди же ичпегенимди сезбей да калдым.., дасторкон жыйылып атканда гана тамактануу бүткөнүн билдим.

Жолго чыктык. Көч жылаарда баягы кыштакты карасам, өрт азайыптыр. Көчөлөрдө, кыштактын чет-жакаларында ээсиз калган аттар от издеп жүрүшөт. Казат жолу капилетке бай. Өз башыңан өткөрбөсөң, ойлоп табыш кыйын... Жанагы өткөн оор курал-жабдыктуу моторлошкон кошуундан кийин жолубуз шыдыр, ылдамдыгыбыз ыкчам болот го деген үмүт өзүн актай алган жок. Оор техника асфальт бетиндеги музду, карды былчырата басып, чалмакей кылып таштаптыр. Чаналардын темир каптаган тамандары асфальтка тийгенде чарыкка тартып аткандай, чаркырап от чыгат. Аттар жемге тоюп, жакшы эле эс алса да, жүк он эсе оордоп, тарта албай, айла жок асфальттан чыгып, жолду бойлоп, уңкул-чуңкулда кар жиреп, ылдамдамак турсун, улам балбан  аттарды алдыга салып, ташбака жүрүш менен келатабыз. Айла канча!

## – 10 –

Биз такоолдоп келаткан аткычтар батальону эртең мененки окуядан кийин ошол жеринде эле калган. Азыр, пехотасыз жылып барабыз. Цагарейшвили менен Камышандан: «Кимди такоолдойбуз?»– десек, ийиндерин куушуруп, Камышан: «Святое место пусто не бывает, пришлют»[1] деп коёт. Жол азабын тартып келатканыбыз эки сааттай болду. Аттарга жеңил болуш үчүн ат айдагычтардан башкалардын баарысы асфальт жол менен жөө келатат. Күн бүркөк. Жөө жүрүп дене кызыгандыкыбы, же катуу жел шамал жоктугунанбы, суук сезилбейт. Суук демекчи, дегеле бүгүн гана эмес, кыш башталгандан бери эле Европада Россиядагыдай суукту бир да күнү кезиктире элекмин. Кар деле жаады, бетке чаба бапылдаткан кар аралаш жамгырды деле көрдүк, коюнуңа борошо урган күндөр деле болду. Асты Россияныкындай жилигиңдин чучугун какшаткан суук кайдан болсун!

Танкелер шөлбүрттөтүп кеткен кардуу суу таманыңдан өтүп, бутуңду жоорутмак болду. Алдыдан уруш дүбүртү угулбайт, айланаңда шектүү нерсе байкалбайт. Азыркы бараткан жолубуз магистраль[2] болгондуктан, айылдардан обочо өтүп, кудай жалгап, бая эртең мененкидей жаман жорук кайталана элек. Бүгүнкү жол канча оор болгону менен, Россиянын талааларында, токойлорунда, баткактуу, саздуу, ылайлуу, касабалуу жолсуз жерлерден, ушул эле курал-жарактарыбызды жоготпой, коротпой өткөрүп, дасыган бизди анча кажыта алган жок. Күздөн бери дайыма чабылган даңгыр жолдордун кыныгын алып, өткөн оор күндөрүбүздү унутуп бараткыныбызды гана кайра эске салды.

Бир маалда магистраль жолдон чакан асфальт жолго бурулдук. Кудай жалгап, анын үстүндөгү кар, муз эри-

[1] Ыйык жер бош калбайт, жиберишет.

[2] Магистраль – негизги чоң жол.

ген эмес, дыңкылоон экен. Ал жолдо жөө солдаттардын колоннасы, анын жүгүн ташыган чаналуу көчү артында баратыптыр. Биз жаңы асфальт жолго чыкканы темпибиз ылдамдап, алдыдагы жөө солдаттар көчүнө жакындап, жетип келдик. Баарыбыз чаналарга түшүп, буттар эс алып, көңүл көтөрүлө баштады. Камышан адаттагыдай ат үстүндө – колоннабыздын артында. Колоннаны баштаган Цагарейшвили өзү да кепке жакын, анекдотту да жакшы көргөн неме, «кеч шайыр-шайдоотураак болсун» дедиби, бүгүн Коптев экөөбүздүн чанабызды өзүнүн жанына алдырып алган. Ал тургай, анын жеңил чанасына үчөөбүз отуруп, биздин чанабызда жалгыз Мурат артыбыздан ээрчип келет.

– Начфиниңерди полк командирине тарттырып жиберип, капа болуп келаткандырсыңар, – Цагарейшвили бизди кепке тартып, кытыгылап, – эчтеке эмес, согушта андан оор деле жоготуулар болуп атпайбы.

– Ыракмат, сиздин кыраакылыгыңызга. Бекеринен биздин дивизионду командалап атпаптырсыз, – тигинин сөзүнө жараша жооп кайтардым.

– Жаманды жоготкон жакшыны тапканга барабар болбосо да, сасык тумоодон арылганга тете. Аны көп кеп кылып, аброюн көтөрбөй эле коёлу. Антүүгө ал арзыбайт... – Капитан Коптев, начфин тууралуу мындан ары сүйлөй берүү эски кайышты чайнай берүү менен бирдей, маңыз чыкпайт дегендей корутундусун чыгарып келатканда, ат айдагычыбыз шашып, аттын оозун какайта тартып: «дрр!», чананы токтотту. Эмне болуп кетти деп эки жагымды карагыча болбой, жол таманында турган «Виллис» көрүндү. Баарыбыз чанадан ыргып түшүп, полк командирине честь бердик. Ал өзүнүн жан-жөөкөрлөрү менен «Виллистен» түшүп, жол четинде турган экен. Аңгыча биздин алдыбыздагы көчтөн да бир офицер чуркап келип, Ивановго честь берип калды... Көрсө, ал киши биз такоолдой турган жаңы

батальондун командири экен.

Полк командири бизди жаңы майор, батальон командири менен тааныштырып, акыркы жаңылыктардан кыскача баяндама берди. «Биз мурда такоолдоп келаткан дивизия бүгүн эртең менен чоң жоготууга учурагандыктан, толуктоо үчүн армиянын экинчи эшелонуна өтүптүр. Анын бүгүн бир эле батальону жүз кырк жети жоокерин жоготуптур. Булардын ичинен күйүп өлгөнү алтымыш эки, калгандары оор жана жеңил күйүк менен жарадар болгондор экен. Бул чыгым душман менен беттешүүдө эмес, ээнбаштык тартипсиздиктин кесепетинен болгондуктан, дивизиянын жана полктордун командирлерин армия командалоочусу кызматтарынан четтетип, бүт дивизияны толуктоого чыгарды...» А биз такоолдоп келаткан полктун командиринин ишин трибуналга өткөрүптүр. Биздин полк командирине да он беш аскер керектен чыккандыгы үчүн айып коюп, кызматтан алмак болушкан экен, бирок биз «өч алуу» ураанынын кесепетин биринчилерден болуп армия командалоочусуна билдиргенибизди эске алышып, акыркы эскертүү менен Ивановду ордунда калтырыптыр. «Бул маселеде биздин полктун ичинен чоң «салым» кошкон бөлүкчө – биринчи дивизион, жолдош капитан Цагарейшвили, сиз да эсиңизге алып коюңуз» деп, бүтүрдү Иванов, сөзүн.

Бул сөздөр офицерлер жыйынында айтылбаган соң, буларга суроо-жооп берип талкуулоонун кажаты жок болду. Ивановдон кийин батальон командири өзүн да, полкун да кыскача тааныштырып өттү. Булардын дивизиясы согуш башталгандан бери немистик-фашисттик баскынчылар менен кармашып, кыйла салгылашууларды, ошолордун катарында Витебск, Минск, Вильнюс шаарлары үчүн болгон уруштарды башынан өткөргөн кужурмөндүккө кандим болуп дасыган дивизия экен. Акыркы чабуулга, 33-чү Армия душмандын коргонуу

чебин бузгандан эки сутка өткөндөн соң келип кошулуп, ошондон бери душманды бизчилеп кубалап келатышыптыр. Солдаттары ыркын бузбай, стройдо буттарын тың шилтеп келатканына караганда, буларда аскердик тартип бузулбаган. Баштарында кулакчындарын жапшыра, кабагына дейре чөгөрүп кийген каскалары Кызыл Армиянын күжүрмөн сүрүн дааналап, көргөн душмандын жүрөгүнүн үшүн алуучудай: «Аскер» – деген аскердей түстө эле болгон жакшы экен. Каапыр, бүгүн эртең мененкидей «аскерди» кудай экинчи көрсөткүлүк кылбасын! Биз намысыбыздан аргасыз жашырууга мужбур болобуз дечи, а немистерчи? Кыштактардын карапайым тургундарычы? Кача албаган, үйлөрүндө өздөрүн өздөрү камап, калчылдап, титиреп тургандарчы? Алардын баарысы эле өлтүрүлгөн жок да. Тирүү калгандары биздин маскарапоз «кавалериянын» жүрөк айланткан кылык-жоруктарынын күбөлөрү болушпадыбы! Тирүү калгандары согуш бүткөндөн кийин «айтпайт, жазбайт» деп ким кепил боло алат? Тигил элеңдеп, чуркап жүргөн балдардын эсинен өмүр бою кетпейт да! Алардын жүрөгүндө жек көрүү, түбөлүк өчөшүү тактары калган жок деп ким кепил боло алат?..

Комбаттын өз дивизиасы, полку, батальону жөнүндө салабаттуу жана сыймыктануу менен көтөрүлүп сүйлөп атканынан улам, бүгүнкү жалпы Кызыл Армиянын бетине көө тарткан жорук эсиме түшүп, анын болочок кесепетине кейиштүү ой жүгүртүп, өзүм менен өзүм алек болуп, тигинин акыркы кыйла сөздөрүн укпай калдым. Анан полкубуздун командиринин гана:

– Жолдош капитан Цагарейшвили жана жолдош майор Камышан – сиздер ушул сааттан баштап, аткычтар полкунун батальон командири жолдош майордун карамагына согуштук оперативдүү иштер боюнча өтөсүңөр. Мен аткычтар полкунун командиринин карамагында болом. Штабыбыз чогуу жүрөт... – деп сөзүн аяктап

аткан учурда кичинекей «Оппел-капитан» биздин тушубузга токтоп, ичинен биздин парторг, дагы бир жаш офицер чыгып, биздин топко келишти да, подполковник Ивановго партор честь берип калды. Инанов тигинин рапорту бүткөн соң, парторг менен келген офицер, жаңы дивизиянын саясий бөлүмүнүн начальнигинин комсомол боюнча орун басары экенин бизге тааныштырды.

Кейпи-түсү, чачы-көзү орус, жашы мен курактуу, наамы да меникине барабар майор экен. Көгүш-сур ноотудан тигилген жаңы шинели, көк көрпөдөн жасалган жаңы тумагына кокарда чөгөртүлгөн, жылтыраган хром өтүгү, ак сокмо мээлейи – баарысы парадга кийилүүчү улук офицер мундири – мунун ооруктун тереңинен жаңы келгенин айттырбай айгинелеп турду. Биз менен кол алышып көрүшүп, өзү жөнүндө канчалык жагалданып, карапайым сөздөрдү атайын тандап, саясий илептүү сөздөрдү кебине канчалык көбүрөөк аралаштырганы менен, оор татаал нерселерди деле колун шилтеп, жеңилдей баалаганы, жердиги тайкы, көйрөң неме экенине шек берип тургансыйт, же балким, пропаганда иштерине машыгып алган неме өз колу менен жасабаган, башынан өткөрбөгөн окуяларды деле жомоктой айтып көнүп алгандыгынанбы, билбейм, деги бир мандем бардай? Ал эми урушта болбогону ар кайсы фронттун тарыхта белгилүү жерлерин чаргытып кыстара коюп, жымсалдайын десе да, оркоюп көрүнүп атты. Согуш турмушунун каамытын үч-төрт жыл бою мойнунан түшүрө элек, ажалга оролгон көйнөк, дамбал, чакмак кант, каткан нан салынган жонбаштыгын жонунан түшүрө элек Коптев экөөбүзгө окшоп жедеп кексе болгон жоокерлерди жомок менен оңой алдай алабы?! Кыскасы, таанышуунун өзүн даңазалоого айлантып, бизди патриоттукка үндөп, бүгүнкү биздин жоокерлердин коммунисттик моралга (жорук-жосунга) эч жагынан келишпеген кылыктары жөнүндө эч сөз айтпай, немистерден өч алуу маселесин курчутуп, эти кызып келатканда, подполковник Иванов:

– Жолдош майор, бир көргөндө эле баарысын төгүп салбай, кийинки кезигүүлөргө да калтырыңыз, – сылык сөздөр менен тигинин желин бир аз чыгарып, – маршруттун графигине үлгүрө албай баратабыз, жолдош офицерлер. Эмки жолугуу Целлендорфто тыныгуу маалында болот. Азырынча кошкула. Темпиңерди ылдамдаткыла! – деп, честь берип, жолго салды. Ар кимибиз өз ишибизге кириштик. Машинедегилер биздин көчтү узатышып, өздөрүнүн көчүн күтүп, жолдо кала беришти...

Целлендорф деген уңкул-чуңкул быткылдуу калың токойдун ичине жайгашкан бүргердин чоң имараты экен. Ал имараттын айлана-чөйрөсүндө жыбыт-жубут, кокту-колоттун боорунан орун алган топ-топ үйлөр. Эртеден бери тыным албай жол басып, болжошкон жерге күүгүм талаш араң жетип, короолорго житип-житип кеттик. Биздин чанаа бүргердин эки кабат чоң имаратына токтоду. Полкубуздун штабы да ошондо жайгашыптыр. Алдыбызда келаткан батальон имаратты курчаган топ-топ, чакан кыштактарга тарады көрүнөт. Автоунаачан биздин экинчи дивизион да бул жерде экен. Алар небак эле келип, кыштак үй-лөрүнө жайланышып алыптыр. Качууга үлгүрө албай калышканбы, же кандай себеп болгонун билбейм, кыштактын үй ээлери да жүрөт. Булардын арасында имараттын ээлери бар-жок экенин Акопян окшогон смерштин адамдары эле айыра таанып билишпесе, ким билсин. Бизге баарысы эле окшош.

Бөлмөлөргө жайланышып, колу-башыбызды жуунуп, тамакка жаңыдан киришип атканда, үстүбүзгө Дурдыев менен Несговоров келип калышты. Ал экөөнү арабызга отургузуп, Камышан менен Цагарейшвили, Коптев менен мен – алтообуз бир чоң үстөлгө тегерете олтурдук. Биз орношкон бөлмө бош экен. Бай бүргердин көп бөлмөлөрүнүн бири болсо керек. Керегелеринде бош орун аз. Мергенчилик темаларды камтыган ар кыл сүрөт, ургундай көбү сыр боёк менен тартылган. Үй ичиндеги

башка эмерек-семерек, ар кандай байлыктарды кайталап отуруунун кажети жок. Шайтандарда эмне гана жок! Өз байлыктарын батыра албай атып, желмогуздар, биздин эмнебизге көздөрүн артышкан?! Ач көздүктүн түбү ушундай менен бүтөөрүн ойлошпосо керек, көздөрүн май басып, эсирген акмактар!?

Мен адатымча бөлмөнү көзүм менен тегерете карап, ээлерине буюрбаган эмеректерге суктанып атканымда, Несговоров байкап:

– Доктор, тамакка кара, сүрөттөр, эмеректер кардыңды тойдурбайт! Жалаң көздүн тойгону денеңе анча кубат бербейт! Биз ашыбызды ичтик. Силер тамак ичип бүткүчө жаңылыктардан информация берели деп келдик, жолдош офицерлер! – деп, негизги сөзүнө киришти. – Биз Целлендорфко келгенге, – колундагы саатын карап, – 2 саат 15 мүнөт болуптур. Бул жер токойлуу, аңы-дөңү, кокту-колоту көп, түнт жер болгондуктан, душман ошого ишенип, катуу айбат кылууга камынып, биздин чабуулдун алдыңкы катарын ушул жерден көп курал-жарактары менен күтүшкөн экен. Бир кыйла салгылашып, биздин мотопехотанын жолуна үч саатча бөгөт болуптур. Бирок биздин сол жагыбызда келаткан Биринчи Украин фронтунун танкечендер армиясынын алдыңкы отряды душмандын желкесине чыгып, чегинүү жолдорун бууп, темир жол станциясында чогулган көп техникасын талкалап, биздин оң канатыбыздагы аткычтар дивизиясынын батальондоруна кошулаарда, душман курчоодо калуудан коркуп, шаштысы кетип, оор куралдарын таштап, жөө-жалаңдап качып, көбү кырылып, азы булаанга түшүп, анча-мынчасы араң кутулуп, азыр ооругун карай далдаңдашып, кылчайбай качып бараткан кези. Биз келээрден эки саат, а силер келээрден төрт саат мурда бул жерде карсылдашкан катуу кагылыш болуптур. Биздин солдаттардын өлүктөрүн чогултуп, жолдон далдараак бир колотко жыйнаттык.

Немистердин өлүктөрү токойдун ичинде томпоюп-томпоюп жатышат, аларды атайын отряд жыйнабаса, шаа жеткендей эмес. Жеңил куралдарын: автомат, гранаттарын араң чогулт-турдук,– мунун баарысын майор Несговоров өзүнүн штабдык, оперативдик күндөлүк маалыматтарды окуп көнгөн жай, салмактуу дылдыраган үнү менен айтып жатса да, а менин эртеден бери кардым кабырылып, өзөгүм ооруп, аш тилеп атса да, алагды болбой, бир да сөзүн кулактын сыртына кетирбей, эмнегедир, кунт коюп уктум. Минткеним, балким, бир топ күндөн бери накта уруш жөнүндө маалымат укпай, жалаң гана өзүбүздүн куралсыз жергиликтүү калкка көрсөткөн «баатырлыгыбыз», «эрдигибиз» жөнүндөгү жүрөк жипкирткен ыпылас маалыматтардан тажагандыгымдан болбосун?

Ошентсе да, алдымдагы ашымды унутканым жок. Аңгыча Посохов да өз милдетин убагында так аткарган эргул, «наркомовскийден» бүргерлер вино ичкен бокалдарга мелт-калт куюп, алдыбызга койгондо, информациясын бүтө элек Несговоров, сылыксынып тартынбастан, бокалдын ичке шыйрагын оң колу менен тутамдап:

– Мына ушул себептерге байланыштуу, Армиянын командалоочусунун буйругу менен, биз такоолдоп келаткан дивизияга, аны менен кошо бизге да ушул пункта түнөп, эс алууну буюрду, жолдош офицерлер! Түнүңөр тынч болсун, уйкуңар бейкутчулукта өтсүн, жолдош офицерлер. Мен ошол үчүн көтөрөм бокалды,– Несговоров тынбай тартып жиберди. Биз баарыбыз анын тилегин кубаттадык.

Капкагы бурама менен бекитилген жол казандын ичинде эртеден кервэли кечке думбаланып бышкан тамактын эти эзилип, сөөктөрүнөн ажыратылып чарым менен акшак желимге айланып, жөн эле малкам болуп калыптыр. Биз окшогон карышкыр тиштүү жаштарта эмес, кызыл ээк чал-кемпирге берсе сообуна калчудай...

Айла канча? Азыр тамак тандагандай чакпы? Өстөнүңдөн өтсө, өзөгүңдү сооротсо болду!

Майор Несговоровдун унчукпай калганынан пайдаланып, майор Дурдыев, ордунан туруп:

– Жолдош офицерлер, майор Несговоровдун информациясы силердин көңүлүңөрдү кыйла көтөрдү. Ал жакшы, бирок тойлоого эртерээк! Биз аткычтар полкунун штабы менен чогуу Целлендорфко келип, бөлүкчөлөрдү, жайгаштыруу планын түзүү үчүн, чалгынчыларды үй кыдыртып жүрүп, бир окуяга кабылдык. Бүргердин үй бүлөсү туруучу чоң имараттын учурмасынын астында асылып турган үч немис офицерин көрдүк. Ал үйдө кезиккен бир орто жашаган немистен тигилердин жайын сурасак: «Кызыл Армиянын аскерлери асып кетишти», – дегенинен, кооптонуп, өлүктөрдүн жанына кайта барып, тыяк-быягын карап, бир топ буйдалып, анан биринчи кабатка түшүп, жанагы немеден иштин чоо-жайын толугураак сурайлы деп таппай калдык. Ал неме жер жуткандай жоголду. Дароо аны смерштин кызматкерлери, полктун чалгынчылары, саясий органдар менен бирдикте издөөгө киришти. Анткенибиз тиги офицерлерди немистер өздөрү асып кетишкен деген кабар да алдык. Жанагы неме табылса, калпты-чынды тактоону тездетүүгө көмөк болот эле. Ал табылбаса, айылдыктардын кийинки кабарына таянып, армиянын судмедэкспертин чакыртып, ал офицерлерге, өлүм мындан канча саат мурда келгенин оңой эле тактоого болот, бирок машакаты, убарасы көп. Айла канча, куру жалаадан алыс болуш үчүн, жергиликтүү калктын жана өзүбүздүн офицерлердин кеңири чөйрөсүнүн катышуусу астында дароо экспертиза жасаш керек болуп атат, жолдош офицерлер. Ансыз деле Кызыл Армиянын мыкаачылыгы жөнүндө армиялык саясий бөлүмдүн алган маалыматы боюнча чет элдик гезит-журналдарга жайнап чыга баштаптыр. Ар түрдүү ушакка законго ылайык

бизде актануу документибиз болуш керек. Ошондуктан, жолдош офицерлер, тамагыңарды ичип бүткөндөн кийин полктун штабына келишиңерди күтөбүз. – Бул сүйлөп атканда толтурулган экинчи бокалга Дурдыев колун тийгизбестен, дастаркондон оолактап, отургучун ордуна коюп, сыртты карай жөнөй баштаганда, аны ээрчип Несговоров да, көзү жашылданып, бокалды тиктеген бойдон ордунан туруп, бутун шилтеди. Капитан Цагарейшвили дивизиондун командири, конок ээси катары да, өзү меймандос грузин катары да, тигилердин бокал таштап кетип атканына жакшы эле чебелектесе да, майор Дурдыев сылык сөздөр менен баш тартып: «Кечирип койгула, боюма ченеп ичпесем, начфин окшоп, уят болуп калам», – деп, билген кишиге, баарыбызга жыландын башын көрсөтүп койду. Аны укканыбыздан соң, жаалдап ыгы жок кычаштык кылууга эч кимибиз батына албадык. Несговоров үн дебей, айласыздан жакшы көргөн тамагынан Дурдыев каңтарганына ичинен өкүнүп баратканы билинип турду. Тигилердин артынан эшик жабылгандан кийин майор Камышан ордунан туруп:

– Мен эч качан эки бокалдан жыгылган эмесмин, мен деген,– кимдир жок бирөөгө ызырынып, – мен деген күжүрмөн командир! Керек болсо, окко төшүмдү тосуп, өлүмдөн кайтпайм! Үч жылдан бери кандуу урушта жеңилбеген, эми, – бокалды шыйрагынан мыкчый кармап,– ушул жүз элүү грамм суудан жеңилмек белем? Эч качан! – бокалды үстөлдүн үстүнөн булкуп, арагын чайпалта көтөрүп, ээрдине жакындатаары менен тартып жиберди. Аны ээрчиген киши болбоду. Камышан аныбызды этибар деле алган жок. Ошону менен кечки тамак ичүү да бүттү.

Штаб имараттын биринчи кабатына чоң залга орношуптур. Биз барсак зал толуп калыптыр. Кыйла бейтааныш офицерлер жүрөт. Аткычтар полкунун командирлери, саясий кызматкерлери экен. Залдын бир

бөлүгүндө жалаң Кызыл Армиянын офицерлери, экинчи тарабында немис граждандары, ортодо биздин жана аткычтар полкунун жетекчилери.

Булардан бөтөнчө бир жерде автоматчан эки кызыл аскердин ортосунда бир немис туруп турат. Байкасам, биз келгиче жыйын башталып калыптыр.

Аткычтар полкунун командири полковник эки солдаттын ортосундагы немисти суракка алып атыптыр. Тилмечи лейтенант бизге тааныш эмес, өзүлөрүнүн полкунан го, сыягы суралып аткан немис, жанагы Дурдыев айткан немис экен. Таап келишиптир. Ал немёнин эки көзү элеңдейт. Электр шамдын жарыгында өңүнүн кубарганы даана көрүнөт.

– Тиги үч немис офицерин Кызыл Армиянын жоокерлери асты деп, сиз айттыңыз беле? – полк командиринин бул сөздөрүн тилмеч немисчеге которуп бүткөндөн кийин, суралып аткан немис, сол жакта олтурган өзүнүн мекендештерин  карап туруп:

– Мен айткамын – деди.

– Сиз өзүңүз кайда иштейсиз?

– Бүргердин чарбасында.

– Ким болуп иштейсиз?

– Токойчу болуп иштейм – дегенде, немистер отурган тараптан бир көк-ала чач киши ордунан тура калып; суракчыга кайрылып:

– Nein, nein, nicht Richtig[1] – деп, жиберди эле, тиги немёнин оозунан сөз түшүп, селейип катып калды. Полковник карт немистин айткандарын тилмеч аркылуу түшүнүп, ага сөз берди.

– Мен ушул жерде туулгамын. Атым Вильгельм, фамилиям Шумахер, – деди карыя немис – ушул бүргердин чоң атасында менин  атам иштеген. Мен бүргердин атасынын, анан өзүнүн  токойчусу болуп иштеп келем. Тигил адамга окшогон эч бир токойчуну көргөн эмес-

[1] Жок, жок туура эмес!

мин. Бул киши бизге тааныш эмес. Мага ишенбесеңиз, ушул жерде биздин бүргердин башка кызматчылары отурушат. Ошолордон сурап көрүңүз бул жөнүндө, her[1] офицер – мунун сөздөрүн орусчага которо электе эле, тегерегиндегилери:

– Ja, ja, javohl! Das ist Richtig[2] – деп кубатташканда суралып аткан немистин башы шылкыйып жерге кире түштү.

– Буга кандай жообуңуз бар?

Немис жер тиктеген бойдон башын көтөрө алган жок, суроого жооп да берген жок.

– Балким, азыр чыныңды айтарсың? – полковник ызырынып «сизден»«сенге» өттү – немис офицерлерин ким өлтүрдү? Чыныңды айтсаң, күнөөң жедилдейт! – Тигил немис дале унчукпай, өйдө карай албай турганда, олтурган немистердин арасынан көтөрүлгөн кол көрүндү. Полковник тигинин жообунан түңүлүп, кол көтөргөнгө сүйлөөгө улуксат берди эле, өөдө тура калса, орто жашаган аял экен.

– Мага улуксат бериңиз, her офицер, сүйлөөгө! Немис офицерлерди кимдер өлтүргөнүн мен айтып берейин.

– Кудай жалгасын, айтыңыз!

– Үч немис офицерин өлтүргөндөр кимдер экенин ушул жерде олтурган кыштактыктардын көбү билишет, күбө болуп берүүгө баарыбыз даярбыз.

– Айтыңыз.

– Менин атым Герта, Гертруда Шнайдерман, бүргердин сүттөн азык жасоо зоотунун технолог-инженери болуп иштейм. Мындан үч күн мурда фашисттик жоокерлер Советтик Армияга каршы сокку берүүгө, биздин бүргер чарбасынын жерин тандап, биздин элдин баарысын траншей каздырып урушууга даярдык көрүп аткан. Кечээ кечинде, күн батаарга жакын, немис аскерлери

[1] Her – мырза.

[2] Ооба, ооба, ырас! Бул туура.

кыштак элин бургердин имаратына чогултушуп, митинг ачып, вермахтын[1] генералы сүйлөп, колдорун аркасына байлаган үч офицерди: булар чыккынчылар, коркоктор, Штауфендин[2] фюрерге кол салуу бүтүмүн даярдашкан жашыруун уюмунун мүчөлөрү. Булар Райхтын[3] душманы. Душмандарга аёо жок, «Жашасын Гитлер!» деп, имараттын ичине үчөөнү тең алып кирип кетишкен. Анан бир аздан кийин ким да ким улуу Германиянын үчүнчү Райхына жамандык ойлосо, тагдыры ушулардай болот» деп, чогулган элди асылган офицерлердин алдынан өткөргөн. Ошондо генералдын жанында тургандардын арасында, жаңылып эле калбасам, тиги немис да турган эле, бирок офицер кийими менен эле. Мен сөзүмдү бүттүм, Нег офицер.

– Чоң ракмат, сизге фрау Гертруда Шнайдерман! – полковник аялга алкышын айтып, анан тиги сурактагы немиске кайрылып. – Эми эмне дейсиң, жообуң барбы?

Жооп болгон жок.

– Эмне үчүн офицерлерди эшикте аспай, үйдүн учурмасына, далдага астыңар? – ...Дагы эле тигинден жооп болбогонго жергиликтүү калктын арасынан кыжырланган үндөр пайда болуп:

– Фрау Герта туура айтат! Биз баарыбыз күбөлүккө өтөбүз. Мен да тааныдым... Бул неме мундирчен болуучу... Биздин үйгө жашынган болуучу... – деген сөздөрдү чуулдатышты.

– Эми эмне дейсиң! Айт чыныңды, болбосо жаза катуу болот! Азыр судмедэксперт офицерлердин өлгөнүнө канча убакыт болгонун оңой эле далилдеп коёт. Бул жерде катышкан сенин мекендештериң да бүт актыга колдорун коюп, күбөлүккө өтүшкөнү жатат. Тигилерди Кызыл Армияга шылтагын деп, сени ким кыйнады?

---

[1] Вермахт – фашистик Германиянын куралдуу күчүнүн аты.

[2] Штауфен–1944-ж. 20-июнда Гитлерге кол салган немис офицери.

[3] Райх – империя.

Туюк жерге камалганын түшүндү окшойт. Мекендештери «колдоп кетээр бекен» деген үмүтү да таш капты. Алардын көздөрү Кызыл Армиянын жоокерлеринен да артыгыраак жек көрүп атканын бүткөн бою менен сезип, күрсүнүп башын көтөрүп, көздөрү жашылданып, жалооруп, полковникти карап:

– Мага ырайым кылыңыз, мырза оберст![1] Мен күнөөлүмүн. Жан айласы болоор бекен деп амал кылдым эле. Ал күнөөмдү мойнума алам. Тиги үч офицер советтердин колуна түшүп бергени жатыптыр деген айып менен армиялык контрчалгынчылар тарабынан кармалып, немистик аскерлерге жана жергиликтүү калкка сабак болуш үчүн митинг уюштурулуп, астырылган.

– Анда эмне үчүн аянтта эмес, учурманын астына астырдыңар?

– Кечиресиз һеr оберст. Мен астырганым жок. Мында менин күнөөм жок. Мен бар болгону аскер офицеримин, ротанын командири болчумун. Эмне үчүн учурманын астына асылды, мунун себеби мага белгисиз. Бирок мен ойлойм, далда жерге асуу, күнөөнү башкаларга, бул сапар советтерге шылтоо оңой болуу үчүн болсо керек?..

– Кантип оңой?

– Немистер өкүмдөрүн эл көзүнчө ачык, а советтер жашыруун аткарат деген бизде түшүнүк бар.

Ушундан кийин суракчы полковник сурагын токтотуп, кыштак тургундарына кайрылды:

– Германиянын граждандары! Биз силердин эл менен эмес, фашизм менен жана ал жараткан немистик баскынчылар менен күрөшөбүз. Тынч жашап аткан элге жана куралын таштап кол көтөргөн аскерлерге тийбейбиз. Бирок катылгандын катыгын беребиз. Аны өзүңөр көрдүңөр! Биздин бейкут жаткан мамлекетибизге германиялык фашизмдин куралдуу күчтөрүнүн тандамал баш кесерлери убададан тайып, чегарабызды бузуп, жалаң

[1] Оберст – полковник.

гана аскерлерибиз менен урушпастан, тынч оокатын жасап аткан карапайым калкыбызга баскынчылык кылып, аларды талап, тоноп, кырып киришкенин өзүңөр билесиңер. Ошого карабастан, биз силерге, карапайым калкка, калыс мамиле кылабыз. А мына бул окшогон – суралган немисти сөөмөйү менен көрсөтүп, – вервольфторуңарды[1] айыбына жараша советтик закон боюнча жазалайбыз. Бул неме Кызыл Армия жөнүндө ушак тараткан күнөөсүн мойнуна алды, уктуңарбы? – тилмеч которуп үлгүргөндөн кийин, немистерден «уктук!» деген бийик табыш чыкты. – Буга күбөлүккө өтөсүңөрбү – «өтөбүз» деп кыйкырышты немистер. – Ыракмат адилеттигиңерге! Силер калыс күбө болгондугуңар үчүн, Советтик Кызыл Армиянын полковнигинин жана мен башкарууга ишенип берилген полк жоокерлеринин атынан силерге алкышымды билдирем! Ал эми тиги айыптуу туткунду толук суракка алып, тиешелүү жазасын алыш үчүн аскер трибуналына жиберебиз, ыракмат келип бергениңерге!

Ушуну менен талаа сотунун процесси бүттү. Чогулгандардын баарысы тарады. Биздин дивизиондун офицерлери да жайгашкан жерлерине жөнөштү. Биз, капитан Коптев экөөбүз Цагарейшвилинин карамагына өткөндөн бери күзөтчүлөрдү коюу, постуларды текшерүү окшогон командирлик милдеттен кутулганбыз. Азыр биздин тагдырыбыз дивизион командиринин колунда. Биздин азыркы абалыбыз, эски падышалык заманда Россиянын аскерлеринин полкторунда атактуу адамдардын балдары вольноопределяющий[2] деген укук менен кызмат өтөп, анын мөөнөтү бүткөндөн кийин офицердик наам алуучу экен. Так ошол эркинче кызмат өтөөчүгө окшоп калды кызматыбыз. Ошондой болсо да, комдивизион берген тапшырмаларды убагында, так аткарууга тырышабыз.

---

[1] Вервольф – кубулма. Граждандык кийим менен жашынып согушкан аскер. 1945-жылы Берлинди коргоого мобилизацияланган граждандар.

[2] Вольноопределяющий – эркинче жашаган солдат.

Капитан Цагарейшвили деле биздин өзүбүздү, офицерлик наамыбызды урматтап, ыгы жок эле кожоюн боло бербейт. Көп маселелерди биз менен акылдашып, макулдашып чечет. Камышандын көзүнө көп чалдыкпоого тырышабыз. Анын ичи көңдөй салдафон экенин Коптев экөөбүз гана эмес, анын келгенине үч айча эле болгону менен, полкубуз бүт түшүнгөндөй эле болду.

Жыйындан тарап, Цагарейшвили, Коптев үчөөбүз имараттын короосуна чыксак, асманда толгон ай турат. Деги эле ай көрбөгөнүбүзгө көп болгон. Жаңы жылдан алда качан мурда эле күндүзү күн, түнкүсү ай көрүнбөй, калың сур булут менен чүмбөттөлгөн бир табигый чөйрөдө жашап, байыр алып калыптырбыз. Төбөдөн жаркыраган айды көрүп, таңыркап карап атып, жарыгынан көзүм уялып да кетти.

– О-о, айдын чакыйып тийишине караганда эртең күн ачык болуучудай. Авиациянын күнү тууйт экен, ээ! Асмандан сак болуш керек! – Цагарейшвили оюн жарыя, бизге угуза талкуулады. Анын сөздөрүнө анчейин көңүл бурбай, өз оюмду түнкү бейкутчулуктан пайдаланып, тактап алайын дегиче болбой, батыштан күрүлдөгөн артиллериянын табышы угулду. Табыштын күчүнө жараша болжогондо жыйырма-жыйырма беш километрче бардай. Демек, душман дагы бир өңүттө айбат кылып атат. Биз бекеринен бул жерде түнөп атпасак керек? Алдыда бизден башка да көп күчтөр бар окшобойбу? Артиллериянын табышынан алагды болгон оюмду эми ирээттеп, Цагарейшвилиге:

– Зураб Андроникович! Тиги полковниктики сот процесси болдубу, же командирдин сурагы болдубу? Сен мага караганда муну жакшы билишиң керек, аскер окуу жайын бүткөнсүң жана армияда да менден кыйла мурда кызмат кыласың? – десем, ал:

– Юриспруденциядан анчейин маалыматым жок. Училищеде аз-маз сабатсыздыгыбызды жойдурган. Менимче,

полковник экөөнү аралаштырып салгандай болду. Ошенткени менен азамат экен. Акыркы өкүмдү трибуналга оодарып, өзү жоопкерчиликтен кутулуп кетти, – деди.

– Менимче, Кызыл Армиянын бардык строевой командирлеринин юридикалык билими болсо, жакшы болоор эле, – Коптев кошумчалады, – антпесе, командирлик укукту көп убакта зомбулукка пайдаланышып келатпайбы. Бүгүнкү процессти полковник укугунан пайдаланып, өкүм чыгарып, зомбулук менен бүтүрсө да болмок. Бирок андай болбоду: же полковниктин юридикалык билими бар, же акылдуу киши болсо керек, эл аралык процесс жүргүзүп атканын өзү сезип, өкүм чыгарыш укугун трибуналга өткөрдү.

– Эмнеси болсо да, бүгүнкү сурак көбүбүзгө сабак болду. Айрыкча, немистерден өч алабыз деп, Советтик Армиянын уставын көздөрүнө илбегендерге, эл аралык укукту билгендерге нокто-жүгөн катууга чоң үлгү болду – деп, мен оюмду тактадым.

– Сабак болсо эле болду. Бул полковниктин саамалыгы учу-кыйырына самолёт менен конуп жете албаган эбегейсиз зор майданга бүт тараса, жакшы эле болоор эле. Атаганат, өзүбүздүн кечээки жапайы «кавалериянын» кылыктары окшогон маскарачылыктарды да көз жаздымда калтырбай, мыйзам жолу менен катырып турсак, ийгилигибиз да ак, жүзүбүз да дүйнөгө жарык болоор эле. Ошого жете алаар бекенбиз?.. – Коптев улутунуп, сөзүн бүтүрдү.

Цагарейшвили дивизионунун постуларын текшерүүгө кошуунун карай басты. Коптев экөөбүз Миша-Мурат ээлеп койгон жайыбызга келсек, ал байкуш бизди күтүп, уктай элек экен.

Бул жарым айдан бери тынымсыз жүрүп аткан чабуул казатында, биздин кыргын салып бараткан алдыңкы авангард кошуундарга жетүүгө үлгүрөм деп, күндүр-түндүр далбас уруп келаткандагы биринчи сапар тынып

түнөшүбүз. Өткөн жайкы чоң казатта да мындай болгон эмес. Анда күндүзгүсүн, таңдан күүгүмгө дейре тынбай жылсак да, түн кыска болсо да, түнөп эс ала турганбыз. Балким, ал казатта мен полктун экинчи эшелонунда болгондугумдан, анын өлчөмү менен өлчөп аткандырмын. Ал да бар дечи. Албетте, чабуулда биринчи эшелонго караганда экинчи эшелондун жолу түзүрөөк, кыскараак болот. Анткени, экинчи эшелон душмандан куткарылган аймактардын аздыр-көптүр коопсуз жолдору менен жүрөт эмеспи. Ошентсе да, бул чабуулду жайкы чабуул менен салыштырууга мүмкүн эмес. Эгер жаныңда суткесине 20–25 км жол бассак, азыр 2–2,5 эсе андан ылдам жылып атабыз, башкача айтканда, жайында, жөө солдаттын, ат-арабанын ылдамдыгы менен жүрө турган болсок, азыр мотопехотанын ылдамдыгы менен зуулдап баратабыз. Жайында душман көп жолу айбат кылса, азыр, коргонуу чеби талкалангандан кийин, жарым айдын ичинде эки сапар гана чала-була кол кайтара алды. Жайында душмандын жалгыз эле аскерлери кыргынга учурай турган болсо, бул сапар аскери менен кошо букаралары да катуу жапа чегип атат. Жайкы чабуулда жоокерлердин катары сейрегирээк болсо, азыр душмандын даңгыр жолдорунан жалгыз аяк чийирлерине чейин ээлеп, куралдуу күчүбүз абажаарыйт. Ошентип, бул биздин кышкы чабуулубузда душманды түрлүү жактан сүрдөтүп, ага үстөмөндөп, биротоло баш көтөргүс кылып, чүнчүтүп баратканымибыз даана сезилүүдө.

Далайдан бери чана үстүндө куш уйку менен көңүлдү өп-чап ыраазы кылып, көз катып калса да, кадимки уйкуга Кудай качан жеткирээр экен деп, эңсеп жүрсөм да, капыстан тилегим орундалууга мүмкүнчүлүк келгенде, дароо алп уйкуга кирем деген үмүтүм ордунан чыкпай, баягы жертөлөөдө өнөкөт болуп калган ой жүгүртүү «оорум» кармап, уйку-соонун ортосунда жогоруда жазылгандар эсиме түшүп, Коптев менен Мураттан кыйла кеч уктадым.

## – 11 –

... Түндөгү биз көргөн ай төлгө болгон белем, бүгүн күндүн көзүн биринчи көрдүк. Адыр-күдүрдүү, бетин жыш токой жапкан жердин өзүнө ылайык, бүргердин негизги өзү туруучу имараты бийик дөбөнүн үстүнө, жайыкка салынган экен – айлана көзүңдүн жетишинче алыс көрүнөт. Имаратынын архитектурасы эски, готика стилинде, учурмалары тик, үстүн майда жука чоюн менен каңылтырдын түрпүлөрүнө окшотуп, төмөнкүсүнүн куйругун, өөдөкүсүнүн жарты тенге сымал учуна бастырып, кооздоп жапкан. Учурманын тиктигинен мышык да басып жүрө алгыс. Кептерлер гана туу кырына учуп-конуп жүрүшөт. Аларда эмне шам? Кишилер кагышып, кырды бычак болуп атканы менен жумушу жок. Шатырап асманга кайкып учуп ары бир жапырылып, бери бир жапырылып, кайсы бир ойнооктору канаттарын шапалакча шакылдатып, улам оңкочук атып оюн салып, капталдап кадып, куушурулуп кудуп, өнөрлөрүн көрсөтүү менен алек.

Айлана бүт ойгонуп, кыймыл мол. Солдаттар бети-башын кеңири жуунушуп, тамашалуу сөздөр дуу-дуу. Көптөн бери мындай кең-кесири уктап, үйдө бышкан тамакты жайбаракат иче албай – баарысын жолдо, шашып-бушуп бурдап, сакал-мураттарын алууга чолоолору тийбей апсайып, көздөрүнө чейин түккө бастырган эргулдар өздөрүн өздөрү шылдыңдап, тиш какшаган тунук сууну көбүртүп, олжого түшкөн немис сакал алгычтар менен саамайынан алкымына дейре кырынып, бетиндеги мужук кебин сыйырып, кээ бирөө монтойгон жаш жигит, а кай бирлери муруттарынын чеке-белин чебердик менен кырып, обочо өскөн түктөрүн бирден терип кермурут, калканмурут, шапмурут, балтасапмурут жоокер болуп чыга келди. Кээси муруттарынан узата сакалдын кылдарын да калтырышып, Буденый менен

Городовиковду туурашып, учтарын чыйратып, кулактарына кыстарса, украиндиктердин көбү Тарас Бульбага, Тарас Шевченкого окшотушуп ууртттары ылдый салаңдатышкан. Ат унаалуу солдаттар аттарын тазалап, сугарышып, жемдерин илишип, чаналарга чегишүү менен алек. Шофёрлор түнкү суукка тоңгон машинелерин от алдырып, май куюп, суу куюп, жол жүрүүгө камынууда. Бир сөз менен айтканда, кай тарапка көз чаптырба, баардык жерде биздин аскерлердин аракети. Кадимки Чоң казаттын өрүүндөн кийинки кан жолго чыгаар алдындагы даярдыгы.

Кышкы чыкыроон таңды кыймылга келтирип, чыгып келаткан күндүн нуруна жаркылдап чагылышкан аракеттер көзүңө канча ажайып көрүнгөн менен, булардын баарысы келгиндердин – биздин гана аракеттерибиз экени, «а жергиликтүү калк житип жоголгон немеден бетер, аракетсиз мостоюп, тиричиликтери жөнүндө, нурдуу таңга кабар бербегендигин кандай түшүнүүгө болот»? – деген ойго салбай койбойт. Мына эми күн токойдон чылбыр бою өөдө көтөрүлдү. Ушул убакка дейре немистердин короолорунан бир да жан сыртка баш бага элек. Жадагалса иттеринин да үнү угулбайт. Бул чоң кыштакта тиричилик бар экенин жалгыз гана корооздордун үндөрү жана кептерлердин айланып учкан тобу далилдегенсийт. Түндөгү жыйынга катышкан кыштактыктар кайда? Жер соруп кеттиби?

Ушинтип, бир чети биздин жоокерлерибиз аз да болсо, эс алып, чырайларын, кийим-кечектерин оңдоп атканына, чабуул башталгандан бери күн нуруна биринчи бөлөнгөнүмө ыраазы болуп, өзүмдүн аман-эсендигиме кубанып шаттансам, экинчи чети жергиликтүү калктын бизден боюн качырып, кабыл албай турушуна бушайман болуп, дарбазанын сыртында турсам, Посохов мени көрө калып, жаныма чуркап келип учурашып, ал-жайымды сурап атты эле, аңгыча пастагы кыштак тарабынан ке-

латкан Коптев, жакындан берки капалуу абалынан кайра мурдакысындай күлүңдөп, кадимкидей жаркылдап:

– Доктор, уйкуң кандыбы? Сенин жашыруун куралың бар экенин биз билбей жүрүптүрбүз. Сырың ачылып калды, жолдош майор. – Коптевдин эмне жөнүндө айтып атканын түшүнбөй, «алда эмне болуп кетти» деп кооптонуп:

– Табышмагы жок айтчы, кудай жалгагыр, кайдагы курал? – дедим.

– Сен баарыбыздан жашырып жүрүптүрсүң куралыңды. Эгерде мурда билгенибизде немистерди небак жеңмек экенбиз. Советтердин Катюшадан башка да жаңы куралдары бар деп, немистердин жанын чыгармакпыз – деп, Коптев күлүп жибергенде, кеп менин коңуругум жөнүндө болуп атканын түшүнүп, мен да күлдүм.

– Өзүң менин коңуругума шылтап качып, фраулардын койнуна баргансың го, кайдан келатасың? Көңүлүң ачылып мурдагы табыңа келип калыпсың, жолуң болгон го?

– Экинчи дивизионду көптөн бери көрө элек элем. Андагы буюмдардын абалын билейин деп, таң атаары менен бардым эле. Чынымды айтсам, коңуругуңа чыдай албай, эрте туруп кеттим эле.

– Буюмдарың жайында бекен? Дивизион конгон үйлөрдө ээлери бар бекен?

– Бар экен.

– Эмне үчүн алардын эч кимиси эшикке чыгып кыймылдап, тирилик жышаандарын билдирбейт?

– Бизден коркуп атпайбы!

– Эмне, биздикилер дагы ээнбаштык кылыптырбы?

– Жок, тийбептир.

– Анда эмнеден коркушат?

– Э-эй, досум, бала бойдон турбайсыңбы. Жаман кабар учкан куштан, аткан октон тез жетет деген элдин ылакабы бар эмеспи.

– Петро, баягы начфиндин дайынын биле алдыңбы? Подполковник абдан сабырдуу киши болсо да, анын кылыгына чыдабай ачууланып калды эле – деп, кептин башка учугун чубадым.

– Начфинди кудай албайт. Жүргөндүр ар кимдин түбүн сурап.

– Ал неме чабуулдун биринчи күндөрү жүрөгүнө арак тургай тамак барбай саруулап коркту эле, кийин зоottордун морлору көрүнгөндө баатыр болуп кетти го, деги аркынын башын бир айткан, беркинин башын бир айткан, жоопкерчиликти сезбеген келесоо чалыш неме го?..

– Келесоо болбой калсын, анткор, тапан неме экен. Бардык аракети анын бир максатына байланыштуу – симуляция[1] жасап, согуштан эптеп кутулуу!

– Койчу, аны кайдан билдиң?

– Баягы күнү сен дивизиондун аттарын текшергени кеткенде, ал экөөбүз чанада калбадык беле. Ошондо биринчи тоюп келип, «соонун башындагы мастын тилинде» экенин ал ит ачык айтып салган. Запасной полкто жарадар болуп, айыккандарды майыптыгына жараша сортточу комиссия болот экен. Ал комиссиянын айтканы айткан, дегени деген дейт. Тиги шумпай комиссиядан өтүүчүлөрдүн тизмесин даярдоо милдетин аткаруучу экен. Кызматтык милдетин жөн аткарбай, мурунтан, отуз жетинчи жылдан бери кара жемсөө болуп кыныгып калган желмогуз, кыянаттыкка пайдаланып, пара алуу системасын уюштуруптур. Аны үч киши: полктун командири, полктун башкы врачы-комиссиянын төрагасы жана мен гана биличүмүн дейт. Паранын көлөмүнө жараша: аскерге жараксыз, урушка катушууга жараксыз, оорукта иштөөгө жарайт жана саламаттыгы жакшы деген категорияга бөлүп комиссиялайт экен. Параны чоң бергендер дени-карды сопсоо болсо да, «аскерге

[1] Симуляция – анткордук, бир нерсеге кызыгып жасалуучу кара иш.

жараксыз» деген документ алып, үйүнө кетет. Парасы орточо болсо: «урушка катышууга жараксыз», а жарытылуу эчтеке бере албаса: «оорукта иштоого жарайт», ал эми пара бере албагандарды: «саламаттыгы жакшы» деп, денесинде тамтыгы жок киши болсо да, фронтко айдап жиберишчү экен. Кокус башка бир комиссияга туш келип, бетибиз ачылып калбасын деп, «аскерге жараксыз» дегендердин кайсы бирлерин запасной полктун өзүнө командир возвод, старшина, бөлүкчө командири дагы ушу сыяктуу бошогон орундарга дайындап, канын дайым соруп турушчу экен. Паранын акчасын дайым начфин чогултуп, эки шеригине бөлүштүрчү экен.

– Анан эмне болуп, жыргап жүргөн жеринен, быякка келип калыптыр?

– Арамзалыгынан. Чогулган параны үчкө тең бөлүштүрбөй, төрткө бөлүп, жарымын өзү алып жүргөнүн шериктери билип калышыптыр.

– Анда муну аскер трибуналына бербей, фронтко жиберишкени кандай?

– Анда жалгыз бул айыпталбай, үчөө тең өлмөк. Арамды бирге жешкендин баарысы камалмак да.

– Анан кантип бул андай абалдан аман кутулуптур?

– Эки шериги биригип, буга: «ушунчаңда арызыңды жазып, «ыктыярың» менен фронтко кет! Болбосо, өлтүрүп коёбуз» деп, кетүүгө аргасыз кылышыптыр. Бул шумпай эски алкоголиктерди армияга албайт дегенди угуп алып, эми анткор мас болгонго өттү. Бул амалы канчага созулаар экен?..

Коптев экөөбүз ушинтип начфинди пияздай аарчып атканда, капыстан төбөбүздөн немистердин чалгынчы «Рама» самолёту дырылдап учуп өттү. Дароо Целлендорф гарнизону боюнча «тревога» жарыяланып, чакчелекей түштүк. Антип шашпасак, бул шайтан жаман, абада жүрүп эле, бомбулоочу самолёттorго кабар берип: «душмандын жаткан жерин, багытын, алыс-жакынды-

гын билдирип, тез чакырат. Өзү кайра бурулуп келип, «бомбулоо натыйжасын» командалоочуларына жеткирүү үчүн сүрөткө тартып кетет. Коптев экөөбүз бүргердин ак сарайынын артында кабактагы калың токойду карай чуркадык. Бизден мурда бир топ жөө солдат жетип калыптыр. Бир бай карагайдын түбүнө токтоп, күйүккөнүбүз басыла электе эле, асмандан душмандын самолётторунун бизге тааныш үндөрү угулду. Аңгыча болбой, биринин артынан бири озондогон үндөр кулагыңды тундуруп, чагылган тийгендей жер титиреткен «тарс-тарс, тарс» эткен табыштар чыкыйыңды көзөп, кулактын тарсылдагын үзүп, чуулдатып эле калды. Бомбулардын жарылуу эпкини менен чегедектер качырап, кээси карс сынып, токой ичи өзүнчө бир алаамат болуп атты дейсиң, эч бир командасыз көмкөрөмдөн сулап, чегедектин жерде кара көң болуп калган бүрлөрүнө тумшугумду катып, денем калчылдап жатып калдым. Канча созулганын билбейм, бир маалда токой ичи жымжырт болгондо гана кулагымдын ичиндеги чуулдак башымды тегеретип, көңүлүмдү айнытып, окшутуп атканын сездим. Мындай белгилер тирүү калгандыктын жышаанасы экени көңүлгө жат тажырыйбалуу жаным: «Кудайга шүгүр, бул сапар да ажал мени аяды»,– деп, жер таянып отура калып, жаратканга тобо кылып, келме келтирип атсам, оң жагымда ошол эле мен коргологон карагайдын түбүнө жатып калган экен Коптев, ал силкинип, темтеңдеп тура калып, кайра жыгылды.

– Петро, эмне болду сага, жарадарсыңбы? – деген сөздөрүмдү катуу эле, күчүмдүн бардыгынча бакырсам, өз кулагыма ал сөздөр шаркыратманын аркы өйүзүнөн бирөө кыйкырып аткандай араң угулду. Коптев кайра тура калып, мага жакындап келип, колдон алып тартты. Мен анын жардамы менен туруп, башым айланып, аны кучактай калдым. Ал бир колу менен карагайдын сөңгөгүн таянып, мени карагайга жөлөп, экөөбүз тең

төмөнкү бутакты бир колубуз менен кармап, тикебизден туруп калдык. Ал бирдеме дегенсийт, мен укпайм, мен ага сөз сүйлөсөм, ал унчукпайт. Экөөбүз бири бирибизди жаңдашып, контузия[1] болгонубузду билиштик. Бизге 10–15 метрдей жакын жерге, коктунун таманына эки чоң бомбу түшүптүр. Жөө солдаттардын арасында бир-экөө жарадар болгон көрүнөт. Бири бирине жардам көрсөтүшүп алар жүрүшөт.

Коптев экөөбүз башыбыз айланганы басылганча, кулактын тунганы ачылганча карагайга жөлөнүп туруп, бут шилтөөгө жараганда колтукташып, чоң имарат – бүргердин сарайын карай бастык. Жанаа, жанталашып чуркап келатанда, байкабаппыз. Азыр кабактагы кардын күрткүсү тизебизге чыга калып, муундары шалактап калган буттарыбызды тыңгылыктуу шилтеттире албай, дөбөгө чыккыча кыйла убара болдук. Кончубузга кар кирип, чулгообуз шөлбүрөп, алыбыз кетип араң жеттик. Келсек, штабдагылар бизди жок-топ атыптыр, амандыгыбызга сүйүнүп кетишти. Ак сарайга бомбу түшпөптүр. Шайтан немистердин эсеби балакет. Болочогун ойлоп, атайын эле бомбулабаса керек. А балким, бизди мындай чоң имаратка атайы токтобойт дедиби? Болбосо эки-үч эле бомбу менен талкалап салышмак. Сарайдын тегерегиндеги колоттордо салынган имараттарды, кыштак үйлөрүн бомбулашыптыр. Чыгым кыйла болгон окшойт. Биз такоолдочу аткычтар полку, биздин авто унаалуу экинчи дивизион ошол жерлерде жайгашкан экен. Экинчи дивизиондун командири: «2 солдат өлдү, 7 жоокер жарадар болду, 1 мина бүрккүч курал, 2 автомашине талкаланды» деп, рапорт берип атыптыр. Кулактын чуулдаганы дагы эле басыла элек болгондуктан, сөздөрдү жакшылыктуу так уга албадым.

– Командирлер аманбы, сага өткөрүлүп берген улук лейтенант начфин кайда? – деп, майор Несговоров ком-

[1] Контузия – сокку тийүү, сырткы жарааты жок, бирок мизи, учу жок куралдан, же жарылуудан организм жапа чегүү.

дивизиондон сурап калганда, бүт чымыркаиып угууга тырыштым.

– Взвод, батареялардын командирлеринин баарысы аман. Начфин отуруучу машинеге бомбу таамай тийип, быркырап сыныктары, чамындылары бүркүлүп чачырап кетиптир. Сураштырсак, бомбулоо баштала электе начфин кабинада отурганын көрүшкөн солдаттар бар экен. Шофер машинеден алыс эмес жерде дөңгөлөк оңдоп аткан экен, ал колунан оор жарадар болду. Шашып атып, андан начфинди сурабай калыппыз – деди дивизион командири.

– Начфинди издеткиле, жок дегенде денесинин мүчөлөрүнөн кийим-кечегинен бирдемелерди табышсын. Балким ал тирүүдүр, бомбулоого кабыла элек неме немистердин жакын үйлөрүнүн бирөөнө кирип, жашынып калгандыр? Үйлөрдүн подвалдарынын баарысын тинттиргиле!

– Жакынкы короолордун баарысын, бомбу тийип бузулган үйлөрдөн өөдө жакшы эле карадык. Шоферди аткычтар полкунун санитардык ротасы, жарадарлар менен кошо госпиталга алып кетти. Жарадар болгон жергиликтүү калктарга да тез жардам көрсөттүк. Эч жерде начфин көрүнбөйт.

– Дагы бир сыйра үйлөрдү тинтип чыккыла!

– Жарайт! Тинттиребиз – экинчи дивизиондун командиринен кийин Цагарейшвили рапорт берди. Анын айтуусу боюнча дивизион бүт аман экен. Кеч келип, аттарды, жүктөрдү бүргердин короосундагы сарайларга, бастырмаларга, жоокерлерди чоң имаратка орноштурганынын пайдасы тийиптир.

Рапорт бүткөндөн кийин Несговоров полк командиринин буйругу боюнча саат 10-нөл-нөлдө жолго чыгасыңар деп жарыялады. Офицерлер жай-жайларына тарашкандан кийин, штабдын начальниги Коптев экөөбүздү алып калып:

– Силер кайда болдуңар, мынча кечигип?–деди. Биздин башыбыздан өткөндү Коптев айтып берди. Бомбунун кесепетинен бул да кекечтенип калыптыр. Анан начфин жөнүндө сөз болду. Кулагымдын чуулдагы кете элек, окшуганым толук басыла элек мен, бул маекте карaанымды эле көрсөткөнүм болбосо, маселе талкуулашууга жарытылуу катыша албадым. Начфинди бизден алып кетишкенден кийин, подполковник ага беш сутка гауптвахта[1] жарыялап, экинчи дивизиондун командиринин карамагына өткөрүп, беш сутка ычкынтпай, күндүр-түндүр кармоону буюруптур. Балким жана солдаттар анын кабинада отурганын көргөндөрү төгүн эмес чыгаар. Шофердун көзөмөлүндө, анын буйругу боюнча отурса, отурган чыгаар. Тревога[2] жарыялаганда шофер ишин таштаган эмес го. Болбосо, бир жакка качып жашынат эле да. А начфин, шоферден бийликсиз эч жакка жылууга акысы жок неме, беркиден команда күтүп, отура берсе керек. Анан машинеге таамай түшкөн бомбу шордуунун тагдырын биротоло чечкен болуу керек? Полк штабынын начальниги майор Несговоров үчөөбүздүн маегибиз ушул божомол менен бүттү.

Начфин өзүн өзү кармай албаган канча акмак болсо да, анын тагдыры ушундай чечилет деп ким ойлоптур?.. Коптев экөөбүз анын кылык-жоругунан канча жийиркенсек да, өлүмгө кыйган эмес элек. Аны биз тургай полк командири да каалаган эмес. Болбосо, трибуналга берип, айыптуулар батальонуна жибертпейт беле. Кичине какус-кукус кылып, сестентейин деген ой менен аталык тарбия берип, полкто кармаган да!

Согуштан жаа бою үркүп, катышпастын айласын табууга далбас уруп, үч жыл жанын ала качып запасной полкто бакса да, бизге келгенден бери накта согуштун кызыл кыргын урушун али көрө элек болсо да, ажалдын

[1] Гауптвахта – аскер кызматкерлерин камоочу жай.
[2] Тревога – коркунуч жарыялоо.

укуругунан буйтай албай, кокус бөөдө өлүмгө дуушар болдубу? «Бог шельму метит»[1] деген ушубу? Же коркок неме бир немистин подвалында көзүн бакырайтып, ушул убакка дейре жатабы?

Ичип аткан тамагыбыз жүрөккө жакшылыктуу барбай, капитан Коптев экөөбүз начфин жөнүндө түрдүү божомолдорду акыл элегинен өткөрүп атканда: бомбунун бүркүндүлөрүнүн арасынан кишинии сол чеңгели табылды деген кабар жетти. Аңгыча болбой, бизди штабга чакыртышты. Барсак Дурдыев менен Несговоровдун алдында, столдун үстүндө кырк муунунан үзүлгөн сол чеңгел жатат. Коптев ары-бери ала салдырып, дароо эле начфиндики деди да, алакандын сыртындагы тырыкты көрсөттү. Капитан Коптев ал тырыктын тарыхын начфиндин өз оозунан угуптур. Бир чатакта бычактын учу тийиптир. Ал тырыгынын шылтоосу менен запасной полкко «нестроевой» болуп келип калган экен.

Начфинди биздин полкто майор Бычков менен капитан Коптевден артык билген эч ким жок, Бычков артта, экинчи эшелондо. Мен начфинди, жаңы келген офицерди, ушул казатта бир чанада отуруп келаткандан бери гана билбесем, мурда ишим түшүп көргөн эмес. Колунда тырыгы бар экенин деле байкаган эмесмин.

Ошентип, биздин божомолдордун жаман жоруму далилденди. Ошондо эрксизден «Манастагы»:

Туулмак бар, өлмөк бар,
Алла Таала кудайдын,
Не жазганын көрмөк бар! –

деген саптары дагы бир жолу эсиме түштү! Ой тобо-о! Канча тапанданба тагдырыңдан качып кутула албайт экенсиң го?! Ажалдын укуругу баарыбыздын мойнубузга салынуу. О, Жараткан! Ушундай өлүмдөн сактай көр! Бомбудан өлгөндөр көп эле. Анын эрээн-төрөөнү жок. Бирок өз жамаатыңдын жемесине кабылып, алардын

[1] Кудай шайтанга эн салат.

алдында өзүңдү актай албай жүрүп, өлүмгө туш болгон чандадыр?.. Кылыгы серт болсо да аны биз бөөдө өлүмгө кыйган эмеспиз. Биз үчүн анын ушинтип өлүшү аянычтуу. Кантели, кээ бир киши адамдын эсине жакшылыктуу эч нерсе калтырбаганы аз келгенсип, жерге денесин да таштабай, бу дүйнөдө болгон-болбогону дайынсыз өтөт турбайбы... Ой тобо-о! Мунун сол чеңгелинен башка эч нерсеси калбаптыр. Эмнесин жерге жашырабыз?..

Казат жолу кандуу жол. Душман менен бетме-бет кагылышпай туруп эле а дүйнө сапарын тарткан канча? Бирок ушунун баарысы согуштун кесепетинен болгон жоготуулардын, чыгымдардын ичине кирет. Жел сокпосо жалбырак эмнеге кыймылдамак эле дегендей, согуш болбосо, алдыңкы чабуучулардан кыйла алыс оорукта келаткан бизге самолёттор өлүм уругун чачууга кандай акысы бар эле? Согуш деген жексурдун өзү зордук, зомбулук, мыкачылык, карөзгөйлүк, жандимилик жана ушуга окшогон терс сапаттарды ичине камтыган алаамат турбайбы! Согуш деген ажал тегирмени турбайбы! Ушулардын баарысын көз алдыбыздан өткөрүп келатабыз. Айла канча?! Кудайым биздин муунду атайын эле ошол тегирменге жем болсун деп жаратканбы, билбейм?! Согуш деген эрегишүүнүн жеткен ырайымсыз түрү турбайбы! Карачы! Немистер бизди кыруу үчүн өз жерин, өз айлын, өз элин аябай, алардын үйлөрүн бомбулашты. Натыйжада биздин аскерлер менен кошо өздөрүнүн букараларынын көбү бөөдө чыгым болду. Тиги курман болгон карапайым калкы өздөрүнүн сакчыларынын, коргоочуларынын колунан эч жазыксыз курман болоорун кайдан ойлоду дейсиң?! Алардын арасында Гитлерге баш-оту менен берилгендери жок болчу дейсиңби?..

Ушинтип, бүгүн эртең мененки бүлүктөн кийин ой отузга, санаа санга бөлүнүп, ар ким өз тагдыры менен алек болуп, айланабызды карап аландап, асмандан мүнөт сайын ажал күтүп, жолго батпай котолоп, качкан жоону

кубалап келатабыз. Биздин бактыбызга асманды жоодон коргоп, үстүбүздө өзүбүздүн кыргынчы самолётторубуз ойкуп-кайкып, бирде ителгиче асманга атып чыгып, бийиктен чабыттаса, бирде чабалекейче жапыз кайкып, токой башын сыдырып жакындан акмалайт. Анда-санда алардан кыйла бийиктикте каркырадай желе тартып, кээде төрттөн-төрттөн топтошкон бомбулачу самолёттордун карааны бирде, көк асманда күнгө чагылышып жылтылдап, бирде чаңгыттаган жука булуттардын арасында бүлбүлдөп, батышка карай сызууда. Алардын табышы жерге араң-араң угулат. Кез-кезде чаркыраган үндөрүнүн илеби токой башын жапырып, капыстан чыга калып, көз токтотуп карагыча үлгүртпөй, кайым болуп житип штурмовиктер өтөт. Көптөн бери, чоң чабуул башталган күндүн түштөн кийинки мөөнөтүнөн тартып, бүгүн эртең мененкиге дейре самолёт көрбөй, асман эстен чыгып кеткен экен, эми өткөндү эске түшүрүп атат. Биз жолго чыккандан бери төбөбүздө, эки жолу кагылышуу болду. Биздин күзөтчү самолёттор бир жолу душмандыкын алыстан эле тосуп, бомбулатпай, кайра айдап, кармаша кеткендер менен жан аяшпай салгылашты. Асманда кагылышуулар кандай жүрүшүн жазбай эле коёюн. Ал жөнүндө жакшы эле сүрөттөмөлөр болгон. Бул жерде кайталоонун кажети жок. Ошентсе да биздин техниканын өскөнүн белгилей кетиш керек. Учкучтарыбыз башынан эле мыкты болучу. Азыр, биздин самолёттордун, айрыкча-кыргынчылардын ылдамдыгы өскөнү көрүнүп турат. Мурда «мессершмидтер» биздин самолёттордун арасын каалагандай жойлочу эле, аларды биздин кыргынчылар кууп жете алчу эмес. Бүгүнкү салгылашуу моокумубузду кандырды. Биздин жаңы Ла-5, Як-6 мессерлерди буйтаттырбай баса калып атышат. Азаматтар! Атаганат, бүгүн эрте менен биздин кыргынчылар төбөбүздө болгондо, биз душмандан жапа чекмек эмес экенбиз?!

Жолубуз шыдыр баратат. Туташ токойлор эми азайып, топ-топ болуп кезиге баштады. Түшкү тамак ичишке бир кыштакка токтодук эле, анда кудай жалгап, спирт зооту жок экен. Солдаттар адатынча кыштакты тинтип чыгышты. Бир үйдө ит абалап, анан автоматтын табышы угулду эле, ага Коптев чуркап барса, иттин, кемпирдин өлүгүнүн үстүнөн чыгыптыр. Солдатты алдына салып айдап Цагарейшвилиге Коптев алып келгенде, комдивизион солдатты суракка алып, такыды эле, бул коркпой этпей томсоруп туруп: мага итин тукуруп агытып атса, жолдош капитан, мен эмне итке талатып тура бергеним жакшыбы сизге? деп, Цагарейшвилинин суроосуна суроо менен жооп берди эле, комдивизон куру кыйкырыктын ордуна: «болуптур, сен жакшы расчет командири экениңди эске алып, бул сапар кечирдим, экинчи жолу колума түшсөң, таарынба улук сержант! деп, солдатты коё берди». Бул окуя: жазында Смоленски облусунда мен турган үйдүн ээси аялдын кайнатасын немистердин солдаттары атып өлтүргөнүн эсиме түшүрдү. Ой тобо-ой! Окуянын окшоштугун кара. Солдаттын айтканы чын болсо, анда да, мында да киши өлүмүнө ит себепкер болгонун карасаң? Кемпир итин тукурдубу, жокпу, муну көрүп калган биздин киши болбогондон кийин, калпы-чынын далилдөө кыйын. Солдаттын абийирине гана таянып, кемпир менен иттин өлүгүнүн убал-сообу ачылбай калды.

Түшкү тамак убагында майор Бычковго жолуктум. Акыркы сапар көрүшкөндөн бери он күндөн ашты эле. Тирүүлүгүбүздү билишип, кучакташып көрүштүк. Менин бөлүкчөмдө Оноприюктан башкасынын баарысы аман эсен келатышыптыр. Барановум казат жолунда Бычковго жакшы жардам берип келатканын угуп ыраазы болдум. Кабаков да бүт коллективи менен аман-эсен дейт. Начфиндин жайын майор Несговоровдон угуптур. Анын кылык-жоруктарын Коптев экөөбүздөн толук угуп

капаланып, акыркы тагдырына ал да бизге окшоп эле кейиди. Оноприюк жөнүндө бир сапар Бур-Комаровскийдин чачыраган армиясы булардын колоннасына кабылып, атышып калышыптыр. Ошондо Оноприюк жоголуптур. Толугун кийин чогулганда жай айтып бербесем, тарыхы узун деп токтотту сөзүн.

Согушта өмүр мөөнөтү сүкүнт, мүнөт менен өлчөнөт эмеспи. Эртең мененки бомбулоодон аман калып, түштө Бычковдон жакшы кабар угуп көңүл сергип, ой семирип, бешимге дейре душмандын асмандан башка запкысын көрбөй, шыдыр келатканыбыз жаныбызга сеп болду эле, эми уруш дүбүртү алды жагыбыздан күңүрт угула баштады. Кыязы чабуулдун алдыңкы сызыгына, же башкача айтканда, Кандайранын жээгине жакындап келатсак керек?.. Бир аз убакыттан кийин алдыбыздагы аткычтар батальону токтобой чабуулга өтүү буйругун алып, роталарын буйрукка ылайык оң сол канатка жайып, батальондун командири штабдык бөлүкчөлөрү менен ортодо бараткан жолубузда калып жылды. Анын карамагына берилген артиллериялык дивизиондор, азырынча чачырабай, колонналарыбызды бузбай, комбаттын артында келатабыз. Биздин дивизион батальондун оң канатындагы ротаны такоолдоого буйрук алды. Цагарейшвили менен Камышан батальон командиринин жанына кетти. Шарт боюнча биздин чана дивизиондун старшинасынын жанынан орун алды. Жөө солдаттар жолсуз кардуу талаада жайыла басып автоматтарын белкырчоосуна такап, ок чыгарууга азырланган. Солдаттардын арышына өлчөп, биздин колонна да ылдамдыгын басаңдатты. Жол эрмеги болуп келаткан калжың сөздөр токтоп, баарыбыздын кулагыбыз түрүлгөн. Биз батышка жылган сайын уруш дүбүртү ачыгыраак угулууда. Эми замбирек, миномёттордун күркүрөгөн табыштарынын арасынан автомат, ок бүркүчтөрдүн тыртылдагы да даана угула баштады. Бир оокумда ажал сепчү куралдардын баары-

сынан чыккан жыш тарсылдактар кошулуп, үзгүлтүксүз күркүрөгөн табышка айланып бир топко созулду. Ошол убакта артыбыздан аркыраган-чаркыраган танкелердин, мотордуу замбиректердин, бронетранспортёрлордун жана түрдүү автомашинелердин табыштары кулагыбызды тундуруп, заматта биздин колоннаны аралап, кээси жолсуз талааларды басып, жөө солдаттардан өтүп, алдыдагы топ токойго кирип кетишти. Бомбудан чуулдаган кулагым акырындап басылып келатты эле, кайра тунуп калды. Чыкый тамырларым көөп чыкты.

Талаанын кары жука болгону менен шаңгысы жок жөө солдаттарга бир топ убара тарттырып атты эле, эми техниканын изине түшүп булар да танкелерге бел байлап, ыкчамдашты. Биз жолдон чыкпай келатабыз. Токойго кирдик. Кулактын чуулдагы басылганда тыңшасам, алдыдагы тарсылдактар угулбайт. Өзүмө ишенбей Коптевге кайрылсам анын да кулагы катуу болуп калыптыр. Мураттан сурадым: жанагы күпүлдөгөн, дүңгүрөгөн тарсылдактар азыр угулбай калды деди. Аңгыча болбой, эни эки километрден ашпаган токойдон да чыктык. Алдыбыздан айыл көрүндү. Сыягы жанагы биз уккан дүрүлдөктөр ушул жакта болгон окшобойбу. Согуштун накта белгилери: жарылган дүрмөттөрдүн, бомбулардын казган аң-чуңкурлары, кишилердин өлүктөрү, техниканын сыныктары айылдын биз бараткан күн чыгыш жагында көрүндү эле, а кыштактын ичинде ураган, күйгөн үйлөр, көчөлөрдө немистердин жана биздин аскерлердин өлүктөрү. Өлүктүн ургундай көбү немистердики. Кыязы, катуу айбат көрсөткөндөй?..

Бул кыштактан төрт тарапка даңгыр жол кетет экен. Стратегиялык мааниси бар экени көрүнүп турат. Ошондуктан душман жан аябай салгылашкан окшобойбу. Ошентсе да «качкан жоону катын алат» дегендей, биздин чабуулдан үрөйү учуп, жүрөгү сары сууга толуп калган душман, алдыңкы эле мотоотряддын соккусуна туруш-

тук бере албай дыркырап, туш тарапка качканы майдан талаасынан ачык көрүндү. Бизди аралап өткөн танкечендер кошуунунун алдыңкы чалгынчылары душман белсенген уруштун жаагын жап кылганын тигил жол боюнда кан-сөлү толук чыгып уюй элек жаңы өлүктөр далилдөөдө. Кудай бетин көрсөтпө! Душмандын өлүгү боо түшүп калыптыр. Жолдорду канга жуурулган эт баткагы бөгөп калган. Мындай алаамат казат жолунда көп учурап, көзгө үйүр болсо да, титинип үстүнөн бастырып өтө албадык.

Кыштактын кирхе[1] аянты «тогуз жолдун тоому» экен. Биз аянтка жеткенде «Оппел капитан» жеңил машинеге түшкөн эки-үч офицер бизди кууп өтүп, обочороок токтоп калышты. Шофердун жанында олтурганы мага даана көрүндү. Ал баягы «дивизиянын комсомолу» майор окшоду. Арткы отургучта отургандарын терезеден кечки күндүн чагылышы жаркылдап, даана көрө албадым жана алдыңкысы белгилүү болгондуктан, чынымды айтсам, калгандарын көрөйүн деп да кызыкканым жок. Дивизиянын саясий сошкаларынын[2] биридир деп, этибар албадым. Аңгыча комбат менен кошо алдыга кеткен Цагарейшвили тосуп турган экен, алар колоннабызды токтотту. Баарыбыз чаналардан түшүп кыска тыным жасадык. Ошол убакта бир чети, кыргынга учурагандарды көрүү үчүн, экинчи чети, буту-колду жазыш үчүн Коптев экөөбүз жол боюнда жаткан өлүктөрдү карай бастык. Көк шимүүрдүн жалбырагы түстүү таардан тигилген узун шинелчен немистердин өлүктөрү суналып-суналып күветке башын жөлөп, жипке тизилген балыктарча шыкырап жатышат. Кийген формалары коёндон окшош, буларга көз үйүр болуп калган. Жаңы эч нерсени көзгө урунта албай кайра артка келип, башка жол менен басып келатып, капыстан көргөнүмө жүрөгүм оозума кептелип,

[1] Кирхе – чиркөө (нем.).
[2] Сошка – сөрөй.

аптыгып сүйлөй албай калдым. Менин тигиндей акыбалымды капитан Коптев суроосуз тушүнүп, колтугуман жөлөй калды.

Кудай көзүңө жамандык көрсөткүлүк кылбасын! Кочкул жашыл ноотудан тигилген венгр френч[1] кийген, бети бетиме окшогон, мотурайган жаш жигиттер жакаларында кара петлица[2] сол жеңдеринде тегерек кара жамаачы, анын ичинде сары боёк менен тегерете латын тамгасы менен жазылган «Teniri biz menen» деген сүйлөм. Жаңы эле өлгөндөрү көрүнүп турат. Кээсинин каны шүүшүндөп тамчылоодо. Чачтары жаңы оңдолгон. Баарысы түктүйгөн «кирпи» фасондо, беттеринде түк жок, жылма. Жүздөрү мен Фрунзеде, Караколдо, Ошто көрүп жүргөн тааныш немелерге окшош. Коптевге сүйөнүп дагы бир аз бут шилтеп тигилерди карап баратып бирөөнүн жүзү өтө тааныш, жылуу учураганда көзүм ымыр-чымыр болуп, көңүлүм караңгылай түштү. Кудай шерменде кыла көрбө, дагы кандай балээге жолугам?!

– Болду, жүр кайта! – дегенге шайым араң жетти. Коптев үн дебей менин тилим менен кайра бурулду. Менин корккonum туугандарым, таяке-жээндерим, карын-бөлөлөрүм, айылдаштарым, досторум, жолдошторум дагы кандайдыр бир жакыным арасынан чыгып, кудай шерменде кылбаса экен! Энемден, айлымдагы жана шаарлардагы жолдошторумдан кат алган сайын: «баланчанын кара кагазы келди, түкүнчөдөн көптөн бери кат кабар жок, бастанчанын ата-энесин ыңкыбыды суракка алыптыр деген кабарларды алып, зээним кейий турган. Кокус ошолордун бирөө азыр жолукса эмне болом! Аны ушундай жерде көрдүм» деп, угузуу кантип колумдан келет? Жакындарым турмак бейтааныштарыма да, мындай шерменде өлүмдү кыйгым келбейт. Анан кокус өзүмдүкүнөн кезигип калса, эмне бетим калат?

[1] Френч – аскер бешманты.
[2] Петлица – жакага бастырылган тилке.

Башкаларды коюп, жанымдагы эле капитан Коптевди кайсы бетим менен карайм?

Ушинтип ичим уйгу-туйгу болуп, санаам санга бөлүнүп, кат-кабары үйлөрүнө келбеген жакындарымдын ар кимисин бирден санап, алардын өң-түстөрүн көз алдыга элестетип, Коптевдин колун колумдан чыгарбай, жер карап кайтып аянтка келатсам, баягы «комсомол» майор атайын күтүп турганбы, билбейм:

– А-а, доктор, сородичей поприветствовать ходил? Это твоя работа![1] – деп физиономиясын[2] ыржайтып бетме-бет алдымдан чыга калды. Ансыз деле ичим өрттөнүп келаткан жаным тигинин уу сөздөрүнө чыдай албай жарылып кеттим:

– Жок, сенин кылганың! – деп, тилимди тартпай сөгүп да жибердим.

– Как ты смеешь пререкаться со старшим по должности?![3] – тиги комсомолдун чоңу тапанчасын кабынан сууруп баратып – я тебе сейчас кузькина мать, елдаш,[4] покажу[5] дегенде мен да андан калышпай тапанчамды азырлап, мээлеп келатканда Коптев ортобузга тура калды, аңгыча тигнинин артынан келаткан бир офицер шашып:

– Токто, майор! Отставить глупости![6] – кыйкырып чуркап келгенде, сестене түшүп, тапанча сунган колумду тартып алдым. Тиги да мени менен кошо командага баш ийди. Дүрт жана турган дуэль[7] лып токтоду. Бизге кыйкырган офицерди эсиме келип карасам: көзайнеги, мурду, муруту куду эле Дорфман! Боюмду токтото албай:

[1] А-а, доктор, туугандарыңа салам бергени бардың беле? Бул сенин кылганың!

[2] Физиономия – чырай, бет.

[3] Мансабы өзүңдөн улук кишиге каяша айтканың кандай?

[4] Елдаш – орустардын Орто Азиялыктарды кемсинтип койгон аты.

[5] Мен сага көрсөтчүнү азыр көрсөтөм, елдаш!

[6] Койгула итчиликти!

[7] Дуэль – жекеме жеке кармашууга, атышууга чыгуу.

– Зильман Маркович! – деп, кыйкырып, жибергенимди өзүм да байкабай калыпмын. Ал киши менин үнүмдү укканда селт этти да, көз айнегин ала коюп:

– Браток, ты жив?[1] – кучагын жайып мага умтулду, мен чуркап барып мойнунан кучактадым. Экөөбүз кучакташкан бойдон көпкө олбуй-солбуй жаактарыбызды тийгизишип көрүштүк. Бул мөөнөт канча убакыт созулганын билбейм, бир маалда:

– Саламатсызбы, жолдош подполковник!? – деген капитан Коптевдин үнү кулагыма жеткенде мен Дорфмандын кучагынан бошондум.

– Саламат, жолдош капитан. Силерди аман-эсен көргөнүмө бактылуумун! – деп Зильман Маркович Петр Михайловичке колун берди. – Дүйнөнүн тардыгында калет жок, мага жүзүн буруп – браток, мен сиз айткан: «ат баспайм деген жерин үч басат...» деген силердин элдин ылакабын жаттап алгам. Мына эми, анын чындыгы далилденип олтурат. Бул сапар капитан экөөбүз болбосок – Коптевге башын жаңсап, – тирүү көрүшмөгүбүз шектүү эле. Жаштык кызуу кандуулук кылып майор экөөңөр... ба-а, кут болсун наамыңыз, браток, эки майор бириңди бириң кайсап, бөөдө өлүмгө кирептер боло жаздадыңар, – майор Козлов, – менин касыма кайрылып, – Сиз качан болсо, кылт этсе кызуу кандуулук кылып, тапанчаңызга асыласыз. Сизди партия мага комсомол иштери боюнча жардамчы кылып берген. Сиздин милдет советтик Кызыл Армияда жаштарды коммунисттик идеяга, патриотизмге, адилеттикке, сабырдуулукка тарбиялоо... – деп подполковник ага насаат сөздөрүн арнап келатканда, анын сөзүн бузуп:

– Мени, саясий кызматкерди, кайдагы бир коновал[2] тилдөөгө кандай акысы бар?..

[1] Иним, тирүүсүңбү?

[2] Коновал – ат бычаар.

– Молчать, чванливый мальчишка![1] – деп, демейде сабырдуулугунан тайбаган Дорфман, тигинин осолдугуна чыдабай кыйкырып жиберди. – У вас хватает нахальства даже прервать речь своего прямого начальника.[2] Анан кантип бирөө менен кишиче сүйлөшө аласыз?! Өзүңүздүн мамилеңиз менен бүткүл комсомолдун наамын булгап атасыз, – анан демин бир аз суутуп. – Бул сиз айткан «коновалдан»адамкердик, сыпакердик, жосундук, патриотизм жана түрдүү этикалык категорияларды сизге, жаштардын тарбиячысы, саясий кызматкерге – үйрөнүп алуу көптүк кылбас эле! Эмне үчүн сиз тигил өлүктөр үчүн «сенин кылганың» деп, доктор майорду айыптайсыз? Далилиңиз кана?

– Карабайсызбы жолдош подполковник баарысынын беттери мунукуна окшоштугун, демек, улуту бир. Бул неме өз улутунун жаштарын жакшы тарбиялай албай, чыккынчы кылып жиберген да! Өз улуту үчүн мамлекет алдында жооп бериш керек да!

– Токто, токто, жолдош майор. Сиздин логикаңызды ээрчисек, Власовдун чыккынчы армиясы үчүн, сиз орус болгондуктан, сиз гана жооп беришиңиз керек экен да?!

– Жолдош подполковник, капитан?! – Коптев арага кыстарыла калды, – эгер бул майордун оюна ишенсек, анда ар бир улут өзүн өзү тарбиялаш керек. Өз армиясын куруш керек, өзүнүн командалоочусу болуш керек, өзүнчө урушуш керек. Ошентип, өз улуту үчүн өзү жооп бериш керек. Демек, жалпы улук Башкы командалоочунун кереги жок, мындайынча айтканда, Кызыл Армиянын, анын Улук Башкы командалоочусу болуп турган жолдош Сталиндин кереги жок экен да! – Ушуну укканда майор Козловдун чый-пыйы чыгып:

– Качан мен ошентип айттым эле. Мен анткен эмес-

---

[1] Бас жаагыңды, көпкөн бала!

[2] Өзүңүздүн түздөн түз начальнигиңиздин сөзүн бузганга да бетиңиз чыдайт тура.

мин! – деп жиберди.

– Көрдүңүзбү, жолдош майор Козлов, сиздин идеяңыз кандай корутундуга алып келээрин, биздин арабызда турган сизден башка орус улутунун өкүлү капитан калыстык кылып айтып атканын?

– «Ойлобой сүйлөсөң, оорубай өлөсүң» деген биздин элдин ылакабы бар. – Мен да тиги көпкөн немени желин чыгарып, Коптевдин корутундусун жактап, жыландын башын чыгарып койдум.

– Майор доктордун тигил «Туркестан легионунун» кыйрап жатышында эч кандай күнөөсү жок, тагыраак айтканда, легионго кирип, өз ата мекенине каршы ок атам деп, эл журтунун каргышына калып, маскара өлүмгө дуушар болгон тигил жаштар үчүн ветеринария врачы айыптуу эмес, сиз экөөбүз күнөөлүүбүз, билсеңиз, жолдош майор! Биз ичкен суубузду, жеген ашыбызды элге, жаштарга коммунисттик тарбия берүү менен акташыбыз керек! Тигилердин мекен коргоодон баш тартып, немистер тарабына өтүшү, анан алардын тарбиясына муюп, баш-оту менен берилип, өз ата-журтуна ок атышы негизинен өздөрүнүн адамкердик жердиги начардыгынан болсо да, кандайдыр бир себептер менен биздин коммунисттик тарбияга жетишээрдик сугарылбай калгандыгын гана күбөлөйт. Армияда патриотизмдин маанисин командирлер, саясий кызматкерлер жакшы, орундуу, өрнөктүү таалим сөздөр менен эмес, сиз окшоп орой сүйлөп, курал-жарактын күчү менен «тарбиялаган» кошуундарда тетиги – колун созуп, – легионерлер сыяктуу ойрондор көп чыгат. Мына ошентип, бул эки офицердин – эки майордун ортосунан чыккан чатактын себепкери – сиз, жолдош Козлов! Аны мойнуңузга алып, доктордон кечирим сураңыз, болбосо, чатак чоң жагына айланып, аны басууга башка чара колдонулушу мүмкүн! – деп, Дорфман узун сөзүнүн аягына чыкты.

Майор Козлов, ичинде эмне ойлонуп атканын ким

билсин, башын көтөрө албай жер тиктеп туруп калды. Бул паузадан пайдаланып капитан Коптев, бардыгын көрүп, бардыгына күбө болгон офицер:

– Жолдош подполковник, былтыр Сизди Витебскинин алдында доктордун жертөлөсүндө көргөн кезимде майор элеңиз. Азыр подполковник экенсиз, наамыңыз кут болсун! Капыстан чатактын үстүнөн кезигишип, шашкандан офицердик каада-салтты да унутуп коюпмун, ага Сизден кечирим сурайм! Мен сиздин айткандарыңызга толук кошулам. Майор Козловдун докторду легионерлерге бетин окшоштуруп эле чыккынчыларды сенин улутуң, алардын чыккынчылыгын сенин кылганың деп, өзү саясий тарбиячы кызматта боло туруп, адамдын ак-карасын идеологиясынан тааныбай, физиономиясынан таанышы, бери эле болгондо осолдук, саясий сокурдук, болбосо, мен айтаар элем: орус улутунан башка улуттарды киши катарына кошпогон улуу державалык шовинистик деп! Кечирип коюңуз, жолдош майор,– Козловго жүзүн буруп, – бул жерде төрт офицердин экөө: сиз экөөбүз орус улутунан экенбиз. Бул экөө – Дорфман экөөбүздү сөмөөйү менен көрсөтүп,– эки башка улуттан. Экөөбүздүн бетибиз булардыкына караганда көп окшош. Власовдун «боштондукка чыгаруучу армиясы» жалаң беттери экөөбүзгө окшогон орустардан турганын жайындагы чоң чабуулда, биздин көп улуттуу патриот жоокерлерибиз тарабынан тетиги легионерлер сыяктуу кырылганын доктор экөөбүз көргөнбүз. Ошондо мен күйүп бышып наалыганымда доктор мына сенин кылганың деп, мени табалаган эмес. Андан башка деле көп окуяларды: дарга асылып салбырап, салаңдап турган орус старосталарды, полицайларды көргөндө, же орустун айылдык чыккынчылары немистердин айгагы болуп, партизандардын үйлөрүн, айылдарын тургундары менен кошо өрттөткөндөрүн укканда деле бул доктор майор жалпы орус улутуна шек келтирип, мени жана

башка бирге иштешкен орус жоокерлерин мазактаган эмес! А сиз менен биз бар болгону, эки сапар көрүштүк. Экинчи сапар көрүшкөндө, машинеден түшө элек жатып эле, доктордун улутуна шек келтирип, чыккынчыларды «сенин кылганың» деп, өзүн айыптадыңыз. Сиздин наамыңыз менден улуу болгону менен жашыңыз менден кичүү экени көрүнүп турат. Кейпи, бир чоңдун баласы, же бир жакыны болсоңуз керек? Солдаттын таар шинелине мойнуңузду, тар өтүгүнө бутуңузду жоорутуп убара болбой, түз эле офицердин ак тонун, хром өтүгүн кийип, жылуу колтуктан кам бышып чыга калган офицер экениңизди көрсөтүп атасыз. Бактыңыз бар экен, подполковник Зильман Марковичке окшогон тажрыйбалуу, чоң сабаттуу, жогорку сапаттуу саясатчынын, акылман тарбиясынын алдында иштеп атыпсыз. Бул кишиге балким, сиздин колдогон кишиңиз атайын тапшырганбы, билбейм, сизди бир ажалдан алып калды. Подполковниктин кыйкырыгы болбогондо, саясатчы офицердин жанагындай кылыктары үчүн, күжүрмөн жоокерди кордогону үчүн, доктордон мурда мен атып салмакмын. Жолдош подполковник, – Дорфманга кайрылып, – мен сиздин сунушуңузду колдойм деп, дагы бир жолу кайталайм, докторду эң негизсиз саясий кордогондугу үчүн андан кечирим сурасын. Экинчиден – Кюзловго бурулуп, – сизди бир бөөдө өлүмдөн сактап калгандыгы үчүн өзүңүздүн түздөн түз начальнигиңиз подполковник Зильман Маркович Дорфманга алкышыңызды айтыңыз! Болбосо, бардык окуянын толук күбөсү катары, менин күжүрмөн жолдошум, Кызыл Армиянын согушуп аткан кошуунунда чыныгы патриоттук менен иштеп келаткан доктор майорду негизсиз айыптап, шовинистик кыр көрсөткөнүңүз үчүн мен сиздин үстүңүздөн Глав ПУРККга арыз жазам – деп, Петр Михайлович узун сөзүн ачууланып аяктады. Иштин жагдайы кайда алып баратканын түшүнүп, куу чирен майор менден кечирим

суроого, Дорфманга алкыш айтууга аргасыз болду. Анын ала көөдөндүгүнө боорум ооруп, чолок акыл көтөскө теңелбейин деп, кечирип, кол алыштык.

Маселе чатакка айланбай, элдешүү менен бүткөнүнө подполковник ыраазы болгонун жашыра албай, анын үстүнө, майдандаш эски жолдошуна кан жолдо аман-эсен көрүшкөнүнө төбөсү көккө жетип кубанып:

– «Ачуу – душман, акыл – дос» деген. Көздүн жоосун кандырган көркөмдүү чоң уруштан, көзгө илешпеген майда ынтымак артык. Ыракмат браток. Мен сизден башка чечимди күткөн эмесмин. Үмүтүмдү актадыңыз. Бул турмушта, өлбөсөк далайды көрөбүз, менин жан досторум! Кандай кыйынчылык башка түшпөсүн, баарысына сабырдуулук менен карап, баарысын акыл менен чечкенде гана натыйжа ийгиликтүү болот.

Подполковник мага алкышын айтуу менен бирге, өзүнөн көп жаш кичүү офицерлерге карыялык, тажрыйбалуулук, акылмандуулук насияттарын айтып, Ата Мекенди жалаң гана жүрөк менен сүйбөстөн акыл менен да барктоо, кадырлоонун үглүлөрүн мисал келтирип, көңүлүбүздү көтөрүп салды. Былтыркыдай жай маектешип, акыр заманды сапырууга азыр убакыттын жоктугуна кейигенибиз менен «ишибиз» быйыл илгери болуп, душманыбызды кубалап, акыры анын чээнин басып кирип, көсөмүбүз Сталин айткандай «биздин көчөдө да майрам» болуп атканына күбө болуп, ошол майрамдын тирүү катышуучуларынан экенибизди сезип, эми акыркы жеңишке да катышып, жаныбыз жай алганда тирүү көрүшүп, көчүк басып, жайбаракат маектешүүнү бири бирибизге каалап, кучакташып коштоштук. Былтыртан бери жеке турмушубузда болгон өзгөрүштөрдү кеп арасына кыстарып, Дорфман мындан жарым жыл мурда дивизиянын саясий бөлүгүнүн начальнигине көтөрүлүп, подполковник наам алганын айта кетти. Баарыбыз бир 33 – Армиянын курамында болгондуктан, мындан ки-

йин кезигишүү батыраак болоорун болжоду. Ар кимибиз өз жолубузга түштүк.

Ошентип, жол бойлото быяк-тыягыбыздан алакандай чолоо жер калтырбай вермахтын, ага кошумча «Түркстан легионунун» тандамал аскерлеринин шыкыраган өлүктөрүн аралап, күүгүм талаш казатыбызды уладык. Бети бетиме окшош душман жоокерлеринин жанынан кудай жалгап, күүгүмдө өткөнүм ырас болду. Караңгыда өлүктөрдүн баарысынын өңдөрү окшош. Тийгизген таасири бирдей болсо да, тигилердин тушуна келгенде: «Кайсы таанышымдын, жакынымдын жанынан өтүп бараттым экен» деген ой жүрөгүмдү мыкчыбай койгон жок. Миң кылган менен каның, диниң бир болгондуктан, маскара өлүмгө дуушар болгон шордуулар бир жагынан жиниңди келтирсе, бир жагынан зээниңди бөтөнчө кейитет экен!..

## – 12 –

«Ай караңгы, түн узун» – деп, «Манаста» айткандай, жолду, казат жолун түнү тынбай кайрадан басуудабыз. Согуштун алыскы дүбүртү анда-санда тике алдыбыздан кез-кезде оң, же сол капталыбыздан кулагыма жетип, дүңгүрөөдө. Бомбулоодон тарсылдагы жарыла жаздап, дүүлүгүп калган байкуш кулак, кичине эле жел тийсе, зым карагайча зыңылдап, ичи чурулдап билинээр-билинбес табышты доолбастай жаңыртып, сырттан келген чыныгы табышка бөгөт болуп, жакшылыктуу кабыл кылбай, каңырыш угузуп келүүдө. Кечинде капаланып, комсомол майорго ачуум келгенде нервдеримдин чыйралгандыгынанбы, билбейм, кулагым шоолдап ачыла калды эле, эми кайра зыңылдап, өз үнүм өзүмө роялдын табышына окшоп сүйлөгөн сайын кулагымдын ичин жаңырыктатат.

Биздин маршрут атайын кыштак аралык жолдордон тургандыктан, жолубузда: токой, кыштак, кайра токой,

кайра кыштак. Булардан башыбыз чыкпайт. Ээн талаа жокко эсе. Кыштактар шамсыз караңгы, тырс эткен табыш, мыдыр эткен жан жок сыяктуу. Кулакка жеткен жалгыз табыш, алдыда строй менен кетип бараткан жөө солдаттардын жана чаналарга чегилген аттардын кулакка үйүр торпулдагы. Кез-кезде кишилердин кобур-күбүрү, аттардын бышкырыктары түнкү жымжырттыкта алда кайда алыс угулат. График боюнча түн жарымында, тагыраак айтканда түнкү саат бир отуз мүнөттө жыйырма мүнөт тыным жасадык. Анда да солдаттарды үй тинттирген жок.

Уруш аралап өткөнгө өзүбүз күбө болбогондо, айланабыз башка бирөө ишенгис тынч түндүн кучагында магдырагансыйт. Алдыда, кайдагы бир алыстан кез-кезде кулакка жеткен согуш табыштары, бизге тиешеси жок, башка бир дүйнөдөн келип аткандай сезилет. А тиги, бизден алыс жаткан магистраль жолдогу түн бою тынбай батыш тарапка өтүп аткан техниканын бизге тааныш табыштары жоонун чуусун басып, ындынын өчүрүп бараткан кереметтүү күчтүн шаңдуу күүсү катары, кулагыңдын кужурун албай, кайра жүрөгүңдү жоошутуп, кайратыңа дем берүүдө.

Ушундай карама-каршы сезимдерди туудурган кышкы узун түндө башыбыздан өткөн бая эртеңки коркунучту, кечки кайгы аралаш кубанычты акылга калчап, Коптев экөөбүз узун сөзгө кириштик. Бул маектешимдин Дорфманга окшогон акылмандык жайы жок болгону менен сөзгө курч, ойго дилгир, көңүлгө зирек, сырга бекем, жүрөгү ак, бир сөз менен айтканда, бул начхим – начфин эмес, ишенчиликтүү, акылдуу жигит. Жалгыз ой ойдолоткондон көрө, мындай киши менен бөлүшүп, бирге акыл калчашкан кыйла жемиштүүрөөк болот эмеспи...

Чоочун жердин аба ырайы да чоочун болот экен. Бүгүнкү күндүн белгилерине карап, эртеңки күндүн ачык-бүркөгүн болжоп болбойт. Кечээ кечинде кыргын

болгон жерде биз Дорфмандар менен коштошуп атканда күн кызарып батып аткан. Бул биздин элдин түшүнүгү боюнча, эртең күндүн ачык болоорунун белгиси эле, а чынында азыр желкебизден таң шооласы боолголонуп келатканда, бетибизге чаба кар аралаш жамгыр шыбыргактап жаап кирди. Балким, эл бузулганга жараша аба ырайы да ойсоктоп, ойт берип аткандыр?.. Белги-бечеси билинбей туруп эле, капыстан чыга калган жел бетиңе муздак суу чачкандай ичиркенип, бүткөн боюң жыйрылып, башың ийниңе жикирейип жакаңа катылып, ойлогон оюңдан, сүйлөгөн сөзүңдөн адашат экенсиң. Ага кошул-ташыл жакын алдыбыздан душмандын артиллериясынын бирин-серин тарсылдаган табышы угулду. Ар кайсы жерден жалгыз-жалгыздан от жылт деп, артынан кулак жарган тарс эткен табыштарына караганда, душман бизди көрбөй эле, сактык үчүн үн салып аткансыйт. Ага дагы бир далил дүрмөттөрү биз тарапка жарылбай, бизден алыс сол жагыбызга жарылууда.

Илгери мен бала кезде жайлоодо өзөн бойлой, кыр кырлай, өтөк жабыла, топ-топ болуп конгон айылдардан түндө короо кайтарган келиндер карышкырдын дайны жок болсо да, сактык үчүн биринен сала бири алым сабак үн созо турган. Эмнегедир, азыркы немистердин замбиректеринин табыштары, ошол короо кайтарган келиндердин үндөрүнө окшоп кетти мага. Аңгыча алдыңкы чанада бараткан Цагарейшвили жүзүн артка биз жакка буруп, оозун кош алаканы менен түтүктөп:

– Одерге жеттик! – деп, акырын гана угуза айтты.

Бул кабар күбүрөгөн үн менен айтылса да, Коптев экөөбүздүн контузия илдеттүү кулагыбызга радио рупорунан[1] Совинформбюро берип аткандай даана угулуп, муздак жамгырга ичиркенип, али да жакшылыктуу ойгоно элек, уйку-соонун арасында бараткан эсибизди дароо сергитти. Коптевди билбейм, менин көзүм умачтай ачылды: Одер!

[1] Рупор – үнду күчөтүү үчүн башын кеңейтип жасаган сурнай.

Одер! Одер деген Берлинден 55–60 км чыгышта, түштүктөн түндүктү, Балтика деңизин карай аккан Германиянын ири өзөндөрүнүн бири. Чын эле Одердин боюна келдикпи? Кудая тобо-о! Буга жетем деп ойлодум беле? Жетсем деп күсөгөм, самагам, Кудайдан тилегем, бирок жетээриме беш колумдай ишенген эмесмин. Кудай буюруптур, Одерди да көрөт экенмин деп, алды жагыма мойнумду созуп карасам, жаан аралаш кардын арасынан, атып келаткан таңдын шооласынын жарыгы жөө туманды гана көрсөттү. Токою жок, кичинекей ачыкка келип калыппыз. Бир аз алга жылгандан кийин, жолубуз, алдыбыздан туура кесип өткөн, чоң жолго барып кошулду. Эми биздин багытыбыз тупатуура түндүккө бет алды. Болжолу Одердин кашатына салынган жол болсо керек?..

Кардуу, жамгырдуу булутка кошул-ташыл жөө туман каптаса да, таң шooласы жер бетине күңүрт жарыгын түшүрүп, алдыбыздан токойдун томоосу көрүндү. Асфальты күзгүдөй мелтиреген чоң жолдо дүбүрттөгөн биздин табыштарды уктубу, же ачык жерде бараткан биздин караанбызды жөө тумандын арасынан байкадыбы, ким билсин, капыстан сол капталыбыздан, жакын эле жерден, буканын өкүрүгү менен төөнүн бакырыгын чогултуп бир чыгарган үнгө окшогон табыш чыкканда, жанымдагы Петро: «Кудай урду, немистин Ванюшасы экен» дегиче, биздин колоннанын артынан жарылган дүрмөттөр жерди солк эттирип бир уруп калчылдатты. Экинчи бир Ванюшанын дүрмөттөрү биздин алдыбыздагы жөө солдаттар колоннасынын алдына, болжол менен токойдун жээгине жарылгандай болду. Биз Цагарейшвилинин командасы боюнча, дароо асфальттан солго бурулуп, Одердин кашатындагы калың токойго кире качтык. Батальондун солдаттары ошол токойго кирип, биздин оң жагыбыздан орун алды!

Душмандын артиллериясы калың токойду аткылаган жок. Токойдо артиллерия анча натыйжа бербесин

немис бизден кем билбейт да. Биз эс-учубузду жыйып, жоокерлерди түгөлдөп кирсек, биздин көчтүн арткы чанасынын жанына жарылган экен, дүрмөт. Анын сыныктары менен артта атчан келаткан майор Камышан оор жарадар болуптур. Кулап түшкөн майорду, арткы чанадагы взвод командири солдаттары менен, чанасына салышып, бизди туурап токойго кире качышыптыр. Башкалардын баарысы аман, Кудай жалгап! Алдыбыздагы жөө солдаттардын арасында да чыгым бар окшойт. Ал кабар толук бизге жете элек.

Казат жолундагы таңкы таттуу куш уйку капыстан ушинтип бузулуп, сарсанаанын шамы жалп өчүп, согуштун чыркыраган бүгүнкү чындыгынын кейпи башыбызга кийилип, кейип-кепчип өкүнүп, жооктоп-боктоп, жарадар болгон майорду токойдогу жалгыз үйдүн айбанчасынын астына алып кирип, дивизион фельдшерине каратып, жараатын таңуулатып жатканда, оң капталыбыздан, чыгыш тарабыбыздан, жанагы биз таштаган асфальт жол жактан мөндүрдөй жаадырган автоматтардын, жеңил ок бүркүчтөрдүн токой ичин жаңырткан табыштары кулак-мээнди тундуруп жиберди. Жөө солдаттар дароо токой ичине тарап, урушаар позицияны ээлеп, душмандар тарапка алды утур колдо бар куралдарынын бардык түрүнөн ок чыгарышты. Биздин дивизион да жөө солдаттар сыяктуу эле коргонуу позицияны ээледик. Жүктөрүбүз токойдун тереңине, дарактардын далдасына жалгыз үйдүн артына жиберилди. Цагарейшвили баш болуп, анын дивизионунун бүтүндөй курамы, солдат дебей, офицер дебей – баарыбыз бирден карагай ээлеп, түбүнө жатып алып, колубуздагы куралдардан душманды карай ок жаадырып кирдик. Үстүмдөн чуу-чуу-чуу учкан октун табышы угулат. Бул табыш же артымда жатып атып аткан биздин жоокерлердин окторунукубу, же алды жактан душмандын куралынан чыккан октордукубу, ким билсин?! Алды жагымды карап, жакшы эле

мээлеп аткансыйм, бирок токой ичинде, дарактардын арасынан, анын үстүнө, тумандан каалаган бутаң көрүнбөйт. Баш көтөрүп байкоого мүмкүн эмес. Мындай учурда аркы-беркини, ак-караны ылгоо эсиңе келбей, өмүрүңдү колуңдагы автоматың гана алып калуучудай сезип, оң сөөмөйүң машаага матырылып карышып калат экен. Артык баш жүк катары оорсунуп, кийбей жүргөн касканын азабын азыр тарттым белем, чиркин! Деле түбү түгөнбөчүдөй созулган алааматка байыр ала калдымбы, (автоматым сөөмөйүм экөө, шайкеш иштеп атат), ким билет, бир оокумда эмнегедир оң жагымды карадым эле көзүмө капитан Коптев урунду. Менден беш метрче обочо бир карагайдын түбүндө ал да маа окшоп боортоктоп, автоматын бооруна басып, тыртылдатып атат. Жан кулактын учунда бул окшогон мезгилдин көз ирмем эле мөөнөтү түбү жок терең, учу жок узун түбөлүк сыяктуу өтпөй, бүтпөй, жаныңды жалынга эмес, чоктун табына шишкебек кылып чырылдатып, камаарабай бактап аткандай чексиз жай өтүп атты. Менимче мөөнөт өтпөй эле, кыстоо бутагына конуп, токтоп калгандай сезилет. Ушинтип, мен үчүн кылымга созулган алааматтын бир оокумунда биз тараптан бир нече оор окбүркүүч ажал себип кирди эле, токой ичи жаңырыкка толду. Ал тургай кар аралаш жамгырды, самсаалаган жөө туманды сыйкырдуу жел айдап жоготкондой сездим. Көзүм чайыттай ачылып, алды жагым алыстан бери даана көрүнүүдө. Дагы канча убакыт өткөнүн билбейм, бир мезгилде кулагыма: «Ур-р-ра-а!» угулганда обдулуп тура калып, алдымды карай чуркадым эле ар бир карагай түбүнө жан кирип, сөңгөктөрүнөн бирден ак жамынган жан мага окшоп жүгүрүшкөндө ураанын чуусу, автоматтардын, ок бүркүүчтөрдүн табышын басып, токой айкырыкка чыдабай жарылып кеткендей болду.

Жамгырга шөлбүрөгөн кар, тайыз болгону менен, тайгалак көп болуп, же октон, же кардан экени билинбей

жыгылып туруп, оңкочук атып, абажаарып баратабыз. Кыскасы кээ бирөөлөрдүн тумагы башынан ыргыса ага кылчайбай, айкырыгын токтотпой чуркоодо. Канча чуркаганыбызды ким билет, бир кезде алдыңкы катарда бараткан батальондун жоокерлеринин астын тосо душмандын аскерлери колдорун көтөрүп тура калды. Ошондо автоматтардын, ок бүрккүчтөрдүн табыштары токтоду. Аңгыча болбой, душмандардын артынан да ураалаган чуу угулду. Биздин дивизиондун жоокерлери да душмандын алдыңкы катарына жеткенде чуу басылды. Акыры, душмандын арт жагынан, кечиккен бир-эки автомат тррт-тррт деп жөн болду.

Каны кызып, жаны ачып калган кайсы бир биздин солдаттар командага дароо токтоно албай, душмандын кол көтөрүп селейген солдаттарын төпөштөп жиберүүгө да үлгүрүштү.

Жоо аскерлеринин артын түрүп келаткан, көрсө, биз такоолдогон жөө аскерлер полкунун экинчи батальону экен. Аны менен кошо биздин экинчи дивизиондун жоокерлери да, жөө согушуп келатыптыр.

Таң саардан бери созулган кыргын бүттү. Одердин чыгыш кашатында калың токойдогу кандуу кармашуулар Кызыл Армиянын жеңиши менен аяктады!

Колго түшкөн душман аскерлерин куралсыздандыруу башталды. Бул учурда биздин солдаттар тарабынан ээнбаштык кетпес үчүн, батальон командири бардык офицерлерди чогултуп, катуу көзөмөл болууну буюрду. Баарысы күжүрмөн устав боюнча болушун талап кылды. Баягы күнкү талоончулуктун кесепетинен мурунку дивизия, Армиянын командалоочусу тарабынан жаза алганын, бул дивизиянын командирлери эстерине жакшы туткан шекилдүү.

А деп, бу дегиче аткычтар полкунун командири штабы менен биздин полктун командири да штабы менен арабызга жетип келишти. Подполковник Иванов, ма-

йор Дурдыев, майор Несговоров, капитан Акопян жана башка биздин офицерлер баарыбыз менен кучакташып көрүшүп, аман калганыбызды куттукташты. Майор Камышандын оор жарадар болгонуна абдан кейишти.

Ошол замат колго түшкөн немистерди суракка алуу башталды. Алардын кебете- кешпирлери тири укмуштай. Жүдөшкөн, абдан чарчашкан, сакал-муруттары өскөн. Ичинде генералы, полковниктери, капитандары, башка офицерлери жүрөт.

Баарысынан наамы улук бир генералды аткычтар полкунун командири полковник кыска суракка алды, генералдын айтуусу боюнча бул колго түшкөндөр бир кошуундун жоокерлери эмес, ар-кошкондон чогулгандар экен. Познань шаарында салгылашууда кошуундары катуу кыргынга учурап, көбү өлүп, азы колго түшүп, бирин-серини качып токойлордо бекинип, жөө-жалаң жеңил курал менен түнкүсүн жортуп, күндүз корунуп келаткандарына бир жумадан ашыптыр. Акыры, бүгүн таң бүрүүлдө, жөө туманга жамынып, ушул токой аркылуу Одердин наркы өйүзүнө өтүп, өздөрүнүн колуна кошулмак экен. Биз каргаша болуптурбуз.

Бүгүнкү жоо менен беттешүүнү шашып-бушуп, кыскача талдап, полк жетекчилери биздин капитан Цагарейшвили менен батальон командири майордун уруш башкаруу чебердиктерине жогору баа беришти да, аларга командованиенин атынан алкыштарын айтып, мындан аркы уруш аракеттеринин планын кыскача жарыялашты. Капитан Цагарейшвилини алдыга салып, подполковник Иванов, майор Дурдыев, майор Несговоров жарадар болгон Камышан жаткан жалгыз үй тарапка басышты. Коптев, мен, Акопян үчөөбүз аларды ээрчидик. Цагарейшвили басып баратып, батарея жана взвод командирлерине, алар менен кошо Посоховго өлгөндөрдү, жарадар болгондорду тактап келүүнү буюрду. Уруш маалында кызуу менен канча чуркаганыбызды байкаган эмес элек,

азыр карасам, жалгыз үйдөн жарым километрче алыстап кетиптирбиз. Жакындап келатканда, айбанчада чебелектеп шашкан фельдшердин карааны көрүндү. Жакын калганда карасам, фельдшердин жанында кичине бала да жүрөт. Андан бир-эки мүнөт өтпөй, көздөгөн үйгө да жетип келдик. Айбанчанын үстүнө чыкканда улуу лейтенант фельдшер кан болгон колун көтөрүп, полк командирине честь берип, рапортун айтып келатканда Иванов колун шилтеп, жапыз тактада суналып, шымы жок жаткан майор Камышанды тиктеп туруп калды. Анын өңү купкуу, жумулган көзү чүңүрөйүп ичине кирип деткен. Тишин кычыратып, дем алган сайын онтойт. Тактанын жанында эмал капталган чоң чарада канга чыланган тайпынын, кебездин тоголоктошкон тыгындары жатат.

– Кай жеринен жарадар болуптур? Кайсы мүчөлөрүнө доо кетиптир? – подполковниктин бул суроолоруна улук лейтенант фельдшер адис катары так, таамай:

– Дүрмөттүн сыныгы табарсыгына тийип, чат органдарын аралап, бешинчи бел омурткасынын сол канатын талкалап чыгыптыр. Чат ичиндеги кайсы орган соо, кайсынысына доо кеткенин билбейм. Аны госпиталда тактабаса, азыр мүмкүн эмес. Жарааттан аккан кан сийдик жыттанат. Ошондон улам, табарсык жарылганбы деп ойлойм. Сол буту шал болуп калыптыр. Ага караганда куяң нервине да доо кеткен сыяктуу. Балким мен жаңылып жаткан чыгаармын, жолдош подполковник. Госпиталда аспаптардын жардамы менен тактайт. Майор Камышандын жарааты «оор жарадарлар» тобуна кирет. Дароо, токтоосуз госпиталга жеткириш керек, жолдош подполковник. Ансыз да бул жерде жарым сааттан ашык жатып калды. Көп кан жоготту! – деп, жооп берди. Иванов тактада жаткан Камышандын жанына жакын келип, эңкейип: «Майор, кантип атасың?» деди эле, тигил көзүн араң ачып, ары-бери аңтарып алаңдап атып

подполковникти таап, ээриндерин бүлкүлдөтүп, көзүн кайра жумду. Эмне сөз айтканын эч кимибиз укканыбыз жок. Полк командири эңкейген белин түзөтүп, какайып туруп: Кош, жолдош майор, куралдаш жоокер! Батыраак айыгып кет! – Цагарейшвилиге бурулуп, – госпиталга тез жеткириш керек. Менин машинем менен фельдшер өзүң жеткирип кел! Токойдон дароо чыккыла. Душман артиллериясы менен койгулакка алышы мүмкүн, – планшетин ачып, картасын карап, сөөмөйү менен көрсөтүп, – эмдиги жолугушуу мобу токойдо болот, – деп, планшетин жапты да, шыпылдап басып, үй жанына келип калган машинелерине барып, Несговоровдун «Виллисине» Дурдыев болуп үчөө батышып жөнөп кетишти. Алардан удаа Коптев экөөбүз Камышанды полк командиринин машинесине салып, фельдшерди узаттык.

Цагарейшвили дивизионду чогултуп, шашылыш түрдө бүт көчтү токойдон чыгарууга команда берип атып, жарым саатча созулган урушта 5 солдат, 1 взвод командири-лейтенант окко учканын, 3 солдат, 2 офицер, 2 батарея командири, 1 взвод командири оор, 6 жоокер жеңил жарадар болгонун тактап, асфальт жолго чыгаарыбыз менен оор жарадарларды аткычтар полкунун санитарлык ротасына өткөртүп, жеңил жарадар болгондорго жолдо баратып өзүбүздүн санитарлар жардам көрсөттү.

Биздин кетишибизди эле күтүп турган немеден бетер, же үлгүрүшү эле ошончо болдубу, же болбосо, өз аскерлери чыгат деп, күтүшкөнбү, ким билет, акыркы чанабыз токойдон чыгып келатканда душмандын биринчи замбирегинин дүрмөтү жалгыз үй ченге жарылды. Ага удаа тарсылдактар сабап, токойду тытып кирешти. Биз чыккан жол токойдун далдасында болгондуктан, биздин көчкө артчабуул залалын тийгизе алган жок.

Полк командири болжогон жол бурулушуна да жеттик. Ага дейре фельдшер да подполковниктин «Вилли-

си» менен жетип келип, биздин чанабыздын артында келаткан өзүнүкүнө отураардан мурда Цагарейшвилиге: «Камышанды госпиталга тирүү жетирип келгенине» рапорт берди. Анан аны Коптев экөөбүз өз чанасына отургузбай, ортобузга алып, жанагы бүткөн уруш жөнүндө анын пикирин билүү үчүн аңгеме курдук.

Уруш убагында фельдшер ага түздөн-түз катыша албай, жарадар майор менен алек болуп, биздин ооругубузда калгандыктан, уруштун жүрүшүн, бизге караганда кеңирирээк көргөнү белгилүү. Фельдшердин байкоосу боюнча, капыстан ок жаадырып, а дегенде душман батальондун жөө аскерлерин тарсылдакка алганда, кыйла жоокерди ок даарып жыкканда, биздин командирлер шашкан бойдон: «Жат!» деп, команда беришип, жоокерлерди дарактардын далдаларына жашынтып, душманга ок жаадыртып, капитан Цагарейшвили өзү жалгыз мөндүрдөй дабыраган октордун алдынан сойлоп чыгып, далдада турган чаналардагы станковый ок бүрккүчтөрдү, жуушап жаткан солдаттардын, офицерлердин арасына алдырып келет, ыңтайлуу ыктоо жерлерге орноштуруп, ок жаадырганда душмандын автоматтары сейректей баштаптыр.

Ошентип, кудай колдоп, уруштун шыгы биз жакка оой баштайт. Андан бир-эки мүнөт өтпөй, душмандын артынан ок бүрккүчтөрдүн токой жаңырткан дабыртын чыгарып, айгай салган биздин жоокерлердин үнү угулганда, биздин алдыбыздагы батальондун аскерлерин комбат ураалап, атакага көтөрөт. Ошону менен бар болгону жарым саат созулган уруш биздин жеңиш менен аяктайт.

– Сен өзүңө жардамчы кылып, кайдагы баланы таап алдың? – Коптев фельдшерден жанагы биз көргөн экинчи кичине караан жөнүндө сурады эле, улук лейтенант аны тактап:

– Ал эркек бала эмес, тестиер кыз – деди, – үйдүн ээсинин кызы экен. Үй токой кайтаруучунуку экен.

Силер баарыңар чуркап жөнөгөндө мен жарадарды таштай албай, анын агып аткан канын токтотуу үчүн, жараатты тазалоо үчүн суу-пуу, чүпөрөк-чапырак керек болуп, үйгө кирсем, бир караңгы бурчта калчылдап, бир карган кемпир экөө туруптур. Мени көрүп, коркуп колдорун көтөрүшүп: «Гитлер капут!» дешет. Мен колумду жаңсап: «Коркпогула, өлтүрбөйм, вассер керек… вассер браух»… деп, мектепте окугандарымдан эсте калган сөздөрүм менен сурадым эле, кыз чуркап барып, ашканасынан мискейдеги ысык сууну алып келип, бирдеме деп быдылдаганда мен, түшүнбөсөм да сууну көрүп, башымды ийкеп, сууга сөөмөйүмдү салсам, ысык экен, чочуп кетип, «вар…» деп, сөөмөйүмдү тартып алсам, кыз «варм?»[1] деп, үстөлдүн үстүнө мискейди коё коюп, чуркап барып, дагы бир идишти көтөрүп келип: «них варм!» деп сунганын карасам, муздак суу экен.

Шашып-бушуп эки сууну чабыштырып кирдим эле, кыз түшүндү окшойт: «Я, я… вашен, вашен…»[2] деп, чабыштырып жиберди. Акылдуу кыз экен, мен сууну жарадар үчүн керек кылаарымды түшүнүп, сөз күтпөстөн өзүнчө кам көрүп, чоң ак сүлгү да ала чыгыптыр. Мен майордун шымын шыпырып, кан болгон жерлерин жууп атканымда, уялып жаныма келбей, обочо туруп, бетин ала качып атты. Немис болгону менен абийирдүү тарбияланыптыр. Кан токтотуш үчүн улам жаңы тампон жасоо убарасы менен алек болуп атсам, мага жардамдашып, тампон жасап менин аракетимди кыйла жеңилдетти. Мен аны өлтүрбөй турганыма көзү жетти көрүнөт. Бара-бара батынып, үндөбөстөн менин кыймылымды кайталап, мага «ассистент» болуп алды. Мен анын, ал менин тилимди түшүнүшпөсөк да, көздөгөн максатыбыз, жасаган аракетибиз бир болуп аткандыктан, сөзү жок түшүнүп иштешип, Камышандын жанын алып калууга себепкер

[1] Varm – ысык деген сөз.
[2] Ооба, ооба, жууш…

болдук. Эгер мындай кысталыш учурда жардамчы болбой калса, каны чубурган оор жарадарды ажалдан куткаруу мүмкүн эмес эле, жолдош улук офицерлер! Душмандын кызы болсо да, анын мага кылган жакшылыгы үчүн алкышымды айтам! – деп, фельдшер бүгүнкү башынан өткөргөндөрдү кеңири айтып, аңгемесин аяктады.

Аңгыча темир жол станциясы да көрүндү. Ага жете бербей, сол жагында жаткан токой биз тамак ичип тыныга турган жер. Түнкү кар аралаш шыбыргак басылып, жөө туман өөдө көтөрүлүп, аба ырайы оңолуп келаткансыйт.

Кудая тобо-о! Мындан бар болгону бир эле саат мурда, ушул, азыркы болочокту көрөм деген үмүт бар беле? Эмнени!.. Үмүттү ойлоого да убакыт керек турбайбы?! Мына эми, бир ажалдуу бороондон өттүк. Эми ойлоого, талдоого убакыт келди. Бул убакытты менин тегерегимдеги жакын жолдошторум: капитан Коптев Петр Михайлович – начхим, капитан Цагарейшвили Зураб Андроникович – дивизион командири, старшина Посохов Кузьма Евсеевич – такачы инструктор, азырынча дивизион старшинасы, ефрейтор Миша – Мурат, начхимдин ат айдагычы мени менен кошо аман калган баарыбыз сезип, мага окшоп, ичибизден ар кимибиз билген кудайыбызга жалынып, ага алкышыбызды айтып келаткандырбыз. Өңгөнү билбесем да, Петро менен Мурат кудайга бекем ишенишээрин жакшы билем. Бекеринен демейдеги сөзмөр, күлдүргүч Коптев азыр, фельдшердин аңгемесинен кийин ичинен дымып аткан жок?.. Бул тирүүлүктүн жыргал убакытын биздин эле дивизиондон 6 жоокер көрбөй калды, майор Камышан баштап 6 жоокер алектен өтө албай жаны кыйналып жатат. Согуштун итчилиги ушу да: жанакы бар азыр жок.

Алда түбүң түшкүр согуштун машинесинин тез иштегени-ай!.. Жан тирилтүү машине ушундай тез иштесечи?.. Эмне үчүн Кудай буга мындай артыкчылык берип койду?

Согушта баарысы шайдоот: же бар, же жок – дароо чечилиш керек Кашаңдык утулушка барабар. Ыргылжыңдык, ыгы жок шектенүү – кашаңдыкты туудурат. Ошону менен бирге шашмалык, алаңгазарлык, алдыны-артты абайлабаган аңкоолук чийки чечимге алып келет: А чийкинин иши дайым чийки – оң натыйжа бербейт. Согуш жолу бычактын мизинен ичке: кылт этсең, же ары жагына, же бери жагына шылк этесиң. Ошондуктан, согушта ийгилик көбүнчө командириңдин жөндөмдүүлүгүнө байланыштуу. Кыргын кызып, кармашуу туу кырына чыкканын баамдай билген командир так ошол моментте жападан жалгыз туура чечим кабыл алса – ийгилик камсыз болду дей бер!.

Бул айтылгандар адилет экенин далилдеш үчүн алыс барбай, бүгүнкү эле урушту алалы. Капыстан, эми эле өзүбүз басып өткөн жол жактан, автоматтар, бизге карай ок жаадырганда, баарыбыз карбаластап, алапайыбызды таппай атканда, капитан Цагарейшвилинин командасы баарыбызга ориентир берип, кужүрмөн позицияны ээледик – бул бир. Анан карагайдын түбүнө жашынып, боортоктоп жатып алып, кээбиз мээлеп, көбүбүз мээлебей эле, башыбызды көтөрбөй эле ата бердик. Душмандарга биздин октор жеттиби, же жеткен жокпу аны менен ишибиз жок, биз атканды гана билдик. Бул мезгил канча созулду, муну ким билди? Бир оокумда комдивизон мөндүрдөй жааган окторду аралап, чанааларда калган оор ок бүркүүчтөрдү алдырып келип, мелчемдүү жерлерге орноттуруп, туш-туштан урдурду эле, душмандын ок мөндүрү сейректей түштү – бул эки. Ушундан удаа эле комбат: ураалап ордунан тура калганда – баарыбыз көтөрүлүп, абажаарып жөнөгөндө, душман чыдай албай, колун көтөрдү – бул үч. Ошентип, биздин дивизион командири капитан Цагарейшвили менен аткычтар батальонунун командири майор – экөөнүн командирлик таланттарынын шарапаты менен көп кан төкпөй жеңиш-

ке жеттик. Болбосо, бир жумадан ашык азап-тозоктун отун кечип, арып чарчаган, баарына кайыл, жан кечти болгон душман тура калып чуркаса эмне болот эле? Өлгөндөн калгандары бизди аралап, тебелеп, тепсеп өтүп кетиши ыктымал эле. Же болбосо кырды бычак болуп кармашып, алар да, биз да кырылмакпыз. Кайдагы бир Одер боюндагы токойдо жуушап жатмакпыз.

Астагфирулла! Кудай чоң сактаган экен бизди. Биздин көбүбүз аман калууга себепкер болгон командирлерге алкышыбызды айтышыбыз керек! Азаматсың, миң жаша Зураб Андроникович! Сен улуу Сталин менен улутташ болууга татыйсың!

Баракелди өзүңө! Баракелди улутуңа!

Ошентип, Европанын чоң дайраларынын бири болгон Одердин боюна келгендеги биринчи алааматта жоо менен беттешүүдө жеңишке ээ, жүзүбүз жарык, денибиз сак, жаныбыз аман калганын белгилеп, темир жол менен жарыша өткөн асфальт жолдун боюнда, кичинекей станциянын жанындагы чакан токойдун ичинде бүгүнкү күндүн биринчи насибин татууга токтодук. Биздин авто унаалуу жарымыбыз жана полктун штабы бүткүл майда бөлүкчөлөрү менен бирге бизден мурда келишип, токойдон орун алышып, бизге да жер тандап коюшуптур.

Дивизион кандай шартка, абалга туш келбесин, өз убагында анын өздүк курамын тоюнтуп туруу старшина Посоховдун милдети. Жети жылдан бери жер безип, талаа шартына дасыган эргул, бул милдетин бул сапар да колунан келишинче камчы салдырбай, абийири менен аткарып келатат. Дивизион үчүн жаңы кызматкер болуп, акыркы чабуулдан бери гана иштеп келатса да, анын командири ак көңүл, бирок, бардык грузиндердей эле, териси жука, кыялы чыртылдак капитан Цагарейшвилинин да тилин таап алган Кузьма, биз токтоорубуз менен «дасторконун» жайнатты. Түндө бир

бүргердин чарбасын басып өттүк эле, Посохов эргул куру өтпөй, азыгынын корун жаңыртып, толуктап алган экен, сүт эмген торопойдун этин чоң мистабакка салып келди. Мен, чочко этин жебесимди билген кургурум, мени да унутпаптыр. Сорпого бышкан бир чоң тоокту менин алдыма коюп жатып:

– Кечирим сурайм Сизден, жолдош начальник, бөтөн казан болбогондуктан, торопой менен бир кайнап бышты. Бөлөк даярдоого шарт жогун Сиздин Аллаңыз көрүп турган чыгаар, күнөөңүздү кечирээр? – деди. Мен эмне дээримди билбей ыңтайсыз абалда калып, «жейин» десем, торопойдун атын уккан соң, жүрөгүм жипкирип «жебейин» десем, өзөгүм ач, анын үстүнө, эттен чыккан булоо каңылжаарымды аралап, оозума шилекейим толуп жутуп атсам, жанымдагы капитан Коптев, торопойдун күңжилигин оң колу менен оозума жакындатып келатып, мага жүзүн буруп:

– Кудай кечирет, доктор, жей бер! – мени тамашалап, бирок чын нээти менен айтканда, мен ага теригип:

– Петро, мен сени чыныгы досум экен десем, сен мага кас турбайсыңбы? Эмне үчүн мени күнөөкөрлүккө түртөсүң? Дос доско арамдыкты каалаш керек эмес! – дедим. Менин нааразылык сөздөрүмдү уккан Цагарейшвили, жеп аткан этин жерге коё коюп:

– Силер, орустар, кызык элсиңер! – Коптевге бурулуп, – улууң деле, кичүүң деле бардык башка элди, улуттарды өзүңөрдүн жүрүш-туруш өлчөмүңөр менен өлчөйсүңөр. Ар улуттун өзүнчө үрп-адаты, ырым-жырымы, каада-салты, ыйык туткан, жек көргөн нерселери бар экенин, кала берсе, силердикинен башка дини бар экенин билсеңер да, этибар алып баа бербейсиңер. Силердин оюңар боюнча баарысы силердикиндей болуш керек?! Силердики эле туура, башкалардыкы туура эмес. Силердин кудайыңардыкы эле чын, башкалардыкы жалган деп ойлосоңор керек? – деп, Коптевди жемеледи.

– Кудай урсун жамандык ойлосом, болоор-болбос ырым-жырымга ишенип, жакшы тамактан куру калбаса экен досум деген эле жазыгым.

– Арам, адал деген ырым-жырым эмес, ислам дининин мусулмандары милдеттүү түрдө аткара турган шерти. Чочко эти арам деп шариятта айтылган,– дедим.

– Сага Посохов чочко этин бердиби?

– Жок, чочконун сорпосуна бышкан тооктун этин берди.

– Анда эмне үчүн мага таарынасың, доктор? Мен: «Кудай кечирет, жей бер»– деп, тооктун этин айткамын да. Буга сенин таарына турган жөнүң жок, а жолдош комдивизион – Цагарейшвилиге бурулуп,– аны сиз саясатка айландырууга эч кандай кыйкым жок,– Петро сөз кыязын тамашага айлантканда, мен да ичимден жылып, буга жооп кайтарайын деп нээттендим эле, аңгычакты Посохов:

– Жолдош начальник, казат жолунда, салгылашуу шартта, көпчүлүк кымгуутта Сизге жекече тамак бышырууга мүмкүнчүлүгүм болбогондугум үчүн мен күнөөлүүмүн. Эгерде чын эле кудай бар болсо, Сиз үчүн кудайыңыздын алдында мен күнөөлү болоюн. Мен ушул отурган офицерлердин алдында убадамды берейин – дегенде, старшинага ичи-боорум эзилип аны аяп:

– Кузьма, сенин далалатыңды көрүп турам, мүмкүндүгүң жоктугуна кантип ишенбейин, ишенем! Мында сенин эч күнөөң жок. Бул эбегейсиз чоң кандуу майданда кармашып аткан миллиондордун арасында жалгыз мусулман мен эле бекемин?! Ар бир мусулман өзүнчө талап кылып отурса, иш ордунан жылабы «Улугуң сокур болсо, көзүңдү жум, каапыр болсо, амирин тут» деген, мусулман эрежеси бар дешет. Эгер андай болсо, мен көпчүлүктөн сороюп бөлүнбөй, баарысы менен бирдей болушум керек! – деп, жээримди анчейин шариятка тууралап акчыланып, чаргытпастан, көбүнчө жүрөгүмдүн

жипкиргенин кетирүүгө өзүмдү өзүм ишендирүү үчүн, болбогон кыйла сөздөрдү айттым окшойт.

– Ар улуттун ыйык туткан нерсесин калжыңга алып, шылдыңга айлантуудан сак болуш керек, жолдош капитан. Советтик Кызыл Армиянын курамы чылгый эле орустардан эмес – деп, Цагарейшвили Коптевди дагы бир эскертип, мага бурулуп,– доктор, сен да кыздан бетер ыргычтабай, казат жолунда Кудай кандай насип буюрса, ошону татыш керек. Сенин шыбагаңа тооктун зооту буюруптур, көрбөйсүңбү, күрптүн мекиянынан кем эмес. Оозуңдун салуусу бар экен! А кокус карган корооз туш келсе кантет элең?..

– Анан калса, майлуу сорподо эзиле бышыптыр – комдивизиондун сөзүн сүрөп, Коптев менин кабырылган кардымдын зилин ого бетер оргучтатып, – көрчү, оозуңа жетээри менен эриген турат! Сак бол доктор, тилиңди кошо жутуп жибербе! – Тооктун оң канатын жулуп алып, майын чубуртуп оозума жакындатканда, чынында эле чыдап тура албай, маңдай тиштерим менен аткып алдым... Андан аркысы өзүнөн өзү жутула берди дечи!

Болоор-болбостон чыккан бул улут аралык майда араздашууну арабыздан биротоло сүрүп таштоо үчүн наркомдун жүз граммы менен суу сепкендей өчүрдүк.

Арак деген немени мурдагыдай чүмчүлөтүп жүз граммдан ашырбай ичмей калган. Азыр ал иттин кара капталынан. Каалаганыңча иче бер. Анткен менен арабызда ага шыктуулардын, азыр бирөө да жок. Мисалы, начфиндин жок дегенде түбөлүк жаткан жери да жок, Камышан байкуштун арак эсине келмек тургай, жаны менен алек болууда. Деги азыр тирүү болгой эле. Биз майор Камышандын батыраак сакайышы үчүн бир тост, начфиндин жаны тигил дүйнөдөн жай табышы үчүн дагы бир тост көтөрүп, нормадан саал ашыгыраак кеттик. Түнкү шөлбүрөңдүн чучук тоңдурган суугу таңкы мөндүрдүн жанды шаштырган дабырты денебизди кайыктырып

таштаган бейм, ашык ичсек да араӊ жибидик. Азыркы эле алааматтан аман калганыбызды бири бирибизге сүйүнчүлөп, бирибиздин башыбызды бирибиз куттуктап, өлгөндөргө өкүнүп, жарадар болгондорго жаныбыз кейип, батыраак сакаюуларын кудайдан тилеп жатып, душмандар жөнүндө да кеп козгодук.

Токойдогу жалгыз үйдүн кол-арага жараган чоӊ бүлөөлөрү качып, же бизден коркуп бекинип калышы закон ченемдүү иш. Өлөсөөлүү кемпир менен тестиер кыздын караӊгы бурчка камалып, калтырап турушу да касташуу, жоолашуу деген түшүнүккө ылайык. Бирок ошол эле душман кызды Кызыл Армиянын фельдшери жардамга чакырса, жарадар адамды көргөндөн кийин, анын жанын алып калууга фельдшер жасаган аракеттерге кошулуп жанын сабап бирге иштеши душмандык көз караш боюнча, законченемдүүлүккө коошпой атат. Эмне үчүн андай? Буга жооп табыш үчүн убакыт да, билим да, акыл да көп керек окшобойбу? А бизде азыр аларды изилдөөгө, талдоого убакыт жок. Билим да тайкы, акыл да жетишпейт. Атаганат ушундай учурларда Дорфман, тиги келесоо майордун жанында болбой, менин жанымда болсочу? Экөөлөп ойлонуп, бир корутундуга келет белек?.. Ал көп тарыхты окуган, көптөгөн согуштардын төркүндөрүн талдап көргөн иликтөөчү ойчул киши!..

Азыркы менин жанымдагылар, мен аларды жамандап таарынтайын деген нээтим жок, бирок ал ишке жарай алышпайт. Маселен капитан Цагарейшвилини айталы. Ал аяктай ташка амал менен жашынып, алмадай бутаны алыстан жазбай ыргыта ата алат жана баарыбызга үйрөтө алат. Дагы, көптөн бери өз улутунан четте, бөтөн чөйрөлөрдө аскер кызматын өтөп жүрүп, улуттук өзгөчөлүк деген далай урчукка капталы урунуп кабыргасы майышкан, жоор жерлерин далай өйкөтүп, чорго айланткан эргул, улут аралык ымыла түзүүнү элдештирүүнү сонун билет, бирок ой чаргытууга жок.

А капитан Коптев адабиятты баарыбыздан көп окуган, көшөкөрлүккө итиркейи келген, кыянаттыкты жек көргөн, чынчыл, ак ниет, моноэтнос[1] чөйрөсүндө гана өсүп, орус улутунун маданий салтында гана тарбиялангандыктан, бардык нерселерди орус өлчөмү менен гана өлчөгөн кыйла зээндүү адам. Ошондуктан бул да, тигил да маселени бардык жактан талдап, ийине жеткире албайт. Ал эми старшина Посохов болсо, чала сабаттуу, ак көңүл байкуш. Анын такалаган атынын туягы карап эле тургудай, көрк жагынан, кытай кадаган чыны-чайнектерди жолдо калтырат. Кургурумдун усталыгында калет жок, бирок билими төмөн, көп жылы солдатта жүрүп, салдафон болуп калган.

Ошентип бүгүнкү күжүрмөн ийгилигибизди белгилеп, бүгүнкү жарыкты аман-эсен көргөнүбүзгө кубанып, жолказанга бышкан ашка кеңири тоюп, полк командири берген эки саат тыным мөөнөтүн пайдалуу аракеттер менен өткөрүү үчүн, ар кимибиз күндөлүк ишибизге кириштик. Мен адатымча старшина Посоховду, дивизион ветсанитары улук сержант Смурыгинди ээрчитип алып, бүт дивизондун унаасынын күжүрмөндүк абалын текшерип, тиешелүү жардамдарды жасап, өз чанама келсем, Мурат аттарына жембаштык илип коюп, начальниги Коптевди ээрчип, станцияга кетиптир.

Деле айланада, тиги Одердин аркы өйүзүндө бирин-серин замбиректин, ок бүрккүчтөрдүн алыскы табыштары эле болбосо, шектүү шыбыш жок. Биз келген жол бош эмес. Тынымсыз чубап өтүп аткан жоокерлер. Күн горизонттон аркан бою көтөрүлүп, чайыттай ачык. Жамгыр менен жерге тапталып калган кардын кыртышы күнгө жалтырап чагылууда. Бош убактарын бекерге кетирбеген солдаттар, карды тойгондон кийин, өз эркинче аракеттеринде байкасам, бир тобу станцияга чубап баратышат. Мен да алардын артынан, сонундукка басып отуруп 2–3

[1] Моноэтнос – жалгыз улут.

мүнөттө темиржолдон өтүп, көчөнүн башына кабылдым. Бурчта эшиги бери караган эки кабат чоң үй турат. Эшигинин үстүндө жазы калайда бадырайта жазылган «Bierhalle»[1] көрнөк турат. Семиз тооктун этин жеп суусап турган жаным, ыс-мыска келбей кирип барсам, чоң каалганын оң жагында кашаанын ичинде пиво сатып атыптыр. Кашааны тегеректеген бир нече эркек. Баарысы жашап калган, ак-ала, көк-ала чач немистер. Арасында биздин аскерлерден көрүнбөйт. А дегенде «кайда жалгыз кирип калгамын» деп, ичимен кооптонуп, бирок сыр билгизбей: «Gutten Morgen»[2] десем, баарысы абажаарып менин сөзүмдү кайталашып амандашты. Аңгыча кашаанын ичиндеги ак халатчан сатуучу чоң айнек кружкага көбүртүп-жабыртып пиво сунду. Тегеректеп тургандар «ичиңиз, ичиңиз» деген ишаарат кылып, «Trinken, trinken»[3] өтүнгөнүнөн, мен тартынып туруп алсам, менин жанымда турган бир карыя кружканы ала коюп, тартып жиберип, мага көзүн кыбыңдатып, «мынакей, коркпо уу эмес!» дегенсип немисче бирдемелерди айтты. Ууланбаганына ишенип, «чын эле жагынуу үчүн сыйлап аткан экен» деген ойго келип, кружканы алып шимирип атып, пиво сатуучуну кружканын төбөсүнөн карасам, анын артында күзгү илинип туруптур, андан экинчи кабаттан ылдый түшүүчү эки чети тосмолуу таш тепкич көрүнүп турат. Болжол менен пивону кружканын капортосуна түшүрүп келаткан ченде тепкич ылдый дардайган бир куба-көк шинельчен, ак кайышпортупей курчанган офицер түшүп келатат. Күтпөгөн коркунучтан, көзүм ымыр-чымыр боло түштү, жутуп аткан пивом кулкунума кептелип, демим кыстыгып, айлам кетип, оң чөнтөгүмдөгү тапанчалуу колумду сырткa чыгаруу оюма чагылгандай жарк дей түшүп, камынгыча болбой, анын

[1] Пивокана.
[2] Кайырлуу таңыңар менен.
[3] Ичиңиз, ичиңиз.

эки колу өөдө көтөрүлүп, алакандары ачык тапанчанын чынжыр боосу, портупейге илинген кабынан саландап келатканы көзүмө учурады. Менин өңүмдүн бузулуп кеткенин байкашкан окшойт, жанымдагылар: «Schissen nicht! Nein, nein nicht schissen, her Offizier! Nicht Angst»[1] деп, чебеленип жиберишти. Мен коркконумду билдирбөөгө тырышып, немистин үстүндөгү форманын аскерлериникинен бөтөнчөлүгүн байкап, кинолордон көргөндөрүм эсиме түшүп, ичимден кайраттанып: «Sind Sie Polizei»[2] деп сурасам, тиги неме эки колун көтөргөн бойдон «Ja, ja, ich bin Polizei»[3] дегенде, берки мени тегеректеп турган карыялар ага кошулуп: «Ja, ja er ist Polizei, aber gut, gut Polizei»[4] деп чуркурашты. Тигини баарысы колдоорун түшүнүп, жоо көзүнө салмактуу көрүнүүгө тырышып: «Mit gehen, du bist Gefangene»[5] дедим да, тапанчалуу колум менен эшик жакты жаңсап, компоюп койдум.

Ошенткеним менен пивокананын ичиндеги топ немистин арасында мен жалгыз. Сыртта жортуп жүргөн солдаттардан, жок дегенде, бирөө кирип койсочу! Каран калгырлар, кайда житип жоголгон? Кылычтын мизиндеги мындай учурда душман арасында жалгыз калыш, айтканга оңой, бирок ал абалды эч кимге каалабас элем! Айлам кетип, сийдигим булут айланып, жаным төрт чарчы болуп, эшикке жетүүгө эки көзүм төрт! Ошол эле учурда сыр алдырбасым керек. Кокус менин коркуп атканымды тигилер туюнса, мертинтип коюу текейден арзан. Аркамда турган бирөө төбөгө бир салып, подвалга ыргытып жиберишсе, ким көрмөк ким сурамак, ким издемек?

---

[1] Атпайт! Жок, жок, атпайт, мырза офицер! Коркпоңуз!
[2] Сиз полицейскийсизби?
[3] Ооба, ооба мен полицейскиймин.
[4] Ооба, ооба бул полицейский, бирок жакшы полицейский.
[5] Бас мени менен, сен булаанга түштүң! Туткунга түштүң!

Мындай абалда «коркпоо керек» деп айта албайм. Анткени коркпоско мүмкүн эмес. Колдон келсе, эс акылдан танбай, корккonuңду кайратың менен басышың керек. Кайрат ушундай учурда абдан керек экен. Ички абалымды жашырып, сыртым ого бетер компоюп, эшикти карай басканымда, тегерегимдегилердин баарысы жарылып жол берди. Бирөөлөр шашкалактап, калдайган оор каалганы ийиндери менен түртүп ачып жибергенде бетиме муздак жел урду эле, суу сепкендей сергий түштүм. Ага кошумча сырттын жарыгы көзүмдү умачтай ачты. Көчөдө ары-бери өткөн аскерлердин карааны көрүнгөндө, денеме кубат кирип, кайратым күчөп, жөн эле баатыр болуп калдым. Ал эми, эшиктен биринчи болуп куралдуу немис полицайы чыкканда, кайдыгер өтүп аткан аскерлер токтой калып, куралдарын азырлап, бери басышканда, менин денемден коркунучтуу белгилери бүт жоголуп, полицайдын артынан тапанча менен тап берип, кадимки эле өзүм колго түшүргөн немелерче манчыркап чыгып келгенимде, тиги куралын азырлаткан аскерлер мени көрүп, кайрадан кайдыгер мамиле кылып, өз жолдоруна түштү. Азыркы учурда советтик жоокер алдына жалгыз эмес, бир нече душман аскерлерин салып айдоо таңсык болбой калган.

Ошентип, күтпөгөн жерден туткундуу болуп, өзүмдүн кошуунумду көздөй жөнөп, темир жолдон өтүп баратканда, биздин бөлүктүн үстүнөн эки самолёт ок бүрккүчтөрүн дабыратып кудуп учуп жаткандарын көрдүм. Бирөө кудуп барып, бир далай дабыратып аткылап, кайкып өөдө көтөрүлүп, кайрылып келатып, ачык жерде келаткан бизди көрдү да, бери карай кудуп, ок жаадырды эле, мен өзүмдөн он кадамча алыс, темиржол боюндагы пакгауздун[1] бурчуна чуркап жетүүгө, анын бурчуна жашынууга араң үлгүрдүм. Туткунум мен таштаган жерде турат, далдайып. Ангыча учкуч самолётуң

[1] Пакгауз – темир жол кампасы.

буруп, пакгауздун мен жашынган ачык бурчун карай ажал бүркүп жөнөдү. «Чу-чу-чуп» эткен октор жанымдан өтүп, ташка, темирге тийип чыркырайт. Тамдын бурчунун кырын канча айланганымды билбейм, учкуч мени атайын бута кылды белем, улам кайра бурулуп аткылап, төбө чачымды тик тургузду. Там боорунан кирип кетүүгө жарака таба албай заманым куурулду, учкучтун окбүрккүчүнүн табышын укбай эле, жанымдан чуулдап өтүп аткан октордун табышы кулагымды тундурууда. Эки көзүм чакчайып самолётто, эки колум тамдын боорун кучактоодо, эки бутум, самолет кайрылгыча денемди бурчтун далдасына өткөрүп турууга араң үлгүрөт. Шайтан немис учкуч менде атайын өчү бар немече «мышыкка оюн, чычканга өлүм» кылып алды. Огу түгөнгүчө ойноду окшойт, атаңдын оозун урайын! Бир кезде, кайрылбай, батышты карай, Одердин ары жагына, токойдон ары житип жоголду. Анын караанын үзүлгүчө там кучактап, жабышкан бойдон көзүмдү айырбай тиктеп тура берипмин.

Айлана тынчый калганда эс-акылым жайына келип тегерегимди карасам, темир жолдун боюнда баягы менин туткунум турат, далдайып. Ага учкучтун октору тийбептир. Мундиринен тааныса керек? Эми эле өз башымдан өткөн тозоктон муундарым шалкылдап, бутум башыма баш ийбей, каалаган жеримди баса албай тамтаңдап, анын жанына араң жеттим. Баратып, самолёттон корккonuman олжомду таштай качканыма ызам кейип, кокус тигинден шылдыңдын кыпындай эле шегин байкасам, дароо атып таштамак болдум эле, бирок жанына келсем, ал неме эгиндин четине сайып койгон карачкыдай катып калыптыр. Жанынан ким өтүп бараткaны менен иши жок, сезип койбойт. Мени көргөндөн кийин бир оокумда жан кирип, көзү жашылданып, селейип калган колдорун сербеңдетип ээсин көргөн иттей, жалоорудy. Анын кейпин көрүп, атып таштоо эсимден чыгып, кайра боорум

ооруду. Биздин жаныбыздан өтүп бараткан солдаттардын колтуктары, жону талап алган буюмдардан бош эмес. Канча тыюу салганың менен коюучудай көрүнбөйт. Бир бузулгандан кийин кайра оңолуу оңой болбосо керек? Дагы жакшы баягы күнкү катуу эскерүүдөн кийин жөнү жок эле өрттөй бербей калышты.

Шашкандыгымдан, корккондугумдан полицайды куралсыздандырууну унутуп калганым эми портупейин көргөндө, эсиме түштү. Ал эсине келе элек кезинде дароо портупейин чечип алып, шинелин шөлбүрөтүп, mit gehen деп алдыма айдап, жолго түштүм. Жаныбыздан өткөн солдаттар бизге көңүл буруп да коюшпайт. Баарысы кызуу, ооздору ар түрдүү калжың сөздөр менен алек, колдору олжолоп алган буюмдардан бош эмес. Көп узабай асфальт жолго жеттик, менин багыма, кудай жалгап, оорукту карай туткундарды айдап бараткан колонна так тушума, кезиксе болобу? Дароо колоннанын начальнигине туткунумдун жайын айтып тапшырып, колум бошоду.

Ошентип семиз тооктун этине суусаган денемдин суусунун жандыруу үчүн бир кружка пиво ичемин деп кабылган калабадан кудай колдоп, аман чыкканымды ушул күнгө дейре унутпайм. Албетте, көп жылдык кандуу согушта жан кулактын учуна чыккан бул окшогон, мындан да далай оор окуялар деле болду дечи. Кудай ажал жибербесе, өзүң боюңа сергек болсоң, калтаарууңду кайратың менен баса билсең, далай тири укмуштуу окуялар тирүүлүктө башыңдан өтө берет турбайбы!

Асфальт жолдон өтүп, токойдогу кошуунума келсем, алар жолго чыгууга камынып калыптыр. Коптев менин кечиккениме кабатыр болуп, ар кимден сурамжылап, эки автоматчан солдат алып станциядан издөөгө аттарынын башын Мишага жаңы эле бурдуруп аткан экен. Мени көрө коюп сүйүнгөнүн жашыра албай орустун адатынча сөгүнүп да жиберди... «кокус, немистерден кайын күтүп,

үйлөнгөн жоксуңбу? Же кызык оюн көрсөтүп атыптырбы, кайда жүрдүң ушуга дейре көрүнбөй»? дегенде мен башымдан өткөргөн окуянын чоо-жайын айтып: «чын дос болсоң, ошондой кырдаалда жанымда болбойт белең» деп, аны уяткарсам, ал менин жүйөлүү сөздөрүмө башын ийип: мен сен жөнүндө кам санабай, санаам тынч болгондуктан, бардык тынымдарда эс-дартымдын баарысы өзүмдүн славян туугандарым жаман адатын карматпагай эле деп, солдаттардын алдын торгой чуркап убара болуп жүрбөймүнбү, досум. Өзүң айткандай талоончулукту бардык солдат жасаган менен, жаманаттыга орус калкы калып атпайбы, досум! Ал эми урушта, кагылышта качан сени жалгыз таштадым эле, кудайды карап сүйлө, дос»! – деп, ич күптүсүн чыгарып алды. Мен да ак сөзү, ак ниети үчүн ага ыраазы болдум...

Көчүбүз жылды. Азыр алдыда пехота, анан ат унаалуулар: дивизиянын артполку, биздин дивизион. Бизден кийин авто унаачандар: биздин полктун штабы, экинчи дивизион. Бизден башка куралдуу күчтөрдүн көчтөрү канча дейсиң? Одердин оң жээгин бойлото салган асфальт экен. Түндөгү кар аралаш жамгырга кошо, бүгүнкү асмандан тийген күн жолду шалбыратып кирди. Жөө солдаттардын бутуна кирип, өтүктөрү шолкулдайт, жүк тарткан аттар чаналарын жол жээгиндеги чалмакей болгон суу кардын үстү менен оор тартып, кары жок, бети тоборсуган асфальт кезикkенде тизгинин бирөө тарткан немече тык тура калышып, булкушканда чананын таманынан чыккан оттор артка бүркүлүп чыркырайт. А сол жагыбыздагы токойдун ары жагынан, Одердин аркы өйүзүнөн бараткан алды жагыбыздан заңкылдаган артиллериянын, тыртылдаган ок бүркүчтөрдүн табыштары кулагыбызга даана угулууда. Замбиректердин, мина бүрккүчтөрдүн дүрмөттөрү жарылгандагы табыштары токойдун дайра жак четине жакын эле бир жерлерден чыгууда. Мээлеп атууга топ-топ  токой жолто болуп

атабы, билбейм? Жолдун таманына жеткен дүрмөттөр азырынча жок. Асманыбыз ала булут. Анда-санда самолёттордун карааны көрүнүүдө, көбүнчө биздикилер.

Жанагы эртең мененки бомбулоо, аткылоого дуушар болгодон кийин, асманга сак болбосок, коркунуч көбүнчө ошол жактан болчудай. Акыркы самолёттон аткылоодо Коптевдин айтуусу боюнча, кудай жалгап, токойдо турган биздин жоокерлер аман калыптыр, а жолдо өтүп бараткан жөө жоокерлерден кыйла чыгым болуптур. Көбү жеңил жарадар дейт. Токойго кире качышпаса, эки самолёт каршы-терши чабыттап, ойкуп-кайкып учуп жүрүшүп, эки ок бүрккүч менен далай кылгылыкты кылышмак экен, иттер, Алардын итчилигин мен жон терим менен сездим го!!! Кудай тири пендеге бергилик кылбасын!

Ошентип, жаңы окуянын бүлүктөрүн кеп салып, акыл калчоого алып, кээде бут талыганда чана үстүнө, кээде аттар чарчаганда жөө басып, жолду да бир кыйла арбытып, күндү да түшкө жеткирип, баштан өткөндөрдүн кээ бир тетиктерин унуткарып бараткан кезибиз эле, бир оокумда дарактын, башын сыдырып жапыз учкан самолёттордун табышын даана уккуча, өздөрүн даана көргүчө болбой, жылт этип, кайра көздөн кайым жоголуп, бомбулары асманга баткак чачыратып бак-бак жарылды. Топурактардын бүркүндүлөрү жерге түшүп болгуча, тыртылдаган ок бүрккүчтөрүнүн табыштары токойду жаңыртты. Биз жолдон жабыла туш-тушка качып, карагайлардын түптөрүнө чаналарыбыз, аттарыбыз менен кошо жашындык. Учкучтар улам үстүбүзгө кайталап учуп, ачык жерлерде, жол таманында качууга үлгүрө албай калгандарды калбыр кылып, асфальтка мык каккандай тыкы-тык, тыкы-тык, тыкы-тык ок жаадырышып кумарлары канышты белем! Биз жерден жооп кайтарууга үлгүрө албадык, анын үстүнө, атайын ага каршы куралыбыз да жок эле. Айла жок, дарактар-

дын түптөрүнөн чалырайып, асманды карап, тиги эки кузгундун кылыктарына күйүп-бышып аттык. Булар немистердин кыргынчы-бомбулоочу «Фокке Вульф» маркасындагы самолёттор экен. Үстүбүздөн көпкө айлангандыктан, аларга үйүр болуп, номерлерин да билип алдык. Кээ бир солдаттарыбыз кыжырланып ок чыгара башташты! Уруштун ар ыкмасына баштары бышкан эргулдар, мылтыктын огу менен деле самолётторду атып түшүрүүгө болот деген кабарларды гезиттерден окушса керек... Же октору түгөндүбү, же астыдан шатыраган октордон сестеништиби, ким билет, биздикилер болгон куралдын баарысынан, ал тургай автоматтан өөдө жапырт ок чыгарып киргенде жоголушту. Бирок биздин кыныгыбызды алган окшойт, бир саатка жетпей, баягы экөө дагы келип бомбулап, аткылап кетишти. Деле улам келип жадатып жиберишти эле, бир кезде Цагарейшвили бүт дивизионго буйрук кылып, чаналардын үстүнө жыгачтан ноочо жасатып, станковый ок бүркүчтөрдү орноттуруп, зенитный ок бүркүчтөргө айландырып, асманды шыкаалаттырып салды. Тигил экөөнүн кийинки кезектеги учуп келиши аларга каалагандай натыйжа бербеди өңдөнду. Бомбуларын шашып-бушуп таштап, бир-эки сапар гана аткылап жоголушту.

Биздин көчтү таанып алган, маршрутубузду эсептеп тактап алган шумпайлар болсо керек, анын үстүнө айродрому да бизге жакынбы, айтор, керээли кечке жаныбызды тындырбай эсибизди оодарышты. Булардын былыгүнөн кыйла зыянга учурадык: 4 солдатыбыз өлдү, 7 солдат, 2 улук сержант, 1 офицер, 2 ат жарадар болушту.

Күн уясына жакындап калганда, эми келбестир тигил кузгундар деп, ойлошсо керек жогорку командирлер, бир саат тыным жарыялап калышты. Аттарды чанадан чечип жем берип тыныктыруу үчүн токойго алып кирип, жем илип, өзүбүз адатыбызча талаа дасторкону плащпалаткаларды жайып тамактанууга кириштик. Керээли

кечке ала шалбырт жол азабын, асмандан жааган ок азабын тарткан жоокерлер жаңы эле чечилип жай алып, «наркомдун насибин» жутуп жиберип, чекелери нымышып келатканда, майлуу тамак кызыл өңгөчтөрүнөн кылк өтүп, карындарын жибитип, денелерин жылытып келе жатканда, күн коштошуп уясына кылкылдап : батып бара жатканда, так ошол уя жактан капыстан бир самолёт чыга калып жол бойлой учуп, ок чубуртуп өттү. Ал эки бомбу таштады. Экөө тең күветке түштү. Карасам баягы эки шумпайдын бирөө. Аңгыча болбой, токой ичин жаңыртып автоматтар, ок бүрккүчтөр, деле жеңил куралдардын баарысы ок жаадырып самолётту кароолго алдык. Чала ичилген тамак тепсендиде калды.

Жолдогу биздин жүктөргө дагы бир сапар самолёт кудуп келатып далдаңдай түшүп, ок чыгара албай, кыйраңдап үстүбүздөн кайып учуп, мотору какап-чачап, артынан кара түтүн буркурап, кудай оңдой берди болуп, көз ирмемге жетпей жолдун сол жагында, биздин алдыбыздагы ачыкка барып далдаңдап конуп калды. Анын артынан чуркаган жоокерлерди айтпа! Баарыбыздан мурда полк командиринин аткошчусу жетти. (Ал эргул подполковник Иванов машине мингенден бери анын атын минип, өз атын коштоп, биз менен бирге жүрүп калган). Ал жете электе эле немис учкуч кабинадан ыргып түшүп, колуна тапанча алып, Одер жактагы токойго чуркады эле, беркиат үстүнөн автоматын жаадырганда туруштук бере албай колун көтөрүп туруп берди, ошондо да тапанчасы менен артына кылчактап бир нече ок чыгарууга үлгүрдү. Бир жолку огу ат кошчунун тумагын башынан жулуп кетти, ажалы жок экен байкуштун, ок чекесин жанып чыкый терисии чийип кетиптир. Ок жеп, жаны кашайып калган ат кошчу автомат менен кармай берээрде баарыбыз «атпалап» кыйкырып токтоттук. Ат кошчуга удаа жеткен жөө аскерлер: экинчи батареянын командири капитан Борисов дагы анын эки солдаты

болуп туткундалган немис учкучун куралсыздандырып, дивизион командиринин чанасынын жанына алып келишти. Офицерлер бүт чогулдук. Эки солдат туткундун чөнтөктөрүн аңтарып, колундагы саатын чечип, болгон дасмияларынын баарысын алып атканда жүрөк түспөп кызыл каптуу оттук чыкканда жүрөгүм тыз деп литвалык Гражина кылт эсиме түшүп, жаман болуп кеттим. Бизди  солдаттар тегеректеп, асфальт жол котологон элге толду. Колго түшүрөөрүн түшүрүп алып, суракка алууга кудуретибиз жетпеди. Арабызда немис тилин анча-мынча билгендер: капитан Коптев, мен жана согуш башында немистердин курчоосунда калып качып чыгып, үч жылга жакын партизан болуп келген капитан Борисов да тилмечтикке жарай албадык. Ошондо Борисовдун батареясында мина бүркүч куралдын командири, тиги немис учкучун кармап алып келүүгө жардамдашкан эки солдаттын бири, улук сержант Моисей Янкелевич жарады. Анын улуту немис жаргону[1] менен сүйлөгөн жөөт жана анын үстүнө, ал мектепте немистин адабий тилин-хохдойчту[2] атайын окуп бүткөн неме экен. Араң сураганды билген бизге караганда, ал жөн эле шабыратат экен.

Керээли кечке жүрөгүбүздүн сары суусун алып, жаныбызды кашайткан немеге автомат менен тап берип, муштум кезеп кекетип, суроо жаадырган солдаттарды капитан Цагарейшвили тартипке чакырып, өзү сурай баштады:

– Атың ким?

– Сизге немистин баары бир эмеспи, аны сурап эмне кыласыз? – тишин кычыратып, тайманбай, такалбай жооп берди. Мунун жүрөгү калтаарып, оң жооп бербестигин түшүнүп, комдивизион, бардык сурактагы: аты атасы, жашы, жана башка формалдуу суроолорду бе-

1 Жаргон – белгилүү чөйрөдө гана түшүнүктүү шарттуу тил.
2 Хохдойч – немистин адабий тили.

рип, убакыт коротпоюн деди окшойт, дароо эле негизги суроолорго өттү:

– Аскердик наамың кайсы?

– Оберлейтенант.[1]

– Партияда барсыңбы?

– Германиянын улуттук социалисттик партиясынын мүчөсүмүн. Таза арий тукумунанмын.

– Эмне үчүн бизди бомбуладың?

– А силер эмне үчүн бизди кырып келатасыңар?

– Эмне үчүн жалгызсың? Эртеден берки шеригиң кайда?

– Ар бир ариец, ата-мекени үчүн керт башы менен жооп берет. Шеригимдин самолёту сынып, аэродромдо.

– Аэродромуңар каерде?

– Дессау шаарында, Эльба боюнда.

– Эгер биз сени тирүү коё берсек, мындан ары эмне кылаар элең?

– Силер жоголмоюнча уруша бермекмин!..

Бул туткунду фашизм оорусу менен айыккыс кылып даарыгандыгын баарыбыз угуп, көбүбүз жерге түкүрдүк. Бул немеге сыртынан турмак, ичинен да боору толгонгондор болбосо керек?... Көп учурда куралсыз, алсыз душмандарды ээн-баш солдаттардан арачалап, кээ бир жолдошторубузга кеп болуп жүргөн Коптев экөөбүз да, мунун кишилигинен түңүлдүк.

Акыркы: «Силер жоголмоюн уруша бермекмин!» деген сөздөрү жүрөгүмө канжардай тийди. «Атыш керек итти!» деп чуулдаган сөздөр абада өкүм сүрдү. Цагарейшвили чуу басылмайынча унчукпай, жүрөгүндө грузин каны канча кайнаса да, шилекейин жутуп, сабырдуу туруп, акырында:

– Өлөөр алдында айта турган кандай өтүнүчүң бар? – деди эле, тиги неме дароо:

[1] Улук лейтенант.

– Жүрөккө, атпай, чекеге атсаңар экен! – деп көз ирмебей жооп берди.

Мунун тайбастыгына көз жетип, Цагарейшвили же ызырындыбы, же кейидиби айтор мага бүдөмүк бир ишаарат менен колун көтөрүп:

– Аткаргыла өтүнүчүн! – деп, ары карап басып кетти. Суракчынын өкүмүн угаар замат, тиги неме күветтин кырына тура калып, баткан күндүн артында кызылы өчүп бараткан шооласына, акырая бир карап чыгышты бет алып, оозун бүлкүлдөтүп, бармактарын кулактарынын тешиктерине тыгып, шадылары менен эки чыкыйын мыкчып, көзүн бек жумуп, бийик жардан секирүүчү немече, тизесин бүгүп, бөкчөйүп күтүп атканда, ары жактан каргылданган кызымтал бирөөнүн:

– «Отставить!»[1] –деген катуу үнү угулуп, жаңыдан мээлеп келаткан солдат автоматын кайра бооруна алды. «Эмне болуп кетти?» – деп, баарыбыз элеңдеп, үн чыккан тарапты карасак, баягы подполковниктин ат кошчусу колун булгалап:

– Забыл сапоги снять[2] – деп, карбаластап келатат. Аны бир көз ирмем карап туруп, Цагарейшвили «тьфу!» деп, жерге түкүрүп дагы обочороок басып кетти. Коптев намызына чыдабай:

– Сволочь, крахобор, не срами русскую нацию перед миром![3] – деп, солдатка жулунганда, «дагы эмне чатак чыгат?» деп чочуп, Коптевди тонунун жеңинен кармап калдым. Сүкүнт сайын өлүм күтүп турган немис, эмне болуп атканга түшүнбөй, көзүн ачып, эки жагын элеңдеп бир карап алды.

– А что, не пропадать же добру, аль кто-нибудь чужой изымет. Лучше пусть мне[4] – оозун ыржаңдатып

[1] Отставить! – Коё тур!
[2] Өтүгүн албай, унутуп калыпмын.
[3] Кудай алган тарпчы, орус улутун дүйнөгө шылдың кылба!
[4] Эмне, жакшы неме бөөдө куруйт, же болбосо бирөө шыпырып кетет.

мактанып, немистин жанына келип, – Weg, weg[1] – деп, тигинин өтүгүн автоматтын учу менен түрткүлөдү. Өлүү менен тирүүнүн орто жолунда турган неме, акыл-эсинен танып түшүнгөн жок. Ага ачуусу келген ат кошчу аны буттан аткып, бир өтүгүн сууруп алды, тигил жанынан канча түңүлсө да, жыгылып кеткен жок. Экинчи бутун өзү көтөрүп берди да, байпакчан кар кечип мурдагы кейпинче күттү... Автоматтан «тарс!» бир ок чыкты... Немис күветке кулап түштү.

Күүгүм кирди, каш карарды.

Көз байлана жолго чыктык. Күн чыкыроондой баштады. Күндүзгү эриген кардын суусу каймактап ката баштап жол дыңкылоон тартып, аттарга барган сайын жеңил болуп баратат. Оң жагыбызда токой аралата салынган темиржол тириликтен эч кабарсыз эңгиреп, ээн жатат. Сол жагыбыз Одердин кашатынан жээгине чейин калың токой. Ал тараптан артиллерия менен ок бүркүчтөрдүн, автоматтардын үн алышкан табыштары бизди зериктирүүчүдөй эмес. Бир-эки сапар асманга атырылып немистин асма дүрмөт чырагы жанды эле, шоолалары бизге жеткен жок. Алдыбызда согуш табышы алыстан гана бүдөмүк угулгансыйт. Көптөн бери көрүнө элек ай да, артыбыздан кылайып, толук жүзүн көрсөткүсү бар.

Ошентип таң саарынан күүгүмгө дейре жаныбызды төрт чарчы кылган калаймандуу бүгүнкү күн башыбызга салган жоруктарды, кабылткан окуяларды кыял калбырынан өткөрүп, ой тегирменине майдалап, эс менен элеп, логика менен жууруп, мээде бышырып, акыл менен даамын тата турган мезгил азыр келгенсип турат. Окуялардын ар тетиги эстен чыга элек жаңы кезинде аң-сезим машинесинен өткөрө коюш керек. Бирок ошону ийине жеткире алаар бекенбиз, Коптев экөөбүз? Бул сапар Дорфман жаныбызда болгондо бүгүнкү окуялардын жомокторy таң аткыча бүтмөк эмес...

[1] Weg, Weg – ташта, ташта!

Деген менен азыр мен деле баягы 1942-жылкы оозунан эне сүтүнүн даамы кете элек тумсак бала эмесмин. Үч жылкы согуш чөйрөсү кабыргамды жакшы эле катыргандай болду, күн сайын өмүрүм менен ойногон окуялар ак каптал кылып бүтүрдү. Анын үстүнө аскерге чейинки алган жогорку билим, жалпы саясий даярдыгым жаңы келгендерге акыл айтып насаатчы болууга мүмкүндүк берип, далайдын алкышына татып эле жүрөм. А Коптев болсо, менден жашы улуу, мага караганда акылман китептерди көп окуган. Мен орус тилин үйрөнөм деп, үч-төрт жыл сөздөрүн жаттап, тамтаңдап убара болуп жүргөн кезимде, ал өз тилинде жазылган жана башка тилдерден которулган дүйнөгө таанымал адабиятты чемичке чаккандай окуп, жүздөгөн китепти түшүргөн. Анын башы баш эмес эле, басып жүргөн китепкана! Ошондой башы менен талаада тентип, согуштун каарып тартып мага окшогон чала моңол, бейиши болгур, начфин окшогон орто заар кишилердин арасында кор болуп жүрбөй, бийликтин бир кабелтең шагында отура турган жөнү бар. Бул жерде кайран баштын баасы бир ок, же темирдин бир күкүмү, алар же жонубузда, же жолубузда даяр. Тили устарадай, кара ишти көрсө чыдабайт. Ошонусу менен бийликке, кокоңбайларга жакпаса керек? Ушунчалык акылы жана согуштук тажырыйбасы менен өткөн окуяларды мага караганда түзүгүрөөк талдаар деген үмүт бар. Бирок мында да, менде да, аспирантуранын бир жылын бүтсөм да, Дорфмандыкындай кеңири терең сапыруучу чоң тажрыйба жок!...

Жолубузду бууган жоо жок. Ошенткен менен душмандын чоочун жеринде чоочун токойду аралап, тасмадай мизилдеген чоочун асфальт жол менен бизге чоочун жана коркунучтуу тарапка бет алып баратабыз. Айлана бүт чоочун жалгыз гана жерден өөдө көтөрүлүп келаткан ай көптөн бери көрүнбөгөн биздин таанышыбыз толук жүзүн карга чайып, күңүрт шооласын далыбызга, жел-

кебизге, аттарыбыздын сооруларына чачып, «аман барсыңарбы?» дегенсип күлүңдөйт. Токой арасындагы ачык жерлерге жайгашкан кыштактар, шаарчалар да чоочун белгилерин билдирүүдө. Бир дагы жарык шам, жылтылдаган от көрүнбөйт. Жадагалса иттин үнү да угулбайт. Айдын жарыгында үйлөрдүн узун, кара көлөкөлөрү тири укмуштуу дөө айбандардын кебетелерине, а үйлөрү кудай каргап катырып таштаган жомоктогу таш калааларга окшоп, аралап баратканыңда бүткөн боюңду дүркүрөтүп, үрөйүңдү учурат. Баягы күнкү чатактан кийин, токтобой өтүүчү кыштактардын үйлөрүн жойлоого тыюу салынган. Ушундай ар мүнөтү табышмак коопту абалда кеңири ойлонуп, акылыбызды чабыттатып, өткөндүн сүрөттөрүн болочокко таамай, таасирдүү, баарынан да маңыздуу тартып бере алаар бекенбиз? Кайдан?.. Ошентсе да, көп көргөндөрдүн бири катары этибар кылбай, убакыттын тардыгына, мүмкүнчүлүктүн жоктугуна, тажырыйбанын аздыгына шылтап, көз жаздымда калтырып унуткарып койсок, болочок муун өздөрү асмандан түшө калгансып, бизди – кылымга татыыр кыргынга катышкандарды – баалабай коюшпасын?

Ушул ой көптөн бери көкүрөгүмдү өйүп келүүдө. Ошондуктан, күндөлүк дептер күтүп, ар бир ара-чолону пайдаланып, жазып жүрө турган болдум. Айрыкча былтыр Дорфман менен үч айча бирге болгонумдан кийин күндөлүгүмдү мүмкүн болушунча үзбөй толтуруп жүрөм. Кудай буюруп аман калсам, кийин керели тиээр? Үмүт деген тирүү адамдын чоң тирөөчү! Үмүтсүз – шайтан!

Чанага олтургандан бери жогоркуларды ойлонуп, Коптев менен кеңешсемби, же эмне кылсам деп, ичимден өзүм менен өзүм сүйлөшүп атканга кыйла убакыт өтсө керек, анткени Петро:

– Эмне болду сага, доктор, оозуңа суу толтуруп алдыңбы? – дегенде, колумдагы саатымды ай шооласына салып карасам, жетиден он мүнөт өтүптүр. Чын эле

жолго чыкканыбызга бир саат болдубу деп, саатымды кайра карап, жанатан бери мээмди быжылдатып келаткан суроолорду, тобокел деп ортого салдым

– Петр Михайлович, дүйнө татаал ээ?

– И-и, эмне болуп кетти?

Мен бүгүнкү болгон окуяларды колуман келишинче ирээттеп, кээсин түшүнсөм, кээсин түшүнбөй, кээсине жооп тапсам, кээсине жооп таба албай убара болуп келатканымды ортого салайын дедим эле. Ал бырс күлүп:

– Экөөбүздү кудай бекеринен кошпогон эмес белем? Жайдан бери эки чоң чабуулдун экөөндө тең, бирге келатабыз. Ойлогон оюбуз ар дайым бир багытта болуп, бирибизге бирибиз каршы сүйлөшө элекпиз. Кудай сактасын, жамандык да кылганыбыз жок. О, Боже мой,[1] азыр да, кечтен бери менин жүрөгүмдү мыкчып келаткан маселени сен айтып атасың! Экөөбүз чоң мекенибиздин ар кайсы бурчунда туулганыбыз менен, топурагыбыз бир жерден алынган окшойт доктор? – деди.

– Дүйнө татаал дегеним, биздин көргөндөрүбүз уккан, окугандарыбыздай оңой, жөнөкөй эместигинде болуп атпайбы, Петро. Мени бүгүн Камышандын жараатын жууган немис кызы таң калтырды. Фельдшердин айткандарын өзүң уктуң, аны эч ким зордуктап иштеткен эмес.

– Бизде пропаганда бир беткей болуп келгендигине бу да бир күбө. Ушул күнгө дейре, немис эле болсо, ал – фашист, аларга аёо жок деп, келатпайбызбы, доктор. Сен Эренбургдун «Красное знамя» гезитине жазган: «Хочешь жить – убей немца»[2] деген чоң макаласын окудуңбу?

– Окудум.

– Бизге жан дили менен жардамдашып, биздин кишини өлүмдөн арачалап алып калууда эч нерсесин аябай үйүндө катылуу буюмдарын ала чуркап жүргөн

[1] Кудая, тобо!

[2] Жашагың келсе – немисти өлтүр.

немис кызды, Эренбург боюнча, атып салганда гана тирүү калмак экенбиз да! Абсурд[1]! Ушундай макаланы идеологиялык курал катарында колдонуп, бүткүл Кызыл Армиянын кадырлуу гезитине жарыялаткыныбыз, доктор, биздин ким экенибизди далилдейт? Же бүгүн сен колго түшүргөн полицейский, же болбосо күүгүмдө биз атып өлтүргөн учкуч – ушул үчөө тең немис. Бирок бири-бирине окшоштугу барбы?

– Жок. Эч кандай окшоштугу жок, Петро. Кыз – саят менен иши жок, тестиер бала. Полицейский – согушта Германиянын утулганына көзү жеткен, фашизмдин үстөмдүгүн, тартибин ичинен жек көрүп, эптеп чыдап келаткан, көзөмөлүндөгү тургундарынын күбөлөшүнө караганда, элге запкы көрсөтпөгөн орто жаштагы киши, а учкуч болсо тулку бою турпаты менен фашизмге чыланган, өзүн ариймин деп, манчыркаган жигит экенин баарыбыз көрдүк, Петр Михайлович.

– Колунда куралы жок кызды, эрки менен колго түшүп берген полицейскийди немис эле деп атып жибергенибизде Кудай жакшы көрөт беле? А учкуч? Учкуч – накта душман. Акыркы мүмкүнчүлүгү барынча колунан куралын түшүргөн жок. Ал үчүн фашизмсиз турмуш – турмуш эмес. Жер жүзүндө фашизм орнотуудан башка максат – максат эмес. Максатсыз жашоо – турмуш эмес! Мына так ушундай немистер менен биз күрөшүшүбүз керек. Андайлар көп бекен, аз бекен, бул Германияда, Немисстанда? Алар канча экенин Маскөөдө жатып алып, ачыган мээсин желдетү үчүн жаза берген Эренбург бизден, немистин жеринде кан кечип немистер менен беттешип, жан кечип өлүк-тиригибизге кайыл болуп жүргөн жоокерлерден көп билеби?

Же болбосо, согуш алдында, согуштун биринчи айларындагы душман өлкөлөрдүн элдери жөнүндө биздин түшүнүктү алып карайлычы. Ал түшүнүк боюнча

[1] Абсурд – Келжиректик.

чет мамлекет баарысы ич арасынан буржуазия жана пролетарият болуп эки карама каршы тапка бөлүнгөн. Буржуазия пролетариатты эзип атат, пролетариат араң эле чыдап атат. Биз колубузду сунсак эле, алар бизге кошулуп, буржуйларынын ташын талкалайт деп, бизди ишендирип келишпеди беле? Кана ошол пролетариат? Ошонун бирөөнү көрдүңбү, доктор?

– Жок. Качып эле кетпесе, андайлар көрүнбөйт го, Петро.

– Пролетариат бар. Зоот-фабрикалар болгон жерде пролетариат жок болмок беле, доктор. Алар качып кайда барат эле? Зоот-фабрикалардын нечени өрттөп келатпайбызбы. Кеп башкада. Бизге болушкан пролетариаттын жогунда! Мына биздин пропаганданын бир беткейлиги, чыныгы турмуштан алыстыгы. Мунун кесепетинен канча бөөдө өлүмгө туш болдук?

– Учкучтун жүрүш-турушуна кандай баа берээр элең, Петр Михайлович?

– Накта тайбас турбайбы! Өлүмгө тике карап, чекесин тосуп бербедиби. Мындайлары бар эл өлбөйт. Жеңилсе жеңилет, бирок өмүрү кол куушуруп багынбайт, доктор!

– Аттиң-ай, өзүбүздүн тайбастарыбыздын канчасы кырк биринчи жылы ушул учкуч окшоп жол боюнда, аты-жөнү билинбей кала берди ээ! А биздин саясат андайлардын көбүн дайынсыз жоголду деп, иликтеп коюуга да мойну жар бербейт, досум!

– Саясатыбыздын бир беткейлигинен жаңылыштык кетирип атабыз деп, кимге айтабыз, Петро?

– Кимге айтмак элек? Сен мага, мен сага. Ошентип ич күптүбүздү бир аз баспасак, кокустан ичибиз жарылып кетсе, сен да, мен да бөөдө өлүмгө жем болобуз, аны бөркүңдөй көр, доктор! Отуз жетинчи жылдын кара булуту дагы эле жакшылыктуу таркап кете элек, досум!

Ошентип Коптев экөөбүз ат айдагыч Миша-Мураттын артында, чанада жамбаштап, өткөндөгү көргөндөрдү

алым-сабак суроо-жооп кылып, талкуулап келатып, катып калган көздөрүбүз уйкуга жеңдирип жиберип, аңгемебиздин артына чыга албай калдык...

**– 13 –**

Асманды дүңгүрткөн, жерди титиреткен чоң чабуулдун серпиндиси, кейпи, Одерге жетип токтоду белем?! Январдын он экисинен отуз бирине дейре күндүр-түндүр тынбай согушуп, душманды кубалап отуруп, Германиянын чоң дарыяларынын бири Одерге жеттик. Он сегиз-он тогуз сутканын ичинде баскан жолубуз карта боюнча 600 км че эле болгон менен жанаша эки фронттун жигин капшыра тепчиген ийри-муйру маршрут менен жүрүп отуруп, чынында 1000 км ден ашык жол бастык. Басканда да кези менен жоону кууп жетип салгылашып, кези менен туш-туш жагыбыздан коргонуп, аткылашып, жүк тарткан аттардын, курал жарагын аарчынданган жөө солдаттардын басыгы менен жүрүп отурдук. Мына эми эки күндөн бери Одердин жээгинен душмандын коргонуу чебинен жылчык издеп, ары дыргып, бери дыргып жүрүп, Кудай жалгап, бүгүн биз такоолдогон аткычтар полкунун жоокерлери дарыянын батыш жээгиндеги Визенау деген кыштакты ээлеп, анын батыш четиндеги немистердин биринчи траншейин алып токтоду. Ушул тушта душмандын коргонуу чеби жээктен бир кыйла обочо экен.

Токойлуу кашаттын боорунда, өзүбүздүн батареяларыбыздын аймагында, бай карагайдын түбүндө корголоп турган Коптев экөөбүз, эми таң супасында алдыбыздагынын баарысы, кадимки кинодогудай даана көрүнүүдө. Музунун үстүн жука кар себелеген Одер, бирин-серин эки кабат тамдары бар кыштак – Визенау, анын чет-жакалары, андан батышты карай көтөрүлгөн айдөөш – баарысы алаканыңдагыдай. Кыштак менен

биздин арабыз ашып эле кетсе 400 м. Анын жарымын, эни 150–160 метрден ашпаган Одер ээлейт. Мунун берки жээгинде, түнт карагайлуу кашаттын астында, боорунда – биз. Эртең мененки саат 6.40 тан бери тынбай согуп аткан канонада, адегенде немистин алыстагы коргонуу чебин, күчүнүн барынча талкалап, анан кайра жээктен баштап, улам ары жылып, кыштактан өтүп, душмандын биринчи траншейин кайра сабап киргенде, кабакта ыкыс берип турган жөө солдаттар автоматтарынан ок жаадырып муз үстүнөн чуркап өтүшүп, туш-туштан абажаарып, кыштакка кириштi. Анда көп буйдалбастан, дароо кыштактын аркы четине чыгышты да, ураалап кыйкырып, автоматтардын, гранаттардын коштоосу менен душмандын биринчи траншейине ыргып түшүштү. Артиллерия куду өткөн добуулга окшоп, нары жылып, экинчи траншейди, анын алдындагы майданды аткылап тымтыракайын чыгарып жиберди.

Эртеден бери биздин соккуга жарытылуу жооп кайтара албай жаткан душман, бир оокумда чабуулдап аткан биздин жоокерлерди ок бүркүчтөрү менен койгулакка алып, эки капталдан кысып кыштакка чабуул жасады. Биздин уруш башкарган колбашчылар душмандын ошентээрин мурда эле болжошконбу, билбейм, кыштакты биздикилер ээлегенде, анда буктурмага атайын аскерлерди калтырыптыр, алар автоматтарын жаадырып, немистерге айбат кылып, жакын келтирбей тегерете корголушуп атканда, артиллериячыларыбыз чабуулдан келаткан душманды бутага алып, жанча баштады да, майданга жаңы кошуундарды күргүчтөтүп киргизип, чар тарапка жамыратып жиберди. Душмандар буга туруштук бере албай, станковый ок бүркүчтөрдү таштай качышты. Немистердин артиллериясы бул сапар да жакшылыктуу жооп кайтара албады. Натыйжада душмандын коргонуу чебине жасалган

жырык кеңейип, ооз жагы төрт, тереңи үч километрче келген плацдарм[1] пайда болду.

Ийгилик чоң болбогону менен, согуш катуу болду. Баш-аягы эки саатка жетпеген урушта өзүбүз менен кошо ала жүргөн ок-дарынын беш комплектисинин үчөөнү коротуптурбуз, оңойбу?! Кудай жалгап биз, мина бүркүччүлөр бул сапар бир кишибизди да жоготконубуз жок. Деген менен уруш өнөрүн жакшы үйрөнүптүрбүз. Ошентсе да, мындай катуу уруш кан-сөлү жок өтмөк беле. Шордуу пехотадан бир топ эле чыгым болду деңизчи!

Эртең мененки тамактан кийин полк командири подполковник Иванов, батарея командирлеринен тартып полктун жогорку офицерлерин чогултуп, майор Дурдыев Биринчи Белорус фронтунун чабуулу жөнүндө толук маалымат жасады. Баш аягы жыйырма күндүк чабуулда фронттун аскерлери Висла дарыясынан Одер дарыясына жетип, батыш Польшаны бүт бойдон немистердин оккупациясынан бошотуптур. Ошону менен катар Германиянын Чыгыш Померания аймагын бүт басып, Бранденбург аймагын Одерге дейре алыптырбыз. Бул чоң чабуулда биздин түндүк канатыбыз менен жанаша чабуул жасаган маршал Рокоссовский командалаган Экинчи Белорус фронту түндүк Польшанын аймагын, Германиянын чыгыш Пруссиясын фашисттердин аскерлеринен арылтып, Балтикадагы ири порт – Данцигди курчап, Балтика жээгин Одердин чатына дейре алыптыр. Сол жагыбыздан такоолдогон маршал Коневдин Биринчи Украин фронту да чабуулун ийгиликтүү жасап, түштүк Польшанын Краков, Катовице, Чейнстохово шаарларын бошотуп, Бреслау (Вроцлав) шаарын курчап, Одер дарыясынан өтүп, анын түн батыш айрыгы Нейссе дарыясына келип, батыш жээгинен плацдарм алып токтошуптур.

[1] Плацдарм – өзөндүн душман ээлеп турган (урушуп тартып алган тилкеси) аянты.

Биз бүгүн ээлеген Визенау плацдармынын түштүк тарабында биз менен шынаарлашып Одер жээгинде турган аскерлер да маршал Коневдин жоокерлери экен…

Канча кан төгүп, канча ажалга кабылып, канча башыбыздан өткөрсөк да, кылган аракетибиз текке кетпей, акыбетибиз кайтканына ыраазы болуп, бул алааматты тирүү жеңип чыкканыбызга кайра төрөлгөндөй кубанып, бири-бирибизди куттукташып, ушул күндү көрө албай калган жоокерлерибиз үчүн, орустун расмиси боюнча, жылаңбаштанып, бир мүнөтчө жер тиктеп аза күттүк. Чабуулдун кызуусу менен каным кайнап, көздөрүм чычаладай кызарып, албууттанып жүрүп, аркы-беркиге ой жүгүртүүнү унутуп бараткан окшойм, аза күтүү мөөнөтү кыска болсо да, далай нерсе эсиме кылт түшө калып, ичим уйгу-туйгу болуп, оюм асманга атылып чыгып, чарк айланды.

Кудая тобо-о! Согуштун жыйырма эле күнүндө баштан өткөн окуялар бейкутчулукта көп жашаган бир кишинин башына келсе, чанда бирөө келбесе, келбей да, көрбөй да калуу мүмкүн экени бизге, согуштун катышуучуларына таңсык эмес, бирок согушпагандарга ишенгисиз жомок ээ!

«Урушта туруш жок» деген ылакап биз үчүн жөн гана акылмандык учкул сөз эмес, аны күндөлүк аракетибиздин жобосу катары өздөштүрүп, бардык ишке шайдоот болуп көнгөнбүз. Ошондуктан, саясий информация бүтөөрү менен дароо полкту көп убакыт коргонууга даярдоо чараларына кириштик. Полк командиринин буйругу менен штабдын начальниги майор Несговоров, биз такоодоп келген, аткычтар полкунун штабы экөө биргелешип, майдандын алдыңкы чебин фортификациялоо[1] ишине жоопкер болду. Полк командиринин өзү экинчи эшелон токтоочу жайды рекогносцировка[2] кылуу үчүн Коптев

[1] Фортификация – коргонуу чептерин жасоо жумуштары.
[2] Рекогносцировка – жер чалгындоо.

экөөбүздү «Виллисине»отургузуп, кыялап кашаттын үстүнө чыгып, токойчунун ичке асфальтжолу менен токой аралап, чыгыш тарапка эки километрче жүрүп, түндөгү басып өткөн Цибинген кыштагына кирдик. Кыштактын ортосундагы түштүктөн түндүктү карай жарып өткөн чоң асфальт жолго келип токтогондо, подполковник Иванов Коптев экөөбүзгө кайрылып:

– Полктун экинчи эшелону ушул кыштакка жайгашат. Капитан Бычков аны билет. Аны менен чогуу тандап, башка бөлүкчөлөр ээлеп кала электе, түзүгүрөөк жерине орношуп алгыла. Менимче чоң асфальттан алысыраак, туура көчөгө токойго жакыныраак жайгашсаңар аба чабуулунан да, артчабуулунан да тыңгылыктуу коргонууга болот, – саатын карап, алып, – Бычков азыр жолдо. Рация менен сүйлөшкөндөгү убадасы боюнча, эми бир саатта ушул жерде кезигишесиңер. Суроонор жокпу?

Биз полк командирине ыракмат айтып, аны менен коштошуп, чоң жолдун боюнда эмнеден баштаарыбызды бегилегиче бир аз туруп калдык. Бүткүл экинчи эшелон узакка коргонуу мезгилде тура турган жайды тандоо милдетин полктун командири Петро экөөбүзгө ишенип, капитан Бычков менен бирге жүргүзүүнү тапшырып отурса, ага кантип шайкелеңдик мамиле кыласың? Керт башыбызга түшкөн жоопкерчилик жүрөктү кыйла саруулатып, турган жерибизде делдейип тура бериппиз…

Чоң жолдо алдыбыздан чубап өтүп бараткан жөө аскерлердин ургундай көпчүлүгү сары ооз жаш балдар, арасында бирин-серин көк жаак болуп калгандары кезигет. Алар, кейпи, госпиталдардан, запасной полктордон толуктоого келишкен кенже командирлерден болсо керек?.. Колоннанын тартибин башкарып, жаш солдаттарга акырая карашып, чоңсунуп болушпайт, өңдөрүнө караганда ар улуттан куру эместей. Мага окшогон бети жайык кара көздөр да жүрөт. Баарысынын кийген кийимдери жаңы, автоматтары жарак-жабдыктары жар-

кылдайт. Сыягы, жаңы уюшулган кошуундардан белем, дарынын түтүнүн жыттай электерден болсо керек?.. Деле ирээттери тарткан зымдай, бут шилтештери жалгыз кишиникиндей! Пай-пай-пай! Деле кишиге бай мамлекет белембиз? Канчабыз кырылса да, чети оюлбайт! О далайды жуткан жексур согуш, өзүң өлмөйүнчө булардын канчасын кайсаар экенсиң?

...Колонна артынан колонна. Баарысы түндүк батыш тарапка самсышат. Учу-кыйырына көз жетпейт. Буларды карап, көптүгүнө көзүң тоюп, демөөрүбүз мол экенине санаа тынып, көздөрүбүздү акыйткан жеңишке аз калганына ишенип, кайрат чыңалып, жанакы адегендеги убайым куюн учургандай жоголду.

– Доктор, бизди эмне, Американын кайдыгер байкоочулугуна дайындады беле подполковник, жүрү ишибизге киришелик. Бул жерде незкара болуп тура берип, командирдин каарына калбайлы, – Коптев колундагы саатын карап, – полк командирине берген убадасы боюнча Бычковдун көчү келээрине 25 эле мүнөт калыптыр – дегенде, мен куш уйкумдан ойгонгон немече, дароо эс-акылымы жыйнап, начхимдин орундуу сөзүнө макул болуп, аны ээрчип, өтүп бараткан колонналарга каршылай басып, кыштактын түштүк-чыгыш четине келдик. Туура көчөлөрдү шимшилеп жүргөндөр, талоондо тапкандарын, көөнүнө жаккандарын колуна, кээси жонуна көтөрүп алгандар алдыбыздан учурап атты. Алар кезиккен сайын Коптев менден бетер кыжырланып орустун «матынан» эчтеке койбой сөгүнөт. Бирок айла канча? Чоочун, анын үстүнө алагүү болуп чайпала баскан немелерге сын айтып көр! Алар сага сөз коротуп, будаланып отурбастан, автоматын кармай берет. Алар үчүн ок бир тыйын! Андайларга ким теңелет? «Мастан жинди качып кутулуптур» дегендей, андайлардан оолагыраак жүрбөсөң, согуштун жалпы чыгымынын эсебине кирип калышың текейден арзан!

Кыштактын четинде бир томогодой дөбө бар экен, ошонун үстүнө чыктык эле, Цибинген бүт бойдон топографиялык картадай көрүндү. Бул өзүнчө эле бир кароол дөбө экен. Коптевди билбейм, эсине эмне түштү, а мен Манастын чоң казатындагы Тал чокуга чыккандай эле сездим!..

Цибинген картада «кыштак» деп белгиленсе да, биздин түшүнүгүбүз боюнча андан чоң жана имараттары да башкача. Немистердин биз басып, же өрттөп өткөн көп отурук жайлары сыяктуу эле таза, үйлөрү бышырган кыштан салынган, ургундай бир кабаттуу татынакай, келишкен, Одер жагы калың токойлуу түзөңдө орун алган шаарча экен. Ортосунан түштүк-чыгышты карай тең жарып өткөн жазы даңгыр жол бул дөбөдөн, анын өзөгү сыяктуу көрүнөт. Шаарчанын чыгыш тарабы ачык, өңгүл-дөңгүл талаа, кардын астынан же жайыт, же айдоо экени билинбейт. Ал деле көп созулбай, топтоп токойлор, ара-чололору айылдар менен толтурулган мейкин горизонтко барып такалат. Цибингендин орто ченинде, чоң жолдун боюнда өйүз-бүйүз салынган 4–5 эки кабаттуу үй турат.

Айтмакчы, асфальт жол бул шаарчанын ичинде, Германиянын башка отурукташкан жайлары сыяктуу эле асфальт эмес, таш менен төшөлгөн. Талаааларында кум аралаш саргыч топурактан башка чүкөдүй да таш кезикпейт. Көчөлөргө, короолорго төшөлгөн мынча көп ташты кайдан алып келишкен? Каапыр немистердин сарамжалдуулугу адамды таң калтырат! Душман болсо да: булардын оокат кыла билишин, тыкандыгын, бүйрөлүгүн үйрөнүш керек! Менин тектештеримдин, жердештеримдин огороттторундагы таштардын көпчүлүгүнөн кээлери эч нерсе эге албайт, чолоолору тийсе куурайларын оргонго араң күчү жетишет. Көчөсүн коюп, чыла баскан короосуна, кудай өзү берген таштарды төшөп коюуга мойну жар бербейт, Олда, айланайын момундарым ай!

Үй оокатынын маданиятына качан үйрөнөөр экенбиз? А бардык иште үлгү тутуп, өнөрлөрүнүн баарын туурап жүргөн орусубуздун өз ата конушунда деле кыштактарынан жазгы ала шалбыртта, күзгү көбүк карда өтө албай, көчөлөрүндөгү сормо ылайга канча арабаларыбыз, машинелерибиз тыгылган жок? Булар деле шалакылык жагынан бизден кем эмес көрүнөт? Согуш болбосо, буларды кайдан көрөт элем? Көп жашаган билбейт, көптү көргөн билет деген макал ушундай чындыктан улам айтылса керек?!

Эки күжүрмөн достун, бул дөбөчөгө чыккандан бери, маеги өзүнөн өзү токтолуп, ар кимибиз өзүбүздүн ой мухитибизге калкып, чалкып кирип кеттик. Коптев, балким, орустун жортуулдагы үч баатырынын бири болуп аткандыр, а мен Тал чокудагы Сыргактан бетер, олжого түшкөн дүрбүмдүн окулярын[1] толгоп, Одер жактагы токойдон алыс карасам, бүгүнкү биздин аскерлер ээлеген душмандын чебинин томоосу көрүндү. Менин жеримде көп учуроочу өстөндөрдүн жалы сыяктанган траншейлердин брустверлери[2] байкалат, бирок мыдыр эткен жан көрүнбөйт. Баарысы зыңкыйып, катып калган немедей. Андан ары мунарык-тунарык горизонт менен аралашып бүткөн. Дүрбүмдү Коптевге берип каратсам, деле мен көргөндү ырастагандан артык жаңылык кошкон жок. Бирок Цибингенден ары асфальт жолду аягына дейре караганда, калың токойдун нары жагынан, алыста зоот-фабрикалардын морлорунун учтары көрүнгөнүн айтты. Ал картада белгиленген Франкфурт шаары экен.

Эки дос көз тунаргыча алмак-салмак дүрбү карап, моокумубузду кандырып, айланабыз эстен чыгып кеткен экен капыстан дөбөнүн астынан бизди аттарыбыздан чакырган тааныш үн чыкканда, жалт карасак: Бычков! Ал кабинадан башын чыгарып, көч алдында эки жагын

[1] Окуляр – дүрбүнүн көзгө такаар учу.
[2] Бруствер – окоптун, же траншейдин кырындагы көпшөк топурак.

каранып, ат басыгы менен тең, жай жылып келатыптыр. Петро экөөбүз дөбөдөн кандай түшкөнүбүз эсимде жок. Жүгүрүп барып, Бычковдун мойнуна асылдык. Ал: «Черти, задушите меня!»[1] – деп, кабинасынан ыргып түшүп атканда машине токтоду…

Кандуу казат, чоң чабуулда, бороондон күчтүү, жер дүңгүрөткөн алакайыр алааматта көп күндөн бери бири-бирибизди көрбөй, кыргын куюнунда кыпындай буюгуп жүрүп, тирүү көрүшүү оңойбу? Кеп, күн турмак, көз ирмемдин ичинде урушта канча адам өмүрү менен түбөлүк коштошуп атат? Жайчылыкта баркка алынбай, бааланбаган убакыттын баасы согуш маалында, же башка бир кысталышта, жеген наныңдан, ичкен сууңдан да кымбат, каат экени ачык көрүнөт турбайбы? Нанды, сууну, тамекини колуңа кармасаң, койнуңа катсаң, чөнтөгүңө салсаң, ананкыга сактасаң болот, а убакытты ошенте аласыңбы? Жок ал сени күтпөйт, сага баш ийбейт, багынбайт! Сен анын артынан үлгүрүшүң керек. Убакыт – аалам маңгилигинин учу-түбү, узун-туурасы, үстү-асты жок, түгөнбөс, коробос кереметтүү бир мүлкү. Муну пайдалана билиш керек! Убакыт бөлүнбөйт, үзүлбөйт, кесилбейт, бирок өлчөнөт: сүкүнт, мүнөт, саат, күн, түн, сүтке, жума, ай, жыл, кылым деген өлчөмдөрү менен өлчөп келишкен. Адамзат атайын өлчөөчү аспап ойлоп чыгарып, атын хронометр, саат коюптур. Менин кыргызым болсо, бул жагынан да цивилизациядан куру калбай, аспапсыз эле, күндөлүк тиричилигинде дайым кезиге турган: көз ирмем, чай кайнам, бээ саам, эт бышым деген мөөнөт белгилери менен өлчөп келген…

Эки жылдан бери бир бопорозду бөлүшүп соруп жүргөн күжүрмөн жолдошторубуз менен кучакташып көрүшүп, ийгиликтүү казат менен бири-бирибизди куттукташып, көчтү чоң жолдон биринчи эле чолок туура көчөгө буруп токтоттук. Бир сыйра дуулдашып алгандан

[1] Шайтандар, муунтуп өлтүрбөгүлө мени!

кийин, калган чер жазышмай маектерди кийинкиге калтырып, полк командиринин буйругун аткарууга кириштик. Кенже офицерлерди көч башына калтырып, экинчи эшелондун улук офицерлери чогуубуз менен Бычковдун машинесине түшүп, көчөлөрдү кыдырдык.

Шаарчаны биздин аскерлер келгиче эле тургундары таштап кетсе керек? Көчөлөрдө шимшилеп олжо издеп жүргөн, жанагы Коптев экөөбүзгө кезиккен окшогон мас, өзүбүздүн кызыл аскерлерден башка чоочун жан жок. Мал-салын, деле буту менен басып, мурду менен тынган жандыктарынын баарын ала качышкан белем? Жадагалса тооктору да көрүнбөйт. Балким, шаарчаларында мал кармашпайбы дейин десең, короо сайын малсарайлар, айыл чарба шаймандарын сактоочу кампалар, бастырмалар аңырайып ачык турушат. Үй эмеректеринин, мүлктөрүнүн чачылышы өзүбүздүн эргулдарыбыздын калтырган кол тамгаларын далилдегендей. Кайсы бир үйлөрдө талкаланган люстралар, идиш-аяктар ким колдуу болгонун күбөлөп, жерде махорка – бопоростордун түптөрү – «дүмүрчөктөрү» жатат. Баланын кылык-жоруктары атага таанымал да! Шаарчанын ортосундагы эки кабат үйлөрдүн биринчи кабаты дүкөндөр экенин дубалдарынын боорундагы жыгач, темир такталардан эле боолголобосо, товарларынын дайыны жок, жерде чачылып жаткан буюм-тайымды булганычтардан таанып болбойт.

Аралап жүрүп отуруп Цибингендин Франкфурт жак башындагы, чолок туура көчөнү жактырдык. Полкубуздун командири болжогондой чоң жолдон обочо, учу токойго чыккан чакан көчө экен. Көчүбүздү алып келип, ээн үйлөрдү өйүз-бүйүз кыркалай ээлеп кирдик. Жедеп машыккан салтыбыз боюнча көчөнүн эки башына солдаттары көп, ортого оорук боюнча штаб, анын айланасына солдаттары аз: ветчасть, сан-часть, химчасть окшогон бөлүкчөлөрдү жайгаштырдык.

Жумуштарыбызды жакшы эле аскердик шайдооттукта тез жасагандай болдук эле, бирок убакыт бизден да тез жылып аткан белем, «Өх!» деп көчүк басканыбызча, түш ооп кетиптир. Саардагы ачык асман кайра чүмбөттөлүп, күндүн көзү көрүнбөгөндүктөн, эрте-кечти так болжоп болбойт. Саатымды карасам 13 дөн 20 мүнөт өтүптүр. Күндүн бүркөгү кайра жакшы. Асманыбыз тынч болду.

Айланада кооптуу, коркунучтуу табыштар байкалбайт. Тиги, чоң жол менен өтүп бараткан аскерлердин бака-шака табыштары кулакка үйүр. А артыбызда, кыйчалышыраак сол жагыбызда алыстан дүңгүрөгөн согуш дүбүртүнүн бизге тиешеси жок. Майор Дурдыевдин берген маалыматы боюнча, коңшу фронттун жоокерлери согушуп атат. Баарынан тыңгылыктуусу, бая эртең менен дүпө-дүп, дүпө-дүп карсылдашкан жагыбыз тумчугуп калганбы, Кудай жалгап, шырп этпейт.

Опур-топур басылып, бардыгыбыз кең-кесири ойдогудай жайлашып, эми көп күндөн берки жан чыйпылдаткан, уйку качырган, шай оодарган коркунучтуу түйшүктөн жабыркап келаткан денибизди сеп алдырууга да, кудай жардам берсе, кезек келгенсип тур.

Биз, Баранов экөөбүз жаңы эле үйгө кирип, сырткы кийимдерибизди чечинип атсак, артыбыздан чуркаган бойдон Посохов келип, Александр Михайлович экөө кучакташып калды. Бул эргул дивизионго азык алганы келиптир. Тиги экөөнүн сагынгандары жазылгандан кийин, мен Посоховдон: «өз ордуңа келесиңби, же дивизиондо каласыңбы?» десем, ал: «мүмкүн болсо, үйрөнгөн коллективиме, өз кесибиме келейин, өзүңүздүн карамагыңызда болоюн» деп, ымандай сырын айтып өтүндү. Эгер Цагарейшвилинин оюна койсо, жиберүүчү кейпи жок экенин да эскертти.

Ефимдин тамагын сен деле сагынгандырсың, старшина, отуруп биз менен кошо конок боло кет деп, Посоховго эскертип атканымда, Чистов булоолонтуп ысык тамагын алып кирди.

– Висланын кашатында чогулуп ичкен кечки тамактан, Одердин кашатындагы түшкү тамакка дейре туура жыйырма эки күн өтүптүр, жолдош начальник,– улук лейтенант Баранов ордунан тура калып, Чистовго жардамдашып, столго немистин тарелкаларын коюшуп атып, – Сиз уруксат берсеңиз азыркы ишти наркомдун жүз граммы менен коштосок дейм. Анткени, бул аралыкта кандуу согуш өтсө да, аман калып, бүгүн кайра баш кошуп отурабыз. Бул биринчи себеп, экинчиси Германиянын территориясына киргенден бери бизге капитан Бычков оозго ичкилик алууга тыюу салып, тартипти катуу кармап, көзүбүздү кызартты эле – деди. Бычковдун мындай буйругун укпаптырмын, буга ичимден ыраазы болдум. Анын буйругун так аткарып келгендери үчүн жоокерлериме чоң ыракмат айтып, Александр Михайловичтин өтүнүчүн канааттандырдым.

Аш үстүндө, мен алардан бөлүнгөдөн бери биринчи эшелондо эмнени башымдан өткөргөнүмдү төкпөй-чачпай айтып бердим. Менден чала калгандарын Посохов толуктап бүтүрдү.

Полктун экинчи эшелону эки сапар душманга кабылганы, биринде поляктардын жашыруун армиясы менен Украиндын Бендерачыларынын биргелешкен отрядына капыстан кечкурун жолугуп аткылашканда улук лейтенант Богомолов, дагы бир солдат окко учуп, Ноприюк дайынсыз жоголгонун, экинчи жолу адашып калган немис аскерлери буларга кабылып, биздин жоокерлердин жаадырган окторуна чыдай албай, кол көтөрүп, булаанга түшүп бергенин Баранов баяндап, ошондой учурда Ефим Чистовдун калтаарыбай кайраттуу согушканын бөтөнчө белгилегенде, Чистов:

– Коюуңузчу, жолдош улук лейтенант, жөн эле мактай бербей, мен эмне, Сизден артык урушуптурмунбу? Сиз «ураа!» деп чуркаганда, мен башка солдаттарчылап эле, Сизди ээрчип чуркадым, – деп чычалаган болду.

Деген менен, бул маалыматтардан менин жоокерлерим абийирдүүлүк менен согушканына ичимден ыраазы болуп, «койго келген жат эчкидей» арам шайтан Оноприюктун табышмактуу жоголушу кээ бир окуяларды эске түшүрүп кооптондурду.

– Азаматсың сержант Чистов, бул эрдигиңди Мекен унутпайт, мамлекеттик сыйлыкка татыктуу болупсуң – деп, мен Чистовго колумду сунуп, анын колун бекем кысып, анан улук лейтенант Барановго бурулуп,– сага да Сашка чоң ыракмат, карамагыңдагы жоокерлерге үлгү көрсөткөнүң үчүн. Бирок Оноприюкту кантип, байкабай калдың? Акопянга кандай жооп бересиң?

– Мен жоопкерчилигимден баш тартпайм, жолдош майор, күнөөм болсо, көтөрөм. Иштин жагдайы мындай болгон. Поляктардын бир кичине кыштагынан чыга бергенде капитан Бычков офицерлерди чакырып: «биз маршрут боюнча коноор жерге кечигип баратабыз, мен авто унаачандарды алып алдыга барып, конуш чалып турайын, силер тезирээк бастыргыла деп, жөнөп кетти. Күн батып бараткaнда биздин жол токой аралап калды. Колоннанын башында Кабаков, мен, Кондрашов, аягын артып Богомолов келаткан. Капыстан сол капталыбыздан автомат үнү чыкканда, куветке жашынып, биз да автоматтарыбызды бадыратып коё бердик. Карасам, душмандар карагайдан карагайга чуркап жашынып, бизге чабуул жасап келатышат. Ангыча болбой, биздин колоннадагы ок бүрккүчтөр ишке киришип, жаадырган октору токойдун ичин жаңыртып жиберди эле, душмандар токтоп, кар үстүнө жатып, автоматтарынын үнү сейректей түштү. Ан сайын биздикилер эс-акылын жыйып, күчүбүзгө келип, таамай ата баштадык. Бир оокумда арт жагыбыздан автомат, ок бүрккүчтөрдөн ок дабыраткан катуу табыштары чыгып, душман жаткан токойду көздөй аскерлер ураалап жамырады. Артыбыздан келаткан кошуундун жоокерлери экен. Алардын деми

менен биз да ордубуздан туруп, чуркадык эле, душман калың токойго кирип житип жоголду. Уруш токтогондо аянтты тинтип Богомоловдун, дагы артскладдын бир солдатынын өлүгүн таптык. Өлгөн душмандарды карасак немистер эмес эле, поляктар, украиндиктер экен. Ар бир бөлүкчөбүз өздүк курамын түгөлдөсөк, бизден Оноприюк жок. Башкаларынын баары аман. Анын өлүгү да токойдун ичинен көрүнгөн жок. Биз атакага көтөрүлгөндө Оноприюк да чуркап баратканын бир солдат байкан калыптыр, бирок ар ким өз жаны менен алек болуп жүргөндө, анын андан нары эмне болгонун, же душмандар менен кошо кеттиби, же ок тийип, өлүгү бир аң-чөнөккө кулап, күүгүмдө табылбай далдада калдыбы, ким билет? – деди. – Мындай жагдай Оноприюкту көз көрүнөө чыккынчылыктан кыйла жеңилдетет, бирок толук актай албайт. Өлүгү табылса бир жөн эле.

Барановдун маалыматы аяктаары менен түшкү тамак да бүттү. Карынды кампайтып, санаа бир жагдай болуп, сыртка чыксам, пай-пай-пай! Жанагы ээн Цибинген кайда?

Подполковник Иванов бизди, кыштак ээн кезинде ыңгайлуу жерине жайлашып алгыла деп, көзү ачык немедей эскерткен белем, даяр ашты ичүү мөөнөтү бүткөнчө Цибингенге жайгашчу кошуундар жык толуптур. Ээн короо жокко эсе. Машинелешкен аскер бөлүктөрүнөн болсо керек, чеп бузар оор замбиректер, мотордуу замбиректер, танкелер, катюшалар, бронетранспортерлор, шаарчанын четиндеги токойду ээлеп алыптыр. Мунун бир жагы жакшы дечи: кокустан душман кол салса, оң таппас жообун алат, экинчи жагы биз үчүн тынчы жок жай болушу мүмкүн: душмандын аба чалгыны, же болбосо, жер үстүндө шимшилеп жүргөн жортуулчулары мынча кол, мол техникасы менен, котолошуп жатканын байкаса, немистердин асмандан түшчү «белектерин» күн дебей, түн дебей күтө бер!

Бул кошуундар биздин полк командирине баш ийбейт, Бычков экөөбүздү тоотуп коймок беле?! Айла канча? Конушубуз ак жолтой, тынч боло көр деп Кудайга жалынгандан башка чара жок.

Германияда кыш дайыма эле ушундайбы, же быйыл эле ушинтип атканын ким билсин, Россия менен Белорусиядагы кышкы аяз бул жерде сезилбейт. Бул жагынан биздин Кыргызстандын Чүй өрөөнүнө окшоп кетип атат, бирок абасы андан нымдуу. Күндүз жол үстүндөгү, арык-ченөктөрдүн күнгөйлөрүндөгү карлар, күн бүркөк болсо да ымышып, кеч-куруун нымдуу аба тумандап, жакаңдан кирип ичиркентип итиркейиңди келтирип турат экен. Биз Цибингенге толук жайлашып бүткүчө мына бүгүн да кечекидей эле тумандуу, нымдуу кеч салаңдап түшүп келди. Ошенткенине карабай таза тамга жатып, муздак тердей денеңди чыйрыктырган нымдуу сууктан бүгүн кутулдук белем. Немистин брикет көмүрүн Чистов аябай жаккан экен, үй ичи жайкы жулуулукту элестетти. Айрыкча бир айдан ашык жакшылыктуу үйдө жамбашың жантая элек мен үчүн, өзүнчө эле бир санаторийде эс алгандай сезилди. Немистин куш жаздыгына тиери менен уйкуга кеткен экенмин, көзүмдү ачсам, үй ичи кадимкидей жарык, короодо түйшүгү менен алек болуп жүрүшкөн жоокерлеримдин тааныш үндөрү чыгат.

...Ошентип, коргонуу мезгилдин биринен экинчиси аз айырмаланган күндөрү зымырап өтүп атты. Бир жумага жетпей Цибингендин ичи ээндей баштады. РГКнын[1] баягы оор куралдуу кошууну бир жакка көчүп жоголду. Кар эрип, жер бети ачылып, күндөн күнгө тоборсууда.

Устав боюнча айланабызды чалгындап, таанышып атабыз. Бир күнү начхим Коптев, начсан капитан Кабаков жана мен үчөөбүз, Чистов таап келген фаэтонго[2]

[1] РГК – Резерв Главного командования – Сталин башкарган ставкага түз баш ийүүчү кошуун.

[2] Фаэтон – жеңил машиненин салонундай чүмбөттөп жасалган араба.

түшүп алып реконгносцировка жасап жүрүп, Цибингендин чыгыш түштүк тарабындагы бир токойго кууш темир жол киргенин көрүп, аны бойлоп жарым километрче барсак, үч почтовагону чиркешип жолдо турат. Айланасында токойдон башка эч неме байкалбайт. Начхим, сапердук техникадан кабары бар неме, вагондорду тегерете карап чыгып, шектүү нерсе таппай, четки вагондун бирөөнүн эшигинин пломбасын акырын чечип, бир аз эшикке кулагын такап тыңшап туруп, анан эшикти шарт ачып жиберип, өзү секирип барып куветке жыгылды. Аны туурап биз да жата калдык. Жымжырт. Мина жок экенине ишенип, вагонго кирсек, ичи толгон злоты – Польшанын акчасы экен. 50–100 злотылык кагаз акчалар жүздөн-жүздөн пачкаланып, көгүш тасма кагаз менен бооланып, коробкаларга салынып, таңгак-таңгак болуп, полдон шыпка дейре тизилген. Калган эки вагону да жык толгон!

Мына сага миллиард-миллиард злотылык байлык! А ушул акчалар биз Польшада жүргөндө кезиксечи! Бир эле таңгак злоты менен ыңкыган бай пандын короо-жайын чарба-марбалары менен кошо сатып алууга болоор эле. Эми булар, бул жерде көчүк аарчычу кагаздан барктуу эмес. Табылгабызга айла жоктон күлүп, «бу да болсо, согуш олжосу. Шыбагабыз ушул экен, колго ырым болсун» деп, үчөөбүздүн ар бирибиз элүү миңден злоты алдык. Чистовго канча алсаң өз эркиң деп, жайына койсок, жонбаштыгы толгуча солоду, куураган солдат. Өмүр бою мынча көп акча көрбөсө керек?... Кыштакта өскөн Чистов тургай, шаарда айлык алып, иштеп жүргөн берки үчөөбүз деле жарытылуу акча көрбөппүз. Злотыларды чөнтөктөрүбүзгө, коюн кончторубузга солоп атканда, Коптев:

– Маркум начфин тирүү болгондо, мынча байлыкты эч кимибизге ыраа көрбөй, үч вагонду тең «өзүм сүйрөйм, силер кеткиле!» дейт беле?. Антпесе да, көзү кы-

зарып, жок дегенде фаэтондун ичин акчага толтурмак? – деп, бизди күлдүрдү, анан Кабаковго кайрылып – еврей деген акча-тыйынга кароо болот дейт, ачкадан өлгөн еврейдин колтугуна кол салсаң, тутам толгон акчага урунат дейт, капитан, майор экөөбүздөн тартынбай эле каалаганыңча ала бер! – деп мартсынып колун серпти эле, Кабаков ага дароо:

– Еврей ит эмес, жолдош капитан, ар бир бокко жутуна бергендей – деп, салабаттуу, бирок кесе жооп берди.

– Бир нөл, капитан Кабаковдун пайдасына – деп, мен аягын тамашага айландырып кеттим. Коптев Кабаковдон мындай сөздү күткөн эмес окшойт, дароо жооп таба албай буйдала түштү. Еврейлер жөнүндө кандай гана анекдотторду угуп, чойкулак болуп бышкан Кабаков, адатынча бети башын тырыштырып, ыржайып, болоор-болбос сөздөр менен жооп кайтарып, колу менен чымын айдагансып тим болот десе керек?! Ойлобой олдоксон айткан сөзү үчүн Коптев кечирим суроого мажбур болду. Ал Кабаковду кордоо үчүн эмес, тамаша үчүн айткамын деп карганды. Кичинекей чекилешүү ошону менен бүттү.

Олжолорубузду алып бүтүп, темир жолду бойлоп, токойго дагы тереңдеп кирип, бир кичинекей тумшукту бурулуп өтүп, капыстан бир имаратка барып такалдык. Тегерегин тикенек зым менен курчаган, төрт бурчунда кароолчулар тура турган мунарасы бар бир чоң, сүрдүү имарат экен. Темир дарбазасынын бет маңдайында чакан үй турат. Дарбаза чала ачык. Айланада эч ким көрүнбөйт. Тырс эткен табыш угулбайт. Бизди көрө калып, дарактан даракка учуп шакылыктаган сагызгандын үнү токойдо алда кайда жаңырык салды. Төртөөбүз тең кайда келип калганыбызды билбей, чочуп, автоматтарыбызды мыкчып, фаэтондун далдасына жашынып, туруп калдык. Беркилер канткенин билбейм, менин бүткөн боюм дүркүрөп, алда кайда жаман ойлор мээмди быжыратып, төбө чачым тик туруп кетти. Бугуп жаткан душмандар

көтөрүлсө, төртөөбүздүн колубуздан эмне келет? Ажал айдап келген экен деп, өлүмгө камынып, бирок тигилерге сырымды билдирбей, имаратка, кичине үйгө көзүмдүн бардыгынча тиктеп карасам, жымжырт. Тирүү жандын белгиси көрүнбөйт. Кишинин изи жок. «Эгер кишилер болсо, токойдо тоборсуй элек, көпкөн топуракка из түшөт эле го?» деген күдүк ой кайраттандыра баштап, аны жолдошторума шыбырасам, алар да акылын жоготуп, дал болуп калышкан экен, эс-учун жыйышып: «ырас эле из көрүнбөйт. Сыягы кар кете электе эле таштап кетсе керек» деп, Коптев биринчи болуп менин оюма кошулганда, муун-жүүнүм чыйралып, фаэтондун артынан алдыга бир кадам шилтедим. Чистов аттардын далдасында өңүттөп, чакан үйдүн эшигинин алдына барып, каалганын топсосу жагына жашынгандан кийин, Коптев: «Хенде-хох!» деп бакырды эле, токой ичи жаңырыкка толду. Шакылдаган сагызган уча качып, алыска барып конуп, кайрадан биз жөнүндө жар салгандар бирөө эмес экөө болду. Петронун кыйкырыгына сагызгандардан башка жооп кайтарган жан болбоду. Чистов каалганы шарт ачканда, Коптев секирип барып, аңырайган тешикке автоматын бир ирмемче «тырт» дедирди. Кабаков экөөбүз чала ачык темир дарбазаны кароолго алып, ал тарапка чуркадык. Жымжырт. Петро менен Ефим үй ичине баш багып, дароо бизди карай чуркашты. Биз, Давид экөөбүз дарбазанын жылчыгынан өтүп, короонун ичине кирип калганбыз. Дагы эле жооп жок. Ээн калган жай экенине ишене баштап, төртөөбүзгө тең кайратыбыз кайтып, эми шыбырашпай кобурашып, ошентсе да «сактыкта .кордук жок» деп, эки-экиден бөлүнүп, чоң имаратты тегерете каршы-терши айланып чыктык. Эч ким жок, ээн. Жерде из да көрүнбөйт.

Пайдубалы бийик, терезелери жоон жумуру темирлер менен тордолгон чоң имараттын дарбаза жак дубалын бойлото тектир көтөрүп, цемент түркүктөр менен шы-

бын тиретип айбанча салган. Дубалдын эки жеринде кош каалгалуу жазы эшик. Имараттын кебетеси атайын склад үчүн салынганы, айланасын катуу кайтаруу үчүн тикенек зым менен кашаалап, кароол мунара орноткону, абдан баалуу буюмдарды сактоочу жай экенин өзү күбөлөп турат. Айланасынын тазалыгына караганда, немистер акыркы күндөрүнө дейре кайтарып турган белем?.. Биздикилерден бул жерде эч ким болбосо керек – каалгаларындагы пломбалар ошол бойдон. Көрүнөө душман жок, ээн калган кампа экенине толук көзүбүз жетип, жолдо тапкан олжобуздан улам, немистер акчасын каткан жай болбосун деген ойго келип, складдын ичиндегилери кызыктырды. Бул сапар да капитан Коптев инженердик билимин пайдаланып, көмүскө душман – мина бар-жок экенин билиш үчүн каалганын жылчыктарын шыкаалап, пломбаларды, камырдан кыл суругандай кылдаттык менен чечип, жиптерин кыркып, Чистов экөө кулпуларын күчкө салып жулуп, бир эшикти ачышты. Ичине кирсек, химиядан коргонуу жабдыктар экен. Бир аз шаабайым сууй түштү. Арасынан киши өткөндөй жол калтырып, жасалган кабат-кабат текчелердин бирөө да куру эмес. Үчөөбүз көп буюмдун атын билбейт экенбиз, а начхим алтындын кенчин тапкан немедей сүйүндү. Оозун ачып, тамшанып таңыркайт. Улам бирөөнү алып, бүрөөнү коюп, бизге химиядан коргонуу боюнча лекция окуй баштады. Биз шаштырбасак ал убакытты унутуп, Биринчи дүйнөлүк согушта немистер англис аскерлерине каршы химиялык куралды биринчи колдонгон – деп тарыхка кирип бaратат.

– Жолдош начхим, – мен Коптевге саатымды көрсөтүп, – кеч кирип баратат, жол алыс, калганын жолдон айтып бер – деп араң токтоттум.

Экинчи эшиктин кулпусун бузганыбыз жок, анткени эшиги экөө болгону менен ичи бир эле үй экен. Баарыбыздын көңүлүбүзгө жаккан буюм – уй терисинен ий-

ленгеп калың булгаарыдан жасалган алжапкыч болду. Өзү калың болуп туруп, мээлейдей жумшак булгаарыны биринчи көрүшүм. Мен эки даана, Кабаков бирди, Чистов бешти, а Коптев үчтү жана эки комплект жеке коргонуу кийим-кече алды да, жолубузга кайра түштүк. Кызыгып отуруп алыс кетип калган экенбиз, үйгө жеткиче күүгүм кирди.

Бүгүнкү биздин олжобузду Бычков угуп, биз менен кошо барбагандыгына өтө кейип, эртеси он солдатты машинесине салып, Коптев экөө биздин маршрут менен түшкү тамактан кийин кетишти эле, кечинде куру кол кайтышты. Булар жеткиче башка кошуундардын эргулдары талап кетиптир. Вагондор бош, злотылардан дайын жок, а химскладда противогаздар, комбинезондор,[1] резинке өтүктөр, темир-тезек куралдардан башка эчтеме калбаптыр.

Дагы бир күнү, Посохов кайтып менин карамагыма өткөндүн эртеси, Чистов экөөнү, чарба взводдун үч арабасын кошуп, ооруктагы немис кыштактарынан жем таап келүүгө жиберсем, Чистовдун колуна немистердин адашып жүргөн 21 солдаты түшүп бериптир. Аларды айдап келип, биздин заградотрядга[2] тапшырышыптыр.

...Алдыңкы чегибиз канчага дейре тынч болоор экен, азырынча бизди кытыгылай элек, тек гана «мен бу жердемин, мен тирүүмүн» дегенсип, душман кез-кези менен жалгыз-жарым замбиректеринен, ок бүркүчтөрүнөн үн чыгарып коёт. Ошенткен менен согуш чалгындарынын маалыматтары боюнча, душман күндүр-түндүр тынбай фортификация иштерин жасап атат имиш. Биринчи траншейден баштап, Берлинге чейин чолоо жер койбой казып ДОТ, ДЗОТтордун, ок-дарылардын, азык-түлүктөрдүн жер астындагы складдарын, жаңы ангарларды[3]

[1] Комбинезон – күрмөсү менен шымы бириктирилип тигилген кийим.
[2] Заградотряд – майдандан качкан аскерлердин жолун тороочу отряд.
[3] Ангар – самолетторду ондоочу жай.

жасашып, бардыгын электрлештирип аткан имиш... Миңдеген-миңдеген булаанчыларды, туткундарды жана өздөрүнүн саясий камактагыларын кыйнап иштетип атат имиш. Булардын канчасы чын, канчасы дезинформация[1] экенин бир Кудай билбесе, ырастап берүүчү киши жок. Деген менен бул имиштер биздин аскерлердин жоопкерчилигин ого бетер күчөтүп, биз да бекер жаткан жерибиз жок. Биздин коргонуу чептерибиз да инженердик илимдин акыркы жетишкендиктерине таянып, контрачабуулдарга каршы чараларды көрүп атат. Тыным жок иштеп атабыз.

Биздин ооруктагы кыштак, шаарларда калган немистерди майдандын алдыңкы чегинен 25 км алыс көчүрүп, турак жайларын аскерлер көзөмөлгө алышты.

Бир күнү, февралдын экинчи жарымы болуп калган эле, полктун «смерши» капитан Акопян, экинчи эшелондун офицерлеринен отряд уюштуруп, биздин зонага караштуу ооруктагы немистердин турак жайларын текшерип келүүгө жөнөп калдык. Бычковдун «Студобеккеринин» кузовуна офицерлерден тышкары 10 солдат батты.

Биздин аскерлер турган кыштактарга, шаарларга токтобостон, көбүнчө ээн жерлерден, токой арасынан орун алган бүргерлердин, токойчулардын жана башка журт безерлердин жолбун үйлөрүн текшерүү биздин негизги максатыбыз болгондуктан, чоң жолдордон обочолоп, көбүнчө токойлорду артууга тырыштык. Заградотряддын артындагы зонадан токой ичиндеги бир чакан кыштакка кабылдык. Бар болгону 13 үйдөн турган кыштакта бүргердин токой жумушчулары жашайт экен, биздин аскерлер токтобопур. Тургундары бизди көрүп, чочуп кетишти. Бизге окшогон жолбун «коноктор» тажатса керек? Жалаң чал-кемпир. Жаштары көрүнбөйт. Улук офицерлер машиненин жанында калып, кенже офицерлер солдаттарды ээрчитип үйлөрдү тинтүүгө жөнөштү.

[1] Дезинформация – атайын жалган маалымат таратуу.

Биринчи кезиккен чал менен машиненин жанында, Акопяндын тилмечи аркылуу, сыпаагерчилик кылып, ал-жайын сурап, чар-жайыт сөздөр менен пикир алыша баштадык эле, чал калтырап жакшылыктуу жооп бере албай жаткан абалына, боорубуз ачып атты эле. Аңгыча болбой, жаныбыздагы үйдөн эки кемпир чыгып, бирөө өтө эле олдоксон аксап, экинчиси чоң кара көз айнек тагынган неме жерди карап бүжүрөп маңдайкы, солдаттар текшерип чыгып кеткен үйдү карай басып бараткaнда, Акопян капыстан аларга токтоого буйрук берди. Анда Бычков кийлигишип:

– Эмне кыласың өлөсөөлүү кемпирлерге кыйкырып, штандарын булгап салбадыбы деп, Акопянга күлө баштаганда, чал ого бетер мукактанып, жалына баштады. Бычковдун сөзүн ээрчип мен да, жылмайып келатып, чалдын безеленгенинен улам, Акопян бир шек билди белем деп, мостоё калдым. «Смерш» майор Бычковго бурулуп туруп:

– Эчтеке эмес, жууп алышат, жаш эмеспи – деп жооп кайтарып, кемпирлерге жанына келүүгө буйрук бергенде, тилмечи барып, колдон алып жетелеп аларды алдыбызга алып келди.

– Беткебиңерди шыпыргыла! – Акопян сурданганда, тилмечи анын буйругун которуп бере электе эле тигилер өздөрү баштарынан кепти сыйырды эле, карасам, мотурайган жаш кыздар! Азыркы эле мастан кемпирлер көз ирмемде кубулуп кыз боло калганга таңыркап, Бычков оозун ачып дал болуп калды. Ошондо тили устарадай Коптев Бычковдун жанагы боорукердигин табалап:

– Эки штан жуумак болдуң ээ майор – деп, күлүп атканда немис чал:

– Mein Gott, mein Gott[1] мен күнөөлүмүн. Солдаттар жадатканынан кубулгула деп, мен үйрөткөм. Экөө тең менин неберем. Айланайындар, буларды тирүү кал-

[1] Кудайым-ай, Кудайым!

тыргыла?.. Мени аткыла! – деп, Акопяндын өтүгүн кучактап, алдына жыгылды. Акопян эңкейип, чалдын колдорунан бутун бошотуп, өөдө тургузуп:

– Эч кимиңерди атпайбыз, биз фашист эмеспиз. Чыныңарды айтсаңар биз эч кимге тийбейбиз. Баарысы закон боюнча болот,– деп тилмечи аркылуу чалды сооротуп, анан кыздарды суракка алды. Калгандарыбыз күбө болуп турдук. Акопяндын суроолоруна кыздар тартынып мукактанып, чоң атасын карап алып, кайра жер тиктеп, кыйналып, айтайын дегендерин айта албай, чекист тургай карапайым офицерлер – бизди: начхимди, начсамды жана мени кызыктырды. Менин оюм бул аймакта немистердин партизандары бар болсо керек, булар ошолордун жер тыңшаарларынан болсо керек деген коркунучтуу окуяларды элестетти. Акопян, көп жылдан бери чекисттик кызматта иштеп, дасыган неме, эмне ойлоп атканын ким билсии? ...Ал сурак тактикасын өзгөртүп, оң колун белкурундагы тапанчасынын кабына таяп, үнүн катуу чыгарганда, чал чебелектеп: «чыныңарды айткыла, уялбагыла, мен уруксат берем» деп, кыздарына жалынып жалбарып Акопяндын астына кайра жыгылды. Кыздар чоң атасынын кор болуп, тигинин өтүгүн күчүкчө жалаганына эти ачыдыбы, ким билсин, беттерин басып чаңырды:

– Силердин солдаттарыңар зордуктап, абийирибизди кетирди... ата-энелерибиздин көзүнчө... кезектешип... Анан кантебиз?.. Жан айласы үчүн... Кыздар алакандары менен беттерин жапкан бойдон шолоктошту. Тилмеч булардын сөздөрүн толук которуп бергенде, чал ордунан тура албай жатып, башын көтөрүп, Акопянга кайрылып:

– Туура айтышат мен күбөлөйм – деп, көйнөгүнүн алкым топчусун чоюп, төшүндөгү салбыраган сары кресті колуна алын өптү эле, демитип сурак кылып аткан Акопян, жооп таба албай, бир аз селдейе түштү. Капитан Кабаков ичинен бирдеме күбүрөп бетин буруп,

тескери карап кетти. Мындай айбанчылыкты жакында эле жолдо көп кезиктирген капитан Коптев бизге угуза сөгүнүп жерге түкүрдү. Мен буга жийиркенсем да, жанагы жаман оюм ордунан чыкпай калганына ичимен тобо келтирип, жүрөгүм ордуна келди. Капитан Акопян, аша чаап кеткенин өз ичинен мойнуна алса да, немистерге сыр алдырбай суроолорун жымсалдап берип, акыры корутунду чыгарды:

– Баары бир, силерге толук ишениш үчүн силердин территориянын комендатурасына алып барып, атайын текшерүүдөн өткөрөбүз. Ак болсоңор дароо үйүңөргө жиберебиз. Согуш мезгилинин законуна баш ийиш керек, башка айла жок.

Муну уккандан кийин чалдын сөзү да, кыздардын ыйы да басылды. Немис калкынын бир бөтөнчөлүгү «Ordnung»[1] деген сөздү укканда баласы да, чоңу да кыңк этпей баш ийет экен. Өз таламын талашып, кажылдашып отурбайт экен!.

Акопяндын сурагы бүтүп, чалды кыздары менен машиненин кузовуна отургузуп атканда үй тинтүүгө кеткен жоокерлерибиз иштерин бүтүрүп: 3 радио кабыл алгыч, 2 кош ооз мынтык, 5 фотоаппарат таап келишти.

Ал күнкү экспедициябыз ошончо олжо менен аяктады. Жолдо комендатураны таап, үч немисти тапшырып жөнөп кеттик.

## – 14 –

Жаз бул жакта Россияныкына караганда кыйла эрте келет экен. Февралдын экинчи жарымында эле жаздын белгилери толук келе баштады. Айдоо аянттардын бети ачылып, жер тоборсуп, күздүктөр баш көтөрүп калды. Токой ичи күндөн күнгө көгөрүп, асман булутсуз болгон күндөрдө үстүбүздө биздин самолёттор эртеден кереэли

[1] Ordnung- закон, мыйзам.

кечке чабалекейче ойкуп-кайкып күзөтчүлүк кылат. Кез-кезде душмандын самолёттору менен кармашып, моторлор озондогондой болсо, кулагыңдын ичин дүңгүрөтүп тундуруп жиберет. Кайсы бир учурларда немистердин самолёттору чектен өтүп келип бомбу таштап да кетет. Андай учурларда биздин зенитчилер такылдатып аткылай берип, аларды бутага жеткирбей, бомбуларын тушкелди жакка таштоого мажбур кылышат. Баарысы тең ошенте бербейт дечи. Кээ бир бомбулар мелчемдүү жерге түшүп максаттарына да жетишет. Согуш деген согуш, айла канча?..

...Марттын башынан тартып, майдандын алдыңкы чектери да аракеттерин күчөтүп атат. Эртеден керээли кечке, бирде замбиректер, мина бүркκүчтөр күркүрөшүп күчөшсө, бирде ок бүркκүчтөр, автоматтар туш-туштан коргошундарын шыбыргактатып убара кылат. Түнкүсүн да тынч эмес. Эки тарап тең тирешип, бири-биринин күчүн сынап, сырын тартууда.

Радиодон уккан кабарлар жакшы. Биздин аскерлер 15 февралда Будапешти бошотуп, Балатон көлүндө душмандын ири колун талкалап, Венгриянын батыш чек арасына жакындап калыптыр. Союздаштарыбыздын аскерлери немистер тарабынан каршылык көрбөй, чыгышка шыдыр келатыптыр.

Душмандардын мындай аракеттеринен: «Батыш союздаштар жерибизди алса алсын, асты Советтерге Берлинди бербейбиз? деген чечими барбы деп, ойлоого да болот. Айтор, жаз келгенден бери согуштук аракеттер күндөн күнгө жандануда.

Душман күн сайын биздин плацдармды бомбулап, артиллериясы менен аткылап, кез-кезде аскерлерин атакага көтөрө калышчу да болду. Ийгиликке ээ боло албаган менен биринчи траншейди коргоп аткандарга бүлүк салым, тынчытпас болду. Баягы Витебскинин алдындагы урушка окшоп, жылыш жок, чыгым көп болуп

баратат. Кечээ Цибингендин чыгыш жагындагы ачык талаага Цагарейшвилинин мина бүрккүч куралынын командири жана баягы, немис учкучун суракка алганда, тилмеч болгон улук сержант Янкелевичтин сөөгүн коюп атсак, биз такоолдогон полктун 18 солдатынын сөөгүн алып келишти.

Октон, душмандан өлгөндөр аз келгенсип, бөөдө чыгымдар да болуп атат. Бүгүн биздин экинчи эшелондо эки кокустук болду. Бирөө, баягы былтыр жай башында аттарга чөп даярдоо үчүн Калуга облусуна үч солдатка башчы кылып жиберген старшина. Экинчиси чарба взводундагы кир жуугуч кыздардыи бирөө. Экөөнүкү тең атайын ойлоп тапкыс өлүм.

Старшина бирге кызмат өтөп жүргөн солдаттар менен үзбөй кат алышып жүрүптүр. Биздин кийинки чабуулда душмандын кыштактарын, шаарларын тоноп, олжого марып, солдаттар күнүгө посылка салуу менен алек болуп, байып аткандарын каттан окуп, олжо алганы Оканын боюнан Одерге дейре жалгыз жетип келиптир. Кечээ ал менде болуп, тапшырманы 400% аткарганын, менин карамагымдагы сийгек солдат Суслов демобилизацияга кеткенин, жумуштун көбүн менин солдатым Жалмаганбетов экөө аткарганын, анын ден ссолугу жакшы, ар кандай иштен баш тартпайт, каяша айтпайт деп, жакшы иштеген солдат экенин мага мактады эле. Бүгүн 8-чи мартты шылтоо кылып, өзүнүн взводундагы эски жолдоштору менен бирге ичишип, мас болуп алып, немистин велосипедин минип, тойролоңдоп чоң жолго туурадан чыга калып оор замбирек сүйрөп келаткан тракторго өзү барып бир тийип, замбиректин дөңгөлөгүнүн астындагы калыптыр.

Ой тобо-о! Кудай маңдайыңа эмне жазса, ошону көрөсүң деген чын белем? Былтыр жайында, ошол кездеги полк командиринин оорук боюнча орун басары майор Головинге канча мертебе албарстыдай жалынып- жалба-

рып: «карымын, оорулумун!» деп, ыйлап-сыктап атып, согушу жок тынч жакка жанын ала качып кетти эле. Эми карабайсыңбы! Майдандын чегине бир нече миң километр алыстан ач көздүк, дүйнөкорлук айдап келип, октон бомбудан өлбөй, арактын кесепетинен зыянга учурап олтурат. Демейде полк командири буйрук берсе да келмек эмес. Олжого көзү кызарып, нечен фронтторду жалгыз аралап, аман келүүнүн амалын тапкан неме, келбестин амалын оңой эле тапмак! Бирок ажалдан кутулуу амалын таба алган жок!

Шордуу кыздын тагдыры деле, ойлоп келсең, тирүүлөргө сабак болчудай. Жаштык кылып, канынын кызыганына чыдай албай, денеси делөөрүп, эркекти эңсөөсү мээсин тумандатып, көзүн жумдуруп, бүт турпатын эритип, өзүн жоготуп коюу кесепетинен боюна болуп калыптыр. Махабаттын мүнөттүк жалынына чогуу көйкөлүшкөн жигити кыздын кийинки абалын укканда безге сайгандай чочуп, жаа бою үркүп, «мен эмес башка бирөөлөр менен ойноп алып, мага жалаа жаппа» деп, кордогонуна ичи өрттөнүп, теңтуш кыздары менен кеңешип, бул жагынан тажрыйбасы бар санинструктор Таняга келип жардам сурайт. Таня өз башынан мындай кордукту, басмырлоону өткөргөн неме, тиги кызга чыны менен боору ооруп, күзүндө өзү ичкен дарыны берет, бирок анын уулуу таасиринин кесепетин акырына жеткире ойлонбойт. Ал эми Таняны күзүндө өлүмдөн кандай аракеттер менен араң алып калганыбызды, окурман жогоруда окуган чыгаар...

Бул сапар Таня дарыдан уугуп бараткан кызга өзү жардам бере албай Кабаков менен Кондрашовго айтуудан коркуп, жашырат. Натыйжада эртең менен чарба взводунун командири кир жуугуч кыздардын бирөө түндө жоголгону жөнүндө майор Бычковго рапорт жеткирет. Экинчи эшелон бүт «тревога!» боюнча тегеректи тинткилеп, санчасть жайгашкан үйдүн подвалынан кыз-

дын өлүгүн табышат. Капитан Акопяндын башын көп оорутпай, биринчи эле суракта биздин көзүбүзчө Таня күнөөсүн мойнуна алып, окуянын чоо-жайын төкпөй чачпай айтып берди. Танянын бул «табыпчылыгына», кудай жалгап, санчастын фельдшери улук лейтенант Кондрашов да, менин фельдшерим улук лейтенант Баранов да катышпаптыр.

Саркис Авенесович Акопян акты, караны жакшы ажырата алган, башынан көп нерсе өткөргөн ак көңүл киши экен, айдан ачык, күндөн жарык даана белгилүү болгон бул ишти тумандатып отурбастан, кыз өлүгүн көргөн күбөөлөр катары Бычковго, мага, Кабаковго, Коптевге кол койдуруп, протоколун планшетине салгандан соң, Таняны  солдатына айдатып сыртка чыгарып жиберип, биздин пикирлерибизди укту да, баарыбыз Таня тууралуу оюбуз бир жерден чыгып «жакшы» деген баа бергенибизден кийин:

– Калыс жана адилет баа бергендигиңер үчүй ыракмат, жолдош офицерлер Танянын бул кызды өлтүрөйүн деген арам ою жок, кайра бетине көө тарткан уяттан, маскаралыктан куткарайын деген ак тилегин орундатуу жолунда кетирген кесиптик каталык деп белгилейм, мен. Ошондуктан Танянын жазасы, полктун санчастынын санинструкторлугунан бошотулсун жана старшина  деген аскердик наамынан ажыратылсын да, уруштун алдыңкы чегине жиберилип  катардагы  санитар  солдат болуп иштесин» деген өкүм чыгарамын. Бул өкүмгө полк  командири, анын саясий боюнча орун басары макул, силер тараптан буга каршылык жокпу?

Акопяндын мындай калыс өкүмүнө баарыбыз макул болдук. Кылмышын өзү мойнуна алган Таняны биз кантип толук актай алат элек? Байкуш кызга боорубуз ачыды, бирок жазалуу батальонго жибербей, өзүбүздүн полкто калтыргандыгы үчүн, өкүмдү укканда Таня өзү да сүйүндү. Ал байкуш катуу жазаны күтсө керек.

Киши өлтүрүш деген оңойбу?.. Акопян Таняны алып, полктун биринчи эшелонуна кетти. Экинчи эшелондун жоокерлери тиги эки өлүктү кечээки тааныш көрстөнгө алып жөнөдүк. Келсек, Янкелевичтин катары толуп, экинчи солго бир нече мүрзө түшүп калыптыр. Ар кандай бөлүктөрдүн солдаттарынын мүрзөлөрү. Жаңыдан кыр жаап келаткан күздүк эгиндин дөңсөө аянтын бузуп ээлеген жаңы көрстөн бүгүн эле аянттын жарымын алыптыр. Салгылашуу бул темп менен жүрүп олтурса, кудай уруп, жакынкы күндөрдө жаңы аянт тандоого туура келүчүдөй.

Үч күн өткөндөн кийин Биринчи дивизиондун бир солдаты эки жарадар ат жетелеп келип, бая эртең мененки дүпүлдөгөн салгылашууда аткычтар полкунун бир нече аскери окко учуп, бир далайы жарадар болуп, биздин полктон эки байланышчы жана жаңы барган санитарка кыз оор жарадар болушуп, госпиталга алып кетишкенин айтышты. Бизден дагы үч ат өлүптүр. Санитарканы сураштыксак Таня болуп чыкты. Байкуштун оң бутунун кашка жилигин минанын сыныгы талкалап өтүптүр...

...Ошентип, Таня үчүн согуш бүтүптүр! Мындан ары өмүрү бир Кудайдын колунда. Калгандарыбыздын алдыбызда эмне күтүп атканын эч кимибиз билбейбиз! Балким, ал байкуштун тагдырынан көбүбүздүкү оорураактыр? Бир Кудайга маалым...

Советтик информбюронун бир ооз сөзүнө татыбаганыбыз менен күндүр-түндүр тынчыбыз кетип, согуштун кандайрасынын нугун буза албай, эки тарап тең былчылдашып аткан бир нөшөр жаандуу күнү күүгүмдө жаан басылып, баткан күндүн акыркы шооласы асманда суюлуп, бириндеп бараткан булуттардын боорун куланөөк кылып бозомтук түскө боёп, анан күүгүмдөп өчүп келаткан мезгилде, батыш тараптан бир укмуштуу чарылдаган табыш чыкты дейсиң, капырдын үнү тим

эле кан сийдирип жиберчүдөй. Короодо турган элек, жанталашып подвалга кире качтык. Эс-учумду жыйып тыңшасам, асманда бараткан моторлордун үнү. Немистердин да, өзүбүздүн да самолёт табыштары көкүрөккө маалым, кулакка тааныш. Бул табыш эч кайсынысына окшобойт. Аңгыча болбой үч чагылган удаалаш Визенау жакка түштү, жер чайпалып, үй кычырап кетти. Там кулап, басып калабы деп чочуп, подвалдан сыртка чуркап чыктым. Менин жолдошторум Баранов, Чистов командасыз эле менин кыймылдарымды кайталоодо. Үчөөбүз тең кайра короого чыгып калыппыз. Посохов солдаттары менен короодо бирдеме жасап жүрүшкөн эле, алар подвалга үлгүрө албай сарайга кире качышыптыр. Бизди көрүп, алар да сыртка жамырашты. Чагылган түшкөн тарапты карасам, кашаттагы токойдун дарактарынын башына тиер-тийбес болуп, түндүк тарапка сызып бараткан үч самолёттун карааны күүгүм шоолада бүлбүлдөйт. Башта мен көрбөгөн килейген чоң, канаттары ак чардактардыкы сыяктуу бүкүрөйгөн далысына жабышкан кара самолёттор. Бир мүнөткө жетпей жаркылдаган чагылгандар Франкфуртту күркүрөттү. Асманды прожекторлор кайсалап зенит замбиректер тарсылдакка алышты. Тиги самолеттор бизге көрүнбөй калды, бирок бомбуларын төгүп, жер жаркылдатып атканына караганда, зенит замбиректерин тоотуп коюшпайт өңдөнөт.

Эртеси полк штабынан: «Кечиндеги самолёттор биздин союздаштардын «Летающая крепость» деген бомбулоочу самолёттору экен. Франкфуртту атайы бомбулоого келишиптир. Анын электростанциясын талкалоого бөлүнгөндөрү так ориентирин жоготуп, үч бомбуну жаңылыш биздин позицияга таштаптыр» деген кабар алдык. Франкфурттун электрстанциясы Визенаунун жанында экени, согуш сызыгы станциянын четки мору менен кыштактын чек арасынан өтөөрү чын, бирок үч бомбунун бирөө Визенауга, экөө Одердин биз жак каша-

тына түшүшү тажырыйбалуу учкучтар үчүн кечиримсиз ката экени оркоюп билинип турса да алардын мойнуна коё албайсың. Аба ырайына, күүгүм мезгилге шылтап кутулуп кетишет да! Визенауга түшкөн бомбусу биздин жөө солдаттар полкуна чыгым келтириптир. Кийинки эки бомбусу, биздин кабагыбызда, суу жээгиндеги кагаз жасоочу фабриканын аймагына түшүптүр. Кудай жалгап, фабрика ээн эле, кишилерге зыяны тийбептир. Бомбулар жасаган аңдардын чоңдугу, калп айткан кишиге, ар бирөөнө бир короодон кой баткандай. Мындай чоң аңдарды немистердин да, биздин да бомбулар жасаганын көргөн эмесмин. Балким, атайын шаарларга таштачулары эле болбосо?..

Күнү-түнү тынчыбыз кетип, эки күндүн биринде бетме-бет кармашып атып, март айынын кандай өткөнүн байкабай да калдык. Апрелдин башында өтө эрегишкен бир катуу салгылаш болду. Таң атып келатканда немистердин канонадасы башталды. Замбиректеринин дүрмөттөрү Цибингендин кашат жактагы, биздин полктун экинчи эшелон жайгашкан көчөнүн токой жак учуна дейре келип барсылдап жарылып атты.

Душмандын артчабуулу башталгандан бир саатча убакыт өткөндөн соң, Кабаковдун санчастына биринчи жарадар келе баштады. Колунан жана башка жерлеринен жеңил жарадар болгондор менен кошо, бутунун кетменине калың кебез басып, марли менен таңылган, бир өтүгү жок төкөрөндөй басып, Биринчи батареянын командири, улук лейтенант Беленков келди. Андан уруштун жайын сурасак, өңү саруулап коркуп калган неме, кекечтенип: «жуть»[1] деп тим болду. Капитан Кабаков жарадарларды сорттоп, бат айыгуучулрды мында калтырып, калгандарына эвакокарточка толтуруп, оорукка жөнөтүүгө киришти. Беленковду дагы башка эки жарадарды, жолдо жарадарлар ташып бараткан кы-

[1] Жуть – тири укмуш!

зыл крестүү машинеге салып жиберди. Уруш басылгыча жөө-жалаңдаган жарадарлардын аягы тыйылган жок. Үч ат жетелеп ветчастка бир солдат келди. Эки ат жеңил жарадар экен, дарыласа бат эле айыкчудай, бирөөнүн көөдөнүн дүрмөттүнбү, же бомбунунбу, айтор экөөнүн бирөөнүн сыныгы тешип кириптир, мал болчудай эмес. Аны союга уруксат бердим. Уруш башталгандан кыйла убакыт өткөн соң, байланыш офицери келди. Полк командири муну атайын санчастка жибериптир. Ал келээри менен ыс-мыска келбей, Кабаковдон:

– Беленков кайда? – деди. Кабаков аны эртең менен эле госпиталга жиберип ийгенин айтты.

– Кайсы госпиталь? Эмне үчүн жибердиңиз?– деп, Кабаковду зекип, суракка ала баштады эле, начсандын ачуусу келип:

– Жарадарларды кайда жиберишти сенден сурашым керек беле? – деп, тигинин суроосунун кыраатына жараша каяша такмаза суроо кайтарды эле, анын сөзүнө байланыш офицери кыжырланып:

– Ал неме жарадар эмес, өзүн өзү аткан кылмышкер. Мен ошону алып кеткенге келгемин! – деп, өкүнүчүн жашыра албай энтигип аткан учурда, Бычков менен Коптев кирип келишти. Байланыш офицери устав боюнча ордунан тура калып, Бычковго честь бере баштаганда, Бычков:

– Мен сени мага келаткан экен деп, күтсөм жоксуң. Эмне болуп кетти деп чочулап, ал-жайды сурамакка Коптев экөөбүз келип калдык – деди. Байланыш офицери, улук лейтенант Беленков, немистердин канонадасы башталып, биздин биринчи траншейибизди дүпүлдөтө баштаганда өз тапанчасы менен оң бутунун башын өзү атып, өтүгүн тилип, жарадар болгон жерин өздүк пакеттеги таңуулар менен таңып, батареяны командалоону уруксатсыз таштап салып, башка жеңил жарадар болгондорду ээрчип, оорукка качып чыкканын айтканда,

баарыбыз оозубузду ачып, сөз таппай таңыркадык. Эртең менен улук лейтенантты көрүп, боорум ооруду эле, азыр анын кылыгына жийиркенип, жүрөгүм айланып, кыжырым кайнады.

– Түшкө чейин эмне кылып жүрдүңүздөр? Эртең менен эле кармабайсыңарбы, эми түштөн кийин капитан Кабаковду күнөөлөп демитпей – деген сөз оозума келди.

– Эртең менен батареянын телефончусу «комбат ранен, командовать некому»[1] деген кабарына дароо Цагарейшвили жооп катары жанындагы өзүнүн байланышчы офицерин жиберип, уруш үзгүлтүксүз уланган. А окуянын кандай болгонун телефончу жаңы комбатка уруш басылганда айтып, ошондон кийин иликтөө жүрүп атпайбы. Болбосо, небак эле ордунан жылдырбай, же жок дегенде Одерден бери өткөндө кармабайт белек! Эртең менен очурандап, кээде оромпай тээп келатканда, ал чыккынчыны калкыма көпүрөдөн сүйөп алып чыгып, боорум ооруп кыя жолго дейре узатып койгон мен болчумун. Капитан Кабаковду, адис катары, жарадан тааныды бекен деп, күйгөндөн чыккан ачуу чаңырык да, жолдош майор – деди.

– Болоор иш болуптур, эми аны кайсы госпиталдан табат элек. Башка жолдор менен сурак салып, «смерштин» жардамы менен таппаса, чөмөлө чөптүн арасынан жырык көз ийне издегенге окшоп атат. Эми бүгүнкү салгылаш жөнүндө апкаарыбай, көргөн билгениңди бизге айтып берчи деп, майор Бычков өтүнгөндө, байланыш офицери, бир улутунуп алып, бүгүнкү кыргын жөнүндө кеп салды.

...Немистин чабуулу башталгандан жарым сааттан кийин, биздин артиллериячылар да, мурдатан белгилеп койгон буталарын атышып, эки тарап тең карсылдашып кирди эле, тозоң учуп, топурак сапырылып, Визенау көрүнбөй калды. Биздикилер жасаган калкыма көпүрөлөрдү душмандын артиллериясы тынымсыз соккулап,

[1] Комбат жарадар болду. Команда берүүчү киши жок.

экөөнү талкалап да таштады. Бир кезекте немистердин танкелери дүмүрөңдөп биздин алдыңкы траншейден өтүп Визенауну аткылап кирди. Анын артынан жөө солдаттар автоматтарын жаадырып чуркап келатышат. Кыштактын түндүк четиндеги бир үйдүн подвалында Цагарейшвилинин команда пункту (КП) бар эле. Бир танке, замбирегин заңкылдатып, капитандын КПсына эңкилдеп жетип калды. Ошол мезгилде Цагарейшвили полк командиринен «менин КПмды артиллерия менен аткыла!»деп өтүндү. Подполковник Иванов Цагарейшвилинин эрдигине ыраазы болуп, биринчи дивизиондун мина бүркүүчтөрүн жана аткычтар полкунун танке атаар замбиректеринин бир батареясын Цагарейшвили турган аймакты аткылоого команда берди. Топурак аралаш кара түтүн уюлгуп, тамдар көрүнбөй эле калды. Эки залп берип токтотуп, Иванов Цагарейшвилини кандайсың деп сурады эле, ал жактан жооп болбоду. Түтүн тарап келатканда, баягы эңкилдеген алдыда келаткан танке күйүп атканы көрүндү. Аңгыча болбой, үстүбүздөн токойдун башын сыдырып, төрттөн-төрттөн тизилишип штурмовиктер өтүп, Визенаунун аркы башынан баштап, душмандын экинчи траншейине дейре жер бетине түк койбой талкалап, чыт-бытын чыгарып жиберди. Жарым саатча штурмовиктер «иштегенден» кийин, майдан талаасында аскердин өлүктөрү кара комок болду. Кара курттай жөргөлөп келаткан танкелерден кара түтүн оргуп жатты.

Ошентип, таң саарында немис баштаган уруш, түш ченде душмандын ойрондолушу менен бүттү. Натыйжада биздин плацдарм дагы 1,5 км тереңдеп, немистер экинчи траншейинен да ажырады.

Уруш токтогондон кийин, үзүлгөн кабелдер улаштырылып байланыш калыбына келип, полк командири капитан Цагарейшвили менен байланышса, азамат, жалгыз эле өзү эмес, бир далай аскер аман калыптыр.

– Ал тобокелчил, намыскөй жигит грузиндигин көрсөткөн экен,– деп, Коптев сөз кыстара салды эле, байланыш офицери жаңы элестерге бай сөздөрүнө өзү кычыгып алган неме:

– Ал эле дейсиңерби, дагы кызыктар толуп атат. Дивизиондун ортосу деп, Цагарейшвили экинчи батареянын командири капитан Борисовдун КПсын тандап, аны менен бир болчу. Немистер чабуулдап кирип келатканда Борисов КПдагы солдаттардын баарын ээрчитип алып, КПны курчап коргонууга өтүп, автоматтар менен катуу салгылашат. Бир оокумда автоматтарынын огу түгөнүп, биздикилер ок чыгара алышпай калат. Эмнегедир немистердин да автоматтары басылып калат. Эмне болду дегиче, подвалга башпаккан немистер көрүнгөндө, Борисов подвалда отундардын арасында жаткан бир калтекти алып, кирип келаткан эки немисти жыга чабат. Борисовдун үлгүсү калгандарга да таасир берип, баарысы калтек, таяк, темир-тезек, колдоруна эмне урунса, ошону менен Борисовдун артынан подвалдан чыгып, немистерди калтектешип, экөө-үчөөнү өлөсөлүү кылышат. Калгандары артка качып жөнөгөн мезгилде Цагарейшвили артиллериянын окторун өзүнүн КПсына чакырат. Борисов солдаттар менен кайра подвалга киргенде, замбирек, мина бүрккүчтөргө кошул- ташыл асмандан аткылаган, бомбу таштаган штурмовиктердин дүрмөттөрүнүн жарылышы, качырып келаткан немистерди жерге жабышууга, кайра качууга мажбурлайт. «Немистер эмне үчүн ок чыгара алган жок» деп, подвалда сырайып жаткан эки немистин экөөнүн тең автоматын карашса, кылайган огу калбаптыр!..

Байланыш офицеринин калптан айырмасы аз аңгемеси окурман тургай, окуянын күбөсү бизди да таң калтырды. Кудая тобо-о! Биздин коргонуучулардын ажалынын жоктугун кара, куралсыздарды куралсыз качыргандары кызык! Албетте, бул кокусунан туш келген шайкештик

дечи. Ошентсе да, эки себеп өлүмдөн куткарып олтурат. Эгер немистердин огу болгондо, жоокерлерибизди кырып, КПны ээлеп алышмак, бул бир. Капитан Борисов калтек алып качырбаса, эң эле кыйын дегенде ит жыгылыш болуп, бычакташмак, бул эки.

Капитан Борисов биздин полкко былтыр жайында, Минскини бошоткондон кийин, партизандардан кошулган офицер эле. Мен аны менен чала тааныш элем. Бирок бир сапар Коптев бул офицер жөнүндө мага айтканы, жогорку окуядан улам, азыр эсиме түштү. Кызыл Армиянын артиллериячы кадровый офицери, 1941-жылы немистердин курчоосунда калып, бирок алардын колуна түшпөй, белорус партизандарына жолугуп, үч жылга жакын алардын отряддарында бул командир болуп жүрүп, уруштун ар кандай түрүн башынан өткөрүп, машыккан азамат экен.

Бизге келгенде ага «смерш» ишеним көрсөтпөй, капитан наамы болсо да, батареяны командалоодон жогорулатпай, «шектүү киши» катарында эсептелген адам экен.

– Бүгүнкү уруштун натыйжасы боюнча Цагарейшвили полк командиринен Борисовго Советтер Союзунун Баатырлык наамын берүүнү өтүнүп, СССР Жогорку Советине реляция жазуу тапшырмасын алды. Ошондой эле реляцияны Цагарейшвилиге да толтурууну штабдын начальнигине тапшырылды.

– Ка-ап! Беленковду колдон чыгарып жибергеңиңерди кара! – байланыш офицери Кабаковго жүзүн буруп,– жолдош капитан, балким салган машиненин номуру эсиңизде калгандыр? – дегенде Кабаков башын ийкеп, жарадарларды каттоочу дептерди колуна алып, сөөмөйүн өөдө-төмөн, оң-солго жүгүртүп, Беленковдун фамилиясын таап, салган машинесинин номерин айтып берди. Байланыш офицери куру кетпей, жок дегенде машиненин номерине ыраазы болуп, кайра КПга жөнөдү.

Бир аз убакыттан кийин рация аркылуу чакыртылып, Бычков да полк командирине кетти.

Байланыш офицери кабарлаган бүгүнкү окуяны өзү-бүзчө талкуулап, ар кимибиз өз пикирлерибизди ортого салып, үч офицер: Коптев, Кабаков жана мен көпкө аңгеме курдук. Аңгемени сөзгө уста, көргөн-укканды тез эле илип алып, дароо ачык баа берүүгө дайыма ашыккан, өз пикирин жактоодо полковник тургай генералдан кайра тартпай бетке айткан Петр Михайлович Коптев баштады.

– Эсиңдеби, доктор, менин Борисов жөнүндө күзүндө айткандарым. Мына иш жүзүндө ошондой эле болуп чыкпадыбы. Андай азаматтар «мен, мен»деп, көкүрөгүн каккылай бербейт. Кереги тийер кезеги келсе, көөдөнүнөн жүрөгүн сууруп, тартуулоодон качпайт. Көрбөйсүңбү, куралсыз калганда, басып кирген душманга жатып бербей, арстандай айбат кылып калтек менен качырганын! Баатыр кишинин колу да, башы да бири бирине шайкеш иштеш керек. Кокус Борисов бир эле секунд кечиккенде, немистер биздикилерди бүт кырып салмак, Визенау аларда калмак. Жарыктан караңгыга киргенде немистердин көздөрү карайлай калгандан пайдаланып, Борисов эсин жоготпой озунуп сокту эле, душман коркуп, эс-акылынан танып куралсыз жоокерлерден жеңилип калды. Мен орусмун, орус бойдон калам. Борисовдой орустар менен сыймыктанам!..

– Орустан башкалардын колунан келбейт беле? – Кабаков үн кайтарды.

– Жок, капитан, мен бул сөздү сен түшүнгөн мааниде эмес, орустарда деле нукура таза, ак пейил, мекени үчүн кара башын сайган, садага чабууга даярлар бар экенине кубанычымды ичиме батыра албай айтып жибергеним сага оор тийсе, кечирип кой, Давид Лазаревич!

– Сен Петро, ар дайым сөзүңдүн даамын өткөрө сүйлөйсүң: ачуулансаң – тузу, калемпири сарымсагы кыжылдатат, кубансаң – шекерин, балын, майын киши жипкиргидей көбөйтөсүң, сүрөттөсөң – боёгун коюу, калың шыбайсың. Сенин сөзмөрдүгүңдү жакшы биле элек

Кабаков турмак эки жылдан бери бирге жүргөн мен да бул айткандарыңа күмөндөр болуп калдым. Борисовдой орустар аз болсо, биз бүгүн Берлиндин чыгыш босогосуна – Франкфуртка жетет белек? Орус көп калк, санына жараша Борисовдор да көп. Мына Давид Лазаревич экөөбүз, чоң СССРдин майда улуттарынын өкүлдөрүбүз. Бизде деле Борисовдор жок эмес, көп эле, бирок алардын баарын чогултса, сан жагынан орус борисовдорго теңеле албайт. Ошондуктан, Борисовдун баатырлыгын оруста андан башкалар калбаган немедей кылып көрсөтпөй койсоң деле биз түшүнөт элек.

– Доктор, ап-ей, бул жерде эки доктор бар экенин байкабай, үйрөнгөн, көнгөн адатым боюнча майор сени гана «доктор» деп, аткан турбаймынбы....

– Ат доктору деп айта бер! – Мен сөз кыстырдым эле, Коптев башын чулгуп:

– Жок жолдош майор, антем деп, дагы бир балаага кабыла турган алым жок. Андан көрө офицердик даражаңдан чакырайын... Эмнени айтайын деп, келаттым эле...– бир аз унчукпай, жоготкон кебинин учугун издеп атты көрүнөт,– ...И-и, мен сүйүнүчүмдү да, күйүнүчүмдү да ичиме батыра албаган кишимин, ал үчүн кээде кагуу жеп да калам. Тиги, мен татаал тагдыры менен тааныш кишимдин эрдигине сүйүнүп, эргип сүйлөгөнүмдүн катасы барбы? Бирок ошондой кишиден шек санап, бут тосчулар канча көп! Борисовдун бүгүнкү эрдиги, анын мурдакы шек туудурган кара тагын жууп кетире алабы? Ким билет? НКВД аман турганда жууш кыйын. Актыгы үчүн жанын курман кылган кишилердикин деле кечирбей жатпайбы?.. Ал эми орус улуту жөнүндөгү сөзүм өзүм орустан туулуп, орустун жалаң асыл салттарынан тарбия алган жаным, ушул согушта орустардын далай жаман кылыктарына күбө болуп, кыжырым кайнап, басырынып жүргөндө, Борисовдун эрдиги асманга алып чыгып сергиткенге, кубанганымдан чыккан сөз! А тиги

өзүн-өзү аткан орус жөнүндө айтайын дегиче болбой, капитан Кабаков оюмду бөлүп кетпедиби.

– Беленков жөнүндө пикириңиз кандай? – Кабаков сөзгө аралашты.

– А мен мурда билсем, ошол жерде атып салат болчумун.

– Андай ээнбаштык катуу жазаланаарын билбейсизби?

– Согуш убагында Мекенди сактоо кара жанды сактоодон жогору тураарын унутуп калдыңбы, капитан! Беленковдун, душманга качып өткөн аскерден кандай айырмасы бар? Уруш кызуу жүрүп атканда душман менен кармашуунун ордуна, өз мүчөсүн мертинтип, кара жанын ала качып отурбайбы бул!

– Беленков биздин полкто канчадан бери кызмат кылат, Петро эсиңдеби?

– Жаңылбасам, былтыр май айындагы толуктоолор менен келсе керек эле. Взводдун командири болуп иштеп жүрүп, Литванын Вильковишки шаарчасындагы салгылашууда, биринчи дивизиондун командири жарадар болгондо, Цагарейшвили батарея командиринен дивизионду командалоого өткөндө, ордуна өзү Беленковду сунуш кылганы сенин деле эсиңдедир, майор?..

– «Жаш, сабаттуу, чечкиндүү, өсүүчү командир» деп, Зураб Андроникович сонун мүнөздөмө бергени эсимде.

– Көрбөйсүңбү, а иш жүзүндө ким болуп отурат?

– Мен эмнегедир Беленковдун логикасына түшүнбөй турам – Давид Лазаревич күдүк оюн ачык айтты.

– Эмнесине түшүнбөйсүң, коркоктугунабы?

– Жок, андан башка да себеби барбы, дейм?

– Коркоктун акылы мээсинде эмес, согончогунда болот, капитан! Мээсинде болсо, Берлиндин дарбазасын каккылап, Жеңиштин босогосун омуроолоп турганыбызда ушундай итчиликке барат беле?

– Коркок болсо, бүгүнгө жетпей эле небак жасабайт беле мунусун. Мен да анын кылыгынын себебин түшүнө албай атам, – дедим.

– Менимче кеп анын акылынын жоктугунда эмес, Петр Михайлович, коркоктугунда да эмес, амалынын көптүгүндө.– Кабаков Беленков жөнүндөгү пикирин ортого салгысы келди окшойт.– Акылы жок болсо, кылган кылмышы оркоюп чыгып калат болчу. Мен жараатын көргөнүмдө медициналык жактан шектүү нерсе байкалган эмес. Жалгыз мени таң калтырганы ок бут кетменинин үстүнөн тик кирип, таманынан түз чыгып кетиши болгон. Траншейде, же подвалда отурган кишинин кантип башка жагы соо болуп, жалгыз эле бутунун башы жарадар болду? Жараат дүрмөт сыныгынан эмес, октон экени көрүнүп турат, бирок ал ок душмандыкыбы же биздикиби, аны биле албайм. Билиш үчүн өтүктү караш керек болуучу, а тиги неме өтүксүз келди – деди Кабаков.

– Бир сөз менен айтканда, ал тапан баарыбызды мурдубуздан сүртүп коюп кетиптир, жолдоштор. Анын биздин, аскерлерге келтирген зыяны анча эмес, көп эле болсо, бир коркок кемиир?.. Ал эми оорукка келтирээр зыяны зор. Мындай желмогуздар: «мен согуштун майыбымын» деп, кызыл кекиртектик кылып, далай кыянатчылыкка барат. Жооптуу кызматка жутунуп, жанын сабап жетет, Момун, ак ниет коом үчүн, ал шумпай мына ушунусу менен коркунучтуу, жолдош офицерлер! – деп, Петро каңырыгын түтөттү.

– Болдучу эми, Петро, бир жүлүккө ушунча мээ коротпой, ыргыт башыңдан, ал сенин мээңден айлансын!

– Жакшы санаа, жакшы ойлорду мындай ыплас шылуундар бузуп, мээни булгап атпайбы, досум. Койдум, досум, койдум!

Ошентип бүгүнкү болгон окуяны үч офицер өз эркибизче, акылыбыздын жетишинче талкуулап, мээ чарчатып, бири бирибизге бейкуттук каалап, Кабаковдун үйүнөн тарайлы деп атсак, Бычковдун чабарманы келип, чакырып кетти. Барсак башка офицерлер да чогулуп

атыптыр. Баш-аягыбыз жыйылгандан кийин, полк командиринин ооруук боюнча орун басары:

– Жолдош офицерлер. Полк командиринин билдирүүсү боюнча бүгүн түнү биз жайгашкан жерге көп аскер келиши күтүлөт. Сак болгула, ошондой тополоңдон пайдаланып, душмандын чалгынчылары, жортуулчулары да арага кирип калышы мүмкүн дейт. Постуңарды көбөйткүлө дейт, подполковник. Түн кирип келе электе, жолдош офицерлер, буйрукту аткаралы – деди.

– Чабуул башталат бекен? – Коптев чыдабай сурап калды.

– Аны айткан жок, мен сураганым жок. Биз бул жерге, эмне, жайлаганы, же кыштаганы келиптирбизби? Союздаштарыбыз күн сайын бери жылып Германиянын өз территориясына кирип келбедиби. А биз эки жарым айдан бери турабыз бир жерди тебелеп, төбөсү көрүнгөн Берлинди ала албай.

– Кечиресиз, жолдош майор, түшүндүм – деп, Коптев жылмайып ордуна олтурду.

– Дагы кимде суроо бар?

Отургандар үндөбөдү.

– Анда эмесе менде башка сөз жок, «урушта туруш жок» дейт. Тарадык.

Дароо буйрукту аткарууга кириштик. Ымыян-чымыянынан өөдө тактап, дайындоолор бүткүчө күүгүм кирди. Күүгүм менен кошо Цибингенге күрүлдөп машинештирилген аскер кошууну кирди. Ар түрлүү танкелер менен кошо мотордуу замбиректер, катюшалар жана башка техника куралдары кыштактын кашат жактагы токоюна толду белем!

Акыркы, чоң казат башталаарына саналуу сааттар калгандыгын кабыргам менен сезип, сүйүнүч-чочуу аралаш сезим жүрөктү опколжутуп, көңүлдү санаа бузуп, бушайман болуп, кечки тамакка, Чистов даярдаган, демейде шилекей чубурткан, талаа шартынын чүйгүн

ашына пейилим чаппай, жээр-жемексен болуп, көзүмдүн кыйыгы менен дасторкондо олтургандарды карасам, Баранов да менден бетер, жаңыдан ашка аралашкан бейтапча, жаагын араң эле кыймылдатат. Аш бөлүштүрүп жаткан Чистовдун ички дүйнөсүнүн сырткы белгилерин байкоо кыйын, а Посохов эргул кадимкисиндей жутунуп, күйшөп атат.

Ошентип кечки тамак бүттү, солдаттарыбызга инструкцияны кайталап, постулардын өтө сак болушун зекип айтып, шырп эткен табышты селт этип сергек сезип, жалпыбызга маалым кылып турууну буюруп, сарамжалыбызды бүтүрүп, жатуучу жайыбыздан орун алдык.

Душман тарабыбыз адатынча кечки аракетин жасап, он чакты замбиректен, мина бүрккүчүнөн ок чыгарып, ок бүрккүчтөрүн тыртылдатып, эки-үч сапар асма чырагын майдан аянтына жандырып, ай чыккандан кийин басылды. Биздикилер тараптан аларга теңелип кайым айтышуу болгон жок.

Чоң тракта, артыбыздагы темир жол станциясында бака-шака кыймыл күндөгүсүндөй эле таң атканча басылчудай эмес. Прожекторлор асманды тинтип, издегени самолёт, бирок чалдыккан эч караан жок. Бир сөз менен, алар күндөгү иштери менен алек...

Бир кезде Александр Михайлович төшөгүнө келип жатып атканда түн капортосунан ооганын түшүндүм. Баранов мени уктап аткан десе керек, мен чукурансам, ал:

– Жолдош начальник, шектүү эч нерсе байкалбайт, бүгүн башталбайт го, камаарабай уктай бериңиз– деди.

– Түнүң тынч болсун Саша, балким, сеники туурадыр – Барановго тынч уйку каалап,– Посохов  дежурлугуна кириштиби? – деп, өзүмдүн санаамды тындыруу үчүн сурадым эле, анда Баранов:

– Албетте, антпесе мен келбейт элем да – деп, Саша менин көңүлүмдү тындырганда, денем коргошун куйгандай оордоп көзүм жумулду...

Адам канча катуу уктабасын эгерде оюнда максатына жараша мөөнөт чектесе, ошол мөөнөткө жакын өзү эле ойгоноору баарыбызга маалым. Организмдин мындай өзүн-өзү сырткы чөйрөгө жараша тейлөө касиетин физиологияда биоритми деп коёт. Бул касиет согуш убагында далай жоокерди ажалдан арачалап калганын биз, согушуп аткандар, жакшы билебиз.

Биздин чоң чабуулдар адатта асман бос чаңгыл тартып, таң куланөөк болуп келатканда, же таңга жуук башталып жүрөт. Кечээ Бычковдон полк командиринин кабарын укканда эле дароо «таң алды» көкүрөгүмө тык эткен эле. Эч табышсыз, бирок бирөө укуп кеткен немедей сезип көзүмдү ачсам, үй караңгы, тыңшасам, эч табыш угулбайт. Ордумдан туруп эшикке чыксам айлана тунжурап, тыптынч. Станция жак да кереӊ. Баарысы уйкуга магдырап аткансыйт. Асман ачык, жылдыздар боз чаңгыл аралап бириндеп суюлуп калган. Батышта, немистер тарапта ай батып баратат. Саатымды карасам Маскөө убактысы боюнча 4 саат 57 мүнөт. Менин табышымды угуп Посохов эшикке жакын келгенин бүдөмүк көрүп, андан абалды сурасам, «эч шек жок» дегенинен, кейпи, бүгүн эмес го деп, өзүмө өзүм жооп берип, беттен билинээр-билинбес сылаган желге боюм чыйралып, бир аз сергип, анан эшиктин босогосун бир бутум аттап экинчи бутуму шилтей электе, жарк эткен шоола эриксиз көзүмдү жумдуруп, артынан тарса-турс, тарса-турс табыштарга аралаш катюшалардын өздөрүнө гана таандык «гоик-гоик, гоик-гоик» деп өкүргөн табыштары, эми эле бейкуттукка оронуп, кереӊ жаткан айлананы жарып, тозоктун айкырыгына толтуруп жиберди. Шашып кетип саатымды карасам: туура 5 нөл-нөл. Ушул мөөнөт «Улуу Ата Мекен согушу» деп аталган кыргындын акыркы чоңчабуулунун башталыш мөөнөтү ташка тамга баскандай оюлуп, тарыхка түбөлүк калды, Капилет ойгонуп, аргасыз буга күбө болгон менин көз алдымда сааттын

циферблатындагы ушул цифра, көкүрөгүмдө 16-апрель 1945-жыл деген дата өмүр бою жат болуп келүүдө.

Чоң чабуулдун артиллерия канонадасы башталды. Ажал күүсү асман-жердин арасына айгай салды. Күткөнүбүз келди, деги акыркысы болсо экен? Кудай өзүң колдой көр! Канчага созулат, ким билет? Мелтиреп жай, түштүктөн түндүккө карай аккан Одердин жээктериндеги кабак да, кашат да, токой да, салаалаган жыбыттар да, аң да, дөбө да титиреп, немистердин коргонуу чебине, алдыңкы чегине бардык куралдан ок жаадырып, от бүркүп, ажал үрөп кирди! Көзүң жеткен жердин баарысында, октор, дүрмөттөр зуулдашат! Адеп капыстан башталганда бүткөн боюм селт этип чочуганым менен, бул мен үчүн жаңылык деле эмес. Мындайдын далайын Витебскинин алдында, Орша багытында, Неманда, Висладa өз башымдан өткөргөмүн. Ошондогу эле чагылгандай жаркылдак, кулак жарган тарсылдак, добуулдай шуулдаган ок, куйруктуу жылдыздай учкан от! Кудай көндүрсө, көнөт экенсиң да!

Чабуул тегирменинин ташы чимирилгенден чимирилип, күркүрөгү күчөгөндөн күчөп барат. Аны менен кошо жарышып таң да келатат, жер бетин жарык нур чайып. Бир оокумда немистер да тирилип, алаамат ашынып, калайман каптады. Ансыз деле сапырылып аткан жер бети, эми топурак учуп боз болуп, күн тутулуп боз болуп, ак-карасы ачык таанылбай калды. Быяктан учуп, алда кайда батышка кетип аткан тарсылдактар, кайрылып келип аткансып, эми дүрмөттөр төбөбүзгө, теребелибизге түшүп, шаштыбызды кетире баштады. Көзсүз окко, мээсиз дүрмөткө жинди киши эле жылаңач төшүн тоспосо, ким эрегише алат? Подвалга кирип баш калкаладык. Биз ошентип атсак, биздин кошуна замбирекчилер, чечинип салып, куралынын жанында чарыктай чимирилишип чебеленишип, дембе-дем дүрмөттөө менен алек! Буктурмадагы танкелер, карагай

бүчүрлөрүн жамынып, азыр секирүүчү алп жолборс сыяктуу комдонуп, замбиректеринин, окбүрккүчтөрүнүн ооздорун душманды каратып, ыкыс берип, тегерегинде душмандын дүрмөттөрү жарылып атса да, каткан боюнча лям дебей зымырашат. Баракелде, токтоолугуңурга, сабырдуулугуңарга! Баракелде кайратыңарга!

Аңгыча күн чыкты, шооласын душманга да, бизге да бирдей чачыратып. Ошенткен менен душмандын көзүн уялтып, биздин буталарды дааналап табият шамы үнсүз бизди колдоодо. Биздин иш ак, душмандыкы кара да! Ата Журтубузга ал катылбаса, элибизге кыргын салбаса, биз бул жерде кырды бычак болбойт элек да! Кудай калыстык кылып бизге жан тартып атпайбы!

Деген менен канонада басыла элек. Күн шашке болду. Пехота траншейинен көтөрүлө элек. Чабуул создугуп баратат. Полк командири Бычковго рация аркылуу эки комплекти «конфета» тез жеткирүүнү буюрду. Арт жабдуу начальниги эртең менен эле 4 машинеге миналарды сылай жүктөп, армиянын складынан алып келип, биздип артскладка жыйнатып, экинчи рейске дагы кеткен. Биздин экинчи эшелондун талаа складынан батареялар турган жерге чейин 2 км токойду аралап, кашаттын бооpу менен кыялап, өзүбүз жасаган жол менен барыш керек. Бүгүнкү канонадада немистердин замбиректеринин дүрмөттөрү жолдун ар кайсы жерлерине таамай тийип, бузуп таштагандыктан, машине өтө албай, миналарды араба менен, кай бир жерлеринен жөө көтөрүп өтүүгө мажбур болуп, Бычковдун буйругу боюнча экинчи эшелондун бардык жоокерлеринин күчү менен полкубуздун артиллериясын «конфет» (мина) менен үзгүлтүксүз камсыз кылып турууга милдеттендик. Мен Посохов менен Чистовду баш кылып эки араба, дагы төрт солдат бөлдүм. Миналарды биздин батареяга чейин жеткирип туруу милдети капитан Коптевге жүктөлдү. Кабаковго жарадарлар келип, анын бөлүкчөсү баш көтөрбөй иштөөдө.

Ошентип, эки тараптан тең тынбай аткылаган тарсылдактын алдында кумурскадай чубап, күжүрмөн тапшырманы ийгиликтүү аткарып турдук. Душмандын замбиректеринин дүрмөттөрү кашаттын боорундагы, токойдун ичиндеги объектилерди таамай сого албай, божомолдоп ургандыктанбы, айтор чар жайыт түшүп, анча зыян келтире албаптыр.

Биздин штурмовиктер эртеден бери Визенау плацдармына эле төрт сапар чабуул жасап, негизинен душмандын бункер, ДОТ, ДЗОТко окшогон чептерин бузууга аракеттенишүүдө.

Бизге жеткен кабарлар боюнча, бүгүн бүткүл Биринчи Белорус фронту чабуулдап атыптыр. Негизги сокку биздин түндүгүбүздө, Франкфурттан нары Кустрин плацдармынан башталыптыр. Асманда, каркырадай тизилген бомбулоочу самолёттор куйрук улаш учуп, батышка кетип атат. Немистердики менен беттеше калышканда катуу кагалыш болуп кетет. Бир сөз менен айтканда бул чабуул мурдагылардан көлөмү менен айырмаланбаса, башкаларынын баарысы окшош. Кайталап жазып окурмандардын башын маң кылууда не пайда!

Карчылдак-тарсылдак басылайын деген оюу жок. Күн түш болду. Бир сапар биздин жөө солдаттар көтөрүлдү эле, душмандын жаадырган окторуна туруштук бере албай, траншейине кайра кайтышты. Душмандыкын ким билсин, биз тараптан чыгым бир далай. Пехота өз өлүктөрүн өздөрү, биздин полк өзүбүздүкүн жыйнашат. Түш ооп, саат бирден өтүп калганда Коптев төртүнчү рейстен кайтканда, эки арабага өлүктөрдү салып келди. Ичинде эки офицер, бирөө баарыбызга жакшы тааныш, баягы байланыш офицери, улук лейтенант, жакында эле капитан наамын алды эле, экинчиси, дивизиондун бешинчи батареясынын командири, улук лейтенант. Баягыда, биз Польшада турганыбызда посттон жоголгон расчет командири, улук сержант солдатты чыккынчы

эмес деп жактап, өзүнүн Мекендин патриоту экенине ант берип: «болочоктогу салгылашууларда актыгымды кужүрмөн эмгегим менен актайм» деп, полктун туусун өпкөн жигит. Экинчи арабада беш солдаттын өлүгү. Үчөө бир мина бүрккүчтүн расчетунда экен. Тынбай ата беришип, минабүрккүчүнүн түтүгү ысып кетип, кезектеги минаны салганда түтүктүн ичинде жарылып, минабүрккүч талкаланып, расчетту толкуну менен, сыныктары менен шыпырып, жакын жерде команда берип аткан взвод командирин оор жарадар кылыптыр. Оор жарадарларды адаттагындай аткычтар полкунун санротасына жыйнап, госпиталга жиберүүгө милдеттүү.

Экинчи эшелондун жоокерлеринин күчү менен өлүктөрдү баягы биздин согуш шейиттерин коюп аткан көрүстөнгө алып бардык. Биз көрүстөнгө келсек, бейтааныш жоокерлер өлүк көөмп атышыптыр. Кудай бетин көрсөтпөсүн, эки жарым айдын ичинде жоноктогу аңызга түшкөн жаңы көрүстөн аянтты бүт толтуруптур. Бу дагы, карапайым солдаттарды «уялаштар мүрзөсү» деп аталган чуңкурга бештен-ондон бир көмгөндөгүсү! А эгер орустарды кадимки христиан салты боюнча ар бирин жыгач табытка салып, капкактап, мүрзөсүн эки метрден кем эмес тереңдикте: бир метрден тар эмес кеңдикте казып, мусулмандардыкын, ар биринин аралыгын эки метрден жакын эмес казып, боорунан казанак оюп, ак кепинге ороп, бейкутчулуктагыдай асемдеп көмгөндө, эки эсе кең аянт кетмек. Ой, тобо-о!.. Янкелевич менен кир жуугуч кызыбыздын мүрзөлөрү көрүстөндүн ортосунда калыптыр.

Солдаттар көр казып болгуча офицерлер көрүстөндү араладык. Көрүстөн өлүктүн акыркы үйү гана эмес, анын түбөлүк дареги да эмеспи. Балким, жакындар, тааныштар достор, туугандар чыгып калабы? Өңдөрүн көрбөгөндөн кийин, жыгачтагы жазуулар анча чочута албасын, бул согушта көрүп атпайбызбы. «Кыйбаста-

рымдын бирөө-жарымы кезигип калса, жакындарынын акыркы дарегин билдирпп коюу соопчулук эмеспи» деген ой менен Бычков, Коптевдерди ээрчип, сол кыдырып бастым. Менин ичимдеги оюмду угуп аткан немече Бычков: – Көмүлгөн жери дайын болсо да жакшы турбайбы: «баланча күнү шейит болду, түкүнчө күнү мындай жерге коюлду» дегенди уккан, окуган адам шаабайы сууп, күткөнү биротоло кайтпасына көзү жетип, түңүлүшүнө көрүнөө далил катары тутуп. Шордуу Богомоловду өзүбүз көмө албай, шашып атып поляктардын бир кыштагына «көөмп койгула» деп таштап кеттик эле, эмне болду экен? Кыштагынын аты да эсимде жок, – деп, улутунду.

– Богомоловдун жок дегенде өлүгү жерде калды, начфиндин чеңгелинен башкасынын баарысы бүркүлүп, чачырап дайынсыз жоголбодубу – Коптев адатынча кишинии сөзүн уламайын карматып, дагы бирдеме дейин деп келатканда, бир жаңы мүрзөнүн жанынан өтүп баратып, капыстан, мүрзөгө сайылган таяк, боорундагы тактайчадагы жазууну көзүмө чалдыктырып буттарыма кыт куюп жибергенсип, шилтей албай токтодум. Коптевдин кийинки сөздөрү кулагыма кирбей, көз алдымда: «Дорфман» деген жазуу илеп тартты! Бүткөн боюм «дүр» деп көзүмдү ала качууга канча тырышсам болбой: «... Зильман Маркович, подполковник... туулган,..» деле баарысы менин Дорфманым, менин подполковнигим, менин Зильман Марковичим, менин жертөлөдөгү устазым болуп чыкса болобу! Алдымда кобурашып бараткандар кылчайып, кайра басып жаныма келишип, үндөбөй шапкелерин алышып, мени менен катар бир мүнөтчө турушту. Анан жалпы керендикти майор Бычков бузуп:

– Былтыр сенин жертөлөңдө жатып жүргөн редактор эмеспи, доктор?

– Ошонун өзү, кышкы чабуулда көрүшкөнбүз, дивизиянын саясий бөлүмүнүн начальниги болуптур болчу, докторду бир өлүмдөн алып калган, бейиши болгур, жак-

шы киши эле,– деп, менден мурда Коптев шамдагайлык кылып жооп берди. Менин оюм он жеринен ирип, тилим буулуп, күрмөөгө келбей калды. Маркумга бейиши болгур айтып, тигил экөө музей кыдырган немелерче нары басышты. Санаам, туугандарым, жердештеримде болуп, Зильман Маркович капарыма да кирген эмес... «Кайран киши, кайран акылман устаз! Ушинтип көрүшмөк экенбиз-ээ?! О кууркаган дүнүйө! О желмогуз согуш! Сени Дорфман күлапсадай жек көрүүчү эле, сен аны жеген экенсиң-ээ?! Түбүнө жеткен экенсиң-ээ, жексур!» Каңырыгым түтөп андан нары тигилерди ээрчий албай, көр казып аткандарга кайттым. Келип Барановго айтсам, ал да кейип, мени ээрчип, Дорфмандын мүрзөсүнө келип, ал христиандык ишаратын жасап, экөөбүз тең жылаңбаш болуп жер тиктеп, кайгыбызды Зильман Марковичтин арбагына атап, кереӊ көргө айтып кайттык. Бүгүн эле көмүлүптүр кайран адам!..

Топурагынан бирден уучтап, үйүлгөнүнүн үстүнө ыргыттык...

Согушта мүрзөлөр кадимкиден тайыз казылат эмеспи. А деп, бу дегиче солдаттар үч чуңкурду казып бүтүрө коюшту. Чоң чуңкурга 5 солдатты, 2 чакан аңга 2 офицердин денелерин жашырып, жайызбызга кайттык.

Замбирек эртең мененкидей жапырт сокпостон, бири тынып, бири атып кезектешип, калыптыр. Түтүктөрү ысыганда жука мина бүрккүчтөр турмак, калың оор замбиректер жарылып, өз расчетторун майып кылып коюшу мүмкүн. Канонада, башталгандан бери он саат болду. Түтүктөрү муз темирден жасалса да булар кантип ысыбасын? Жанагы жарылган биздин мина бүрккүч деле сабак болгондур. Бизден алыс эмес жерде күркүрөп аткан катюшалар көрүнбөйт. Алар позицияларын тез-тез алмаштырып турат эмеспи. Бирок биздин артыбызда алыс жайгашкан оор замбиректер жана жер менен жер болуп учкан штурмовиктер кызуу ишке киришкен. Биз

көрүстөндөн Цибингенге араба менен жеткиче күндүн көзүн каптаган штурмовиктердин эки толкуну үстүбүздөн өттү.

Бычков орундалган тапшырма жөнүндө, доклад берүү үчүн полк командири менен рация аркылуу байланышты эле, подполковник ыракмат айтты да, түшкү тамагыңарды ичтиңерби деди. «Жок!» деген жоопту угуп: «эмнени, кимди күтөсүңөр? Ашыңарды иче бергиле!» деп сөзүн токтотту. Биз, чабуулдун бирдемеси жетпей аткан го деп, жүрөк заада болуп, тамак камылгасына кириштик.

«Акыркы чабуул!» деп эртең менен канонада башталганда жакшы эле адырандап, көңүл көкөлөп сүйүндүк эле, анткени Берлинге сунган кол жеткидей эле аралык калган. Бир секирсек фашизмдин жүрөгүн мыкчыйбыз деген толук ишенич бар эле. Союздаштарыбыздын кумурскадай жайпаган колу душмандын батыш капшытын кабырып, Рейн дарыясына өтүп туш-тушунан каптап, буйдалбай шыдыр келатат, а биз менен алакандай жери үчүн алынын бардыгынча айыгышып кармашып атканында бир кеп бар?! Минтип отурса Берлинге бизден мурда Союздаштарыбыздын аскерлери кирип келиши мүмкүн?.. Балким буларга ошол эле керектир?.. Эгер Союздаштар Берлинге бизден мурда кирип келсе, оозунан алдырган бөрүдөй болобуз го?... Сталин эле аман болсо, анттире койбос?

Ушуга окшогон капалуу, эки анжы ойлор көтөрүлгөн көңүлдү кайта чүнчүтүп, ага кошул-ташыл Дорфмандын «Улуу Жеңишти көрсөм!» – деген тилеги ташка чабылып, «эми аз калды» деген үмүтү Жеңиш босогосунда үзүлүп, кайран акылман ара жолдо көз жумганы кайгымды калыңдатып, батмандап басып, жаным бушайман болуп, тамак жүрөгүмө барбай атты.

Согушта же жылаарды, же ордунда турарды ачык билбей, ыргылжың болуу өтө коркунучтуу. КПдан кабар күтүп тынчыбыз кетүүдө. Күн кеч кирип баратат. Бир

оокумда кечээтен бери биздин жаныбызда бугуп аткан танкелердин моторлору дүрүлдөй баштады. «Кудай буюруса, адаттагыдай булардын артынан биз да жөнөйбүз го» деп кудуңдап сүйүнө баштадык эле, кудай уруп, алар алдыга жылбай, кайра артка, кечээки келген жагына чаң уюлгутуп бир паста көздөн кайым болушту. Коркунуч ого бетер күчөдү. Цибингенде бизден башка, аткычтар дивизиясынын эки полкунун экинчи эшелондору эле калды. Түндүк жагыбызда, Франкфурт тарапта немистерден калган чакан аэродромдун – ээн талаанын нары жагындагы токойдо кандай кошуундар бар экени бизге маалымсыз. Алар жылдыбы, жокпу? Өзүбүздөгү күрсүлдөк-тарсылдактардан алардын табышы угулбайт. Штурмовиктерден сырткары бомбулоочу самолётторубуз айланып атканынан улам, Франкфуртту бомбулап атат го деп ойлойбуз.

Экинчи эшелондун жоокерлери ушинтип бушайман болуп атканыбызда, штаб начальнигинин үчүнчү жардамчысы, байланыш офицери болуп жаңы дайындалган капитан келип, биз Бычковдун машинесинин жанына чогулуп, жаңылык уктук. Рация аркылуу айтууга болбогондуктан, подполковник уруш абалынын акыркы маалыматын бизге толук айтып берүү үчүн атайын муну жибериптир.

Байланышчы капитандын сөзүнө ишенсек, чабуул ийгиликтүү жүрүп жатат. Кустриндиктер душмандын биринчи коргонуу чебин талкалап, Зелов шаарынын чыгышындагы күдүрдө согушуп атат. Душмандар жеринин шартынан пайдаланып, көптөгөн коргонуу чептерин курушкан экен, колот сайын контрчабуулга өтүп, биздикилердин алдын тосуп атыптыр. Ошондуктан, Франкфурттун түндүк четиндеги кошуундардын чабуулун күчөтүш үчүн танкечендер армиясын урушка киргизип, алар азыр Зелов шаарынын артына чыгып, Кустриндик душмандардын качуучу жолун тосуп ка-

лыптыр. Түштүгүбүздө бизден бир саат он беш мүнөт кийин чабуулга өткөн Биринчи Украин фронтунун бир нече кошууну Губен шаарын алып, түндүктү, Берлинди карай бурулуп, чабуулу ийгиликтүү өөрчүп, биздин бет маңдайыбыздагы душман колунун качаар жолдорун бууп, франкфурттуктар менен кезигишүү аракеттерин жасоодо. Биздин жылбай жатканыбыз, душмандын колун, башка жакка кетирбей, алаксытып кармап туруу. Ансыз деле Визенау плацдармы кеңейип, немистердин жээктеги чектери талкаланып, азыр пехота бүт жээкти Франкфуртка дейре ээлеп калды. Маңдайыбыздагылар эки траншейин жоготуп, дагы 4 км артка чегинип, жаңы коргонуу чегине бекинүүгө далаалат кылып, далбас уруууда. Биз КПны душмандын биринчи траншейине көчүрөбүз, батареяларды да күүгүмдө аркы өйүзгө чыгарып, жаңы позицияларга орноштурабыз. Силер бүгүн түнү ордуңарда болосуңар, аткычтар полкторунун чарбалары да бүгүн жылбайт. Коркпогула, артыңарда армиянын резерв колу даяр турат. Ошентсе да, коргонуу аракеттериңерди күчөтүп, күжүрмөн куралдарыңырды мерчемдүү жерлерге орнотуп сак болгула деп, жарпыбызды кыйла жазып, жолуна түштү.

Коргонууну уюштуруу биз үчүн жаңылык эмес. Ансыз деле эки жарым айдан бери Цибингенде чычкандын ийнинен өөдө бизге белгилүү болду.

Кыргыздын мезгил өлчөмү боюнча эл орунга отурган маалда согуш табышы басаңдап, күрүлдөк, дүмпүлдөктөр сейректеп, алыстай баштады. Бир гана сапар жалган тревога болуп, түн дээрлик тынч өттү. Түн тынч болгону менен көңүлүм жайында эмес. Санаа чиркин жүрөктү саруулатып, уйкуну кубалайт… Согуштун босогосун аттаганыма туура 34,5 ай, же 1050 күн болуптур. Ошондон бери канча алааматка катышып, Кудай колдоп, аман келатам. Адегенде элиме тирүү кайтаар бекем деп эңсечүмүн. Кийин, шартына көнүп, моюнга сорпо төгүл-

гөндөн соң, Жеңишке жетээр бекем деп самачумун. Эми Кудай буюруп жеңиштин коңгуроосу кагылып атканда Жаратканга аман эсе, Жеңиш күнүн көрсөтө көр деп, мунаажат айтып атам! Ушунча ай, ушунча күн чыдап, ыйманымды жебей, абийримди төкпөй, ата журтумду сатпай, жоокерлик ак кызматымды аткарып келатып: «өх, бүттүк!» деген үндү укпай, «Өх, жеңдик!» деген күндү көрбөй калыш өтө өкүнүчтүү эмеспи?! Аны согуш билеби? Согуш сени аяйбы? Согуш таш боор! Болбосо согуштун каарын менден тогуз ай мурда тарткан Дорфманды аябайт беле? Согуш кара ниет болбосо, Жеңиш күнүнүн таңы атып калганда жайлайт беле? Согуш мыкаачы болбосо, кыргыз Жүл Верни Кусейинди он гүлүнүн бирөөнү ача электе солутат беле? Жеңиш күнүнө жеткиче дагы канчаны кайсаар экен бул жексур?..

Кайгыны кайрат жеңет дегенде калет жок. Бүгүн ордубуздан жыла албай калганыбызга капа-кайгылуу болуп, капкайдагы ойлор келип, көңүлдү чүнчүтүп, жүрөктү жоорутуп атканда, эмнегедир Шиллердин баягы сүлгүгө жазылган төрт сап ыры эсиме түшө калды. Ошол замат бир бүкшүгөн кепеде камыгып кара тер басып турган денем айдарым жел желдеткендей сергий түштүм. Ырас эле:

Мейли бороон, мейли кар, жүрөгүндө күн болсун!
Асман, Жерди булут шыкап, көз кашайткан түн болсун.
Бир Кудайдан адашпа, кайратыңды жоготпо!
Жүрөгүндө күн тутсаң, арты жакшы, тоготпо![1]

Ушул саптарды ичимден кайталап, Кудайдан амандык тилеп, алдыдан жакшылык күтүп, көшүдүм...

Эртеси саат 9да жолго чыгуу кабары келди. Маршрут боюнча 8 км жол басышыбыз керек. Бычков, артжабдуу начальниги экөө мина жүктөлгөн машинелерди алып,

[1] Кыргызча котормосу автордуку.

жер чалганга алдыга кетишти. Ат унаалуу көчтү башта-гыдай эле мен башкарам, орун басарым Коптев. 9 саат 30 мүнөттө Одерге жасаган калкыма көпүрөдөн өттүк. Былтыр жайында Неман дайрасынан өтүп бараткaнда көргөндөр кайталанды. Жогортон агып келаткан душман өлүктөрү көпүрө көтөрүүчү кайыктарды кошоктогон темир аркандарга илинип, суунун агымына, толкунуна шайкеш салпылдашып, көзгө серт көрүнөт.

Визенау кыштагы кечээки чабуулда анчейин бүлүн-бөптүр. Мурдагы талкаланган үйлөрдөн башкалары аман. Майдандан душмандар тирешип турган чек ара-да биздин жоокерлердин өлүктөрү көрүнбөйт, сыягы жыйнап кетишсе керек. Немистердин өлүктөрү айрыкча экинчи траншейинде көп жатат. Миналардан тазаланган өткөөлдөр менен өтүп, батышты багыттаган бир чакан асфальт жолго түштүк. Одер артыбызда, Франкфурт оң тарабыбызда калды. Анын ТЭЦин аралап өттүк. Авиация менен артиллерия жакшы эле жанчыптыр. Кудай билет, жаңысын эле салышпаса, муну кайра калыбына келти-риш көп убараны, көп каражатты талап кылчудай?...

Болжогон жерге жетиш үчүн бир жарым саат жол бастык. Өчөшкөн, айыгышкан жоолордун кармашкан, кырчылдашкан, былчылдашкан майданын аралоо кан-дай кыйын, кандай оор! Сааса сүт, кессе кан чыкпаган мерез, таш боор, кара мүртөздөр эле зымырайып өтпөсө, боору, жүрөгү бар адам кашайган сокур болсо да, зээни кейибей, каңырыгы түтөбөй түз бастырып кете албайт. Анын үстүнө бул майдан талаасы болуп калган жер жа-йыгы көп, токою аз, адыры мол, тоосу жок, апайтөш-түү, аңырайган коосу жок, чыбырдуу жер экен. Көзүм жеткен жердин кайсы тарабы болбосун, өлүк деген неме батпайт. Кыштактары да жайнайт. Огороддору бизди-киндей кеңири эмес, жокко эсе. Жашылча айдалган, жемиш, дарактар тигилген аянттар кыштактардын сыр-тында, кашааланып курчалган. Жол бойлорунда жемиш

берүүчү дарактар сайылган. Кээси гүлдөп, кээлеринин гүлү бүлтүйүп келаткан. Аарылар жабалактап гүлдөн гүлдү тандашып, шире соруу менен алек. Тетиги томурайып, тоңкоюп, жер кучактап, аңга батпай зоңкоюп, ичи көөп дардайып, же ичекарды алжайып, жол бөгөп жаткан өлүктөрдүн арасында, балким, кыштата кант берип баккан балчелекчи ээси жатканын булар кайдан билсин?... Билишсе да, кишилердин чатагы менен булардын жумушу эмне?

Деги көлөмү, мыкаачылыгы жагынан теңдеши жок бул согуштагы өлүктөрдү көргөндөр турмак уккандар, алар жөнүндө жазылгандарды окугандар деле көптүгүнөн тажагандай!..

Көзүм айлананы кыдырып, акылым арам-адалды, ырайымсыз ажалды сыдырып ушундай ойго чөмүлүп, көч башында келатсам, артымдан Коптев келип:

– Доктор, эмне шалпың бош, же уйкуң канбай калганбы? – деди.

– Айланадагыларды көрүп туруп, кантип көңүл куунак болот, Петро?

– Да, ты прав, какую нужно иметь совесть радоваться трупами, хотя бы вражескими?[1] Бирок аскердин баары бирдей эмес. Тээтиги каткырып аткандарды карабайсыңбы, циркте отурган немелерче!

– Бизде «ары жок уйкучу, санаасы жок күлкүчү» деген ылакап бар. Мындайларга эмне шам? Душмандын өлүгүнө күлмөк турмак, өз өлүгүбүздү тепсеп кетчүлөр, булар.

– Аның туура, доктор – деп Петро менин айтканымды жактап, узун сөзгө кирди.

– Мен сага таржымалымды айтып бербедим беле, орустун XIX кылымдагы жакшы маданий салтында тарбияланып өстүм деп. Өзүмдү «билимдүү, маданият-

[1] Аның чын, өлүктөр душмандыкы болсо да, кубанууга кандай бет керек.

туумун, орустун алдыңкы интеллигентимин» деп сезчүмүн жана согуштан мурда курбуларымдын арасында сөздөн да билимден да жеңдирчү эмесмин. Бирөөдөн кагуу да жебегем. Теңтуштарым да, мага окшоп, ата-бабаларыбыздан бери жер оодарбай бир региондо[1] туулуп өскөндөрдөн элек. Согушка келгенден бери мен мурда башымдан өтпөгөн, киши жегич мыкаачылыкты гана көрбөстөн, деле каада-салты, жорук-жосуну, маданияты чоочун, бирок тили окшош башка бир мен таанybaган өлкөгө келгенсип сезип жүрөм, доктор. Билбейм, орус эли бузулганбы, же мен бир кылым, артта калганмынбы? Көрүстөнгө жолукса, чокунбай өтүүнү күнөө деп жектеген орустар, карабай-сыңбы, өлүктү табалап ырсаңдап аткандарын! Булардын маймылдардан кандай айырмасы бар? Дагы жакшы, тартипти катуулагандан кийин бейбаштык бир аз тыйылып калды. Болбосо, кышындагы итчилик кайра башталып, өрттөлбөй соо кыштак калмак эмес. Анан калса, каргыш тийгирлердин кыштактары да жүйүр экен, өрт-өрткө уланып, мүлдө баарын өрт кайсамак. Анан эр болсоң териштирип көр, эмнеси октон, эмнеси оттон болгонун!...

Бул да менден бешбетер башын оорутуп өзүнүн эле эмес, элинин тагдырын да ойлонуп, бук болуп келатканын сезип:

– Петро, досум, жексур согуш жалгыз эле орус элин эмес башка улуттардын да каада-салтын бузуп, ыйык тутуп келаткан не бир асыл дөөлөттөрүнөн эч нерсесин калтырбай жоготуп баратат. Кечээ айлымдан келген бир катты окусам: «Баарысы фронтко, фронтко!» деп атып, айылга ачарчыык келди. Үстүндө үйүрүп салаар эчтемеси жок, жылаңач калды! Кыздар кырк жамачылуу көйнөк менен кызыл этин араң жашырат. Жаш келиндер кайната-кайненелерин көздөрүнө илбей, көрүнөө ойноштук кылып атышат. Бири-бирине чайлык сүт да беришпей калышты. Көпкөн чалдар, башкарма,

[1] Регион – аймак, чөлкөм.

бригадирлер жашы толо элек кыздарды токолдукка алып атышат» деп жазат. Бул шайтан согуш уруш талааларында эле жоокерлерди кырбастан, дарынын жытын билбеген тээ алыскы айылдардагы момундарды да абийирлеринен ажыратып, зулумдар чыгып, калктын ынтымагын бузуп кириптир, дос. Минтип отурса, согушту биз немистерди жеңүү менен бүтпөй эле, согуш адамкердик сапатыбызды, касиетибизди жеңүү менен бүтөт го? – Менин катта келтирген фактыларымды Коптев жактырбай, кол шилтеп:

– Ошого да киши териге турганбы? А менин жеримде андан өткөн жосунсуз окуялар толуп атыптыр. Фронтко кеткен баласынын катынына атасы үйлөнгөн бар дейт. Кызы менен энеси бир эркекти талашып, энесин өлтүргөндөр чыгыптыр. Минтип олтуруп кайда барабыз, доктор? Сен кандай ойдо экениңди билбейм, мен согуштун бүтөөрү жакындаган сайын ичимде уйгу-туйгум күчөгөндөн күчөп барат...

– Ой, сен жинди болуп турасыңбы, Петро? – тигинин сөзүнө чочуп кетсем, ал менден күтпөсө керек, мукактанып токтой калды. Мен да ылайыктуу сөз таба албай унчукпай, аны тиктеп жалдырадым...

Экөөбүз «жылан арбаш» болуп, бири бирибизден көздөрүбүздү айырбай, фаэтондун ичинде каалгып, аттардын басыгы менен шайкеш баштарыбызды ыргалтып келебиз. Жанатан узун аңгемеге кирип, айланадан алаксып калган экемин, эми кулагыма шуулдаган шамал киргенсип, алдыбызда ар кайсы жерден чыккан согуш табышы кайда баратканыбызды кабарлады. Бир оокумда Коптев убайымдуу аңгеменин бузулушунун айыпкери экенин сезип, тынчы кетип копшонуп:

– Жок, досум, мени күйдүргөн ал эмес, сен ойлобо мени чыккынчылыкка барат деп...

– Анан эмне? Бүгүн-эртең Жеңиш келет деп, жүрөк алеп-желеп болуп: «ошого жетээр бекенбиз?... Кудай

жеткире көр!» деп, турганда кандай шайтан мойнуңа минди, Петро дос?

– Шайтанбы, бериштеби, билбейм, бирок мени коркуткан ошо согуштун бүтүшү...

– Эмне, сен аны каалабайсыңбы?

– Шашпа, доктор, мен оюмдун аягына чыгайын. Баштабасам болот эле, баштагандан кийин аягына жеткирмей менин шертим, а сен чыда! Андан кийин мейлиң, бышырып жейсиңби, чийки жейсиңби баарына кайылмын, даярмын! Эмне «үчүн согуштун бүтүшү»деп атам? Анын бүтүшүнөн корккон жерим жок. Ага сенчилеп эле сүйүнөм, жазыксыз кан төгүүлөр бүтүшү кантип жаман болсун?! Мени коркуткан, жүрөгүмдү өйүгөн – согуштун эртеси! Согуш бүткөн соң, тирүү калгандардын баарысы жай-жайына жөнөшөт да. Баягы Напалеончо кийинип, жайдак атчан спирт зоотуна чабуул койгон, асма сааттын күкүктөрүн аткылаган, туткундарды балка менен башка чаап өлтүргөн, итке шылтоолоп кемпирди аткан, согуштан качып өз бутун өзү аткан, өлүмгө даярданган учкучтун акыркы сапарына жолто болуп өтүгүн сыйырган, үй өрттөгөн, шаар тоногон, инжылды от тутантууга жырткан, тетиги өлүктөрдү табалап күлгөн менин тектештерим «мен жеңдим!» деп, төштөрүн койгулашып элине барат да! Ошондо булар менен элди шылыган, ээлик кылып эсирген шумпайлардын ортосунда талаштартыш чыгып, бул жерде биз коломтосуна суу сепкен согуш ошерде кайта тутанып, ит болобу деп чочуйм? А накта жеңиштин авторлору сенин Ефимиңе, менин Мишама окшогон момундар ошерде деле момун бойдон калышып, бул жерден алган жаракаттарын дарылоо менен күндөрү өтмөк. Жорук-жосуну буларсыз деле бузулуп бараткан эл, ушулардын кесепети тийип, биротоло адамгерчиликтен ажырап, орус эли бүт дүйнөгө шерменде болоор бекен? деп корком, досум. Мына менин ичимди уйгу-туйгу кылып, жанымды коёр жер таптырбаган

муңумду бөлүшсөмбү деп үмүт кылган досум, сен, мен сөз баштай электе эле, безге сайгандай секирип кеттиң. Мен ойдогумду чыгардым, эми эмне кылсаң өз эркиң, «замполитке» айтасыңбы, «смершке» жеткиресиңби, же мага айтаар акылың барбы? Мен колуңдамын, качпайм, айтканымды танбайм, доктор!

Чынында эле оңой маселе эмес. Тигинт, минт деп кеңеш бергенге даяр рецепт жок менде, андыктан өзүмдүн ниетимдин өзүнө актыгын билдирдим. Анын пикирине ортоктош экенимди туюнтуп, жалооруган кейипте андан:

– Өзүң аны кантип чечүү жагын ойлодуң беле? – дедим.

– Ал түрдүү ойлорду калчап көрдүм. Баары оор. Кээ бир варианттарга өзүм барбайм. Орус улутумду сатпайм. Аны дүйнөгө шылдың кылып жаткандар менен күрөшүүгө ал жетпей калды. Көрбөйсүңбү «немистерди боштондукка чыгаруу эмес, өч алуу үчүн келатабыз» деп жоокерлерге кичине эле көз жаңсап койду эле командалоочулар, 12–13 күндүн ичинде соо кыштак, шаар калтырбай өрттөп киришти. Албетте муну кылгандары баарысы тең эле Кудайдан жөө качып кутулган кара мүртөздөр, салааларынан кан шоргологон мыкаачылар эмес дечи. Менин тектештеримде алаңгазар дердеңбайлар көп болот, арак берип далыга чаап койсоң, аты-жөнүн сурабай эле дарбып, чууга кошулуп кете берүүчүлөр четтен чыгат. Элибизди Кудайдан ажыратып, акылдуу тарбиялайбыз деп атып, уят, ыйман, абийир окшогон адам касиеттеринен ажыратып салышпадыбы, биздин идеологдор. Бузулган тамды кайра калыбына келтирүү, бузулган жанды оңдоодон жүз мертебе оңой, жеңил, досум! Кандай чоң имарат урабасын, ашып кетсе беш жылда кайра тургузууга болот, а жакырланган жандүйнөңдү адамкердик калыбына келтирүүгө бир кишинин өмүрү жетпейт. Чындыгында пейли бузулган кишини кайра тарбиялоо ар дайым эле оң натыйжа берип келген

эмес. Андан көрө жаңы муундарды тарбиялоо оңой жана натыйжалуу, досум!..

– Петро, сен өтө эле майдалатып, мени сабатсыз немеден бетер, капкайдагы жөнөкөй тетиктер менен аңгемеңди толтуруп башымды шишиттиң, бирок оюңдун данегин айткан жоксуң. Муну атайын жасап атасыңбы мага ишенбей, же чын эле өзүң ишенген чечимиң жокпу ачык эле айт, менден коркпой. Кышында мындан кыйла оор шартта эле: «өлсөк бир чуңкурда, тирүү болсок бир дөңдө бололу» деп, антташпадык беле?

– Ал антыбыз эсимде, досум! Менин сөздөрүмдүн маңызын туура байкапсың. Антты эске алган соң, мынча болду, Кудайды күбө кылып оюмдун данегин айтайын. Ант ордунда болсо, достук кылып сообума калаарсың, ордунда болбосо, кастык кылып убалыма калаарсың. Деги ызалыгым ичиме батпай кетти! Дос, менин көзүмө көзүңдү жолуктурчу? – Мен аны менен, ал мени менен өз ара тиктештик да, көзүн ирмебей мага жалдырап, бир пас туруп: – Мен досум согуш бүткөндөн кийин өз жериме кайтпайм! Мына ушинтип чечтим!...– менден көзүн алып, жер карады.

– Ой, ошо да кеппи? Мен дагы сен бир олуттуу ой тапкан экен десе! Өзүңдүн Пермиң жакпаса, Чукоткадан Львовго дейре ээлеген Россиядан сени батыраар бир жер табылаар. Деле баары жакпаса, жүр мени менен, жерибиз сонун, элибиз меймандос, орус көп, жалгызсырабайсың. Коптевдин ою жер которушта экен деп көмөктөшкөнсүдүм эле, ал:

– Жок, досум, сен түшүнбөпсүң! Менин оюм такыр башка! Ыракмат, сенин достук ниетиң менен өз жериңе чакырганга эки дүйнөдө тең ыраазымын! Эсиңдеби, кышында балка менен эки туткун немисти каракушка чаап өлтүргөн солдаттын итчилигине кыжырыбыз келип, ачуулансак, ал акчыланып: «булар менин эне-атамды өлтүрүшкөн, ошонун өчүн албаймынбы?» дегенде, те-

риштирип сурасак, тажикистандык орус болуп чыкпады беле, ошондой эле «жеке өчүмдү алдым» деп, үй өрттөгөн дагы бирөө Сибирлик эмес беле. Немистер аякта качан болду эле? Деле бүт СССРдин калкы Кудайсыз тарбияланып бузулган тура, а силердин жердеги орустар сибирлик, же тажикистандыктардан өөдө дейсиңби, баары бир. Мен болсо, XIX кылымдагы орус адабиятынын океанында сүзүп жүрүп, чөйрөмдү байкабапмын, сен жаман көрсөң да, дагы кайталайм, көзүмдү ачкандыгы үчүн согушка ыракмат дейм!

– Петро, Донкихот болбочу. Витебскиден бери далай кыргындын ичинен аман чыгып келатабыз. Көзүбүздү чакыйтып күттүргөн Жеңиштин, Кудай буюрса, карааны көрүнүп калды. Ажал жолубузду торобосо, ал эртең-бүрсүгүнү колго тийгени турат. Сен улутуңдун өтө намыстуу жигитисиң. Негизинен орус калкынын күчү менен мына-мына намыс колго тийгени турат! Эмнеге арданасың?

– Айтканыңдын баары туура, дос. Мен көлөкөгө тон бычып, бирөөнүн шарданы менен жан бакканды иттей жек көрөөрүмдү билесиң, доктор. Менин болочогум жемиштүү болуш үчүн, мен бузулбаган орус чөйрөсүн табышым керек. Өз жериме кайтпайм дедим. Ата-энем жок. Кат алышып жүргөн кызым эрге тийип кеткенин билесиң. Россиянын башка жерлерине барсам, өзүң айткандай, чың эле Донкихот болуп шылдыңга калам. Бирок орус көп калк эмеспи, жер жүзүндө бузула элек «аралдары» бар экен. Былтыр Волошин шаарчасынын жанындагы помещиктин китепканасы эсиңдеби? Китеп жандуу жаным «философия» бөлүгүнөн, мага мурда аты угулбаган Бердяев деген автордун китебин алган элем. Окусам чоң философ экен. Анын айтымында Балтика жээгиндеги республикаларда мен издеген орустар бар көрүнөт. Мен ошол жакка барсамбы дейм, болбосо...– бир аз ойлонуп, унчукпай туруп, – Болбосо... мен сага

эчтеке айтканым жок, сен менден эч сөз укканың жок, дос, давай закончим на этом[1] – деп, күтүлбөгөн жерден сөзүн бүтүрдү да дароо менин фаэтонумдан түшүп көч артында келаткан өз арабасын жол боюнда күтүп кала берди.

Экөөбүздүн маегибиз ушинтип бүтөт деп, мен ойломок турсун үч уктасам да түшүмө кирмек эмес. Мунун акыркы сөздөрү мени чын эле коркутуп койду. Эмне үчүн бул оюн мага айтты? Балким, мени «смерштин» тыңчысыбы, жокпу, билейин деп сынадыбы? Же чабуулда, кан жолдо ажалдын кылтагы ар кимибиздин мойнубузда турганды түшүнүп: «кокус бирдеме болсо, купуя сыр туюк бойдон ичке кетпесин»деп, мага ишенип, ачылганыбы? Айтор, мага оор болду...

Мейли, Коптев жөнүндө менде арам ой болгондо да, анын, бучкагы жок идирексиз тоголок сөздөр менен сүйлөгөн оюн кантип бирөөгө айтып бере аласың? Анын үстүнө: «мен... айткканым жок, сен... укканың жок»деп, эскертпедиби. Демек, күбө болбогондон кийин, мен ага чыккынчылык кылган учурда да, «танып кетем, сен акмак болуп каласың» деп, кыйыткань да! Экинчиден, кан үстүндө анттакан досту кантип жамандыкка кыям? Мейли өз проблемасын өзү чечсин, а мен, эмнеси болсо да, мындан ары ага көп эле шынаарлашпай, оолагыраак жүрөйүн. Сактыкка кордук жок дейт. Болуптур, сен айткан жоксуң, мен уккан жокмун!

Ушинтип, Коптев тууралуу оюмду бир жаңсыл чечип келатсам, бир кыштактын ортосунда Бычков бизди күтүп туруптур. Көчүбүздү дароо чолок көчөгө буруп, өздөрү токтогон жерге алып келди. Анда полктун биринчи эшелону да бүт бойдон бар экен.

Кыштак бүтүн. Бул жерде уруш болбоптур. Тургундары да жүрүшөт. Канчасы качып, канчасы калганын ким билет? Көчтү көчөлөргө котолотпой, майор Бычков

[1] Кел ошону менен бүтөлү.

белгилеп койгон короолорго кирип, бат эле житип-житип кеттик. Полктун ооруk бөлүкчөлөрүнүн начальниктерин дароо штабга чакыртты. Барсак, батарея командирлеринен баштап, бардык командирлик курам чогулуп калыптыр. Полк командири подполковник Иванов сөзүнүн башында душмандын коргонуу чебинин талкаланышы менен куттуктап, анан бир жарым суткеге созулган салгылашууда канча жоокерибизди жоготконубузду айтты.:Азыр чеп бузган кошуундар эс алууга чыгып, душмандарды жаңы кол, машинелешкен куралдуу күчтөр талкалоого киришкенин кабарларды. Душман да камалган карышкырдай өлөөр-тирилээрине кайыл болуп, ар бир метр жерин коруп жанталашууда дейт. Биз бир суткеге майдандын экинчи эшелонунда аскерлерибизди толуктап, курал-жарактарыбызды шашылыш түрдө чыңашыбыз керек экен. «Бул кыштакта эртеңкиге дейре турабыз. Жергиликтүү калкка этият болгула. Алардын баарысы эле фашист эмес. Көбү согуштан тажаган, анын батыраак бүтүшүн каалаган бечаралар. Кантип тирүү калуунун айласын таба албай турушат. Геббельстин пропагандасы биздин жоокерлерди баш кесер, мыкаачы кылып сүрөттөп, элинин жүрөгүн түшүрүп койгон. Ошондуктан аларга адамкерчилик мамиле кылсак, немис эли биз тарапка батыраак берилип, Жеңишке тезирээк жетмекпиз. «Гитлер келет, кетет, а Германия эли калат» деп, жолдош Сталин ачык айтпадыбы. Демек, согуш үчүн Герман калкы айыптуу эмес, а баш тоголоткон фашисттик билермандар айыптуу! Кимди ким болбосун: офицерби же карапайым солдатты, бейбаштык кылса, жергиликтүү калкка катылса, согуштук мезгилдин мыйзамы боюнча катуу жооп берет, жолдош командирлер, начальниктер!»деп, Иванов баарыбызды аябай зекип таратты.

Ал кыштакта эки суткеге жакын туруп калдык. Алдыбызда дүпүлдөп уруш жүрүп атты. Жергиликтүү калк

куду эле коркуп калган коёндой. Бизге кезиккен жерде лык турушат калтырап. Үн жок. Колубузду жаңсап, суроо берген болуп, чоркок тил менен бирдемелерди жылуу-жумушак айтып, боюбузга тартсак гана жан кирип, ооздорунан бирин- эки сөз чыгат. Биз эмне сурабайлы, баарына «ja, ja...ja wohl, iest, iest»[1] деп, чолок- чолок жооп менен кубатташат, же макул болушат «жок» деп айтышпайт. Жалгыз гана «фашистсиңби?» деген суроого, безге сайгандай, чочуп, «nein, nein»[2] деп, чебеленип кетишет. Ошентсе да эки суткенин ичинде биздин мамилелерге бир аз үйүр алып, анчейин чоочуркабай, кээ бирөөлөрү өздөрү батынып, суроо менен кайрылыша турган болуп калды. Жакшы мамиле жыланды да ийнинен чыгарат деген накыл кеп бар эмеспи. Деги кышкы чабуулда немис калкына көрсөткөн запкынын суук дүбүртү далай жерге жеткен белем?! Анын музун эритүүгө канча жылуулук калория керек болоор экен? Ушунун баарысын фашизмге шылтап салып, коммунисттер канча акчыланганыбыз менен Кудай алдында актана албаспыз?!

Эки суткенин ичинде колдун, куралдын, оокат-түлүктүн кем-карчын толтуруп үлгүрдүк. Кыштакта болгон бирин-эки атты жыйнап, маллеинизация жүргүзүп, батареялардын унааларын атжабдыктар менен кошо толуктап, полк командирине рапортумду биринчилерден болуп өткөрүп, Кабаковго да колумдан келген жардамдарымды берип, ишине каралаштым. Бычков байкуш автопарктын азык жабдуу, кийим-кечек жабдуу, каражат жабдуу, чарба взводунун башчыларынын күжүрмөн тажырыйбалары жок, баарысы жазгы чабуулдун алдында эле жаңы келишкендиктен, алардын иштерин кошо жасашып, суй жыгылды. Коптев, муруntан бери эле, артжабдууга колкабыш кылып дасыган неме, өз иши менен кошо

[1] Ооба, ооба... Албетте! Макул, макул.

[2] Жок, жок!

ок-дары жабдуунун начальнигине аябай жакшы көмөк көрсөттү. Ал экөөбүз баягы бойдон сөз катыша элекпиз.

Эртең менен штабга шашылыш чакыртып калды. Экинчи эшелондун кызмат башчыларынын баарысын чогултуп атыптыр. Жазгы чабуулдун бешинчи күнү башталган эле. Салгылашуунун дүбүртү алыстап калыптыр. Үстүбүздө зуулдаган жалаң самолёттордун табыштары. Асманда эки жерде биздин кыргынчы самолёттор немистердин бомбулоочуларына чабуул коюп, алардын ыркын бузуп, кайра бурулуп качууга мажбур кылышты эле, немистер бомбуларын туш келди жерге таштап аргасыз качып жөнөштү. Бирөө ок жеп, биз турган кыштактын артындагы дөңгө барып жыгылды. Учкучу секирген жок, же жарадар болдубу, же үлгүрө албай калдыбы, айтор, парашют көрүнгөн жок...

Бизди штаб начальниги майор Несговоров кабыл алды. Полк командири замполит экөө шашылыш майданга жөнөп кетишиптир. Биз такоолдой турган жаңы дивизиянын урушуп аткан аймагынан полкко жер тандашат экен. Штаб дивизиондорду ээрчитип азыр жолго чыгып атыптыр. Несговоров жарадар болгон колундагы саатты карап: «силер туура эки сааттан кийин, саат 9 нөл-нөлдө жолго чыгасыңар. Даяр болуп тургула. Такталган маршрутту байланыш офицери алып келет» деп, суроо-жоопко убакыт бөлбөй, жыйынды таркатты.

Штабдан тарагандан кийин майор Бычков өзүнүн эски күжүрмөн досторун: Коптевди, мени жана Кабаковду бир паска үйүнө чакырды. Мен ичимден, мунун эмнеге чакырып атканын жоруй албай, балким, «мурдагы күнкү маектешкенибизди Петро буга алдын тороп айтып, өзү акчыланганы жатпасын» деген ой башыма келип, ай, кантип ошептсин? Эгер эле ошенте турган болсо, ичи чын эле бузук, анысын жашыра албай тантып алып, артын кантип аарчыштын айласын издеп, далбас уруп атса керек?! Эгер чын эле Бычков менен да

сыр бөлүшсө, мен укканымды танбай, кайталап берүүгө өзүмдү даярдап, сөзүмдү камдап алдым.

Үйүнө кирээри менен Николай Михайлович ат кошчусуна айтып, столго дасторкон жайдырып, төртөөбүз немистин кабелтең аш үстөлүнө маңдай-тескей отургандан кийин:

– Достор, былтыр күзүндө Польшада толуктоодо тургандан бери чогулуп, кең-кесири отуруп, жакшылыктуу чай да ичише элекпиз.

– Андан кийин чолоо тийгидей болдубу? – Бычковдун сөзүн кубаттап койдум, Деги көңүлдү чүнчүтпөй турган жакшылык багытты көздөсө экен маегибиз деп, ичимден кыпылдайм.

– Ырас айтасың, майор, чолоо тие элек. Кызык, былтыр, андан мурда да азыркыдан канча оор шарттарда урушсак да, жашасак да, анча-мынча көңүл ачууга кеңири эле убакыт табуучу элек. Эми барган сайын убакыт тарып баратабы, же пейлибиз тарып баратабы, билбейм? Деги эмнеси болсо да, көп күн, көп ай согуштун азап-тозогун бирге көрүп келаткан кыйбас достор, эскини эскерип, жаңыга жалынып, болочокту Кудайдан кеңири тилеп, бир аз таңкы даамды чогуу ооз тийели деп чакырдым эле, жигиттер. Ошон үчүн алдыбыздагыны көтөрүп коёлу! – Майор сүйлөп атканда жардамчылары дасторконго аш коюп, немистин чакан рүмкелерине шнапс[1] толтуруп, алдыбызга жылдырып кеткен. Бычковдун тостун көтөрүп жибердик. Рүмкесин жерге коё элек жатып, Коптев:

– Фу, гадость![2] –деп, тыржыйып силкинди. Баарыбыз аны селт карадык. Конок ээси чочуп кетип:

– Эне болду, эмне экен! – деп элтеңдеп суроолуу көзү менен баарыбызды кыдырды.

– Николай, өзүң бир полктун бут чарбасын башка-

[1] Шнапс – арак, немис арагы.
[2] Ту, иттики!

рып жүрүп, күжүрмөн эски досторуңа орустун арагын таппай калдыңбы?

– Өх, мен да бир балакет болуп кеткен экен десе!.. Аны кудай ала койсун, иттин кара капталынан. Мен силерге, полк командири менен замполит экөөнөн башка эч ким...

– Үчөөнөн башка десең – Коптев тигини оңдоду эле, ал:

– Кайсы үчөө? – деди.

– ППЖсын унутуп калдыңбы?

– Алда, Петро ай, дайыма узатпай бурдамайыңды карматасың да турасың! Эгер аны билгиң келсе, ал, такыр ичпеген, ургаачылык сыпайкерчиликти сактаган кыз... Ка- ап! Эмне эле? Сөзүмдү бузуп жиберип, айтайын дегенимден адашып калбадымбы – бир аз ойлонуп,– Ии, экөөнөн башка эч ким ооз тие элек, немистин генералдары, ар кандай жогорку фүрерлери гана ичкен ичимдик менен эски досторумду коноктоюн деген ак ниетим болчу.

– Сыйлап берген тамакты суу болсо, уу болсо да, конок ээсинин шагы сынбасын деп, какпайт бизде. Орустукунан күчү бир аз начарыраак жана бир бөтөнчө даамы эле болбосо кадимки эле ичимдик го? Смоленщинада[1] турганда чириген картөшкөнүн самагонун деле ичип жүрбөдүк беле, Петр Михайлович,– деп, Коптевге сын сөздөрдү жылдырдым. Кантээр экен десем, унчуккан жок, аңгыча Бычковдун ат кошчусу орус арагын алып келип куйду.

Экинчи тосту аскердик даражам боюнча мага беришти. Мен Бычковдун тостун колумдан келишимче кошумчалап – бош убакыттын азайып бараткана пейилдин тарыганында эмес, шарттын өзгөргөнүндө: «мурда канча кылганы менен өз жерибизде, өз элибиздин ичинде болуп, уруштан кийин оорук жагыбыздан көп санааркачу эмеспиз. Азыр болсо, душман жеринде, чоочун элдин

[1] Смоленщина – Смоленский облусунун жери, аймагы.

арасында урушуп жатабыз. Анын үстүнө көп жылдан бери эңсеп келген Жеңиштин карааны көрүнүп ар кимибизди дегдете баштады, «Жеңишке тезирээк жетсек! Эл-журтка тезирээк кетсек!» деген санаа бош убакыттын көбүн ээлеп, башка ойлорго чолоо тийбей жатпайбы. Ыракмат Николай Михайлович, сенин кыраакылыгыңа! Убакыт канча тыкыс болсо да, эски сырдана досторуң үчүн мүнөт таап, ат жалына казан астырганыңа, бул кеменгердик! Мен ушул тосту, көптөн бери көксөп келаткан, Жеңишке баарыбыз тирүү, аман- эсен жетүүнү бир Кудайдан тилеп көтөрөм! – баарысы менен рүмке кагыштырдым.

Коптевдин тосту согуштан курман болгон күжүрмөн жолдоштурубузду эскерүүгө, арбактарын сыйлоого арналды. Алардын ичинде акыркы начфин эскертилген жок. Бул атайын болсо керек. Мен сөздү ырбатпайын деп, аны козгогонум жок.

Кезек Кабаковго келгенде ал баарыбыздан бир мүнөткө өтүнүп эшке чыгып кетти. Калгандарыбыз аң-таң болуп бири бирибизди карагыча, колуна бир бөйрөктүү шише көтөрүп келип:

– Жолдош офицерлер, силер жаман көрбөсөңөр, менин тостумду дары ичимдик менен бүтүрсөк дейм,– алып келген ичимдигин рүмкелерге өзү куюп,– мунун аты «Гирголав суюктугу», муну кансырагандарга, кубаты начарлагандарга жана нервиси чарчап, ачуулуу болуп калгандарга берет. Биз булардын үчөөнөн тең, Кудая шүгүр, аманбыз. Ошондой болсо да, үч рүмке бир аз кызытып койду, баса турган жолубуз канчага созулаарын ким билет? Бул суюктуктун көшүтө турган касиети да бар...

– Болуптур мактап эле калдың, шаабайың суубасын, тосту өзүң көтөрт – деди Коптев.

– Урматтуу жолдош офицерлер! Мен көп сүйлөй албайм. Согуш бүтөөрүнө аз калды. Кандуу жолдо баратабыз. Согуштун бүткөнүн аман-эсен көрүш үчүн ушул

кубаттуу дары ичимдикти көтөрүп койгула! – деп, биринчи өзү тартып жиберди. Мага бул белгилүү ичимдик. Бычков ар кандай ичимдикти татыган интендант эмеспи:

– Мунуң жөн эле ликер го доктор Кабаков. Мен англистердин «вермут» дегенин ичкеним бар. Таттуулугу аз-маз ошого окшойт, бирок, андан көп таттуу, жутканга да жакшы экен. Муну кайсы мамлекет чыгарыптыр? – деди.

– Муну Кызыл Армиянын Башкы санитардык башкармасынын Башкы хирургу, медицина кызматынын генерал-полковниги, академик Гирголав ойлоп тапкан. Мунун жардамы менен каны көп агып, кансыраган миңдеген жарадар жоокерлерди ажалдан алып калган – деп, суюктуктун тарыхын жана аны кайдан, кандай чоң таанышы аркылуу алганын, кандай чоң адамдар менен байланышы бар экенин бизди «билип жрүшсүн» дегенсип, сөз арасына кыстара кетти.

Эртең мененки ашыбызды ушундай үлпөт менен бүтүрүп, байланыш офицери алып келген маршрут боюнча жолго чыктык. Бычков авто унааны ээрчитип алга жөнөдү. Маршрут баарыбыздыкы бир. Убадалашкан пунктта ал жер чалып бизди күтөт. Кыштактардын, шаарчалардын көптүгүнөн, каршы-терши тарапка кеткен жолдордон баш адашат. Зоот-фабрикалардын морлору обо мелжийт. Жол көрсөткүчтөр болбосо, карыш жерден адашчудай. Кудай жалгап, Германияда бул жагынан бизге көп үлгү болуучу нерселери бар: ар бир жол айрыгында мамыга кагылган жол көрсөткүч. Бош жол жок. Самсыган аскер. Кыштактарда үй сайын салбыраган ак желек. Баягыдай эле көчөлөрүн жойлоп, үйлөрүн тинтип жүргөн биздин аскерлер. Үй ээлери сыртта көрүнбөйт. Кышкы чабуулдан бир айырмасы уруш болбогон турак жайларда өрттөнгөн үйлөр жок.

Грос Бризен деген бир кыштакка түштө жарым саатча тыным жасадык. Кабаков экөөбүз муундарыбыздын сары

суусун таркатыш үчүн сейилдеп көчөдө басып турсак, жаныбыздан элеңдеп бир орто жашап калган аял өтүп баратат. Биздин жоокерлерден запкы жеген болбосун деген ой эсиме тык түшүп, аны токтотуп, кыштактагы абалды сурап калдык. Кабаков, улуту жөөт эмеспи, немистин тилин мага караганда такалбай сүйлөп, аялдан ал-жай сурап калды. Аял советтик кишилер менен биринчи баарлашкан неме эмес көрүнөт. Биздин алдыбызда душманды сүрүп бараткан жоокерлерибиз менен да беттешкен болуу керек, анткени бизден көп үркпөй-коркпой токтой калып, суроолорубузга чын көңүлү менен жооп берип атты. Анын айтуусу боюнча немис аскерлери кыштактан эртең менен күн чыккандан кийин кетиптир, жыйырма мүнөткө жетпей совет армиясы кириптир. «Кыштакта уруш болгон жок»дейт. (Ал айтпаса деле чыпчыргасы бүлүнбөгөн кыштактын өзү эле айтып турат). «Кызыл Армия кырып салат. Оорукка качкыла!» деген жокпу силердин командалоочуңар? десек, байбиче (энем курактуу аял экен) колун шилтеп,

– Өздөрү кара жанын кайда катаарын билбей топурап, биринин мотоциклин бири мине качып баратса, бизди эмне кылат? «Душмандын тозогун тарттырбай, ала кеткиле!»деп, жалынып жалбаргандар да болду, бирок карабай коюшту. Мына, мындан эки үй жогору – аял артына бурулуп, колу менен көрсөтүп,– үчүнчү үй национал-социалист партиясынын мүчөлөрүнүн үйү болучу. Эри да, аялы да партия мүчөсү болучу. Эри согуш башталганда эле армияга кеткен. Партайфрау[1] бир армиянын начальнигине «ала кеткиле!» деп белетин көрсөтүп, жакшы эле жалынып асылса, түртүп жиберип кетип калышты. Ичи күйгөн партайфрау тигилер узаары менен эки эркек баласына, анан өзүнө уу сайып өлтүрдү – деп, сөзүн бүтүрдү. Биз канчасы чын экенине көзүбөз жетиш үчүн аялдын айткандарын көрсөтүп бер десек, эч

[1] Партайфрау – партия аял.

кетенчиктебей алдыбызга түшүп жөнөдү. Эшиги ачык үйдүн түз эле жатак бөлмөсүнө ээрчитип кирди. Апапакай мамык төшөктүн үстүндө, күрөң жыгач керебетте эки жаш бала, бир келин мемиреп жатат. А деп көргөн кишиге алар магдырап уктап жаткандай сезилет. 4–5 жаштагы балдар ак көйнөкчөн, Вермахт[1] мундиринин формасында тигилген көгүш күрмө-шым, кара жылтырак батинкечен. Экөө тең коёндон окшош, кийингендери да бирдей. Энеси ак кофтачан, кара костюм-юбкачан, узун күрөң байпактын үстүнөн шиш такалуу жалтырак кара туфли кийген. Үчөө тең конокко баруучудай, же парадка чыгуучудай жасанышып, жаңы кийимчен. Келиндин чыканагы бир аз бүгүлгөн, оң колунун тырышкан ченгелиндеги шприц булардын түбөлүк көшүшүнүн себепкери экени көрүнүп турат.

Жалгыз өзү өлбөй, чолпондой болгон эки баласынын өмүрүн да кыйган бул кандай жырткычтык, каннибализм[2]? Кабаков экөөбүз башыбызды чайкап, карышкыр да бөлтүрүгүн өзү өлтүрбөйт! – деп кыжырланып атсак, бизди ээрчитип келген аял кейпибизден баамдады окшойт:

– Бул фрау абдан берилген фашист болуучу. «Фашизм, же өлүм. Андан башка турмуш жок. Кокус коммунисттер, советтер келсе, бизди кыйнап, кескилеп өлтүрөт. А көрөкчө кыйналбай өлүш керек» деп, бизди үгүттөчү – деди.

Биз үч өлүктүн үстүндө каарыбыз келип, фашизмди жектеп атканда үйгө төрт-беш абышка-кемпир кирип босогого токтоп калышты. Бизди акмалап турушкан окшойт?..

– Советтик аскерлер силерге тийиштиби?

– Биринчи келгендер шашып, эч жакка бурулбай, немис аскерлеринин артынан кууп кетишти.

---

[1] Вермахт мундири – фашисттик аскер кийими.

[2] Каннибализм–мыкаачылык, айбан өз түрүндөгү айбанды өлтүрүп, этин жеө.

– Биз фашисттер эмеспиз. Силер тынчтанып, өз оокатыңарды жасай бергиле, бизге каршылык кылбагыла, биз силерге тийбейбиз. «Гитлер келет, кетет, а Германия калкы калат!» – деди биздин көсөмүбүз Сталин, – деп жалгыз биз менен келген байбичеге гана эмес, беркелерге да угуза айтып, дагы бир ирээт өлүктөргө көз жүгүрттүм эле, келиндин кофтасынын, топчуланбаган жакасынын ачыгынан, баягы Гражина берген ачанын тузундай кызыл алтын чынжырлуу белектин кылтыйып чыгып калганын көрүп, эмнегедир көңүлүм караңгылап, жүрөгүм «шуу» дей түштү. Сөзүмдү дароо токтотуп кабагымды чытып, көзүңө башка эч нерсе көрүнбөй, эшикти көздөй жөнөдүм. Кабаков менин сөздөрүмдү которуп, балким өзүнөн да сөз коштубу билбейм, артымда калган эле, бир оокумда карасам, фаэтонго келип калыптыр.

Жолдо келатып көргөндөрүмдү Барановго айтсам, ал аялдын мыкаачылыгына таң калып, башын чайкады. Аңгыча Коптев келип биздин маекке кошулду:

– Анын эмнеси бар экен? Таң калаарлык эчтекеси жок. Кырк биринчи жылы бизде деле болгон. Аны баатыр катары баалаганбыз – деп, өзүн өзү атып өлтүргөн коммунистерди сүйлөдү.

Менин ичим уйгу-туйгу болуп, Коптевдин сөздөрү кулагымдын сыртынан кетүүдө. «Капырай, бул кандай укмуш?! Идеология деген бардык таасирден күчтүү нерсе белем? Карабайсыңбы, идеология эмне кылганын? Идеология балким таасир эмес эле бир оор тумоодур?... Болгондо да жин оорусуна окшоп баштан кармаган?! Андай болбосо, өз денесинен жаралган жандарды курмандыкка чалат беле? Бул наристе перзенттер сүйүүнүн үрөндөрү экени эненин мойнунда салбырап илинген сүйүү белгиси – жүрөк сымак, ача тузундай кызыл кутучадан көрүнүп турбайбы? Идеология даарыган немеге сүйүү да бир тыйын турбайбы?... Идеология уусуна чыланган макулук үчүн, жер ырахатынан көр ырахаты артык

турбайбы?...» деген ойлор аргасыздан, азыркы тирешип аткан дүйнөлүк эки зор идеологияны: фашизмди жана коммунизмди кайрадан былтыркыдай салыштырып, зээнимди кейитип, жүрөгүмдү өйүтүп кирди.

Бул ойлордун арасында кыстарылып, ачанын тузу түспөл кызыл кутуча оттук да жүрдү. Фашист келиндин төшүндө эки эмчектин кычыгында кыпчылып, жарымы көрүнгөн жалпак кызыл кутуча – оттук, мага Гражина берген белектин түгөйү, менин унут болуп келаткан эски оорумду козгоп койду окшойт, болбосо идеологияга мунун кандай тиешеси бар? Түздөн түз тиешеси жок. Бирок Европада мындай тумар-куту – сүйүүнүн белгиси, мунун ичине ар кандай сырдуу белектер: сүйгөнүнүн сүрөтү, жыты аңкыган жыпар, же мага берген белектегидей оттук жана ушу сыяктуу табышмактуу «өзүң таптар» салынып, ашык болгон адамыңа тартуулай турганынын барган сайын мааниси ачылып келет...

Жакындан угулган тарсылдактар чочутуп, албарсты баскан уйкудан ойготкондой таасир берип, көзүмдү ачтым. Айланамды карасам, каршы-терши кым-куут дыргыган аскерлерге жолубуз бөгөлүп калыптыр.

– Куда вы, черти прете обозом, там немцы...[1],– деп, мотоциклчен бир сержант алдыбыздан тууралай чаап, токтобой өтүп кетти. Биз токтоого мажбур болдук. Аңгыча бизге окшогон жүктүү арабачандардын колоннасы келатканы көрүндү. Жакындай бергенде көч алдында атчан келаткан офицерден иштин жөн-жайын сурасам:
– Биздин армиябыз курчоого алган немис аскерлери батыш жакка чыгалбай, бери карай бурулду деген кабар келип, полкубуздун командири полктун экинчи эшелону «эмнеси болсо да нарыраак турсун!» дегенинен, кайта келатабыз – деди.

– Биз Вендишбухгольц кыштагына барышыбыз керек эле.

[1] Кайда баратасыңар, көчүңөр менен, анда немистер!

– Ал кыштакка бара албайсыңар. Аякка өткөрбөйт. Биз ошо кыштактан келатабыз, эртең менен барганбыз. Ал жерден немистердин жолун тосуп танкечендер, мотордуу пехота, артиллериячандар бугун жатышат – деди бизге жолуккан офицер.

Бейтааныш офицерден жогоркудай информация алып бүткүчө, анын көчүн жандай өтүп Бычков да жетип келди. А тигил офицердин кабарын ырастоо менен катар, бизге жаңы маршрутту жана токтоочу жерди көрсөттү. Майор Бычков менен кошо капитан Акопян да келди.

Биз токтоочу кыштак жолдон жарым километр түндүк тарапта экен. Кечке чейин эле турабыз го деген жерде уруштун кесепетинен эки сутке токтоп калдык. Биринчи эшелонубуз жанагы Вендишбухгольцто.

Биздин кыштакта башка бөлүкчөлөр да көп. Бир сөз менен, кыштак жыш толтура аскер. Жергиликтүү калктын арасында мынтык көтөрө алуучу эркек бүлөөдөн бири да көрүнбөйт. Бардыгын вервольф[1] болууга айдап кетиптир. Жалаң аялдар, майда балдар, өлөсөөлүү кемпир-чалдар. Кооптонуп жаныбызга жолошпойт. Оозубуздан жел чыкса көзүбүздүн агы менен кошо тегеренишет. Бойго жеткен кыздарды, жаш келиндерди ката алышкан эмеспи, же колдорун шилтеп коюшканбы, айтор алар бизден көп чоочуркабай кээ бирөө батынып, солдаттарга тийишип да коюшат. «Кунаажын көзүн сүзбөсө, бука мурунтугун үзөт беле» дегендей андай учурларды күр болуп жүргөн солдаттар куру кетирген жок окшойт. Өз ыктыярлары менен табышкандарга офицерлер кийлигишкен жок. Алар деле, кудай уруптурбу, тирүү кишилер да, болгондо да жаштык доорун, жексур согуштун айынан сүйгөн кыздын кучагында эмес, кыргындын бычагында өткөрүп, келаткан байкуштар эмеспи! Жаштык кумарын адамча кандырса, Кудай деле боору оруп, анча-мынча күнөөсүн кечирээр?!..

[1] Вервольф – карышкыр киши. Карышкырча жашаган киши.

Ошентип душмандын кыштагында токтоп турууга мажбур болуп, жергиликтүү калк менен анча-мынча тил табышып, экинчи түндү өткөрүп атканбыз. Түндүн жарымынан бир аз ооган маалда Баранов экөөбүз жаткан үйдүн катарындагы кошунаныкынан аялдын чаңырган ачуу үнү чыкты. Тапанчамды колума азырлап, дароо үн тарапка чуркадым. Менден мурда, аткан октой учуп, өзүбүздүн чакан гарнизонубуздун дежурныйы, улук лейтенант Кондрашов жетиптир. Ал колундагы эклектр фанарын аялдын үнү чыккан жакка бурганда мен көзүм менен көргөнүмө өзүм ишенбей дал болуп туруп калдым. Кондрашов деле мага окшоп селейсе керек, анын фанарынын шооласы асмандан самолёт кармаган прожектор сыяктуу кыймылдабай кадалып калды. Шооланын учунда керебет, керебеттин жанында тытылган униформачан,[1] көкала чач аял, анын жанында чала кийинген кебетеси оозго алгыс капитан Акопян – куду экрандагы кинокадр сыяктанышат! «Сакалдуу киши жоого түшөрбү!» эмне дээрибизди билбей дел болуп Кондрашов экөөбүз тура берсек керек, бизден чочуп, чачы төбөсүндө тикийип, колу-буту ырп этээр алы жок, зыңкыйып катып, Акопян турат жалдырап. Жолборстун тырмагынан жаңы бошогон маралдай темтеңдеп, аял эки кадам шилтеп, эки алаканы менен бетин басып, мүдүрүлүп жыгылып:

– Mein Gott, mein Gott…Iesus Marie![2] – деп, озондогондо үй ичи кыймылга келди, жарык пайда болду. Айланамды карасам Бычков, Баранов, Кабаков, Коптев, Посохов дагы дагы бир нече офицер, кыйла солдат комнатка толуп калыптыр.

– Болду эми, катынга баатыр, кийин! – Кондрашовго буйрук берип, – улук  лейтенант, ал мунун тапапчасын! Анан чогулгандарга кайрылып, – офицерлер калсын,

[1] Униформа – кечилдердин таанымал кийими.
[2] Кудайым – ай, кудайым!.. Иисис, Мария!..

калгандарыңар жай- жайыңарга жөнөгүлө! Сак болгула! деп майор Бычков сөзүн бүтүрдү. Бычков буйрук берип атканда аялдын үнү басылган эле. Чогулгандар тарап, айтылуу гана офицерлер калдык. Бычков аялдын жанына келип, колтуктап өөдө тургузуп, кийинишин өтүндү. Кабаков которуп берди эле, ал ички бир комнатка кирип кетти, аңгыча Кондрашов Акопянды кийиндирип алдына салып, ортобузга айдап чыкты. Бычков аны дароо суракка алып:

– Эмне бүт гарнизонго чуу салып ит болдуң? – деди эле, Акопян айыптуу жылмайып:

– Күнөөмдү мойнума алам, достор. Арактын азгырыгына кирип, шайтан көчүккө сайганда ушундай болот турбайбы. Чымын коно элек кечилдики кандай болот болду экен деп, кара теке сүздү! Мени эмне кылсаңар, өлтүрсөңөр-сойсоңор өз эркиңер, мен кандай жазаласаңар татыйм! – деп, жер карап туруп берди. Бычков какшыктап күлүп:

– Экзотику хотел?[1] Кызмат абалың эсиртип, жакшы эле полктун эрке баласы болуп жүрүп, полктун кыздарын коркутуп, үркүтүп үйрөнгөн адатыңды бул жерден да карматайын дегенсиң да! Это чем пахнет лучше нас сам знаешь, международным скандалом[2]! Өз убалың өзүңдө! – деп, «отур» белгисин берип, колун шилтеди да, аялды чакыртты. Комнатадан кечил киймин кийген эки аял чыгып келди. Мен буларды бүгүн күндүз көрүп, сүйлөшкөнмүн. Эгер булардын айтканы чын болсо, Голландиянын монастрынан кайрымдуулук маселе менен келишиптир. Кайра элине кетүүгө үлгүрө калбай калышыптыр.

Бычков, запкы жеген кечил аялды суракка алды эле, тигилер биринен бири оозунан сөзүн жулуп алып

---

[1] Адемини сонундукка таткың келдиби?

[2] Бул эмне жыттанаарын, эл аралык чатак экенин бизден артык билесиң.

жарыша жооп берип атты, Кабаков сөздөрүн которуп үлгүрө албайт. Ансыз деле кылмышын мойнуна алган Акопянды экөөлөп каралады. Булар, эгерде айткандарына ишенсек, өмүрү бою эркекке жакындашпаптыр. Ал Кудайдын алдында чоң күнөө дешет. Орус офицери биздин ыйманыбызга шек келтирип, абийирибизди кордоду дешет. Бычков суроолорду берээрин берип коюп, быжылдаган көп сөздөрүнөн тажап, акыры:

– Орус офицери кимиңерди зордуктады? – деди. Тигил экөө бирин бири карап, анан жанакы көйнөгү тытылганы жооп берди.

– Русиш офицер мени зордуктоого аракет кылды, бирок мен бардык күчүм менен каршылык көрсөтүп жеңилбедим, анан силер келип калдыңар. Кудай алдында күнөөм жок, акмын! – деп, өзүн актады.

– Зордук аракети үчүн офицер советтик закон боюнча жооп берет. Силер Кудайга күнөөкөр болбой таза калганыңар – Кудай сүйгөн, бактылуу кечилдер экенсиңер, өмүрүңөр өткүчө ошондой бойдон кала бергиле, Кудай колдосун! – деп кечил аялдарды сооротуп, булар жаткан үйгө сакчы солдат дайындап, түнкү дүрбөлөңдүн аягына чекит койду. Акопянды өзү жаткан үйгө ала кетти.

Эртеси эртең менен полк командири рациядан: «Курчоодогу немистер, куралын таштап колдорун көтөрүштү. Берлинге жол ачык!» деп, жакшы кабар берди!

Вендишбухгольцто полктун биринчи эшелону бизди күтүп туруптур. Мындан ары полк бөлүнбөй, бүт курамы менен чогуу жылдык. Уруштун дүңгүрөгөн табыштары угулбайт, бирок ал салып кеткен бүлүк көз алдында дайын. Колго түшкөн душман аскерлерин топ-топко бөлүп тизип алып, тийешелүү аскер бөлүкчөлөрү кайдадыр оорукту карай айдап жөнөшүүдө. Мурдагыдай туткундарды тоноп, ойдологон эч ким жок, ал турмак карап да коюшпайт. Сонуну таркап бүтсө керек, былтырдан бери?... Жол бою аскерлер баягыдай эле көп, самсыган

көч андан көп. Баарысы аскер көчтөрү. Каршы-терши, оңго-солго өтүп, бири бирин бөгөп өткөзбөй, жол талашып аткандар канча!..

Биз керээли кечке жол бастык. Багытыбыз түштүк-батыш. Күн ачык. Асманда биздин самолёттор. Ургундай бомбулоочулар. Аларды асты үстүнөн, деле төрт тарабынан кайтарып, кыргынчы жеңил самолёттор жагалмайдай чабыттап, ойкуп-кайкып, күндүн нурун канаттарынан чагылтышып болушпайт, азаматтар. Кез-кезде немистердин кыргынчы самолёттору жолуга калса, аларды туш-тушунан чабуулдап, ит талагандан жаман кылат, кай бирлерин атып түшүрүшөт. Айтор, душмандын жери да, асманы да биздики сыяктанып, жоого кабылбай жакшы келатабыз. Жоокерлер бирин бирин тамашалашып күлкүлөрү чыгып, шаттык өкүм сүрүүдө. Айрыкча согуштун биринчи күнүнөн бери уруштан башы чыкпаган старшина Посохов окшогон, азыр арабызда сейрек кезиккен жоокерлер, кырк биринчи, кырк экинчи жылдардын кысасын чыгарып аткан биздин учкучтардын иштерине моокулары канып, пилоткаларын көккө ыргытышат.

Кызыл Армия Берлинге жетиптир деген каңшаар желаргыдай зыпылдап, көчүбүздү баштан-аяк каптады. Муну уккан жоокерлер ого бетер толкунданып, күүлдөгөн табыш күчөгөндө, чаалыккан аттар да, кулактарын тикийтип, баштарын көтөрүшүп, басыгын чапчаңдатышты. Айбандын акылдуусу ат менен ит дегендин калети жок белем? Биздин кубанганыбызды Чистовдун кош кара аты фаэтонду камгакча сезбей ойдолоктошту, айрыкча шалпык эрин Төөгулагы ооздук чайнап, ыргыштап болбойт.

Саат 19 нөл-нөлдө бир чакан кыштакка токтодук. Кечки тамагыбызды ичкенден кийин, полк командири адаттагы офицерлер жыйынына чакырды. Жыйында эки күндүк операция сводкасын майор Несговоров баянда-

ды. Анын маалыматы боюнча, кечээ Биринчи Белорус фронту менен Биринчи Украин фронтунун танкечендер армиясы жана метордуу аскерлери Берлиндин түштүк-чыгыш четинде жолугушуп, Берлиндин коргонуу чебине кол салышыптыр. Мунун натыйжасында биздин алдыбыздагы душман аскерлери чегинүү жолунан айрылып, курчоодо калып, биздин 33-Армиянын жана Биринчи Украин фронтунун жоокерлеринин чабуулуна туруштук бере албай булаанга түшүптүр. Бүгүн ошол эле фронттордун башка куралдуу күчтөрү Берлиндин батыш капталында жолугушуп, шаарды бүт курчоого алышыптыр. Шаардын коргонуу чеби бир нече жеринен бузулуп, азыр уруш шаардын четинде кызуу жүрүп атыптыр. Биринчи Украин фронтунун жоокерлери биздин союздаштарыбыздын аскерлери менен бүгүн немистин Торгау шаарында кошулушуптур. Биз бүгүн душмандын колун кезиктирбегендин себеби: Биринчи Украин фронтунун танкечендери жана мотордуу Армиясы бул аймакты Берлинге чейин басып өтүп, бизге дейре эле талкалап кетиптир. Эми биздин алдыбызда Лукkенвальд шаарына дейре бизге уюшуп кайрат  көрсөтөөр душман жок. Азган-тозгон качкындар кезигиши мүмкүн. Армиянын артиллерия командалоочусунун буйругу боюнча биздин полк бүгүн бул кыштакта түнөп, эртең менен жаңы маршрут боюнча жөнөйбүз»– деп, Несговоров сөзүн бүтүрдү. Подполковник Иванов суроо берүүчүлөрдү күттү.

– Биз Берлинге кирбейбизби? – Коптев адатынча биринчилерден болуп суроо берди эле:

– Биз солдатпыз, командир кайда жиберсе, ошол жакка барабыз. Төрт күнү Берлиндин босогосунда душманды курчоого алып, анын ташын талкан  кылып, аскерлерин колго түшүрдүк, Берлинге кирүүчү жоокерлерибизге жол ачтык. Бул эмне, Берлинди, алуу үчүн жасалган операция эмес бекен? – полк командири өзү суроого суроо менен  жооп берди. Чарчагандыкпы же баарысы

түшүнүктүү болгондуктанбы, айтор Коптевден башка тили кычышкандар болгон жок.

Экинчи сөздү майор Дурдыев сүйлөдү. Ал биздин аскерлер Берлинге киришип, ийгиликтүү салгылашып атышы менен баарыбызды куттуктап, жоокерлерибиздин тартиби, моралдык-саясий деңгээли, жергиликтүү калк менен туура мамиле түзүү жөнүндө сүйлөп, кышкы чабуулдарга караганда тартип кыйла жакшырганын белгилеп, ошону менен катар полкто одоно окуя болгонун чымчып өттү, Акопяндын фамилиясы жарыяланган жок.

Чогулуштан таркап келатып Бычковдон: «Акопянды эмне кылдың?» десем, «подполковник армиянын жетинчи бөлүмүнө жиберип ийди!» деди.

Түн тынч өттү. Баранов экөөбүз жаткан үйдө абышка-кемпир эки эле баш үй-бүлө экен. Калтырап жолошпойт. Эптеп жоошутуп, чала моңол тил менен кепке тартсам, кемпир дүлөй экен же анткорлонуп жатабы, билбейм, абышкасы сөзгө келди. Балдарыңар жокпу десем, төрт эркегибиз бар эле, үчөө үйлөнгөн, өздөрүнчө үйлөрү бар, төртүнчү уулубуз үйлөнө элек жаш эле. Согуш чыкканда эки ортончу уулумду аскерге алды. Бирөө Россияда өлдү деп, кагаз келген, экинчиси батыш фронттомун деген катын январда алганбыз, андан бери кабар жок. Улуу уулум курал зоотунда иштөөчү. Ал зоот кайда экенин да билбейм. Өзүнөн кат да жок. Кичүү уулум 16 жашка мартта толгон эле. Фольксштурмга алып кетишкен. Кат да келе элек болчу деп, улутунуп койду. Андан тереңдетип сураганга тилим да жетпеди жана тигилерин уккандан кийин, жарасынын картын сыйрыгым да келген жок, кары кишиге катуу тийиши ыктымал. Душман болсо да, карылыгын сыйладым.

Мыкаачы согуш кимге жакшылык алып келди? Бүт дүйнөнү бутуңардын астына тепсетем деп, фүрер көкүткөн элинин көргөн күнү акыры ушул болуп, отурат. А булардын балдары тайрактаган жерлердеги элдин абалы

булардыкынан канча эсе оор! «Келме кезек, терме тезек» дейт. Таба эмес тобоо! Бул үч континентке тополоң салган жексур согуштун өртүн тутанткан негизги күнөөкөрлөр фашисттер экенин эч ким тана албайт дечи, ошентсе да, аларды колдогондор болбосо, өртү мынча жалбырттап, үч континентке тарабайт эле го?! Демек башчыларын көкүткөн, колдогон эли! Ошондуктан, жалаң гана башчылары эмес, аларды убагында тыя албаган эли да согуш үчүн күнөөлү! Мобу абышка-кемпирдин жеке күнөөсү барбы-жокпу билбейм, бирок фашисттер мамлекетинин жараны катары биздин алдыбызда кааласа да, каалабаса да күнөөлүү! Ушундайлардын тымпыйып, ичинен кымыңдаган жоругунан канча миллион адам курман болду?! Ой тобо-о, Жараткан өзүң калыс болчу?!

Кадам сайын уруш сейректеп согуштун акыры көрүнүп, жүрөк алеп-желеп болуп сүйүнүп атса да, каран түн түшкөндөргө зээним кейип, алардын тагдырынын болочогун тереңирээк түшүнүүгө аракет жасап, кыялым менен алпурушуп далайга дейре уктай албадым. Аттиң ай, ушундай учурда Дорфман жанымда болгондо маселе алда канча терең, кенен жана жеңил чечилмек! Кайран киши, ушул күндөргө жетпей акыркы кайтпас сапарына жөнөп кете берди! Мен акыркы жолу маектешкенде «Жеңишке жетээрибизге аз калды. Ошондо, буюрса, жеңгендердин да, жеңилгендердин да тагдыры жөнүндө кеңири сүйлөшөбүз чыда, браток» деп эркелетпеди беле, эсил кайран адам!...

## – 15 –

Улам багытыбыз өзгөрүп ийри-муйру жол басып, дагы эки сутке жоо менен беттешпедик. Жолдо кезиккен кыштактарда, шаарларда үй сайын салбыраган ак желек. Зоот-фабрикалардын складдарынан, дүкөндөрдөн башкаларынын баарысы дээрлик аман. Ал имараттардын

эшиктери, терезелери аңырайып ачык. Каалгалары, айнектери көбүнүкү талкаланган. Булар биз колдуубу же душмандын аскерлери колдуу таландыбы, же болбосо жергиликтүү тургундардын колунан келген ишпи, ким билсин? Териштирип олтурууга убакыт жок. Кез-кез жерлерде ураган имараттардын чалдыбарлары, талкаланган куралдардын, кужурмөн техниканын сыныктары, чычалалары – уруш-чабыштардын тилсиз күбөлөрү жолугат. Бир-эки жерде жылкылардын, уйлардын өлүктөрүн көрдүк, а кишилердики жок. Жыйнап кетишсе керек? Түндө түнөгөн кыштагыбыз дөңсөө, ачык жерге жайгашкан экен. Айсыз караңгыда түндүк тарабыбызда кең майдан өртүнүн кызылы асманга созулуп, тынымсыз күркүрөгөн табышы кулагыбызга жетип турду. Топографиялык карта боюнча ал жерде, бизден 20–25 км алыста Берлин турат. Капитан Кабаков сынамыкка биз токтогон үйдүн ээсинен сураса, ал да Берлин деп, ырастап, «эки суткеден бери асмандан кызылы өчө элек, бүгүн кечегиге караганда согуш дүбүртү күңүртүрөөк угулууда» деди. Берлиндин дүбүртүн өз кулактары менен уккан, өртүн өз көздөрү менен көргөн жоокерлердин кабактары кечээкиден да ачыгыраак жаркылдап, бала кезинде уккан жомокторуна азыр саякат жасап жаткансып таңыркашып шаттуу.

Эртең менен «бүгүн Берлинге киребиз го» деп турсак, маршрутубуз тескери-түштүк тарапка багыт алды. «Биз солдатпыз...» деп, подполковник Иванов айткандай, уруш башкаруучулардын эрки ошол экен, бизде эмне жазык? Аттын башын, машиненин тизгенин бурмай. Ошентсе да, эл деген эл экен. Жоокерлердин арасында кужу-кужу, кобур-собур жүрүп: «Берлинге жетпей кайтат деген эмне тамтык?!», «Төрт жылдан бери күткөнүм Берлин болсо, ичине кирбей жанынан өттүм деп, кайсы бетим менен элиме кайтам?!», «Биринчи майды Берлинде майрамдайт экенмин десе...», «Жок дегенде

кечөсүнүн башынан баш баксам болбойт беле!» деп, бир даары өкүнүүшсө, «Берлинде эмне, бышырып коюптурбу?», «Жеңиш эмне, сени жалгыз эле Берлинде күтүп атыптырбы?». «Берлинди көрбөй кайткан жоокерди эл-журту кайта кубалайт бекен?», «Ар ким буюрганын көрөт», «Иши кылып Берлин куласа эле болду!», «Берлинде кармашып аткан жоокерлерге даңк!» деп, экинчи тарабы кайратын курчутуп: «деле Жеңишке аман-эсен жетсек болду. Кудай тилегибизди берсе экен!» – деп атты.

Маршрут ийри-муйру. Бул маршрут менен жалгыз эле биздин полк эмес, биз такоолдогон аткычтар дивизиясынын бардык кошуундары баратабыз. Жолубузда душмандын куралдуу колу кезикпеди. Дарактар көгөрүп, алма, алмурут шактары гүлүн сабап, жай белгиси кирип күн ысып, бардык жандыктарды табият жер жүзүнө чакырып турганына карабастан, кыштактардын, шаарчалардын көчөлөрүндө жергиликтүү калк, алардын мал-салы көрүнбөйт. Аралап жүргөндөр баягы эле биздикилер!.. Бир жакшы жери – мас эмес!

Бараар жерибиз картада түз сызык боюнча жыйырма километрден ашпаганы менен, басаар жолубуз, чидерген инген кейиптенип, айылдан айылды кыдыра турган болгондуктан, бир топ алыс. Ушул темп менен жүрүп отурсак, эң эрте дегенде күн батаарда жетчүдөйбүз. Узун күндү, узун жолду кыскартаар узун сөз эмеспи. Бир аз күндөн бери чолоо тийбей, башка офицерлер турмак, өзүмдүн фельдшерим, көптөн берки сырдашым улук лейтенант Баранов менен да бел чечишип сүйлөшпөй калдым эле. Кудай жалгап, бүгүн керээли кечке дейре, эгер жолдо күтүлбөгөн  уруш чыкпаса, чер жазышкыча, мооку кангыча сүйлөшүүгө шарт түзүлдү көрүнөт?.. Берлин жөнүндө дегдегенибиз да басылсын.

Кудай буюрса, согуштун бүтөөрүнө эсептелүү эле күн калды. Ал күндү тирүү  көргөндөрдүн турмушунда согуштан кийин чоң өзгөрүүлөр болот. Жер жортуп,

кан кечип, талаа каңгып жүргөн доор бүтөт. Жоокерлер тууган элдерине, туулган жерлерине кайтышат. Куса болгон эне-аталары, никелешкен жарлары, жол караган балдары, шерттешкен кыздары кучак жайып тосушат. Ар улут өз салты менен түлөө өткөрөт... Ар кимдин тагдырынын жаңы барагы ачылат. Айтор сүйлөшөөр сөз көп.

Кош кара ат чегилген фаэтондун алдыңкы секисинде сержант Ефим Чистов. Кабинадагы маңдай-тескей отура турган эки отургучтун арткы жумшагында Баранов экөөбүз, кабинанын айнексиз терезелерине, сыртка анда-санда көз чаптырып, узун сөзгө өттүк. Сөз арасында мурундун кычуусун кандыруу үчүн «Катюшанын» түтүнүнөн кере-кере соруп, кош таноодон бурулдатып мамырап барабыз. Быйыл кыштан бери офицерлик паёкко «Беломор каналдын» ордуна «Катюша» бопорозун берип калган. Түтүнүнүн ачуусу азыраак, кумарыңды жакшыраак кандырат.

Саша согуш бүтөөрү менен бир күн токтобой демобилизацияланаарын, өзү менен кошо кир жуугуч кыз Вераны айлына ала кетээрин айтты. Веранын биздин полкко келгенине бир жыл толо элек. Былтыркы жайкы чабуулдун алдында, бая күнкү уугуп өлгөн кыз, дагы башкалары менен чогуу, толуктоого келген. Бою тараз, сөөгү жука, көгөргөн көзү бакыракай, өңү ак жуумал, кыркма коңур чачы бар, назик кыз. Жүрүш-турушу маданияттуу үй-бүлөдө тарбиялангандай көрүнгөн.

– Убадаңар бек болсо байкуш кызды бозала кылбай багын ачып, бактылуу үй-бүлө болушуңарды каалайм.– Барановдун чечкиндүү оюн жактадым.– Көрбөйсүңбү баягы күнкү кызды, алдоого азгырылам деп, ажалдын торуна чалынып, бөөдө өлүмдүн эсебин көбөйттү. Бир арам шылуун таалай гүлү ачыла элек кыздын түбүнө жетти. Шордуу кыздын ата-энеси кара кагазды алганда каңырыгы канча түтөсө да: «Кызым, эр азаматтарча ме-

кенин коргоп, жоо колунан курман болду» деп, ичинен ыраазы болушат дечи, байкуштар?! Өлүмдүн чыныгы себебин кайдан билишсин, кургурлар! – кейигенимди, наалыганымды ачыкка салдым.

– Чынымды айтсам, жолдош начальник, тиги кыз өлбөсө, мен деле Вераны алайын деген ниетим жок болучу. Кыздын уу жеп өлүшү мени абдан коркутту... Веранын да боюнда бар. Кокус бу да бирдеме болуп кетпесе экен деп, тобокел кылып, биротоло убадамды бердим. Элжуртка келгенден кийин, дагы бир топ сыноодон Вера да, мен да өтөм дечи. Калганын көрө жатабыз...

– Эмнесин көрө жатасың? Эмнеси жакпайт бул кыздын? Эгер сүйүү сезимиң болбосо, үмүткөр кылып жаш немени алдаганың адамкерчиликке жатабы, Саша?

– Жок, жакпайт деп айтканым жок го, Веранын кыял-жоругу баары эле жакшы, бирок... менин жүрөгүмдү түпөйүл кылып аткан ушул «бирок», жолдош начальник.

– Сени анча сары оору кылган ал эмне?

– Үйдө менин аялым бар, доктор, сизден жашырып эмне кылайын. Армияга алынаардан эки ай мурда үйлөнгөн элем. Ал кийин эркек төрөп, анысы ымыркайында эле чарчап калыптыр. Өзү менин ата-энемдин колунда жашайт. «Качан келесиң? Сагындым. Аман-эсен келсең экен деп Кудайдан тилейм» деп, какшайт. Ата-энем да: «бизди баладай баккан ушул келинибиз, Кудай өмүр берсин!» деп, келинин каты сайын мактайт.

– Охо, ишиң чатак экен, бала. Сен үчүн согуш бул жерде бүткөнү менен үйүңдө уланат турбайбы?!– деп, сөзүмдүн бир четин тамашага айлантып, жаңы бопорозду түтөтүп атканымда, фоэтондун эшигин ачып, Посохов маңдайыбызга отуруп атып:

– Жолдош начальник, узун жолду кыскартуу үчүн куру сөз кобурай бербей, анча-мынча шам-шум этүүгө кандайсыңар? – дегенде, мен:

– Мынча болду, капитан Коптевди да чакыр, көч артында эригип келаткандыр, кургурум – деп, аны үстүбүзгө алдырып алдым. Алдыда, аттары менен сүйлөшүп, эриккенин жалгыз жазып көнгөн Чистовду да аңгемеге тарттык. Андан согуштан кийинки планын сурасак:

– А дегенде Кудай бизди Жеңишке жеткирип, согушту бүтүртсүнчү – деди ал.

– Ал тилегиңди Кудай угуп, оюңдагыдай аткарды дейли. Анан эмне кылмаксың?

– Демобилизация болоору менен дароо үйгө жөнөйм. Мурдагы күнү кат алсам, үйдөгүлөр бүт аман-эсен экен. Акыркы посылкамды алышыптыр, бирок мен жиберген буюмдардын көбү жок. Жолдо уурдашкан окшойт?..

– Айтмакчы, – Коптев Чистовдун сөзүн бузуп,– мен бул сөздү биринчи угуп атканым жок, башка солдаттар, да: «посылкаларыбыздын ичин ачыптыр, жибергендеримди алып, башка жаман-жуман немелерди салып коюптур» деп жүрүшөт. Ууру почтонун өзүнөн болсо керек?.. Башка, жактан болсо, посылканы бүт алып кетпейт беле. Биз быякта өлүмгө башыбызды байлап, баарына кайыл болуп, душман менен алпурушуп атсак, ооруктагы почточу келестер бирөөнүн аманатына арам чеңгелин салып, даяр оокат, адими буюмдарга тунуп, мителик кесипке өткөнүн кара, сволочи! – адатынча албууттана баштады.

– Ага эмне күйүп-бышып ачууланасың, Петр Михайлович,– анын тизгинин тартыш үчүн мен сөз кыстардым,– биздин кыргыздын: «ууруну каракчы тонойт» деген макалы бар. Бул жерде ошол макал бап келип атат. Биздикилер ал буюм-тайымдарды кайсы эмгеги менен тапты эле, бирөөлөрдүн үй-жайын тоноп, өздөрүнө жүк болоор деген үмүт менен олжолоп жиберген эле да.

– Туура айтасыз, жолдош начальник, – Чистов мени кубаттап,– кудай жанды аман койсо, адал эмгегим менен эле эки баламды, аялымды багууга күчүм жетет.

Немистердин өнөрүн көрүп, көбүн үйрөнүп алдым, колдон келүүчү эле нерсе экен. – Посохов жасап берген бутербродду алып, бурулуп, аттарын ноо-ноолоп, бизге далысын салды.

Сөз кезеги капитан Коптевге өттү. Ал өгүнкү экөөбүз жалгыз маектешкендеги сырын көптүн көзүнчө кайталаган жок. Жалпы сөздөргө токтолуп, табышмактуу ойлорду ортого салып, согуштан кийин эмнелер менен илешерин ачык айтпай, күдүк-күдүк сөздөр менен чаргытып өтүп кетти.

– Чыгыш менен батышты куюндай сапырган согуш бизге, совет элине, өтө көп зыян келтирди, миллиондогон кишинин башын жутту, миңдеген кыштак-шаарларды жер менен жер кылып, ээн талаага айлантты, өнөр жайларды талкалады. Мунун баарысына өзүбүз күбөбүз.– Сөзмөр Петро коюлуштуруп сүйлөп, ар бир сөзүн бири бирине жипсиз кынап, окуяны көз алдыңа дааңалап көрсөтүп согуштун панорамасын ачык боёктор менен сүрөттөп келип,– ошондой болсо да, бул желмогуздун бир пайдасы тийди. Чындыкты көрүүгө көзүбүздү ачты! Согуш болбосо, батыштагы элдин турмушун көрбөйт элек, энебиздин сүтү менен кошо оозанткан: «пролетариат – жакырлар, капиталистер – байлар» деген эки түшүнүк боюнча калмакпыз. «Кудай жок» деп, күндүр-түндүр, жайдыр-кыштыр туш келди жерлерде какшап атып, элибизди ыйман, абийирден ажыратып, жорук-жосунсуздукка, таш боордукка, мыкаачылыкка, уятсыздыкка тарбиялап алганыбызды согуш көрсөттү жана коомдун андан ары бузулушуна да жол ачып салды, бул желмогуз. Кышында биздин аскерлер жасаган айбандыктарды тарбиясы начар, билими тайкы, карапайым солдаттарга шылтадык эле, ал эми Акопяндын кылыгын эмне менен түшүндүрмөкпүз?

Суроону берип, томсоруп бизди тиктеп, колундагы кружканы лактырып жиберип, бир кертим балыкты айры менен калай банкадан сайып алып балыкты бир

жыттап ичинен демин шуу чыгарды да, оозуна салды. Узун сөзгө кирген капитанды бир оюн толук бүтүрсүн деп, мен унчукпадым. Менин кызматчыларым да сырын билген немени жайына коюшту...

– Совет өкмөтүнүн эң ишенимдүү түркүгүндө иштеген офицер Акопяндын кылганы ошо болгондон кийин, биздин коомдун моралынын деңгээли канчалык бийиктикте экенин өзүңөр өлчөп билгиле – деп, Коптев сөзүн бүтүрдү.

– Согушта эмне гана болбойт, жолдош капитан – жанатан бери бизди ат жалына казан асып, коноктоп аткан Посохов Коптевге кайрылып, – кырк биринчи жылы немистер биздин кыз-келиидерди сурабай эле автомат менен демитип зордуктап, атып деле кетип атпады беле. Немистин кызы эмес, келини эмес, бир кемпирине катылды деп, Акопянды, сиздин оюңузча, эмне, стройдун алдында атыш керек беле? Жок, жолдош капитан, Сиз немистерге бооруңузду оорутпай эле коюңуз. Алардын кылбаганы жок. Согушту баштаган да ошолор. Согуш деген кандай экенин эми көрүшсүн өзүлөрү да! – Посохов Коптевдин наалыганын жактырган. жок. – Албетте, Акопяндын кылыгы баарынан мурда өзүнө зыян келтирди. Болочок өсүшүнүн тамырына өзү балта чаап алды. Акопян үчүн бейкутчулук турмуштан жыргалдуу шыбага тийбей калды. Көп жылы душман менен чыныгы патриотчо кармашып, жеңгендер командасында намысын, абийирин сактоого күчү жеткен кайран офицер, мүнөттүк азгырыкка алы жетпей, өз коллективинин алдында абийири кетип, шылдың болду. Душмандын чырагына май таамп, ансыз деле Кызыл Армияны бүткүл дүйнө жүзүнө жырткыч, мыкаачы, айбан, дини кара, мокочо кылып жамандап жаткан немелерге жем болуп калды. Каргыш тийген кара көйнөк катындарга кабылбаса, балким иши мынча ырбабайт беле!... Сиз эмне десеңиз ошо деңиз, а мага Акопяндын тагдыры абдан аянычтуу болду.

– Старшина мен сени өз ишинин кылдат устасы, армиянын чарбалык иштерин жакшы билген жоокер экениңди начальнигиңден мурда билүчүмүн. Көрсө сен, жалгыз эле чарбачылык жагдайды эмес, саясыны да укмуштай түшүнгөн азамат турбайсыңбы?! – Коптев Посоховдун сөздөрүнө таңыркаганын жашырган жок, каршы да бир ооз сөз тапкан жок.

– О, кайдагы саясатчы чыксын менден. Ал үчүн кеминде жыйырма жыл окуш керек, жолдош капитан, а менде бар болгону жети класс билимим бар эле, жети жыл армияда жүрүп, анын да бир далайын жоготтум. Турмуш көрсөтүп атпайбы, жолдош капитан. Кара көйнөкчөн тажаалдарды, согуш алдында Литвада бир жолу тамашалап коём деп, балээге калгам, он сутке гауптвахтта жатып араң кутулгам!

– Сен, Кузьма Евсеевич Акопяндын адвокаты болуудан кечигип калдың, – жанатан бери Коптев экөөнүн диалогун чыдап угуп отурган улук лейтенант Баранов сөзгө киришип, – аны сенсиз эле «смерштер» өздөрү бүтүрсүн деп, полк командири жогору жакка узатыптыр. Аны коюп, өзүң жөнүндө кеп сал. Согуштан кийинки пландарың жөнүндө биз менен бөлүш, таалымдуу жерлерин биз да үйрөнүп алып, турмушубузда колдонолук. Сенден үйрөнө турган көп нерсе бар, Евсеевич. Сен баарыбыздын карт бөрүбүзсүң.

– Ырас айтасыз, жолдош улук лейтенант, солдаттын турмушу бөрүнүкүнөн айырмасы аз эле. Бирок менден, силерге, билимдүүлөргө таалым болоор эчтеке чыкпайт. Болочоктон үмүтүм бар, албетте. Эгер Кудай жанымды аман калтырса, үйүмө келип түшөөрүм менен биринчи эле кезекте атамдын керээзин аткарууга киришем. Атам, бейиши болгур, өмүр бою устачылык кылып узанып өттү. Колхоз уюшулгандан тартып, анын устаканасын кармоочу. Мени жети жашымдан тартып өзү менен бирге алып жүрүп, усталыкка үйрөткөн. Сабактан

кийин балдар топ чаап, топ тээп ойношсо, мен атамдын көөрүгүн басчумун. Кийин, барскан көтөрүүгө жараганымда, барсканчысы болуп иштедим. Колхоздун айыл чарба шаймандарынын кайсынысын гана жасаганыбыз жок! «Өнөрүмдү, өнөрканамды уулума өткөрүп берем»- деп, мени зарыгып күтүп жүрүп, тилегине жете албай, мындан эки жыл мурда көз жумду, кайран киши. Баарыдан мурда устакананы дароо Европача өзгөртүп, ремонт кылам. Литтердин, латыштардын, поляктардын, кийин немистердин устаканаларын көрүп, эмнени кандай жасаш керектигин билип алдым. Бул мага чоң мектеп болду.

– Устакана колхоздуку болсо, атаң өлүп калса, сага аны ким бермек эле! Небак эле бирөө ээлик болуп алгандыр? – Коптев Кузьманын аңгемесинин ыркын бузду.

– Старшина Посохов Кузьма Евсеевичтин сөзү ооздун жөн эле жели эмес, жолдош капитан. Бул бышкан маселе. Колхоздун башкармасы фронтовик, бир буту жок инвалид. Менден эки жаш улуу, теңтушум. Атам үзүлүп баратып, башкармага «Устаканага уулумду ээлик кылгыла» деп, табыштап кетиптир, мени башкарма күтүп атат, Петр Михайлович. Өз энем жок, өгөй энем жаш балдары менен мени чыдамсыз күтүп атышат. Экинчи шашылыш планым ошолорго үй салып берүү. Кузьма байкеси немистикине окшотуп койкойгон эки кабат там салып берсе, алар жыргабайбы!..

– А качан катын аласың? – Баранов сурады эле, Посохов ойлонуп турбастан, дароо:

– Катын деген азыр иттин кара капталынан. Үй бүткөндөн кийин, чекеге чертип туруп, каалаган кызымды жаңы үйгө киргизип алам. Андай үйгө ээлик болуудан баш тарткан кызды көрөйүн!

– Охо, старшина, сенин планың Наполеондукунан да чоң көрүнөт, буга каражатты кайдан табасың, же бизден жашырып таап алган казынаң барбы? – Посоховдун сөзүнө мен да кызыгып, калпын кармайын дедим.

– Кайдагы менде казына, жолдош начальник. Сизден мен эмне жашырдым эле? Баягы күнү жолдо, фашист аял балдарын өзү менен кошо өлтүргөн кыштакта, бир магазинге кирсем, товарларын талап кеткен экен. Складында бир ящикте кадимки ийнелер: узун, кыска, жоон, ичке, жырык көз, бүтүк көз кандайы гана жок?! Атайын коробкаларда кийим тигүүчү машиненин ийнелеринин ар кандай сорту тим эле көзүңдү уялтат! Солдаттар алмак турсун, ящиктерди көмкөрө тээп, ичиндегилерин жинденип чачып атты. А мен ойлонуп туруп, жүз миң даана баткан коробкадан экөөнү алып баштыгыма катып койдум. Кечээ чарба взводундагы кийим тигүүчү солдаттардан, сынамыкка баасын сурасам, Маскөөдө ар бир ийне жүз сом турат дейт! Мына менин болгон байлыгым, казынам – машиненин ийнеси, жолдош начальник! Жолдо көтөргөнгө да, батырганга да оңой. Аман-эсен элиме жеткирсем, үйгө да, катынга да жетет, анда-санда жолдоштор менен чогулуп, өстөн майлоого да калат.

– Азаматсың старшина, «Менде таалимдүү эч нерсе жок» деп атып, турмуштун далай сонун сырларын билет турбайсыңбы, биз менен бөлүшпөй ичиңе катып жүрүпсүң! Болуптур, Кудай тилегиңе жеткирсин! – Посоховдун, башкаларыбызга караганда, күндөлүк турмушка абдан керектүү акылдарына ыраазы болгонумду жашырбай, аа ыракматымды айтып атканымда, көчбашынан келаткан: «Привал!» командасы угулду. Кыштак аралап калган экенбиз. Бир жаңы салынган үйдүн көлөкөсүнө арабаларды тизип, көчөдөн обочо токтодук. Кабаков бизден кийинки үйдүн көлөкөсүнөн орун алды. Саат туура 14 нөл-нөл болуптур. Демек түштөнө турган убакыт.

Түшкү тамагыбызды ичип болгондон кийин, улук офицерлер Бычковго жаңы кабар угууга бардык. Ал «телефункенди»[1] жаңы коюп, Маскөө толкунун алып аткан экен «Берлинде биздин жоокерлер Рейхстаг үчүн

[1] Телефункен – радио кабылгычтын маркасы.

катуу салгылашашып атышат. Гитлер бункеринде уу ичип өлдү» деген кабарды колго түшкөн бир генерал айтты. Бул имиш канча чын экени жакынкы сааттарда такталат»... ж. у. с. жакшы жаңылыктарды уктук.

Бир сааттан кийин жолубуз уланды. Дагы эки саат полктун эки эшелону бирге жылды...

Асманда самолёттор анда-санда кармаша калганда чыгарган коркунучтуу табыштарынан башка, күн бою өкүм сүргөн бейкуттуктун ыракатына ыкым ала калган экенбиз, жол бою жоокерлер бажылдап, ар кимиси согуштан кийинки тиричиликти кыялынын жетишинче сүрөттөп, санаасы менен байып, бүгүнкү, азыркы чындыкты капарына албай, кыйла жолду тамаша, калжың менен карытып келүүдө. Убакыт да аткан октой зымырап күн менен жарышууда. Ошентип, өз табыштарыбызды өзүбүз күүлөп, бири бирибиздин көңүлүбүздү көтөрүп, колдон-буттан алып сүрөп келатканда, капыстан согуштун бизге таанымал дүбүртү алдыбыздан кулакка шак угулганда, куду караганга жабыла конуп кужу-кужу сайрап аткан чымчыктар, сагызгандын шакылыгын укканда лып басылган сыяктуу болдук.

Таттуу уйкудан чочуп ойгонгон немече асманды карасам, күн уясына жакындап калыптыр. Дүбүрт күндүн алдынан чыгып аткандай сезилди... Эми эле алаканга салып алдейлеп келаткан бейкутчулук колдон жылмышып түшүп, ташка тийип, быркыраган күзгүдөй болду!

Аттиң-ай, бейкутчулук деген керемет мезгилибизди көрүүгө зар, көрө албай кар болдук го! «Эми тиги күрүлдөгөн желмогуз канчабызды кайсаар экен?» деген убайым жүрөктү кайра өйкөдү. Өйкөгөндө эмне? Ал желмогузга биздин жүрөк бир тыйын!...

Дивизия дароо урушуу ыкмага өтүп, оңго-солго тарап жөнөдү. Биздин полк да, тигилерге шайкеш ээрчип, такоолдочу полктун артына түштү. Жарым саатка жетпей подполковник Иванов, аралап бараткан кыштактын

батыш жак четине бизди, экинчи эшелонду калтырып, дивизиондорду эки километрче алдыга жылдырып, аткычтар батальонунун желкесине мина бүркүчтөрдү орноштуруп, буктурма жасады. Биз кыштактын четки үйлөрүнө жайгаштык. Бизге кошуна болуп аткычтар полкунун ооруk бөлүкчөлөрү орун алышты. Артыбызда келаткан башка аскерлер да кыштакка жайгашууда. Булар дивизиянын экинчи эшелонунун айрым жардамчы бөлүкчөлөрүнөн экен. Булардын бир начальниги, подполковник кыштакка жайланышып аткан бардык бөлүкчөлөрдүн начальниктерин чакыртып, өзүн устав боюнча гарнизондун начальниги кылып жарыялап, тыңгылыктуу коопсуздук үчүн жергиликтүү калкты үйлөрүнөн чыгарып, бир жерге топтош зарылдыгын билдирди. Ал үчүн кыштак аянтындагы кирхе[1] жактырылды.

Буйрукту дароо аткарууга кириштик. Үй сайын кыдырып, бүткүл тургундарын кирхеге чогултуп, эмне максат менен минтип атканыбызды, пастору[2] аркылуу, гарнизон начальниги элге түшүндүрдү. Караңгы киргенден таң аткыча кишилерге кирхеден чыгууга тыю салды. Подполковник канчалык жай, ишенимдүү сүйлөгөнү менен эл арасында коркуу, чочулоо, кооптонуу окшогон тынчсыздануу болбой койгон жок. Баарыбыз тилибиз жетишинче жоошутумуш болдук, ошондо да толук ынандыра албадык. Алардын макулдугун күтүп отурууга убакыт жок. Иш жүзүндө ишенишсин деп, кирхени сыртынан солдаттарга кайтартып коюп, өзүбүздүн коргонуу чараларыбызды жасадык.

Түн тынчсыз. Алдыда ок бүркүчтөрдүн, автоматтардын табыштары тынбай тыртылдашат. Артиллерия да иштеп атат. Эки сапар биздин кыштакка душман замбиректеринин, мина бүркүчтөрүнүн дүрмөттөрү да сабалады. Коллективибиз, кудай жалгап, аман. Башка

[1] Кирхе – чиркөө.
[2] Пастор – кирхенин побу.

бөлүкчөлөрдө ким билет? Жакындан бери биздин полктун дивизиондору жайгашкан тараптан катуу дүбүрт чыгып атат. Улам бизге жакындап келаткандай, кудай сактай көр!...

Мындай учурларда, былтыртан бери, бүт эшелон боюнча командалоону Бычков экөөбүз колубузга алганбыз. Ал урушту, мен – штабды, байланышты, камсыздоону башкарабыз. Коптев – Бычковдун уруш жүргүзүү боюнча жардамчысы. Башка начальниктер – күжүрмөн бөлүкчөлөрдүн командирлери. Кабаков – жарадарларга тез жардам уюштургуч. Баранов, Кондрашов ок бүрккүчтөндөр расчетторунун командирлери. Чарба взводунун командири – автоматчандарды башкарат. Посохов – менин байланышчым, Чистов – жардамчым.

Акыркы чабуулда душмандын олжого түшкөн жаңы куралы – фаустпатронду кандай колдонууну да үйрөнүп алганбыз. Оңой эле неме экен. Төбөсү чуштуйган, алмурут кебетелүү гранатанын сабын, узундугу жарым метрге жакын калай түтүккө кийгизип, сабынан, калай түтүктүн ичи менен пружиналуу зым тарттырып, зымдын учун түтүктөгү машанын тетигине илип койсо, фаустпатрон дүрмөттөлгөн болуп эсептелет. Ушундай фаустпатрондун калай түтүгүн оң ийинге коюп, бутаны мээлеп, машаны бассаң, граната калай түтүктөн жулунуп чыгат, эки жүз метрге учуп барып жарылат. Жарылгандагы күчү, каапырдыкы тиги эле 80 мм лик минанын кем эмес.

Тарсылдак-түрсүлдөктүн дүбүртүнүн жакындашы биздин жоокерлердин жаткан ирээтин дагы бир жолу текшерүүгө мажбурлады. Мен, Посохов, Чистов болуп, азырланган колубуздун оң жак четинде, аткычтар полкунун экинчи эшелонунун күжүрмөн бир бөлүкчөсү менен жанаша элем. Чистовду ордунда калтырып, Посохов экөөбүз өзүбүздүн бугуп жаткан ар бир жоокердин кыраакылыгын, беттешкенге даярдыгын текшерип,

колумдан келишинче көңүлдөрүн көтөрүп, Биринчи май менен куттуктап, кырканын ортосунан орун алган Коптевге жолугуп, сол четте жаткан Бычковго дейре жеттик. Кокус душман каптап келсе, аларды алыстан ок бүркүчтөр менен, ага болбой жакындай берсе, бардык автоматтарды ок жаадырып, андан соң, душмандын өзүнүн куралы – фаустпатрон менен ургулайлы. Эң акыры, өзүбүздүн гранаталарды колдонолук, башка арга барбы деп, макулдаштык. Карамагыбызда бар болгону 12 фаустпатрон болгондуктан, ал куралды бир гана жолу залп атып, пайдаланмак болдук.

Кыштакта, күчү чабал бизден сырткары, аткычтар дивизиясынын бир далай кубаттуу күчтөрүнүн бардыгы, анын үстүнө түнкү саат 24 нөл-нөлдө резервдик полку үстүбүзгө келип, уруш позициясын ээлегени, бизге чоң дем берүүдө.

Убаданы бекемдеп Бычков экөөбүз бири бирибизге ийгилик каалап ажыраштык. Кымындай жаңылыкты, өзгөрүүнү Посохов дароо жеткирип турмак болду. Кузьма Евсеевич экөөбүз өз ордубузга келип, Чистов үчөөбүз болуп буктурмага жаттык. Дүбүрт күчөгөндөн күчөөдө.

Чыгышта таң агарып келатат, бирок жерге жарык жете элек. Бу да урушту тушап, Кудай буюрса, жаңы күндүн көзүн көрсөтөөр деген үмүт көкүрөккө нур чачып, жымыңдоодо. Бирок үмүт мөөнөтү созулбады. Жанагы кара дүбүрт кыштакка жакындап кирип келди. Биздин оң жагыбыздагы аткычтар полкунун экинчи эшелонунун ок бүркүчтөрү тыртылдай баштады. Алар менен удаалаш душмандын фаустпатрондорунун табышы да жакындан угулду.

Ошол замат Бычковдун сигнал ракетасы көккө атып чыкты. Бул биздин ок бүркүчтөргө берилген команда эле. Эмне үчүндүр куралдын бирөө эле трт-трт мукактанып, шар сүйлөй албады. Менин болжошумда бул менин фельдшерим улук лейтенант Барановдун башкаруусунда-

гы курал. Экинчи окбүрккүч эмне болгонун билүүгө Посохов жөнөдү. Аңгыча болбой душмандын автоматтары тыртылдап, октору чыркырап үстүбүздөн өтө баштаганда Бычковдун экинчи ракетасы көкөлөдү. Менин сол жагыма 2–3 фаустпатрон жарылды. Биз колубузда болгон автоматтардын бардыгынан ок жаандырдык. Мындай учурда шашкалактап, өлөөрүңдү да унутат экенсиң! Биздин кошуналарыбыз да автоматтарын чуулдатышты. Биздикилер фаустпатрондорун да залп урушту. Бирок душмандар автоматтарынан ок жаадырган бойдон чуркап келатышат. Биз болгон гранаталарыбызды ыргыттык, автоматтарыбызды дабыратып атабыз. Бир оокумда менин сол жагымдан душмандын дүбүртү өткөндөй болду. Уруш биздин артыбызда улангандай. Ок мөндүрүнүн калыңдыгынан баш көтөрүп болбойт. Биздин шилибиздеги жөө солдаттар ураалап кыйкырганда чакчелекей будуң-чаң, түшүп эле калды дейсиң, кулак тунуп, кайда экенимди биле албай калдым... Бир оокумда чуу басылгандай болду, бирок кулагымдан дүбүртү кетпейт. Жерге жарык түшүп, сапырылган топурактын чаңы даана көрүндү...

Уруш токтогонсуйт. Айланада тирүү душман көрүнбөйт. Ар кайсы жерден жарадарлардын онтогону угулат. Посохов баягы бойдон кайта элек. Мен ордумдан туруп, өзүбүздүн жоокерлердин кыркасын кыдырып Бычковго утурлай бастым. Ал мени карай келаткандай. Жарадарларды санчастка тез жеткиргиле деп, ссолоруна тапшырып баратсам, жолумда чалкасынан суналып Посохов жатат. «Кузьма Евсеевич, сага эмне болду?»деп, чуркап барып, баш жагына эңкейсем, жооп кайтарган жок. Деми чыкпайт. Чекесине алаканымды тийгизсем, өлүктүн суук илеби сезилди. Жан чыгаары менен дене сууй баштайт эмеспи. Кайран азамат, бая менден узаганда эле окко учкан кейиптенет?! Жүзүн алаканым менен сылап, чекчейген көздөрүн жумдуруп, Чистовду мунун жанына таштап, Барановду карай шашып жөнөп

баратсам, ал мага утур басып келатат. Шашып анын акыбалын сурадым эле, ал аман-эсендигин билдирди. А дегенде ок тизилген тасма жакшы жылбай, буйдалып калганын айтты. Менден Посохов жөнүндө угуп, абдан кейиди, темтеңдеп басышына караганда контузия болгон окшойт. Териштирип отурууга убакыт жок. Бычковго карай шашып баратсам, ал менден алыс эмес жерде токтоп эңкейип бирдеме кылып аткансыйт. Келсем, жерде чалкасынан түшүп Коптев жатат. Бычков аны менен сүйлөшүүгө аракет кылып атыптыр. Петро катуу онтоп эсинен танган. Плащ-палаткага салдырып, Кабаковго жөнөтүп, жаныбызга келген башка командирлерге: «дароо өлгөндөрдү тактагыла, жарадар болгондорду санчастка тез жеткиргиле» деп буйрук берип, Бычков экөөбүз тең санчасты карай бастык. Мен Посоховду ага кабарласам, ал да өзүнүн көргөндөрүн айтып, өлгөндөрдүн ичинде фельдшер улук лейтенант Кондрашов да бар экенин билдирип, чоң жоготууга дуушар болгонубузга каңырыгыбыз түтөп, кайгырдык. Артыбызды карасак, жанагы биздин үстүбүздөн өткөн душмандарды эргулдар бүт жайлаган окшойт, жатышат томпоюп-томпоюп… Чала болот силерге арамдар!..

Санчастка келсек, онтогон оор жарадарларга тез жардам көрсөтүүгө чамасы  келбей Кабаков шашып калыптыр. Кондрашовдун окко учканын айтсак, Давид Лазаревич ого бетер шалдайып, айласы кетти. Жеңил жарадарлар бири бирин таңуулап өз ара жардам көрсөтүшүп атыптыр.

Мен дароо шымаланып, Кабаковго жардамдашканга киришттим. Өзүм менен бирге Барановду да кол кабышка тарттым. Бычков эл чогултуп, соо-жарадарлардын, өлүк-тириктердин эсебин алып, полктун штабы менен байланышмак болуп, чебеленип жөнөдү.

Тез жардамды биринчи Коптевден баштадык. Ал байкушка, фауспатрондун сыныктары тийген экен,

оң өрөөнүндө тамтык жок. Оң колунун жарымы жок, калганынын сөөктөрү быркырап, мултуйган бирдемеси эле салбырайт. Капталында да сыныктардын тешиктери көрүнөт. Сөөктүн какшаткан оорусуна кошул-ташыл канынын көп кетиши, кайран азаматтын шайын оодарып, эс-учунан тандырыптыр. Онтогону гана угулат. Биздин суроолорго жооп кайтарбайт. Кабаков шокко[1] каршы дарыны сайып, анан таза колунун вена тамыры аркылуу Гирголав суусунун куйду. Мен жарааттарын топурактан уюган кандан тазалап, тампон даярдап, Кабаков жарааттарды хирургиялык алектен өткөрүп атканда, Петро көзүн ачты. Айланасын көзү менен издеп, менин көзүмө көзү урунганда, араң жан үн менен:

– Всё, докторр… отвоевался… я русский, … пожалуйста, похороните-по русскому обычаю… в гробу![2] – деп, кайра көзүн жумду. Бир мүнөткө жетпей башы шылк деп жүрүп кетти. Эми ага тез жардамдын кереги жок болуп калды.

– Кайран жигит! Кош, акыретте көрүшкүчө! – деп, көзүмдүн чолок жашынката албай, колумдан ишим түшүп, эмнегедир отура калып, тиземди кучактап үңкүйгөнүм дале эсимде.

Бардык шашылыш түйшүк эсимден чыгып, Петро экөөбүз эки жылдан бери бир полкто бирге өткөргөн турмуш кинонун тасмасындай көз алдымда зымырап жаткан убакта Посоховдун сөөгүн алып келишти. Аны көрүп, эми экөөнүн элестери бирин бири кубалашып, үчөбүздүн башыбыздан өткөн окуялар каркырадай тизилип, кайтпас сапарына чубады. Кузьма Евсеевичтин мени ажалдан арачалап калган учурлары, замбирек, мина, бомбулардан кантип аман калууну үйрөткөнү, тамак-аш тартыш боло калган мезгилде мен офицердик

[1] Шок – сокку, организмдин алсызданган абалы.

[2] Бүттү, доктор, …урушуп бүттүм… мен орусмун, айланайындар.., орустун салты боюнча табытка салып көмө көргүлө…

кошумча паек алганыма карабастан, өзүнүн нанын өзү жебей, мага бергени, дагы толгон ак көңүлдүк, адамкерчилик сапаттары. Петр Михайловичтин уставдан аша чаппай, бирок кишинин көзүнө карабай, полковник-генералдардан жалтактабай, туура сөздү бетке айтканы, улутун жанынан артык көргөнү, улутунун абийирин, ар-намысын сактаганы, орус солдатынын жосунсуз кылыктарын, өзү кылган немеден бетер жектеп, орустун жан дүйнө байлыгынын таза болушуна күйүп-бышкан адилеттиги, дагы далай эстен кеткис таалимдүү сапаттары, эми грамматиканын өткөн чак категориясы менен баяндалып, мени кошо ээрчитип атты...

Аңгыча болбой, дагы өлүктөрдү алып келишти. Булардын арасында Кабаковдун фельдшери, улук лейтенант Кондрашов Иван Сергеевичтин, Барановдун жоокер колуктусу Веранын өлүктөрү жүрөт. Бул экөөнү көргөндө Александр Михайлович Баранов менден да жаман кайгырып, темтеңдеп барып, Веранын денесин кучактап жыгылды...

Ушинтип, 1945-жылдын Биринчи майынын таң саарында чоң жоготууга учурадык. Экинчи эшелондогу биз гана эмес, биринчи эшелонубузда да чыгым көп болуптур. Баарыбызды күжүрмөндүүлүккө үгүттөп: «эңсеген Жеңишке аз калды! Кызыл Армиянын баатырдыгын мокотпой, адилеттүүлүгүн жоготпой, Жеңишке жетели!» деп, жүргөн замполит, майор Байрам Дурдыев, уруш техникасын жакшы билген, артиллериялык билими күчтүү солдаттардын сүйгүнчүктүү командири капитан Зураб Андроникович Цагарейшвили, штаб начальнигинин экинчи орунбасары капитан, дагы бир взвод командири, 8 солдат салгылашуунун курманы болушту. Жарадарлар андан көп. Лукkenвальддын Берлин тарабында курчоого алынган душмандын калың колунун калдыктары, акыркы күчүн жыйнап, окторулган жолуна биздин полк туш келиптир. Көп күндүк курчоодо улам кысылып

туш-тушунан таяк жеп, кан жөткүрүп, баарына кайыл болгон жан кечти душман, «же өлдүм, же кутулдум» деп, тобокелге бел байлаган экен, бирок тилегине жетпеди. Кызыл Армиянын чылк куралдуу калың курчоосунан бир да солдаты аман чыга алган жок. Курчоо ичинде кырылып бүттү! Ошентсе да, биздин полкко орду толгус бүлүк салып кетти, каапыр немистер. Полк уюшулгандан тартып, бүгүнкү күнгө дейре ондогон беттешүүлөрдө, кармашууларда намысынан тайбай урушуп аман калган, согуштун машыккан чеберлери атанган Цагарейшвили, Коптев, Кондрашов, Посоховдор бүгүн желмогуз согуштун акырына чыга албай калышты. Булардын согуштан кийинки пландары ишке ашпас болуп, үмүттөрү түбөлүк үзүлдү! Коюн-колтук алышып, бир сындырым нан бөлүшкөн, бирине бири актыгына кандарын кошуп, жан беришкен кужүрмөн досторун таштап кетишти! Мыкаачы согуштун акыркы кандуу илеби кайсап кетти бул шейиттерди!... Айла барбы?!

Кой, кайгыргандан кайрым жок, кейигенден пайда жок... Буларга окшош каректи канатып кеткен мекендин асыл уул-кыздарынын сөөктөрү кайда жок?! О, жексур согуш! Сен жоголбой, бул дүйнөдөн кайгы жоголбойт го?! Дүйнө тынч оокатын кыла албайт го? О, каргашалуу желмогуз! Мобу көздөрүн түбөлүк жумуп, денелери зыңкыйган жаштардын убалы кимде?!

Бул кужүрмөн достор, канча кымбат, канча аянычтуу болушса да, денелерин жерге тапшыруу, тирүү калган биздин милдет! Милдетибизди канча ак аткарсак, шейиттердин алдында ошончо күнөөбүз азыраак болмок!... Кантели, бүгүн бүткүл дүйнө эмгекчилеринин эл аралык тилектештигинин улуу майрамы – Биринчи Май күнү, элибиздин кубанычтуу күнү биздин полктун кайгылуу күнүнө туш келип отурат!...

Кирхеде түн бою камоодо болгон жергиликтүү калкты гарнизон начальниги бошотуп, тегеректе өлүп жат-

кан жердештеринин өлүктөрүн көмүүгө буйрук берди. Биздин жоокерлердин сөөктөрүн жерге жашыруу үчүн подполковник Иванов ушул кыштакты жактырып, эки кыштакта курман болгондорду бүт чогултууга буюрду. Майор Бычковдун командасы астында бул иш түштө даяр болду.

Капитан Коптев Петр Михайловичтин керээзин эске алып, жалгыз анын гана эмес, бүткүл офицерлердин жана старшина Посоховдун сөөктөрү, буларга кошумча, кыз балалыгы, анын үстүнө кош бойлуулугу эске алынып, Веранын денеси да табытка салынып жеке көмүлмөк болду. Дурдыевди кандай көмүш керек жөнүндө сөз болуп, менден сурашканынан көрдүн чарасынын күн батыш капталына казанак, табыт менен койдургандан кийин анын оозун табыттын капкагы менен бүтөттүм, анан чарасын топурак менен толтурттум. Биз буларды колдорубуздун келишинче асемдеп жана Кызыл Армиянын салты боюнча көмүп, салют берип атканыбызда, радиодон: «Рейхстагдын төбөсүнө Кызыл Туу орнотулду!» деген кабар уктук.

Турмуш деген ушул экен, ойдо жок, капарга келбей турган окуялар кээде бир чекитке топтолуп, ойлоп тапкыс чындыкты көз алдыңа тартуулайт тура. Бизден алыс чыгышта, Ата мекенибизде миллиондор, тууларын желбиретип, көчө-көчөлөрдү ыр, музыка менен кыдырып, эмгекте жетишкен ийгиликтерин даңазалап, өкмөт менен партиянын жетекчилеринин алдында рапорт берип, майрамдык шаң менен өтүп атса, биз бул жеңилген душмандын чоочун жеринде кужурмөн досторубуздун душман колдуу опат болгон денелерин, мүңкүрөп кара жерге тапшырып отурабыз. Кечээ эле бүгүн ушундай каран күнгө кабылабыз деп ким ойлоптур? Бардыгыбыздын алдыбызда эбегейсиз зор максат бар эмес беле?..

Кошкула, Ата мекениңерге берген антыңарды акыркы демиңерге дейре актаган азаматтар! Кошкула! Мекени-

ңерге жаныңарды зарп кылып, Жеңиш алып келген азаматтар! Биз, силерди душмандын кереӊ жерине тереӊ көөмп, денеңердин үстүнө текши үйүлгөн топурактарды түбөлүк элес тутмакпыз. Кошкула, жан бирге достор!...

Акыркы коштошууга арналган аза күтүү митингде, бүткүл полктун өздүк курамы катышып, кужүрмөн досторунун кыял-жоруктарын эстей, каңырыгы түтөп сүйлөгөндөр мууну бошоп, мукактанып ыйлагандар, оозун ачпай буурчак-буурчак жашын төккөндөр, күйүттөн саруулап, көңүлү чөккөндөр – ар ким өз кайгысын өзүнчө көрсөттү белем!

Азанын кейиштүү салюту менен аралаш Жеңиштин кубанычтуу кабары келип, күйүт суусунун көрүстөндөн тарабай жуттук. Биринчи тост бал кошкон уу даамданды. Экинчиси ичти ысытып, денени чымыратты. Үчүнчүсү түндөтөн бери чыйралган денени балкытып, көөдөндү кердирип, кайгы-капаны майланыштырып бир кичинекей бурчка чогултуп, кайратты курчутуп, намысты сүрөдү белем, кейип-кепчүү азайып, келе жаткан Жеңишти ылдамыраак жакындатууга дегдетти...

Душмандын акыркы солдаты жеңилмейинче колубуздан курал түшпөйт!

Алга! Жеңишке! Жеңишке жеткирүүдө кужүрмөн досторубуздун арбактары колдосун! деп, түз эле досторубуздун көрүстөнүнөн жоого аттандык!

Эртеси Троенбрицен деген шаарга келип, Берлиндин гарнизону бүт бойдон кол көтөрүп, капитуляцияга кол койгонун уктук. Эл кымгуут, жолго батбайт! Туш-туш жакка чубаган жергиликтүү калк. Мотордуу техниканын баарысын Кызыл Армия конфискациялагандыктан, көбү велосипедчен, азы жөө-жалаң күнүмдүк оокатын чамадандарга, баштыктарга рюкзактарга тыгып артынып алышкан. Совет элинин жоокерлери да кыштактарды, шаарларды каптап, батыш-түндүк-түштүк тараптарга бет алышкан. Эч жерде айбат кылган немис аскерлери көрүнбөйт.

Биз Троенбриценден тупатуура түштүккө багыт алдык. Түнкүсүн элдүү турак жайларга түнөп, күндүзгүсүн жай жүрүп олтуруп, 4-майда Эльба өзөнүнүн боюндагы Виттенберг шаарына жеттик. Жолубузда куралдуу жоо кезиккен жок. Асманыбызда, күндүн ачыктыгына карабастан, тынч. Карши-терши учкан биздин гана самолёттор. Эльбанын түштүк өйүзүндө Американын аскерлери жүрөт. Алар менен өйүз-бүйүз жардашып, кол булгалап амандашып, асманга ракета атышып, бири-бирибизди Жеңиш менен куттукташтык!

Виттенберг – эски, таза шаар экен. Түрдүү дүкөндөр, аларда түрдүү дүнүйө батпайт. Бирок мурдагыдай талоо жок. Баарысын биздин аскерлер кайтарып, чыпчыргасы бүлүнбөй, короо-жай аман. Эмне гана жок!.. Көзүңдүн моокун кандырат! Шаар ортосунда эки-үч жерде гана бомбулардын чуңкурлары болбосо, башка жерлерде согуштун изи көрүнбөйт. Кейпи, бул шаарда уруш болгон эмес окшойт? Балкондордон салбырап, желге ыргалган ак желектер эле багынган душмандын шаары экенин далилдегени болбосо, тургундары деле бизден чоочуркабай, суроолоруңа канагаттандыраар жооп беришет. Карап туруп: «Булар немис эмес, башка калк го?» деп таң каласың.

Полкубуз Виттенбергде бир түнөгөндөн кийин, армиянын Артиллерия командалоочусунун штабынан: «33-Армиянын 538-минабүрккүчтөр полку Рослау шаарчасына туруктуу жайгашууга жиберилсин»деген буйрук алдык. Бул буйрукту полк штабынын начальниги Несговоров бизге: «33-Армия өзүнө жүктөлгөн күжүрмөн тапшырмасын намыстуу аткарып, душмандын колун Эльба дайрасына дейре кырып, Союздаштарыбыздын куралдуу колдору менен жолугушту. Ошого байланыштуу Армиянын ар бир бөлүгү, кошууну мындан аркы кызматын туруктуу жайларда туруп аткарсын». 33-Армия үчүн согуш бүттү дегендей түшүндүрдү. Бул кабар

биз үчүн, «согуш бүттү!» деген кубанычтуу кабар болуп, сүйүнгөндөн ар кимиси өз билгенинче оюн салды. Бирөө пилоткасын көккө ыргытса, бирөө так секирип бийлеп, дагы бирөө оңкочук атып, ....айтор жарым сааттай кый-кырык-каткырык, алакан чаап ышкырган дуу-дуу илеби абада дирилдеди!

Виттенбергден Рослауга чейинки кырк беш километр асфальт жолду полктун ат унаалуу көчү түшкө жетпей басып өтсө болобу! Рослау Эльбанын түндүк боюнан орун алган чакан шаар экен. Мында Гинденбургдун[1] тушунда эле Германиянын бир кавалерия полку туруучу экен. Гитлердин убагында, немистер кавалериясын жойгондон кийин деле, казармасы бузулбай сакталыптыр. Баардык ыңгайлуу шарты бар даяр орунга жайгашып жыргап эле калдык!

Солдаттарга салынган казармада атайын мончо, ветлазарет үчүн бөтөнчө жай, офицерлер жашай турган квартиралар. Төрт жыл талаада, согуштук шартта туш келди жерлерге конуп-түнөп жүргөн, баарына кайыл, чой болгон жаныбыз, бейкутчулуктун биринчи күнү эле бейиштен орун алгандай болдук. Эртеси керээлик-кечке мончо бошогон жок. Биздин Фрунзенин мончосу турмак, Маскөөнүн атактуу Сандуновунукунан да ыңгайлуу.

Биринчи Майдын таң эртесинде Луккенвальддын түндүгүндөгү кандуу кармашуу биздин полк үчүн акыркы согуш болгон экен. Кийинки беш күндүк турмушубуз адам ишенгис жакшы түшкө окшоп өтүүдө. «Тарс» деген табыш угулбайт, каалаганың даяр. Жергиликтүү калк, бизге окшоп дуулдабаганы менен, бизден чоочуркабайт, ымылага, поляктарга караганда, ийкемдүү, чоң-кичинеси дебей сылык! Кайсы убакта кезиксең, маалына жараша саламдашат. Эртең менен– Gutten Morgen! түштө – Gutten Tag! кечинде – Gutten abend! а түнүчүндө

[1] Гинденбург – Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин Германиянып шайланган президенти.

– Gutten Nacht! – дешет. Буларды солдаттар биринчи эле күнү жаттап алды. Берген сурооңо жоопту бир сөз менен кайтарышпай, жан дилдери менен түшүндүрүүгө аракет кылышат. Рослаунун паркында отурган бир немис абышкадан жөн эле: «шаар Германиянын кайсы аймагына тиешелүү?»деп, Кабаков «тилмеч»аркылуу сурап койсом, абышка ордунан тура калып: «бул жер Рим империясынын тушунда Анхальт деген өзүнчө мамлекет болгон, ага Виттенбергден Магдебургга дейре караган. Анхальт жеринен Германиянын кыйла атактуу адамдары чыккан. Айтмакчы, орустун императору Улуу Петрдун экинчи аялы Екатерина Биринчи Анхальт элинин кызы, мындан отуз километр түндүктө жайгашкан Цербст шаарында төрөлгөн. Демек, биз орус падышаларынын чоң таякеси болобуз» деп, жылмайып компойду.

Жергиликтүү калкка орой, одоно мамиле жасоого катуу тыюу салынып, темирдей тартипти сактоо ар бир офицерге милдеттендирилип, солдаттар кыз-келиндер жаатынан катуу кайтарууга алынганы менен, тигилер шыңкылдашып, өздөрү тийишип, бул маселе проблема деле болбочудай.

Олжого түшкөн музыкалык аспаптардан курагатырып, парторгубуз, комсоргубуз полктун оркестрин уюштуруп жиберишти. Автомат, мина, граната кармаган солдат колдоруна клавиш басканды, кыл чымчылаганды, гитаранын, мандолинанын боорун тырмай билгендер чыгып, оркестрден сырткары ойноп аткандары канча, музыкага кошулуп ырдап аткандары канча! Менин Чистовум мандолина черткенди билет экен. Ал орустун эски обондорун черткенде Баранов коңгуродой үнү менен кошулуп, нечен жүрөк чымчыткан ырларды ырдаганда, айланабызга башка бөлүкчөлөрдөн келишип уга турган болуп алышты. Коптев өлгөндөн кийин, Миша-Муратты жетимсиндирбей, майор Бычковго айтып, өзүмдүн коллективиме кошуп алгам. Ал айлында кагазкыяк

тартып матур кызлардын жүрөктөрүн дегдетип жүргөн «татар малайынан» экен, аккордеонго бат эле үйрөнүп алып, татардын сай сөөгүңдү сыздаткан муңдуу күүлөрүн тартканда, алыста иш жасап аткан солдаттар да чуркап келип угушат. Кайсы бирлеринин көздөрүнөн жаш кылгыртат. Эл-журтту, ата-энени, өмүрлүк жарды, туулган жерди сагынган кусалыгыбыз жиликтин чучугунан сызылып чыгып, тамагыбызга тура калып, үндү каргылдатат.

Казарманын атайын паркына жайкы аскер лагерин жасап алган полкубуз, согуштун бүткөнүнө кубанып, тирүү калган аскерлер сүйүнгөнүнөн, билген өнөрлөрүн бүт ортого салып, ар улуттун обону токойду жаңыртып атса, Рослауга, сырттан караган кишиге, аскердик кошуун жайгашпай эле, цирк көчүп келгендей болуп атты. Маскөөнүн радиосу саат сайын жакшы жаңылыктарды эфирге жарыялайт. Советтик-германдык майдандарда уюштурулган кармашуулар бүтүп, айрым ала-чокол жерлерде душмандардын көрсөткөн айбаттары кагуу жеп, уламдан улам азаюуда. Советтик Кызыл Армиянын кайраткер аскерлери согуштун акыркы коломтосуна суу сепмейинче баатырларча салгылашууда!» деп, диктор какылдайт.

7-май күнү кечки тамак маалында Баранов экөөбүздү Бычков чакыртыптыр. Барсак, Давид Лазаревич Кабаков бизден мурда келиптир.

Мен колумдун учун чыкыйыма такап келатканда, Николай Михайлович: «болду, болду, кереги жок, мен жөн эле чай ичели деп, чакырдым» деп, жанындагы отургучтарды көрсөттү.

Чай үстүндө чер жазышып көпкө сүйлөштүк. Биринчи тосту көкөйгө көк талкандай тийген, баарыбызды жадаткан согуш экинчи  жолукпас үчүн ичтик. Экинчи тост Жеңиш үчүн! Андан кийин бүгүнкү күнгө жетпей калган кужурмөн досторубузду, алардын кылык-жоо-

руктарын эстеп, полктун уюшулган күнүнөн бүгүнкө чейин кебелбей аман-эсен иштеп келаткан Александр Михайлович Барановдун ден соолугуна атап рүмке кагыштык. Ал өзү биздин ден соолугубуз чың, болочоктогу тагдырыбыз таалайлуу болушун каалады. Сөздөн-сөз чыгып отуруп, Баранов, бүгүнкү күнгө дейре биздин полкту, уюшулгандан тартып алты командир башкарганын, анын ичинен экөө урушта шейит, экөө жарадар, бирөө дайынсыз, имиш-имиштер боюнча колго түшкөнүн баяндады. Алтоонун бешөөнө мен, төртөөнө Бычков да күбө экенибизди эскердик.

Согуш деген желмогуздун карды кишиге тойбойт экен. Төрт жылы катары менен соруп эле атты, бир жолу да май кылгырган жок. Күптү болгон жок. Биз күжүрмөн жолдошторубуздан, досторубуздан айрылдык. Айрыкча акыркы кыргында курман болгон досторубуз ичибизди эңшерип кетти. Байкуш Посохов жети жылы армияда жүрүп: Польшанын, Балтиканын, финдердин уруштарында аман калып, Ата-мекен согушунун бардык салгылашууларына катышып, «Жеңишти өз көзүм менен көрөм» деп ишенип, согуштан кийинки турмушунун камылгаларын жыйнап алганда, таш боор согуш көрө албастык кылып кайсап салбадыбы?!. А Петр Михайлович Коптевчи! Ченебеген сонун азамат эмес беле?! Оор күндөрдө кабагым кашым дебеген, куралдуу душман менен кагылышта көз ирмеп жалтанбаган, куралсыздарына колун тийгизбеген, төбөсүнөн согончогуна дейре кымындай карасы жок ак, төп эле. Туура сөздү тартынбай сүйлөгөн, улутунун жакшы сапаттарын ыйык сактаган намыскөй жигит эмес беле?!

Күндөр, айлар, жылдар чимирилип өтүшөөр. Согуштан тирүү калгандарыбыз эски жаранын тактарын, тырыктарын күн бүркөлгөн сайын укалап атып, жаш кезибизди, күжүрмөн досторубузду элестетип, бүгүнкү отурушубузду да эстээрбиз?!

Ошентип өткөн-кеткенди алдыбызда чубатып, болочокту божомолдол-болжоп, көз өлчөмдөн өткөрүп, өлгөндөрдүн арбагын, тирүүлөрдүн аброюн ары-бери калчап, Кудай буюрса, жакында ар кимибиз келгин куш сыяктуу, жер-жерибизге тараарыбызды эскерип, адрестерибизди беришип, түн жарымынан оогонго дейре олтуруп тарадык.

Эртеси, бейкутчулуктун устасы боюнча саат алтыда туруп, атканага барсам, командирлер солдаттарына ат тазалатып атыптыр. Бир сааттан кийин полк командири келип, ал экөөбүз тазалоонун сапатын кабыл алып болгондон кийин, подполковник өзүнө кетти. Мен ветлазаретке келсем, Ефим Чистов кош кара атына жем асып, ар бирөөнү мойнунан кучактап өөп, алар менен кишиче сүйлөшүп атат. Анын кылыгына кызыгып, көрүнбөй тыңшасам, ал: «төрт жыл кыргында бирге болдук. Силер мени, мен силерди өлүмдөн арачалоого себепкер болдук, жаныбарларым! Мен силерди күжүрмөн куралым катары каркыттадым, силер болгон күчүңөрдү менден аяган жоксуңар, менин эки кара атым – эки канатым болдуңар! Эми коштошоор убакыт жакындап калды. Кимдин колуна түшөөр экенсиңер, кайран канаттарым?.. Жаңы кожоюнуңар силердин кадыр-баркыңарды билээр бекен? Улуксат болсо, мен силерди өзүм менен кошо ала кетип, өз колхозумда чогуу иштешсек кана!?. Ажырашаар күнгө аз калды, ан сайын аянычым артып барат силерге – кош канатым, кош кара атым!..» Мени байкай коюп, Ефим уялганынан атынын мойнун коё берип, аяктарын тиктеп калды.

– Эмне, сержант, аттарыңа устав окуп атасыңбы?.. Түшүнүшөт бекен орусча сөздү? – дедим.

– Жок, жолдош начальник тазалап бүттүм, текшересиңиз болот. Төөкулактын арткы оң такасы бошоп калыптыр. Кузьма Евсеевич: «токтогон жерде эки атыңды тең өзүм такалап берем» деди эле, кайран киши! Убадасына

жетпей калбадыбы, бейиши болгур! – дегенде үнү каргылдана түштү. Ошондо мен өлүктүн сөзүнүн салмагы тирүүгө кандай экенин байкап, Чистовдун «жылкылар менен монологун[1] бузбайын» деп, өзүмчө ойго батып, басып кеттим.

Экинчи дивизон авто унаага өткөнүнө байланыштуу, солдаттары эртең мененки убакытты гимнастика ойного жана беш километрдик кросс (чуркоо) жасоого зарп кылып алардын жайында да саат сегизге чейин бака-шака, кымгуут. Бир маалда эки дивизондун аскерлери эки жерде (бирөө аткана жакта, бирөө Виттенбергден келе жаткан чоң жолдо) стройго тизилип лагерди көздөй жөнөгөндө, чакан шаардын ичи дүңгүрөп эле калды дейсиң, эрксизден кырк биринчи жылкы Фрунзе шаарынын май айын эсиме салды. Кудая шүгүр, бул жакшы жышана, бейкуттуктун белгиси! Э-э Кудай согуштун кара бетин экинчи көрсөтө көрбө!

Ичиме балдай таттуу, сүттөй жылуу, жыпардай жыттуу бир назик сезим дем менен кирип, жүрөгүмдүн башын сылап, көөдөнүмдү керип, кубанычка, шаттыкка толтуруп бараткандай, уламдан улам салмагым жеңил-денип, көңүлүм көкөлөп, канатсыз эле асманга көтөрүлүп баратам. Өз шаарымда согуштан мурдагы баскан-тур-ганым, ар бир кадамым эсиме түшүп, делебемди козгоп, алыска, ата-журтума алып учат...

Сергек сезим, ойноок ой, күлүк санаа менен башым байып, Боогачынын обондорунун бирин ышкырып ырдап, өзүм жаткан квартирама кирсем, үй ээси, отуздан ашып, денесине эт байлап калган, орто бойлуу толмоч немис аял, кара кийип, конок үйүнүн төркү бурчунда, чоң күзгүнүн алдында шолоктоп ыйлап отурат. Көрөөрүм менен дароо чыйрыгып:

– Was ist los?[2] – деп чочуп кеттим.

---

[1] Монолог – жалгыз кишинин өзү менен өзү сүйлөшкөнү.

[2] Эмне болду?

– Krig ist zu Ende. Deutschland ist Gefangene...[1] – немис аял, бетин басып алып, ого бетер өңгүрөдү. Мен кызыгып:

– Бул кабарды кайдан уктуңуз? – дедим.

– Берлиндин  радиосунан. Германдык командалоочу капитуляция актысына кол коюптур...– деп буркурайт.

– Келесоо, согуш бүткөнгө ыйлабай, кайра сүйүнүш керек да!

– Биз эмнеге сүйүнөбүз, силер сүйүнгүлө. Жеңиш силердики. Бизде карантүн! Гер майор,[2] айланайын, ыракым кылыңыз, ыйлап алууга уруксат бериңиз? – деп өтүнүп, бооруна бирдемени басып алып, ыйын улантты.

Менин оозуман сөзүм түшүп калды. Чынында эле булар эмнеге сүйүнмөк эле? Бооруна кыскан немесин байкасам, баягы мага Гражина берген кызыл куту, бирок андан эки эсе чоң. Менин бүткөн боюм дүр дей түштү. Немис аялды ыйлап алсын деп, тим койдум. Аял бир оокумда кутунун ичинен төрт чарчы кагаз сууруп алып, тиктеп калды. Мен акмалап алыстан карасам, фотосүрөт. Бир аздан кийин аял соолугуп келатканда, учурун таап, андан:

– Күйөөңүз барбы? – дедим.

– Мына, – мага фотону көрсөтүп, – офицер, Маскөөгө чейин жеткен, Варшавада болгон. Төрт айдан бери кат жок. Эми согуш бүттү, аны кайдан табам?! – кайра бооруна басып алып озондоп кирди.

Менин жанакы шаттуу көңүлүмдү булут чалып, сыртка чыктым. Полктун штабына келсем, андагылар, акыркы кабарды угууга радиокабыл алгычты тегеректеп калышыптыр. Көп күттүрбөй эфирге Левитандын дүйнөгө таанымал үнү да чыкты. Ал дароо германдык жогорку командалоонун өкүлдөрү өздөрүнүн экинчи дүйнөлүк согушта жеңилгендигин мойнуна алып, бүгүн

[1] Согуш бүттү. Германия жеңилди.
[2] Мырза майор!

эртең менен союздаштар командалоочуларынын алдында кыңк этпей капитуляция актына кол коюшканын жарыялады. Арамза душманды ашкере жеңгендиги үчүн Советтик Кызыл Армияга, анын солдаттары, сержанттары жана страшиналарына, офицерлери, генералдары, адмиралдары жана маршалдарына Бүткүл Союздук Коммунисттик (большевиктер) Партиясынын Борбордук Комитетинин, СССР Жогорку Советинин Президиумунун, Совет өкмөтүнүн жана Өлкөнүн Жогорку Башкы Командалоочусунун атынан алкыш жарыялады. Согуш убагында бардык кем-карчты камсыз кылып, жеңишке жетишүүгө өбөлгө түзгөндүгү үчүн Совет элдеринин бардык катмарларынын эмгекчилерине даңк! Батыштагы фашисттик талоончулардын үстүнөн болгон мыкты жеңишти даңазалоо үчүн 1945-жылдын 9-майын Жеңиш күнү деп жарыялайм! СССР куралдуу күчтөрүнүн Улуу Башкы командалоочусу, Советтер Союзунун маршалы Сталин! – дегенден кийин дүңгүрөп, интернационал ойнолду. Салтанаттуу музыкага аралаш кимдир бирөөнүн:

– Өх, чын эле согуш бүттүбү? – деген кубанычтуу, ошону менен катар убайымдуу коңур үнү угулду.

Дароо полктун өздүк курамынын митинги уюштурулду. Зымдай түз кыркасынан бет маңдай тизилген аскерлердин ортосуна полк командири, штаб начальниги, парторг, комсоргдор чыгып баарыбызды чоң Жеңиш менен куттукташты. Согуштун акырына дейре душман менен баатырларча салгылашып, тилекке каршы эң акыркы урушта окко учуп, бүгүнкү чоң Жеңишке жете албай калган полктошторубуздун, кужүрмөн досторубуздун, полк командиринин саясий боюнча орун басары, майор Байрам Дурдыевдин, биринчи дивизиондун командири, капитан Зураб Андроникович Цагарейшвилинин, штаб начальнигинин орун басары капитан Макар Терентьевич Романовдун, үчүнчү ба-

тареянын командири улук лейтенант Рафик Галиевич Ногаевдин, полктун химия кызматынын начальниги, капитан Петр Михайлович Коптевдин, полктун санитария кызматынын фельдшери улук лейтенант Иван Сергеевич Кондрашовдун, полктун ветеринария кызматынын старшинасы Кузьма Евсеевич Посоховдун жана башка жоокерлердин арбактарын эскерип бир мүнөтчө үн чыгарбай аза күттүк жана Ата Мекенди немистик-фашисттик баскынчылардан бошотууга жана аларды Жер жүзүнөн биротоло жоготуу уруштарында курман болгондорго түбөлүк даңк жарыялап, митингди бүтүрдүк.

Бул чоң окуяны солгундатпай бүгүн эле тойлоо үчүн подполковник Иванов дароо буйрук берди.

Түшкө дейре ар бир бөлүкчө тамак-ашын даярдап, накта саат 13 нөл-нөлдө 33-Армиянын 536-мина бүрккүчтөр полкунун Жеңишке арналган тою башталды.

Карагайдын түбү сайын топ-топ болуп отурган аскерлердин дасторкондору тамак-ашка, ичимдикке толгон. Тост көтөрүлүп дуулдап, ичилбеген арак-шарап, желбеген тамак жок! Музыка, ыр, бий бири менен бири жарышат. Улгайган солдаттар жаштар менен теңтуш болуп, секирип бийлешет! Ичкиликтин буусунан, музыканын дуусунан адам сөзү угулбай, жалпы шаттык асманга көкөлөп аткан бир маалда, капыстан «тарс» деген табыш чыккан жакты селт карасам, менден төртүнчү карагайдын түбүндөгүлөрдүн бирөө тырп жыгылганын көрдүм. Бул табышты уккандар дароо чуркап барсак, чалгынчы солдаттар экен.

– Эмне болду? – деп полк командири энтигип, отурган солдаттардан сурады эле, анда бирөө.

– Жаш чалгынчы, 19 жашта эле. «Согуш бүттү, мен чалгынчы болуп жүрүп, сыйлыкка татыбадым. Ордени жок үйгө баргыча өлүш керек» деп өзүн-өзү тапанча менен атып салды – деди. Башкалары анын сөздөрүн ырастады.

– Вот дуралей, мы его на орден «Славы» представляли. Вот проклятая водка, что наделала[1]!? – деп, подполковник башып чайкап, нары басып кетти. Калгандарыбыз жер карап шаттуу тоюбуздун бузулганына, жаш өмүрдүн бөөдө өчкөнүнө зээнибиз кейип:

– Каапыр кандуу согуш, канга тойбогон согуш, акыркы көрүнө кирип баратканда да жөн кетпей, жаштын канын жута кетти! О оңбогон согуш! Каапыр кайталанбас бекен? Өх, деги бүттүбү, жексур согуш?! – деп, убайымдуу тарадык. О Кудай, болочокту согуштан арылта көр!?.

[1] Ох, келесоо, биз аны «Даңк» орденине көрсөтпөдүк беле. Ох, каргыш тийген арак, эмне кылып отурасың.

**МАЗМУНУ**

КАЗАТ СЕЛИНДЕ (уландысы) ................................3

ӨХ, БҮТТҮКПҮ ................................................. 149

*Адабий-көркөм басылма*

«Окурмандын китеп текчеси» сериясы

37-том

# АБДУЛХАЙ АЛДАШЕВ

Түзгөн: *Сардарбекова Э.*
Тех. редактор: *Өмүров Б.*
Корректор: *Касымгелдиева М., Сардарбекова Э.*
Компьютердик калыпка салган: *Тилекматова Н.*

Терүүгө 06.06.2018. берилди. Басууга 17.07.2018. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 37,0 б.т. Нускасы 500. Заказ № _____.

«Турар» басмасында басылды.